**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ ЖАНА**
**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 13.16.527 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 37:378.14:894.341

**АКМАТОВ БОЛОТБЕК МЕКЕНОВИЧ**

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

**13. 00. 02 -** окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий кеңешчи:**
педагогика илимдеринин доктору,
профессор **Н.Ишекеев**

Бишкек - 2016

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ………………………………………………………………………….. **4-бет**

Глава 1. **Эки баскычтуу жогорку окуу жайларында адабият сабактарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу технологиясынын жалпы маселелери**….. **13-бет**
1. 1. Эки баскычтуу жогорку окуу жайларында адабиятка тиешелүү сабактарды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилденилиши........................................................................................................ **13-бет**
1. 2. Болонья процесси жана эки баскычтуу жогорку окуу жайларында адабият сабактарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун илимий-педагогикалык парадигмасы ........... **40-бет**
1. 3. Адабият сабактарын эки баскычтуу жогорку окуу жайларында окутуу жана компетенттүүлүккө негиздөө принциптери ........................................................................ **53-бет**
1-глава боюнча корутунду ........................................................................................... **61-бет**

Глава 2. **Кыргыз тили жана адабияты багытындагы адистердин кыргыз адабияты боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун адабий-педагогикалык маселелери**.............................................................................................................. **64-бет**
2. 1. Эки баскычтуу билим берүү системасы жана кыргыз адабияты боюнча предметтерди компетенттүүлүккө негиздөөнүн теориялык жана практикалык зарылдыктары .......... **64-бет**
2. 2. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарында компетенттүүлүктүн чагылдырылышы жана аны өркүндөтүү жолдору ............................................................ **79-бет**
2. 3. Кыргыз адабияты боюнча предметтер аркылуу адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун дидактикалык негиздери ...................................................................... **108-бет**
2-глава боюнча корутунду ………………………………………………………**135-бет**

Глава 3. **Кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы**............................................................................................................. **139-бет**
3. 1. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарынын базалык бөлүмдөрүндөгү кыргыз адабиятына тиешелүү предметтерди компетенттүүлүккө негиздеп окутуу......................................................................................................................... **139-бет**
3. 2. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарынын профессионалдык бөлүмдөрүндөгү кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу.................. **159-бет**
3. 3. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарынын ЖОЖдук компоненттеринде кыргыз адабияты боюнча предметтерди компетенттүүлүккө негиздеп окутуу ......................................................................................................................... **197-бет**
3-глава боюнча корутунду .............................................................................................. 224-бет

Глава 4. **Кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуудагы баалоо системасы жана педагогикалык эксперименттик иштер** ......................................... **227-бет**
4. 1. Кредиттик технологиядагы баалоо системасы жана алар аркылуу кыргыз адабияты боюнча компетенттүүлүктү аныктоо жолдору ................................................................ 227-бет
4. 2. Баалоо системасы жана адистик компетенцияларды калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери ……………………………………………………… 246-бет
4. 3. Эксперименттик иштердин жүрүшү жана жыйынтыктары …………………… 253-бет
4-глава боюнча корутунду .......………………………………………………….. 267-бет
**Жалпы корутунду …...…………………………………………………………** 269-бет
**Практикалык сунуштар ……………………………………...…………….** 276-бет
**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси ………………………………………** 279-бет

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** XX кылымдын акыркы он жылдыгынан тартып орто эле эмес жогорку окуу жайларында билим берүү багытында кескин өзгөрүүлөр болду. Мындай глобалдуу масштабды ичине алган өзгөрүүлөргө окумуштуулар ар түркүн кырдаалдан баа берип келет. Алар: 1) адамзат жашоосунун глобалдашуусу; 2) адам баласынын дүйнө таанымынын демократиялашуусу; 3) илим-билимдин тездик менен өнүгүүсү; 4) реалдуу турмуш чындыгынын кескин жаңылануусу, б. а. жарандык көз караштын дайыма өзгөрүүгө дуушар болуусу; 5) коомдук-социалдык жаңылануударга ылайык инсандын үзгүлтүксүз билим алууга муктаждыгы; ж. б. маселелер менен түшүндүрүлүп келет. Илимий коомчулук ал өзгөрүүлөрдү ар түркүн аталыштар менен атап, ага ар кыл көз караштa баа берүүгө аракет кылган болсо, педагогика илиминде мындай аракеттер да жетиштүү болуп саналат. Бирок, кайсы тарабынан албасын алардын көз караштарын бир жерге топтоп, бирин-экинчиси менен байланыштырып турган жагдай “адамдын эркин өнүгүүсүнө” («свободное развитие человека») кызмат кыла турган билим берүүгө багыт алуу экендиги ачык көрүнөт. Бул багыттагы иштер орто билим берүү тармактарында гана болбостон, жогорку окуу жайларын да толугу менен кучагына алып бара жатканын айтпай коюуга болбойт, маселен ага Болонья процесси мисал болуп бере алат.

Болонья процесси өнүккөн өлкөлөрдө орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүүнү гана жакындаштырбастан, дүйнөлүк билим берүү системасына бирдиктүү багытты – бир өлкөдө кесиптик билим алган жаран башка өлкөдө кыйналбай иштеп кетүүсү үчүн кам көргөн парадигманын керектигин сунуштоодо. Азыркы мезгилде өнүгүүгө багыт алган өлкөлөрдөгү кесиптик билим берүүчү ЖОЖдор эки баскычтуу (бакалавриат жана магистрлик) стандартка өтүп, аны менен катар келечек кесиптин ээлерине билим жана тарбия берүүнүн мазмуну жаңы парадигма менен толукталып жатканы жогоруда айтылган ойду ырастап турат. Ал азыркы мезгилдеги жогорку окуу жайларында билим жана тарбия берүүнүн мазмунунун ичине алган жаңы парадигма - компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселесин күн тартибине койгону менен түшүндүрүлүп келет. Тагыраак айтканда, ал коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кырдаалдарга ылайык

заманбап түшүнүктөрдүн тез-тез өзгөрүп, адамзаттык баалуулуктардын кескин жаңылануусуна, адам баласы үчүн баалуу деп саналган дөөлөттөрдүн күн сайын толукталып, улам жаңы мазмунга ээ болуп туруусуна болгон муктаждыктан улам түзүлүүдө. Ар бир жарандын мезгил талаптарына жараша үзгүлтүксүз билим алуусун шарттап, көп түрдүү көз караштардын арасынан заман талап кылган концепцияны айырмалай билүүгө карай иш-билги (компетенттүү) кесипкөй болушу кайсы багытта билим алып, кандай кесипке ээ болбосун коомдук-социалдык кызыкчылыктар менен келише турган билимге тиешелүү компетенциялар бар экендиги таанып, аны кесиптик билим берүү чөйрөсүнө алдына алып чыкты.

Бул ЖОЖдордо билим жана тарбия берүүнүн мазмунун аныктоодо жогорку билимдүү адистин дипломун алуу менен бирге ошол адис өзү тандаган тармакта ишмердүүлүгүн өнүктүрүп кетүү үчүн белгилүү бир иш-билги сапатка (компетенцияларга) ээ болушу керектигин ачыкка чыгарды. Мында ар бир окуу жайы өзүнүн миссиясы эмне экендигин так сезүү зарылдыгы кандай коюлса, алардын билим берип жаткан багыттар (направлениялар) боюнча индивидуалдуу парадигмасы болушун аныктады. Ал парадигма бардык адистиктер боюнча төмөнкүдөй жалпылыкка ээ болушу зарыл экендиги байкалды: 1) адис катары чыгармачылыкка багыт алган, конкуренцияга туруштук берүүчү; 2) өз алдынча инициативага ээ; 3) мобилдүү; 4) дайыма аракетчил жана изденгич; ж.б.

Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу келечекке карай багыт алууда ички жана тышкы конкуренцияга туруштук берүүчү адистерди тарбиялоодо негизги багыт экендигин өнүккөн өлкөлөрдөгү билим берүү тармактары бизге чейин эле аныктап, өздөрүнүн негизги ишмердигин ушул багытка буруп койгонун эске алсак, анда иштелип чыккан теориялык жана практикалык мазмундагы иш-тажрыйбаларды үйрөнүү Кыргызстан үчүн маанилүү болуп санала тургандыгы анык. Бир гана Кыргызстан эмес, азыркы учурда билим берүү тармактары үчүн негизги туура жол катары бир мезгилде СССРдин курамындагы мамлекеттер (Түркмөнстандан башкасы) тандап алгандыгын айтпай кетүүгө болбойт. Кыргызстанда компетенттүүлүккө негиздеп окутуу көйгөйү ар бир тармак боюнча аракетке келип, аны билим берүү тармагында адистикке ылайыктоо иштери эми

колго алынып жаткан болсо, КМШ өлкөлөрүнүн айрымдарында (Россия, Казакстан) белгилүү бир өлчөмдө илимий-теориялык негиздери иштелип чыкканын белгилей кетүүгө тийишпиз. Азыр биз бул жерде карай турган проблема боюнча да адис-окумуштуулар өздөрүнүн илимий концепциясын айтып, ошол эле мезгилде өнүгүү жолу катары кабылдоого мүмкүн болгон бир нече парадигмасын да түзүп коюшканын эске алууга милдеттүбүз. Маселен, коомдук талаптардын өзгөрүүсүн эске алуу менен эле билим берүү тармактарында кескин жаңылоонун зарыл экендигин анда эмгектенген окумуштуу адистер эле эмес, ушул тапта ар бир жаран ачык да, купуя да сезип тургандыгын эске алсак, аны кантип өзгөртүү, өзгөчө кайсы багытта өзгөртүү туура болооруна карата педагог адис-окумуштуулар арасында бир нече көз караш бар экендигин белгилей кетели.

Коомдук-социалдык турмуштун, ага карата кийинки муундун кызыкчылыктарын, өзгөчө келечекке карай багыт алууда адис катары калыптануунун ички керектөөлөрүн байкаган жана ушул тармакты ар тараптуу изилдеген окумуштуулар проблеманы чечүү жолдорун – билим берүүнүн парадигмасын өзгөртүүдөн, б. а. аны жаңы нукка буруу аркылуу ишке ашыруу мүмкүн экендигин айтып жатышкан болсо, ал - орто жана жогорку окуу жайында билим жана тарбия берүүнү демократиялаштыруу, окуу жана окутуу процессин гумандаштыруу менен бирге азыркы коомдук-социалдык талаптарга жооп берүү үчүн келечек муундардын ар биринин жеке кызыкчылыктарын өнүктүрүп-өстүрүүгө багыт берүү маселесин айкалыштыруу - алардын кесиптик иш-билгисин арттыруу зарылдыгын аныктоо аркылуу ар бир жарандын кесипке ээ болуусунда керек иш-билгинин (компетенттүүлүктүн) башкы орунда экенин өз изилдөөлөрүндө көрсөтө алышкан. Азыркы учурда бул багытта орус окумуштуулары омоктуу ойлорду айтып, өз изилдөөлөрүндө бир нече багытты көрсөтүүгө аракеттенишсе да, алардын педагогикалык концепциясы бир жыйынтыкка келип такалууда, б. а. В.И.Байденко, Г.Б.Корнетов, А.Н.Новиков, Л.Г.Семушина, Ю.Г.Татур жана башкалардын көз караштары бир жерден чыгып бирдей жыйынтыкка келбесе да, алардын ой-пикирлерин жалпы бир багытка биригип отурат. Маселен, XX кылымдын 60-70-жылдары эле кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн педагог-окумуштуулар (В.И.Байденко,

Л.И.Берестова, Г.Э.Белицкая, Н.А. Гришанова, Н.В.Кузьмина, В.Н.Куницина, А.К.Маркова, Дж.Равен, Р.Уайт, Д. Хаймс, Н. Хомский, А.В.Хуторской, ж. б.) адистик иш-билгиге көңүл бурушуп, өз эмгектеринде "компетенцияны" жана "компетенттүүлүктү" адистештирүүнүн сапатын көтөрүүчү жаңы подход катары аныкташкан.

XX кылымдын аягында дүйнөлүк билим берүүгө багыт алган Кыргызстандын жогорку билим берүү системасында да ушул түшүнүктөр орун ала баштаган. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министирлигинде 2000-жылдын 29-декабрындагы № 752 / 1 – буйрук менен бекиген 520300 филология (кыргыз) багытында эки баскычтуу (бакалавриат жана магистр) окуу системасы өндүрүшкө киргизилген болсо, анын башкы максаты Болонья процессинин талаптарына ылайык компетенттүүлүктүн негизинде кесиптик билим берүүнү жолго коюу болуп саналган. Ушундай эле көрүнүштү ошол мезгилдеги КМШ өлкөлөрүнүн бардыгынан кездештирүүгө болот. Алар жогорку кесиптик билим берүү стандарттарын өнүккөн Батыш өлкөлөрүнө жакындаштырууга аракеттенишип, көпчүлүгү эки баскычтуу кесиптик билим берүүнү өлкө ичинде мурдатан калыптанган беш жылдык билим берүүгө альтернатива катары колдоно башташкан. Кыргызстанда XX кылымдын аягында болуп келген мындай көрүнүш дүйнөлүк билим берүүдө, өзгөчө өнүккөн өлкөлөрдүн жогорку кесиптик билим берүүсүндө ишке ашып жаткан алдыңкы тажрыйбаларды кабылдоого карай багыт алгандык болуп саналган.

**Илимий иштин изилдениш деңгээли**. Россия жана КМШнын курамына кирген айрымдар өлкөлөр эки баскычтуу билим берүүдө компетенттүүлүккө негизделүү керектигин эрте аныкташкан. Маселен, Россия 2003-жылы Болонья процессине өтсө, Казакстан 2010-жылы мүчөлүккө кирген. Ал эми мындай кырдаалдын түзүлүшү башка КМШ өлкөлөрүн Болонья келишиминде кабыл алынган билим берүүнү өз мамлекеттеринде практикалап көрүүнү шарттаган. Андай практикалоо иштери Россияда эртерээк жүргөн, б. а. XX кылымдын аягында кабыл алынган Россиянын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын 2-беренесинде адистик билим берүү жарандардын кесипкөй компетенттүүлүгүн калыптандыруудан баштала тургандыгы белгиленген. Орус окумуштуулары

(Л.П.Алексеева, Н.В.Кузьмина, А.Н.Кузнецов, М.В.Мазо, Ю.А.Макаров, А.К.Маркова, Л.М.Митина, Л.А.Петровская, Н.С.Шаблыгина ж. б.) эки баскычтуу кесиптик билим берүүдөгү компетенцияларды жана адистик компетенттүүлүктүн жалпы маселелерин ар тараптуу изилдеп келип, ал профессионализмге туура келе турган түшүнүк экендигин бир ооздон белгилешсе, Н.В.Аниськина (2009), И.Е.Бряков (2010), М.И.Витошко (2007), Г.В.Круглякова (2007), Е.Б.Птущенко (2007), В.И.Саулин (2009) өздөрүнүн диссертациялык изилдөөлөрүндө «филология» багытында профессионалдык компетенциялар жана компетенттүүлүк боюнча ар бир кесипке ылайык анын өзгөчөлүктөрү боло тургандыгын айтышкан.

Ал эми Кыргызстанда эки баскычтуу кесиптик билим берүүнү компетенттүүлүккө негиздеп окутуу иштери жаңыдан колго алынып жатат. Бирок компетенттүүлүккө негиздеп окутуу Кыргызстанда билим берүүнү инновациялоонун бир тармагы экендиги, азыркы учурдун талаптарын эске алуу бул парадигманын негизинде окуу процессин модернизациялоо, аталган парадигма педагогикалык илимдердин дүйнөлүк өнүгүш багыттарына таянып жаңылоо мүмкүндүк бере турган жол боло тургандыгы кыргыз педагогдору (Н.А.Асипова, А.А.Айдаралиев, Н.А.Ахмедова, С.Т.Батаканова, И.Б.Бекбоев, К.А.Биялиев, К.Д.Добаев, Н.Ишекеев, А.Т.Калдыбаева, Э.М.Мамбетакунов, М.Х.Манликова, А.Муратов, В.И.Мусаева, Л.А.Шейман, ж. б.) тарабынан бир аз мурдараак белгиленген. Алар орто билим берүүчү мекемелерде окуу китептеринин илимий-методикалык базасын жана мазмунун жаңылоо аркылуу окуучулардын билим-түшүнүктөрүн, иш-билги көндүмдөрүн (компетенттүүлүктөрүн) жогорулатуу проблемалары кыргыз педагог-окумуштууларынын (Н.А.Ахмедова, И.Б.Бекбоев, К.А.Биялиев, К.Д.Добаев, М.Х.Манликова, А.С.Мукамбетова, В.И.Мусаева, С.К.Рысбаев, Ж.А.Чыманов, ж. б.) эмгектеринде бул проблема тигил же бул проблемага байланыштырылып каралганы менен кыргыз адабияты предмети боюнча компетенттүүлүккө негиздеп окутуу илимий-теориялык багытта тиешелүү илимий баасын алган эмес. Ал эми бул диссертациялык изилдөөнүн контекстинде кыргыз адабиятын боюнча кесиптик билим берүүнүн биринчи баскычында турган (бакалавриат)

компетенттүүлүккө негиздеп окутуу кепке алынат, б. а. ал ЖОЖдордо билим берүүнү инновациялоонун илимий-теориялык негиздери катары тандалды. Бирок мында азыркы мезгилде теориялык жактан иштелип чыккан кесиптик билим берүүнү гуманизациялоо, педагогика илиминде терең маани берилип жаткан инсанга багыттап окутуу принциптери (Н.И.Алексеев, Ш.Амонашвили, А.Г.Асмолов, И.Б.Бекбоев, А.Н.Вырщиков, О.С.Газман, Ю.З.Гильбух, И.Б.Котова, В.В.Сериков, В.А.Сластенин, И.С.Якиманская, ж. б. тарабынан иштелген) пайдаланылат. Эгемен Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү саясатына ылайык дүйнөлүк билим жана тарбия берүүнүн алдыңкы тажрыйбалары өздөштүрүлөт. Анда бакаларвиаттык билим берүүнүн контекстинде турган коомдук-социалдык жаңылануулардан жаралган факторлор талданат. Мында филологиялык билим берүүдө кыргыз адабиятына болгон коомдук-социалдык талаптардын кызыкчылыктары эске алынып, кесиптик жөндөмдүүлүктү калыптандыруунун иш-билгиси (компетенциясы) аныкталмайын толук кандуу адистикке ээ болуу мүмкүн эместиги азыркы бакалавриаттык окуу системасын үйрөнүүдө изилдөө аспектиси катары каралат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар же мекемелердин негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы:** Тема Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин эки баскычтуу (бакалавриат жана магистратура) жогорку кесиптик билим берүүдөгү филологиялык билим берүү стандарттары, окуу пландары жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү академиясынын Мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясынын илимий-изилдөө иштеринин тематикасы менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты:** жогорку окуу жайларында кыргыз адабиятын бакалавриатта компетенттүүлүккө негиздеп кесиптик билим берүүнүн илимий-теориялык, педагогикалык-методикалык негиздерин иштеп чыгуу, эксперименттик текшерүүдөн өткөрүү.

Изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Жогорку окуу жайларында кесиптик билим берүүнүн биринчи баскычы бакалавриатта кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун илимий-педагогикалык парадигмасын аныктоо.

2. Бакалавриатта кыргыз адабиятын компетенттүүлүк парадигмасында окутуунун илимий-дидактикалык принциптерин талапка ылайык иштеп чыгуу.

3. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында окутууда компетенттүүлүккө негиздөө принциптерин жана Мамлекеттик стандарттардын базалык, профессионалдык жана ЖОЖдук компоненттеринде орун алган дисциплиналарды окутуунун технологиясын айкындоо.

4. Филология (кыргыз тили жана адабияты) багытындагы адистердин кыргыз адабияты боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун адабий-педагогикалык жолдорун иштеп чыгуу жана аны өркүндөтүү багыттарын сунуш кылуу.

5. Кредиттик технологиядагы баалоо системасы жана анда кыргыз адабияты боюнча компетенттүүлүктү баалоонун жоболорун, формаларын жана методдорун тактоо, иштелип чыккан илимий-методикалык сунуштарды, натыйжаларды эксперименттик текшерүүдөн өткөрүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** жогорку окуу жайларында кесиптик билим берүүнүн биринчи баскычында (бакалавриатта) кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун илимий-педагогикалык парадигмасынын аныкталгандыгында; бакалавриатта аталган парадигмада окутуунун илимий-дидактикалык принциптеринин жана инновациялык формаларынын талапка ылайык иштеп чыгып сунуш кылынгандыгында; филология (кыргыз тили жана адабияты) багытындагы адистердин кыргыз адабияты боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун адабий-педагогикалык жолдорун аныкталып аны өркүндөтүү багыттарын сунушталгандыгында; кредиттик технологиядагы баалоо системасында кыргыз адабияты боюнча компетенттүүлүктү баалоонун жоболору, формалары жана методдору иштелип чыгып, колдонууга сунушталышында;

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий-педагогикалык жоболор, окутуу жана баалоо формалары менен методдору филология (кыргыз тили жана адабияты) багытындагы адистердин кыргыз адабияты боюнча

компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча республикадагы бардык ЖОЖдун силлабустарында колдонулат. Кыргыз адабиятын компетентүүлүккө негиздеп окутууга болгон түшүнүктү инновациялоого, окуу процессине карата мамилени өзгөртүүгө, анын натыйжасында окуу системасын жаңылоого өбөлгө түзөт. ЖОЖдо филолог-студенттерине негизги курс катары өтүлүүчү "Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы" курсун илимий-теориялык жана практикалык жактан мазмундук жаңылоого даяр материалдарды берет.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы:** Жогорку окуу жайларында филологиялык билим берүү (багыты – 550300) боюнча кыргыз тили жана адабияты адистерин кыргыз адабиятынан компетенттүүлүгүн калыптандыруунун зарылдыктары изденүүчү тарабынан алгач ирет иликтөөгө алынып, тыянактары чыгарылды. Компетенттүүлүк парадигмасы, дидактикалык принциптери, компетенттүүлүккө негиздеп окутуудагы баалоонун мааниси, критерийлери менен формалары өз алдынча иштелди. Эксперименттик текшерүү, сыноо жумуштары изденүүчүнүн катышуусу жана көрсөтмөсү боюнча жүргүзүлдү. Жалпы корутунду менен сунуштар чыгарылды.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- ЖОЖдо кесиптик билим берүүнүн биринчи баскычы бакалавриатта кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун илимий-педагогикалык парадигмасы;
- бакалавриатта кыргыз адабиятын компетенттүүлүк парадигмасында окутуунун илимий-дидактикалык принциптери;
- кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздөө принциптери жана окутуу технологиясы;
- филологиялык билим берүү (багыты - 550300) боюнча кыргыз тили жана адабияты адистерин кыргыз адабиятынан компетенттүүлүгүн калыптандыруунун адабий-педагогикалык жолдору;
- кредиттик технологиядагы баалоо системасында кыргыз адабияты боюнча компетенттүүлүктү баалоонун жоболору, формалары жана методдору;

**Изилдөөнүн натыйжа-тыянактарын тастыктоо:** Иштин мазмуну Бишкек шаарында болуп өткөн илимий-практикалык семинарларда, жогорку окуу

жайларында кесиптик билим берүүнүн биринчи баскычында (бакалавриатта) кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун илимий-педагогикалык парадигмасы боюнча республикалык жана университеттик деңгээлде өткөн илимий-практикалык конференцияларда бир нече жолу доклад жасалды. Изилдөөнүн биринчи этабында (2011-жыл) республиканын жогорку окуу жайларындагы филология факультеттеринин студенттери үчүн “Адабият таанууга киришүү” жана “Кыргыз адабий сыны (тарыхы жана теориясы)” аттуу типтүү окуу программалары (авторлош) сунушталып, ал типтүү программалардын негизинде түзүлгөн силлабустар (жумушчу программалар) жана студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн сунушталган 2 методикалык колдонмодо (2014-жыл), бир окуу куралында (2016-жыл) К.Тыныстанов атындагы ЫМУ, ЖАМУ, К.Карасаев атындагы БГУ жана И.Арабаев атындагы КМУда практикаланды. Кыргыз адабиятын компетенттүүлүк парадигмасында окутуу университеттердин окуу-методикалык кеңешмелеринде, филология факультеттеринде өткөн семинар-тренингдерде талкууланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Алынган натыйжалар диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмунун түзүү менен бирге 1 монографияда, 1 окуу куралында, 2 типтүү окуу программасында, 3 методикалык колдонмо, 10 чет элдик (РИНЦ) жана республикалык илимий басылмаларда жарыяланган 18 макалада чагылдырылды.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары** кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берип жаткан К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун, К.Карасаев атындагы БГУнун, ЖАМУнун жана И.Арабаев атындагы КМУнун институт жана факультеттери тандалып алынды. Эксперименттик изилдөө ар бири өзүнүн мазмунуна жана өзгөчөлүгүнө ээ, өз ара байланышта турган **үч этапта** жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн биринчи этабы: (2011-2012- окуу жылы)** - *теориялык изилдөө этабы*, изилдөөгө зарыл болгон маселенин абалы жана жогорку окуу жайларында филолог-бакалавр (кыргыз тили жана адабияты) адистигине ээ болуучу студенттердин жалпы илимий, кесиптик компетенциясын калыптандыруу боюнча илимий-теориялык адабияттарды үйрөнүү иштери жүргүзүлдү; иштин максат-

милдеттери жана негизги изилдөө багыттары аныкталды; изилдөөнүн баштапкы параметрлери, ага ылайык объектиси, предмети, түшүнүк-категориялдык аппараты, окутуу технологиясы негизделди. Айрым жоболор жана корутундулар иштин кийинки этаптарында талданып, толукталып, тийиштүү оңдоолор ээ болду.

**Изилдөөнүн экинчи этабы: (2012-2013-окуу жылы) -** *долбоорлоо этабы,* жогорку окуу жайларында филолог-бакалавр (кыргыз тили жана адабияты) адистигине ээ болуучу студенттердин жалпы илимий жана кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлине диагностика жүргүзүлдү (эксперименталдык иштин констатациялоо этабы). Биринчи этаптын жыйынтыктарына таянуу менен студенттердин жалпы илимий жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган окутуу технологиясын долбоорлоо жана конструкциялоо иштери аткарылды. Компетенттүүлүк парадигмасы такталып, анын негизги критерийлери, натыйжага жеткирүүчү көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери тандалды. Калыптандыруучу эксперименттин методикасы иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн үчүнчү этабы: (2013-2016-окуу жылы)-** *калыптандыруучу этап,* бул мезгилде калыптандыруучу эксперимент уюштурулду жана өткөрүлдү. Анын жүрүшүндө изилдөөнүн максат-милдеттери аткарылып, жогорку окуу жайларында филолог-бакалавр (кыргыз тили жана адабияты) адистигине ээ болуучу студенттерди компетенттүүлүккө ээ кылуучу жалпы илимий жана кесиптик компетенциясын калыптандырууга багытталган окутуунун иштелип чыккан технологиясы колдонулду. Бул маселе менен алектенген жогорку окуу жайларындын окутуучулары үчүн кортундулар даярдалды изилдөөнүн жыйынтыктары докторлук диссертация түрүндө иштелип, монография түрүндө жарыялоого даярдалды.

**Диссертациянын түзүлүшү:** иш негизги төрт главадан, он эки параграфтан, киришүү, корутундудан, практикалык сунуштардан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү – 278 бет. пайдаланылган адабияттар жана тиркемелер менен иштин жалпы көлөмү 396 бет.

# Глава 1. **Эки баскычтуу жогорку окуу жайларында адабият сабактарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу технологиясынын жалпы маселелери**

## 1. 1. Жогорку окуу жайларында адабиятка тиешелүү сабактарды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилденилиши

Кыргызстан эгемендүү болуп демократия өнүгүш жолун тандап алгандан тартып, ал бардык тармактар боюнча көптөгөн мамлекеттер менен коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кызматташууга өттү. Мындай шартта артыкчылыкка ээ болгон тармактардын бири билим берүү системасы болуп саналат. Кыргызстан өнүккөн өлкөлөрдөгү ири жетишкендиктерге ээ болгон ийгиликтери толугу менен биринчи кезекте билим берүү системасын туура жолго койгондугунан экендигин сезип, дүйнөлүк билим берүүдөгү алдыңкы иш-тажрыйбаларды өлкө ичине алып келүүгө аракет кыла баштады. Алардын биринчиси жогорку кесиптик билим берүүнү эки баскычтуу (бакалавриат жана магистратура) кредиттик окуу системасына алып чыгуу кызыкчылыгы болду. Өнүккөн өлкөлөрдө практикаланып келе жаткан мындай билим берүү системасын Кыргызстанга “көчүрүп келүү” аракети кимдир бирөөнүн жеке субъективдүү кызыкчылыгынан жаралган жок. Ага карата кызыкчылыктардын пайда болушу XX кылымдын акыркы жылдарында КМШ өлкөлөрүнүн бардыгына мүнөздүү объективдүү шарт болуп саналат. Буга себеп, биринчиден, социалисттик түзүлүшкө ээ болгон СССРдин кыйрашы, коммунисттик идеологияга негизделген билим берүүнүн ойрондолушу, анын натыйжасында билим берүү саясатын өзгөртүүгө карай кырдаалдын пайда болушу менен түшүндүрүлсө, экинчи жагы КМШ өлкөлөрүндө билим алган жаштардын дипломдору өнүккөн өлкөлөрдө таанылбай жатышы аталган мамлекеттерде тез аранын ичинде элдин социалдык кызыкчылыгын эске алуу менен билим берүү саясатын жаңылоону күн тартибине койду. Ошондой эле коомдук түзүлүштүн рынок экономикасына өтүшү, анын натыйжасында жогорку окуу жайларынын ички жана тышкы конкуренцияга туруштук берүү кызыкчылыктары АКШ жана Батыш мамлекеттериндеги эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү системасын КМШ өлкөлөрүнө алып келүү зарыл экендигин көрсөттү. Окуу жайлардын мындай

демилгелери мамлекет жетекчилери, өкмөт жана билим берүү министрлиги тарабынан колдоого алынды. Кыргызстанда да эки баскычтуу окуу системасына өтүү биринчи этабы XX кылымдын 90-жылдарында пайда болуп, ага медицина, эл аралык байланыштар, компьютердик технология, экономика, юридика жана лингвистика сыяктуу адистиктер кире баштаган. Бирок XX кылымдын 90-жылдарында Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүндөгү мындай практикалык иштер стихиялуу жүрүп, мейли мыйзамдык жактан, мейли илимий-педагогикалык жактан мезгил талап кылган деңгээлине чыга алган эмес. Бул учурдагы абалды республиканын билим берүү министрлиги жана жогорку кесиптик билим берүү стандартын иштеп чыккандар төмөнкүдөй баалашкан: "За годы становления законодательство в области образования дважды претерпела изменения. Пересмотрена сама концепция развития отечественной системы высшего образования. Если в недавнем прошлом о высшей школе говорили, прежде всего как о "кузнице кадров", всецело подчиняя ее развитие нуждам государственного планового хозяйства, то в изменившихся условиях на первый план вышла ее гуманистическая и культурно-творческая миссия, которая ярче всего проявляет себя в удовлетворении духовных интересов граждан, потребностей человеческих сообществ" [230]. Ырас, өндүрүшкө кирип, практикалык мазмунда белгилүү иштер аткарылып, эки баскычтуу кесиптик билим берүүгө карай акырындап өтүп жатканы менен ошол жылдарда аталган эки баскычтуу билим берүүнүн миссиясы эмне экендиги, ал кандай концепцияга негизделип, кайсы парадигмаларды жетекчиликке алып иш жүргүзө тургандыгы толук такталган эмес. Тагыраак айтканда, өзгөрүлүп жаткан кырдаалга ылайык окуу жайлардын кызыкчылыгын эске алуу, зарылдыгына жараша айрым бир предметтерди алмаштыруу, окуу процессин демократиялаштыруу, жогорку окуу жайлары өзү аныктап окута турган компоненттерди киргизүүгө мүмкүнчүлүк түзгөнү менен бардык окуу жайлар милдеттүү аткаруучу жалпы нормативдер, окуу пландарын иштеп чыгууга карата көрсөтмө берүү баары бир өзгөрүүсүз калган.

Кесипке ээ болуучу студент жогорку окуу жайын аяктагандан кандай компетенцияларга ээ болушу керек деген маселе ал жылдарда стандарттарда коюлбаганы менен мамлекеттик билим берүү стандарттарын дүйнөлүк билим берүү

системасына жакындаштыруу аракеттери боло баштагандыгы байкалат [113/12]. XX кылымдын 90 жылдарында түзүлгөн КМШ өлкөлөрүндөгү мамлекеттик стандарттар АКШ жана Батыш мамлекеттери ич ара келишкен Болонья процессиндеги окуу стандарттарына ориентир кылганы даана сезилет. Бирок бул мезгилде КМШ мамлекеттеринде, анын ичинде Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүүдө эки баскычтуу окутуу структурасы киргизиле баштаса да, артыкчылык баягы эле 5 жылдык адистештирүүдө калган. Окутуунун ички мазмуну өзгөрбөгөндөн кийин мындай жогорку кесиптик билим берүү талабы бир гана маселени чече алган, б. а. Кыргызстандан бүткөн адистин диплому КМШ мамлекеттеринде жарап жана колдонуу укугуна ээ болуу мүмкүнчүлүгү менен чектелген.

Ал эми XXI кылымдын алгачкы жылдарынан тарта Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү тармактарында чет мамлекеттер менен өз ара кызматташуу күчөп, анын натыйжасында жаңы окуу программалары, окутуу долбоорлору ишке киришип, мындай көрүнүш эки баскычтуу кесиптик билим алууга карата жаштардын кызыкчылыгын арттырды. Жаштар мурдагыдай тигил же бул окуу жайдын эл арасында калыптанган аброюна эмес, бүткөндө кайда жана кантип иштей ала тургандыгына карап кесип тандай баштагандыгына байланыштуу Кыргызстанда эл аралык байланыштар, экономикалык кызмашташтыктар, банк иштери, финансы жана кредит, чыгыш таануу, ж. б. кесиптер менен бирге бакалавриаттык деңгээлде филологиялык билим берүү алдыңкы орунга чыкты. Мына ушул жылдардан тарта Кыргызстандын жаштары диплом эмес, билим керек экендигин түшүнө баштады. Жаштардын кесиптик билим алууга болгон мындай талаптары 2000-жылдын баш чендеринен тарта жаңы муундагы мамлекеттик стандарттарды иштеп чыгуу зарылдыгын күн тартибине койду.

Ушул жылдары эки баскычтуу кесиптик билим берүү мейли формалык жактан да, мейли мазмундук жактан болгону бир кадам алга жылды десек болот. Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министирлигинде 2000-жылдын 29-декабрындагы № 752 / 1 – буйругу менен бекиген 520300 филологиялык билим берүү багытында эки баскычтуу (бакалавриат жана магистр) окуу системасы өндүрүшкө киргизилип, ал окуу системасын эки баскычта жүргүзүүгө боло

тургандыгын аныктады. Аталган мамлекеттик стандарттын бир кадам алга жылганы студентке адистик боюнча бакаларв катары диплом алууга жана андан ары кесибин башка багыттарда улантып кетүүгө мүмкүнчүлүк түзгөнү болду. Ал эми экинчи баскычта бир жыл окуп кесипке ээ болууга, ошондой эле эки жыл окуп өзү тандап алган багыт боюнча магистрдик даражаны алууга жол ачып берди. Мындай өзгөрүүлөргө туш болсо да Кыргызстанда кесиптик билим берүү ошол жылдары мазмундук жактан жаңылана албады. Ал эми бул мезгилде Россия жана Казакстан бир кыйла алга жылып кеткенин айтпай коюуга болбойт.

Окуу стандартынын ошол мезгилде окуу процессине сунушталган вариантына көз чаптырсак [230], кесиптик билим берүүнүн эки баскычтуу болушу, анда бериле турган билим мурда ишке ашып келген кесиптик билим берүүдөн (беш жылдык адистик билим берүүдөн) айырмаланбаган. Кыргызстанда эки баскычтуу кесиптик билим берүү жалпы жонунан беш жылдык адистерди тарбиялоочу парадигманы жетекчиликке алгандыктан, окуу стандартында кесиптик билим берүүгө карата берилген мүнөздөмө, адистерге сунушталган билим жана тарбия мурда жүзөгө ашып келе жаткан мазмунунан алыстай алган эмес. Ал эми Россия XXI кылымдын алгачкы жылдарынан тарта өзүнүн “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизет, б. а. анын 2-беренесине ылайык адистик билим берүүдө жарандардын кесипкөй компетенттүүлүгүн калыптандыруу башкы планга коюлат да, ошол жылдары кабыл алынган “Концепция модернизации российского образования на период до 2010 года” [144/18] аттуу документте аткарылуучу иштин мазмуну так белгиленет, б. а. анда кесиптик билим алууга карата дүйнөлүк мааниге ээ болгон жарандык коомдун социалдык талаптары эске алынып, кандай себептерден улам кантип өзгөрүлүп жатканы ачык көрсөтүлөт. Ушундай эле көрүнүштү ошол мезгилдеги КМШ өлкөлөрүнүн жогорку кесиптик билим берүү стандарттарынан деле байкоого болот. Мисалы, Казакстандын Билим берүү жана илим министрлигинин 2009-жылдын 31-июлдагы № 365-буйругу бекитилген стандартта [104] да коомдук-социалдык талаптар компетенциялар менен аныкталат.

Ырас бул документтерде эки баскычтуу жогорку билим берүүнү компетенттүүлүк парадгимасына өткөрүү жөнүндө кеңири сөз болбосо да, аталган документтердин мазмунунда дүйнөлүк билим берүүгө багыт алуу, өнүккөн

өлкөлөрдө ишке ашып жаткан алдыңкы тажрыйбаларды кабылдоого карата максат-милдеттер тактала баштаган. Алардын концептуалдуу көз караштарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасына жакындаштырып турган нерсе – билим алып жаткан жаранга субъекти катары мамиле кылуу; анын инсандыгын сыйлоо аркылуу билим берүүгө аракеттенүү; билим жана тарбиялоону ошол жеке адамдын инсандыгына багыттоо; ал ким болбосун өзүнүн индивидуалдуу касиеттери жашаган коомдун бир мүчөсү экендигин таанытуу; кайсы тармак боюнча билим алууга умтулбасын иш-билги (компетенттүү) адис болуп чыгуусуна карай билим берүүнүн нугун буруу; ж. б. критерийлерди ичине алгандыгы болуп саналат. Бирок, эки баскычтуу жогорку билим берүү системасын, анын ички табиятына мүнөздүү белгилүү бир спецификалык бөтөнчөлүктөрүн ар бир мамлекет ар түрдүү кабыл ала тургандыгын айтпай кетүүгө болбойт. Маселен, Казакстан эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү боюнча эвропалык стандартты ошол турушунда кабыл алса, Россия өзүнүн федералдык бөтөнчөлүгүн эске алуу менен чыгармачылыкта өздөштүрүүгө умтулган. Ал эми Кыргызстан бул жылдарда дүйнөлүк эки баскычтуу жогорку билим берүүнү өлкөгө мурдатан мурасталган советтик жогорку кесиптик билим берүү менен айкалыштырууга аракеттерин жасап, ошол эле мезгилде кыргызстандык жаштардын Россияда иштеп жана билимин өркүндөтүп жатканын эсепке алуу менен кабыл алган стандартында россиялык макетке артыкчылык бергени байкалат.

XXI кылымдын баш чендеринде тарта жогорку кесиптик билим берүүнүн эки баскычтуу этаптарына өтүү, анын төмөнкү (бакалавриат) жана жогорку (магистратура) баскычтарында билим алып жаткан адистердин азыркы коомдук-турмуштук талаптарга жооп бере ала турган компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн мыйзамдык негиздери, практикалык иштердин аткарылыш аракеттери коомдук-социалдык илимдеринде, анын ичинде педагогика илиминде изилдөө объектиси боло баштагандыгы байкалат. КМШ өлкөлөрүндө ишке ашып жаткан тажрыйбаларга таянуу, аларда жүрүп жаткан алгылыктуу иштер Кыргызстанга өзүнүн таасирин тийгизбей койгон жок, натыйжада “компетенция” жана “компетенттүүлүк” деген түшүнүктөр бизде да кесиптик билим берүүдөгү негизги категориялар катары кабыл алынды. Кесиптик билим берүүнү учур талаптарына

ылайык ишке ашыруу үчүн бул түшүнүктөргө негизделүү канчалык маанилүү болсо да, Кыргызстанда жана ошондой эле КМШ өлкөлөрүндө XX кылымдын аягынан тарта аталган концептуалдуу түшүнүктөрдү кабыл алууга карай эки ача ойлор, көз караштарда каршылыктар болуп келди. Ырас, мындай көрүнүш өнүгүүгө багыт алган мамлекеттерде боло турган мыйзамченемдүүлүк катары кабыл алынууга тийиш. Маселен, эки баскычтуу кесиптик билим берүү системасына өтүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы № 496-токтому менен сунушталса да, ал учурунда ишке киргизилген эмес. Анан 2012-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө кайрадан каралып, ушул жылдын 4-июлундагы № 472-токтому менен мыйзамдык негиздери иштелип чыгып, 2012-2013-окуу жылдарынан тарта өлкө боюнча колдонула баштады. Мында негизги максат Кыргызстандагы “жогорку кесиптик билим берүүнү эл аралык билим берүү менен интеграциялоо зарылдыгынан” экендиги так көрсөтүлөт. Жогорку кесиптик билим берүүнүн эл аралык талаптарына ылайык адис ээ боло турган компетенциялар жалпысынан экиге – универсалдык (жалпы илимий, инструменталдык) жана профессионалдык болуп бөлүнөт. Бирок, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2012-жылы кабыл алынган филологиялык билим берүү (багыты – 550300) “Жогорку кесиптик билим берүү стандартындагы” квалификациясы (даражасы) бакалавр адистигинде компетенциялар – *жалпы илимий компентенциялар* (ЖИК); *инструменталдык компетенциялар* (ИК); *кесиптик компентенциялар* (КК); *социалдык-личносттук жана жалпы маданий компентенциялар* (СЛМК) деп жалпысынан төрт топко бөлүнүп берилет.

Маселен, аталган стандарттын 3.4 жана 3.8 пункттарында көрсөтүлгөн негизги билим берүү программасынын (НББПнын) максаттары жана кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттери аныкталат да, анын негизинде дипломго ээ болгон адис жалпы илимий (ЖИК) компетенциялар боюнча *курчап турган дүйнө жөнүндө жалпы билимге ээ, жашоонун, маданияттын* (ЖИК-1) *баалуулуктарын таанып билүүгө*; кесиптик милдеттерди аткарууда *математикалык, гуманитардык (табигый), экономикалык илимдер жөнүндө базалык билимин колдоно алууга* (ЖИК-2); *заманбап маалымат технологияларын колдонууга*; аны менен *өз алдынча*

*жаңы маалыматтарга ээ болууга; салттуу билимди түшүнүүгө жана кабыл алууга;* аларды *ишке ашырууга жолдорду табууга*; изилдөө иштеринде *базалык билимин колдонуу менен долбоорлор менен иштөөгө* (ЖИК-4); *илимдеги, техника жана технологиядагы, кесиптик чөйрөдөгү социалдык-экономикалык жана маданий жаңылыктарга анализ жүргүзүүгө* (ЖИК-5); *өз эмгегин*, ишинин жыйынтыгын *илимий-практикалык негизде өз алдынча баалоого* (ЖИК-6) жөндөмдүүлүк талап кылынса, **инструментал-колдонмо** (ИК) **компетенциялар** боюнча керектүү маалымат-билимди кабыл алууга, сунушталган *маалыматтарга анализ берүүгө*, аны жалпылаштырууга, *зарылдыгына жараша өз алдынча максат коюуга*; ага *жетүү милдеттерин аныктап, ыңгайлуу жолдорун тандоого* (ИК-1); *мамлекеттик, расмий тилдерде логикалык жактан оюн ачык* жана *аргументтүү айтууга*; *талап кылынган чеберчиликте оюн жазуу түрүндө жеткире билүүгө* (ИК-2); *иштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, публика менен* (сүйлөшүүлөрдү, жыйындарды өткөрүү, иш кагаздарды жана электрондук байланыштарды уюштурууга) *иш алып барууга* (ИК-4); *маалыматтарды иштеп чыгууга, маалымат башкаруу системасында компьютер менен иштөөгө, анын ичинде глобалдык компьютердик торчолордо жана корпоративдик маалымат системасында ишти уюштурууга* (ИК-5) ээ болгон иш-билги зарыл экендиги белгиленет.

Филологиялык билимдин спецификалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык **социалдык-личностук жана жалпы маданий (СЛМК) компетенциялар** жогоруда белгиленген стандарттын бүгүнкү күндүн талабына жараша жаңы сунушталган толуктоосу экендигин байкоого болот. Бул категорияга кирген компетенциялар теориялык жактан жаңы көрүнгөнү менен практикалык мазмуну боюнча улуттук (советтик) педагогикада мурдатан калыптанган “билим-көндүм-адат (ЗУН)” натыйжасын талап кылган түшүнүктөрдөн алыстап кете алган эмес. Тагыраак айтканда, бул бөлүмчөгө кирген компетенциялар *коомдо кабыл алынган моралдык жана укуктук нормалардын чегинде иш алып барууга*; *адамдар менен сый мамиле болууга; башка элдердин маданиятына толеранттуу мамиле кылууга; кесиптик иш-аракетте кызматташтык мамилелердин этикетин туура сактоого* (СЛМК-1); *өзүнүн жетишкендиктерине жана кемчиликтерине сын баа берип,*

*кемчиликтерин жоюуга жана ийгиликтерге жетишүүнүн жолдорун издөөгө* (СЛМК-2); *жарандык жана демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде диалог жүргүзүп, активдүү жарандык позицияны кармануута* (СЛМК-3); *жамаат арасында, анын ичинде дисциплиналар аралык долбоорлордун үстүндө иштөөгө* (СЛМК-5); өткөндүн *гуманисттик баалуу булактарынын* маанисин айырмалап сактай билүүгө, өзгөчө салттарын *аңдаштырууга* (СЛМК-6) карата жөндөмдүүлүктөрдү калыптандырууга милдеттенет. Булардан тышкары стандарт филолог адистин **кесиптик жөндөмдүүлүгүн арттыруу** үчүн *окулуп жаткан негизги тилдин (тилдердин) жана адабияттын (адабияттардын) тарыхынын жана теориясынын негизги жоболору жана концепциялары, коммуникациянын теориясы, филологиялык анализ жана тексттин интерпретациясы, тарыхы жөнүндө маалыматка ээ болушун, филологиянын диахрондук жана синхрондук абалы жана перспективалары жөнүндө билимин көрсөтүүгө* (КК-1); *заманбап маалымат технологияларын жана салттуу методдорду колдонуу менен тилдик жана адабият фактыларын чогултуу жана анализ жүргүзүүнүн базалык ыктарына ээ болууга* (КК-2); *үйрөнүп жаткан негизги тилдин адабий нормасында эркин сүйлөшүүгө* (КК-3) жана ошол *тилдин оозеки жана жазуу коммуникациясынын ар кандай типтеринин негизги усулдарын жана ыкмаларын* колдоно алуусуна (КК-4); алган билимдерин өзүнүн *илимий-изилдөө ишмердүүлүгүндө пайдалана билүүгө* (КК-5); аныкталган же бүтүм чыгарылган *филологиялык билимдин ыкмаларынын негизинде изилдөө жүргүзүүгө* (КК-6); изилдөөнүн тематикасына жараша *библиография жана реферат түзүүнү билген, негизги библиографиялык булакты жана издөө системасын* колдоно алган (КК-7) жана *илимий дискуссияларга илимий докладдар, маалыматтар менен катышууга*, изилдөөнүн материалдарын *оозеки, жазуу жана виртуалдык* (маалымат торчолоруна жайгаштыруу) *түрүндө бере билүүгө* (КК-8) жөндөмдүү даярдоого теориялык жактан гарантия берет. Бирок белгиленген компетенциялар жалпысынан туура көрүнгөнү менен алар кайсы дисциплиналардын базасында кантип калыптана тургандыгы, аны кандай жолдор менен ишке ашаары, аларды ашырууга кызыктар тарап кайсы булактардан пайдаланып, практикалык иш чараларда кайсы

формаларын, ык-усулдарын пайдаланса, кандай шартта натыйжага ээ боло тургандыгы стандартта белгиленбейт [156].

Ошондой эле стандарт филолог бакалавр келечекте педагог болушун эске алуу менен *жалпы жана атайын орто билим берүү мекемелеринде тил жана адабияттан сабак берүүгө* жана *класстан тышкары иштерди жүргүзүүгө* (КК-9); өзү окуп-үйрөнгөн *усулдардын негизинде сабактарда жана класстан тышкаркы иш-чараларда окуу-методикалык материалдарды даярдоого* (КК-10); окуучуларды филологиялык билимдерге ээ кылууга жана анын негизинде тарбия иштерин уюштуруууга (КК-11) кепилдик берет. Мындан тышкары стандартта филолог бакалаврдын **колдонмо, долбоорлоо жана уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүгү** өз-өзүнчө пункттар менен тизмектелет. Ушундай эле талаптар 2003-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинин № 592 / 1-буйругу менен бекиген академиялык даражасы бакалавр болгон "Филологиялык билим берүү (багыты 540300)" убактылуу мамлекеттик билим берүү стандартында деле бар экендигин эске алсак, анда кесипке карата талаптар бардык мезгилде эле бирдей болуп келгендигин көрүүгө болот.

Кыргыз адабияты сабагы мына ошол квалификациясы (даражасы) бакалавр филолог адистигине ээ кылуучу бирден бир сабактардан болгондуктан, келечекте аталган кесипке ээ болуучу студенттер "Жогорку кесиптик билим берүү стандартында" белгиленген компетенцияларга ээ болушу зарыл десек, анда даяр түрүндө өлкөгө сунушталып жаткан **компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы** кайдан жана кантип келе калганын билүү маселеси алдыга коюлат. Кыргыз адабияты эле эмес Кыргызстандагы жалпы педагогика илими үчүн изилдөө объекти боло баштаган бул парадигма жок жерден эле пайда боло калбаганына, анын эл аралык билим берүү тармактарында негизги концепция болуп, коомдук-социалдык зарылдыктан келип чыккан парадигмага айланганга чейин дүйнөлүк педагогикада жарым кылымдан ашык изилдөө объектиси болгондугуна токтолуу керек болуп турат.

Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын башаты XX кылымдын 60-жылдарына барып такалат. "Компетенция" термини алгач 1960 – 1970-жылдарда Д. Хаймс тарабынан тилди үйрөтүүдө илимий аппаратты аныктоочу түшүнүк

катары колдонулуп, анан аны тилди үйрөнгөндөрдүн иш-билгисине баа берүүчү категория катары сунуштаган. Тагыраак айтканда, адис болуу үчүн Д.Хаймс тилди теориялык жактан билүү гана маанилүү эмес экендигин аныктап, кесиптик талаптарга ылайык аны прикладдык мүнөздө үйрөнүү керектигин далилдеп, кайсы багыттагы адис болбосун тилди практикада колдонууга карай бир нече категориялар ээ болушу мүмкүн экендигин ачыкка чыгарат. Өз практикасында текшерип, анан аларды жалпылаштыруу менен түшүнүктү “коммуникативдүү компетенттүүлүк” деген атайт. Кийин аны билим берүү чөйрөсү колдоно баштагандыктан, терминди педагогикалык илимий коомчулукка сунуштайт. Бул түшүнүк пайдалангандар дүйнөлүк педагогика илиминде көбөйгөндүктөн, 1970–1990-жылдарда ал маанилик жактан тереңдеп, “компетенция” адистик кесипкөйлүгүн аныктоочу категория болуп, ал эми ага негизделип окутуу “компетенттүүлүктү” кесиптик билим берүүдөгү өзүнчө концепцияга айландыра баштаган.

Мына ушул жылдарда компетенция жана компетенттүүлүктү колдонуу чөйрөсү кеңейип, ал башкарууда, чарбалык жетекчиликте, менеджментте, ж. б. тармактарда адистик профессионализмди аныктоочу категорияга айланат. 1984-жылы Лондондо Дж. Равендин «Компетенттүүлүк азыркы коомчулукта» [217/253] аттуу эмгеги жарык көрөт да, мына ошондон кийин дүйнөлүк билим берүү, кесиптик билим берүү тармактары, адистештирүүгө катышы бар кыска жана узак мөөнөттөгү окуу курстары бул түшүнүктөрдү өздөрүнүн билим берүүдөгү парадигмасы катары кабыл алышат. Анткени, Ж.Равен өзүнүн аталган эмгегинде компетенттүүлүккө кеңири түшүнүк берип, коомдук-социалдык жактан иш-билги болуш үчүн бири-бирине көз карандысыз болгон 39 түрүн белгилейт. Ошондой эле бул эмгегинде ар бирин өзүнчө компетенция катары эсептеп, бирок аларды жалпылаштырууга аракеттенет да, айрымдарын таанып билүү (когнитивдүү) сферасына киргизсе, экинчилерин жүрүш-туруштун эмоционалдуу компоненттери сымал түшүнүк [217/253] берет. Ал компетенцияларды жөндөмдүүлүккө ээ болуу мотивдерине карай аныктагандыктан, мындай пикир кесиптик билим берүүнүн сапатын кантип жогорулатуу мүмкүндүгүн издеген бардык окумуштууларга жагат да, ага кайрылган илимпоздор компетенцияга ориентацияланган билим берүүнү

(competence-based education – CBE) калыптандырышат. Мындай көз карашка таянган окумуштуулар «компетенция» жана “компетенттүүлүктүн” ортосун айырмалашат да, компетенттүүлүктү кеңири түшүнүк же парадигма катары алуу менен бирге анын мазмунун жогорку деңгээлдеги билимге негизделген, интеллектуалдуу, социалдык-профессионалдык тажрыйбасы жетиштүү, инсандык сапаты калыптанган жаран ээ боло турган билимди элестетүү менен тыянакка келишет. Ошондуктан, турмуш-тиричиликте мурдатан “компетенттүү” деген түшүнүк колдонулуп келе жаткан болсо, окумуштуулар аны терендетүү менен белгилүү бир кесиптик деңгээлди аныктоочу сапаттык белги катары колдоно башташкан деп айтууга болот. Ырас, мындай шартта коомчулук тарабынан кээ бир багыттар боюнча түшүнбөстүктөр кездешкени менен эки баскычтуу кесиптик билим берүүдө бул маселеге келгенде жогоруда өз көз караштарын иштеп чыккан окумуштуулардын илимий-теориялык эмгектеринде айтылган ойлорду жетекчиликке алуусу жогорулаган. Бирок, Кыргызстан Россия сыяктуу педагогикалык-дидактикалык жагдайда калыптанып келген “билим-көндүм-адат” (орусча ЗУН) –парадигмасынан толук бошонуп кете албай, билим берүүнү теориялык камсыздоодо, номенклатураны аныктоодо, калыптандыруунун методикасында көндүм жана адаттын иерархиясын сактап, баалоо жана текшерүүнү ошол өңүтүндө (ЗУН формасында) кармап келет.

Жогорку кесиптик билим берүүдөгү дүйнөлүк, өзгөчө өнүккөн мамлекеттердеги ири жетишкендиктерге ориентир кылуу Кыргызстанда күч алып, б. а. жаштардын өнүккөн чет өлкөлөрдө окууга болгон кызыкчылыгын артышы кесиптик билим берүүнүн максатын жаңылоого, адистик-жарандык калыптануу кызыкчылыгын канааттандырууда жогорку кесиптик билим берүүнү интеграциялоо билимди таанып биле турган “компетенция” категориялары менен аныктоого гана мүмкүндүк түзбөстөн, “компеттенттүүлүктү” кесиптик сапатты айкындоочу инсандык-социалдык жана жүрүм-турумдук феномени катары да алдыңкы сапка алып чыкты. Мындай көрүнүш кесиптик билим берүүнүн практикалык аракетин гана айкындабастан, кесиптик баалуулукту мотивдештирүүчү парадигмага айландырууга жетишти. Ал парадигма Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү системасында да орун ала баштаган компетенциялар негизделген жогорку

билимге ээ болгон бакалавр **БИЛҮҮгө** (знать), **КОЛДОНО АЛУУга** (уметь) жана **ЭЭЛИК КЫЛУУга** (владеть) тийиш болгон натыйжага жетүүнү окуу пландарында сунушталган бардык предметтерден талап кылууга киришти. Бул кыргыз адабияты боюнча сабактар, адабият таанууга киришүү, адабият териясына жана адабий сынга таандык дициплиналарга да тиешелүү болуп чыга келди. Мындай сапаттык белгилер - жогорку билимге ээ болгон бакалавр **БИЛҮҮгө** (знать), **КОЛДОНО АЛУУга** (уметь) жана **ЭЭЛИК КЫЛУУга** (владеть) тийиш болгон натыйжа – азыркы коомдук-социалдык компетенцияларга ээ болуу башка адистер сыяктуу эле филологиялык кесипке ээ кыргыз жарандарынан да талап кылына турган принциптерден экендигин аныктады.

Жер шарындагы ааламдашуу процесси ар бир жарандын ички кызыкчылыгын белгилүү бир мамлекеттин чегинде кармай албай калган сыяктуу эле алардын филологиялык билимге болгон муктаждыгын да бир өлкөнүн аймагында канааттандыра албастыгы бул багытта билим алып жаткан адиске эле эмес, бардык тармактар боюнча филологиялык билим берүүнүн жаңы компетенциялары бар экендигин так жана таасын көрсөттү. Тагыраак айтканда, жарандардын эл аралык байланыштын куралы катары эсептелинген тилдерге карата муктаждыгы кандай болсо, улуттук тилдерге карата да кызыкчылык ошончолук болуп, мындай интеграция филолог адистерди тарбиялоодо жаңы компетенциялар керектигин кандай көтөрүп чыкса, анын негизинде аталган тармак боюнча парадигманы аныктоодо жаңы пункттарды да жаратты. Демек, азыркы мезгилде филология боюнча кесиптик билим берүүнүн теориялык да, практикалык да мазмуну ушуга ылайык чечилиши зарыл, б. а. кыргыз адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу талаптары стандарт аркылуу бекигени менен ал илимий-теориялык жактан кандай мазмунду камтып, практикалык багытта кандай жол-жоболор менен ишке аша тургандыгы жөнүндөгү маселе өлкө ичинде али дың боюнча турат. Эки баскычтуу филологиялык билим берүүгө КМШ өлкөлөрүнүн ичинен бир топ жыл (2008) эрте өткөн Казакстанда деле бул маселе алгылыктуу чечиле электиги байкалат. Бирок, Россия эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүгө Казакстандан эки жыл (2010) кеч өтсө да, бул багытта бир топ маанилүү иштерди аткарып жатканын белгилей кетели. Тагыраак айтканда, Россия филология

багытында бакалавр адистерди даярдоонун жаңы, б. а. үчүнчү муундагы билим берүү стандартынын талаптарына ылайык бир нече окуу китептерин жарыкка чыгарып, окумуштуулардын көркөм чыгармачылыкка, адабий түшүнүктөргө, адабий процесске, адабиятты үйрөнүүнүн тарыхый жана теориялык жактан кабылдоо принциптеринин өзгөчөлүктөрүнө карабастан, филологиялык (ошондой эле педагогикалык) билим берүүгө, өзгөчө адабиятты илимий-теориялык жактан ар кыл аспектиде түшүндүрүүгө мүмкүндүгү бар көз караштарды студенттердин колуна жеткирди. Бул багытта орус окумушуулары (О.Ю.Багдасарян, Н.В.Барковская, С.Н.Бройтман, В.Е.Васильев, Н.Л.Вершинина, О.Ю.Воронина, М.М.Голубков, М.Н.Дарвин, А.С.Козлов, Л.М.Крупчанов, Н.П.Кубарева, Н.Л.Лейдерман, М.Н.Липовецкий, Д.И.Магомедова, В.П.Мещеряков, М.Н.Сербул, Н.Д.Тамарченко, В.И.Тюп, С.И.Тимина, И.В.Фоменко, В.Д.Черняк, В.Е.Хализев, ж. б.) адабият таанууга киришүү, адабият теориясы, адабияттын тарыхы, адабий процесс, көркөм чыгарманы ар түрдүү аспектиде талдоо сыяктуу маселелерге азыркы компетенттүүлүктүн негизинде окутуунун талаптарын эске алган окуу китептерин филология боюнча бакалавр адистигине сунушташты. Ырас, орус педагогика илими жана адабиятты окутуунун методикасы боюнча адистер аталган окумуштуулар тарабынан сунушталган окуу китептеринин кайсынысы алгылыктуу экендигин талдаган эмгектерин илимий коомчулукка билдире элек. Ошентсе да, окуу китептеринин мамлекеттик федералдык билим берүү стандартына туура келүүсү, авторитеттүү адистер тарабынан рецензияланышы, абройлуу конкурстарда жеңиши орус филолог окумуштууларынын бул багытта теориялык жана практикалык жактан бир топ иштерди жасап жаткандыгын айкындайт.

Маселен, Л.М.Крупчановдун жалпы редакциясында жарык көргөн “Адабият таанууга киришүү” [87] аттуу окуу китеби жогорку окуу жайлары үчүн окуу басылмаларына арналган “Университеттик китептер – 2006” деген аталыш менен өткөрүлгөн III жалпы россиялык конкурсунда “Гуманитардык илимдер боюнча эң жакшы окуу басылмасы” катары дипломго татыктуу болушу анын канчалык сапаттуу эмгек экендигин туюндура алат. Бул окуу китеби филологиялык жана гуманитардык жогорку кесиптик билим берүүгө багытталган болсо, В.П.Мещеряковдун жалпы редакциясында “Педагогикалык билим берүүгө”

арналып жазылган “Адабият таанууга киришүү. Адабият теориясынын негиздери” [90] аттуу окуу китеби азыркы мезгилдеги окуу талаптарына ылайык жарык көргөндүгү окуу китебинин аннотациясында айтылат. Ушундай эле аннотацияны биз В.Д.Черняктын жалпы редакциясында “Педагогикалык билим берүүгө” арналып жазылган “Риторикасынан” [226] да кездештире алабыз.

Мындай жалпы гуманитардык жана педагогикалык багыттарга арналып жазылган окуу китептеринен тышкары “таза филологиялык” жогорку кесиптик билим берүүгө сунушталган окуу китептери менен окуу куралдары Россия Федерациясы үчүн жетиштүү болуп саналат. Мисалы, В.Е Хализевдин “Адабият теориясы” [102] окуу китеби, М.М.Голубковдун “XX кылымдагы орус адабий сынынын тарыхы (1920 – 1990-жж.)” [101], В.И.Тюптун “Көркөм текстке талдоо” [251], И.В.Фоменконун “Практикалык поэтика” [255], эки томдук Н.Л.Лейдермен жана башкалар тарабынан жазылган “XX кылымдагы орус адабияты: 1917 – 1920-жылдар” [171,172], Н.Л.Лейдермен, М.Н.Липовецкийдин эки томдук “XX кылымдагы орус адабияты (1950 – 1990-жылдар” [172], С.И.Тимина, В.Е.Василев, О.Ю.Воронина жана башкалар калеминен жаралган “Азыркы орус адабияты (1990-жылдар – XXI к. башы)” [250] окуу куралдары менен бирге Н.Д.Тамарченконун редакциясында жазылган “Адабият териясынын” [249;77] эки томдук окуу куралдарынын бир аз жылдарда академиялык мазмунда даярдалып чыгышы филологиялык билим берүүнү мүмкүн болушунча дүйнөлүк деңгээлге көтөрүү, адистердин билимин теориялык жана практикалык жактан жаңылоого болгон мамлекеттин аракетин көрсөтөт.

Жогоруда аталган окуу куралдары менен окуу китептери филология багытында жогорку кесиптик билим берүүнү толугу менен компетенттүүлүккө негиздеп үйрөтүүгө максаттанган басылмалар болуп саналат. Ырас, аталган окуулуктардын көпчүлүгү мезгил сынынан өтүп, б. а. бир нече жолу жарыяланып, ар бир чыгышында адистердин сын пикирлерин, сунуштарын эске алуу менен толукталып жүрүп отурган. Маселен, В.Е Хализевдин “Адабият теориясы” ушул деңгээлине келгенге чейин алты ирет оңдолуп жана толукталып басылса, Н.Д.Тамарченконун редакциясында чыккан “Адабият теориясы” 5-жолу оңдоого жана толуктоого туш болгону авторлор аталган китептердин үстүндө дайыма

чыгармачылык менен изденип, коомдо кескин өзгөрүүгө болуп турган жагдайларды эске алуу менен жаңыланып келгендигин көрсөтөт. Жогоруда аталган эмгектердин бардыгы өз мезгилине ылайык улам иштелип, улам кырдаалга жараша толукталып келгендигин, ал окуу басылмаларын чыгарууда “Акадамея” басмасы далай жолду басып, не бир сындан өткөндөрүн гана тандап алгандыгын биз сыртынан эле сезип турсак да, биздин алдыбызда жогорку кесиптик билим берүүдө жаңы концептуалдуу багыт катары коюлган компенеттүүлүккө негиздеп окутуунун теориялык жана практикалык критерийлерин кайдан алды деген суроо коюлат. Аны “филологиялык билим берүү” багыты боюнча адистерди тарбиялоо жаатындагы жогорку кесиптик билим берүүнүн (ЖКБ) негизги билим берүү программасы (НББПсы) боюнча талаптар төмөндөгүдөй түшүндүрөт: 1) студенттерди билимин өнүктүрүүдө өздөрүнүн (жеке субъективдүү) максаттарына ээ болушу; 2) фактыматериалдар менен иштөөдө ой жүгүртүү жалпы маданиятында өз алдынчалыгын сакташы; сунушталган маалыматты кабылдоодо өздүк ой жорумуна ээ болушу; маалыматка карата талдоо жүргүзүүдө жана жалпылоодо жекечилдигин жоготпошу; 3) айлана-чөйрөдөгү көз караштар менен эсептешүүсү; маалыматты кабылдоодо фактылык аргументтерге толеранттуулук (жеңилип бара жатканда урушуп, жакалашып кетпей) менен мамиле кылуусу; 4) көп түрдүү көз караштардан чыккан жыйынтыктарга карата оптималдуу чечимдерди өз алдынча кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээлик кылышы; 5) билимге ээ болууга коюлган максаттарга жана иштин илимий-практикалык негиздерине жетүү үчүн жаңы маалыматтарды, маалыматтык технологияларды пайдаланууга (3.4.2. пунктунда белгиленгендей) жөндөмдүү болушу [156]. Ушундай эле талаптар Россиянын жогорку кесиптик билим берүү стандартында орун алгандыктан, биз жогоруда аталган окуу басылмалары жогорку кесиптик билим берүүдө адистин жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда милдеттерди кандай чече ала тургандыгын эки өлкөнүн стандарттарын айырмалабай эле окуу басылмаларына талдоо жүргүзүүнү туура көрдүк.

Филологиялык билим берүү багытында жогорку кесиптик билим берүү үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан студенттерге сунушталган бир дагы окуулуктун жоктугу бул проблема бизде али

колго алына электигин айкындайт. Кыргыз окумуштуулары аталган багытта кесиптик билим берүүнүн мазмуну жаңылануусу керектигин XX кылымдын 90-жылдарында түшүнүп, бул багытта өздөрүнүн окуу программаларын сунуштаган болсо да, аларда кесиптик билим берүүгө карата ички мазмундук жаңылануу болбогондугу ачык эле байкалат. Маселен, С.Закировдун "Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы курсу боюнча программасы" [118], С.Закиров жана К.Байжигитовдун "Фольклордук практиканын программасы" [119], А.Садыковдун "Адабият теориясы" [128], К.Артыкбаев жана А.Абдыразаковдун "Кыргыз адабиятынын тарыхы курсу боюнча программасы" [16], М.Түлөкабыловдун "Кыргыз балдар адабиятынын программасы" [253], Т.Танаев жана К.Калчакеевдин "Манастаануу боюнча программа" [248], ж. б. окуу программаларында кесиптик билим берүү боюнча совет доорунан түздөн-түз көчүрүлүп келген концептуалдуу көз караштар сакталса, XXI алгачкы он жылдыгынан тарта кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүү жаңы маалыматтар менен толуктала баштаган. Мисалы, совет доорунда "эл душманы" катары түшүндүрүлүп, окутууга таптакыр болбойт деп эсептелген К.Бай уулунун, А.Буйлаш уулунун, Молдо Нияз, Алдаш Молдо, ж. б. окуу программасына киргизилиши идеялык-эстетикалык багытта бир кыйла жаңылануу болгондугунан кабар берүү менен бирге авторитардык мүнөзгө ээ болгон советтик кесиптик билим берүү акырындап бузула баштагандыгын билдирет. Мындан диний, диний-идеалисттик жана мистикалык адабий баалуулуктарды үйрөнүү менен филолог адистерде плюларизмдик ойлоо жөндөмдүүлүк калыптана баштаганы байкалат. Аны биз XXI кылымдын биринчи он жылдыгында жарык көрүп, студенттерге сунушталган окуу программаларынын мазмуну менен таанышкан соң айтып жатабыз. Маселен, А.Абдыразаков жана К.Жумалиевдин "Манас таануу" [1], К.Артыкбаевдин "XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы" [17], К.Артыкбаев жана А.Абдыразаковдин "Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы" жана "Кыргыз акындар чыгармачылыгын тарыхы" [16], С.Закиров жана Н.Турдубаеванын "Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы" [120], К.Артыкбаев, Ж.Шериев жана С.Карымшаковдун "Адабият таанууга киришүү" [19], К.Байжигитов жана С.Карымшаковдун "Кыргыз адабий сынынын тарыхы" [65], А.Медетовдун

“Адабият теориясы” [184], ж. б. типтүү окуу программаларында кыргыз адабиятына таандык айрым бир идеялык-маалыматтык жаңы түшүнүктөр бериле баштагандыгын байкоого болот. Бул окуу программаларына мүнөздүү болгон жаңылануу ар бир окумуштуу окуу материалдарына карата өз көз караштарын бере баштагандыгы менен буга чейин жарык көргөн окуу программаларынан айырмаланышса да, бирок кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүнүн мазмунун толук жаңылай албагандыгы көзгө даана көрүнөт. Ал эми бул мезгилде кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө, ал тургай жалпы адабий билим берүүдө негизги максат Н.Ишекеев белгилегендей: “Илимий-адабий фактыларды, багыттоочу түшүнүктөрдү, аннотацияларды, жалпылоолорду, теорияларды, таанып билдиргич идеяларды, көркөм изилдөөчү, ой жүгүртүүчү методдорду, адабий-тарыхый маалыматтарды, окуучулардын билимине, билгичтигине, көндүмдөрүнө коюлуучу талаптарды, окуу-практикалык жана колдонмолуу көрсөтмөлөрдү эстетикалык негизде өркүндөтүү, идеологиялык догмалардан, саясий рецептерден арылтуу” [132] болуп саналса да, бул проблеманы окуу процесси толук чечип бере алган эмес.

Улуттук педагогика илими анын себептерин табууга, андай көйгөйлөрдүн кайдан кантип чыгып жатканын аныктоого аракет кылышып, айрым педагогдор окуучулардын жана студенттердин көркөм чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмунун түшүнбөй жатканын башкы себеп катары кармашууда. Аны жоюу үчүн көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздерин жаңылоону [67], адабиятты окутуунун интерактивдүү жана салттуу метод-ыкмаларындагы кызматташуу педагогикасын жөнгө салууну [198], адабиятты интерактивдүү окутууга багыт алууну [199] жана адабиятты окутуунун жаңы технологиясын [200] окуу процессине киргизүүнү, ошондой эле ЖОЖдо студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий-педагогикалык негиздерин түзүү [254] аркылуу кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн мазмунун жакшыртуу аракети болуп келе жатканын белгилей кетүүгө тийишпиз. Ошону менен бирге адабий билим берүүнүн мазмунун элдик педагогика менен байланыштыруу [216], адабий чыгармаларды талдап түшүндүрүүдөн этнопедагогиканын мазмунун табуу [15], кыргыз эли

калыптандырган көркөм чыгармалардын туундусунан кыргыз эл педагогикасынын табиятын, таралышын жана тарыхын таап көрсөтүү [189] аракети кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүнүн жаңы багыттары пайда боло баштаганын туюндура алат. Ошондой эле адабий билим берүүнүн башаты башталгыч класстарда экенине таянып, кыргыз жаштарынын адабий чыгармаларды туура түшүнүп, анын мазмунунда турган идеялык-эстетикалык мазмунду көркөм чыгарманы окуу аркылуу мүмкүн боло тургандыгын далилдөөгө [228], башталгыч мектептерде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү аркылуу адабий билим берүүнүн мазмунун жакшыртууга боло тургандыгын аныктоого [227], көркөм тексттерди талдоо аркылуу элдик педагогикалык ойлорду интерпретациялоонун жолдору менен адабий билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүүгө [190] мүмкүн болоорун кыргыз педагогдору өздөрүнүн фундаменталдуу монографиялык эмгектеринде далилдешти.

Ал эми окуу процессине жаңы ык-усулдарды пайдалануу, ар кыл окутуу формаларын колдонуу аркылуу адабий билим берүүнүн сапатын жакшыртуу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет кылган педагог-окумуштуу адабиятчылардын изилдөөлөрү бир кыйла болсо, прикладдык мүнөзү боюнча айырмаланып, өзгөчө кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн альтернативалуу окутуу системасын түзө алган Эл мугалими Б.Исаковдун окуу программаларын, окуу китептерин жана азыркы мезгил үчүн өтө баалуу орунда турган “Манас” сабагын [134], Манастын жети осуяты боюнча колдонмону [135], ж. б. адабий билим берүүгө арналган эмгектери өзүнчө баага арзыйт. Б.Исаковдун альтернативдүү адабий билим берүүсүнүн максаты өз оюн айта албаган адабиятчылардын карама-каршына чыгуу, б. а. “ой жүгүртүүдөгү эң коркунучтуу душман далилге таянбай, таңууланган даяр пикирлерди, жоболорду, цифраларды үстүрт жаттап, билип алуу, көкүрөктөн кайнап чыгуучу менчик ойлорунун тоңуп калышы жана шек санатпаган маңыроо ээрчимеликке” [136] каршы турган, кандай шарт болсо да өзүнүн жеке көз карашын билдире алган жарандык коомду тарбиялоо, алардын адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосун калыптандыруу болуп эсептелет. Б.Исаковдун альтернативдүү адабий билим берүүсүн колдоп, биз кыргыз эли калыптандырган адабий мурастар аркылуу адабий-эстетикалык эле эмес, патриоттук тарбия берүүгө да мүмкүн экендигин

далилдөөгө аракет кылган учурларыбыз [20] бар. Бирок, азыркы реалдуу турмуш чындыгы, андагы адабий билим берүүнүн натыйжалары көрсөтүп тургандай, бул аракеттер кыргыз адабияты боюнча коомдук-социалдык турмуш талап кылып турган билимди бере албай жатканыбыз анык. Тагыраак айтканда, адабий билим берүү, кыргыз адабияты боюнча адистерди кесиптик ишмердүүлүккө тарбиялоо багытында жакынкы жылдарда да бир топ окуу программалары чыгып, адабиятчылар өздөрүнүн көз караштарын билдиришкени менен алар коомдук-социалдык талаптарды аткара албай келе жатканын чындык үчүн белгилеп коюуга тийишпиз. Маселен, жакынкы жылдарда Б.Акматов жана К.Даутовдун “Адабият таанууга киришүү” [25] жана “Кыргыз адабий сыны: тарыхы жана теориясы” [26] боюнча типтүү программалары, К.Абакиров, Б.Байсабаев жана А.Медетовдун “Манастаануу” [2] типтүү программасы, ж. б. окуу процессин уюштуруучу программалар сунушталып, анда “адабий-теориялык билимди, адабият таанууга киришүү, адабият теориясы илимий окуу китептериндеги орус адабиятынын таасиринде жазылган илимий-теориялык ойлорду түп-тамырынан жаңылоо, кыргыз адабиятынын баскан жолун да кайрадан илимий талдоодон өткөрүү зарылдыгын күн тартибине коюуда. Мында негизги адабий-теориялык түшүнүктөрдү орус адабиятынын тарыхый баскан жолунда далай “...измдерди” басып өткөн “өзөгүнөн” чыгарып, андай “измдерди” көрбөгөн кыргыздын көркөм-эстетикалык маданиятынын алкагында кароо менен талдоо жүргүзүү, б. а. кандай адабият болбосун улуттук мүнөзгө ээ экендигин башкы планга алып чыгуу маселеси” [26] каралганы менен кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө өздөрүнүн чыныгы миссиясын аткара алышкан жок. Ошондой эле жакынкы жылдарда жаңыча мазмун менен иштелип чыккан О.Ибраимовдун 2 томдон турган “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” [129,130] окуу китеби, Д.Асакееванын “Адабият теориясы” [14] окуу куралы, ж. б. окуулуктар бүгүнкү күн талап кылган кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүнүн керектөөсүн канааттандыра албай тургандыгы ачык байкалды. Көрсө адабий билим берүүдө кетирилип жаткан мындай кемчилдиктердин болушу кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн мазмунунда эмес, анын азыркы заманга шайкеш келе албай жаткан методологиялык негизинде экенин биз дүйнөлүк кесиптик билим берүүдө аныкталган эки баскычтуу

(бакалавриат жана магистратура) система менен таанышкан соң аныктадык. Ал эми Россияда адабият сабагы боюнча өткөн кылымда окутулуп келе жаткан сабактардын толук кириши алардын кредиттик технологияда кантип жана кандай менен студентке сунушталып жатканы боюнча да тактоону талап кыла тургандыгын көрсөтөт. Жогорку кесиптик билим берүүдө магистратура менен бакалавриаттык негизги билим берүү программасында (НББПда) кескин айырма болбогондуктан, тескерисинче алар бирин экинчиси толуктап тургандыктан, кесипке даярдоо мүмкүнчүлүктөрү белгилүү бир жалпылыкка ээ болгондуктан, аларды компетентүүлүккө негиздеп окутууга таандык бардык жагдайларды эске алуу менен анализдөөгө аракеттенели.

Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүү стандарттары менен Россия башында турган КМШнын курамына кирген өлкөлөрдөгү үчүнчү муундагы стандарттарынын ортосунда белгилүү бир жакындыктар бар экенин айтпай кетүүгө болбойт. Бул, биринчиден, коомдук-социалдык кызыкчылыктардын жогорку кесиптик билим берүүгө койгон талаптарынын бирдейлигинен болсо, экинчиси – дүйнөлүк билим алууга карата алган багыттын окшоштугу болуп санала тургандыгын бизге чейин эле кыргыз окумуштуулары [111,112] белгилешкен. Дүйнөлүк билимдерди интеграциялоо зарылдыгы канчалык күч алса да, ар бир мамлекеттин ички өзгөчөлүгүн аныктоочу критерийлер да боло тургандыгын [150] эске алсак, ал филологиялык жогорку кесиптик билим берүүдө өзгөчө улуттук тил менен анын адабиятын окутуудан, бул багытта адистикти даярдоодон даана көрүнөт. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу жогорку кесиптик билимге ээ болгон адистердин инсандыгын калыптандырууда өзгөчө анын субъектилик касиеттерине доо келтирбей, тескерисинче мына ошол касиеттерди өнүктүрүү менен бардык кырдаалда өз алдынча туура чечим кабыл алып, ошол эле мезгилде жаңылбай тургандай баамчылдыгын, сергек сезимталдыгын өстүрүүгө жетише алган баалуу сапаттардын ээ болушуна максаттангандыктан, мындай талаптар теориялык жана практикалык мазмунда кандай чечилип жаткандыгын билүү жогоруда аталган окуу басылмаларына талдоо жүргүзүүдөн гана аныкталганы турат. Мындай пикирге келүүгө аргасыз кылган себеп учурда адистерди даярдоого бет алган окуу процесстерин, анда колдонулуп жаткан окуу программаларын (силлабустарды),

окутуу методдору менен формаларын терең изилдеген илимий-практикалык изилдөөлөрдүн жоктугу себеп болууда.

Азыркы мезгилде Россиялык басмалардан чыккан окуулуктардын бардыгы федералдык жогорку кесиптик билим берүүнүн талаптарына жараша министрликтин уруксаты менен чыккандыктан, алардын бардыгы тең сунушталган компетенцияларга ылайык натыйжага – компетенттүү адиске карата коюлган жөндөмгө жооп бере турган деңгээлге ээ деп эсептөөгө болот. Алардын айрымдарында окуу китебин окуп, аны *окуу процессинде толук өздөштүргөн студент эмнелерди билип, кайсыларды аткарууга көнүгүп, кандай билимге ээ болушу так көрсөтүлсө*, кээ бирлеринде филолог-адис ээлик кыла турган компетенциялар жөн гана белгиленет. Буга мисал келтире турган болсок, маселен Л.М.Крупчановдун жалпы редакциясында жарыкка чыккан “Адабият таанууга киришүү” окуулугунда кесипкөй адис кандай компетенцияларга ээ болушу “В результате изучения базовой части учебника бакаларв должен: **знать** – *1) предмет, цели и задачи литературоведения; 2) формулировки, определяющие историю литературы; 3) теорию литературы и литературную критику; 4) вспомогательные и смежные дисциплины, а также их функции;* **уметь** – *1) различать художественный и нехудожественный тексты; 2) проводить первичную обработку и систематизацию художественного текста;* **владеть** – *1) литературоведческой терминологией и понятийным аппаратом литературоведческой науки; 2) общей литературой вопроса, ее исходными понятиями”* [87] деп белгиленет. Бир караганда кесипкөй филолог-адис ээлик кыла турган ачык белгиленип жаткандай көрүнгөнү менен берилген түшүнүктөргө талдоо жүргүзө келгенде орто билим берүүчү мекемелердин окуучуларына коюлган компетенциялардан айырмаланбай калгандай таасир калтырат. Тагыраак айтканда, адабияттын жана адабият таануу илиминин максат-милдеттери эмне, предмети кайсы экендиги жөнүндө маалыматтар адабият боюнча сабактарда XX кылымдын 40-жылдарынан бери эле айтылып келе жатканы белгилүү эмеспи. Экинчиден, орто мектептин жогорку класстарынын биринде окуган окуучулардын кимиси болбосун (мейли ал адабиятка кызыкпаса да), көркөм текстти башка тексттерден айырмалап бере ала келе жаткандыгы анык. Үчүнчүдөн, адабиятка тиешелүү түшүнүк менен

терминдер боюнча маалыматты окуучу башталгыч класстардан тартып эле ала баштагандыгын эсепке алсак, анда жогорку ксиптик билим алып жаткан адистен ушул сыяктуу компетенцияларды талап кылууну кантип түшүнүп, кандай түшүндүрсө болот. Эгер азыркы учурдагы жогорку кесиптик билим берүүнү ушундай жалпы компетенциялар менен өлчөй турган болсок, анда филологиялык билим берүүнү компетенттүүлүккө негиздөөнүн кандай зарылдыгы болушу мүмкүн. Анын себебин издеп көргөндө жогорку кесиптик билим берүү стандарттарында белгиленген компетенциялар да, ага негизделип окутууну сунуштаган компетенттүүлүк парадигмасы, б. а. КМШ өлкөлөрү кабыл алган документ – стандарттын концепциясы башка өнүккөн өлкөлөр басып өткөн тарыхый-социалдык кырдаалдарда иштелип, анан даяр түрүндө (макет формасында) кабыл алынгандыктан келип чыкканы ачык көрүнөт. Мындай даяр формада мыйзамдуу кабыл алынган компетенциялардын теориялык мазмуну, практикалык иш чараларга таандык болгон усулдук табияты илимий-методикалык жактан терең изилдөөгө муктаж экендигин айкындап турат.

Ааламдашуу процессинин акырындап дүйнөдөгү бардык мамлекеттерди кучагына алып бара жатышы, жарандардын үзгүлтүксүз билим алуусуна аргасыз кылган көйгөйлөр, билимдин күн санап жаңыруусу, чечиле турган маселеге карата көп түрдүү көз караштын болушу, кайсы кесипте болбосун адистин кесипкөй чеберчилигин талап кылган көйгөйлөрдүн кескин көбөйүшү, проблемага карай адистин оригиналдуу жана сергек ой жорумун күткөн кырдаалдардын жогорулашы башка жогорку кесиптик билим берүүдөй азыр филолог-бакалаврлардан “кысталышта жол таап кеткен” изденгич адис болушун талап кылганы жашыруун эмес. Демек, өнүккөн өлкөлөр өздөрү аныктаган компетенциялар жана ага негизделип окутуу концепциясы менен кризистен чыккан болсо, андай кырдаалга туш болуп жаткан КМШ өлкөлөрү өнүгүү жолун аныктаган документти ошол турушунда макет катары кандай кабыл алса, ал жерде берилген проблеманы чечүү жолдорун – компетенцияларды толуктоолор менен кабылдоо зарылдыгы мыйзамченемдүү көрүнүш.

Педагогикалык процесс - татаал кубулуш, ал көп жылдаган илимий-педагогикалык изилдөөлөрдү баштан өткөрүү аркылуу аныкталган илимий-

практикалык баалуулуктарга ээ боло тургандыгын эсепке алсак, анда биз азыр кеп кылып жаткан окуулуктарда мындай мүчүлүштүктөрдүн болушу объективдүү болуп саналат. Андай сырттан көчүрүп келген "объективдүүлүктөр" өлкө ичинде сөзсүз терең түшүнбөөчүлүктөр жана аны кабылдап өздөштүрүүдө коомдук-социалдык кыйынчыктар жана тике каршы чыгуучу пикирлер менен коштоло тургандыгы анык. Жарык көргөн окуу китептерин менен окуу куралдарын педагогикалык-дидактикалык, методикалык талаптардан улам караганда бул багытта бир топ иш чаралар аткарылып, б. а. окуу процессинде иш-тажрыйбалар жүргүзүп, анын натыйжасында колдонула баштаган окуулуктардын ортосунда айырмачылыктар кездеше калып жаткандыгы байкалат. Ырас, жогоруда аталган окуу басылмаларын салыштырып караганда, өткөн кылымдагы билим берүү формасынан алыс кете албаган, бакаларвиат баскычында дегени менен жаңыча окутуу формаларына, ык-усулдарына анча көңүл бура бербегендери деле кездешет. Болгону ал окуу басылмаларында маалыматтар бүгүнкү күндүн талаптары менен берилгендиктен, б. а. азыркы мезгилде маанилүү орунда турган фактылы-материалдарды ичине камтыгандыгы менен студенттерди өзүнө тартып тургандыгын жокко чыгара албайбыз. Ал эми окуу китептин түзүлүшү, маалыматтардын жайгаштырылышы, баяндоо стили, фактыга анализ берүү формасы боюнча мындай окуулуктар XX кылымдын 70 - 90-жылдардагы абалында тургандыгы талашсыз.

Ошондой структурага ээ болгон окуу куралдары көбүнесе адабияттын тарыхы, адабий процесс жана көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү, адабият таанууга киришүү жана адабият теориясына байланыштуу илимий-теориялык маалыматтарды бергендердин арасында арбын экендигин көрөбүз. Эгер студентке авторлор тарабынан иштелип чыккан даяр маалыматтар берилип, ал эми ал маалыматтар менен таанышууну же ошол фактыларды билип коюунун өзүн билим катары кабылдоо компетенттүүлүккө негиздеп окутуу концепциясына туура келбей тургандыгын эсепке алсак, анда бул окуу басылмаларынын түзүлүшүн, маалыматтарды жайгаштыруу формасын кандайча кабыл алып, окуулуктардын методикалык баалуулугун кандай түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө болот. Ырас, жогоруда аталган көпчүлүк окуулуктар студент окуп билүүгө тийиш болгон фактылы-

материалдарды жайгаштырууда өткөн кылымдардан бери калыптанган форманы тандап алгандыктан, азыркы кесипкөй филолог-адисти калыптандыруучу методикалык “аппараттын” керектигин эске албагандыгы байкалат. Тагыраак айтканда, бүгүнкү билим алып жаткан адиске аныкталып бүткөн даяр материалды эмес, ал өзү аныктап туурасына жете турган факты-материалдарды сунуштоо зарыл болсо, орус окумуштуулары тарабынан иштелип чыккан окуу басылмаларында мындай сапаттык белгилер жетишсиз болуп саналат.

Экинчиден, азыркы компенеттүүлүккө негиздеп билим берүү концепциясы боюнча окуу китебинин автору да, аны окутуп жаткан окутуу-профессор да студентке сунушталып жаткан факты-материалга карата жеке байкоолорун, ал тургай көп жылдар изилдеп аныктаган көз карашын чындык ушул деп таңуулай албайт. Анткени, илим-билимдин кескин жаңылануусу, маалыматтардын көп түрдүүлүгү жашап маалда алардын кайсынысы туура экендиги билим алып жаткан адистин бир гана өзү аргументтештирүү аркылуу жыйынтыкка келет да, андан жаралган ойлорун субъективдүү көз караш, проблемага жооп берүүдө анын жеке позициясы катары коомчулукка сунуштай алат. Азыркы компенеттүүлүккө негиздеп билим берүү концепциясы боюнча алганда окуу басылмалары студентке даяр иштелип чыккан теориялык ой жорумдарды эмес, ар бир студент ойлонууга мажбур болгон кырдаалдарды түзүп, анын ар бирин өз алдынча далилдеп көрүүчү жагдайды сунуштап, анан аны далилдөө үчүн бир нече көз караштарды салыштырууга, алардын кайсынысы туура экендигин өзү таап, аныктоого аргасыздык жараткан педагогикалык же илимий-методикалык “аппараттар” менен камсыз болушу керек эле.

Үчүнчүдөн, окуулуктарды сунуштаган окумуштуулардын дээрлик бардыгы XX кылымдын 50 – 60-жылдарынан тарта илимий-теориялык иштер менен алектенгендигин эске алсак, алар өздөрү жараткан окуу китептерин азыркы компетенттүүлүккө негиздеп окутуу концепциясына канчалык ылайыктабасын баары бир факты-материалга илимий-практикалык анализ берүүдө мурдатан калыптанган ойлоо формасына алдырып жибергени байкалат. Мисал келтирсек, ушундай көрүнүштү редакциясында педагогикалык багытта филологиялык билим берүүгө арналып жазылган В.Д.Черняктын жалпы редакциясында жарык көргөн

“Риторикадан” [226], В.Е Хализевдин “Адабият теориясы” [225] окуу китебинен, М.М.Голубковдун “XX кылымдагы орус адабий сынынын тарыхы (1920 – 1990-жж.)” [102] окуу куралынан, В.И.Тюптун “Көркөм текстке талдоосунан” [251] жана И.В.Фоменконун “Практикалык поэтика” [255] аттуу окуулугунан кездештирүүгө болот.

Төртүнчүдөн, эки баскычтуу деп жогорку кесиптик билим берүүнү шарттуу түрдө экиге бөлүп койгону менен алардын бири-биринен кесиптик кандай айырмачылыгы боло тургандыгын, өзгөчө жалпы гуманитардык жана педагогикалык багыттарда алар кайсы сабактарды окуу боюнча өзгөчөлүккө ээ болоору стандартта ачыкталып жазылбаганы окуу китептеринен тышкары окуу процессин уюштурууга да белгилүү кыйынчылык түзүшү мүмкүн экендиги айкын сезилет. Россия Федерациясы жогорку кесиптик билим берүүдө биринчи баскыч болгон бакалавриатта өлкөдө мурда калыптанган “таза филологиялык” касиетти сактаганын көрөбүз. Ал эми мындай көрүнүш филологиялык багыттагы жогорку кесиптик билим берүүгө карата болуп жаткан коомдук-социалдык турмуштагы инсандык кызыкчылыктар менен жогорку кесиптик билим берүүдө дипломго ээ болгон адистик билимдин ортосунда кескин айырмачылыкты түзүп жаткандай таасир калтырат. Реалдуу турмуштун өзүндө өтө маанилүү бул эки факторду жогорку кесиптик билим берүүдө интеграциялоо үчүн Кыргызстанда, ошондой эле жалпы КМШ өлкөлөрүндө макет түрүндө кабыл алынган стандартта, сунушталган кредиттик технология да акыркы натыйжа катары көрүнүүчү билимдин мазмунун аныктоочу категория бар болсо, анда алар сөзсүз окуу процессинде да, аны уюштуруп турган окуу программалары (силлабустар) менен окуу китептеринде, окуу куралдары менен университеттер өзү аныктаган окуу-методикалык комплексттерде ар бир дисциплинанын, ал тургай ар бир иш чаранын түпкү натыйжасын айкындоочу компетенциялар экени көрүнүүгө тийиш. Ырас, алар толук иштелип чыгыш үчүн европалык өнүккөн мамлекеттер басып өткөндөй бул факторлорду изилдөөгө жетиштүү убакыт керек. Мисалы, В.П.Мещеряковдун жалпы редакциясында “Педагогикалык билим берүүгө” арналып жазылган “Адабият таанууга киришүү. Адабият теориясынын негиздери” [90] аттуу окуу китебинде компетенциялар “ – способен использовать систематизированные

теоретические и практические знание гуманитарных, социальных и экономических наук при решении социальных и профессиональных задач (ОПК-2); - готов к литературоведческому анализу текстов с учетом знаний об уровневой системе литературы в единстве содержания и формы (СК-8)” [90] деп ынанымдуу берилет. Албетте, жогорку кесиптик билим берүүгө ээ болуп жаткан адис адабияттын жана адабият таануу илиминин предметин, максат-милдеттерин, ага тиешелүү түйүндүү сөздөрдү, түшүнүк-терминдерди билбей калышы акылга сыйбаган көрүнүш экендиги анык. Демек, аларды билүүнө окуу китебиндеги башкы компетенциялар катары чагылдыруу окуу китебине аброй алып келбей тургандыгы турулуу иш болсо, авторлор окуулуктун кадырын арттыруу үчүн башка компетенцияларды камтыганы таасирдүү болоорун биз ушул окуу китебине таянуу менен айта алабыз. Аны окуу китебинен алынган төмөнкү сүйлөмдөрдү окуганда түшүнүктүү болот. “...**уметь:** - применять полученные знания и умения в процессе теоретической и практической деятельности в области литературоведения; **владеть** – основными методологическими подходами в сфере литературоведения” [90]. Бул жерде берилген түшүнүктөрдүн айырмасы окуп билим алган ээ боло турган компетенциялардын мазмунун, ал зарылдыгына жараша кандай ишмердүүлүктөргө ээ болушу субъекти тарабынан каралат да, талап анын өз алдынча аракеттене алган аракетине басым коюп жаткандыгын туюндуруп турат.

Мындан тышкары Н.Д.Тамарченконун редакциясында жазылган “Адабият териясы” [249] аттуу эки томдук окуу куралы да филология багытында бакалавриаттык жогорку кесиптик билим берүүдө студенттердин кесипкөй адистигин арттырууга маанилүү роль ойной турган маселени башкы орунга койгондугу менен баалуу экендигин айтпай коюуга болбойт. Тагыраак айтканда, азыркы мезгилде филолог адистер эле эмес, бардык кесипке ээ болуучу студенттердин көйгөйү өзү тандап алган кесипке тиешелүү кесиптик лексиканын дискурсун билбегендигинде болуп жаткандыгын жашырууга мүмкүндүк жок. Ал эми Н.Д.Тамарченконун редакциясында жазылган “Адабият териясы” адабиятты ишмердүүлүктүн бир түрү катары кабылдоо менен адабият теориясын көркөм-адабий дискурстун теориясы экендигин аныктап, адабий чыгармачылыкка тиешелүү бардык түшүнүктөр менен терминдерди ушул өңүттөн карай

алгандыгында турат. Учурда адабияттан сабак берген мугалимдердин, окутуучу-профессорлордун бардыгына анык белгилүү бир кырдаал бар, ал окуучулардын да, студенттердин да адабиятка, адабият таануу илимине жана адабий сынга таандык түйүндүү сөздөрдүн, термин-түшүнүктөрдүн маанисин жеткире биле албагандыгы болуп саналат. Мындай көрүнүш бир гана адабиятка тиешелүү дисциплиналарга мүнөздүү болбостон, азыркы орто жана жогорку кесиптик билим берүү тармактарында окутулуп жаткан бардык сабактарга таандык көйгөй экендиги анык. Н.Д.Тамарченколор баамдагандай учур талабына толук жооп бере турган адистер биринчи кезекте өзү турмушунда же ишинде туш келип жаткан түшүнүктөрдүн маани-мазмунун так ажыратып, анан окуп-үйрөнүп жаткан проблемага карата өз позициясын билдириши коомчулук кесип ээсинен күтүп жаткан акыркы натыйжа экенин белгилесек болот.

Кыргызстанда эки баскычтуу билим берүү эми гана убактылуу стандарттар менен жүзө аша баштагандыктан, анын мыйзамдык негиздери, проблеманы ишке ашыруучу окуу процесси, анда окутууга сунушталган дисциплиналар, студенттерге керек компетецияларды калыптандыруучу окуу пландары менен окуу программалары жаңыдан түптөлө баштагандыгы белгилүү. Азыркы шартта башкы талап келечекте толук кандуу адис болууну каалаган студенттин инсандыгын, өлкөгө адал кызматын арнаган кесипкөйлүгүн канааттандыруу милдети тургандыктан, башка кесиптер сыяктуу эле филолог-бакалаврлардын компетенттүүлүгүн калыптандыруучу принциптерди, категорияларды издөө зарылдыгы коюлууда. Аны биз бул жолду басып өнүккөн өлкөлөрдүн, ошондой эле ушул жолго кирип өнүгүүнүн алгачкы ийгиликтерине жетишип бара жаткан өлкөлөрдүн билим берүү системаларындагы мыйзамдык-укуктук нормативдерди, студентти иш-билги адис катары калыптандыруучу дисциплиналарды, окуу процессин эффективдүү уюштуруу жана билим сапатын жогорулатуу багытында иштелип чыккан мыйзамченемдүү иш тажрыйбаларын, натыйжага ээ болуу касиеттерин аныктай алган компетенцияларын, концептуалдуу окутуу формалары менен ык-усулдарын, окуу программалары менен окуу басылмаларын талдоо жана чыгармачылык менен өздөштүрүү аркылуу чечүү милдети турат.

## 1. 2. Болонья процесси жана эки баскычтуу жогорку окуу жайларында адабият сабактарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун илимий-педагогикалык парадигмасы

Азыркы мезгилде Кыргызстанды дүйнөлүк интеграциядан бөлүп кароого мүмкүн эмес. Анткени ааламдашуу процесси кайсы тарабынан болбосун Кыргыз Республикасын өз кучагына тартып бара жатат. Билим берүү системасы боюнча да ушундай кепти айтса болот. Эгер муну биз жогорку кесиптик билим берүүдө эки баскычтуу стандарттын кабыл алынышына байланыштырсак, ал коомдук-социалдык түзүлүшкө жаңы талаптарын келишинен улам жаралганын айтпай кетүүгө болбойт. Тагыраак айтканда, Кыргызстандын өнүккөн өлкөлөр менен кызматташуусу, кыргызстандык жаштардын өнүккөн өлкөлөргө барып иштешине кам көрүү, өнүккөн өлкөлөрдө билим алган адистердин Кыргызстанга келип, алган кесибинде иш жүргүзүүсү сыяктуу кырдаалдар Кыргызстандагы кесиптик билимди ал өлкөлөр менен инрегрworldны гана шарттабастан, Кыргыз Республикасындагы жарандардын билим деңгээли ошол өнүккөн өлкөлөр талап кыла турган шартта болушун милдеттендире баштады. Ошондуктан, ал социалдык заказ катары эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү системасын турушунда макет түрүндө кабыл алууга аргасыз кылганы анык. Бул макеттин негизинде Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүү классификаторунун түзүлүшү, анын мыйзамдык талаптарына ылайык стандарттардын иштелип чыгышы, ал стандарттар аркылуу окуу процессин уюштуруу иштери менен өлкөдө маселе чечилип калган жок. Ал өзү менен кошо коомдук түзүлүшкө жаңы проблемаларды жаратып, ошол эле мезгилде ал проблемаларды чечүүнү талап кылууга киришти.

Жаңы мазмундагы жогорку кесиптик билим берүү стандарттарынын ишке кириши билим берүүнүн түзүлүшүн гана өзгөртпөстөн, анын мазмунун түп-тамырынан жаңылоо маселесин дагы күн тартибине койду. Ал эми эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү өлкөдө буга чейин жашап келген адистештирүү саясатын реформалоодо бул багытта дүйнөлүк коомчулукта болуп жаткан реалдуу аракеттерге таянууга, б. а. Болонья келишиминде аныкталган жогорку кесиптик билим берүү парадигмасына негизделүүгө, кесиптик билимди дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринде жүзөгө ашып жаткан эреже-мыйзамдарга интеграцияланышы

керектигин аныктады. Мында негизги багыт кесипке даярдоонун массалык-репродуктивдүү вариантынан ар бир жарандын адистешүүсүнө жеке чыгармачылык менен мамиле кылып, өзүн-өзү калыптандыруусуна, кесипкөй дараметин өстүрүп кайра даярдоого, үзгүлтүксүз билим алып турууга, квалификациясын жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзүүгө бурулду. Анын негизги талабы ар бир жаранды башкы планга коюп, жогорку кесиптик билим берүүнү ошол жарандын инсандыгына багыттоону, ал эми кесипкөйлүгүн бирдиктүү европалык билим берүү мейкиндигинде аныкталган шарттарга туура келтирүүгө, кесипке ээ кылуучу акыркы натыйжаны компетенцияларга таянып ишке ашырууга милдеттендирди. Ырас, талаптар коомдук-социалдык кызыкчылыктардан келип чыкканы менен Болонья процессинде кабыл алынган стандарттарды реализациялоо ар бир өлкөнүн менталдык өзгөчөлүгүнө ылайык ишке ашырылышы керектигин жокко чыгара албады. Мунун өзү эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү концепциясын кабылдоодо мамлекеттин ички бөтөнчөлүгүн, буга чейин колдонулуп келген кесиптик билим берүүнүн табиятын, өлкө ичиндеги жогорку билим берүү системасын талдоодон өткөрүп, анын дүйнөлүк глобалдашуудагы ордун, натыйжага ээ болуучу перспективаларын эске алуу зарылдыгы менен коштолуп келет. Ошол эле мезгилде Болонья келишими аныктаган дүйнөлүк билим берүү мейкиндигиндеги (МОП) калыптануучу төмөнкү тенденциялардын жөнгө салынышын көзөмөлдөө зарылдыгында турат. Алар:

1) улуттук жогорку кесиптик билим берүүнү бирдиктүү дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин (МОП) калыптанышынын негизги тенденциясы болгон билим берүүнү интернационалдаштыруу жана интеграциялоо;

2) өлкөнүн өнүгүүсүн постиндустриалдык коомчулукка өткөрүү менен жогорку кесиптик билим берүүнү информатизациялоо жана экологиялаштыруу;

3) жалпы планетардык кризисти жеңүү үчүн билим берүүнүн негизги тенденциясы катары билим берүүнү культурологиялаштыруу, аны ар бир өлкөнүн гуманитардык жактан өнүгүш концепциясы катары таануу;

Булардан тышкары Болонья келишими жогорку кесиптик билим берүүнү рыноктук мамилелерге өткөрүүнү талап кылгандыктан, Кыргызстандагы эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүнү ишке киргизүүдө анын

парадигмасынын өзөгүн түзгөн төмөнкүдөй реформалык багыттарды да эске алуусу маанилүү экендиги да ачык көрүнөт. Алар:

а) Үзгүлтүксүз билим берүү – коомдук-социалдык кырдаалдардын ушунчалык тездик менен жаңылануусу, колдонулуп жаткан маалыматтардын тез эскириши, рационалдуу ойлордун, алгылыктуу көз караштардын социалдык кызыкчылыктарды канааттандырууга карата кескин алмашуусу прогрессчил адам баласынын билимин жаңылап жана толуктап турууга карата муктаждыкты камсыздоо;

б) Билим берүүнү гуманизациялоо – билим берүүнү инсанга багыттоо, рынок шартында инсан өзүн билим менен социалдык жактан коргоого шарт түзүү, бардык билимди жарандын жакшы жана жетиштүү жашап кетүүсүнө ылайыктоо болуп саналат.

Ырас, жогорку кесиптик билим берүүнү гумандаштыруу азыркы мезгилде кырдаалга ылайык көптөгөн милдеттерди өз ичине ала тургандыгын да Болонья келишими аныктаган болсо, ал учурда адистерди даярдоодо бир нече пункттарда иш чаралардын аткарылышын бардык өлкөлөрдөн талап кылып келет. Тагыраак айтканда, Болонья келишими ага кирген мамлекеттер же бул процессти кабылдаган кайсы өлкө болбосун милдеттүү аткаруу үчүн критерийлерди иштеп чыккан, алар төмөнкүлөр болуп саналат:

1 Билим жана тарбия берүүнү гуманитаризациялоо, б. а. жогорку деңгээлдеги кесипкөй адис болуу үчүн кайсы мамлекетте болбосун студент азыркы мезгилдеги гуманитардык илимдерден – эстетикалык, этикалык, экономикалык, экологиялык, укуктук жана кесиптик-коммуникативдик базаны түзгөн, моралдык-психологиялык климатка ээ “гуматитардык чөйрөдө” билим жана тарбия алуусу;

2. Билим берүүнү фундаментализациялоо, б. а. жалпы билим берүү компоненттерин өнүккөн өлкөлөрдүн деңгээлине алып чыгуу, кесиптик билим берүүнүн профилдик даярдоосун кеңейтүү, алдыңкы педагогикалык технологияны колдонуп инсандык-социалдык ишмердүүлүккө багытталган окутууну уюштуруу, илимий жана метологиялык даярдыгын күчөтүү, билим алуунун принциптерин модулдук окууга карай өзгөртүүгө ээ болуу;

3. Билим берүүнү демократиялаштыруу, б. а. билим алуунун мазмунун демократиялык принциптерге негиздөө, окутуучу менен студенттин кызматташуусунда тең укуктуулукту камсыздоо, менчиктин түрүнө карабастан, билим алуудагы кызматташуунун демократиялык механизмдерин жетекчиликке алуу, билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөөдө студенттердин өзүн-өзү башкаруусун күчөтүү;

4. Билим берүүнү жана илимди интеграциялоо, б. а. жогорку окуу жайда билимди өнүктүрүү аркылуу кадрлардын кесиптик даярдыгын жогорулатуу, өлкө ичинде жана эл аралык конкуренцияга туруштук бере ала турган адистерди даярдоо үчүн жаңы инновациялык кесиптик ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү;

5. Билим берүүнү стандартизациялоо, б. а. билим алуунун сапаттык параметрлерин камсыздоо үчүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын аныктоо, бүтүрүүчү ээ боло турган билимдин деңгээлин аныктоочу жана анын квалификациясына баа берүүчү дүйнөлүк мазмунга ээ билим сапатын айкындоо;

6. Билим берүүнү регионализациялоо, б. а. ар бир мамлекеттин өзгөчөлүгүн, мамлекет ичиндеги белгилүү бир аймактын бөтөнчөлүгүн, ал аймактын билимге, ошондой эле адиске карата керектөөсүн эске алуу менен билим берүүнүн мазмунун өзгөртүү, ага ылайык окуу пландарынын, окуу жүгүнүн индивиалдуу сапатын сактоо;

7. Билим берүүнүн коопсуздугун сактоо, б. а. өлкө туруктуу өнүгүш үчүн жогорку кесиптик билим берүүнүн мазмунун инсандын өзүн өнүктүрүү (интеллектуалдык, эрктик, эмоционалдык, ж. б. сфераларда) позициясына карата жаңылоо, окутуу технологиясын дайыма инновациялап туруу, эмгек рыногун мониторингдөө аркылуу элдин билимдүүлүгүн жогорулатуу, географиялык шартка, социалдык жана экономикалык кызыкчылыктарга карата кадрларды даярдоо, региондун жана өлкөнүн өсүш перспективаларына карай жогорку кесиптик билим берүүнү аныктоо;

8. Билим берүүнү компьютерлештирүү, б. а. азыркы маалымат технологиясын билим берүүгө пайдалануу, жогорку ылдамдыктагы каналдарды жана интернет булактарын кесиптик билим берүүнүн актуалдуу маселелерин чечүүгө колдонуу,

компьютердик технологиянын негизинде илимий-практикалык изилдөө иштерин уюштуруу;

Ушул критерийлер эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүдө адистиктерди калыптандыруу багытындагы стандартта эле эмес, орто, атайын адистештирилген орто жана үчүнчү баскыч катары кабыл алынган докторлорду даярдоодо эске алына тургандыгы белгиленген. Демек, Болонья келишиминдеги талаптар боюнча окуу иштерин уюштурууну каалаган кайсы окуу жай болбосун өзүнүн окуу-методикалык ишмердүүлүгүн мына ушул жакка буруу керектиги ачык көрүнөт. Ошондой эле Болонья келишими кандай билим берүү болбосун рынок экономикасына ыңгайлашуусун, дайыма конкуренцияны эсепке алуу аркылуу аракеттенүүсүн бул процесске кирген окуу жайларга эскертип келет. Мындай көрүнүш жаңы муундагы окуу стандарттары белгилегендей, мурда калыптанып бүткөн салттуу окутуу системасынан айырмаланып, билим берүүнүн ийкемдүүлүгүн (1), модулдуулугун (2), технологияга негизделгендигин (3), илимий-теориялык, илимий-практикалык маалымдуулукту кеңири камтыгандыгын (4), социалдык тең укуктуулугун (5) жана мунун баарын жөнгө салып турган рынок шартында алдыңкы орунга чыгуу талабын жетекчиликке алууга тийиш экендигин аныктайт. Демек, билим берүүгө карата дүйнөлүк конкуренция кайсы өлкөдө болбосун билим берүүнү модернизациялоого, б. а. рынок шартына туруштук бере ала турган жөндөмдүү адистин үлгүсүн аныктоочу концептуалдуу шарттардын бирдей болушун жөнгө сала турган компетенцияларды алып чыккан десек болот. Ал компетенциялар дүйнөлүк педагогика илиминде далай фундаменталдуу изилдөөлөрдөн кийин жаралгандыгы анык. Алар азыркы билим берүү стандарттарында (буга эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү стандарттары да кирет) “негизги компетенциялар” катары аныкталганга чейин жарым кылымдан ашык калыптануу жолун басып өткөнүн айтпай коюуга болбойт. Орус окумуштуусу И. А. Зимняя изилдөөсүндө [125] боюнча компетенцияларга негизделүү, б. а. «компетенттүүлүк подходу» үч этапты басып өтүп, анан азыр баары колдонуп жаткан деңгээлге келип жеткендигин белгилейт. Компетенттүүлүк подходунун негизги максаты билим берүүнүн сапатын камсыздоо болгондуктан, анын мазмунунда кандай гана билим болбосун

натыйжага жетүү пландаштырылып, мындай пландаштыруу акырындап билим берүүнүн саясатына айланган. Ал болсо өз кезегинде модернизациялоо стратегиясын түзүп, бирин экинчиси менен байланыштырып турган негизги түшүнүктөрдү көңүл борборуна алып чыга алган Ал түшүнүктөр “негизги компетенттүүлүк” («ключевые компетентности») деген терминдин алкагында билим сапатын аныктоого ээ болгон. Ал эми компетенттүүлүктүн мазмунунда билимдерди интеграциялай ала турган табияты аныкталып, ал педагогика илиминде өзүнчө категория катары табылып, адистик интеллектуалдуулукту түзүүчү билим берүүнү жөнгө салуучу катары көрүнө алган. Ошондой эле компетенттүүлүк кесипке ээ болгон адистин субъектилик табиятын аныктоочу сапаттык белги катары көрүнө баштагандыктан, ага окумуштуулар бир гана кесиптик жактан эмес, социалдык, психологиялык жана интеллектуалдык, ж. б. аспектиден да мамиле кылууга киришкен.

Психологдордун арасынан В.В.Давыдов, П.Я.Гальперин, В.Д.Шадриков, П.М.Эрдниев, И.С.Якиманскаялар компетенттүүлүк подходду билимди, көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү жалпылоону өздөштүрүүчү ишмердүүлүк катары караса, В.И.Байденко, И.А.Зимняя, Г.И.Ибрагимов, А.М.Новиков, М.В.Пожарская, С.Е.Шишова, А.В.Хуторскойлор [262] кесиптик билим берүүнү жаңылоонун өзгөчө бир сапаты катары аныктап келишүүдө. ЮНЕСКОнун материалдарына таянсак, Европлык Кеңеш тарабынан 1996-жылы киргизилген “негизги компетенциялар («ключевые компетенции») түшүнүгү билим берүү күткөн натыйжаларды туюндуруу менен бирге өз ичине демократиялык коомду сактоо, мультилингвизмди өнүктүрүү, экономикалык кайра өзгөрүүлөргө ылайык эмгек рыногунун талаптарын аткарууга карата жөндөмдүүлүктү да түшүндүрө баштаган.

Окуу процесси аркылуу аталган түшүнүктөрдү жөнгө салуу аракети педагогика илиминде окумуштуулар арасында бирдиктүү концептуалдуу көз карашты пайда кылып, ал өз кезегинде адистешүүгү зарыл иш-билгини окуп-үйрөнүүгө сунушталган ар бир дисциплинаны илимий-практикалык жактан жетектеп туруучу компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы керектигин ачыкка чыгарды. Ошондуктан адистик билим берүү процессинин өзгөргөнүнө

байланыштуу анын парадигмасы да жаңыланууга тийиш экендигин бир ооздон белгиленүүдө. Ошондой эле бул терминди колдонгон окумуштуулар тарабынан “парадигма” педагогикалык процессте жана ал процесске илимий-теориялык баа берүүчү педагогикалык чөйрөдө эмне маанини бере тургандыгын тактап алуу маселесин да көтөрүшкөн. Мисалы, Т.Кундун аныктамасы боюнча “парадигма” термини “...всю совокупность убеждений, ценностей, технических средств и т.д., которая характерна для членов данного сообщества” [153] же болбосо “илимий коомчулуктун мүчөлөрүн бириктирип турган жалпылыктар” [153] болуп саналат. Бул жерде айтылган ойлор жалпысынан туура болгону менен ага азыркы мезгил талап кылган түшүндүрмөлөр да кошулганын байкоого болот.

Т. Кундун “парадигмы дают ученым не только план деятельности, но также указывают и некоторые направления, существенные для реализации плана” [153/143] дегениндей, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы КМШнын курамына кирген өлкөлөрдүн учурдагы билим берүү саясатын, жогорку окуу жайларынын өнүгүш багытын өнүктүрүүгө ылайыкташып жаралган мыйзамдарды, көйгөйлөрдү жоюуга болгон аракеттерди да туюндурган бир бүтүн түшүнүк катары айтылып келет. Тагыраак айтканда, “парадигма” түшүнүгү аркылуу азыркы мезгилде окумуштуулар өздөрүнүн изилдөө багыттарын аныктоочу пландарын гана көрсөтпөстөн, максатташ, же көз караштары туура келген иштиктүү ишмердүүлүктөрүн ошол пландарга байланыштырып ишке ашырууну сунуш кылууга ээ болуп жаткандыгын көрөбүз. Социолог К. Бейлинин аныктамасы боюнча “парадигма – изилдөөчү дүйнөнү караган менталдык терезе (mental window)” [85] деген образдуулук менен түшүндүрүлүп, анын мазмунунда кесипке ээ болуучу адисти социалдык жактан калыптандыруучу бардык концепттер орун алат. Ырас, ал концепттер рынок шартында кесипке карата коюлган талаптарды изилдөөдөн, жарандарды адистештирүүдө билим берүү тармактары эске ала турган шарттарды үйрөнүп-билүүдөн пайда болгон натыйжага жетүүчү максат-милдет жана окутуу мазмундарына айланган бирдиктүү номенклатуралык аныктамалар – адиске иш-билгини адат катары калыптандыруучу иерархия, б. а. окуу процессин уюштуруу жана аны текшерип баалоонун теориялык жактан негизделиши - парадигма катары кабыл алына баштаган. Кыргызстанда деле “парадигма” ушул

түшүнүктөрдүн алкагында туруп, учурда билим берүү тармактарындагы өзгөрүүлөрдү – ааламдашуу процессиндеги адамдын социалдык кызыкчылыктарын канааттандыруу (1), таанып-билүүсүн жана жүрүм-турумун дүйнөлүк социалдык өзгөрүүлөргө ыңгайлаштыруу (2), инсандык сапаттарды калыптандырууда коомдук-социалдык жаңылануулар менен илимдеги жетишкендиктерди интеграциялоо (3), адамзат түзгөн баалуулуктарды өз боюна сиңирген инсандык феноменге жетүү натыйжасы (4) катары көрүнөт.

Башка жогорку эки баскычтуу кесиптик билим берүүлөрдөй эле филологиялык багыттагы окуу стандартын жүзөгө ашырууда, анда сунушталган дисциплиналарды окутууда деле “парадигма” түшүнүгү ушул маанилик касиетин сактап турат. Тагыраак айтканда, филологиялык багыттагы окуу стандартындагы адабиятка тиешелүү сабактардын негизги мазмуну компетенттүүлүккө негизделген парадигмада түзүлүп, натыйжага жетүүдө Болонья келишими аныктаган “негизги компетенциялар” («ключевые компетенции») менен “профессионалдык компетенцияларды” («профессиональные компетенции») жетекчиликке алып иш жүргүзүү максатын көздөйт. Ырас, компетенттүүлүк парадигмасы жогорку кесиптик билим берүүдө коомчулуктун ошол кесипке карата социалдык керектөөсүн эске алуу менен ишти уюштурууга максаттангандыктан, филологиялык багыттагы жогорку кесиптик билим берүү ошол мамлекеттеги коомдук-социалдык кызыкчылыктардан, өзгөчө филологиялык билимге болгон рыноктук талаптардан мамиле кылгандыгын айтпай кетүүгө болбойт. Рынок шарты азыркы жогорку кесиптик билим берүүдө мурда кездешпеген адистиктерди жараткандай эле кээ бир кесиптердин түп орду менен жок болушуна алып келди. Азыркы мезгилдеги рынок шартында бардык билим биринчи кезекте жарандын материалдык керектөөсүн канааттандыруу талабынан келип чыккандыктан, филологиялык багытта эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү эле эмес, инсандын рухий дүйнөсүн толук калыптандыруучу, же адамдын күнүмдүк керектөөсү үчүн зарыл болгон орто билимдин мазмунунда турган дисциплиналардын арасындагы ролу боюнча адабияттын кадыр-баркы төмөндөп баратканы байкалат.

Совет мезгилинде идеологиялык иштерди жөнгө салуучу, коммунисттик саясатты элге жайылтуучу кесиптердин бири катары зор кадыр-баркка ээ болуп, ал тургай өз алдынча адабий сынчы, акын, жазуучулар институтта кадр катары даярдалып (М.Горкий атындагы адабият институту эске алынып жатат), анда негизги басым адабиятка бурулуп келген болсо, кесиптик билим берүүгө карай рынок талабынын келиши филология жаатында адабияттын ролун төмөндөттү. Тескерисинче, Болонья келишими аркылуу билим берүүнүн рыноктук шартына ылайык тилдин коммуникативдүү эл аралык байланышты камсыздай алган статусунун жогорулашы филологиялык кесиптик билим берүүдө лингвистика жана колдонмо лингвистиканын өзүнчө адистик болушун шарттады. Ал эми, ар бир кесиптин эл аралык категорияларын аныктоочу мультилингвистиканын орун алышы тилди үйрөнүүнү билим алуудагы өзүнчө компетенция катары кабылдоо менен компетенттүүлүк парадигмасында адабий баалуулуктарды өздөштүрүүнү маданият таануудагы (культурологиялык) эстетикалык компетенция катары караса, адабий тексттерди үйрөнүүнү көпчүлүк мезгилде тилди колдонуу практикасына ээ болууда көнүгүүнү ишке ашыруучу каражаттардын бири сымал мамиле кылууга өттү.

Эл аралык деңгээлге чыгууну каалаган КМШ өлкөлөрүндө жалпысынан филология деп аталганы менен жарандык кызыкчылык лингвистика, колдонмо лингвистика жана компьютердик лингвистикага артып, мындай кесиптик билим берүү стандарттарында адабиятка бөлүнгөн кредиттик сааттар рыноктук керектөө муктаждыгына карата кескин азайып, анын натыйжасында адабий процессти өздөштүрүү (1), көркөм чыгармачылыктын ролун аңдаштыруу (2), адабият теориясын жана тарыхын таанып билүү талаптары (3) жоголуп баратканы байкалат. Аталган өлкөлөрдүн ичинде түзүлгөн кырдаалга таянсак, филологиялык багытта эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүдө сунушталган компетенцияларга ылайык филолог адис адабий процесстеги диахрондук жана синхрондук өзгөрүүлөрдү (1), коомдук-социалдык турмуштагы көркөм чыгармачылыктын ролун (2), адамзат калыптандырган искусстводо адабий баалуулуктарды айырмалап түшүнүү үчүн (3) адабият теориясын жана тарыхын таанып **БИЛҮҮгө** (знать) мүмкүндүгүн аныктай алса да, аларды **КОЛДОНО АЛУУга** (уметь) талант-шыгы

барлар гана жөндөмдүү болгондуктан, адабият боюнча дисциплиналарды рынок шартына ылайыктай албай келет. Ал эми жарандар **ЭЭЛИК КЫЛУУга** (владеть) тийиш болгон адабияттык билим боюнча натыйжа компетенттүү адиске карата коюлган иш-билгиликти шарттуу түрдө аткарып келе жаткандай таасир калтырат. Анткени учурда жогорку билимдүү филолог адистерди даярдоодо компетенттүүлүк парадигмасы төмөнкү багыттарда иш жүргүзүүнү талап кылат.

1) Адабиятты компетенттүүлүктүн негизинде окутуу студентке адабият боюнча илимий-теориялык жана практикалык мазмунда маалыматтарды берүү менен гана чектелбестен, окуу-методикалык системасына адабий билимди өнүктүрүүнүн жана колдоно билүүнүн заманбап технологиясын пайдалануу аркылуу маданият таануучулук (культурологиялык) функциясына карата, адабиятты дүйнөлүк жана улуттук маданиятка таандык процессти үйрөтүү каражаты катары окутуу милдетин дайыма аткарууга тийиш. Антпесе улуттук жана дүйнөлүк адабиятты билүү чеги адабиятты окутууда маданият таанууга (анын ичинде этномаданий өзгөчөлүктөрү) таандык компетенцияларды өнүктүрүү албай калышы мүмкүн. Тагыраак айтканда, ал студентке улуттук адабиятка тиешелүү “картинаны” элестетип берүү үчүн адабий-эстетикалык көркөм дөөлөттөрдү салыштырууга, адабияттын улуттук мүнөзүн аныктоочу бирдиктерин типологиялык планда башка адабий баалуулуктар менен салыштырып үйрөтүүгө милдеттүү экендиги байкалат.

2) Адабиятты профессионалдык деңгээлде билүү компетенциялары менен адабий баалуулуктардын негизинде жаранга маданият таануу компетенцияларын калыптандыруу максаттары бирдей эмес. Бирок адабиятты компетенттүүлүккө негиздеп окутуу адабий-көркөм чыгармачылыкты таанып билүүдө, улуттук колоритти аныктаган элдин жашоосу үчүн мүнөздүү белгилер менен жалпы адамзаттык жүрүм-турумдарга жана реалийлерге талдоо жүргүзүүдө стереотиптер (муну билүү бардык жарандарга тиешелүү болсо) жана автордук индивидуалдуу чеберчиликтерди айырмалап (бул адабиятчылар гана билүүгө тийиш) үйрөтүүдө мастер класстарды уюштурууга аргасыз экени ачык көрүнөт. Дүйнөлүк кесиптик билим берүүдө искусство таануу, жеке чыгармачылыкты өздөштүрүү багытында театр, кино, башка жана кесиптерге адистерди даярдоодо колдонулуп келе жаткан

мындай мастер-класстар адабиятты окутууга да таандык болушу керектиги, аны улуттук адабиятты толук өздөштүрүү үчүн иштеп чыгуу зарылдыгы белгилүү болуп отурат.

3) Бүгүн жогорку окуу жайларына эки баскычтуу билим берүүдөгү окутуу системасы кирип, ал жогорку кесиптик билим берүү тармактарын модернизациялоону илимий-практикалык изилдөө иштеринен баштоо керектигин айкындады. Мында филология багытындагы эки баскычтуу кесиптик билим берүүнүн жаңы стандартына ылайык адабият боюнча жаңы концепцияларын даярдоо - окула турган дисциплиналардын силлабустарын түзүп чыгуу, анын негизинде окуу китептердин жаңы үлгүлөрүн окуу процессине сунуштоо, б. а. жаңы шартка жараша адабий билим берүүнүн максат-милдеттерин, окутуудан алынуучу натыйжаларды, окутуунун инновациялык формаларын, кредиттик технологияга туура келе турган баалоо системасын иштеп чыгуу, окутуунун кредиттик технологиясын жөнгө салуучу окутуучу адистердин илимий деңгээлдерин жаңылоо, ж. б. маселени чечүү зарыл экендигин көрсөттү. Адабий билим берүүнү компетенттүүлүк парадигмасына өткөрүү - студент менен окутуучунун ролунун жана функциясынын өзгөрүшүнө, келечекте конкуренцияга туруштук бера ала турган кесипкөй кадрларды даярдоо боюнча силлабустардын (жумушчу программалардын) мазмундук жактан жаңырышын (1), окуу планынын, ага ылайык окутуу технологиясынын мазмундук жана формалык жактан жаңыланышын (2), өзгөчө окуу китептери менен окуу куралдарынын сапаты аталган багыттагы билим берүү стандартынын талаптарына жооп беришин (3), - эң башкысы кесиптикке карата коюлган чен-өлчөмдөрдүн траекториясынын өзгөрүшүн “тилеп келет”.

4) Болонья келишиминде көрсөтүлгөндөй, филологиялык багытта эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүдөгү компетенттүүлүк парадигмасы адабий билим берүү системасынын аккредитациялануусун ар бир жогорку окуу жайдан талап кылмакчы. Бул компетенттүүлүккө негизделген окутуунун кредиттик технологиясын кабыл алуу же ишке ашыруу эле эмес, азыркы кесипкөй адиске мүнөздүү болгон “коммуникативдик”, “ тилдик”, “маданият таануу” жана “профессионалдык” өз ич ара бир нече топко компетенциялардын мазмунунда ачылуучу улуттук, ошондой эле эл аралык коммуникативдүүлүктү өз алдынча жана

эркин уюштура алган компетенттүү филологдун мамлекеттер ортосунда аракетке келген долбоорлордо иш жүргүзүүсүнө карай аныкталат. Мындай талап бир гана филологиялык жогорку билим берүү системасында болбостон, ар кандай кесипке ээ болгон адистен талап кыла турган маселелердин бири болуп саналат. Эгер бардык кесипке ээ болгондор мындай компетенциянын талап кылышы филологдук кесипти аркалап, ушул багытта иштеп кетүүнү максаттанган студенттерден аталган компетенцияларды толугу менен өздөштүрүшү үчүн адабий чыгармаларды таанып-билүү контекстинде өзүнүн оозеки жана жазма кебин калыптандыруучу, ар түркүн мазмун жана формага ээ болгон чыгармаларды талдап түшүнүүгө ээ болуучу иш-билгини практикалык жана лабораториялык иштердин системалык жаңычыл инновациялык формаларын аткаруу аркылуу жүзөгө ашырууну милдеттендире тургандыгы анык. Андай окутуу формалары эки баскычтуу кесиптик билим берүүнүн шарттарына ылайык модулдук системада болушун, ошол эле мезгилде ар бир студенттин чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүгө, маселени өз алдынча чече билүүсүн калыптандырууга, б. а. адабий чыгармаларды окутуудагы компетенттүүлүк парадигмасын ушул багытка буруууга милдеттенүүгө тийиш.

5) Жогорку билимге ээ болуучу адис азыркы мезгилдин талаптары боюнча адабият сабагында ага тиешелүү түшүнүк, терминдерден малыматы гана болушу керек эмес. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы адабият сабагында алган маалыматтарын билим катары пайдаланып, өз алдынча уланта ала турган иш-билгини жараткан шыкты калыптандыруучу да болуп саналат. Тагыраак айтканда, филолог адистин кесиптик сапаттарын аныктоочу мындай иш-билги категориялар - профессионалдык компетенциялар деп аталганы менен ал окуу процессинде студентте калыптануучу адабияттын көркөм-адабий семиотикалык табиятын ачып берүүчү дискурстун минимум жана максимум чегин өздөштүрүүсүн милдеттендирүүдө. Ал студентке эки баскычтуу кесиптик билим берүүчү жогорку окуу жайынын эшигин аттаган биринчи күндөн тарта жүргүзүлүүчү адабий иш чаралардын мазмунун адабияттын семиотикалык табиятын аныктоочу окутуу принциптерине негизделүү зарыл экендигин көрсөтүүдө. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасында адабияттын көркөм-адабий семиотикалык табиятын ачып берүүчү дискурсун өздөштүрүү - студенттердин адабий түшүнүктөр

менен сөздөрдү, алардын прикладдык формаларын, синтаксистик курамын коммуникативдүү өз ара байланышта колдоно билүүсүн шарттап, ал өз кезегинде адабий тилдин нормаларын, тилдин грамматикалык тексттик түзүлүштөрүн реалдуу турмуштук шарттарда ылайыктап колдонуусуна, лексикалык каражаттарды троптук маанисине чыгара пайдалануусуна жетишип, тилдик компетенциялар боюнча да адистин иш-билгисин калыптандыра алат.

6) Адабиятты компетенттүүлүк парадигмасында окутуу адабият сабактары аркылуу эне тилдин бардык байлыктарын толугу менен пайдалана билүү гана эмес, учурдун талабынан адабиятты, адабияттык кубулуштарды теориялык жана практикалык жактан таанып-билүүнү да максат кылат, б. а. адабияттын предмети болгон адам жана анын турмушун ар кыл формада, ар түркүн көркөм-эстетикалык мазмунда сүрөттөп бере алган сүрөткерлердин чыгармалары аркылуу реалдуу турмуш чындыгындагы адамдын - социалдык жактан активдүү инсандын психологиялык-эмоционалдык табиятын айырмалап билүү (1), абалга көркөм-эстетикалык мазмунда баа берүү мүмкүнчүлүгүн калыптандыруу (2) да болуп саналат. Адабий билим берүүнүн мазмунун ушул нукта уюштуруу филологиялык багытта жогорку кесиптик билим берүүнүн негизи деп табылган компетенттүүлүк парадигмасынын өзөгүн түзүп турат, б. а. филологиялык билим берүүнүн жаңыланган мазмунунда чагылган компетенциялар окуучу кабылган психологиялык проблемалардан адабий билим берүүнүн контекстинде аталган илимдин илимий-теориялык мазмунун заманбап шартта пайдаланууну милдеттендирет. Адабий билим берүү ар кыл чыгармадагы каармандын көп түрдүү психологиялык табиятын студентке жана окуучуга түшүндүрүп жеткирүү менен өз турмушундагы коммуникативдүү кырдаалда психологиялык абалды өздөштүрүүнүн, өзгөчө аны туура чечүү механизмин таба алган адабий билимге ээ болушуна көмөктөшмөкчү.

7) Адабиятты компетенттүүлүк парадигмасында окутуу адабият боюнча сабактардын мазмунунда студентти субъекти катары таанып билген, алардын ар биринин инсандыгын тааныган, ар кимисинин жеке инсандык табиятына багытталган төмөнкү принциптердин болушун талап кылат: 1) адабий-семиотикалык дискурстун студенттин профессионалдык компетенцияларын

калыптандыруу процесси когнитивдик-интеллектуалдык багытта болушу; 2) студенттердин адабиятка карата шык-талантын эске алуу менен индивидуалдуу мамиле кылуу; 3) студенттердин адабий-семиотикалык дискурсту, адабиятты илимий-теориялык жана практикалык жактан өздөштүрүүдө окуу тажрыйбасын эске алуу; 4) көркөм чыгармаларды, адабий-теориялык изилдөөлөрдү өз алдынча окууну калыптандыруу; 5) адабий түшүнүктөрдү, терминдерди адабий процессти таанып билүүдө интенсивдүү үйрөнүүнү; 7) студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн контекстинде адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү турмуштук керектөөдө маданият таанyучулук компетенция катары пайдалана алуусуна жетишүү, ж. б.

## 1. 3. Адабият сабактарын эки баскычтуу жогорку окуу жайларында окутуу жана компетенттүүлүккө негиздөө принциптери

Эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүгө өтүү башка тармактардай эле филологиялык багытта кесиптик билим берүүгө да жаңы талаптарды койду. Ал биринчи кезекте филолог адистин кесипкөй болушуна карата Болонья келишими аркылуу эл аралык билим берүүнү ишке ашыруу багытында Европа Кеңеши иштеп чыккан компетенттүүлүк парадигмасындагы нормативдерди аткарууну милдеттендирет. Тагырак айтканда, кесипкөй адистин жаңы үлгүсү - реалдуу турмуштук шарттарда чыгармачыл (1), максатына жетүү үчүн дайыма күрөшө билген энциклопедиялык билимге ээ (2), глобалдуу ойлонуусу менен айырмаланган (3), азыркы илимий-техникалык жетишкендиктерден маалыматы бар (4), илимий технологияны практикада колдоно алган (5), таза адеп-алактык менен жүргөн (6), кесиптик ишмердүүлүгүндө изденгич (7), полимаданий баалуулуктарды сыйлаган (8), коммуникативдүүлүгү менен көзгө толумдуу (9) инсандын облигин берип турат. Ушул үлгүдөн алганда кесипкөй филолог жогоруда аталган сапаттык белгилерден тышкары дүйнөлүк көркөм-адабий баалуулуктарды бирин-биринен айырмалай билген (а), адабият теориясынын методологиясын, андагы агымдардын концептуалдуу айырмасын ажырата алган (б), улуттук адабий-эстетикалык дөөлөттөрдүн мазмунун өзүнөн кийинки муунга аздектеп жеткирген мекенчил (в) да болушу керек. Ошондой эле азыр кайсы кесип болбосун бир мамлекеттин чеги

менен өлчөөгө болбой калгандыктан, филолог адистин (кайсы тилди окуганына карабастан) мультилингвистикалык чөйрөнү элестетүүсүн, б. а. эл аралык катнаштын куралы болгон бир же бир нече тилди өздөштүрүүсүн коомдук-социалдык кырдаал талап кылып отурат. Мындай билим филолог адиске полимаданий баалуулуктарды жакындан таанып билүү үчүн эмес, эл аралык деңгээлде өз кесиби боюнча кандай иштер жүрүп жатканынан маалыматы болушу үчүн, маалымат технологиясын жеке ишмердүүлүгүндө чыгармачыл менен колдоно алуу талаптарын жүзөгө ашыруу зарылдыгы менен түшүндүрүлөт. Анткени, азыркы шартта мамлекеттик билим берүү стандарты аныктагандай эл аралык пикирлешүү кызматын аткарган чет тилдерди билүү маданий аралык байланыштарды уюштуруучу компетентиянын каражаты катары орун алуу менен бирге филолог адистердин кесиптик ишмердүүлүгү аны толук жөнгө салуучу которуп алуу мүмкүнчүлүгү жогору иш-билгиге (компетенцияларга) да ээ болушун милдеттендирүүдө. Ал эми мындай иш-билгинин (компетенциянын) мазмунунда филологдун жогорку кесипкөйлүк даражасында керек болуучу илимий-теориялык адабияттарды чет тилдерден окуп түшүнүү, гезит-журналдарга чыккан макала-пикирлер менен таанышуусу, маалымат каражаттары менен кызматташуусу, иштиктүү келишимдерди түзүп, контракттык формада жазуу жүргүзө алуусу сыяктуу социалдык-кесиптик кызыкчылыктар турат.

Жогорку окуу жайларында адабиятты компетентүүлүк парадигмасына негиздөө канчалык жаңы мазмунга ээ болбосун көркөм-адабий дөөлөттөрдү окутуп-үйрөтүүдө адамзат калыптандырган адабий-теориялык билимдин фундаменталдуу табиятынан алыстап кете албайт. Ошондуктан филолог адистин квалификациясын аныктоочу окуу дисциплиналары баштапкы өзөгүн сактап кала бере тургандыгын айтпай кетүүгө болбойт. Бирок анын компетенттүүлүк парадигмасына ылайык жаңыланган жактары да бар экендигин эскерте кетсек, алар: **А)** Коомдук-саясий, экономикалык-социалдык жана башка факторлорду эсепке алуу менен адистин жаңычыл ойлонуу системасын тарбиялоо, б. а. мезгил талап кылып турган жагдайлардын шартында жаңы окутуу технологиясын аң сезимдүү түрдө кабылдоо (а) жана колдоно алуусуна (б) жетишүү; **Б)** Адис катары коомчулуктун, социалдык чөйрөнүн талаптарына ылайык адабият сабактарынын

мазмунун жана формасын жаңылоо, б. а. окуу материалдарын модулдук системада циклдештирүү (1), анда студенттин социалдык талаптарын, дүйнө таанымына тикелей таасирин тийгизе турган оң жана терс факторлор айкалыштыруу (2), ошол циклге тиешелүү адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү аныктоочу түшүнүктөр менен кубулуштарды аныктоочу критерийлер, идея жана принциптерди табуу (3) жана аны реалдуу турмуштук көрүнүштөр менен байланыштыруу (4), фундаменталдык илимий-теориялык кубулуштарды студенттин жеке долбоорлоосу (5), аны презинтациялоо (6) аркылуу анализден синтезге өтүү (7) методдорун жайылтуу (8), студенттин шык-жөндөмүн ар бир ишти моделдештирүүгө пайдалануу (9) сыяктуу ар бир адабият мугалиминин чыгармачыл аракетине (в) ээ болуу; **В)** Адабий билим берүү аркылуу филолог адистин реалдуу турмушту таанып-билүүчүлүк шартта коммуникативдик, аксиологиялык жана кесиптик ишмердүүлүгүн методологиялык жактан туура ойлонуу маданиятын калыптандыруу, б. а. адабияттын кайсы проблемасын окутпасын компетенттүүлүк парадигмасы кесипкөй филологдун ар кандай нацисттик-диверсиялык, террордук, ж. б. маалыматтарга туура баа берип, өз окуучуларына андай маалыматтарга сергек мамиле кыла алуусуна (г) жетишүү; **Г)** Адистештирүүдө адабий билим берүүгө зарыл керектилүүчү маалымат технологиясын (1) жана анын аксессуардык каражаттарын туура колдонуу маданиятын калыптандыруу (2), б. а. маалымат технологиясы адабий билим алуунун бирден бир булагы экендигин таанып-билүүсү (3), интернет булактарын, онлайн каражаттарын пайдалануу (4) аркылуу студенттин өз алдынча билимин өркүндөтүү, компьютердик технология аркылуу өнүккөн өлкөлөрдө колдонулуп жаткан филологиялык билим берүүнүн мазмунун жана формаларын, рационалдуу ык-усулдарын студенттер менен бирдикте теориялык жана практикалык сабактарда сапаттуу пайдалана алуу чеберчилигине (д) ээ болуу; ж. б.

Адабиятты компетенттүүлүк парадигмасында окутуу маселелеринен алганда маалыматты колдонуу маданияты жаңыдан ишке киргени менен ал филологиялык багытта кесиптик билим берүүнүн адистештирүүчү ишмердүүлүгүндө өзүнүн продуктивдүүлүгү жагынан алдыңкы сапка чыкканын эч бир окумуштуу жокко чыгара албайт. Ошондой эле маалыматтык технологиянын интеллектуалдык мүмкүнчүлүгү (1), маалымат жана билим ресурстарын жыйноо ошондой эле сактоо

касиети (2), маалыматты логикалык жактан бөлүштүрүү (3) жана моделдештирүү (4) сапаты учурда бардык жарандын илимий-теориялык, интеллектуалдык кызыкчылыктарын канааттандыра алат. Эгерде адабиятчы-мугалимдин мүмкүнчүлүгү өз ишмердигинде компьютердик технологияны колдонуу жагынан жогору болсо (е), ал илимий-практикалык ишмердүүлүгүндө адабиятка таандык маселелерди тегерегинде ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк алуу менен бирге студенттин компетенттүүлүгүн эл аралык масштабдагы ой жорумдар менен бекемдей ала тургандыгы турулуу иш.

Компетенттүүлүк парадигмасынын кесиптик багытта адабий билим берүүгө койгон талаптарынын бири - жогоруда аталып өткөн пункттардын аткарылышы аркылуу студент менен мугалимдин кызматташуусун түзүү, аны максат кабылдап, биргелешкен ишмердүүлүктө акыркы натыйжага жетүү болуп саналат. Ал эми окутуу принциптери болсо, ошол максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн белгиленген тартипте кызмат көрсөтүүнү туюндурат. Эки баскычтуу кесиптик билим берүү кабыл алган компетенттүүлүк парадигмасынын окутуу принциптери жок жерден пайда боло калган эмес. Ал тескерисинче көп кылымдап калыптанган, ошондой эле көп жылдык окуу процессинде сындан өтүп, берген натыйжасына карай иштелип чыккан принциптерди жетекчиликке алуу максатын көздөгөн. Биринчи кезекте ал принциптер окутуунун мазмунуна карай тандалып алына тургандыгын эскертсек, окутуунун мазмуну - студентке реалдуу турмушта колдоно алууга мүмкүндүк түзгөн же билим катары өз натыйжасын берүүчү адам баласы топтогон тажрыйбаларды үйрөтүүгө багытталган белгилүү тармактын топтомдору, же болбосо анын бөлүмдөрү болсо, анда принциптер - мугалимдин окутуу жана тарбиялоо процессин долбоорлоо маселесиндеги мыйзамдуу аракеттер экендиги талашсыз. Тагыраак айтканда, окутуу принциптери мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү окуу процессин уюштурууда практикалык иш чараларда жөнгө салуунун илимий-теориялык элестөөсү катары түшүндүрүлүп келет. “Принцип” түшүнүгү (латын тилиндеги «principium» сөзүнөн алынып, кыргыз тилинде “башталыш”, “негиз” дегенди билдирет) мугалимдин практикалык ишмердүүлүгүнөн келип чыккан педагогикалык иш-тажрыйбаларды теориялык жактан (дидактикалык мазмунда) жалпылоону түшүндүрүп, окутуу иштеринин

окуу процесси менен анын максаттарындагы объективдүү мыйзамченемдерин чагылдырып турат. Маселен, Н.Д.Кучугурова: «В современной дидактике принципы обучения рассматриваются как рекомендации, направляющие педагогическую деятельность и учебный процесс в целом, как способы достижения педагогических целей с учетом закономерностей учебного процесса» [154] десе, Т.А.Наумова: "Принцип - это система исходных теоретических положений, руководящих идей и основных требований к проектированию целостного образовательного процесса, вытекающих из установленных психолого-педагогической наукой закономерностей и изучаемых в целях, содержании, педагогических технологиях, деятельности преподавателей и деятельности студентов" [192] деген аныктамасын берет.

Ырас, окутуунун принциптерине карата педагогика илиминде көптөгөн аныктамалар менен жетиштүү түшүндүрмөлөр бар. Ар бир берилген аныктаманын өзүнө ылайык талдоолору, өзүнүн байкоолоруна карай түшүндүрмөлөрү боло тургандыгы анык. Биздин максат алардын классификациясын иликтөө болбогондуктан, мында баарыга түшүнүктүү болгон жагдайларын жана талаш-тартышты туудурбаган жалпы касиеттерине карап бөлүштүргөндөрүнө гана токтолууну чечтик. Ошондой эле компетенттүүлүк парадигмасына басым коюп жаткандыктан, бул жерде филолог студенттердин компенттүүлүгүн калыптандыруучу окутуу принциптеринин сапаттык белгилерине артыкчылык бере тургандыгыбызды алдын ала белгилей кетели. Алар:

- илимийлүүлүк (1) жана жеткиликтүүлүк (2); илимге таянып турмушта кездешкен кыйынчылыктарды жеңе билүүгө мүмкүндүк түзүүчүлүк (посильная трудность);
- мугалимдин кызматташуу ролунда студенттин адабий билимди кабыл алуудагы чыгармачыл активдүүлүгү (3) жана баамчылдыгы (4) (сознательность);
- көрсөтмөлүүлүк (5) жана теориялык ойлоонун өнүгүшү (6);
- системдүүлүк жана окутуунун системалуулугу (7);
- окутуудан өз алдынча билим алууга өтүү (8);
- окууну турмуш менен байланыштыруу (9) жана аны кесиптик ишмердүүлүгүнүн практикасында пайдалануу;

- окутуунун натыйжасынын практикада бекемделиши (10) жана студенттердин таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнүн өсүшү (11);
- билим алуунун жагымдуу эмоционалдуу фон түзүшү (12);
- студенттин индивидуалдуу жөндөмүн эсепке алуу менен окутуунун коллективдүү мүнөзүн аныктоо (13);
- окутууну гумандаштыруу жана гуманитаризациялоо (14);
- окутууну компьютерлештирүү (15);
- адабий билим берүүнүн метапредметтик жана предмет аралык байланышын эсепке алуу менен окутууну интеграциялоо (16);
- окутууда адабий билим берүүнү инновациялоо (17); ж. б.

Компетенттүүлүк парадигмасы жогоруда аталган окутуу принциптеринен тышкары коомдук-социалдык талаптарды эске алуу менен жогорку окуу жайдын эл аралык деңгээлдеги абалына карап, адиске рынок шартында конкуренцияга туруштук бере ала турган мүмкүнчүлүктү калыптандыруучу окутуу принциптерин да сунуштайт. Окутуунун андай принциптери мурда болуп келгендерди синтездөө, учурдагы абалды, кесиптик билим берүүгө карата коюлган инсандын социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын жалпылаштыруу менен жаралган. Ал принциптер төмөнкүлөр болуп саналат:

- эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүдө адабиятты окутууну келечектеги филолог адистин инсандыгынын өнүгүшүнө багыттоо;
- жогорку адабий билим берүүнүн мазмунун илимий-теориялык өнүгүштүн жана орто билим берүүдө жаштарга билим жана тарбия берүүнүн инновациялык технологиясына шайкеш келтирүү;
- жогорку окуу жайындагы окуу процессин уюштурууда жеке, топтук жана тайпалык окутуу формаларын оптималдуу түрдө айкалыштыруу;
- жогорку кесиптеги филолог адистерди даярдоонун ар түрдүү этаптарында жаңычыл окутуу каражаттары менен ык-усулдарын рационалдуу пайдалануу;
- филолог адистердин рынок шартында пайда болуучу конкуренцияга туруштук берүүсүн камсыздоо;
- адабий билим берүүнүн натыйжасын филолог адистердин кесиптик ишмердүүлүгүндө мезгил талап кылган деңгээлине жеткирүү; ж. б.

Компетенттүүлүк парадигмасында жогорку кесиптик билим берүүдөгү окутуу принциптерине гана жаңы мазмунду алып келбестен, ал орто билим берүүнүн максатын натыйжага ээ кылуу үчүн окутуу принциптерин өз ара интеграциялоого, алардын айрымдарын таптакыр четке чыгарып койсо, кээ багыттар боюнча толуктоолорду киргизүүдө. Ошондуктан болсо керек бул маселеге көптөгөн окумуштуулар кайрылып, маселеге карата өз көз караштарын билдирүүгө аракеттенишкен. Маселен, компетенттүүлүк парадигмасында окутуу жана билим берүү принциптерине подход кандай болушу керектигине А.М.Аронов, А.В.Баранников [60], А.Г.Бермус [68], В.А.Болотов [69], И.А.Зимняя [127], Г.Б.Голуб [103], В.В.Краевский [155], О.Е.Лебедев [168], М.В.Рыжаков [224], Ю.Г.Татур [246], И.Д.Фрумин, А.В.Хуторской [263], М.А. Чошанов [268], ж. б. токтолушуп, алар өз эмгектеринде компетенттүүлүктүн азыркы билим берүү шартында кандай мазмунду бере тургандыгын түшүндүрүп, маанисин ачып берүүгө далалат кылышкан.

И.Д.Фрумин көз карашы боюнча компетенттүүлүк парадигмасы “проявляется как обновление содержания образования в ответ на изменяющуюся социально-экономическую реальность” болсо, Л.О.Филатова анын буга чейин болуп көрбөгөн төмөнкүдөй принциптерин бөлүп көрсөтөт:

- “компетентность объединяет в себе интеллектуальную и навыковую составляющую образования;
- понятие компетентности включает не только когнитивную и операционально-технологическую составляющие, но и мотивационную, этическую, социальную и поведенческую;
- оно включает результаты обучения (знания и умения), систему ценностных ориентации, привычки и др.;
- компетентность означает способность мобилизовать полученные знания, умения, опыт и способы поведения в условиях конкретной ситуации, конкретной деятельности;
- в понятии компетентности заложена идеология интерпретации содержания образования, формируемого "от результата" ("стандарт на выходе");” [256].

Ал эми А.Г.Бермустун пикири боюнча компетенттүүлүк парадигмасы азыркы заманга керектүү инсандык сапаттарды калыптандыруу үчүн бардык компетенцияларды билим берүүнүн компоненттери катары кабылдаганы менен системдүү бирдикте, интеграциялык формада жүзөгө ашыруусу зарыл [68]. Ырас, компетенттүүлүк парадигмасы эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуу процессине жаңы кирип жаткандыктан, аны П.Г.Щедровицкий кесиптик ишмердүүлүктү аныктоочу бир атрибут катары караса, А.М.Аронов кесипке даярдоодо педагогикалык ишмердүүлүктүн белгилүү бир бөлүгү деп эсептейт. О.Е.Лебедев компетенттүүлүктү парадигма эмес, подход катары кабыл алат да аныкталбаган кырдаалда аракетке келүүчү жөндөмдүүлүк экендигин далилдөөгө аракеттенсе, М.А.Чошанов компетенттүүлүктү парадигма катары далилдеп келип, «не просто обладание знаниями, а постоянное стремление к их обновлению и использованию в конкретных условиях» [268] деген жыйынтыгын чыгарат. Компетенттүүлүк парадигмасына карата адашуулар, анын түпкү мааниси эмнеде экендигине карай чаташуулар арбын болуп жаткандыгын эсепке алса керек «компетенция» менен «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн айырмалап берүү үчүн А.В.Хуторской төмөнкүдөй аныктама берет: “Компетенция – включает совокупность взаимосвязанных качеств личности (знаний, умений, навыков, способов деятельности), задаваемых по отношению к определенному кругу предметов и процессов, и необходимых для качественной продуктивной деятельности по отношению к ним.

Компетентность – владение, обладание человеком соответствующей компетенцией, включающей его личностное отношение к ней и предмету деятельности” [262]. И.А.Зимняя компетенттүүлүк парадигмасын тереңдетүү жана аны колдоно турган адамдарга түшүнүктүү болушу үчүн «как основывающийся на знаниях, интеллектуально и личностно обусловленный опыт социально-профессиональной жизнедеятельности человека» [124] деген түшүндүрмөлөрдү кошот.

Компетенттүүлүк парадигмасы Кыргызстандагы эки баскычтуу жогорку билим берүүнү жолго коюучу мазмундук жана формалык жаңылануу катары сунушталып жаткан жаңы багыт болгондуктан, филология багытындагы жогорку

кесиптик билим берүүдө жогоруда айтылган көз караштардын бардыгын кабыл алуу менен аны илимий-практикалык иштерде, педагогикалык иш тажрыйбаларда сынап көрүү, алардын көз карашынын канчалык концептуалдуу мазмуну бар экенин практикалык иштерден аныктоо милдети алдыда тургандыгын белгилей кетели.

**1-глава боюнча корутунду**

Бул главада аткарылган иштерди жыйынтыктап төмөнкүдөй корутунду чыгарууга болот:

1) Расмий документ Мамлекеттик стандарттарда эки баскычтуу жогорку билим берүүнү *компетенттүүлүк парадгимасына өткөрүү жөнүндө* кеңири сөз болуп, кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүнүн мазмунунда дүйнөлүк билим берүүгө багыт алуу, жогорку кесиптик билим берүүдө өнүккөн өлкөлөрдө ишке ашып жаткан алдыңкы тажрыйбаларды кабылдоого карата максат-милдеттер аныкталганы менен аны окуу процессине киргизүү толук тактала электиги байкалды. Концептуалдуу көз караштарды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасына негиздөө үчүн окуу процессинде төмөнкү багыттар сөзсүз жетекчиликке алынышы керектиги ачыкка чыкты: а) билим алып жаткан жаранга субъекти катары мамиле кылуу; б) анын инсандыгын сыйлоо аркылуу билим берүүгө аракеттенүү; в) билим жана тарбиялоону ошол жеке адамдын инсандыгына багыттоо; г) ал ким болбосун өзүнүн индивидуалдуу касиеттери жашаган коомдун бир мүчөсү экендигин таануу жана таанытуу; д) кайсы тармак боюнча билим алууга умтулбасын иш-билги (компетенттүү) адис болуп чыгуусуна карай билим берүүнүн нугун буруу; ж. б. критерийлерди ичине алгандыгы болуп саналат.

2) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2012-жылы кабыл алынган компетенциялар – *жалпы илимий* (ЖИК); *инструменталдык* (ИК); *кесиптик* (КК); *социалдык-личносттук жана жалпы маданий* (СЛМК) деп жалпысынан төрт топко бөлүнүп берилет. Бул жогорку кесиптик билим берүүдөгү дүйнөлүк, өзгөчө өнүккөн мамлекеттердеги ири жетишкендиктерге ориентир кылуу башка КМШ өлкөлөрүндөй эле Кыргызстанда да орун алгандыгын айкындайт. Ал жаштардын өнүккөн чет өлкөлөрдө окууга

болгон кызыкчылыгын артышы кесиптик билим берүүнүн максатын жаңылоого, адистик-жарандык калыптануу кызыкчылыгын канааттандырууда жогорку кесиптик билим берүүнү интеграциялоо билимди таанып биле турган "компетенция" (иш-билги) категориялары менен аныктоого гана мүмкүндүк түзөт. Мунун ичинде кыргыз адабияты боюнча сабактар, адабият таанууга киришүү, адабият териясына жана адабий сынга таандык дициплиналар сыртта калбай тургандыгы талашсыз.

3) Жер шарындагы ааламдашуу процесси ар бир жарандын ички кызыкчылыгын белгилүү бир мамлекеттин чегинде кармай албай калган сыяктуу эле алардын филологиялык билимге болгон муктаждыгын да бир өлкөнүн аймагында канааттандыра албастыгы бул багытта билим алып жаткан эле адиске эле эмес, бардык тармактар боюнча филологиялык билим берүүнүн жаңы компетенциялары бар экендигин так жана таасын көрсөттү. Бирок, эки баскычтуу жогорку билим берүү системасына бут коюп, анын ички табиятына мүнөздүү белгилүү бир спецификалык бөтөнчөлүктөрүн ар бир мамлекет ар түрдүү кабыл ала тургандыгы жана жогорку билимдүү филолог адистерди даярдоодо компетенттүүлүк парадигмасы төмөнкү багыттарда иш жүргүзүүнү талап кылаары ачыкка чыкты: 1) адабиятты компетенттүүлүктүн негизинде окутуу студентке адабият боюнча илимий-теориялык жана практикалык мазмунда маалыматтарды берүү менен гана чектелбестен, окуу-методикалык системасына адабий билимди өнүктүрүүнүн жана колдоно билүүнүн заманбап технологиясын пайдалануу аркылуу маданият таануучулук (культурологиялык) функциясына карата, адабиятты дүйнөлүк жана улуттук маданиятка таандык процессти үйрөтүү каражаты катары окутуу милдетин дайыма аткарууга тийиш; 2) Адабиятты профессионалдык деңгээлде билүү компетенциялары адабий-көркөм чыгармачылыкты таанып билүүдө, улуттук колоритти аныктаган элдин жашоосу үчүн мүнөздүү белгилер менен жалпы адамзаттык жүрүм-турумдарга жана реалийлерге талдоо жүргүзүүдө стереотиптер жана автордук индивидуалдуу чеберчиликтерди айырмалап үйрөтүүдө мастер класстарды уюштурууга аргасыз экени ачык көрүнөт; 3) Эки баскычтуу билим берүүдөгү окутуу системасы кирип, ал жогорку кесиптик билим берүү тармактарын модернизациялоону илимий –

практикалык изилдөө иштеринен баштоо керектигин айкындады; 4) Адабий билим берүүнү компетенттүүлүк парадигмасына өткөрүү студент менен окутуучунун ролунун жана функциясынын өзгөрүшүнө, келечекте конкуренцияга туруштук бера ала турган кесипкөй кадрларды даярдоо боюнча силлабустардын (жумушчу программалардын) мазмундук жаңырышын, окуу планынын, ага ылайык окутуу технологиясынын мазмундук жана формалык жактан жаңыланышын, өзгөчө окуу китептери менен окуу куралдарынын сапаты аталган багыттагы билим берүү стандартынын талаптарына жооп беришин милдеттендирүүдө; 5) Ал адабий чыгармалардын контекстинде оозеки жана жазма кебин калыптандыруучу жана ар түркүн мазмун жана формага ээ болгон чыгармаларды талдап түшүнүүгө *практикалык жана лабораториялык иштердин системалык жаңычыл инновациялык формаларын аткарууну* милдеттендире тургандыгы аныктады; 6) Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы адабият сабагында алган маалыматтарын билим катары пайдаланып, өз алдынча уланта ала турган жөндөмдү жараткан шыкты калыптандыруу болуп саналат; ж. б.

4) Филолог адистин кесиптик сапаттарын аныктоочу категориялар - профессионалдык компетенциялар деп аталганы менен ал окуу процессинде студентте калыптануучу адабияттын көркөм-адабий семиотикалык табиятын ачып берүүчү дискурстун минимум жана максимум чегин өздөштүрүп, студенттердин адабий түшүнүктөр менен сөздөрдү, алардын прикладдык формаларын, синтаксистик курамын коммуникативдүү өз ара байланышта колдоно билүүсүн шарттайт.

5) Адабиятты компетенттүүлүк парадигмасында окутуу Кыргызстандагы эки баскычтуу жогорку билим берүүнү жолго коюучу мазмундук жана формалык жаңылануу катары сунушталып жаткан жаңы багыт болгондуктан, филология багытындагы жогорку кесиптик билим берүүдө жогоруда айтылган көз караштардын бардыгын кабыл алуу менен аны илимий-практикалык иштерде, педагогикалык иш тажрыйбаларда сынап көрүү, алардын көз карашынын канчалык концептуалдуу мазмуну бар экенин практикалык иштерден аныктоо милдети алдыда тургандыгын белгилей кетели.

## Глава 2. **Кыргыз тили жана адабияты багытындагы адистердин кыргыз адабияты боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун адабий-педагогикалык маселелери**

### 2. 1. Эки баскычтуу билим берүү системасы жана кыргыз адабияты боюнча предметтерди компетенттүүлүккө негиздөөнүн теориялык жана практикалык зарылдыктары

Азыркы XXI кылымдагы билим берүүнүн багыты да, максаты да 1996-жылы ЮНЕСКОнун билим берүү боюнча эл аралык комиссиясы тарабынан уюштурулган "Билим берүү: казынаны ачуу" («Образование: сокрытое сокровище») аттуу жыйында аныкталып [110], Ж. Делор анда салыштырмалуу түрдө "төрт аяк" ("таяныч" маанисинде) – *таанууну үйрөнүү* (научиться познавать), *жасоону үйрөнүү* (научиться делать), *бирге жашоону үйрөнүү* (научиться жить вместе) жана *жашоону үйрөнүү* (научиться жить) деген баары жеткиликтүү түшүнүктөр менен берүүгө аракеттенген. И.А.Зимняянын пикирине таянсак, бул "төрт аяк" Болонья келишимдеги Европалык Кеңеште саясий жана социалдык жактан илимий-теориялык анализге ээ болуп, дүйнөлүк билим берүү системасына "компетенция" жана компетенттүүлүк" терминдери аркылуу сунушталды [127]. Аталган терминдердин мазмуну билим берүү окутуу системасынан коомдук-социалдык түзүлүштөгү заманбап кырдаал талап кылган натыйжага жетүү экендигин да ушул Кеңеш ачыкка чыгарды.

Эгерде Кыргызстанда жаңыдан кабыл алынып жаткан эки баскычтуу билим берүүнүн мазмуну мына ушул талаптарды аткарууга багыт алганын эсепке алсак, анда филологиялык багытта жогорку кесиптик билим берүүнү максаттанган "Кыргыз тили жана адабияты" бакалавриаттык адистиги стандартта сунушталган дисциплиналарды компетенттүүлүккө негиздөөгө карата бир топ теориялык жана практикалык маселелерди чечүү үчүн бир катар иштерди аткаруусу зарыл экендиги ачыкка чыгат. Ырас, проблеманы чечүүнүн мыйзамдык негизи жүзөгө ашып калганын айтпай кетүүгө болбойт, б. а. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү" мыйзамында, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кабыл алынган "Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим

берүү программасына карата убактылуу мамлекеттик талаптарында” филологиялык багытта жогорку кесиптик билим берүүгө максаттанган жогорку окуу жайларынын жоболорунда компетенттүүлүк парадигмасына негиздөөнүн жол-жоболору белгилүү деңгээлде иштелип чыкканы бар. Н. Н. Золототрубова белгилегендей, компетенттүүлүк парадигмасынын келиши мыйзамченемдүүлүк экендиги, анын билим берүүгө карата өзүнчө талаптары боло тургандыгы, мурда билим берүүдө калыптанган “билим-көндүм-адат” формасында иш алып барууга караганда мазмуну кыйла кеңири экендиги, “компетенттүүлүк” өз ичине билимди таанып билүү (когнитивдүү) жана практикалоодон тышкары этикалык, социалдык *жана* жүрүм-турум касиеттерин мотивдештирип үйрөнүүнү жетекчиликке ала тургандыгы туюндурулуп [128], ишти аткаруунун мазмуну ушул багытта түшүндүрүлүүдө. Мыйзамдык чегинен алганда мунун баары жалпы түшүнүктөр боло тургандыгы белгилүү. Анткени, билим берүү ишмердүүлүгүнүн максаты кандай да болбосун өсүп келе жаткан муунга мурда калыптанган, практикадан өткөн билим аркылуу иш-билги, көндүмдөрдү калыптандыруу болуп саналат. Мында П. Я. Гальпериндин билим берүүдө аксиомага айлаган төмөнкү сөздөрү эске түшөт, б. а. ал өзүнүн алдына койгон: “адам эмне үчүн окуйт?” жана ага өзү: “кандайдыр бир нерсени жасоо үчүн; аны жасоону билүү үчүн; аны кантип жасай турганын үйрөнүү үчүн” деген жообунда берилген ойлорду азыркы билим берүү системасы жетектөөсү керек болуп турат.

Азыркы рынок шартында билим берүүгө карата коюлган мындай талаптардан алганда, же адамдын күнүмдүк керектөөсүн башкы планга коюп караганда адабият сабагынын кесип кылууга анча деле зарылдыгы жок экендиги ачыкка чыгат. Т.И.Кленова мындай көрүнүштү ырастап, азыркы жаштар арасында китеп окугандар азайганын, көпчүлүгү ага кеткен убакытты башка кызыкчылыктарга жумшаганды туура көрүшө тургандыгын белгилейт [149]. Бирок ошол эле реалдуу турмуштун өзүндө адабий билимдин жетишсиздигинен улам пайда болгон терс көрүнүштөр экендигин, адабий-эстетикалык табит-түшүнүктөрдүн начардыгынан улам жаштар түрдүү кырдаалга кабылып жатканын реалдуу жашоонун өзү айкындап берүүдө. Мындай терс жагдайлар адабий билим сөзсүз керектигин аныктаса, аны үйрөтүү зарылдыгын коомдук-социалдык чөйрөнү сыртынан бир

караган адам деле байкайт. Анткени, адам баласынын турмушу адабий баалуулуктарды күн сайын керектеп, анын орду канчалык экендигин туюндуруп туруучу кырдаалдарда жашайт. Тагыраак айтканда, адам баласынын өз ара пикирлешүүсүнөн - *көркөм сөз каражаттарын колдоно алуусунан* (1), *карым-катнаш текстин канчалык байланыштырып түзүү чеберчилигинен* (2), *элестүү* (3) жана *жагымдуу сүйлөө маданиятынан* (4), текстте *образдуулукту* кандай деңгээлде *колдоно алуусунан* (5), *монологдук* жана *диалогдук кепти уюштура билүүсүнөн* (6), өз ара талаш-тартыш болгон *дискуссияда оюн так* жана *жеткиликтүү айта алуусунан* (7) адабий-көркөм чыгарманын ролу канчалык экендиги сезилсе, ал эми адам баласынын инсандык рухий маданиятын түзүүдө адабий билим берүүнүн маани-маңызы канчалык болоорун көп кылымдан берүү окуу процессинде жүргөн адабият сабагы ырастап келет. Адабий тексттен алган маалыматы канчалык болсо, реалдуу турмуштук шартта анын баарлашуу чеберчилиги, ойлоонун образдуулугу, ойду жеткире билүү формасынын көп түрдүүлүгү ошончолук боло тургандыгын адабий билим берүүнүн мазмуну эбак эле далилдеп койгон.

Адамды коллективсиз, коомдук-социалдык чөйрөсүз элестете албагандай эле билим берүүнү пикирлешүүсүз, жана ар бир жан дүйнөнү руханий, адабий-эстетикалык дөөлөттөрсүз элестетүү мүмкүн эмес. Маселен, Болонья келишиминин Европалык Кеңеши “төрт аяк” (“четыре стопа”) деп аныктаган түшүнүктөр – *таанууну үйрөнүү* (научиться познавать); *жасоону үйрөнүү* (научиться делать); *бирге жашоону үйрөнүү* (научиться жить вместе); *жашоону үйрөнүү* (научиться жить) адамдардын өз ара пикирлешүүсүз ишке ашпай тургандыгы да анык. Эгер адабий-эстетикалык категориялар жакшы менен жаманды айырмалап үйрөтпөсө, адам баласы бул жашоонун оң менен терсин кантип айырмалап, ар бир нерсенин баалуу жактарын кантип таанып үйрөнө ала тургандыгын элестетүү кыйын. Ошондуктан болуу керек - өнүккөн өлкөлөрдө билим берүү системасы “билим баарлашуу аркылуу, баарлашуу аркылуу билим” деген чакырыктын алдында уюштурулуп жатканы. Бир караганда адабий билим берүү коомдук-социалдык турмушка анча маанилүү салым кошпогондой таасир калтырганы менен жогорку интеллектуалдуу билим деңгээлине ээ болуш үчүн адабий билимдин мазмунунда турган бардык билимди жеткиликтүү түшүнүү жана аны көздүн карегиндей сактап

үйрөнүү милдети тургандыгы анык көрүнөт. Чынын айтканда, адабий баалуулуктарды үйрөнүү бардык мезгилде адамзатты окутуунун бир булагы болуп келгендииги талашсыз болсо да, азыр ал адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү үйрөтүү кандай болушу керектиги, аны кандай жолдор менен кийинки муунга жеткирүү тууралуу маселе күн тартибине коюлган маанилүү проблемалардан болуп турат. "Бул дүйнөдөгү бардык мамлекеттер, ал мамлекеттерге кирген улуттар үчүн да көйгөйлүү маселелерден экендиги белгилүү" [155].

Жалпысынан алганда, кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу дагы ошол татаал жана көп кырдуу көйгөйлөрдүн бири болуп жаткандыгын белгилей кетели. Ырас, Кыргызстан эки баскычтуу кесиптик билим берүү концепциясын кабыл алган соң, филологиялык багытта бакалавриаттык деңгээлде да, магистрдик деңгээлде да билим берүүнүн мазмуну жогоруда белгиленген компетенттүүлүк парадигмасы аркылуу ишке аша тургандыгы анык. Жогорку кесиптик билим берүү программасын жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик талаптарда анын негизги компетенциялары да белгиленип, окуу процесси мына ошол талаптарды аткаруу аркылуу өз иш чараларын жүргүзө тургандыгы да белгилүү [168]. Бирок кеп компетенциялардын же компетенттүүлүк парадигмасынын кабыл алынышында эмес, ошол парадигма республиканын коомдук-социалдык шартында филологиялык кесиптик билим берүүнүн деңгээлин евростандарт аныктаган натыйжага жеткире алуусунда турат. Тагыраак айтканда, Кыргызстанда билим алган филологдор кантип эл аралык конкуренцияга катышып, андан кайсы жолдор менен өз кызыкчылыгын коргоп, кандайча жашап кетүүсүнө, болгондо да өнүккөн өлкөлөрдөгү филологдор менен бирге эмгектенип, алар алган эмгек акыга ээ болуп жашап кетүүсүн натыйжа катары кбылдоо шарты Кыргызстанда филологиялык жогорку кесиптик билим берүүнү кандай компенцияларга негиздеп, анын өзөгүн түзө турган компетенттүүлүк парадигмасын кандай концепцияда жолго коюуну теориялык жана практикалык жактан туура чечүү милдетин талап кылып да жатат. Теориялык жактан адабий билим берүүнү компетенттүүлүк парадигмасына негиздөө мурда калыптанган кыргыз адабияты боюнча сабактардын мазмунун улуттук жана эл аралык көркөм-эстетикалык баалуулуктарды сактап келгендигине ылайык (мурда колдонулуп келген саясатташкан мазмунду алып салуу менен)

гуманизациялоо, А. Н. Дахиндин сөзү менен айтканда окуу процессиндеги педагогикалык мамилелерди демократиялаштыруу, адабий билим берүүнүн мазмунун жаңылоо үчүн окутуунун инновациялык формаларын, ык-усулдарын киргизүү менен ишке ашырууга боло тургандыгы менен түшүндүрүлүп [108] келет. Ал инновациялык мазмун да, ага шайкеш келүүчү окутуу формалары да *мугалим менен студенттин өз ара кызматташуусуна* (1) жаңы философиялык негиз түзүп, анда "*билим алуучуну субъекти катары кароо* (2), билим берүүнү уюштурууда ошол *субъектинин бардык кызыкчылыктарын эске алуу* (3), ар биринин *жарандыгын сыйлоо* (4), билим берүү шартын ар кимисинин *инсандыгына багыттап жөнгө салуу* (5), б. а. окуу процессин инсанга багыттап жүргүзүүнү" [259] башка дисциплиналардай эле адабий билим берүүнүн алдына койду. Анын негизинде педагогика илиминде теориялык планда ишке ашыра турган компетенциялар пайда болду. Алар төмөнкүлөр болуп саналат:

1) Адабий чыгармаларды окуп түшүнүү аркылуу ар бир студент *реалдуу турмушта дайыма кездешип туруучу көркөм* жана адабий чыгармачылыкты *таанып-билүү*, жалпы *гуманитардык баалуулуктарды, этикалык-маданий* жана *эстетикалык-көркөм идеалдарды*, *адамдагы рухий наркты*, *адам баласы аздектеп келген адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү* айырмалап билүү касиеттерин калыптандыруу. Билим берүүнү дүйнөлүк масштабда алганда бул маселелер жалпы көрүнгөнү менен адабий чыгармачылыктын жалпы адамзатка таандык касиеттери менен улутка мүнөздүү сапаттык белгилери боло тургандыгын эске алсак, анда азыркы адабий билим берүү ар бир жарандын ошол *улутка тиешелүү көркөм-эстетикалык наркын*, *улуттук мазмунда баалана турган нарк-насилди*, *улутук адабияттын уникалдуу бөтөнчөлүктөрүн* да түшүнүп баалоо касиетин да инсанга калыптандырууну милдеттенмекчи. Мындай милдет адабий билим берүүдө компетенттүүлүк парадигмасына ылайык таанып-билүү менен чектелбестен, ар бир студент *көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдүн мазмунун айырмалоо* менен *асылдык баалуулукка ээ боло албаган чыгармаларды жеткире түшүндүрө алуучу* иш-билги – компетенцияга ээ болушун адабий билим берүүнүн натыйжасы катары көрүнүшүн талап этет;

2) Ар бир адам өзүнө таандык кайталангыс сапат-белгилерге ээ болгондой эле ар бир улуттун өзүнө гана мүнөздүү чыгармачыл өзгөчөлүгү бар. Алар ошол өзгөчөлүгү аркылуу бири-биринен айырмаланып турат. Адабий билим берүү *нравалык идеалдарга карата, адилеттүүлүк, сулуулук, боорукерлик*, ж. б. *сезим аркылуу таанып аңдаштыруучу кубулуштарды*, *жакшы* менен *жаманды айырмалай билген эстетикалык табитти*, *көркөм* жана *адабий чыгармачылыкка карата адабий-эстетикалык муктаждыкты баалоо категорияларын* жалпы адамзаттык жана улуттук мазмунда өздөштүрүүнү калыптандыруу. Бул жагынан алып караганда кыргыз адабияты жалпы адамзат үчүн уникалдуу мүнөзгө ээ экендигин унутка калтырууга болбойт. Жалпы адамзаттын басып өткөн тарыхый жолунда *көчмөн турмуш болуп келгендиги белгилүү болсо*, "Манас" улуу жомогу башында турган кыргыз адабияты ошол *көчмөн турмуштун бардык цивилизациясын өз боюна сиңирген бирден-бир чыгармачыл дүйнө* болуп саналат. Ырас, азыр дүйнөлүк деңгээлден алганда көчмөн цивилизация өз баасын ала элек, б. а. анын орду байыркы Кытай, байыркы Индия, байыркы Мая, Байыркы Рим, же болбосо грек жана латын маданияттарынын арасында өзүнчө уникалдуу экендигин Кыргызстанда билим алган ар бир жаранга, ошондой эле дүйнө филологдоруна билдирүү милдети турат. Анткени, адабий билим берүү дүйнөдөгү ири жетишкендиктерди көчүрүп келүү гана максатын көздөбөйт, анын билим берүүчүлүк мазмунунда улут калыптандырган адабий баалуулуктарды конкреттүү көркөм чыгармалардын контекстинде үйрөтүү талабы да коюлган. Компетентүүлүк парадигмасы өзүнүн билим берүүчүлүк концепциясында "ар бир жарандын жеке өзүнө таандык бардык касиет белгилерди жоготпой туруп, ошондой эле бардык билим берүү шартында анын жеке инсандыгына доо келтирбей билимди берүү зарыл экендигин аныктаганын" [210/262] эске алсак, адабий билим берүү кандай шарт болсо да билим алып жаткан жарандын улутка таандык касиеттерин ошол турушунда сактоону, анын улутка таандык адеп-ахлактык түшүнүктөрүн өзүндө алып жүрүүсүнө ээ болушун, улуттук калорит катары көрүнгөн салт-санаа, ырым-жырым, сый-урмат, улуттук кадаа түшүнүктөрүн, алардын эстетикалык жана этикалык табиятын көркөм чыгармалардын мазмуну аркылуу баалап-билүүчү иш-билги – компетенциясын калыптандыруу натыйжасын көздөйт;

3) Адабий билим берүү филологиялык билимге ээ кылууда студентти кесиптик жогору билим талап кылган маалыматтар менен камсыз кылуу гана эмес, кандай шартта болбосун компетенттүү окурманды калыптандыруу максатын көздөп келет. Ал эми компетенттүүлүк парадигмасы көркөм чыгарманы окууга карата кызыкчылыкты пайда кылуу менен бирге, көркөм текст мазмунунда камтыган баалуулуктарды окуп түшүнүү аркылуу өздөштүрүүгө, эмоционалдуу кабылдоо маданиятын өнүктүрүүгө, көркөм ойлоонун подтекстинде, образдардын аракетинде, автордук баяндоо чеберчилигинде, өзгөчө улуттук фольклор аркылуу сакталып келе жаткан оң менен терсти айырмалап аңдаштыра билүү темпераментинин туура жана ырааттуу калыптануусун милдеттендирет. Ар бир улуттук адабий-көркөм ойлоонун өзгөчө табияты жарандын мекенчилдик сезимдерин тарбиялоодо, "этномаданий дөөлөттөрдүн улуттук жана адамзаттык деңгээлде бааланууучу адеп-ахлактык, социо-этикалык категорияларын түшүнүү" [263] иш-билги – компетенциясы азыркы адабий билим берүүнүн зарыл компоненттеринин бири катары көрүнөт; ж. б.

Бул талаптар адабий билим берүүнүн теориялык мазмунун аныктай тургандыгы далай замандардан бери белгилүү. Ал эми аны компетенттүүлүк парадигмасында ишке ашыруу үчүн филология багытында жогорку кесиптик билим берүү процесси практикалык жактан чече турган зарыл маселелер бар экендигин эскертели. Анткени ар бир концепциянын теориялык мазмунуна жараша практикалык багытта аткара турган жол-жоболору болоору анык. Эгерде мугалимди окуу процессин уюштура турган "ээси" десек, анда мугалим өз кесибинин мазмундук аракетин аныктоочу педагогикалык мамилелерди демократиялаштыруусу - андай жаңылануу ал аракетке келтирген ар бир иш чарада көрүнүп турушун камсыздоочу сабактын уюштурулушунан тартып, акыркы натыйжага ээ болгонго чейинки окуу процессинде логикалык операцияларды (талдоо, салыштыруу, синтез, жалпылоо, ж. б.) пайдалануусу, көркөм чыгармаларды анализдөө текстке талдоо жүргүзүүнүн (окуу – кабылдоо – түшүнүү – аңдаштыруу – турмуш менен байланыштырып анализ жасоо – интерпретациялоо – окуганына, билгенине жеке көз карашында туруп баа берүү) *көп аспекттүү* (турмушуна керек) иш-билги, көндүмдөрүн студентте калыптандыруусу менен

түшүндүрүлөт. Демек, окуу процесси сабактын мазмуну менен бирге анын студентке жеткирүү формасынын практикалык жактан өзгөрүүсүн да талап кылмакчы.

Азыркы окуу процессине байкоо салганда студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн жетишсиздиги ачык байкалат. Көбүнесе ал студенттин практикалык иш жүргүзүүсүнө мугалим тарабынан чыгармачыл аркеттенүүсүнө эркиндик берилбегендиги, ошол иш аткаруу маалында анын натыйжасы кандай болуп жатканына устат катары көзөмөл болбогондугу, же мугалимдин сабакты авторитардык формада уюштурганына байланыштуу экендиги менен түшүндүрүлүп келет. Компетенттүүлүк парадигмасы студенттин "субъекти экендигин таануу, анын да жеке байкоолору, алган маалыматтарына карата өздүк талдоолору болушу мүмкүндүгү мугалим тарабынан бааланышын талап кылат" [243/17]. Мындай мамиле окуу процессинде студенттин кадырын көтөрүү эмес, аны реалдуу турмушта боло турган проблемаларды чечүүгө үйрөтүү, өзгөчө өз алдынча ой жүгүртүп, проблеманы чечүүнүн туура жолун табууга көнүктүрүү болуп эсептелет. Адабий билим берүүдө ал - адабий-теориялык адабияттарды окууга (1), аларды окуганда сынчыл көз караштa мамиле кылууга (2), кеп боло турган объектиге туура баа бере билүүгө (3), көп түрдүү маалыматтан өтө маанилүүсүн айырмалап алууга (4), окуган маалыматтарын салыштырып негиздүүсүн бөлүп көрсөтүүгө (5), натыйжага жетүүнүн оптималдуу жолдорун чыгармачылык менен таба билүүгө (6) үйрөтө турган окутуу формалары, ык-усулдары аркылуу жолго коюлууга тийиш.

Компетенттүүлүк парадигмасы филология багытындагы эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүдөн ар бир студенттин оозеки жана жазуу кебинин эң жогорку деңгээлде калыптануусун талап кылат. Ал азыркы мезгилдеги сабаттуулуктун кескин төмөндөшүн орто жана жогорку билим берүүдө жөнгө салуу, кыргыз тили жана адабиятын коомдук-социалдык турмушта ар тараптуу жана бардык сфера боюнча менен кеңири колдонуу кызыкчылыгын аткаруу милдетин чечүү аркылуу түшүндүрүлөт. Кайсы адис болбосун өзүнүн ишмердүүлүгүн коомдук-социалдык чөйрөдө ишке ашыра тургандыгын эсепке алсак, алардын ар биринин тилди коммуникативдүү колдонуу зарылдыгы

филологиялык билимге карата муктаждыкты бир гана филологдордон талап кылбастан, бардык кесипке ээ болуучулардан талап кылаары ачык көрүнөт. Мындай көрүнүш келечекте филолог болууну каалаган студенттерге карата коюлган талаптарды андан да жогорулатканын айкындап турат. Ал кийин кесипке ээ болгондо “зарыл боло турган оозеки жана жазуу кебинин жогорку деңгээлде калыптануусун, б. а. окуу процесси аркылуу айта турган оюн оозеки жана жазуу түрүндө түшүнүктүү жана ырааттуу бере алуусун, кырдаалга ылайыктап жеке ойлорун далилдүү баяндап берүүсүн, кепти аргументтештирүүсүн, дискуссияга катышуусун, маектешүүнү уюштуруусун, практикалык иштердин бардык түрүндө абалга жараша сүйлөшүүнү жөнгө салуусун, кепти колдонуунун бардык ык-усулдарына ээлик кылуусун” [133/54] милдеттенет, ал эми мындай иш-билги көндүмдөрдү (зарыл компетенцияларды) ар бир жаранга калыптандыруу орто билим берүү мекемелеринде ишке ашуусу керек болсо, анда филолог адистин кесиптик чеберчилиги кандай нукта өсүшүн аталган маселелер көрсөтүп турат.

Азыркы учурдун талабы боюнча оозеки жана жазуу кебине тиешелүү иш-билги көндүмдөр бир гана монологдук жана диалогдук кептик формадан турбайт. Ошондуктан адабий билим берүү окуу процессинде кепти колдонуу зарылдыгына карай *схема түзүүнү* (1), *таблициаларды колдоно билүүнү* (3), *ойду так* (4) жана *таасирдүү жеткирүү* (5) үчүн *презентацияларды сунуштоону* (6), зарылдыгына жараша *түрдүү тематикада тезис жазууну* (7) жана аны *турмушунда колдоно билүүнү* (8) да иш-билги катары калыптандырууга тийиш. Мындай практикалык иштер окуу процессин уюштуруу үчүн гана маанилүү болбостон, башка кесиптин ээлериндей эле филолог адистерди түркүн кырдаалда өзүн-өзү реализациялоосун, болгондо аны чыгармачылык менен ишке ашыруу аркылуу рынок ашртында конкуренцияга туруштук берүүчү иш-аракеттеринин иш-билги адат катары жетишүүсүн шарттамакчы.

Компетенттүүлүк парадигмасы адабий билим берүүнүн практикалык иштеринен филолог адистерде дагы бир артыкча сапаттын болушун талап кылат. Ал окуу процесси аркылуу студенттерде, студент кесипке ээ болгондон кийин *окуучулардын руханий жактан толук жетилүүсүн камсыздай турган иш чараларды уюштуруусун* (а), андай иш чаралардын окуу мезгилинде

уюштурулушунда *жетектөөчүлүк касиетке ээ болушун* (б), адабиятта алган билимдеринин негизинде жаран өмүрүнүн аягына чейин кызмат кылып бере турган *адабий-эстетикалык табиттин калыптанышын* (в), ошол табит аркылуу *айлана-чөйрөсүнө жагымдуу маанай түзүп жашоосун камсыздай турган дүйнө кабылдоону* (г), адабий чыгармалардан алынган тамашалуу окуяларды, юморлорду, зарылдыгына жараша анекдотторду айтып берүүчү *жакшы маекчини* (д), ал үчүн *адабий чыгармаларды талбай окуп жана аны жеткире түшүндүрө билген замандашты* (е) калыптандырууга максаттанган ар бир практикалык иштин туундусунан алынган натыйжаны күтөт.

Ырас мунун баарын мугалимдин монотондуу лекциясы иш жүзүнө ашыра албайт. Компетенттүүлүк парадигмасы адабият боюнча сабак берген мугалимдерден да бир нече илимий-педагогикалык ишмердүүлүктүн бирдей жашашын талап кылат. Анын башкысы адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү аздектөөчү сезимдин болушу менен түшүндүрүлсө, андай сезимди коштоп жүргөн практикалык иш чараларды аткарууда өзүнүн аракеттерин (поступкаларын) адабий-эстетикалык баалуулуктарды урматтоого чакырык сала алган көз караштын, мүнөздүн сөзсүз болушу зарыл. Анткени адабий чыгарма кадим турмуштагыдай адам жана анын турмушундагы түрдүү абалды сюжет аркылуу чагылдырып, анда аракетке келген образдар менен не бир татаал окуяларды сүрөттөп, ал сүрөттөөлөр билим жана тарбия берип жаткан адабиятчыдан кандай кырдаал болбосун туура чечим кабыл алуусун күтүп турат. Албетте, адабий баалуулуктар кандай көп кырдуу болгондой эле анда берилген кырдаалдар, сюжеттик окуялар, эпизоддор жана образдар ошончолук көп түркүн болгону менен адабият мугалими үчүн адамзат калыптандырган адабий-эстетикалык наркта даяр жооптор бар экендиги талашсыз. Бирок адабий билим берүүнү компетенттүүлүк парадигмасына негиздеп окутууга багыт алган адабият мугалими ошол адабий-эстетикалык дөөлөттөргө ориентир алганы менен адабий талдоо жүргүзүүдө жеке позициясында туруп, ар бир проблеманы деталдаштыруу аркылуу кырдаал өзү аныктоочу жагдайларга барып, өзүнүн адабий ойлоо чеберчилигин мурда илимий-теориялык изилдөөлөрдө аныкталган теориялык ойлор менен айкалыштырып, ошол эле мезгилде автордун да, адабий изилдөөчүнүн да кемчил жактарын ачыкка алып чыга алган сынчыл ой

жорумун далилдей алган касиет-сапатка дайыма ээ болушу керек. Мындай сапат компетенттүүлүк парадигмасында адабият мугалимине таандык бир гана касиет болуп саналат да, аны менен дайыма сабак өтүү адабият боюнча өтүлгөн сабакты максатына жеткире албайт.

Экинчиси, адабий чыгарманы көп окуган адам эле адабият мугалими боло албайт. Адабият мугалиминин көркөм ойлоо иш-билги жөндөмү өтө жогору болууга тийиш. Анткени ал адабият сабактарында кыргыз адабиятына таандык окуу материалын гана студенттерге сунуштабастан, ал аркылуу *адабий чыгармачылкта катылган жалпы адабий баалуулуктарды* (а), *алардын багыттарын* (б), *адабий агымдарды* (в), *конкреттүү акын* же *жазуучунун чыгармачылыгына тиешелүү индивидуалдуу сапаттык белгилерди* (г), ошол эле мезгилде *башка улуттук адабияттын баалуу касиеттерин* (д), өзгөчөлүктөрүн айырмалап түшүндүрүп берүүгө милдеттүү. Ошол эле мезгилде адабият мугалими "дүйнөлүк билим берүү системасын кучагына алып келе жаткан полимаданий-эстетикалык (көп маданияттуулукта) билим берүү эрежелерин сактаган педагог болушу" [260] кажет. Себеби, азыркы студенттер толугу менен (совет мезгилиндей) тигил же бул эле көз караштты жактайт деп эч ким кепилдик бере албайт. Ошондой эле сабакта алар ар түркүн көз карашка ээ, ар кыл ишенимдер менен жашаганы мүмкүн экендигин эсепке алсак, анда адабият мугалим плюрализмди жетекчиликке алган, ошол эле мезгилде көркөм чыгарманын идеялык мазмунун, поэтикасын жана сюжеттик-композициялык табиятын түшүндүрүүдө түрдүү позициядан караган (автордук, окурмандык, адабиятчылык, мугалимдик, угуучулук жана сабакты алып баруучулук, ж. б.) инсанга айланышы зарыл. Компетенттүүлүк парадигмасынан алганда адабият мугалими адабий чыгармалар аркылуу адамзат калыптандырган жалпы адабий-эстетикалык көркөм-маданий баалуулуктарды студенттерге жеткирүүчү гана болбостон, ар бир сабакта аны алып жүрүүчү иш-билги жөндөмгө ээ болмоюн азыркы мезгилдеги адабият сабагы максатына жетет деш кыйын болуп калды.

"Кредиттик технология" деген окуу процессине кирген азыркы адабият сабагынын практикалык сапаты мурдагыдай мугалимдин көрсөтмөлүү (показательный) бир сабакты өтүп койгону менен чечилбейт. Буга токтолуп

жатканыбыздын себеби, окутуунун өзү окуп үйрөнүү аркылуу таанып-билүү касиетине айланды, б. а. баштагыдай максат бир сабакка эмес, *студент окуп жаткан предметтен алган натыйжага*, ошол *натыйжа турмушта канчалык маанилүү кызмат аткара алгандыгына, окуу процессинде сунушталган маалымат ар бир студент үчүн турмушта керектелүүчү* иш-билги көндүмдөргө кандай кызмат кыла алганына карай коюлса, ал максатка жетүү ошол эле студенттин филолог адис болгондон кийинки ишмердүүлүгүн ишке ашырууда кандай ийгиликке жете алганы менен бааланмакчы. Демек, адабият мугалиминин “сабагына койгон максаты канчалык кесипкөй болушуна карай аныкталат” [261] десек, анда сабакка максат коюу да өзүнчө зор маанилүү көрүнүш экендигин баамдоого болот.

Кесипкөй жана компетенттүүлүк парадигмасын туура түшүнгөн адабият мугалиминин алдында койгон максатка жетүү үчүн *ар бир сабакты туура уюмдаштырып* (1), реалдуу турмушта филолог адис *муктаж боло турган маселелерди чечүү жолун сабакта пландаштырып* (2), студенттердин *окуу жана таанып-билүү ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүп* (3), *көйгөйдү аныктап* (4), *себептерин көрсөтүп* (5), *студенттер кездеше турган проблемалар кайсылар экендигин* (6) проблемалуу суроолор аркылуу коё билип, алардын өз алдынча, топтошуп жана биргелешип маселе чечүүлөрүнө багыт бере ала турган жана дайыма чыгармачылык менен изденүүчү татаал жол турат. Албетте андай иш чаралардын сабакта аткарылышы үчүн *маалымат технологиясын, компьютердик, аудио* жана *видео аппараттарды колдонуп* (1), *презентацияларды уюштуруп* (2), андай *окутуу ык-усулдарын пайдалануу менен* (3) студенттин чыгармачыл аракетин (а), пландаштыруу мүмкүнчүлүгүн (б), талдоо чеберчилигин (в), өз ара сындоо (г) жана өзүн-өзү сындоо касиеттерин (д), бирин-бири уга билген сабырдуулук (е) менен өз оюн далилдөөдөгү толеранттуулукту (ё) калыптандырышы керек. Өз оюн далилдөө “менин оюм туура” дегендик эмес, ал илимий-теориялык адабияттар, коомчулукту өз боюна оп тартып бара жаткан маалымат булактары менен компьютердик технологияны туура пайдалануу да болуп саналат. Анткени, азыркы студентке айтуу, маалымат берүү жетишсиз, аны ынандыруу зарыл. Ал эми аны ынандыруу, бул - *бир эле проблемага карата айтылган бир нече көз карашты*

*сунуштоо* (1), *алардын алгылыктуу жактарын өзүнчө бөлүп көрсөтүү* (2), ошол эле мезгилде *ар түркүн мазмундагы маалымат булактарын пайдаланууну үйрөтүү* (3) - ал маалыматтарды кантип салыштырууга боло турганына карай иш-билгилерин калыптандыруу - *талдоого алынып жаткан проблеманын тегерегинде айтылган ойлорду топтоо* (а), *өз алдынча салыштыруу* (б*), анык чындык деп тапкан жоопторду талкууга* (в) коюу иш чаралары менен коштолот.

Адабий баалуулуктар студент окуп койгондо эле өздөштүрүлө калбайт. Адабий-эстетикалык нарк-насилдик кадырына жетүү үчүн адабият мугалими *ар бир проблеманы студенттердин талкуусуна коюп* (1), *аныктала турган көркөм чындык менен адабий дөөлөттү коллективдик пикирлешүү кырдаалында тактап* (2), *андай иш чаралардын аткарылышы аркылуу көркөм-адабий тилди кептин түрлөрүнө колдонуу* (3) иш-билги чеберчилигин калыптандырылышын компетенттүүлүк парадигмасы адабият мугалиминин иштөө стили катары тааный тургандыгын белгилей кетели. Анткени, дүйнөлүк коомчулук аныктагандай көпчүлүк жарандар (айрыкча жаштар) кептешүүдө оюн так жана жеткиликтүү түшүндүрө албай калды. Адабият сабагынын реалдуу турмушта бардык жарандар үчүн аткара турган миссиясынын бири дал ушул пикирлешүү маданиятын калыптандыруу болуп эсептелет. Азыркы мезгилдеги жазуу жумуштарынан кеткен каталарды мындай койгондо да маектешүүдө туура эмес суроо берип, же берилген соболго одонно жооп айтып ыңгайсыз калгандар коомчулукта ого эле көп кездешүүдө. Мындай көрүнүш филологдордун өздөрүндө да болуп жатканын жокко чыгара албайбыз. Мунун өзү адабият сабактарын компетенттүүлүк парадигмасына негиздөөдө кыргыз эли байыртан колдонулуп келген чечендик өнөрдү болгондо да адабият предметинин практикалык мазмуну катары окуу зарылдыгын, реалдуу турмушта өз натыйжасын берүүчү - *маектешүүнү кызыктуу* (а) жана *коомчулукка таасирдүү деңгээлде уюштура алган* (б), *оозеки кебин адабий-эстетикалык көркөм дөөлөттөрдүн алкагына жеткирген* (в), *сүйлөшүүдө монологду, диалогду туура пайдаланып* (г), *собол таштоону чеберчиликте, ыгына жараша бере алган* (д), *оозеки* жана *жазуу кебинен кыргыз эли далай кылым түзгөн көркөм сөз каражаттары төгүлүп турган* (е) пикирлешүүнүн нарк-насилин көрсөтүүчү иш-билгини алып чыгуу керек болуп турат.

Компетенттүүлүк парадигмасы окуу процессинде жарандын инсандык касиеттеринин бардыгы толук жетилишин талап кылат. Ал сабакта ар бир студенттин көркөм чыгарманын, тигил же бул акын-жазуучунун окуу программасына кирген чыгармасы качан жарыкка чыккандыгын, же ошол сүрөткердин качан кайсы жерде төрөлгөнүн, ата-теги ким болгону боюнча маалыматтарды билүүнү гана талап кылбастан, окуу ишмердүүлүгүнүн мазмунун ар бир студентке кесипкөй иш-билги көндүмдөрүн калыптандырууга карай өзгөртүү керектигин алдыга коюуда. Тагыраак айтканда, кыргызстандык жаран адабий билим алуу аркылуу азыркы коомго зарыл болуп турган *руханий керектөөсүн дайым канааттандыра турган рухий булакты табышы*, зарылдыгына жараша *дайыма андан азыктанып турушу үчүн маанилүү роль ойногон* жолго ээ болуу маселесин чечүү зарылдыгы көтөрүлүүдө. Анткени азыркы доор илимий-техниканын гана жетишкендиги эмес, карапайым адамдын жашап кетүү мүмкүнчүлүгүн барган сайын рынок шарты менен тарытып бара жаткан, анын натыйжасында кийинки муундар арасында өзүнө ишенүүчүлүк азайып баратканын да көрсөтүп жатат. Көркөм-адабий өнөр, көркөм-адабий дөөлөттөр *адам жана анын турмушун ар тараптуу сүрөттөө аркылуу* ар бир жаран турмушта кандай кыйынчылыктарга туш болуусу мүмкүн экендигин чагылдыра далилдеп, ошондой эле андан чыга албай калган көркөм образ кандай трагедия туш болоорун, ошол эле мезгилде андай кырдаалдан чыгууга кандай жолдор болушу мүмкүндүгүн элестүү окуялар, көркөм образдар менен жеткире баяндап берип келгенин эске алсак, көп кылымдап калыптанган ошол тарбиялоо жол-жоболорун колдонуу зарылдыгы турат. Анткени, андай билим жана тарбия берүү жолдорунда билим алып жаткан студентке көркөм чыгарманы практикалык сабактарда деталдаштырып талдоо аркылуу *руханий* жана *интеллектуалдык байлыгын өстүрүп* (а), *социо-психологиялык маалымдуулугун жогорулатып* (б), турмуштук кырдаалдарда туура багыт таап кетүүгө жөндөмдүү филолог адисти тарбиялоо жана анын өзүн-өзү өнүктүрүп кетүүсүнө шарт азыркы адабий билим берүүнүн иш чараларынын тизмесинен орун алууга тийиш.

Адабият сабагы аныкталган мыйзамдарын үйрөтүү менен чектелген табигый билимдерди окутуучу сабактарга кирбейт, ошондой эле анын объектиси адам жана

анын турмушу болгондуктан, коомдук-социалдык илимдерден айырмаланып турат. Адабият сабагынын мындай өзгөчөлүгү аталган предметте адам турмушунун өткөн мезгили менен бүгүнкү абалын (көркөм чыгарма сүрөттөгөн окуялар менен студенттерди байланыштырууда) тутумдаш кармап окутууга, болгондо да *реалдуу турмушка жаңы келип кирген коомдук-социалдык жаңылануулардын алкагында адабий-эстетикалык маселелерди чечүү* зарылдыгы тургандыктан, адабият мугалими күнүгө китеп окуп, күнүгө изденүү жолунда болушу шарт. Ал эми саат сайын өзгөрүлүп турган азыркы заманда ал адабият мугалими үчүн андан бешбетер керек болуп турат. Мындай талап бир жагынан өзүнүн билимин күн сайын жогорулатып туруу зарылдыгы менен түшүндүрүлсө, экинчи тарабынан филолог адистерге билим алуу өмүрүнүн аягына чейин болушу керектигин, кесипкөй филолог үзгүлтүксүз билим алууга милдеттүү экендигин аң сезимге калыптандыруу, аны адат катары кала берүүсүнө жетишүү милдетин көрсөтөт. Ошондой эле адабият мугалими өзү окутуп жаткан, же окута турган адабият сабагы башка предметтерге түк окшобогон, дайыма адамдын жан дүйнөсүн “изилдеген” сабак экендигин айырмалай билгени маанилүү. Качан гана мугалим сабактын ошондой касиетин таанып-билгенде гана анын өзүнө таандык спецификалык өзгөчөлүгү ачылат. Анткени, адабият сабагы окуу процессинде чечүү, же талдоо үчүн алдына койгон проблема адамдын адеп-ахлактык, руханий, социалдык жана психологиялык жактан керектелүүчү маданиятына түздөн-түз тиешелүү болуу менен бирге жыйынтыгында ар бир студентте ошол сапаттардын орун алышын камсыздап, реалдуу турмушта туш келсе аны чечүү жолдорун калыптандыра алат. Бирок компетенттүүлүк парадигмасы аны окутууну кыйла жаңылоону талап кылуу менен адабият боюнча ар бир сабак студенттин жан дүйнөсүнүн өнүгүүсү туура багыт алышына, өзгөчө өзүнө, анан чөйрөсүнө, андан соң мамлекетине, анан барып жалпы адамзаттык проблемаларга кайдыгер болбой, ар бир студенти пендечилик турмушта кездешкен кыйынчылыкты жеңүүдө *предметтин синкреттик мүнөздөгү табиятын пайдаланып жол таап кетүүсүнө көркөм кабылоону, эстетикалык табитти туура тарбиялоо* милдети турат.

## 2. 2. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарында компетенттүүлүктүн чагылдырылышы жана аны өркүндөтүү жолдору

Кыргызстан жогорку кесиптик билим берүү үчүн дүйнөлүк билим берүү системасында эки баскычтуу – бакаларвиат жана магистратура формасын мыйзамдүү түрдө жаңыдан кабыл алды. Анын формасы жана мазмуну кандай болушу жөнүндөгү мыйзамдык негизи макет түрүндө Кыргыз Республикасынын токтому менен (2011-жылдын 23-августундагы № 496-токтом) сунушталып, анын негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илими министрлиги тарабынан "Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасына карата убактылуу мамлекеттик талаптар" иштелип чыгып, бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бере турган адистерди даярдоо багыттары аныкталды. Анын ичинде "филологиялык билим берүү" (багыты - 550300) деп жалпы алынганы менен республиканын ички жана тышкы кызыкчылыктарын эске алган бир нече тармактарын эки баскычтуу адистерди даярдоого жол ачылды.

"Кыргыз тили жана адабияты" боюнча эки баскычтуу кесиптик билим берүүнү мамлекеттик деңгээлден алып караганда, анын азыркы мезгилдин талаптарына ылайык өнүгүүсү Кыргыз Республикасынын мамлекет атын алып жүргөн келечек муундардын алдында зор жоопкерчилик экендигин түшүндүрүп турат. Кыргызстанда *кыргыз тилинин бөксөрбөй сакталышы* (а), ал тилдин *калк арасында активдүү колдонулушу* (б), бул тилде *улуттук*, *расмий* жана *эл аралык байланыштардын ишке ашырылышы* (в) сыяктуу саясий маселелер менен бирге, **эл** аралык билим берүү менен интеграциялык планда карай турган өтө маанилүү педагогикалык да маселелери бар экендигин айтпай кетүүгө болбойт. Аталган мамлекетте билим алган башка кесиптин ээлериндей эле "Кыргыз тили жана адабияты" боюнча филология багытында окуган жаштар азыркы дүйнөлүк билим берүү системасынын ири жетишкендиктеринен, педагогика илиминдеги илимий-теориялык жана практикалык жактан иштелип чыккан ийгиликтеринен сөзсүз пайдалануусу өлкөнүн билим берүү багытындагы маанилүү маселелерден болуп саналат. *Экинчиден*, филологиялык багытта эки баскычтуу жогорку кесиптин ээси болгон филолог адис бүгүнкү коомдун мүчөсү экендигин эске алсак, ал *кыргыз*

*жаштарына өзүнүн улуттук тилинин көп кырдуу табияты менен ал тилде карым-катнаш жасоо* (а), ушул тилде *иш алып баруунун иш-билги көндүмдөрүн үйрөтө турган* (б) чоң милдетти аркалап келүүдө. Ал эми жарандардын ортосунда жүрүүчү мындай пикирлешүү алардын күнүмдүк керектөөсүн канааттандыруудан тартып, өз эне тилинде турмушуна зарыл болгон бардык маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушун камсыздашын билим берүү тармактарына милдеттендирүүдө. *Үчүнчүдөн*, азыр коомчулукта демократиялык талаптардын кеңири орун алышы менен *адамдардын өз ара мамилелешүүсү ар кимден өзгөчө этикетти, ага шайкеш келген коммуникативдүү түшүнүк-эрежелерди билүүсүн, аны өздөштүрүү вазыйпасын* да билим берүү тармактарына милдеттендирүүдө. Ырас бул көйгөйдү жаш муундар арасында чечүү “адеп” жана “этика” сабактарына милдеттендирилсе, аны жүзөгө ашыруучу адистерди даярдап, жогорку кесиптик билим берүүдө филолог адистердин дагы бир миссиясы катары эсептелүүдө.

Өзгөчө ушул миссиянын компетенттүүлүк парадигмасы менен айкашуусу филологиялык багытта эки баскычтуу билим берүүнүн мазмунун өзгөртүүнү, тилди жана адабиятты окутууда негизги натыйжа филолог адистин билими келечек муундун инсандык табиятын аныктоочу бир нече негизги иш-билги компетенциялар менен байланышкан билим жана тарбиянын окуу процессинде берилишин талап кылууда. Бирок мындай мазмунду эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү багытында иш алып барып жаткан окуу жайлардын көпчүлүгү түшүнө албай жатат. Тагыраак айтканда, ишти убактылуу уюштуруу үчүн окуу стандарттары иштелип чыгып, өндүрүшкө киргизилгени менен аны жетекчиликке алып түзүп жаткан окуу пландары кредиттик технологияга негизделгени менен, ошол кредиттер аркылуу ишке аша турган билим кайсы багытта жана кандай критерийлерди жетекчиликке алып иш алпаруусу дале толук иреттеше элек десек болот. Мындай көрүнүш бардык билим берүү тармактарына мүнөздүү болгондугу, б. а. кесиптик билим берүүнүн бардык тармактарында алардын баары компетенттүүлүк парадигмасын кабыл алганы менен иштин мазмунун аныктоодо жана окуу процессин уюштурууда мурдагы (совет мезгилиндей) критерийлер аркылуу мамиле кылынып жатканы ачык байкалат. Буга оппоненттер эки баскычтуу билим берүү системасы кабыл алынды, кредиттик

технология кирди, бардык сабактар модулдук система менен окутулуп жатат дагы эмне керек деши мүмкүн. Баары туура, бирок компетенттүүлүк парадигмасы алдына койгон максаттардын бири дагы ишке аша элек болуп жатпайбы деген гана жоопту бере алабыз.

Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон тарта кыргыз тилинин, ошондой эле кыргыз адабиятынын кадыры көтөрүлдү. Кыргыз адабий тилине, өзгөчө көркөм адабий деңгээлдеги кептик маданиятка карата муктаждык жогорулады, бирок эгемендүүлүктөн бери карай филология багытындагы кесиптик билим берүү ушул сыяктуу коомдук-социалдык муктаждыктарды жеткиликтүү канааттандыра албай келе жатат. Мындай пикирди ошол коомчулуктун өзү айтып жатканы маселени жөнгө салуучу филолог адистерди даярдоо багытында педагогикалык иштер коом талап кылып турган деңгээлде эместигинен кабар берип турганын эстен чыгарууга болбойт. Тактап айтканда баштапкы этабы 90-жылдардан башталган эки баскычтуу билим берүүгө өтүү, андагы модулдук системаны колдонуу эгер кесиптик билим берүү мазмундук жактан жаңыланбаса эч натыйжа бербестигин, окутулуучу мазмун жаңыланбаса проблема чечилбей тургандыгын азыркы абалыбыз толук далилдеп көрсөтүүдө. Демек, кабыл алынган стандарт биринчи кезекте билим берүүнүн мазмунун түп-тамырынан өзгөртүү керектигин талап кылуусу шарт. Ал шарт филологиялык билим берүүнүн мазмунун рыноктун талаптарына карай түзүп, рынок керектөөчү билимди кредиттик технологияга бөлүштүргөнү жөн. Мында башкы маселе - компетенттүүлүк парадигмасы талап кылган жагдай - башка кесиптердегидей эле филологиялык билимге карата коюлган эмгек рыногу менен эсептешүү. Тактай кетсек, азыркы учурда филологиялык кесипке ээ болуп жаткандардын 85 пайызы өзү окуп алган кесиби менен иштебейт. Аңгемелешип, анын себебин тактап көргөнүбүздө бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү *эмгек маянасынын аздыгын* (1), ал *маяна турмуштук утурумдук керектөөнү канааттандыра албай тургандыгын* (2) бир ооздон белгилешүүдө. Бирок ага карама-каршы турган фактылар кездешет. Алардын айрымдарына токтолсок, республикалык деңгээлде теле, радио компаниялар, басма үйлөрү менен басмаканалар, мезгилдүү басма сөз каражаттары, көп тармактуу иш алып барган фирмалар кыргыз тилин Мамлекеттик статуста жакшы билген кесипкөй адистерге муктаж экендигин дайыма айтып

келишүүдө. Аларда маяна да жакшы экендиги жашыруун эмес. Болгону, ушул тапта филологиялык багытта билим алып жаткандардын билими азыркы мезгил үчүн өз деңгээлинде болбой жаткандыктан, алар менен кызматташууга мүмкүн болбой тургандыгы анык. Мындай көрүнүштүн кайдан жана кантип болуп жатканына келгенде жаңыдан орто мектепти бүтүп, жогорку окуу жайга эч нерсени билбей келип жаткан абитурент күнөөлүү эмес экендиги бештен белгилүү. Анализдей келгенде башкы күнөө мурдагы билим берүүчүлүк мазмундан ажырай албаган жогорку окуу жайларда болуп эсептелет.

Ал эми компетенттүүлүк парадигмасына окуу стандарты эмгек рыногу керектөөчү мына ушул сыяктуу көрүнүштөргө алдын ала прогноз жасап, анын негизинде зарыл керектелүү билимге карай кредиттик технологияда окуу пландарын иштеп чыкканы маселени туура чечкендик болуп саналат. Эми *рынок шартында кыргыз адабиятынын орду жана ролу кандай болушу керек* деген мыйзамченемдүү собол коюлат. Бул суроого жооп берерден мурда компетенттүүлүк парадигмасы аныктаган айрым теориялык ойлорго токтолуу зарылдыгы турат. Маселен, бул проблеманы ар тараптуу изилдеп келип Н.А.Гришанова: "Компетентностный подход - это приоритетная ориентация на цели - векторы образования: обучаемость, самоопределение (самодетерминация), самоактуализация, социализация и развитие индивидуальности. В качестве инструментальных средств достижения этих целей выступают *принципиально новые метаобразовательные конструкты*: компетентности, компетенции и метакачества.

Мета-качества - это способности, качества, свойства личности, обусловливающие, определяющие продуктивность широкого круга учебно-познавательной, социальной и профессиональной деятельности человека." [100/135] деп түшүндүрөт. Ырас, бул жерде жалпы сөздөр менен берилип жаткан ойлор жаңыдан иш баштап жаткан бизге толук түшүнүктүү болбой калышы мүмкүн. Ошондуктан орус психология илими алдыңкы планга алып чыккан түшүндүрмөлөргө токтолсок, жогоруда айтылган ойдун мааниси жеткиликтүү ачылат деп ойлойбуз. Мисалы, И.А.Зимняя өз изилдөөсүндө компетенттүлүк парадигмасынын мазмуну окуу процессин уюштурууда эмес, билим берүүнүн

маңызы кесипке ээ болгон жарандын инсандык табиятын, ички психологиялык даярдыгын калыптандырууда экендигин далилдеп келип төмөнкүдөй жыйынтык чыгарат: “Психологии личность рассматривается как открытая целеустремленная динамическая система, характеризующаяся многомерностью и иерархичностью. В ней три основные функциональные подсистемы:

*когнитивную,* которая включает познавательные процессы: восприятие, память, мышление, воображение;

*регулятивную,* включающую эмоционально-волевые процессы и обеспечивающую способность субъекта к саморегуляции деятельности, самоконтролю к воздействию на поведение других людей;

*коммуникативную,* которая реализуется в общении и взаимодействии с другими людьми.” [125/16].

Жогоруда айтылган ойлорду жетекчиликке алсак, анда компетенттүүлүк парадигмасынын билим берүүчүлүк мазмуну кыргыз адабияты боюнча жогорку окуу жайына сунушталган дисциплиналардын мазмуну менен формасынын жогоруда белгиленген инсандык касиеттерди калыптандыруучу окуу процессине, аны ишке ашыруучу окутуу ишмердүүлүгүнүн аткарылышына карай коюлган талаптарга ылайык өзгөртүүсү зарыл экендигин ачыкка чыгарат. Окуу стандартынан алып караганда, азыркы эки баскычтуу бардык кесиптик билим берүү боюнча базалык бөлүмгө “Манас таануунун” киргизилиши кыргызстандык жаштарды компетенттүүлүктүн негизинде окутууга багыт алуудагы ири жетишкендик, же окутуу объектисинин туура тандалып алынышы катары кабылдоого болот. Анткени, кыргыз эли көчмөн турмушта жашап, бүткүл маданий дөөлөттөрүн көчмөн цивилизацияга негиздеп түзгөндүктөн, “Манас” улуу жомогу көркөм чыгарма гана болбостон, кыргыз элиндеги бардык баалуулуктарды боюна сиңирген энциклопедиялык милдетти аткарып турат. Анын сюжети адам турмушунун белгилүү бир этаптарын чагылдырып тургандай көрүнгөн менен *аны терең окуган адам өз кесибине тиешелүү көптөгөн баалуу материалдарды таба алат*. Аны окуу менен бирге студент *кыргыз эли анын кесибине тиешелүү түшүнүккө кандай мамиле кылып* (1), *ошол кесипти кайсы багытта өнүктүрүп* (2), *аны замандын талабына туура келүүчү шартка ылайык кантип чечип*

*келгендигинен* (3) толук маалымат ала алат. Ошондой эле улуу жомок баяндаган ошол кесипке таандык өзөктүү түшүнүктөр эл ичинде, коомдук-социалдык чөйрөдө кадыр-баркын бөксөртпөй келе жатканы жана кыргыз жаранына социалдык-психологиялык жактан таасирдүү боло албай жатат. Муну окуу процессинде чечүү жаңыны издөө эмес, болгону окутуу иштерин улуттук деңгээлде, тээ байыркы мезгилден бери иштелип жол-жободон алыстап кетпей туруп керектелишин аныктоо, б. а. чыгарманын мазмунун эмес, анын азыркы турмуштук керектөө үчүн зарыл болгон проблеманы чечүү жолдорун таануу, кесиптик түшүнүктөрдү өздөштүрүүдө кыргыз эли буга чейин кандай жол-жоболорду колдонуп келгенин жаштарга үйрөтүү, студентке өзү тандап алган кесибин кыргыздар социалдык кызыкчылыгына кантип айкалыштырганын билдирүү зарылчылыгы коюлган эле.

Бирок “Манас таануу” предмети өзүнүн алдында ушундай милдет турганын бүгүнкү күнгө чейин эле толук сезе элек, ошондуктан болсо керек XX кылымдын биринчи жарымында кандай окутулуп келе жатса, ошол өңүттөн жылбай окутулуп келүүдө. Ырас, XX кылымдын акыркы он жылдыгында аны жалпы республика боюнча окутуу зарылдыгы айкындалганы менен ар бир кесип карата мазмуну кандай болушу керектиги так аныкталган эмес. Себеби, саясий-социалдык жаңылануулар болуп, эгемендүүлүктүн өзүнө таандык кызыкчылыктары ойгонгону анын коомдук зарылдыгы, социалдык-турмуштук нугу жаңы шартка туура келүүчү мазмунду кийинки муунга жеткирүү кызыкчылыгын гана ойгото алган. Ошондуктан жогорку окуу жайына сунушталган “Манас таануу” предметинин окутула турган мазмуну баштапкы табиятынан ажырабай, улуу жомоктун сюжетин окутууну башкы планга чыгарса, сабактын алгачкы программасын түзгөндөр толугу менен анын совет доорунда калыптанган вариантынан (иштелип чыккан жумушчу программадан) алыстап кете алышкан эмес [248/24] десек, кийинки он жылдыктарда деле кыргыз адабиятчылары [1/20], [1/23] ошол мазмунду жаңылоо керектигин түшүнө албагандыгы өкүндүрөт. Эгер компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун педагогикалык коомчулукта иштелип чыккан азыркы парадигмасынын талаптарынан алганда эки баскычтуу кесиптик билим берүү стандартынын базалык бөлүмүнө кирген “Манас таануу” кыргыз адабий тилине таандык лексикалык корду пикирлешүүнүн түрдүү кырдаалында туура пайдалануунун байыртан калыптанган

жол-жобосун - *өзгөчө ойду бере билүү чеберчилигин* (1), *сөздү ыргак менен айтуу* (2), *кептин маңызын образдуулукта чагылдыруу* (3), ошол *образдуулук кандай багытта кызмат кылып келгендигин* (4) жана *азыркы учурда кандай мазмунда иш алып баруусу мүмкүн экендигин* (5) ар бир кесипке ылайыктап окутуу керектиги ачыкка чыгат. Бирок мындай иш чаралар республика боюнча жогорку окуу жайларындагы куесиптик билим берүү боюнча жолго коюла электигин ырас.

Компетенттүүлүк парадигмасынын окуу процессине койгон талаптары башка болгондуктан, "Манас таануну" окутуу азыр республика боюнча ишке ашып жаткандай улуу жомоктун сюжетин, анын изилденишин жана жыйналышын үйрөтүп, аны билүүнү бардык кесиптин ээлеринен талап кылуу эмес. Тескерсинче, текстте сакталып калган ошол кесипке таандык түшүнүктөрдү талдоо аркылуу *кыргыз эли ошол кесипке* (а) жана *ошол кесипти аркалагандар аткарып жүргөн жол-жоболорго* (б), *адистикке байланыштуу аткарыла турган маселени чечүүнүн улуттук традициясына* (в) жана *ал традициялар азыркы мезгилдеги абалы менен кантип айкаша алаарына* (д) салыштырып үйрөтүүнү талап кылып турат. Окуу процессине жаңыдан сунушталып жаткан парадигма эмнени окутууну эмес, анын акыркы натыйжасы эмнеге алып келиши керектигин башкы орунга койгондуктан, "Манас таануну" кесипке багыттап окутуу (кыргыз адабияты боюнча бөлөк дисциплиналардан айырмаланып) аны аяктагандан кийин кандай иш-билгиге ээ болуп чыга тургандыгына көңүл буруу зарылдыгын көрсөтүүдө. Ал жогоруда аталган Мамлекеттик стандартта чагылган негизги компетенциялардын белгилүү бир тобунун аткарылышына, б. а. ошол кесипти аркалай турган студентке керек болгон иш-билги көндүмдөрдү калыптандыруу системасынын болушуна кызмат кылмакчы. Анткени, "Манас" улуу жомогу ж. б. кыргыз адабияты боюнча дисциплиналар кыргыз баласына керектүү социалдык-психологиялык компетенцияларды, ал тургай азыр биз "жалпы маданий" деп өзүнчө бөлүп көрсөтүп жаткан компетенцияларды чыгарманын *сюжеттик өнүгүшүнө* (1), *кырдаалдык маселелерди чече ала турган окуялардын жүрүшүнө* (2), *образдардын* (адамдардын) *эпизоддук аракеттерине* (3) жайгаштыруу аркылуу угуп жаткан адамды турмушка тарбиялап келгендиги жашырууну эмес. "Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат" деп кыргыз ар бир баласы турмуштук кыйынчылыктарга даяр

болуусун кулагына кандай куйса, эпос өнөрлүү, чебер, адис адамдар турмушта кездеше калган проблемаларды кандай чече турган түрдүү кырдаалдык абалды *эпостогу сюжеттин өнүгүшүнө жайгаштырып*, уулу да, кызы да андай шартка даяр болушун тымызын өнүктүрүп келген. Мисал келтирсек, Каныкейдин "Чоң казатка" даярдыгы – *боло турган кырдаалдарды алдын-ала сезип* (1), опурталдуу, *эл намысын алдырып жиберүүсү мүмкүн болгон кырдаалды алдын-ала баамдап* (2), Кошойго *бата турган кандагайды даярдашы* (3) эмне деген тарбиялык иштерди аткарбайт. Ошондой эле улуу жомоктогу дагы бир эпизодду көз алдыга келтирели. Чубак чыр чыгарып, Манас Алмамбет менен Чубакты элдештирип келе жаткан мезгил. Чарчаган Манас менен Чубак кичине эс алып алалы деп катуу уктап калат, бир мезгилде Чубак ойгонуп кетип, эки жагын караса душман жакындап калган болот. Душмандын *жакындаганынан жини келген* Чубак найза менен бир сайып Манасты ойготот. Ошондо Манас *душмандын жакындап келгенине кабатыр болбой*, тескерисинче *найза менен сайып ойготконуна капа болуп,* шаштысы кеткен Чубакка эмнеге алактап жатканын, душман көрбөй жүрдүк беле деп, *акыл токтотушуна чакырык салышы* маанисин түшүнгөн жаш муундар үчүн өзүн-өзү кандай шартта болбосун акыл менен иш жүргүзүүгө багыт берээри анык. Ал эми мындай мисалдар улуу жомокто ондоп эмес, жүздөп саналат. Анын баары азыркы жаштарга толук жетсе эмне деген гана иш-билги сапаттар (компетенциялар) ишке ашып, студенттин жарандык касиети не бир жогорку бийиктигине жете калыптанмак. Тагыраак айтканда, "Манас таануну" (кыргыз адабияты боюнча базалык бардык дисциплиналарды) мына ушул багытта окутуу Кыргызстандын бардык жаштарына маселени өз алдынча чече ала турган зор иш-билги сапатты (педагогика илиминде "метасапат" (метакачество) катары аныкталган) пайда кылуу менен бирге азыр коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кырдаалда Мамлекеттик тилди "кыймылга келтирүүгө" тийиш болгон төмөнкүдөй маселелерди чечүүгө багыт алмакчы:

а) Студент окуп жаткан кесипке ылайык термин, түшүнүктөрдү кыргыз эли байыртан колдонулуп келген болсо, аны кандай шартта колдонуп, ага кандай мамиле кылганын "Манас" улуу жомогундагы ж. б. кыргыз адабияты боюнча

дисциплиналарда чагылдырылган түрдүү эпизоддорду талдоо аркылуу таанып-билүү жана маңызын түшүнүү;

б) Студент “Манас” улуу жомогу ж. б. кыргыз адабияты боюнча дисциплиналар анын кесибине таандык проблемаларды чечүү жолдорун толук үйрөтүп салат деш туура эмес түшүнүк. Бирок, анда айтылган ойлор, чечүү жолдору кыргыз элинде азыр да пайдаланып, аны жалпы *кыргыз эли байыртан келе жаткан салт, ага баш ийүүнү өзүнүн милдети катары эсептеп жаткандыктан*, аны азыркы мезгилде *өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү системасына,* кесиптик түшүнүктөрүнө интеграциялоо аркылуу учурдагы адистештирүүдө анын ордун, маани-маңызын (ар бир кесиптин улуттук өзгөчөлүгү боло турганын) жеткире түшүнүү менен колдонуу;

в) Ошол кесипке карата байыртан келе жаткан улуттук мамилени аңдаштыруу *өз кесибине тиешелүү башка улуттар менен мамлекеттерден эмнени алуу керек* (1) да, *алардын кесиптик билим берүүсүнөн эмнени албоо керектигине* (2) сынчыл мамиле кылууга шарт түзмөкчү. Антпесе *көчүрүлүп келген окшош мыйзамдар, бирдей жол-жоболор улуттук проблеманы чечүүгө карата өз милдетин аткара албай жатканы анык*. Ошондой эле компетенттүүлүк парадигмасы жөнүндө ушул ойду айтса болот;

г) “Манас” улуу жомогу (кыргыз адабияты боюнча айрым базалык дисциплиналар) кыргыз эли кылымдап жашап, не бир доорлорду башынан кечирип, не бир замандарда жок болуп кетпей улуттугун сактап келген көчмөн жашоосунун баяны эле эмес, анын мазмунунда көчмөн цивилизацияда бардык маселени чече алган жарандын жана жарандык коомдун үлгүсү турат. “Манас таанууда” ж. б. кыргыз адабияты боюнча дисциплиналарда мына ошол коомдук үлгү менен азыркы жарандык турмушту таанып-билүүнүн зарылдыгы жашайт. Ал Манас баш болгон *образдарда* (1), *алар кыймылга келтирип турган окуяларда* (2), *ар бир каармандын улуу жомокто аткарган инсандык милдеттеринде* (3), кыргыз эли түзгөн *ар биринин жарандык позициясында* (4), ар биринин *өз ара мамилелешүүсүндө* (5), *алган статусун* (ханбы, чоробу) *эл алдында аткара алышында* (6), акыры *келип ошол статусунда туруп элдин маселесин кантип чечкендигинде* (7) байланыштуу ким экендигинин аныкталгандыгы. Булардын баарынын азыркы кесиптик билим

берүүгө кандай тиешеси бар деген объективдүү суроо берилээри анык. Эгер кайсы кесип, ошол кесипти аркалаган инсан Кыргыз Республикасында, жарандык коомчулугунда өз ордун таап, ошол *адистиги менен иштеп жана жашап кете алуусу үчүн мунун баарын түшүнүп* жана *айырмалай билүүсү* керектиги ачыкка чыкса, аларды үйрөнүү – окуу процессинде иш-билги сапатка (компетенциялар аркылуу) жетүү багытында иш жүргүзүү зарылдыгын күн тартибине коёт да, аны системалуу аткаруу окутуунун жаңыча талаптарын жүзөгө ашырууну көздөйт;

Д) Ар бир кесиптин ээ болууга умтулуп жаткан студент мекенчил жаран гана эмес, күнүмдүк турмуштун кызыкчылыктарынан чыга албаган пенде экендигин да азыркы кесиптик билим берүүдө эске алуу зарылдыгы турат. Ал пендечилик студенттин *этно-психологиялык табиятын* эле *аныктабастан, белгилүү бир социумдун мүчөсү* (а), ошондой эле *региондук* (б), *улуттук* (в) жана *жалпы адамзаттык кызыкчылыктарга багынып тиричилик кыла тургандыгын* (г), анын натыйжасында жергиликтүү баалуулуктар менен бирге дүйнөлүк адабий-көркөм, адеп-ахлактык жана жалпы адамзатка мүнөздүү адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү урматтоо касиети “адам менен адам болуу”, “бир туз татыган жерине миң күн салам берүү”, “жакшылыкка жакшылык”, ж. б. эл калыптандырган гуманизм принциптерин “Манас” улуу жомогу баш болгон улутта көрөңгөлөнгөн элдик оозеки чыгармалардан алаары бышык;

“Манас таануу” курсуна сунушталган азыр жогорку жана орто билим берүү тармактарында практикаланып жаткан бир дагы окуу программасында жана окуулуктарында бул маселе каралган эмес. Ырас, алардын көпчүлүгү он жылдын ары-берисинде жазылып, ыгына жараша колдонулуп келе жатканын эске алсак, эч биринде компетенттүүлүк парадигмасы, анын окутуу принциптери, окууну уюштуруу жолдору менен байланышып тогошкон жери болбой тургандыгы анык. Ошондуктан жогоруда биз токтолгон маселелер мындан ары окуу процессинде аткарылуучу проблема болуп эсептелет. Бирок учурда аткарылып жаткан иштер азыр биз тараптан көтөрүлгөн маселени жөнгө салуудан таптакыр эле алыс турганын эскерте кетели. Аны аткарууга бир гана мугалимдин жеке чыгармачыл аракети жетишсиз болоору талашсыз, андыктан аны туура жолго коюу үчүн эки баскычтуу кесиптик билим берүүнү ишке ашырууда мыйзам чегинде чечилүүгө

тийиш бир топ көйгөйлөр бар экендигин айтпай кетүүгө болбойт. Анын биринчиси, Билим берүү министрлигине тиешелүү болсо, экинчиси, кесиптик билим берип жаткан окуу жайдын өзүнө таандык маселе болуп саналат. Мына ушул жерден дагы бир проблеманын башын ачып алуу зарылдыгы чыгат, ал Кыргызстанда эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүдө ар бир предметтин ордуна байланыштуу проблема экендиги талашсыз. Учурдагы практикалык иштер көрсөткөндөй, окуу процессине кредиттик технологиянын кириши менен ар бир окуу жай предметтердин санын көбөйтүү менен алектенип жатканы байкалат, б. а. мугалимдер ортосунда, ал тургай *кафедралар менен факультеттер арасында жаңы дисциплиналарды сунуштоо аракети аркылуу саат талашуу* күч алып бара жатканын көрүүгө болот. Мында ар бир мугалим, а түгүл кафедралар да өздөрү сунуштаган сабакты маанилүү деп эсептешип, студентти адистештирүүдө керек экендигин далилдешип, анын натыйжасында окуу пландарында дисциплиналардын аталышы көбөйүп, ал эми кесиптик иш-билги сапаттарды калыптандырууга бөлүнгөн кредиттик сааттар азайып, студенттердин иш-билги көндүмдөрүн баалаган экзамендердин саны окуу пландарына батпай, окуу бөлүмдөрү үчүн кыйынчылык түзүүдө. Бул компетенттүүлүк парадигмасы ар бир кесипти даярдоодо ошол мезгилдеги ага карата коюлган коомдук-социалдык керектөөнү эске алууну жогорку эки баскычтуу билим берүүчү бардык окуу жайдын өзүнө калтыргандыгы менен түшүндүрүлөт. Бирок көпчүлүк окуу жайлар компетенттүүлүк парадигмасын кабыл алууга даяр эместигин көрсөтүп, учур талап кылган окуу пландарын иштеп чыгууда алар негизги басымды эски (мурдатан колдонулуп келген) окуу пландарын коюуда. Мындай көрүнүш жогорку окуу жайларында адистикке болгон азыркы мезгилдин рынок шартындагы талаптары көңүл бурула электигин айкындоо менен бирге кесипке даярдоодо кандай компетенцияларга көңүл буруу керектигин, алар кандай иш-билги сапаттарды студентте калыптандыруусу зарыл экендигин тактай албай жатканын көрсөтөт.

Маселени оң жагына чечүүнүн зарылдыгына карап учурда филология боюнча кесиптик билим берип жаткан бир нече университеттин (, БГУ, ЫМУ, ЖАМУ, КМУ) профессор-окутуучулары менен пикир алышканыбызда (2011 – 2015-жылдар) алардын көз караштары эки топко бөлүнө тургандыгы байкалды.

Биринчилери бул багытта бир кылымга жакын тарыхы бар (совет доорунда калыптанган) салтты сактап, ага азыркы турмуштук кырдаалга жараша бир аз өзгөртүүлөрдү киргизүүнү туура деп тапса, экинчилери башка мамлекеттер менен байланышып, өздөрүнүн билим берүү системасын ошол мамлекеттерге ылайыктаган филологиялык билим берүү багыттары (мисалы, англис, немец, кытай, япон, корей, ж. б.) окуу процессине бир кыйла жаңылыктарды киргизип жатканына таянышып, "кыргыз тили жана адабияты" адистигиндеги кесипке даярдоо сабактарды ушул өңүткө буруу керектигин белгилешүүдө. Азыркы мезгилде филологиялык жогорку кесиптик билим берүү үчүн эки көз караштын тең туура жагы болгондуктан, ага тикелей катышы бар "кыргыз тили жана адабияты" боюнча кесиптик билим алып жаткан студенттерге жана бул кесипке тапшырып жаткан абитуренттерге сурамжылоо анкетасын таркаттык. Көпчүлүк абитуренттер бул кесипке өз каалоосу менен эмес, башкалардын сунуштары аркылуу тапшырып жатканын айтышкан. Мындай көрүнүш ушул эле адисттикте окуп жаткан студенттердин жоопторунда басымдуу орунду ээлейт. Ал эми окууну аяктагандан кийин кайда иштей тургандыгына карата берилген суроолорго абитуренттердин 6,2 пайызы гана мектепте иштешин белгилесе, студенттердин 11,3 пайызы ушул жоопту билдиришкен. Ырас, окууну аяктагандан кийин илимпоз, журналист катары иш алып барууну каалагандар да болду, бирок алар өтө эле аз экендигин эске алууга тийишпиз. Анкетада камтылган *"кыргыз тили жана адабияты" багытында даярдалып жаткан адистердин кесиптик даярдыгы бүгүнкү рынок шартына туура келеби?"* деген суроого "келет" жана "келбейт" дешкени менен бир дагы адам мүнөздүү белгилерин ачып, так жооп бере алган эмес. Жооптор түрдүү болгону менен алар азыркы жогорку кесиптик билим берүү системасы *кыйынчылыкка кептелген маселелер арбын экендигин, аларды чечүү үчүн педагогикалык процесске илимий-теориялык,* ал тургай *мыйзамдык түшүнүктөргө талдоо жүргүзүү зарылдыгын* баса көрсөтүшүүдө. Коомчулук тарабынан айтылгандай эле кесиптик билим берүүнүн мыйзамдык негизи – Мамлекеттик стандарт менен окуу процессиндеги аткарылышынын ортосунда кескин айырма бар экенин көрүүгө болот. Маселен, учурда "кыргыз тили жана адабияты" кесиптик багытына тиешелүү бардык сабактар окутулуп жатканы белгилүү болсо да,

коомчулукта *“кыргыз тилинин Мамлекеттик статусу жогорулагандан тартып кыргыз филология багытындагы адистерге коомдук-социалдык керектөө күч алып бара жатканы менен бүтүрүүчүлөр рынок шартында өз кесиби менен иш таба албаганын кандай түшүнүүгө болот?”* деген суроого эч ким так жооп бере албай келет. Экинчиден *“эмне себептен көп маяна төлөп берүүгө мүмкүнчүлүгү бар азыркы фирмалар жогорку окуу жайын жаңы бүтүргөндөрдү кызматка албайт?”*. Үчүнчүдөн, *“жаштар арасында мекенчилдер өтө эле арбын, бирок алар эмне себептен кыргыз тили жана адабиятына кызмат кылгысы,* же болбосо *“орто билим берүү тармактарын дурус аяктаган абитуренттер филологиялык кесипте окугусу, эмгек жолун мына ушул багытта өнүктүрүп кеткиси келбейт?”* ж. б. ушул сыяктуу суроолор коомдук-социалдык, өзгөчө педагогикалык чөйрөдөн туура жооп берүүнү талап кылууда.

Бирок, аталган суроолорго “кыргыз тили жана адабияты” боюнча кесиптик билим берүүгө багыт алган окуу жайлардын жообу “даяр эместиги” байкалат. Анын себеби эмнеде экенин издей келгенде маселени туура чечүү үчүн бир катар татаал проблемалар күн тартибинде тургандыгы байкалат. Алар төмөнкүдөй кырдаалдар менен түшүндүрүлөт: 1) мамлекеттик компонент катары окутула турган предметтерди тандоодо кесипке карата эмгек рыногунун талаптарын эске албагандык же билим бул товар экендигин, анын мазмуну сөзсүз рыноктук керектөөгө жараша аныкталуусу зарыл болушуна көңүл бурбагандык болуп турат; 2) кийинки муунду адистештирүүчү предметтерди тандоодо кесипке карата кардарлык (иш берүүчүлөрдүн) керектөөнү этибар албагандык *окуу жайдын иш уюштуруусу коомдук-социалдык жагдайды түшүнбөөчүлүккө алып келип*, анын натыйжасында бүтүрүүчүлөрдүн окууну аяктагандан соң жумушсуз калуусуна шарт түзүүдө; 3) өлкө боюнча окуу жайдын кадырын (имиджин) аныктоочу республикалык деңгээлдеги рейтингдин иштелип чыга электиги, б. а. ошол окуу *жайды бүткөндөрдүн канчасы иш менен камсыз болгондугун* элге жарыялоонун механизмдеринин күчүнө кире электиги; 4) бүгүнкү күндүн талабына жооп бере ала турган кыргыз филологиясын бүтүргөн “адистин бейнесинин” (облиги) иштелип чыга электиги, б. а. кыргыз филологиясын бүткөн адис кандай компетенцияларга ээ

болушу керектигинин (мындай көрүнүш бардык адистиктер үчүн толук мүнөздүү) такталып чыккан эместиги; ж. б.

Учурда Бишкек шаарында жана башка аймактарда филологиялык багытта эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берип жаткан профессор-окутуучулар менен ушул маселелер боюнча аңгемелешкенибизде алардын көпчүлүгү мындай суроолорго жооп берүү үчүн даяр эместигин билдиришти. Туура, совет доорунда мындай маселелерге өкмөт өзү жооп берип тургандыктан, жогорку окуу жайларынын кызматкерлери өзүнө берилген окуу жүгүн аткаруу менен чектелишкен. Азыр доордун өзгөрүүсү менен катар окуу жайдын конкуренцияга туруштук берип, “жашап кетүүсү үчүн” анда эмгектенген ар бир жарандын чыгармачылык изденүүсү зарыл маселелердин бири болууда. Тагыраак айтканда, *алардын эч биринде рынок шартына ылайыкташылган кайсы кесипке карата мамлекеттик* жана *эл аралык деңгээлде кардарлар бар экендигине байкоо жүргүзүү* (1), *иш берүүчүлөрдөн керектөөсүн эске алуу менен иштөө* (2), студент окуу жайды бүткөн соң *кайда барып иштөөсү мүмкүн экендигине карай жумуш алып баруу* (3), алдыңкы сапта туруп “такымга чаптырбай” *иштеп кетүүсү үчүн кам көрүү* (4), бул *кызыкчылыктарды аткаруу үчүн предметтерди тандоо* (5) иш чараларына катышуу эч бир мугалимдин ички кызыкчылыгына айлана элек. Бизге азыр, ушул сыяктуу суроолорго жооп издөө кызыкчылыгы жаңыдан жолго коюлуп жаткан болсо, өнүккөн өлкөлөрдө адистикке даярдаган багыттар боюнча кандай иштер жүрүп жатканы алаканга салгандай көрүнүп турат экен, тагыраак айтканда, филологиялык кесиптин ээси бүтөөр менен кандай жумуштарда иштеп кете тургандыгын студент окууга кире электе эле билет. Эгер маселеге ушул өңүттөн караганда Кыргызстанда бүтүрүүчү рынок шартында кандай иш-билги көндүмдөргө (компетенцияларга) ээ болушу керектиги окууга жаңы келген тапшыруучуга ачык сунушталууга тийиш экендиги көрүнөт. Бул багытка байкоо салганда өлкө ичиндеги окуу жайларында мындай проблема жөнүндө ой да боло электиги байкалат, б. а. жогорку окуу жайларында адис бүткөндө кандай иш-билги көндүмдөргө (компетенцияларга) ээ болуп чыгары аныкталбагандыгынан улам кесипке ээ болгон жаш жаран кайда барып иштей тургандыгын билбей кыйналууда. Экинчиден, компетенттүүлүк парадигмасында (мында өнүккөн өлкөлөрдө учурда

колдонулуп жаткан формасы эске алынууда) аныкталгандай, студент ээлик кыла турган иш-билгилердин кесипке карата ачык жана жеткиликтүү формада чагылдырылышы аны тандаган адамга алган кесиби боюнча керектүү маалыматты эле бербестен, жарандын ал ишти алып кетүүгө мүмкүнчүлүгү жетеби, мына ошону да айкын көрсөтө алганы менен баалуу болуп саналат. Үчүнчүдөн, азыр ишкана, мекемелерге кадр тандоо оорчулукту түзөт, анткени жогорку окуу жайын бүткөндөр уюм-мекемедеги проблемаларды иштиктүү аткарууга так жооп бере албагандыктан, алар жумуш аткаруучу адисти өздөрүнөн машыктырууга аргасыз болууда. Мунун өзү окуу жайлардын бири дагы кесипчиликке болгон кардарлардын (бардык иш берүүчүлөрдүн) адистик чеберчиликке карата кызыкчылыктарын жолго коё электигин ырастап көрсөтүү менен бирге адистик иш-билги сапаттарды (компетенцияларды) жетекчиликке алуу аркылуу окуу пландарын түзүүгө чакырык салууда. Ал эми ошол компетенциялардын кайсынысын кайсы предмет үйрөтө тургандыгына карап *дисциплиналардын санын* (1), *аларга бөлүнө турган кредиттерди* (2), *алынуучу экзамен-сынактардын мазмунун* (3), *окутуу формаларын*, *ык-усулдарын тандоо* (4) жана *ошол комплексттүү иш чараны ишке ашыруу милдети* (5) тургандыгы ачык көрүнөт. Өнүккөн өлкөлөрдө бул проблеманы окуу жайда орун алган *диагностикалоочу борборлор* же *бөлүмдөр аткарышса*, бизде мындай ишти жөнгө салуучу кишилер штатка киргизиле электиги ачыкталды.

Демек, алды менен айтып коюучу жагдай, мындай диагностикалоочу борборлор ишке кирмейин жамаат ортосунда саат талашуу күч алып, бардык окуу жайда ушундай кырдаалдын түзүлүшүнө себептер көбөйө бермекчи. Биз бул жерде бир гана кыргыз адабиятына тиешелүү маселени карап жаткандыгыбыздан улам, кесиптик билим берүүдөгү жалпы компетенциялар кайсылар болушу мүмкүн экендигине токтолбостон, бир гана көтөрүлгөн проблемага таандык жагын талдоого алууну туура көрүп отурабыз. Анан азыркы филологдор адис катары калыптануусу үчүн кандай иш-билги сапаттар болушу мүмкүн экендигине байкоо жүргүзүп, алар кандай компетенциялар аркылуу жүзөгө аша тургандыгын аныктаганыбызды белгилей кетели. Тагыраак айтканда, адистик жөндөмдүүлүктөргө ээ болуш үчүн мындай иш чараларды ошол кесипке сабак берип жаткан бардык мугалимдер (бир

эле диагноздоочу борборлор гана жүргүзбөстөн) ишке ашыруусу жөн. Окутуу иштеринде мындай мамиленин болушу филологдор кайсы предметтерди окууга тийиш экендигин гана аныктабастан, ар бир сабактын мазмуну аркылуу эмне натыйжа берүүсү керектигин ар бир мугалим өзү түшүнүп, анан ага карата предмет окута турган мазмунду айкындоого, ошол эле мезгилде акыркы натыйжа үчүн сабакта кандай иш чараларды уюштурууга, мугалимдин эле эмес, кафедранын, ал тургай факультеттин аткара турган иштери менен өзгөртө турган окуу-методикалык иш пландарына да көрсөтмө бермекчи. Анткени, компетенттүүлүк парадигмасы окуу стандарттарын пайдалууда окуу пландарын түзүүгө бүтүрүүчү кафедраларга “эркиндик” берүү менен бирге, алар кесипке даярдоодо бардык кырдаалды эске алуу менен рынок шартында жашап кете ала турган адистик билим берүүнү иштеп чыгуусун милдеттендирүүдө. Ырас, мындай “эркиндик” совет доорунда болгон эмес, ошондой эле бардык иш чаралар жогору жактан бекип, жогору жактан аныкталып, жогортон төмөн келген окуу пландары аркылуу жүзөгө ашырылгандыктан, сабак берген мугалимге өз кесибин улантып жаткан шакирттери жөнүндө, алардын келечеги тууралуу ойлонууга муктаждык болбосо керек.

Азыр заман башка, анын рыноктук талаптарына адис эле жооп бербестен, ага билим берип жаткан окуу жайы да жооп бериши зарыл. Демек, окуу жайы андай талаптарга жооп бериши үчүн кесипкөй адистин келбетин түзүп, ал ээ болуучу компетенцияларды алдын-ала ачыкка чыгаруусу жөндүү болот. Ошондуктан биз “кыргыз тили жана адабияты” боюнча филологиялык билимге ээ болгон адистин “образында” анын “паспортун” көрсөтүүчү компетенцияларды аныктап чыктык (№ 1-тиркемени караңыз) жана аны филологиялык багытта “Кыргыз тили жана адабияты” боюнча бакалавр даражасына ээ болгон кесипти даярдоочу окуу стандартына ал “паспортту” сунуш кылабыз. Бул таблицаны “кыргыз тили жана адабияты” боюнча кесиптик билим берүүнү ишке ашырууга багытталган Мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөн компетенцияларды жетекчиликке алуу менен түзүп чыктык, ырас ал тыкыр иштелген вариант болсо да, аны толук бүткөн вариант катары кабыл алуу туура эмес болуп саналат. Анткени, азыркы рынок шарты мында айтылган ойлорго баары бир толуктоо керектигин көрсөтүп, ал кесипти турмушта пайдалануу кызыкчылыктарына ылайык түзөтүүлөрдү киргизип тураары бышык, б.

а. студент ээ болуп жаткан кесиптин мазмуну түздөн-түз иш берүүчүнүн талаптарына жараша өзгөрүүсү зарыл экендигин эсепке алсак, анда таблицага сунушталган адистин “паспорту” дайыма жаңыланып турууга тийиш болгон маселе болоору өзүнөн-өзү көрүнөт. Тагыраак айтканда, кесиптик билимге ээ болгон студент-бүтүрүүчү кандай кырдаалда болбосун *рынок шартында кездешип жаткан бардык проблемаларды жеңүүгө* (1), *кандай шарт болсо дагы өз кесиби менен иштеп кетүүгө* (2), *азыркы мезгилде пайда болуп жаткан филологиялык билимге муктаж бардык инстанцияларда иш алып барууга* (3) биз тарабынан аныкталып, таблица аркылуу сунушталган компетенциялар белгилүү өлчөмдө жардам бере алганы менен дайыма кырдаалга ылайык толуктоону талап кылып турат. Ырас, бул таблицада дүйнөлүк билим берүүдө практикаланып, филолог адис үчүн негизги ишмердүүлүк кайсы жана аны жогорку деңгээлде аткаруу үчүн кандай иш-билги керектигине карай окуу процессинде студентте калыптануучу компетенциялар такталып чыкты. Ошондой эле бул “паспорт” азыр колдонууга сунушталган “филологиялык билим берүү” (багыты – 550300) Мамлекеттик билим берүү стандартын жетекчиликке алган “бакалавр” академиялык даражасына кесиптик ишмердүүлүктү берүүчү милдеттерге таянып түзүлдү [115/8]. Ал *кругозору кеңири* (1), *билими универсалдуу* (2), *маанайы толеранттуу* (3), *бардык сферада иштей билген* (4) компетенттүү адистин облигин компетенциялар аркылуу түзүүнү болжолдогону менен филолог адистердин ишмердүүлүгү - *илимий-изилдөөчүлүк* (а), *педагогикалык* (б), *колдонмо-прикладдык* (в), *долбоорлоочулук* (г) жана *уюштуруучулук-башкаруучулук* (д) [115/11] сыяктуу багыттар аркылуу калыптануусу керектиги ачыкка чыгарылган. Мына ушул ишмердүүлүктөр талап кылган иш-билги сапаттар студентте жеткиликтүү калыптануу үчүн окуу процесси ынанымдуу жооп берүүгө тийиш бир катар маселе бар экендиги байкалат. Азыркы компетенттүүлүк парадигмасына ылайык ал өз-өзүнчө аныкталган компетенциялар аркылуу жөнгө салынаары белгилүү болсо да, ал окутулган предметтин мазмунунда кандай жолдор менен жүзөгө аша турганы так көрсөтүлбөй келет. Мындай көрүнүш бир гана кыргыз адабиятына тиешелүү дисциплиналарда гана болбостон, бардык кесиптик билим берүүчү сабактарда болуп жатканын эскерте кетүүгө тийишпиз.

Эгер аракетке келип жаткан окуу процессине таянсак кесиптик билим берүү - ишке ашыруучу илимий-теориялык жана практикалык иштин мазмуну - филолог бакалаврга коомдук-социалдык турмушта зарыл болгон иш-билги жөндөмдүүлүктү канааттандыра албай жаткандай сезилет. Себеби, компетенциялар аныкталып, адистин ээси болгон филологдун инсандык иш-билги сапаттары кандай болушу керектиге карай негизги багыттар такталганы менен аны калыптандыра турган иш чаралар толук ишке кирбей жатканы байкалат. Ырас, стандартта айтылган ойлор эки баскычтуу кесиптик билим берүү үчүн логикалык жактан туура болгону менен аны реалдуу аракетке келип жаткан окуу процесси совет доорундагыдай эле жүрүп жатышы аныктала элек татаал маселелер алдыда тургандыгын көрсөтөт. Ал эми кесиптик көндүмдөрдү студенттин аң сезимине жеткирүү үчүн бир далай убакытты ичине алган, мазмуну боюнча жаңыланган педагогикалык ишмердүүлүк талап кылынаары талашсыз, б. а. күнүмдүк сабактардын мазмунунда – *азыркы өзгөчө кырдаалдын табиятын ачып берүүчү лекциялар* (1), *студенттердин кесиптик жөндөмдүүлүгүн калыптандыруучу семинардык сабактар* (2), аларды *өндүрүш менен болгон байланышын камсыздоочу практикалык иштер* (3), студенттердин *өз алдынча иштөөсүн жөнгө салуучу илимий-практикалык иш чаралар* (4), ж. б. маселелер өз деңгээлине чыга элек.

Анын себептерин аныктоо маанисинде окутуучу-профессорлор жамаатына, ошондой эле студенттер арасында сурамжылоо анкетасын уюштурганыбызда окутуучулар дээрлик бардыгы бул суроого даяр эместигин билдирсе, студенттердин көпчүлүгү ал мамлекет же окуу жай ойлоно турган маселе катары баалашкан. Чынында бул багыттагы иштерди жолго коюу ошол кесипти окутуп үйрөтүүгө багыт алган жогорку окуу жайлардын негизги миссиясы болуп саналат. Азыркы өткөөл мезгилде кесиптик иш-билги сапаттарга ээ кылуучу илимий-теориялык базага көңүл буруу анчалык маанилүү эместей көрүнгөнү менен бүтүрүүчүлөрдүн жумуш таппай, ишсиз калуусу улам кийинки муундун ошол кесипке болгон кызыгуусун солгундатып барат. Эгер буга учурунда көңүл бурулбаса окуу жайдын өзү жабылып калышы толук мүмкүн, анткени рыноктун талаптары ушундай. Ошондуктан ар бир жай мамлекеттик стандарт аныктаган компетенциялар менен ишмердүүлүктөргө таянуу аркылуу (зарылдыгына жараша толуктоолорду

киргизип) адисте калыптануучу иш-билги сапаттары үйрөтүү жолдорун табууга дайыма кызыктар болуп турууга тийиш. Муну учурунда туура түшүнүп, коомдук-социалдык керектөөнү эске алуу менен аткарыла турган иштин планын түзүп чыкпаса тездик менен жаңыланып жаткан заманда баары кеч болуп калуусу толук мүмкүн.

Биздин максат жогоруда айтылган мамлекеттик стандарт аныктаган ишмердүүлүктөр жана анын негизинде филолог бакалаврларда калыптануучу компетенциялар үчүн кыргыз адабиятына таандык кандай милдеттерди аткаруу керектигин аныктоо болгондуктан, бул маселе өнүккөн өлкөлөрдө жана бул парадигманы жүзөгө ашырууга багыт алган Россияда кандай жолдор аркылуу ишке кирип, ал эми бул маселени туура жүргүзүү үчүн биздин өлкө кайсы багыттарга басым коюушуна карап, педагогикалык процессте жасалган жумуштарга экскурс жасоо зарылдыгы коюлууда. Өнүккөн өлкөлөрдө билим берүү негизинен үч багытта – 1) кандай билим болсо да *анын тарыхый баскан жолу боло тургандыгын*, ал жолду *басып өтүүдө кетирген кемчилдиктери* (а) менен *жетишкен ийгиликтери кантип калыптанганын* (б), ийгиликтер кандай жол менен жаралып, ал эми кемчилдиктердин болушуна кандай жагдайлар себепкер экенин, б. а. адистештирүүнүн турмушка керек мазмунун теориялык негизде билүү зарылдыгы; 2) ар бир ийгиликти, ошондой эле ар бир кемчилдикти аныктоо, ага өз учурунда туура баа берүү ошол багытты *таанып-билүүнүн илимий негизин түзө тургандыгын изилдөө* (в), аны *ийгиликке алып келген окуу процесси менен айкалыштыра кароо* (г), *өсүш деңгээлин талдоо* (д) жана ар бирин *берген натыйжасына карап синтездөө* (е), анан *туруктуу результат берүүчү жол-жоболорун аныктоо* (ё) аркылуу соңку аткарыла турган иштерге теориялык негиз катары кабылдоо менен аларды таануу жана үйрөнүү [167]; 3) ошол *билимдин азыркы турмушка канчалык керектигин практикадан өткөрүү* (а), эгер ал билим бүгүнкү күндө адам баласына керек болсо, анда *анын кайсыларын үйрөнүү* жана *үйрөтүү зарылдыгын аныктоо* (б), азыркы заманга ылайык келе турган жана *кийинки муундун сөзсүз билиши зарыл болгондорун практикалык иштер аркылуу анын иш-билгилик ачык чыгаруу* (в), *керексиз жактарын* эмне себептен алар *керек*

*эместигин далилдөө менен колдонуудан алып салуу* (д), б. а. кесипкөй адистин өндүрүш менен болгон байланышын түзүп туруу; ж. б. [166].

Бул багытта өнүккөн өлкөлөрдө болуп жаткан иштерге талдоо жүргүзүүгө аракет кылганыбызда бир нерсе көңүлүбүздү бурду, ал бардык иш чара рынок шартына ылайыкташкандыгы болуп саналат. Тактап айтканда алар адамдын интеллектуалдык мүмкүнчүлүгүн эки чоң топко бөлүп карагандыгы менен айырмаланып, *жарандык коом окуп өздөштүргөн нерсени* экиге – маалымат жана билим *катары ажырата алгандыгы аркылуу* алдыга озуп кеткенин көрүүгө болот. Негизги маселе мына ушул эки түшүнүктү бири-биринен айырмалап түшүнүүгө байланыштуу чечилүүгө тийиш болгондуктан, биз бул жерде алардын мазмундук өзгөчөлүгүнө учкай болсо да токтоло кетүүнү туура таптык. Анткени бизде ушул тапта бул эки түшүнүктүн ортосуна чек коюлуп, алардын бири-биринен болгон айырмасын ааныктоого карай кызыкчылыктар ойгоно элек болсо, өнүккөн өлкөлөрдө жарандык коом турмушунда колдоно алган маалыматтарды гана билим деп, эгер ал *социалдык керектөө үчүн кызмат кылууга кудурети жетпесе,* андай түшүнүктү жөн эле маалымат деп эсептеше тургандыктан, адистик билим берүүдө негизги басым студенттин кесиптик ишмердүүлүгүнө кызмат кылуучу табиятына карап, *адам баласы чогулткан маалыматтарды билим катары сунуштоонун иштиктүү тажрыйбасы калыптанганын* көрүүгө болот. Ырас маалымат каражаттары өнүккөн доордо студентке анын баарын сунуштоо мүмкүн эмес болгондой эле, чексиз маалыматтын баарын билүүнүн өзү деле азыркы жарандык коом үчүн зарыл эместиги аныкталып калды. Ошондуктан, эки баскычтуу дегенибиз менен өлчөнгөн убакытта (кредиттик саатта) студентке берилүүчү билимдин мазмуну так аныкталууга тийиш болгондуктан, эмнени үйрөтүүгө карай коюлуучу талаптарды иштеп чыгуу кесиптик билим берүүчү педагогикалык процессте татаал маселе бойдон турат. Эмне үчүн дегенде, *билим менен маалыматтын ортосуна чек коюу* (1), *студенттин кесиптик билими кандай болушу керектигин аныктоо* (2), *жарандык коомчулук* (рынок) *талап кылган иш-билгилер кайсылар экендигин тыкыр иштеп чыгуу* (3), ал *иш-билгилерди калыптандыруучу компетенцияларды түзүү* (4), анан ал *компетенциялар кайсы сабактардын мазмунунда* (5), *кантип жолго коюлушуна* (6) карай *предметтерге*

*кредиттик сааттарды сунуштоо* (7) иш чаралары жогорку окуу жайларында толук кандуу иштелип чыга электигинен улам ал кесипке болгон кызыгуу кескин солгундап кеткенин реалдуу турмуш чындыгы ырастоодо. Проблеманы кыргыз адабиятына байланыштырып алганда, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы окуу процессине толук сүңгүп кире электигин көрүүгө болот.

Көтөрүлгөн проблеманы чечүү боюнча орустарда деле алгылыктуу иштер боло электигин орус окумуштууларынын жогорку кесиптик билим берүүсү системасындагы абалга талдоо жүргүз эмгектеринде чагылдырылган ойлорунан улам байкай алабыз. Бирок алар бул эки баскычтуу билим берүүгө өткөндөн бери карай *бир топ талкууларды өткөрүп*, аз болсо да *аткарылып жаткан иштерди, ар кимиси өзү иштеген жогорку окуу жайындагы иш тажрыйбаларын жарыя кылып* отуруп, маселени кайсы багытта *чечсе алгылыктуу боло тургандыгын*, ошондой эле *окуу материалдарын, окуулуктарын жаңылоо аркылуу кандай ийгиликтерге жетсе болоорунун* болжолдуу элесин (облигин) түзүп, аны жүзөгө ашыруу жолдорун түшүнүп калгандыгын өз эмгектеринде чагылдыра алышкан. Тагыраак айтканда, филолог бакалаврдын келечекте иштеп кете ала турган кесиптик ишмердүүлүгүнө карай адабият боюнча окуу материалын үч багытта сунуштоону биз Н.Д.Тамарченконун редакциясында жазылган “Адабият теориясы” аттуу эки томдук окуу куралдарынан [249], көрөбүз. “Адабият теориясы” окуу куралынын авторлору аталган китептин билим берүүчүлүк милдеттерине карай азыркы мезгилдин талабынан туруп жаңыча мамиле кылышат, б. а. окуу куралынын түзүлүшү үч бөлүктөн туруп, анын биринчиси – “Адабият чыгармачылыктын бир түрү катарында: Адабий дискурстун теориясы” деп берилсе, экинчиси – “Адабият ишмердүүлүктөн продуктысы катары: Теориялык поэтика”, үчүнчүсү – “Тарыхый поэтика” деген аталыштар менен мурда окутулуп келе жаткан адабият сабагынын билим берүүчүлүк мазмунуна жаңычыл көз караштa баа беришип, талдоо жүргүзүшөт.

Ырас, окуу материалын жайгаштыруу боюнча бул китепти ээрчийли деген ойдон таптакыр алыспыз, бирок окумуштуулардын окуу материалын студенттерге сунуштоо формасы азыркы мезгилдин талабына туура келет. Анткени, биз *баштагы авторитардык окутуу формаларынан баш тарттык*, ошол эле мезгилде

*филолог адистин коомдук-социалдык кызыкчылыктарына толук жооп бере турган компетенцияларды калыптандырабыз* деген милдеттенмелерди да мойнубузга алсак, ал эми мамлекеттик стандарт бакалаврлардын келечекте кесиптик ишмердүүлүгүн толук жетилтүү үчүн беш багытта эркин кыйналбай эмгектенип кетүүсүнө жогорку окуу жайын, анда сабак берген мугалимдерди ачык эле милдеттендирүүдө. Маселен:

"*а) илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк боюнча:*

- алган теориялык жана практикалык билимдерин колдонуу менен филологиянын өзүнчө тармактарында жана башка гуманитардык илимдер жаатында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- өзүнчө тилдик, адабий жана коммуникативдик кубулуштар менен процесстердин, көркөм чыгармалар менен тексттердин башка типтеринин илимий концепцияларынын негизинде аргументтелген акыл бүтүмдөрүн жана корутундуларын калыпка салуу менен талдоо жана интерпретациялоо;
- илимий информацияны топтоо, обзорлорду, аннотацияларды даярдоо, жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн тематикасына ылайык рефераттарды жана библиографияларды түзүү;
- илимий дискуссияларда жана ар кандай деңгээлдеги илимий иштерди коргоо процедураларына катышуу; жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн тематикасына ылайык маалымдамалар жана баяндамалар менен чыгуу;
- жеке изилдөөлөрдүн материалдарын оозеки, жазуу жана виртуалдык (маалымат тармактарына киргизүү) түрүндө чагылдыруу;

*б) педагогикалык ишмердүүлүк боюнча:*

- атайын жалпы жана орто билим берүү мекемелеринде тил жана адабият боюнча окуу сабактарын жана класстан тышкаркы иштерди жүргүзүү;
- колдонуудагы усулдардын негизинде сабактарды жана класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүү үчүн окуу-методикалык материалдарды даярдоо;
- филологиялык билимдерди жайылтуу жана жалпыга түшүнүктүү кылуу жана окуучулар менен тарбия иштери.

*в) колдонмо ишмердүүлүк боюнча:*

- салттык усулдарды жана заманбап маалымат технологияларын пайдалануу менен тилдик жана адабий фактыларды чогултуу жана иштетүү (аны менен бирге уюштуруу, кайра иштетүү, сактоо, трансформациялоо жана жалпылоо);
- стандарттык усулдардын жана аракеттеги нормативдердин негизинде ар кандай типтеги тексттерди (оозеки сүйлөө, обзор, аннотация, реферат, баяндама жазма, отчёт жана башка документтер; расмий-иштиктүү, публицистикалык, жарнак тексти ж. б.) түзүү; мекемелерде жана ишканада документтер менен иштөө;
- тексттердин ар кандай типтерин иштеп бүтүрүү жана иштетүү (корректура, редакциялоо, комментарий берүү, системалаштыруу, жалпылоо, рефераттоо); обзорлорду даярдоо;
- сөздүктөрдү жана энциклопедияларды түзүүгө, мезгилдик басмалардын чыгарылышына, архивдик материал менен иштөөгө катышуу ж. б.;
- тексттердин ар кандай типтерин чет тилдеринен чет тилдерине которуу; чет тилиндеги документтерди, илимий эмгектерди жана көркөм чыгармаларды аннотациялоо жана рефераттоо;
- Кыргыз Республикасынын калкынын арасында жүзөгө ашуучу инсан аралык, ошондой эле массалык, аны менен катар маданий аралык жана улут аралык оозеки жана жазуу коммуникациясын ишке ашыруу.

*г) долбоордук ишмердүүлүк боюнча:*

- адабий жана көркөм-адабий музейлер үчүн экспозицияларды түзүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу;
- калктын сүйлөшүү маданиятын колдоого байланышкан долбоорлорду иштеп чыгуу;
- жарнак жана PR-кампаниялар үчүн филологиялык долбоорлорду иштеп чыгуу;
- балдар чыгармачылыгы ийримдеринин алкагында окуучулардын креативдүү ишмердигине байланышкан долбоорлорду иштеп чыгуу, адабий оюндардын, адабий-драмалык жана поэтикалык фестивалдардын сценарийлерин түзүү.

*д) уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүк боюнча:*

- ишмердүүлүктүн жогоруда аталган зарыл формалары үчүн каражаттарды жана материалдарды даярдоо; өз алдынча эмгек процессин уюштуруу;

- ар кандай типтеги семинарларды, конференцияларды, иштиктүү жана расмий жолугушууларды, консультацияларды, сүйлөшүүлөрдү уюштуруу жана өткөрүүгө, материалдарды жана басылмаларды ж. б. даярдоого катышуу” [115/11] деген талаптарды аткарууга, анын негизинде турмушта ал кесип менен эмгектенүүгө кыргыз адабияты боюнча сунушталган сабактар милдеттүү кызмат аткарышы зарыл.

Эгер ушул өңүттөн алып караганда, коммунисттик идеологиянын кызыкчылыктары менен, ошондой эле соцреализмдин талаптары аркылуу жазылган көптөгөн окуу китептери менен окуулуктан, ошол нук менен өтүлүп келе жаткан “Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы”, “Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабияты, “XX кылымдагы кыргыз совет адабиятынын тарыхы”, ал тургай “Адабият таанууга киришүү” менен “Адабият теориясы” окуу курстарына арналып түзүлгөн типтүү жана жумушчу программалар, алардын негизинде даярдалган лекциялар да жараксыз болоору анык. Ырас бул жерде “кантип жараксыз болот?” деген мыйзамченемдүү суроо коюлат. Анткени, ушунча жыл практикаланып, далай адистерге билим жана тарбия берип келген не бир кыйынчылыктарда өзүн актап, “кысталышта жол тапкан” адабий билим берүү системасын анда эмгектенип жаткандардын бир да жок кылгысы келбейт, бул - аныкталган чындык. Бирок, аны буга чейин окутулуп келген окутуу формасы эле эмес, билим берүүчү мазмуну өзгөрбөсө, анда ал жогоруда мамлекеттик стандарт койгон талаптардын бирин да аткара албай тургандыгын реалдуу социалдык кырдаалдар тарабынан белгилүү болгон чындыктын өзү ырастап берүүдө.

Ушул жерден дагы бир объективдүү суроо коюлат, ал ушул мезгилге чейин окутулуп келген кыргыз адабияты боюнча предметтердин мазмунуна байланыштуу болуп, “кыргыз адабияты боюнча студенттерге берилген маалыматтардын баары – *чыгарманы талдоонун илимий-теориялык негизи* (1), *методологиясы* (2) жана *философиясы* (3), *теориялык аныктамалары* (4), *далилденген түшүнүктөрү* (5), *далай кылымдык талаш-тартыштардан жаралган илимий корутундулары* (6) мына ушул дисциплиналардын мазмунунда жайгашса, алар толугу менен жараксыз болуп калабы? Эгер кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө булардын керектөөдөн чыгып калса, анда азыркы предметтерден эмнени окутууга болот?

Суроонун коюлушу объективдүү экенинде талаш жок, бирок алар ошол турушу менен окутууга сунушталса, анда предметтин билим берүүчүлүк мазмуну азыркы мамлекеттик стандарттын талабын аткара албай тургандыгы да аныкталган түшүнүк. Ал эми коюлган суроого жооп берүүгө аракеттенели, анткени ал соболдорго жооп берүү менен биз кыргыз адабияты боюнча предметтердин мазмуну кандай өзгөрө тургандыгына да белгилүү өлчөмдө жооп бере алабыз деген ишеним бар. Башкысы, буга чейин окутулуп келген предметтердин мазмуну эмне себептен *азыркы кесиптик билим берүүнүн талаптарын ошол турушунда аткара албай калышы мүмкүн экендигин түшүндүрүүчү факторлорду өзүнчө бөлүп кароо зарылдыгы* тургандай сезилет, ошондуктан кесиптин ички керектөөсүн аныктоочу төмөнкү коомдук-социалдык факторлорду бөлүп санай кетели:

1. Азыркы коомдук-социалдык турмуштун тез жана кескин өзгөрүүлөргө туш болушу, анын натыйжасында кесипке карата талаптардын жаңылануусу; Учурда коомдук-социалдык кызыкчылыктар кесипке карата кардарлыкты жаратып жаткан соң, башка жогорку кесиптик билим берүү багыттарындай эле “кыргыз тили жана адабияты” да азыркы мезгилдеги эки баскычтуу *дүйнөлүк билим берүү системасындагы уюмдаштыруу структурасын, адистикке даярдоо мазмунун рынок шартына ылайыктоосу* керек. А.Г.Тряпицына белгилегендей, рынок койгон талаптарды ишке ашыруу *кадрларды даярдоого карата мамилени гана жаңылабастан* (1), ошол *талаптарга жараша окуу системасын* (2), *ал аркылуу окуу процессин* (3), *аны аракетке келтире турган окуу программасы* (4) менен *окутуу формаларын, ык-усулдарын* (5) *кесипке ээ болуучу адамдын адистик сапатына коюну* (6) милдеттендирүүдө [252/28].

2. Азыркы дүйнөлүк билим берүү жогорку кесиптик билим берүүнүн интеграцияланышын, ал тармактар бирдиктүү билим сапатына жооп берүүсүн талап кылууда; Учурда өнүккөн өлкөлөрдүн көпчүлүгү (Англия, Австралия, Норвегия, ж. б.) кесиптик билим берүүнүн бинардык системасынан баш тартышты. Алар кесиптик билим берүү мөөнөтүн кыскартуу менен студентке зарыл болгон гана билимдерди иш-билги катары үйрөтүү керектигин ачыкка чыгарды. Мындай шартта совет мезгили окуткандай академиялык илимий база эмес, А.С.Косогова

айткандай, кандай билим болсо да анын прикладдык мүнөзү башкы орунга чыкты [146/126].

3. Коом канчалык тез өзгөрсө билим берүү да ошончолук тездик менен жаңылануунун коштоп туруу үчүн Болонья келишими *зачеттук бирдик системасын* (ECTS) киргизип, анын талабы боюнча аны кабылдаган мамлекеттердеги *кесиптик билим берүү стандарттары бирдей деңгээлге келүүсүн,* ошол стандарттын негизинде кесипке ээ болгон жаран өзү каалаган өлкөдө иштеп кетүүсүнө кепилдик берген билим сапатын милдеттендирүүдө; Зачеттук бирдик мамлекеттин ички кызыкчылыктарын эске алганы менен белгилүү бир кесипке карата жалпы (мунун ичинде филология да, адабият боюнча билим берүү да бар) эл аралык деңгээлде коюлган компетенцияларга негиздөөнү, өзүбүзгө таандык маселеге келсек, филолог адистин турмушуна тикелей керек болгон иш-билги жагын үйрөтүүнү зарыл проблема катары аныктоодо. И.А.Майбуровдун маалыматына караганда, окутуудан алынган натыйжадан өлкөнүн тагдыры чечиле тургандыгын эске алып, Франция, Германия, Великобритания, Канада, ж. б. мамлекеттердин өкмөттүк уюмдары билимдин сапатына, бөтөнчө анын коомдун керектөөсүн канчалык аткарып жатканына жараша баа берүүдө [181]. Бардык кесипке коюлган мындай сапаттуу билимге ээ болуу шарты филологиялык багытка да таандык болгондуктан, адабий билим берүүнүн мазмуну эл аралык деңгээлде аныкталган сапатка жооп берүүгө тийиш болууда.

4. Азыркы учурда кайсы адис болбосун эмгек рыногуна жооп берген билимине, иш-билгисине жараша тагдыры чечиле турганы белгилүү. Рынок шартында иш-билги адистин кадыры өстү. Жаш адиске карата мурда болуп келген мамиле азыр жок, б. а. жаңы бүткөн тура үйрөнүп кетет деген көрүнүш таптакыр жоголду. Ошондуктан, иш-билги (кесипкөй адистерди) даярдоодо анын билими бардык керектөөчүнүн талаптарына жооп бергидей, өзгөчө психологиялык жактан алдыда турган кыйынчылыктарга жана сыноолорго туруштук бере алуучу кырдаалдарды эске алуу милдети турат. Кесиптик билим берүүнүн алдында мындай зор милдеттер тургандыгын В.И.Байденко төмөнкүдөй түшүндүрөт:

“Метапрофессиональные образования становятся психологическим ориентиром при конструировании диагностического инструментария

профессионального отбора оптантов, определения профессиональной пригодности специалистов, аттестации персонала.

Целевая ориентация профессионального образования на конечный результат обусловила необходимость проектирования стандартов профессий. Смыслообразующими единицами профессиональных стандартов могут и должны стать ключевые конструкты образования. Формирование этих конструктов у обучаемых (студентов) будет способствовать усилению фундаментальной подготовки специалистов. Важное место в реализации компетентностного подхода принадлежит технологии саморегулируемого обучения и развивающим технологиям образования [64]. Демек, кыргыз адабияты боюнча билимдер да филолог адистин кандай шартта болбосун аттестациялоо талаптарына жооп берүүсүн жана *өз алдынча билимин өркүндөтүүгө боло турган жол-жоболорду толук өздөштүрүүгө* жол чаап бериши керек.

5. “Кыргыз тили жана адабияты” боюнча бакалаврдык билим алгандар дээрлик орто мектепте, орто кесиптик билим берүү тармактарында эмгектене тургандыгы анык. Студент-бүтүрүүчүнүн адистик билими азыркы мезгилдеги аталган окуу жайларда эмгектенүүгө шарт түзүп бериши зарыл. Ал эч кимден жардам сурабай иштеп кетүүсү үчүн М. В. Смородинова аныктаган төмөнкүдөй компетенцияларга ээ болушу керек болсо, биз ага зарылдыгына карай комментарий бере кетели:

а) *орто мектепте окутулуп жаткан бардык окуу материалын, аны илимий-теориялык жактан талдоого зарыл болгон адабий-теориялык термин, түшүнүктөрдү билүүсү;* Көркөм чыгарма катары окулуп жаткан ар бир чыгарманын илимий-теориялык аныктамасы, ички түзүлүшүн окуучуларга жеткирүүдө колдонуучу терминдер, ар бир чыгарманын өзгөчө сапатын - кыргыз адабиятына алып келген жаңылыгын, мазмундук жана формалык ачылыштарын, автордун жеке табылгасын (мисалы Ч.Айтматовдун “маңкуртун”) окуучу айырмалап түшүнүдүрүүчү түшүнүктөрдү, алардын этимологиясы менен аныктамаларын билүүсү окуу процессинде дайыма талап кылынат.

б) *сунушталган чыгарманы окуучулар терең түшүнүү жана анын тегерегинде эркин ой жүгүртүүлөрү үчүн ал чыгармаларды талдаган окумуштуулардын, адабиятчылардын ой пикирлерин, ошондой эле илимий-*

*теориялык адабий сынчыл көз караштарды окуучуларга сунуштоо зарылдыгыган улам алар жөнүндө так маалыматы болуусу;* Зарылдыгына жараша адабий сын чыгармаларды окуучулар менен сабактын жүрүшүндө анализ берүү. Ошол эле мезгилде окуучулар арасында дискуссия чыкса, алардын кайсы тарабы туура экенин адабий сынга аналитикалык баа берүү аркылуу окуучуларды ынандырууга илимий-теориялык билиминин жетиштүү болушу (керек десе адабий сынды кайдан таап окуп чыгууга боло турган жол-жоболорду сунуштай алуусу);

в) *окуу программасы (силлабусу) аркылуу сунушталган адабий чыгармага тарыхый-маданий контекстте баа берүүсү;* Орто мектептин окуу стандартына кирген чыгармалардын кайсынысы болбосун белгилүү бир доорго мүнөздүү болуп саналат. Окуучулар аны туура түшүнүп, анын адабий-эстетикалык баалуулугун аныктоо үчүн аларга алды менен чыгарма жаралган доордон, ал мезгилде адамдар чыгармачылыкка кандай көз караш менен баа бергенин окуучуларга жеткире түшүндүрүү милдети кесипкөй филологдун имиджин түзүп турат.

г) *адабий чыгарманын көркөм-эстетикалык дөөлөтүн аныктап, аны окуучуларга жеткирүү үчүн кыргыз адабий тилинин нормаларын билиши жана көркөм сөз каражаттардын чыгармадагы маанисин, подтекстте айтылган маңызын түшүнүп, тексттеги сүйлөмдүн, сүйлөмдөгү сөздүн тике, кыйыр, өтмө маанилерин түшүндүрүп берүү сапатына ээ болуусу;* Бул азыркы учурда компетенттүүлүк парадигмасын ишке ашырууда, окуу иштерин, анын талаптарына ылайык уюштурууда жана студенттердин кесиптик жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда кыргыз адабиятын, көркөм чыгармаларды сөздүн көп кырдуу маанисин таанып-билүү аркылуу өздөштүрүү мамлекеттик стандарт милдеттендирген бир нече компетенцияларды аткарууга шарт түзүп берет. Тагыраак айтканда, адабий чыгармаларда сүрөткердин сөз менен иштөө чеберчилигин үйрөнүү студенттерге адабий тилдин жалпы нормаларын билүү максатын гана аткарбастан, стандарт аныктаган ишмердүүлүктүн беш түрүнө тиешелүү компетенцияларга ээлик кылууга ыңгайлуу жагдай түзө алат.

д) *көркөм-адабий чыгармаларды окуу жана окуп түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу менен поэтикалык чыгармалардан турмуштук зарылдыгына жараша үзүндү колдоно билүү сапатына жетишүүсү;* Компетенттүүлүк

парадигмасы өзүнчө компетенция катары аныктаган коммуникативдүүлүк *тилди турмушта колдонуудан гана турбастыгын* **(а)**, адамдардын *өз ара пикирлешүүсү көптөгөн кырдаалдарда болуп* **(б)**, анан ал бардык учурда эле официалдуу боло бербесе да, кандай шартта болбосун *сүйлөшүүдө керектеле тургандыгы* **(в)** анык. Эгерде кыргыз адабиятын окутуу проблемасын ушул өңүттөн карай турган болсок, анда кыргыз адабияты, *андагы көркөм чыгармалар ичине камтыган сөз байлыктарынын ролу зор экендиги* (1), кептешүүнүн эффективдүү болушуна *маекчинин образдуу сүйлөшүү* (2), *юмор* жана жагымдуу эмотивдүү кырдаал түзүүгө *каймана маанидеги кеп каражаттарын колдонушу* (3), ошол эле мезгилде кайсы *бир акын* же *жазуучунун чыгармаларынан үзүндү алып пайдалануусу* (4) маанилүү кызмат кыла тургандыгын эч ким жокко чыгара албайт. Буга мисал келтирсек, М.Алыбаев, Р.Шүкүрбеков, Б.Сарногонев, ж. б. эл арасында афоризмге айланып кеткен сөздөрүн колдонгон менен эч кандай көркөм сөз каражаты жок ойду берүүгө аракеттенген маектешүүчүнүн кебинин ортосунда эмне деген мазмундук айырма болоору айтпаса да түшүнүктүү. Экинчиден, адабият мугалиминин милдети *өзү окутуп жаткан жаранга улуттук калыптандырган лексикалык кордун эмоционалдуу-экспрессивдүү табиятын көркөм чыгармалар аркылуу үйрөтпөсө* (5), филолог адис жогоруда аталган ишмердүүлүктүн бирин да аткара албай, азыркы коомчулукка жарасыз болуп кала тургандыгын эстен чыгарууга болбойт [233/24].

Жыйынтыктап айтканда, филологиялык багытта “Кыргыз тили жана адабияты” боюнча бакалавриаттык деңгээлде билим берүү стандарты да, ошондой эле аны кыймылга келтирип турган окуу планы да, ошол план аркылуу кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан окуу жайлары, алар кабыл алган уставдар менен жоболор да мезгил талабына ылайык жаңыланып, өз кемчилдигин өзү оңдоп, өнүккөн өлкөлөрдөгү билим берүү багытындагы ири жетишкендиктер менен кыргыз эли кылымдап калыптандырган адабий-маданий баалуулуктарды айкалыштырып, жаңы заманга шайкеш келүүчү филолог-адисти келечек муунга калтыруусу керек болгон маселелер чечилет.

## 2. 3. Кыргыз адабияты боюнча предметтер аркылуу адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун дидактикалык негиздери

Грек тилинен келген «didaktikos» сөзүнүн XVI кылымдан бери келе жаткан тарыхы бар экендигин педагогика илими ырастап, ал «didasko» - (изучающий) кыргыз тилине которгондо "үйрөнүүчү" деген мааниден чыгып, азыркы учурда педагогиканын окутууга илимий баа берүүчү тармагы катары аныкталып келет. Аны ар түрдүү тарабынан изилдөө дүйнөлүк педагогика илиминде канчалык кеңири масштабды алса, анын ичинде кыргыздын педагог окумуштуулары да бар экендигин эстен чыгарууга болбойт. Кыргыз окумуштууларынын ичинен Б.Апыш, Д.Бабаев, И.Бекбоев, Т.Жоробеков, А.Калдыбаева, Э.Мамбетакунов, Т.В.Панкова, М.Р.Рахимова, Т.М.Сияев, ж. б. кыргыз билим берүү системасын ар кыл жагынан талдоого алуу менен дидактиканын илимий-теориялык маани-маңызына, билим берүүдөгү ордуна, азыркы жаңылануу процессиндеги ал-абалына, мамлекет тарабынан түзүлгөн нормативдик табиятына, прикладдык мүнөзүнө өздөрүнүн көз караштарын айтуу менен аталган илимдин өнүгүшүнө маанилүү роль ойногон ойлорун айтып келишүүдө. Ырас, дидактикага карата педагогика илиминде жалпыланган көз караш түзүлгөнү менен окумуштуулардын ойлору ар түрдүү мазмунга ээ болуп, алардын натыйжасында бир нече концепциялар жаралган десек, кыргыз педагогика илиминде да окумуштуулар өз көз караштарында калып келет [177/117]. Алардын көз караштарын жалпылаштырып келгенде дидактика – *теориялык*, ошол эле мезгилде *нормативдик-прикладдык илим*. Анын мындан башка да кошумча маанилик түшүнүктөрү болсо да, биз дидактиканы ушул өңүттөн кароо туура деп эсептейбиз. Себеби, дидактикалык изилдөөлөр *реалдуу окутуу процессин өзүнүн изилдөө объектиси кылуу* менен анын *ички түзүлүшүн* (1), *өз ара байланыштарын* (2), *бири-биринен болгон айырмасын* (3), *карым-катыштарын* (4) жана *алардын мыйзамченемдерин билүүгө* (5) мүмкүнчүлүк түзөт да, *окуу процессине таандык бардык элементтердин маани-маңызын ачып түшүндүрүүгө* (6) аракеттенет. Мындай көрүнүш дидактиканын мазмунун гана түзбөстөн, илимий-теориялык функциясы да болуп саналат. Бир караганда дидактика туруктуу теориялык билим катары көрүнгөнү менен *учурдун коомдук-социалдык кызыкчылыктарына жараша мазмунун жаңылайт* **(а)** да, *окуу* жана *окутуу*

*процессине байланышкан көптөгөн проблемаларды чечүүгө* **(б)** багыт берет. Тагыраак айтканда, *учурдун талабына ылайык окутуу принциптерин белгилеп* **(в)**, анын негизинде *окутуу ык-усулдары* **(г)** менен *каражаттарын* **(д)** аныктайт. Эгер аны жалпы коомчулук тарабынан кабыл алуу зарылдыгы түзүлсө, анда сунушталуучу *дидактиканын нормативдик-прикладдык функциясы ачыкталып* **(е)**, *жаңы билим берүү технологиясын жүзөгө ашыруунун жол-жобосу* **(ё)** белгиленет. Алар дидактиканын базалык түшүнүктөрү болгон *окутуу*, *билим*, *көндүм*, *адат*, *педагогикалык процесс*, *окутуучу* жана *студент* деген түйүндүү сөздөрдүн өз ара катышында кыймылга келет.

Педагогикалык процессти ишке ашыруу үчүн дидактика - *анын түшүнүктөрү* (1), *негизги категориялары* (2), өз ара карым-катнашта турган башка нерселери жана аларды *иште колдонууда маанилүү рол ойногон функциясы* (3) толугу менен окуу жана окутуунун максатына көз каранды экендигин белгилей кетели. Анткени, кесиптик билим берүүнүн максаты *педагогикалык ишмердүүлүктө системаны түзүү кызматын аткарат* (4) да, ага ылайык *окутуунун* жана *тарбиялоонун мазмуну* (а), *методдору* (б) жана *каражаттары* (в) аныкталат. Кесиптик билим берүүнүн педагогикалык максаттарын азыркы окумуштуулар үчкө бөлүп карашат [89/21]. Алардын биринчиси – мамлекеттик нормативдик, экинчиси – коомдук-социалдык, үчүнчүсү – окутуучулардын демилгелеринен пайда болгон максаттар катары айкындалып, Болонья келишимине кирген мамлекеттердин окуу системасы ушул өңүттө жүзөгө ашып жатканын Л.П.Рябов белгилейт [225/124]. Анын пикирине таянсак, мамлекеттик нормативдик максаттар өлкөнүн *билим берүүгө болгон кызыкчылыгы менен түзүлүп, окуу стандарттарында чагылса*, коомдук-социалдык максаттар коомдогу түрдүү *социалдык катмарлардын кесипке болгон керектөөсүнөн түзүлүп*, өз кезегинде *кесипке карата рыноктун талабы кандай экендигин аныктоону* шарттайт. Азыркы мезгилдеги студенттин жарандык керектөөсүн эске алуу түздөн-түз ушул максаттар менен байланышып, окутуу шарттарын рыноктун талаптарын аткаруу багытында жолго коюп, учурдагы кесиптик билим берүүдө өтө маанилүү роль ойнойт. Өнүккөн өлкөлөрдө муну менен эсептешпей коюуга болбойт дешип, аны студенттин алган билимине карата кардардын (иш берүүчүнүн) талабын таанышат. Окуу процессинде *мындай*

*максаттарды аткарылбай калуу студентке сунушталган билимдин сапатына доо келтирип*, ага *жумшалган убакытты текке кеткендик* катары түшүндүрөт. Ошондуктан азыркы мезгилде дидактика коомчулукка сунушталган *ар бир кесип* мына ушул *социалдык чөйрөдө кардарлардын кызыкчылыгынын негизинде түзүлгөн максаттарга таянып иш жүргүзүүдө* гана натыйжа бере тургандыгын билет. Ал эми кесиптик билим берүү тармактарындагы окутуучулардын демилгелүү максаттары жогоруда *аталган максаттарды айкалыштыруу менен профилдик адистештирүүнүн окуу предметин* (1), *студенттерди кесипке карата даярдоо сапатын* (2), *окуу жайда студенттер билим ала турган илимий-теориялык базаны* (3), *студенттердин адистик көндүмдөрүн калыптандыруучу практикалык иш чараларды уюштуруу* (4) жана алардын *өндүрүш* (мектеп, ж. б.) *менен болгон кызматташуусун* (5), анын *натыйжасында кесипкөй көндүмдөрүнүн адатка айлануусун* (6) же болбосо булардын баары иш-билгиге айлануусун жолго коё алат.

Азыркы окутуучулардын демилгелүү максаттары жогорку мектептин калыптанган дидактикасы аныктаган максаттардан бир кыйла айырмалана тургандыгын эскерте кетели, б. а. анын мазмуну *студенттин жеке инсандык кызыкчылыктары карап адистик керектөөсүн калыптандыруу* (а), ага ылайык *билимди* (б), *көндүмдү* (в), *ишенимди* (г), *эстетикалык сезим, эмоционалдуу-экспрессивдүү, психологиялык ички дүйнөсүн* (д) ошол кесипте иштеп кетүүсүнө шарттоо жана аны жолго коюуга зарыл болгон проблемаларын чечүү менен байланышканын И.А.Майбуров туура көрсөтөт [181]. Ырас, мындай көрүнүш кесиптик билим берүү дидактикасын түп-тамырынан бери өзгөртүп жибербесе да, коюлган *максаттарды жүзөгө ашыруу зарылдыгынан* улам анын методологиясына, жыйынтыктоочу натыйжасына өзгөртүү киргизе тургандыгын Кыргызстандагы азыркы абал деле туюндуруп турат. М.Н. Недвецкаянын көз карашына таянып айтканда, жогорку кесиптик билим берүүдө ал (дидактика) окуусун аяктаган адис эмнени кантип чече ала тургандыгына карай *адистик даярдыгынын мазмунун көрсөтүүчү моделди алдын-ала аныктап*, анан *ага карата иш кылуу зарылдыгы* менен өз максатын айкындайт [193]. Чебер адистин бейнесин түзүүчү дидактиканын модели азыркы мезгилде *коомдук-социалдык турмуштун өз*

*талап кылып турган кесипке карата керектөөлөрдүн жыйындысынан түзүлүп*, анын мазмунунда филолог *адиске коюлуучу талаптар системалаштырылып* (а), *квалификациялык мүнөзү аныкталып* (б), *кызмат ордунда ийгиликке жетишүүчү сапаттардан топтоштурулуганы* (в) аркылуу айырмаланат. Дагы бир өзгөчөлүгү филолог *адистин кызмат ордундагы абалы гана эске алынбастан* (г), жарандык *жеке психологиялык сапаттары* (д), *оор* жана *опурталдуу кырдаалдарда эмне кыла алышты камсыздаган* (е) билим, практикалык көндүм, ишти уюштурууда жана аткарууда демилгечил аракеттердин адат болушу менен филолог адистин модели түзүлөт. Ал аркылуу жогорку кесиптик билим берүүдө *студентти окутууда* жана *тарбиялоодо психологиялык-педагогикалык проблемаларды чечүү жолдору* аныкталат. Ал эми чечүү жолдору окутуучулардын демилгелүү максаттары менен аткарылуучу *окуу пландарына* (1), *окуу (программаларына) силлабустарына* (2), аны ишке ашыруучу *окутуу методдоруна* (3) жана *окуу процессин уюштуруу абалына* (4) көз каранды болот да, өз кезегинде дидактикада коюлган максатка ылайыкташуусун талап кылат. Бул пикирге Н.Ф.Талызина да кошулат, б. а. чебер адистин бейнесин аныктоочу модел ал *кесипке ээ болгондон кийин чечүүгө зарыл болгон маселелерди бөлүп көрсөтүү* (1) аркылуу жана алардын *типтүү касиеттерин аныктоо* (б), ал тургай *типтүү кырдаалдарын* (в), ал *кырдаалга кабылган адистин психологиялык ал-абалын* (г) эске алуу менен *окутууну* (2), ошондой эле *окуу-практикалык иш чараларды уюштурууну* (3) да дидактиканын мазмунуна киргизет. Окумуштуулар арасында дидактикага карата ойдун бул багытта өзгөрүшү жогоруда аталган максаттарды жалпылаштыруудан гана чыкпастан, кесиптик билимге карай рынок шартында кардарлар (иш берүүчүлөр) аныктаган иш-билгилерди системага салуудан келип чыкканын көрүүгө болот. Эгер компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын талаптары ушундай болсо, анда филология багытындагы жогорку кесиптик билим берүүдө орун алган “кыргыз тили жана адабияты” бакалавр адистиги да мындан тышкары калуусу мүмкүн эмес. Бирок адистик иш-билгини калыптандыруучу максаттарды бир типте кароого болбойт. Алардын кесиптик билим берүүдө аткара турган кызматы ар түркүн болгондой эле жарандык коомдо алган орду, жашоо-тиричиликтеги миссиясы ар кыл болуп эсептелет. Ошондуктан, аларды жиктештирүү кандай зарыл болсо,

типтештирүү да ошондой эле маанилүү иш болуп саналат. Ырас Кыргызстанда бул багытта иштер эми-эми гана колго алынып жаткан менен эки баскычтуу кесиптик билим берүүнү максаттуу ишке ашырып калган өлкөлөрдө аны түрдүү аспектидеги *абалын изилдөө* **(а)**, *маани-маңызына баа берүү* **(б)**, *кылган кызматы* менен *аткарууда жеткен натыйжасына* **(в)** карап *ордун аныктоого* **(г)** аракет кылган окумуштуулар бар. Маселен, С.Д.Смирнов мындай типтүү маселелерди жалпылаштырып келип жогорку кесиптик билим берүүнүн максаттарынын үч баскычтуу иерархиясы боло тургандыгын билдирсе [235/125], биз аны азыркы мезгилдеги Кыргызстандагы филологиялык багытта жогорку кесиптик билим берүүдө кыргыз адабиятына тиешелүү маселелерге байланыштырып төмөнкүдөй жайгаштырдык:

1). Жогорку баскычы (бул иерархиядагы типтүү маселелер) бардык кесиптин ээлерине керек иш-билгилерди калыптандыруучу тапшырма-милдеттерден туруп, алар конкреттүү мазмунга ээ, бирок *адистиктен тышкары жашаган* (1) жана *азыркы тарыхый доордун өзүнө* (мамлекетине көз карандысыз) *тиешелүү жалпы көйгөйлөрдү* (мисалы, терроризм сыяктуу) *туура кабылдап* (2), адамзаттын *бейкут жашоосуна таандык проблемаларды чечүүгө көмөктөшүүгө милдеттендирген маселелерди аткарууга* (3) жөндөмдүү болгон окутуу жана тарбиялоо процессин ичине алат. Анын биринчиси - *адам экологиясы* (анын ичинде адамдын өзүн, руханий дүйнөсүн сактоо маселеси да бар) менен түздөн-түз байланышта болуп, *өзгөрүлгөн кырдаалга жараша окуу процессин уюштуруу* жана *жөнгө салуу менен түшүндүрүлсө*, экинчиси – жарандык коомдун дайыма өзгөрүлүп турушун эске алып, жаңырган чөйрөнүн ички табиятына таандык иш-билгилерге ээлик кылуу үчүн адам өзүн *өмүр бою билим алууга*, болгондо да *үзгүлтүксүз билим алууга* ар бир жаранды даярдоо болуп эсептелет. Глобалдашуу процессинен алганда бул баскычтын мазмуну кыргыз адабиятчысы үчүн *улуттук адабий баалуулуктарды билүү* (1) гана эмес, *дүйнөлүк адабий өнүгүштөргө, адабий процессте болуп жаткан жаңылыктар менен кабардар болууга* (2), *жаңычыл мазмунга ээ адабий-теориялык табылгаларды дайыма өздөштүрүп турууга* (3) кийинки муунда *эстетикалык табит туура калыптаныш үчүн* (4) новатордук чыгарма катары таанылган *көркөм туундунун оң* жана *терс жактарын жалпы адамзаттык*

*кызыкчылык менен элестүү баалап түшүндүрүүгө* (5) жеткиликтүү билим менен иш-билгинин болушун камсыздоочу адабий билим берүүнү талап кылып турат.

2). Ортоңку баскычы (бул иерархиядагы типтүү маселелер) мамлекет аныктаган тапшырма-милдеттерден туруп, улутка мүнөздүү “адам факторуна” айрыкча басым коюу менен бирге кесиптик билим берүүнү милдеттендирет, б. а. алар *кайсы кесипте болбосун адистин коомдук-социалдык чөйрө эмгектенүүсүнө жол ачып бере турган* (1) азыркы *түрдүү кырдаалдагы маселелерди жөнгө салуучу* (2) *билимге* жана *иш-билги сапаттарга ээ болуусун камсыздай алган* (3) окутуу менен тарбиялоо иш чараларын талап кылат. Алардын биринчиси – кыргыз тилинин Мамлекеттик макамга ээ болуусу, б. а. ар кыл расмий иш чаралардын жүрүшүнө түрдүү жанрдагы тексттердин керектелиши менен түшүндүрүлөт. Өнүккөн өлкөлөрдүн алкагынан алып караганда мамлекеттин кызыкчылыгына тиешелүү *бул проблемаларды чечүү аракети кыргызстандык окуу жайларда эми гана жаңыда башталып жатканын* көрүүгө болот. Ал тургай бул маселеге таптакыр көңүл бурбаган кесиптик билим берүүчү окуу жайлар да бар экенин эскерте кетели. Ал азыр өлкөдө бардык кесип боюнча Мамлекеттик стандарттарда аныкталган социалдык-личностук жана жалпы маданий (СЛМК) компетенциялардын мазмунунда жайгашкан өз ара пикирлешүүнү (коммуникативдик компетенциялар) аткаруучу *адабий тилдин көркөм-эстетикалык ролун* (1), *рухий маданияттын түрдүү кырдаалда колдонулушун камсыздоочу табиятын* (2), сүйлөшүүгө карата *кептин дараметин көрсөтүүчү ар кыл жанрдагы текст жаратуу чеберчилигин* (3) азыркы *жарандык коомго баары бир алып келүү зарылдыгын* (4) кесиптик билим берүү милдеттенээрин жокко чыгара албайт. Анткени, *ар түркүн деңгээлде болгон сүйлөшүү* (а), анда *колдонулуучу оозеки* жана *жазуу тексттери* (б), ал *чөйрөдөгүлөрдүн пикирлешүүсүн жөнгө салуу* (в), *айтылган ойдун образдуу* (г) жана *жеткиликтүү болушу* (д) үчүн көркөм сөз каражаттарын – адабий чыгармалардагы тропторду пайдалануу, анын негизинде позитивдүү эмоционалдуу-экспрессивдүү кырдаалдарды уюштуруу, анда тамаша сөздөрдү колдонуу, юмор жана күлкүлүү окуяларды айтып, көңүлдүү жагдай түзүү кайсы адистин болбосун ишке болгон маанайына жагымдуу таасир тийгизиши мүмкүн экенин эсепке алсак, бул адистин

коллективдеги артыкчылыгы экендигин өнүккөн өлкөлөр эбак эле аныктап (резюмеге өзүнчө пункт менен киргизип) койгонун белгилей кетели. Экинчиси – кыргыз эли калыптандырган *коомдук-социалдык чөйрөдө "жатык тилге" болгон муктаждык* адабий чыгармаларда "жашап келген" учкул, элестүү түшүнүктөрдү кайрадан элге кайтарып берүү зарылдыгын көрсөтүүдө. Түшүндүрүп айтканда өлкө ичиндеги чейрек кылымга жакын абал аныктагандай, *рыноктук расмий мамилелер, товар жүгүртүү иштеринде* ар бир товардын эмнеге арналганына *карапайым* (эне тилинен башка тилде түшүнбүгөндөр үчүн) *калк арасында түшүнүк берүү* (мисалы, товарды рекламалоо) *зарылдыгы* (1) кепке тиешелүү көркөм сөз каражаттарындагы маанини *түрдүү социалдык чөйрөгө* (иштин мазмунун жеткиликтүү түшүндүрүү үчүн) *алып чыгууга* (2) аргасыз болууда. Мындан тышкары сырттан келген *ар кыл түшүнүктөрдү* (а) жана *терминдерди* (б) калк арасына жеткирүүдө *адабий "жатык тилдин" ролу зор экендигин* (3), ал эми бул милдеттердин бардыгы *кыргыз эли аздектеп сактап* жана *өнүктүргөн адабий чыгармалардын арасында "катылып" жатканын* (4) мамлекетке таандык коомдук-социалдык сферанын түшүнө башташы адабий тилди көркөм чыгармада эле эмес, *бардык тармактар боюнча когнитивдүү жана концептуалдуу планда таанып-билүү* (5) менен бирге *окутуп үйрөтүүнүн жол-жобосун* (6) иштеп чыгуу зарылдыгын күн тартибине койду. Азыркы мезгилде адистештирүүнүн мазмуну өлкөдө бир катар түшүнүктөрдү жаңылап, *борбордон төмөн карай көрсөтмө катары келүүчү процесстин ролун жоюп*, бардык иш-аракетти окуу жайдын өзүнө калтыргандыктан, *кесиптин мурдагы маңызы түп орду менен өзгөрүп*, коомдо ээлеген позициясы боюнча бир катар иш-билги көндүмдөрдү талап кыла баштаганын белгилей кетели. Өз учурунда В.И.Загвязинский туура баамдагандай, **азыркы кесипкөй адис өз кесибине тиешелүү билимге гана ээ болбостон, иш-билги катары** *коомдун маанилүү маселелерин чече алган* **(а)**, өлкө ичинде жашаган *бардык улуттардын каада-салтын, маданий баалуулуктары* **(б)** менен анын *бөтөнчөлүктөрүн жакшы түшүнгөн* **(в)**, алардын *улуттук сезимдерине кылдат мамиле кыла билген* **(г)**, *диний ишенимдерин сыйлаган* **(д)**, *демократиянын шарттарын түшүнүү менен ачыктыкты баалаган* **(е)**, мекенчилдикти *национализм* жана *шовинизмден айырмалай алган* **(ё)** андан ары тереңдетип айтсак

[121/], каймана айтылган сүйлөмдөрдүн арасынан ушул маанидеги ойлорду аныктап билүүгө жетишкен адекваттуу, кандай кырдаал болсо да сергектик жана сабырдуулук көз караш менен дүйнө кабылдоого ээ болгон жаранды окутуп тарбиялоого милдеттүүлүктү түзүш керек болууда.

3). Төмөнкү баскычы (бул иерархиядагы типтүү маселелер) - жогорку мектептин дидактикасында кесиптик билим берүүнүн учурдагы максаттары - ар бир кесиптин өзүнө гана тиешелүү тапшырма-милдеттердин жыйындысын аткарууга багыт алгандык болуп саналат. Г.В.Завада кесипкөй *адис реалдуу турмушта кандай проблемаларды чечиши керек* болсо, бул *максаттын ишке аша турган көлөмү да, көп түрдүүлүгү да* ошого жараша аныкталарын айтат. Алар бардык кесиптер үчүн жалпысынан үч типке (изилдөөчүлүк, практикалык жана педагогикалык) бөлүнөт [122/160] Ырас, аталган үч типке кирген тапшырма-милдеттер кандай кесиптик билим берүүдө кандай максаттары жүзөгө ашыра тургандыгы филология боюнча мамлекеттик стандартта орун алгандыктан, анын баарын бул жерде кайра кайталоону туура көрбөдүк. Жогоруда биз аны системага салып *филолог адистин иш-билги сапаттарын* (компетенцияларын) аныктап берүүчү "паспорт" дегенибиз менен *анын кандай жолдор аркылуу ишке ашаарын ушул жерден тактап* алуу милдети турат. Тагыраак айтканда, дүйнөлүк билим берүүнүн алдыңкы тажрыйбаларынан түзүлгөн эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү, анда колдонулган мындай максаттардан калыптанган иш-билги сапаттардын жыйындысы – "кыргыз тили жана адабияты" боюнча *бакалаврдык даражанын кесиптик дараметин аныктоочу* "паспортто" камтууга аракеттендик. Мында көңүл буруучу башкы проблема адистештирүүгө коюлган максаттардын ордун аныктоо болсо, ал *окутулуп келген предметтердин мазмунунда кандай жайгашып* **(а)**, *кантип студенттерге билим болуп бериши мүмкүн* **(б)** экендигине тиешелүү *маселени коомчулуктун алдына көтөрүп чыгуу* **(в)** зарылдыгы менен коштолот. Бирок азыр иштеп жаткан кесиптик билим берүүнүн жүрүшүнөн алганда *кайсылары иш-билги үйрөтүп*, ал эми *кайсылары жөн эле маалымат берүү менен чектелип жатканы дале ачыкка чыга эле болгондуктан*, бүгүнкү күндө окутулуп жаткан сабактардын эмнеси маанилүү экендиги толук такталбай келет. Коюлган проблема мындан тышкары дагы бир катар суроолорго жооп берүүгө

милдеттендирип жаткандыктан, аны да ушул жерде тактап коюу зарылдыгы турат. Анткени компеттенттүүлүк парадигмасы филолог адистин өз кесиби боюнча иштеп кетүүсүнө кам көрүп, ага *реалдуу турмушта керек болгон бардык иш-билгилердин* (компетенциялардын) *калыптануусун* (1), болгондо да алар *азыркы тездик менен өзгөрүлүп жаткан кырдаалдарды толук эске алуу аркылуу ишке ашырылуусун* (2) талап кылгандыктан, *ал дайыма жаңырып туруучу кубулуш катары* (3) сунушталган предметтердин мазмунун ийкемдүү болушуна басым коёт.

Мындай шартта окуу планынын ролу зор экендигин эч ким жокко чыгара албайт. Акыркы мамлекеттик стандарт боюнча окуу планын түзүү мамлекет же министрлик тарабынан иштелип чыкпастан, ар бир *окуу жайдын проблеманы түшүнүү чеберчилигине* **(а)**, *профессордук-окутуучулар курамынын илимий-теориялык даярдыгына* **(б)**, ошол эле мезгилде жогоруда *аталган моделди жогорку окуу жайдын кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө жараша* **(в)** чечиле тургандыгын өнүккөн өлкөлөр эбак эле аныктап койгонун [142/24] эскертели. Ал эми окуу планынын мазмуну азыр бизде колдонулуп жаткандай, *мугалимдин жеке аброюна*, көп жыл окутулуп *окуу жайдын туруктуу дисциплинасы болуп калганына карай*, же *башка өлкөлөрдүн окуу пландарынан көчүрүлүп келип* түзүлбөстөн, кесипкөй адис болуусу үчүн эмнени окутуу керек, ал окутулуп жаткан предмет филологдун адистик жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда эмне кызмат аткара алат, ал адистин иш-билгиси (компетенциясы) үчүн керекпи же жокпу, эгер керек болсо кайсы баскычта турат деген суроолорго берген жообуна карай, б. а. компетенттүүлүк парадигмасында билим берүүнүн сапатын көтөрүүдө кандай кызмат аткара алаарына карата аныкталмакчы [140/121].

Бул суроолорду, ага тиешелүү түшүнүктөрдү, алар аркылуу аныкталуучу маселелерди өз алдына коюп Е.А. Волохова төмөнкүдөй жооп берет. “Что же обозначает это понятие? Что следует понимать под *содержанием образования?* При ответе на эти вопросы следует, прежде всего, иметь в виду ту систему научных знаний и связанных с ними практических умений, которыми необходимо овладеть обучаюшимся и которые способствуют развитию их умственных и творческих способностей. Вот почему в педагогике такое большое место занимали и занимают вопросы разработки тех исходных теоретических идей, которые должны

определять содержание образования” [84/147]. Е.А. Волохова белгилегендей, бардык кесипке даярдоодой эле филология багытында жогорку кесип катары “кыргыз тили жана адабияты” бакалавр адистигин даярдоодо ага сунушталган билим берүүнүн мазмунунун аныктоодо дисциплиналарды тандоонун өтө маанилүү объективдүү жана субъективдүү факторлору бар экендигин жокко чыгара албайбыз. Ошондой эле предметтерди сунуштоодо ошол *объективдүү* жана *субъективдүү факторлорду сөзсүз эске алуу* зарылдыгы турат. Андай *объективдүү факторлорду жалпылаштырып келип* педагог окумуштуулар үч чоң топко киргизишет. Анын биринчиси – билим берүүдө *кесипке карата коомдун керектөөсү*; экинчиси – *социалдык факторлордун таасири* жана *илим менен техниканын өсүшү*; үчүнчүсү – билим берүүгө катуу таасир берген *мамлекеттик идеология*.

Ал эми субъективдүү фактор катары *окумуштуулардын көз караштары* эсептелет [211/26], анткени алар *билим берүүнүн методологиясын аныктоодо кыйла таасирдүү орунда туруп* (1), кесиптик билим берүүнүн *мазмунун аныктоодо илимий-теориялык жактан экендигин* (2) илимий изилдөөлөрдө түшүндүрүлүп келет. Адабий билим берүүдө да аталган факторлордун ролу жогору экендигин айтпай коюуга болбойт. Компетенттүүлүккө негиздеп адабиятты окутууда да андай субъективдүү факторлорду эске алуу окуу пландарына *кыргыз адабияты боюнча предметтерди сунуштоодо* ар биринин *ролу канчалык экендигине* (1) гана жооп бербестен, аларды *кредиттик сааттарга жайгаштырууга* (2), бөлүнгөн саатты *кандай жолдор менен окутуп* (3), *керектүү иш-билгилерди* (компетенцияларды) *үйрөтүүгө милдеттүү ык-жолдордун* (4) көрсөтүүдө да аны изилдеген окумуштуулардын көз караштары маселени маанилүү кызмат кылып бере алганы менен баалуу болуп саналат. Окумуштуулардын *субъективдүү ойлору кесиптин коомдогу ордун аныктоодо* да таасирдүү экени байкалат. Мисалы, “кыргыз тили жана адабияты” адистиги филология тармактарында жогорку кесип – бакалавр катары таанылганы менен ал Кыргызстанда гана жашайт, *ага сырттан муктаждык жок сыяктуу сезилгенин бул тармакта эмгектенген адис-окумуштуулар айтып чыгышууда*. Илимий коомчулукта айтылган мындай көз караштын да белгилүү чындыгы бар экендигин жокко чыгарууга болбойт, анткени бул *кесипти тандагандар Кыргызстанда гана иштеп,* алган билими менен

өлкөдөн сырткa чыгууга алардын таптакыр мүмкүнчүлүгү жок экендиги ачык эле көрүнүп турат. Демек, аларды адистештирүүдө кесиптик иш-билги сапаттарын калыптандырууда *өлкөдө керектелүүчү компетенцияларга гана көңүл буруу* туурадай сезилет.

Бирок *адам жашоосунун глобалдашуусу (а)*, реалдуу *турмушка келип кирген рынок системасы* **(б)** акырындап *башка кесиптердей эле кыргыз тили жана адабияты адистерин өз кучагына тартып бара жатат*. Анткени мында, *орто* жана *кесиптик орто билим берүү мекемелеринде рынок шартындагы атаандашуучулук* (1), өзгөчө *жеке мектептердин өз имиджин көтөрүүгө болгон кызыкчылыктары* (2), *эмгекке карата төлөнгөн маянанын бирдей эместиги* (3), *ата-энелердин билимге карата талабынын жогорулашы* (4) жалпы адамзаттык проблемалардын болушу бул кесиптегилердин иш-билгиси (компетенциясы) да коомчулук талап кылган деңгээлде, ал эми билим сапаты учурдагы керектөөнү камсыздай алышын милдеттендирүүдө. Мындай көрүнүш бир эле билим берүү тармактарында болбостон, кыргыз тилинде иш алып барган *мезгилдүү басма сөз каражаттарында* (а), *медиа кызматтарында* (б), *илим изилдөө мекемелеринде* (в), *мамлекеттик башкаруу аппараттарында* (г), *муниципиалдык мекеме-уюмдарда* (д), ал тургай *бейөкмөт уюмдарда* (е) *социалдык чөйрө менен жеткиликтүү тил табыша алган* (ё) кимге болбосун керек экендигин көрсөтүүдө. *Кызматкер эмгек акысынын жогору болушуна карата* иш берүүчүдөн кандай талап койсо, иш берүүчү ошол маянага татыктуу кызмат көрсөтүүсүн, б. а. *кыргыз тилинде ишти уюштурууда оозеки* жана *жазма тексттерде оюн так жеткире алган*, коомдук-социалдык жактан түзүлгөн *түрдүү муктаждыкты таасын аткаруусун* адиске милдеттендирип келет. Ырас иш берүүчүнүн талаптары көп кырдуу болгону менен учурда дүйнөлүк коомчулукта колдонулуп жаткан рынок системасы адиске кандай иш-билги сапаттар керектигин аныктап берүүдө. Ошондой эле мында дайыма өзгөрүлүп турган замандын адистикке карата аныкталбаган талаптары да алдыда турганын эстен чыгарууга болбойт. Кыргызстандын окумуштуулары мына *ушул проблемаларды ар тараптуу изилдеп*, алар *кайсы компетенциялар аркылуу ишке аша турганын көрсөтүп*, эгер *ага тактоолор* (стандартты толуктоо үчүн) *керек болсо анын себептерин түшүндүрүлүп*, жаңыдан коомчулукка сунушталып жаткан

эки баскычтуу кесиптик билим берүүнүн алгылыктуу жактары менен бирге кемчиликтерин көрсөтүшү зарыл болуп турат. Кайсы тармакты албайлы, анын мазмуну рынок шарты аныктаган кырдаалга жооп бере алабы же жокпу чынында *аны менен катышы бар жерде иштегендер гана жеткиликтүү айта алаарын* эске алганда, адабиятчы-филолог адистин коом талап кылган деңгээлин *адабиятчылардын өздөрү* жана аны *иш менен камсыз кылган жумуш берүүчүлөр гана так көрсөтө алаары бышык*. Анткени кыргыз адабияты боюнча коомдук-социалдык керектөө кайсы багытта болушу мүмкүн экендигин адабиятчылар кырдаалды талдап түшүнсө, иш берүүчүлөр адистин социалдык керектөөнү кандай аткара алгандыгы менен кесиптик ишмердүүлүктү баалашат.

Ошол эле мезгилде рыноктук керектөөгө шылтап, адабий чыгармалардын мазмунунда жайгашкан адам баласы кылымдап топтолгон жакшы сапаттардын бардыгын жокко чыгарууга болбойт, б. а. буга чейин окутулуп келген адабий-көркөм дөөлөттөрдү кандай заман болбосун *кийинки муунга сунуштап кетүү*, зарылдыгына жараша үйрөтүү иштерисиз коомдун өзү кемчил болоору белгилүү экендигин моюнга алууга тийишпиз. Эгер коом кесипти жарандык кызыкчылыктан ажыратпай туруп, ага адистин керектөөсүн кошсо, анда бул мурда болуп келген окутуунун бир катар жактары азыр деле күчүндө турганын билдирет. Алар филолог-адабиятчы адис *жан дүйнөсү таза* (1), *коммуникативдүү бардык сапаттарга ээ* (2), *аксиологиялык ишмердүүлүктү толук өздөштүргөн* (3), *кесиптик таанып билүү ыкмаларын түрдүү кырдаалда колдоно алган* (4), *маданий деңгээли* (5), *эстетикалык табити боюнча коомчулукту канааттандыра алган* (6), *көп түрдүү адабий дүйнө кабылдоону түшүнгөн* (7) сапаттарга совет доорунда эле ээлик кылгандыгы менен туюндурулат. Бирок бул сапаттар учурда филолог адистерине керек иш-билгилерди канааттандыра албай жатат. Анын себебин төмөнкү кырдаалдар түшүндүрөт: а) *окуу жайды “эң жакшы” деген баалар менен бүтүрсө да алардын алган билими социалдык чөйрөнүн кызыкчылыгына туура келбей, иш таппай кыйналууда*; б) *жарандык чөйрөдө* (өзгөчө окуучулар, алардын ата-энеси менен кызматташууда) *окуу жайдан алган бүтүрүүчүнүн адабий билими иш-билги катары керектелбей келет*; в) эгемендүүлүктүн келиши адабий-көркөм тилди колдонуунун тармактар боюнча когнитивдүү жана концептуалдуу багыттагы

талаптарын күчөткөн болсо, *кыргыз адабиятчысы мындай мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануудан таптакыр сыртта калууда;* г) рыноктун кыргыз турмушуна батыл аралашуусу *мурда болуп көрбөгөн бир канча кесиптик багыттарды пайда кылган болсо да*, кыргыз адабиятчылары андан оолактоодо.

Ал эми объективдүү кырдаалдар менен аныкталган мындай факторлор педагогика илиминде филология багытында "кыргыз тили жана адабияты" адистиги боюнча бакаларвды кесиптик даярдыктан өткөрүүдө кыргыз адабиятына тиешелүү предметтердин билим берүүчүлүк ролун рынок шартына ылайыктап кайрадан карап чыгуу үчүн адабиятчы-педагогдордун кызыкчылыгын пайда кылууда. Анткени, филолог адис кайсы тармакта иштебесин анда өзүн-өзү жөндөмдүү адис экендигин көрсөтүүдө маанилүү роль ойной турган адабий чыгармачылыкка таандык айрым бир ишмердүүлүктө өз ишин уюштуруусу зарыл экендиги ачыкка чыгат. Мында өзгөчө кесипке ээ болгондон кийин реализациялануучу адистик иш-билгилер (компетенциялар) кайсы предметтердин базасында ишке ашуусу мүмкүн экендигине келгенде адабиятчы-педагогдор аткара турган иштердин арбындыгы байкалат. Тактап айтканда, ал иш-билгилер адабий-теориялык маалыматтар менен гана камсыз болбостугу азыр баарына белгилүү, б. а. иште жумушту аткаруу кызыкчылыктарына ылайык аны *реалдуу турмуштагы коомдук-социалдык керектөөлөр менен айкалыштырууда* (мисалы, макала жазуу, сценарий түзүү, доклад даярдоо, маек уюштуруу, ж. б.) тажрыйбаларга ээ кылуучу билгичтиктер менен камсыздоо окуу процесси аркылуу *жолго коюлууга тийиш*. Эгерде филолог адис *адабий-теориялык маалыматтарын турмуштук зарылдыктан келип чыккан ишмердүүлүк менен айкалыштыра албаса*, анда азыркы заман керектеген кесипке таандык негизги баалуулуктар – компетенцияларга ээ болбогону ачык көрүнөт. Буга кеңири токтолуп жатканыбыздын себеби, филология боюнча *мурда белгилүү болгон илимий-теориялык маалыматтарды, ачылыштард*ы, ошол *илимге таандык аныктама, түшүнүктөрдү* өздөштүрүү гана азыркы филологдун кесиптик даярдыгын, же билимин аныктабай калгандыгын түшүндүрүү болуп саналат. Демек, студент адистик билимге ээ болуш үчүн социум талап кылган кесиптик иш-билгилерди аткарууга милдеттүү болуп саналат, антпесе адистен *жөндөмдүүлүк менен аткарылуучу акыркы натыйжаны күткөн рыноктук*

*мамилелер солгундап кетүүсү*, же *болбосо токтоп калуусу* мүмкүн. Мындай кырдаалда *эң жаман абалга филолог адистин өзү кабылаарын эсепке алсак*, кесиптик билимди адистештирүүдө М.А.Адамко белгилегендей, *турмушта кездешүүчү түрдүү кырдаалга өз алдынча туура чечим кабыл алуу* менен бирге *аны эч кимге көз карандысыз өз аткара ала турган* ишмердүүлүккө ээ болуусун окуу жай камсыздаш керектиги ачыкка чыгат [5/13]. Себеби, окуу жай, анда эмгектенген педагогдор кесипке ээ кылыш үчүн студенттин *бир нече жылдык убактысын алып жаткандан кийин* ал кесип менен жумуш аткаруучу айрым бир көндүмдөрдү калыптандыруу максатында сабак учурунда практикалык иш тажрыйбаларды көрсөтүп, тигил же бул предметтин базасында иштелип чыккан окуу-методикалык иш чараларда иш-билгилердин үлгүсүн – аныктоосу маанилүү болуп турат. Бул азыркы парадигманы түзгөн мазмунду - иш-билгилерди фундаменталдуу илимдердин базасындагы практикада үйрөтүүдө *студенттин кесипке ээ болуу кызыкчылыктары* менен *жан дүйнөсүндө жаралган чыгармачыл потенциалына шайкеш келүүчү ойлоо тажрыйбасын* белгилүү бир дисциплиналарда интеграциялоого жол ачып берет. Ал азыркы дидактика илими аныктагандай, филолог адистерди жогорку кесиптик даярдыкка ээ кылуу үчүн калыптанып бүткөн салттуу - *белгилүү билимдердин суммасын өздөштүрүү*, аны *таанып-билүүнү үйрөтүү* жетишсиз болуп [69/8], кесиптик билим берүүдө өзүнүн демилгечилдиги менен дайыма көрүнө алган студентте предмет аралык системада калыптануучу иш-билги сапаттарды түзүп чыгуунун зарылдыгы байкалууда. Учурда адабий билим берүү бир гана окуу материалдарынан турбастыгы кандай белгилүү болсо, ага сөзсүз түрдө *ойлонуу* жана *ишмердүүлүктү калыптандыруучу рефлексивдүү мүнөзгө көндүмдөр* иштелип чыга турган процедуралык системаны кошуу керек болууда. Ошондо азыркы кесиптик билим берүү студент үчүн бир бүтүндүктү түзүп турган *адистикти калыптандыруучу илимий-теориялык маалыматтар* (1), аны *реалдуу турмуштук кырдаалдарга айкалыштырып таануу* (2), *кесипке ээ кылуучу ар түркүн ишмердүүлүккө* (3) негизделген адабий билим берүүнүн мазмунун аныктай алат да, анда турмушта керектелүүчү иш-билгилердин органикалык түрдө синтезделип “жашоосу” зарыл экендигин таанып билген билим башкы орунга чыгат. Ырас, дидактика *билим берүүнүн максаттарына ылайык келе турган* окутуу

жолдорун туура тандоо зарылдыгын эстен чыгарбайт. Кесиптик билим берүүнү компетенттүүлүккө негиздөө филология багытындагы мамлекеттик стандарттын талаптарын ишке ашырууда зарылдыгына жараша окутуу методдордун дифференцияланган эки классын – репродуктивдүү (мында белгилүү натыйжаларды белгилүү каражаттар менен алуу); продуктивдүү (аныкталган максаттарга жетүү үчүн жаңы максаттарды коюп, ага ылайык келүүчү жаңы каражаттарды колдонуу) метод катары иш-билги көндүмдөрдү калыптандыруучу ишмердүүлүктө, б. а. дайыма кыймылда турган окуу процессинде пайдаланууну талап кылууда. Бирок аталган окутуу методдорун ошол турушунда (салттуу формасында) колдонууга болбойт, анда филологиялык кесипке тиешелүү өзгөчөлүктөр менен азыркы кесиптик билим берүүнүн талаптарын айкалыштыруу аркылуу пайдалануу кесипкөй адиске коюлган кырдаалга жооп бериши мүмкүн. Ошондуктан окутуу методдору филолог адистердин кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандырууда азыркы *тез өзгөрүлүп жаткан заманды* (1), *филолог адиске реалдуу турмушта кездештирүүчү оор кырдаалдардагы анын таасирин* (2), андан *чыгуу жолдорун* (3), ар түркүн себептер менен *кесибин алмаштырууга зарыл болгон жагдайларды* (4), кесип которууда *түзүлгөн психологиялык оорчулуктарды* (5), *турмуштук сыноолорду жеңип кетүүгө* (6) карата *дүйнө кабылдоонун өзгөрүшүн* (7), *социалдык чөйрөдөгү келишпестикти жеңилдетүүчү дүйнө таанымдын түрдүү формаларына ээ болуучу касиеттерди* (8) адабий билимдерден алуу жолдорун, ык-усулдарын учурда жогорку деңгээлде иштелип чыккан интеграциялап окутуу технологиясына айкалыштырууга [6/215] милдеттенмекчи. Маселеге ушул жагынан караганда кыргыз адабияты боюнча сабактар филологдун кесиптик билимин калыптандырууда бардык жагынан өзгөрүүгө тийиш, б. а. көркөм-адабий жана эстетикалык билимдерге ээ кылуу үчүн руханий-нравалык, социалдык-психологиялык кырдаалды эске алуу менен, жарандык иш-аракеттерде көрүнүүчү иш-билгилердин *инсандык сапат катары чагылуусун* **(а)**, *коомдук-социалдык керектөөлөргө карата реализацияланышын* **(б)** жаңыланган окутуу формалары менен ык-усулдары моюнга алууга тийиш. Мында окутуу формаларынын ролу кыргыз адабияты боюнча дисциплиналардын мамлекеттик стандартта (мамлекеттик, регионалдык жана жогорку окуу жайына таандык

компонент экендигине карата) *алган ордуна*, билим берүүчүлүк максаттарына ылайык аныкталат. Ырас, окутуу формаларына, ык-усулдарына коюлган талаптар окутуу максаттарындагы гуманитаризациялоо, фундаменталдаштыруу жана профессионалдаштыруу маселелерин чечүү багытына жараша тандалып алынганы менен окуу процессинен алынган акыркы натыйжа адистик иш-билгилерден көрүнмөкчү.

Кыргызстанда кесиптик билим берүүнү гуманитаризациялоодо кыргыз адабияты маанилүү орунда тураарын эч ким жокко чыгара албайт. Анткени кыргыз адабияты башка адабий-маданий билим берүүлөрдөй эле ар бир *жарандын адеп-ахлактык* **(а)**, *руханий* **(б)**, *көркөм-эстетикалык дүйнө кабылдоосунун* **(в)** калыптанышына маанилүү роль ойноо менен *реалдуу турмушта өзүн-өзү өнүктүрүүдө* (1) жана *турмуштук түрдүү кырдаалда руханий* жана *маданий багытта өзүн реализациялоодо* (2) таасирдүү кызмат аткара алат. Кыргызстанда жашаган ар бир жаран *кыргыз коомчулугунда түзүлгөн каада-салттык мамилелерде* (а), *адабий түшүнүктөрдү ишке ашырууда* (б), көңүл ачуу же *көңүл көтөрүү максатында уюштурулган кечелерде* (в), *расмий жыйындарда* (г) өзүнүн көркөм чыгармачылыкты кабылдоо түшүнүгүн, эстетикалык табитин көрсөтпөй коё албаса, андай табитти коомчулукка жеткирүү филолог-адабиятчынын миссиясында турат. Экинчиден, ар бир жарандын турмушун көркөм чыгармасыз, көркөм-адабий ойлоосуз элестетүү кандай кыйын болсо, жарандык коомдун түрдүү кырдаалдарында түзүлгөн коммуникативдүү байланыштарда аны колдонуу чеберчилиги *инсандын рухий байлыгын* (а), *көркөм-эстетикалык табитин* (б), *улуттук адабий* (в) жана *маданий мурастарга карата мамилесин* (г), өзгөчө *жан дүйнөсүнүн тереңдигин* (д) же *тайыздыгын* (е) көрсөтүп турса, аны туура жолго коюу да адабиятчынын иш-билгисине айланууда. Көркөм-адабий ой жүгүртүүсүнүн кеңдиги жарандын өзгөчө иш-билги сапатын аныктаса, *көркөм-эстетикалык табиттин төмөндүгү* социалдык чөйрөдө иренжитүүнү жаратып, ал инсандык касиет-сапаттын азыркы заманга ылайык эместигин да далилдейт. Филолог адисти жалпы гуманитардык билимсиз элестетүү кыйын, ал эми анын иш билгиси өз кесибине карата коомчулук тарабынан коюлган талаптарга жооп бериши үчүн азыркы рынок шартын эсепке алуу зарылдыгы турат. Анткени, өлкө

ичиндеги мекеме-уюмдар рынок мамилеси менен иштеп жаткандыктан, гуманитардык билимдер калыптандыра турган сапаттар да андан алыстап кете албастыгы белгилүү чындык. Кызматка орношуу кызыкчылыгы социалдык расмий шарттарды эске алуу менен ага байланышкан жол-жоболорду окуу жайдан, өзгөчө окутуу иштеринен күтүүдө. Кыргыз адабиятын компеттентүүлүктүн негизинде окутуу студенттерде рынок талап кылынган иш-билгилерди калыптандыруу үчүн компетенцияларды аныктайт да, аны кредиттик технологияда жүзөгө ашырат. Ал иш-билгилер көндүм катары студентте орун алышы үчүн аталган жөндөмдөрдү жолго коюучу методдорду иштеп чыгууга аргасыз болот.

Мындай көрүнүш иш-билгилерди таанып-билүүнүн методологиясын түзүп чыгууга, чыгармачылыктын көп кырдуу табиятын студенттин практикалык ишмердүүлүктө өздөштүрүүсүнө басым коюп, дисциплиналарда *компетенциялардын туура бөлүнүшүн*, ар бир сабактын *аткара турган миссиясы эмне экендигин* толук тактоо зарылдыгын күн тартибине алып, окутулуп жаткан предметтердин мазмунун айкындоо шарт түзөт. Ырас, андай шартта кыргыз адабиятына таандык сабактар бир гана миссияны көздөбөй тургандыгы белгилүү. Бирок азыркы окуу процессинен алганда чечиле турган бир топ маселе бар экендиги көрүнөт. Алардын биринчиси - көп баскычтуу педагогикалык иш-аракетинде келечекте филолог адистин бейнеси (модели) кандай болуусуна тиешелүү болсо, экинчиси - реалдуу турмуштук шартта өз кесиби боюнча *ири ийгиликтерди жарата алган* **(а)**, *демилгечил* **(б)**, социалдык-психологиялык *жүрүм-туруму таасирдүү* **(в)**, *өзүн-өзү өнүктүрө алган* **(г)** инсанды калыптандырууда ар сабактын ролун аныктоо кызыкчылыгына байланыштуу түшүндүрүлөт. Ал максаттарды жарандык кызыкчылык менен өз ара айкалыштыруу кыргыз адабияты боюнча сабактардын мазмунун жаңылоо керектигин көрсөтүп, адабий-эстетикалык *нарк-насилди дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшүнө ылайыктап*, адабий чөйрөдө болуп жаткан *маданий процесстердин жаңылануусун*, көркөм-эстетикалык *баалуулуктарды аныктоодо* улуттук бийиктиктерди социалдык коомчулукка таасирдүү болуп жаткан утурумдук көрүнүштөр менен интеграциялап берүү зарылдыгын ачыкка чыгарууда. Мында бир катар жаңылануулар күтүлүүдө, б. а. *филолог адис аны өзүнөн кийинки муунга,*

*зарыл болсо замандаштарына да үйрөтүүгө жол чаап берүүсү* үчүн ар сабак адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү студенттерге түшүндүрүү менен гана чектелбестен, зарылдыгына жараша кандай текст болбосун талдай билүү иш-билгисине ээ кылуусу керек. Ал кыргыз адабияты боюнча сабактардан компетенттүүлүккө негиздеп окутууну - филолог адиске жалпы адамзаттык *көркөм-эстетикалык баалуулуктардын туундусу катары* ушул мезгилге келип жеткен эстетикалык табиттен улуттук жана дүйнөлүк *адабий чыгармачылыкты кароого* **(а)**, өз ара *салыштырып артыкчылыгын аныктоого* **(б)**, социалдык-психологиялык талаш-тартыштуу кырдаал түзүлсө, жалпы *адамзаттык көркөм-эстетикалык дөөлөттөргө артыкчылык берүүгө* **(в)**, дайыма *көркөм чыгармага тарыхый принципте мамиле кылып* **(г)**, өзүнүн *илимий-теориялык билимин колдонуп далилдөөгө* **(д)**, ар түркүн *адабий* жана *искусство агымдарынын артыкчылыгы менен кемчилдигин көрсөтө алууга* **(е)**, көркөм чыгарманы *жанрына карап талдоо жүргүзүүдө мыйзамченемдүүлүктөрүн таап* **(ё)**, *ынанымдуу чечмелеп берүүгө* **(з)** көнүктүрүүчү чыгармачыл өнөрканаларды сабактарда түзүү милдетин аркалап турат.

Адабий билим берүүнү иш-билгилерге (компетенцияларга) негиздөө *окутуунун мазмунун филолог адистин окуу ишмердүүлүгү аркылуу жетиле турган чыгармачыл өнөрканалар* (мастер-класс) аркылуу окутуу формаларына ирettүү жайгаштыруусун, б. а. окуу процессинде жана окуудан тышкаркы иштерде – *студенттердин чыгармачыл мекеме-уюмдар менен кызматташуусун* **(а)**, *илимий чыгармачыл иштерге катышуусун* **(б)**, *студенттик оюн-зоок, конкурс, фестивалдарда чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүсүн* **(в)**, *акын-жазуучулардын чыгармачыл кечесин уюштуруусун* **(г)**, түрдүү *республикалык* жана *эл аралык адабий сынактарда күчүн сынап көрүүсүн* **(д)**, ж. б. иш чараларда аткарылган жумуштар менен бирге коомдук-социалдык турмушта керектелүүчү жөндөмдөрүнө артыкчылык берүүсүн милдеттендирет. Коом талап кылган мындай иш-билгилерди окутуу системасына жайгаштыруу комплексттүү планда чечиле турган бир катар маселелерди өз ичине алат. Тактап айтканда, кыргыз адабияты боюнча сабактарды компетенттүүлүк негизде окутуу *учурдагы рынок мамилесиндеги керектөөлөрдөн* тышкары *адамзат калыптандырган баалуулуктардын негизгилерин сактап,*

аларды кийинки муунга калтыруу үчүн зарыл болгон маселелерди да билдирип үйрөтүүнү окуу иштерине калтырат. Кылымдап келе жаткан мындай традиция үч багытка – *окутуу системасын* демократиялаштыруу (1), *билимдин мазмунун* фундаменталдаштыруу (2), жана *билим табиятын* гуманитаризациялоого (3) басым жасап, окуу, ошондой эле окутуу жумуштарынан ага атайын убакыт (кредиттик сааттан) бөлүп берүүнү талап этүүдө.

Маселен, окуу иштерин демократиялаштыруу бир катар маселелердин туура чечилишин шарттайт, б. а. ал студентти субъекти катары кабылдоого алып келсе, мындай мамиле - өзгөчө кандай сабак болбосун *ойлордун көп түрдүүлүгүнө эркиндик берүү* **(а)**, *адабий анализдөө принциптеринде методологиялык жактан плюрализмди сактоо* **(б)**, окуу процессинде *негизги* жана *вариативдүү ойлоо маданиятын иштеп чыгуу* **(в)**, студенттин *жеке байкоолоруна кысым көрсөтпөстөн,* аны *далилдөөгө мүмкүнчүлүк түзүү* **(г)**, ж. б. кесиптик иш-билгилерди (компетенцияларды) калыптандырат. Ал эми сунушталган билимдин мазмунун фундаменталдаштыруу *мурунку доорлордо кандай керек болсо*, азыр да ошол маанисин жогото электигин белгилей кетели. Турмушка керектүү билимди аныктоо кызыкчылыгы канчалык талаш-тартыштуу болуп, ар бир адис өз көз карашын коргоого аракет кылып жаткан демократиялык коомдо кайсы тармактын болбосун фундаменталдуу касиетине болгон муктаждык ошончолук күчөп барат. Ким болбосун өз пикиринин туура же чындыкка жакын экендигин көрсөтүү үчүн негизги *аргументти байыртан иштелип чыккан*, өзгөчө *маани-маңызы аныкталган илимий ойлорго таянуу* аркылуу далилдөөгө кызыктар болгондуктан, илимдеги фундаментализм практикага үстөмдүк кылаары бышык. Маселен, бул принципке орус окумуштуулары да өзгөчө басым коюу менен мамиле тургандыктарын да айтпай кетүүгө болбойт. Анын “даяр түрүндө” келишин жактагандардын бири А.В.Хуторской *адамзат калыптандырган илимий-теориялык ойлорду жокко чыгаруу мүмкүн эместигин*, аныкталган теориялык түшүнүктөр менен азыркы мезгилдеги жаран сөзсүз куралданышы керектигин, ал тургай азыркы мезгилде эскирип калган көз караш, концепциялардан да *кесипкөй адистин маалыматы болушу зарылдыгын* (1), өзү тандап алган *кесипке ылайык жаңылануу процессин түшүнүп баалашын* (2), мындай шартта *керексизден*

*керектүүнү айырмалап билүүсүн* (3) адистик билимди фундаменталдаштыруу маселесинде негизги компетенциялар катары аныктаган болсо [259/58], кыргыз адабияты илимий деңгээли айкындалып бүткөн фундаменталдуу базасына, совет доорунда тоталитардык бийликтин таасири менен жазылган илимий-теориялык изилдөөлөрүнө, негизги окуу китеби катары колдонулуп келе жаткан К.Артыкбаев, М.Борбугулов, А.Садыков, ж. б. окуулуктарына дагы бир сыйра талдоо жүргүзүү менен *адабий-теориялык* **(а)**, *көркөм-эстетикалык илимий наркын кайрадан түзүү* **(б)**, өзгөчө соцреализмдин кысымында фактологиялык мазмунда жазылган касиетинен ажыратып, чыныгы *аксиологиялык нарк-насилде студентке жеткирүү* **(в)** милдети бар экени ачык байкалат. Тагыраак айтканда, кыргыз адабиятынын илимий-теориялык жактан фундаменталдаштыруу *тигил же бул илимий* концепцияга артыкчылык берүү эмес, филологиялык кесиптик билим берүүдө *ар бир көз караштын оң* (а) жана *терс жактарын* (б) *адабий-теориялык изилдөөлөр аркылуу "далилдөө"*, ал *агымдын* же *көз караштын чыгыш тенденцияларына* (в) эбак белгилүү болгон *илимий-теориялык ойлордун негизинде объективдүү баа берүү*, ар бир *агымдын пайда болуу себептерин көрсөтүү* (г), анын ири *жетишкендигин айкындай алган чыгармаларга талдоо жүргүзүү* (д), көркөм ойлоого, эстетикалык дөөлөттөргө, конкреттүү жанрга, чыгармачыл ой жорумдун индивидуалдуу сапатын айкындаган стилге, ж. б. *новатордук табылгаларына баа бере билүүнү* (е) сунуштаган окуу жүгү, анын базасын түзгөн адабият теориясынын негизинде филолог адистин системдүү ойлоосун тарбиялоо болуп саналат. Кыргыз адабияты боюнча сабактарды фундаменталдаштыруу мурдатан иштелип чыккан адабий теориялык "аныктамаларды" *ошол турушунда студентке сунуштоо эмес,* тескерисинче студенттердин талкуусуна салып, ар биринин ошол көз карашка карата мамилесин, оң жана терс пикирин билүү, буга чейин кеткен окумуштуулардын "аныктамаларында" катаны студенттердин өзүнө таптыруу, б. а. ар бир *студентти өз көз карашында туруп,* тарыхый принципти эске алуу менен саясий-социалдык, коомдук-экономикалык факторлордун алкагында жеке чыгармачыл изилдөөсүн жүргүзүүгө үйрөтүү, филолог адиске таандык компетенцияларды калыптандыруу менен реалдуу турмушта кездешүүчү ошол сындуу кырдаалдарда жол таап кетүүгө даярдоо вазыйпасын чечүү милдетин

аркалайт. Мунун өзү кыргыз адабияты сабактарын фундаменталдаштыруу аркылуу ушул тапта окуп жаткан “Адабият таанууга киришүү”, “Адабияттын практикуму”, “Адабият теориясы” жана “Кыргыз адабий сынынын тарыхы” дисциплиналарына теориянын өзүн дүңүнөн сунуштоону эмес, илимий-практикалык мазмундук табиятын жаңылоо зарылдыгын көрсөтсө, ал өзгөчө окуу пландарына илимий-теориялык жактан кескин жаңыланган толуктоолор жана аларды ишке ашыруучу окуу китептери, окуулуктар, окуу-методикалык база керек экендигин ачыкка чыгарат. Бирок адистин кесипкөйлүгүнө карата аныкталган талапты бир эле адабияттын илимий-теориялык табиятын аныктаган фундаментализм аркылуу чечип коюу мүмкүн эмес, б. а. ага башка илимдерден да илимий “толуктоолор” керек болуп саналат. Кесиптик билим берүүдө мындай “кенемтени толтуруу” адистештирүүнү гуманитаризациялоо принцибинде жүзөгө аша тургандыгы белгиленүүдө. Анын башаты алар аныктаган теориялык түшүнүктөр адабиятчыга чыгарманы талоо учурунда эле эмес, бардык шартта *көз карашын коргоо үчүн* ал илимидерде *айтылган ойлорго муктаж болуп турат*. Эгер коомдук илимдерди (философия, психология, социология, логика, ж. б.) филолог-адабиятчы *керектелүүчү учурларында зарылдыгына жараша* пайдаланса, анын бир бутагы болгон педагогиканы күндө колдонуп келет. Дүйнөлүк кесипттик билим берүү системасында аныкталгандай, педагогиканын жетишкендиктерин пайдаланууну окутуу формалары - тигил же бул сабакта *колдоно коюучу ыкмаларга*, чыгармачыл *мугалимдер иштеп чыккан методикалык усулдарга* тиешелүү маселелер менен чектөөгө болбойт. Анын табылгалары *окуучу менен “тил табышууда”* **(а)**, *ата-энелер менен кызматташууда* **(б)**, *тектек* же *таланттуу балдар менен иштешүүдө* **(в)**, окуу процессинде *татаал психологиялык кырдалды чечүүдө* **(г)**, кыйынчылыкты жоюу үчүн *жол издөөдө* **(д)**, *баланын аруу дүйнөсүн ачып-түшүнүүдө* **(е)** мугалимге түрдүү чеберчиликти табуу үчүн керек болоору бышык. Мында биз билим берүүнү гуманитаризациялоонун айрым белгилерин айтсак, анын кесиптик билим берүүдө алган орду бир кыйла терең, анткени филолог адиске компетенцияларды калыптандыруу да, ал *орто билим берүү мекемелеринде филолог мугалим пайдалануучу дидактиканын бирдиктүү мазмуну* да мына ушул принципке байланыштуу түзүлөт. Кыргыз адабияты боюнча сабактардын мазмунун

гуманитаризациялоо филологиялык багытта кыргыз тили жана адабияты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнү профессионалдаштырууга да өз таасирин тийгизет, б. а. ушул тапта окутулуп жаткан "Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын тарыхы", "Байыркы мезгилден XIX кылымга чейинки кыргыз адабияты", "Акындар чыгармачылыгын тарыхы", "XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы" жана "Соңку кыргыз адабияты", ж. б. ушул сыяктуу филологду адистештирүүдө профессионалдык мазмунга ээ сабактарды компетенттүүлүк парадигмасы аныктаган принциптерге ылайыктоо зарылдыгын көтөрөт. Анын биринчи багыты - А.В.Хуторской белгилегендей, *кесипке карата түзүлгөн социалдык*, студенттин *жарандыгын калыптандыруучу дүйнө таанымдык*, *компетенцияларга ээ болуу мүмкүндүгүн түзүү,* б. а. азыркы коом керектеген бардык гуманитардык маалыматтарды (билимди) зарыл *маселелерди жөнгө салуучу факторлорго* негизделиши керек [260] болсо, экинчи багыты - филолог адис иш-билгисинде дайыма колдонуучу *кыргыз адабиятына таандык илимий-теориялык мазмунду* **(а)**, анын ичинде пайда болгон *көркөм-эстетикалык табылгаларды* **(б)**, анын *жаралуу, калыптануу* жана *өнүгүү табиятын* **(в)**, *идеялык, поэтикалык жаңылануу кубулуштарын* **(г)**, адабий процессте болгон *тенденциялардын мыйзамченемдерин* **(д)**, аларды *талдоо принциптерин* **(е)** азыркы гуманитардык илимдер (философия, психология, социология, ж. б.) менен айкалыштырып өздөштүрүү десек, үчүнчү багыты – студенттин турмушунда кесиптик ишмердүүлүгү катары туруктуу орун алышын камсыздоочу, окуу процессин гуманитаризациялоонун базасында калыптанган методикалык б. а. *студенттин жеке анализинен синтезге өтүү* (1), буга чейин колдонулуп келген аныктаманы айтып берүүдөн *өз алдынча аракеттенип чындыгына жетүүчү долбоордук* (2) же *презентациялык иштер* (3), маанилүү түшүнүктөрдүн *студенттик аудиторияда моделдештирилиши* (4) сыяктуу профессионалдык компетенцияларга ээ болуучу иш чаралардын *системалуу аткарылышы* менен толукталат [8/11]. Демек, бул үч багыттын окуу процессине толук кандуу кириши студенттин кыргыз адабияты боюнча кесиптик билимин турмушта колдоно алуучу иш-билгилердин болушу менен аныктоого карай кеңири жол ачып берип, анын методикалык жактан жаңы мазмунга өтүшүн, б. а. адистештирилген дисциплиналар аркылуу көркөм-адабий жана эстетикалык

дөөлөттөрдү өздөштүрүүдө *таанып-билүүчүлүк, коммуникативдик* жана *аксиологиялык ишмердүүлүктү колдонуу* **(а)**, профессионалдык компетенттүүлүктүн *ар кыл сапаттык белгисин көрсөтүү чөйрөсүн аныктоо* **(б)**, ар бир саатта *белгилүү бир көндүмдөрдү пайда кылуучу мазмунду түзүү* **(в)**, *маалымат каражаттарын* жана *технологиясын өздөштүрүү ык-усулдарын пайдалануу* **(г)**, социалдык жактан *керектөө муктаждыгын жөнгө салуу* **(д)** иш чараларын өз ишинде колдонууну адат катары пайдаланган студенттин *рационалдуу иш аракетин* колдогон илимий-практикалык окутуп үйрөтүү технологиясын жетекчиликке алмакчы. Ошондой эле окуу процессинде бул үч багыттын бир жерде биригиши кыргыз адабияты боюнча билим берүүнү *турмуш менен түздөн-түз байланыштырып* (1), анын бардык кырдаалында *керек болуучу иш-билгилерди аныктоо милдетин өз алдына коюп* (2), *профессионалдаштырууда компетенцияларды калыптандырууга керек факторлорду айкындап алып* (3), анын негизинде филолог адис *өмүрүнүн бардык этаптарында чыгармачылык менен колдонуп* (4), зарылдыгына жараша *аны өнүктүрүүгө* (5), өзгөчө аны рухий байлык, энциклопедиялык билим, глобалдуу *ойлонууда "таяныч чекит" катары пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзүүнү* (6) окутуунун зарылдыгы катары алып чыгат. Анткени анын профессионалдык деңгээли качан жаш филолог адис турмуштук практикада ири ийгиликтерди реалдуу багындыра алганда гана көрүнөт. Ошондуктан кыргыз адабияты боюнча сабактардын студентке сунушталган мазмуну кыргыз адабиятында иштелип чыккан маалыматтарды берүү, б. а. бардыгын (буга чейин болуп келгендерди) окуу планына жайгаштыруу эмес, филологдун *кесиптик ишмердүүлүгүнө тикелей таасири тие турган*, реалдуу турмуштук шартта филолог катары бардык ишмердүүлүктө керектөөчү, ошондой эле филологдун *кесиптин маданиятына* (бардык тараптан сабаттуу болушуна) *кам көрө алган*, практикалык *чыгармачыл ишмердүүлүккө негизделген*, адабий-маданий *маанилүү көрүнүштөрдө* (мисалы жарыяланган конкурстарда) *өзүн көрсөтүүгө*, чыгармачылык *мүмкүнчүлүгүн далилдөөгө*, филологдун кесиптик чеберчилигин *аныктоочу концептуалдык долбоорлорго*, ал тургай эл аралык деңгээлде болуп жаткан *медиа кастингдерге катышууга* шарт түзүүчү билим болууга тийиш. Мунун өзү кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн методикалык доктринасын

иштеп чыгуу – чыгармачылыкты өркүндөтүү, кесиптик ишмердүүлүк катары *адабий талдоо иштерин толугу менен жолго койгон* **(а)**, коомдук-социалдык турмуштун *түрдүү кырдаалдарында көркөм сөз каражаттарын толук пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзгөн* **(б)** студентти **тилдик** (лингвопоэтикалык) жана **кептик** (риторико-коммуникативдик) даярдыктардан өткөрүү менен пайда болуучу иш-билгилерди калыптандыруучу жаңычыл окуу-методикалык окутуу формаларын, ык-усулдарын бириктирген комплексттүү багытта технологиясын түзүү зарылдыгын коёт. Бул технологиянын максаты студенттин кыргыз адабияты боюнча билимин практикалык иштердин мазмунунда окутуу менен жогорку баскычка чыгаруу, б. а. *кыргыз адабиятын башка адабияттар менен салыштырып үйрөнүүгө* **(а)**, салыштырууда *типологиянын ички, эл аралык деңгээлде колдонулган методикасын пайдалануу* **(б)**, адабий билим берүүнүн максатын жана мазмунун түзүүдө *дүйнөлүк филологиялык илим жетишкен изилдөө базасын колдонуу* **(в)**, кыргыз адабиятынын проблемаларын таанууда *билингвизм системасына өтүү* **(г)**, кыргыз адабиятынын маселелерин ишке ашырууда *адабий ишмердүүлүгүн чет өлкөлөрдө жүргүзүүгө шарт түзүүчү окутуу иш чараларын жолго коюу* **(д)** аркылуу аны окуу процессине киргизүү болуп саналат. Себеби кыргыз билим берүү системасын азыркы мезгилде дүйнөлүк билим берүү технологиясынын контекстинде кароо күч алып бара жаткандыктан, кыргыз адабияты боюнча адистештирүүнүн андан тышкары калуусу мүмкүн эмес. Мында башка предметтердей эле кыргыз адабияты инсанга багыттап окутуу концепциясын башкы орунга коё тургандыгын таанысак, анда компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселеси кыргыз филологиясы үчүн бир катар багытта иш алып барууну күн тартибине чыгарат. Алардын башкысы - ааламдашуу процессине катышуу, б. а. студенттердин *чет элде иштеп келүү кызыкчылыгын* **(а)**, чет элдик *окуу жайлар менен тыгыз байланышта чыгармачылык иштерди жүргүзүшүн* **(б)**, өзгөчө *илим изилдөө* **(в)**, *медиа системасында* **(г)**, мезгилдүү *маалымат каражаттарында иштөө* **(д)** талаптарын канааттандырууну көздөсө, экинчиси - филология багытында “кыргыз тили жана адабияты” адистигинде билим алган жаран адистикти бүтүп, дипломун алган соң, *чет өлкөдө түрдүү кызматтарда ишмердүүлүгүн жүргүзүү* менен бирге *андан ары билим алуусун улантып*, эл аралык *долбоорлордун*

*масштабында үзгүлтүксүз билим берүү системасынан пайдаланууга жол ачып* берүүгө тийиш аккретациялоо кызыкчылыгына басым коюуну милдеттендирүүдө. Бул учурда кыргыз адабияты боюнча билим берүү үчүн кыялый түшүнүк катары көрүнгөнү менен мындай көрүнүш компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын максаттары аркылуу өнүккөн өлкөлөрдө ишке ашып жаткан соң ага жетүүгө багыт алуу негизги маселелердин экендиги талашсыз. Өлкөдө *аккредитациялык иштерди жолго коюу жаңыдан башталып,* бул багытта иштердин аткарылышы жогорку окуу жайы үчүн перспективада турган иш чаралар болгондуктан, аны окутуу технологиясына кошуу кыргыз адабиятын окутууга арналган дисциплиналардын *окуу материалынын мазмунун аныктоодо* (1), өзгөчө *практикалык көндүмдөрдү калыптандыруучу сабактарды уюштурууда* (2), *тандоо курстарын сунуш кылууда* (3) окуу процессин дүйнөлүк билим берүүнүн контекстине өткөрүүгө, аларда аныкталган компетенциялар менен алып барууга маанилүү роль ойномокчу. Антпесе, азыр кыргыз адабияты боюнча билим берүү өзүнчө аралчада турат, б. а. ал сырттан, эл аралык жогорку кесиптик билим берүү системасынан эч нерсе албагандай эле, эл аралык деңгээлдеги мазмунга ээ нерсени башка өлкөлөргө өзүнөн чыгара элек. Эгер кыргыз адабияты боюнча жогорку кесиптик билим берүү ушул абалында кала турган болсо, анда ал адистештирүү даражасынан ажырай тургандыгы анык. Ошондуктан филология тармагында жогорку кесиптик билим берүү системасында кыргыз адабияты өнүккөн өлкөлөр иштеп чыккан иш тажрыйбаларды өз ишмердүүлүгүнө чыгармачылык менен пайдаланууга тийиш. Мында башкы кызыкчылык студенттерде иш-билгилердин калыптануусуна карай коюлгандыктан, билим берүүнүн *утурумдук керектөөсүнөн тартып* (1), азыр коомчулук үчүн маанилүү кыргыз тилинин Мамлекеттик тил статусунда турган *коммуникативдүү байланышты жогорку деңгээлде уюштуруу* (2), адабият күйөрмандарын *эл аралык байланышка чыгаруу* (3) сыяктуу бир катар компетенцияларды кыргыз адабияты боюнча предметтердин базасына жайгаштыруу, мындай адабий ишмердүүлүктү өзүнүн кесиби катары аныктагандарга *котормонун түрлөрүн* (сөзмө сөз которуу, маанисине жараша которуу, синхрондук котормо, көркөм котормо, б. ж.) адабий билим берүүнүн *мазмуну катары үйрөтүүнү өнүктүрүп* (4), ал аркылуу азыр филолог адиске зарыл

болуп турган *маданий аралык коммуникациянын бардык каражаттарынан пайдалана билүүнү* (5) филолог адабиятчыларга калыптандырууну чечүү керек болууда. Мындай иш-билгилердин башкы планга чыгышы кыргыз адабиятына тиешелүү дисциплиналардын контекстинде чет тилдердин *бирин үйрөнүүнү интеграциялоо зарылдыгын көрсөтүп*, көркөм чыгарманы *өзү* (котормосуз) *окуп-үйрөнүүгө*, анын натыйжасында дүйнө элдерине белгилүү акын же жазуучу жараткан конкреттүү чыгарманын *көркөм-эстетикалык нарк-насилин*, автордун *сүрөттөө манерасын*, *стилин*, дүйнө кабылдоо *чеберчилигин* таанып-билүү максаты гана коюлбастан, лингво-өлкө таануучулук компетенцияга ээ болушу - филолог адистин чыгармачылык ишмердүүлүгүнө өтө керек гезит-журналдарда, радио-телеберүүдө чет тилиндеги макала-маалыматтарды *котормосуз түшүнүүгө* **(а)**, зарыл болсо *иштиктүү каттарды жазууга* **(б)**, *сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө* **(в)**, чет элдиктер менен *келишим түзүп иштешүүгө* **(г)** таандык практикалык көндүмдөрдү – иш-билги билимди калыптандыруучу проблемаларын жолго коюучу окуу-методикалык инновациялык иштерди окуу процессинде жүргүзүү маселесин күн тартибине көтөрүп чыгууда. Азыр ушул тапта аталган маселенин чечиле электигине байланыштуу филологиялык багытта жогорку кесиптик билим берүүдө “кыргыз тили жана адабияты” боюнча бакалаврдык кесипти эңсеп келгендер жокко эсе болуп баратканын түшүндүрөт. Ал эми бул кесипке бюджеттик негизде тапшыргандар арасында сурамжылоо анкеталарын уюштурганыбызда студенттердин дээрлик көбү (73, 6 пайыз) ЖРТ (жалпы республикалык тесттирлөө) алган баллы өзү эңсеген кесипке жетпей калган үчүн ушул кесипти окуп калгандыгын билдиришкен. Келишимдик негизде окугандар бул кесипти тууугандарынын (ата-эне, ага-эжесинин) жардамы менен тандашканын сурамжылоого катышкандардын 82,4 пайызы моюнга алышкан. Өз каалоосу менен бул кесипти тандагандардын он пайызга чыкпай калышы кесиптик билим берүү системасы ойлоно турган маселе гана болбостон, *мамлекеттик дээңгэлде кечиктирилбей чечилүүчү иштер арбын экендигин да* көрсөтүп турат. Демек, маселени ушул бойдон калтырбай, тез арада жолго коё турган иштер концептуалдуу багыттарды талап кылган болсо, ал кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик билим берүүнү дүйнөлүк жетишкендиктер менен интеграциялоо зарылдыгын

көтөрүүдө. Филологиялык багыттын башка жогорку кесиптик билим берүү тармактарында (мисалы, англис, кытай, корей, япон, ж. б.) мындай иштер практикаланып, үч тил окутулуп өз натыйжасын бере баштаганы менен “кыргыз тили жана адабияты” адистигинде ал ишке ашпай жатканын жокко чыгара албайбыз. Ырас, анын натыйжага ээ болуусу ар түрдүү болгону менен качандыр бир мезгилде массалык масштабда ийгилик бере турганынан күдөр үсүүгө болбойт.

Аны кечиктирбей чечүү кыргыз педагогикалык коомчулугунун алдында турса, мындай көрүнүш кыргыз адабияты боюнча сабактарды гана эмес, аталган кесипке даярдоочу дисциплиналардын бардыгынын мазмунун жаңылоо керектигин ачыкка чыгарат. Кесип кыргыз тили жана адабиятына таандык болгондуктан, проблеманы чечүү маселесинде кыргыз адабиятына тиешелүү сабактардын мазмуну (кыргыз тилине таандык сабактар да ошондой эле жоопкер) стандарт белгилеген компетенциялардын чен-өлчөмдөрүнө ылайык иш-билгилерди (билимдерди) дүйнөлүк деңгээлге чыгармайын маселе ушул ордунда тура берээри бышык. Айтылган ой абстрактуу көрүнгөнү менен ааламдашуу *процесси жарандык кызыкчылыктарды бир өлкөнүн алкагында кармап туруу мүмкүн эместигин* аныктагандай эле кесиптик иш-билгилерди да колдонуу мейкиндигин кеңейтип бара жатат. Турмуштук керектөөнүн талабы канчалык жогорулаган сайын рыноктук мамиледе конкуренцияга туруштук берүү үчүн иш-билгиге коюлган чен-өлчөмдүн өзү да татаалдашып барат. Бул *маалымат технологиясынын бардык булактарынын кыргыз жергесине келишине байланыштуу* десек, ал өз кезегинде бир катар объективдүү кырдаалды түзүп, кыргыз адабияты боюнча сабактардын мазмунун, окутуу технологиясын мындай жетишкендиктер менен **интеграциялоо ишин** жарандык коомчулуктун алдына коюуда. Ырас компетентүүлүк парадигмасы аны өзүнүн бир бутагы катары кабыл алып, О.В.Крючкова белгилегендей, *онлайн системасын колдонуу,* ал аркылуу *эл аралык талкууларга катышуу* [159/54] *иштерин жөнгө салуу* үчүн пайдалануу зарылдыгын көрсөтсө, экинчи бутагы – филологдун интеллектуалдык бийиктигине (эл аралык тилдердин биринде сүйлөө) кирип, кыргыз тили менен өзү өздөштүрүп жаткан тилди айкалыштырып, түрдүү сайттарда жазылган адабий чыгармалар (башка жанрдагы тексттер да кирет) менен да таанышып, бөлөк өлкөлөрдөгү *адабий-эстетикалык баалуулуктардан кабардар*

*болуу* **(а)**, аларды *кыргыз адабиятына таандык илимий-теориялык ойлор менен салыштыруу* **(б)**, ж. б. маселелерге болсо, үчүнчү бутагы - кыргыз адабиятындагы *новатордук табылгаларды дүйнө жүзүнө жайылтуу* **(в)** милдеттерин адабиячы-филологдун иш-билгисине (компетенциясына) жүктөйт. Төртүнчү бутагы - сабактардын мазмунун онлайн системасына *чыгаруу* **(г)**, адистештирүүчү жаңы маалыматтарды жогорку окуу жайдын *сайттарына жайгаштыруу* **(д)** сыяктуу окуу жана окутууга тиешелүү иш чараларды адабий билим берүүнүн системасына киргизүүнү күн тартибине коюуда.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабияты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн азыркы дидактикалык системада аракетке келүүсү ар бир *студенттин жарандык кызыкчылыгын* (1), *кесипке карата рыноктук мамилелердин керектөөсүн* (2) башкы планга коюу менен жогорку окуу жайдын *ички* жана *тышкы конкуренцияга туруштук берүүчү шарттарды эске алуу аркылуу* (3) алардын өлкөдөгү *аймактык ордуна* (борбордо, региондо), *мамлекет алдында алган миссиясына* (улуттук, эл аралык), *тармактык өзгөчөлүгүнө* (гуманитардык), *ишмердүүлүгүнө* (педагогикалык, ж. б.), *талантына* (сүрөт, өнөр, ж. б.), *чеберчилигине* (политехникалык, ж. б.) карай **иш билгинин ийкемдүү формада болушун** камсыздап, *адистешүүгө* же аң сезимдеги коомдук-социалдык мамилелердин кесипти керектөөсүнө ылайык дайыма жаңылануусун талап кылууда. Анткени кыргыз адабияты коомдогу пикирлешүүдөгү элестүү ойлонуу табиятын "башкарып", кептин түрдүү формасында аракетке келүүчү "жандуу сүйлөшүүнү" уюштуруучу каражат катары бардык тармакта адабий тилдин кыймылга келтиргени менен маанилүү болуп саналат. Бул маселелерди окуу жана окутуу процессинде чечүү жогорку кесиптик билим берүүнүн дидактикасындагы зарыл маселелер экендиги өзүнөн-өзү көрүнөт.

## 2-глава боюнча корутунду

Бул главаны жыйынтыктап төмөнкүдөй корутунду чыгарууга болот:

1) Проблеманы чечүү үчүн мыйзамдык негизи жүзөгө ашып калганын айтпай кетүүгө болбойт, б. а. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү" мыйзамында, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кабыл

алынган "Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасына карата убактылуу мамлекеттик талаптарында" филологиялык багытта жогорку кесиптик билим берүүгө максаттанган жогорку окуу жайларынын жоболорунда компетенттүүлүк парадигмасына негиздөөнүн жолдору белгилүү деңгээлде иштелип чыккандыгын көрүүгө болот.

2) "Компетенттүүлүк" өз ичине *билимди таанып билүү* (когнитивдүү) жана *практикалоодон* тышкары *этикалык, социалдык жана жүрүм-турум касиеттерин мотивдештирип үйрөнүүнү* жетекчиликке ала тургандыгы туюндурулуп түшүндүрүлүүдө. Өнүккөн өлкөлөрдө билим берүү негизинен үч багытта – а) кандай билим болсо да *анын тарыхый баскан жолу боло тургандыгын*, ал жолду басып өтүүдө кетирген кемчилдиктери менен жетишкен ийгиликтери кантип калыптанганын, ийгиликтер кандай жол менен жаралып, ал эми кемчилдиктердин болушуна кандай жагдайлар себепкер экенин теориялык негизде билүү зарылдыгы; б) ар бир ийгиликтин да, ошондой эле ар бир кемчилдик да ошол билимдин илимий негизин түзө тургандыгын, аны изилдөө, калыптануу процесси менен айкалыштыра кароо, талдоо жана синтездөө, туруктуу жол-жоболору аныкталган соң аны теориялык негиз катары кабылдоо менен аларды таануу жана үйрөнүү; в) ошол билимдин азыркы турмушка канчалык керектигин практикадан өткөрүү, эгер ал билим бүгүнкү күн үчүн адам баласына керек болсо, анда анын кайсыларын үйрөнүү жана үйрөтүү зарылдыгын аныктоо, б. а. кесипкөй адистин өндүрүш менен болгон байланышын түзүп туруу; ж. б. Кыргыз адабияты боюнча предметтердин мазмуну төмөнкү факторлорго карата өзгөрө тургандыгы аныкталды, алар: 1) Азыркы коомдук-социалдык турмуштун *тез* жана *кескин өзгөрүүлөргө туш болушу* жана *анын натыйжасында кесипке карата* талаптардын жаңылануусу*;* 2) Азыркы дүйнөлүк билим берүү *жогорку кесиптик билим берүүнүн* интеграцияланышын, ал тармактар *бирдиктүү билим* сапатына жооп берүүсүн *талап кылууда;* 3) Коом канчалык тез өзгөрсө *билим берүү да ошончолук тездик менен* жаңыланууну коштоп туруу үчүн Болонья келишими *зачеттук бирдик системасын (ECTS) киргизип,* анын талабы боюнча *аны кабылдаган мамлекеттердеги кесиптик билим берүү стандарттары* бирдей деңгээлге келүүсүн, ошол стандарттын негизинде *кесипке ээ болгон жаран өзү каалаган өлкөдө иштеп кетүүсүнө* кепилдик берген

**билим сапатын** *милдеттендирүүдө.* Зачеттук бирдик мамлекеттин ички кызыкчылыктарын эске алганы менен жалпы филологиялык, анын ичинде адабият боюнча билим берүүнү эл аралык деңгээлде *коюлган компетенцияларга негиздөөнү*, өзгөчө филолог адистин турмушуна тикелей *керек болгон жагын үйрөтүүнү* зарыл маселе катары аныктоодо.

3) Дүйнөлүк билим берүү колдонгон компетенциялардын жыйындысы - кыргыз тили жана адабияты боюнча жогорку кесиптик (бакалаврдык даражада) билим берүүгө максаттанган “паспорт” - мурда окутулуп келген предметтердин мазмунунун ошол турушунда пайдаланууга мүмкүн эместиги ачыкка чыгарды, бирок компеттенттүүлүк парадигмасы кыргыз адабияты боюнча сунушталган предметтердин ордун аныктоодо филолог *адистин өз кесибинде иштеп кетүүсүнө кам көргөн*, реалдуу *турмушта керек болуучу иш-билги сапаттарды калыптандырган* мамлекеттик стандартка туура келүүчү окуу планын түзүүнү окуу жайга милдеттендирүүдө.

4) Азыркы кесиптик билим берүү концепциясында билимди рынок мамилелери аныктагандыгына байланыштуу ага “товар катары” мамиле кылуу зарылдыгы коюлууда, б. а. ал ар бир окуу жайдын рынок шартында конкуренцияга катышуусуна, окутуу процессинде *иш-билги проблеманы түшүнүү чеберчилигине,* мамлекет же министрлик тарабынан сунушталган моделди (мамлекеттик стандартты) окуу жайдын эмгек жамаатынын кесипке карата керектөөнү *кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө* жараша адистештирүү деңгээли аныкталууда. Филологиялык багытта кесиптик билим берүүнү профессионалдаштыруу ушул тапта окутулуп жаткан окуу планын жаңылоо - “Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын тарыхы”, “Байыркы мезгилден XIX кылымга чейинки кыргыз адабияты”, “Акындар чыгармачылыгын тарыхы”, “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” жана “Соңку кыргыз адабияты”, ж. б. ушул сыяктуу предметтерди компетенттүүлүк парадигмасы аныктаган принциптерге ылайыктоо зарылдыгын көрсөтүүдө. Анын биринчиси, *кесипке карата түзүлгөн социалдык*, студенттин *жарандыгын калыптандыруучу дүйнө таанымдык, компетенцияларга ээ болуу мүмкүндүгүн түзүүчү методикалык маселелерди жөнгө салуучу факторлорго* негизделиши керек болсо, экинчиси - филолог адистин кыргыз адабиятына таандык илимий-

теориялык мазмунду, анын ичинде пайда болгон көркөм-эстетикалык табылгаларды, анын жаралуу, калыптануу жана өнүгүү табиятын, идеялык, поэтикалык жаңылануу кубулуштарын, адабий процессте болгон тенденциялардын мыйзамченемдерин, аларды талдоо принциптерин өздөштүрүү, ал эми үчүнчүсү – методикалык, б. а. *студенттин жеке анализинен синтезге өтүү*, буга чейин *колдонулуп келген аныктаманын чындыгына жетүүчү долбоордук* же *презентациялык иштер, маанилүү түшүнүктөрдүн студенттик аудиторияда моделдештирилиши* аркылуу *профессионалдык компетенцияларга ээ болуучу иш чаралардын системалуу аткарылуучу иш чаралар* менен толуктальшын талап кылаары байкалды.

5) Кыргыз адабияты боюнча билим берүүдө адистештирилген дисциплиналар аркылуу компетенцияларды калыптандырууда ар бир саатта белгилүү бир иш-билги көндүмдөрдү пайда кылуучу көркөм-адабий жана эстетикалык дөөлөттөрдү өздөштүрүү мазмунун аныктап. профессионалдык компетенттүүлүктүн ар кыл сапаттык белгисин көрсөтүүчү *таанып-билүүчүлүк, коммуникативдик* жана *аксиологиялык ишмердүүлүктү* колдонуу чөйрөсүн, социалдык жактан керектөө муктаждыгын жөнгө салуучу методикалык, *маалымат каражаттарын* жана *технологиясын өздөштүрүү ык-усулдарын*, өз ишинде колдонууну адат катары пайдаланган студенттин *рационалдуу иш аракетин* колдогон илимий-практикалык окутуп үйрөтүү технологиясын жетекчиликке алса, окуу процесси натыйжа бере тургандыгы такталды.

6) Кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн доктринасын иштеп чыгууда инсанга багыттап окутуу концепциясын башкы орунга коюу менен бирге анда компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселеси кыргыз филологунун *чет элде иштеп келүү кызыкчылыгын*, чет элдик окуу жайлар менен тыгыз байланышта *чыгармачылык иштерди жүргүзүшүн*, өзгөчө илим *изилдөө, иштөө талаптарын* да эске алуу менен ишти уюштуруу зарылдыгын көрсөтүүдө.

Глава 3. **Кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы**

## 3. 1. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарынын базалык бөлүмдөрүндө кыргыз адабиятына тиешелүү предметтерди компетенттүүлүккө негиздеп окутуу

Кийинки мезгилдерде "окутуунун методикасы" дегенге караганда "окутуунун технологиясы" аттуу түшүнүк педагогика илиминде көбүрөөк колдонула баштады. Кээ бир жерлерде "методика" термини "технологияга" синоним термин катары пайдаланылып келсе, көп учурда *методика* технологиянын *ичине кирип кете турган тар түшүнүк катары* аныкталууда. Ошондуктан, кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу технологиясына киришүүдөн мурда ушул эки терминдин айырмасын бөлүп көрсөтүү зарылдыгы турат. Анткени, маселе окутуу технологиясына тиешелүү болгондуктан, анын маанисин, биз эмне маселелер жөнүндө кеп кылууну максаттанып жатканыбызды педагогикалык коомчулук билиши керек болууда. Тактап айтканда, биринчи "окутуунун технологиясына" толук аныктама берүү, анын окутуунун методикасынан болгон айырмасын көрсөтүү бул жерде талдоого алына турган проблеманын башын ачууга, негизги анализге алынуучу технология түшүнүгү өз ичине *эмнелерди камтый тургандыгын*, алар *окуу процессинде кандай орунга ээ экендигин* билүү максаттары менен да айкашаары белгилүү. "Окутуу технологиясы" бир караганда "билим берүү технологиясы" деген түшүнүккө жакын турганы менен мазмуну бир кыйла тар экендигин качан аталган түшүнүктөргө талдоо жүргүзүп, ар биринин өз маанисин берүүгө аракет кылган учурда ачыкка чыгат. "Билим берүү технологиясы" өз ичине педагогикалык процесске таандык бардык маселелерди өз кучагына алгандыктан, аны илимий-теориялык изилдөөлөр "педагогикалык технология" деген аталыш менен да берип жүрүшөт. Алардын айрымдарына токтоло турган болсок, мисалы В.П.Беспалько: "Педагогическая технология - это содержательная техника реализации учебного процесса" [80/] десе, И.П.Волков: "Педагогическая технология - это описание процесса достижения планируемых результатов обучения", М.Чошанов: "Технология обучения - это составная процессуальная часть

дидактической системы” [268], В.М.Монахов: “Педагогическая технология - это продуманная во всех деталях модель совместной педагогической деятельности по проектированию, организации и проведению учебного процесса с безусловным обеспечением комфортных условий для учащихся и учителя” деген пикирлерин келтирүүгө болот. Ушул эле жерге ЮНЕСКО тарабынан берилген аныктаманы да кыстара кетүүнү туура көрдүк, анда: “Педагогическая технология - это системный метод создания, применения и определения всего процесса преподавания и усвоения знаний с учетом технических и человеческих ресурсов и их взаимодействия, ставящей своей задачей оптимизацию форм образования”, - деп белгиленет. Сунушталган көз караштар ар бир өз алдынча аныктама берүүгө аракеттенгени менен алардын баары окуу процессине тиешелүү бир бүтүндүктү өз тарабынан караганы болбосо, маани-маңызы боюнча жалпы бир түшүнүктү айтып жаткандары ачык эле байкалат. Ырас, биз бул жерде айрым-айрым айтылган гана ойлорду алганыбызда белгилей кетели, болбосо педагогикалык процесске ким кайрылбасын анын баары бул түшүнүккө өз аныктамасын берүүгө аракеттенгенин айтпай кетүүгө болбойт.

Эгер окутуунун технологиясына аныктама берүүгө аракеттенгендердин изилдөөлөрүн карап, өз ара салыштыра турган болсок, кими болбосун окуу процессине таандык, бири-бири менен өтө тыгыз байланышта турган үч түшүнүктүн – *методология*, *стратегия* жана *тактиканын* өз ара жуурулушкан байланышындагы окутуу процессинин максаттуу аракетин талдоодон чыгышканы даана көрүнөт. Бирок, алардын ар бирин мисалы “окутуунун методологиялык технологиясы”, “окутуунун стратегиялык технологиясы” жана “окутуунун тактикалык технологиясы” деп өз алдынча изилдөө объектиси кылып карагандар да кездеше тургандыгын белгилей кетели. Ошондой эле алардын бардыгын бир бүтүн система экенин баамдашып, “педагогикалык технология” деген жалпы аталыш менен берүү аракети кийинки мезгилде педагогика илиминде күч алып бара жатат. Анткени, ал технология өз ичине *окуу* жана *окутуу иштерин толугу менен камтып*, окуу процессинде алдыга койгон педагогикалык максатка жетүү үчүн *окутуунун инструменталдык каражаттарын* жана *инсандагы бардык мүмкүнчүлүктөрдү* толук пайдалануучу методологиянын системдүү жыйындысы катары *ишке*

*ашырылуучу эрежелерди* туюндуруп келет. Окутуунун (педагогиканын) технологиясы компетенттүүлүккө негиздеп окутуу өз ичине максаттуу аткарылуучу төмөнкүдөй иш чараларды камтыйт: 1) студентте белгилүү компетенцияларды калыптандырууга катышы бар *окутуунун техникалык каражаттарын, ыкмаларды, объектилерди* максаттуу пайдалануу; 2) педагогикалык процессте *коммуникативдүүлүктү уюштуруу системасын* (бул кыргыз адабиятын окутууда өтө маанилүү орунда турат) жана *маалыматтарды жеткирүү* (презентация, ж. б.) *формаларын* педагогикалык иш чараларда максаттуу колдонуу; 3) окуучулардын (студенттердин) *таанып-билүү ишмердүүлүгүн башкаруу системасын* уюштуруу; 4) белгилүү маселелерди чечүү үчүн *педагогикалык процессте окутуу усулдарын жана каражаттарын максаттуу конструкциялоо*; 5) окуу жана окутуу процессинде иш-билги катары *компетенттүүлүктүн калыптанышын пландаштыруу*; 6) компетенциялардын калыптанышы үчүн *сабактын максатын коюу*, окутуу процессинде студенттердин *иш-билги сапатын ойготуу*, *аналикалык ой жүгүртүүгө багыттоо*, сунушталган илимий-теориялык маалыматтарды *студенттин жеке турмушу менен айкалыштыруу көндүмдөрүн пайда кылуу*; 7) окуу процессин *түрдүү мазмунда интеграциялоо*, окуу материалын *реалдуу турмуштун контекстинде комплекстүү кароого* үйрөтүү; 8) окуу процессинде *долбоорлоо технологиясын*, ар бир *студенттин өз алдынча жыйынтык чыгаруу системасын* иш-билги катары калыптандырууда колдонуу; 9) окутууну *коомдук-социалдык керектөө менен айкалыштыруу*, билим берүү методологиясында алган компетенцияларынын негизинде *өзүн-өзү реализациялоо иш-билгилерин* калыптандыруу; 10) азыркы дүйнөлүк билим берүү процессиндеги *баалоо системасын пайдалануу*, студенттерди *өзүн-өзү баалоого*, *кырдаалды*, мүмкүнчүлүгүн *сын көз менен карап баа берүү иш-билгисин* калыптандыруу.

Кыргыз адабияты филология багытында “кыргыз тили жана адабияты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн бир бутагы деп тааныганыбыз менен жогоруда белгиленген иш чараларды бир сабакта, же бир предметтин алкагында баарын аткарып жиберүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, *предметтин мазмунуна* (1), *мамлекеттик стандартта алган ордуна* (2), *окуу планында ээлеген максат-милдетине* (3), *модулдук өлчөмүнө* (4), *бөлүнгөн кредиттик сааттарга* (5) ылайык

окутуу технологиясындагы ордун аныктоо милдети турат. Бул кесипке багыттоочу мугалимдин өзү окуткан дисциплинасына карата субъективдүү мамилесинде чечиле турган нерсе катары көрүнгөнү менен компетенттүүлүк негизде окутууда студентте компетенцияларды калыптандыруу үчүн спецификалык өзгөчө деңгээли боло тургандыгын белгилей кетели. Анын биринчиси – модулдук деңгээл, бул азыр Кыргызстанда *жогорку кесиптик билим берүүдө* **(а)**, адистештирилген *кесиптик орто окуу жайларында* **(б)**, *орто билим берүү тармактарында* **(в)** кеңири жайыла баштагандыктан, аны эки баскычтуу кесиптик билим берүүнүн мазмунун түзгөн компетенттүүлүккө негиздеп окутуу методологиясы менен тыгыз байланышта кароодо өгөйлөнө турган маселе жок экендигин ачыкка чыгарат. Анын жогорку кесиптик билим берүүдө орду кандай, бул түшүнүктү кабылдоого карата окутуучулардын даярдыгын билүү максатында 116 мугалим менен аңгемелешүү жүргүзсөк, алардын баары тең модулдук система менен иштеп жатканын, ал эми 91и компетенциялар жана компетенттүүлүк жөнүндө маалыматтары бардыгын белгилешти. Алардын 9у модулдук окутууда компетенциялардын зарыл эместигин, эгер андай жөндөм керек болсо, *ким болбосун окууну аяктап, ишке орношкондон кийин деле өздөштүрүп алаарын*, окууну бүтө электе, ким кайсы кызматка орнош турганын билбеген соң андай компетенцияларды студенттердин *билишин камсыз кылууга аракеттенүү абсурд экенин* далилдөөгө, өздөрүнүн бул багыттагы жеке көз караштарын коргоого далалаттанышты. Суроого жооп бергендердин 7си модуль дегенди студенттердин билимин сессия ичинде эки же үч жолу текшерүү деп түшүнө тургандыгын белгилешсе, 9у мындай окутууга таптакыр каршы экенин, таанышсы (билгиси да) келбей тургандыгын айтып чыгышты. Ал эми модулдук системада компетенттүүлүктүн негизинде окутуу кантип пайдаланып жатышканын сураганда 116 мугалимдин 23ү гана жумушчу программаларын түзүүдө компетенцияларды камтууга аракеттенишкен болсо, калгандары аны кийинки окуу жылынан тарта жакшы түшүнүп алып анан колдоноорун билдиришкен. Мына бул көрүнүштүн өзү компетенттүүлүк негизде окутуу үчүн мугалимдердин *билимин, түшүнүгүн*, аны *кантип колдонуу керектиги* тууралуу прикладдик маанисин, анын негизинде окутуу студенттерге кандай ийгиликтерди бериши мүмкүн экендигин

үйрөтүү үчүн окутуучуларга атайын методикалык семинарлар зарылдыгын көрсөттү.

Экинчиси – предметтик деңгээл, компеттентүүлүктүн негизинде окутуу мугалимге *өзү окутуп жаткан предметтин мазмунун терең түшүнүүдөн* тышкары ал предмет жогорку *кесиптик билим алып жаткан адиске кандай кызмат аткара тургандыгын билүүнү* да талап кылат. Ырас, ар бир мугалим өзүнүн окутуп жаткан сабагы абдан маанилүү экендигин аныктаса да, көпчүлүгү ошол предметтен студент кандай компетенцияларга ээ боло тургандыгын так көрсөтө алышпайт. Мындай көрүнүштүн өзү мугалим өзү окутуп жаткан предметинин канчалык маанилүү экендигин билбегендиктен эмес, анын жогорку кесиптик билим берүүдө кандай компетенцияларды *кайсы шартта калыптандырышы мүмкүн экендигин талдап*, аны максаттуу түрдө реалдуу турмуштук кырдаалдар менен айкалыштырып көрүп жыйынтык чыгара электигинде турат. Мугалим өзү окутуп жаткан предметинин ордун тактамайын, анын *студенттин кесиптик даярдыгына канчалык таасири болоорун аныктоо кыйын*. Ал эми азыркы билим берүү системасында, өзгөчө компетенттүүлүк парадигмасында студентке сунушталган маалыматтын баары эле билим боло бербей тургандыгы анык. Азыркы шартта студенттин ошол *предметтен алган билими анын* реалдуу жашоосуна кызмат кыла ала турган иш-билгиге (компетенцияларга) *жараша аныкталат*. Эгер анын реалдуу турмушуна өз таасирин тийгизе албаган предмет бекер кеткен кредиттик саат катары эсептелиниш керек. Биз тараптан жүргүзүлгөн сурамжылоо иштерине катышкан 116 мугалимдин 17си гана өзү окуткан предметтер студенттин кесиптик даярдыгына карата кандай компетенцияларга ээ кыла тургандыгын так айтса, 54ү кандай компетенцияларга ээ болушун өз алдынча аныктап, бирок ага эксперимент жүргүзбөгөндүгүн билдирди. Калган мугалимдер алар окутуп жаткан предмет зарыл болгон үчүн окуу планына киргизилгенин белгилешти. Мындай көрүнүш Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүүсүндө ар бир факультет тарабынан колдоого алына электигин, бардык мугалимдерге түшүндүрүү иштери толук уюштурулбай жаткандыгын ырастайт. Демек, бул маселе ар бир факультеттин окумуштуулар Кеңешине коюлуп, *адистер тарабынан кеңири талкуу жүргүзүлүп*, кесиптик билим берүүдө адистикке

сунушталган *дисциплиналар кандай максатта*, кайсы иш-билгилерди (компетенцияларды) калыптандырууга жөндөмдүү экендигине карай үчүн методикалык семинарлар, ал тургай конференциялар керек экендигин айкындоодо.

Үчүнчүсү – жалпы педагогикалык деңгээл, бул жалпы дидактикалык иштерди кучагына алганы менен ар бир жогорку окуу базасында аткаруучу, бири-бинен айырмана турган окутуу технологиясы бар экендигине негизделүү менен түшүндүрүлөт. Биз дүйнөлүк педагогикалык процессте практикаланып жаткан “окутуу технологиясынан” мына ушул маселеге токтолуп, аны чечмелеп берүүгө басым коёлу деп отурабыз. Анткени жалпы педагогикалык деңгээл менен *окутуу технологиясынын* айрым жерде окшош тартып, бирин-бири алмаштыруучу түшүнүккө ээ болсо, колдонулуп жаткан мазмуну боюнча кээ бир кырдаалда *бири экинчисинен маңызы тарабынан бөлөк боло калат*. Ошондуктан жалпы педагогикалык деңгээлди ар бир *дисциплинанын окутулуш абалына* **(а)**, берген *натыйжасынын деңгээлине* **(б)**, ал *кандай иш аракеттер менен жөнгө салынып жатканына* **(в)**, *окуу процессиндеги ордуна* **(г)**, *мугалимдин чыгармачыл ишмердүүлүгүнө* **(д)** багыт берүүчү, керек болсо, ар бир сабактын окутуу жумушу *сапаттуу билим берүүгө багыт алган* окуу жайдын өзүндөгү жалпы педагогикалык иш чаралардын жыйындысы катары кабылдоо туура болот. Экинчиден, мамлекет тарабынан сунушталган окуу стандарттары да жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайлар аркылуу ишке ашкандыктан, жарандык коомго жогорку кесиптик билим берүүдө окуу жайдын *алган статусуна* (мисалы, улуттук), *мамлекетте жайгашкан ордуна* (мисалы региондук), *көздөгөн миссиясына* (мисалы, ишки иштер же аскердик), *бөлүнгөн тармагына* (гуманитардык), карата каалайбы же каалабайлы баары бир ар бир окуу жайдын өзүнүн приоритетиндеги маселе болушу керектигин коомдук-социалдык кызыкчылыктар күн тартибине коюп баштагандыктан, жалпы педагогикалык деңгээл алардын ар бирин өз сратегиясын иштеп чыгууга аргасыз кылат Бул багыттагы иштер *рыноктук мамиледе бүтүрүүчүлөрү толук жумуш менен камсыз болушуна карата* окуу планын ыңгайлаштыруусун, ал өнүккүн өлкөлөрдөгүдөй жогорку окуу жайлардын имиджин Кыргызстанга, андан ары *чет өлкөдөгү жаштарга таанытуу менен* бирге окуу жайды бүткөн соң өзү каалаган кызматка орношуп кетүүсүн

камсыздашы керек. Ырас, мындай жалпы педагогикалык деңгээлди аныктоодо жана түзүүдө азыр өлкөдөгү бардык окуу жайдын кыйынчылыкка кабылып жатканы байкалат, б. а. эки баскычтуу кесиптик билим берүү өзүнө туура келүүчү педагогикалык технологияга ээ болуу зарылдыгын көрсөтүп, аталган деңгээлде мазмунду аныктоочу дидактикалык багытта иш чараларды аткарууну өлкөдөгү бардык окуу жайга милдеттендирип жаткан болсо, мындай иштерди жолго коюу үчүн дагы анда иштегендер – окуу жайдын жалпы эмгек жамааты биргелешип, конкуренцияга катышууга (рынок шартына ылайык) багыт алышы керек болууда.

Учурда өткөн кылымдан (совет доорунан) калган айрым механизмдер "иштеп жатканына" байланыштуу (бюджеттик орундарга квота берүү) бүтүрүүчүлөргө иш таап берүү кызыкчылыгы эч бир окуу жайда жолго коюла элек. Бирок мурунку он жылдыктарга салыштырмалуу жарандык коомдун буга карата кызыкчылыктары жогорулап бара жаткандыктан, окуу жайлар азыр өздөрүнүн бүтүрүүчүлөрү кайда иштеп жатканын сыймыктануу менен белгилешүүдө. Билим коомчулук тарабынан социалдык керектөө катары коюлуп жаткандыгынан улам адистештирүү башынан аягына чейин бир бүтүн система аныкталып, окуу жайдагы окуу процессин толугу менен кучагына (жаран окууга киргенден тартып бүтүргөнгө чейин) алган - *бир нече максаттарды, жаңычыл мазмунга ээ бир бүтүн система катары кароо кызыкчылыктарын бириктирген* кесиптик билим берүүнү уюштурууга жалпы педагогикалык деңгээлдин болушун талап кылууда. Тагыраак айтканда, өлкө ичинде бардык жогорку окуу жайларында *инновациялык* жана *интеграциялык окутуу формалары* менен *ык-усулдарын пайдаланган көрүнүштөр* болуп жатканы жаңылануу процесси ишке киришкенине мисал болуп берет дегенибиз менен окуу жайлардын биринде да жогорку кесиптик билим берүү боюнча өзүнүн педагогикалык деңгээли байкала элек. Алар изденүү жолун баштан кечирип, түрдүү мамлекеттердин жогорку кесиптик билим берүүдөгү жакшы жактарын алып, алардын жетишкендиктерин Кыргызстанда практикалоо аракетинде экени талашсыз. Бирок ар бир жогорку окуу жай кесиптик билим берүү маселесинде өзүнүн жалпы педагогикалык деңгээли болушу керектигин учурда көпчүлүк окуу жайлар сезе элек. Анткени бул жогорку кесиптик билим берүү системасында калыптана баштаган болсо, анда өлкөдө бир эле кесипти окуткан (мисалы, кыргыз

филологиясы) окуу жайлар *рыноктук керектөөлөргө карай* педагогикалык деңгээлин аныктоо менен аны жүзөгө ашыруучу стратегиясын тактоо, тактикасын иштеп чыгуу багытында иштерди аткарууга киришмек.

Биз эксперименттик иштерди жүргүзгөн жогорку окуу жайлардын баары (И.Арабаев атындагы КМПУ, К.Карасаев атындагы БГУ, К.Тыныстанов атындагы ЫМУ, ЖМУ, ж. б.) эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү стандарты ишке кирише баштагандан тартып, окуу-методикалык Кеңеш тарабынан компетенттүүлүккө негиздеп окутуу проблемасы боюнча бир топ маанилүү иштер аткарылып, мамлекеттик стандарт аныктаган компетенцияларды силлабустарга киргизип, аны сабактар боюнча жайгаштыруу иштери колго алынганын билдире кетели. Биз мындай шартта “Манас таануу сабагын кантип окутуу боюнча өзүбүздүн методикалык сунушубузду киргиздик (№ 2-тиркемени караңыз).

Тагыраак айтканда, мына ошол татаал тарыхый окуялуу доорлордогу кыргыз элинин көчмөн турмушу менен душмандарга каршы баатырдык күрөштөрү, социалдык-турмуштук ал-абалдары жан ага шайкеш келген адамдык мүнөздөрү, кылымдап калыптандырган салт-санаалары менен үрп-адаттарынын кыргыз эли жашоосунда ээлеген орду канчалык экенин бүгүнкү күндө ар бир жаранга жеткирүү милдети да мына ушул интеграциялоо аркылуу чечиле тургандыгы байкалды. Бирок, мунун баары өзүнөн-өзү ишке аша турган маселе эмес, аны толук жана кеңири масштабда жүзөгө ашыруу үчүн ар бир жогорку окуу жайдын өзүндө, ошондой эле Кыргызстандагы бардык жогорку кесиптик билим берүү тармактарын кучагына алган методологиялык технология керек экендигин ачыкка чыгарат. Ал “Манас” уулу жомогунун идеялык мазмунун түзүүдө кыргыз эли кылымдап калыптандырган энциклопедиялык түшүнүктөрдү кесиптик билим берүүнүн талаптарына ылайыктоо, б. а. окуу стандарттарынын базалык бөлүмүнө кирген *адистештирүүнүн максаттарына карай адабий-эстетикалык дөөлөттөрдүн касиетин ачуу* **(а)**, адабий билим берүүнүн *прикладдык* (колдонмо) *табиятын жакшыртуу* **(б)**, кыргыз эли байыртан колдонгон сөздүн, сөз айкашынын, сүйлөмдүн, ыр түрмөктөрүнө катылган түрдүү маанилердин, ар бир кесипке ылайык келе турган түйүндүү сөздөрдүн, *кесиптик түшүнүктөр* менен *терминдик маани-маңызын аныктоо* **(в)**, *предметтик мазмунун жеткире түшүндүрүү* **(г)**,

*аларды* компетенттүүлүктүн негизинде окутуу аркылуу студенттин кесиптик иш-билгисин (компетенцияларды) жеткиликтүү калыптандыруу гана азыркы жарандык коом керектеп турган маселелерди туура чечүүгө мүмкүндүк берээри белгилүү болду.

Ырас, буга чейин "Манас" эпосун орто мектепте окутуу багытында бир топ тажрыйбалар топтолуп [137], [197], кантип окутуу жөнүндө типтүү программа иштелип чыгып [196], ал тургай жогорку кесиптик билим берүүдө анын негизинде "Манас" эпосун кандай окутуунун маселелери каралса да, жогоруда аталган методологиялык технология өз ишин практикалай электигин белгилей кетели. Ал эми бул методологиялык технологияны иш жүзүнө ашыруучу стратегиялык технология ар бир окуу жайда өзүнчө иштелип чыгышы керектиги да ачыкка чыкты. Анткени компетенттүүлүккө негиздеп кесиптик билим берүү рынок шартындагы мамилелерди жетекчиликке алгандыгын эстен чыгарууга болбойт. Ошондуктан кайсы окуу жайы болбосун мындай стратегиялык технологияны жогорку кесиптик билим берүүдө колдонот, б. а. ички конкуренцияны эсепке алуу менен студенттин кесиптик ишмердүүлүгүнө карай коюлган социалдык керектөөнү жөнгө салуучу компетенцияларды калыптандыруу үчүн *педагогикалык технологиянын өзүнө тиешелүү жол-жобосун иштеп чыгуу кызыкчылыгы* стратегияны пайда кылуу менен бирге аны ишке ашыруу менен ийгилекке жетүүнү көздөйт. Бирок ал ошол окуу жайдагы *бардык кесиптик билим берүү тармактарын толугу менен кучагына алса гана* ийгилик бере алат. Стратегия кандай шартта болбосун ал ар бир *адистикке окутуп тарбиялоо системасын толук ичине алып*, студенттерде компетенциялардын калыптануусун, алар иштиктүү жөндөмдөргө ээ болушу үчүн методологиялык технологиядан келип чыккан перспективалык жол-жоболорду *ар бир кесиптин өзгөчөлүгүнө* (1), ага карата *коюлган рыноктук талаптарга* (2), *кардарлардын муктаждыгын* (3) жана *адис катары студент иштей турган социумдун бөтөнчөлүгүн эске алуу* (4) менен (диагноздоо принциптери аркылуу) төмөнкүдөй милдеттерди сөзсүз аткаруусун талап кыла тургандыгы ачыкка чыкты:

а) Студент кесипке ээ болгондон кийин кандай компетенцияларга ээ болушу керектигин ачык көрсөткөн **матрицаны түзүү** жана андан **адабий билим берүүнүн**

**ролун** аныктоо болуп саналат. Мында “Манас таануу” баш болгон кыргыз адабияты боюнча предметтердин орду аныкталып, алардын ар бири силлабусун, анда жайгашчу окуу материалын ошол матрицаны жетекчиликке алуу менен түзүп чыгуусу жана ишке ашыруусу зарыл.

б) Ал *матрица менен* окуу жайдын бардык педагогикалык системасын (эмгек жамаатын) тааныштыруу жана студент *реалдуу турмушунда, иштеген кесибинде пайдалануу үчүн* кайсы предмет **кандай иш-билгилерди** (компетенцияларды) **калыптандыруусу мүмкүн экендигин** ачыкка чыгарып, анын методологиялык, стратегиялык жана тактикалык технологияга карата иш пландарын *иштеп чыгуу*; “Манас таануу” баш болгон кыргыз адабияты боюнча предметтер кесиптик билим берүүнүн (филология, ж. б. багыттарда) составдык бир бөлүгү болсо гана компетенттүүлүк негизде окутуу окуу процессинде өз ордун табат жана алдына койгон максатын ишке ашыра алат. Мындай иштер азыр практикаланып жаткан окуу процессинде толук колго алына элек, аны ишке ашыруу зарылдыгы алдыда экендигин эскерте кетсек, ал бир катар иш чаралар менен коштолууга тийиш.

в) Компетенцияларды калыптандыруу үчүн *ар бир мугалимдин чыгармачыл аракетин колдоо* жана алардын *алгылыктуу жактарын факультет ичинде, методикалык семинарларда* жалпы окуу жайдын *мугалимдерине тааныштыруу*, б. а. ар бир мугалимдин жеке окутуу методикасын иштеп чыгууга өбөлгө түзүү маселеси алдыда турат. Анткени азыркы мезгилде ар бир предметти окутуу автономиялуу болуп, көпчүлүк учурда анын билим берүүчүлүк сапаты кафедралардын деңгээлинде болуп жатканы баарыбызга белгилүү. Бардык предметтер биригип келип студентке кесиптик билим берип жаткан соң алардын бардыгынын максатын бир жерге топтоо, студентти адистештирүүдө аларды ар бири же *биргелешип калыптандыруучу иш-билгилердин* (компетенцияларды) *ордун аныктоо,* стратегиялык технологияны иштеп чыгуу факультеттин функциясында турат, бирок бул маселе өз деңгээлинде чечиле элек. Ошондуктан факультет өзүндөгү окуу-методикалык секциялар менен окумуштуулар Кеңеши аркылуу ар бир мугалимге стратегиялык технологияны аткаруу боюнча методикалык көрсөтмө берүүгө тийиш. Студенттин иш-билгилерин (компетенцияларын) калыптандыруу башкы планда тургандыктан, ар бир мугалим өзүнүн предметинин спецификалык

өзгөчөлүгүнө ылайык окутуу методикасында иш алып баруусу маанилүү. Маселен, "Манас таануу" баш болгон кыргыз адабияты боюнча предметтер студентке компетенцияларды калыптандырууда кыргыз тили, чет тили, фиолософия, психология, эстетика, этика, логика, педагогика, ж. б. *коомдук-социалдык илимдер менен тыгыз байланышта*, ал турган кээ бир иш-билги (компетенциялар) боюнча интеграцияланган планда иш чараларды аткарганы оң. Мындай иш чаралардын максаты окутуунун *стратегиялык технологиясы* жана *мугалимдин проблемага канчалык сүңгүп киргенине байланыштуу* ишке ашмакчы. Ошондуктан мындай шартта мугалимдин жеке чыгармачыл аракетин колдоо факультеттин студентти кесипке даярдоодогу маанилүү функциясынын бирине кирет.

г) Адистиктин спецификалык өзгөчөлүгүн эске алуу менен бөлүмдө же группада иш-билгини (компетенцияларды) калыптандырууга "эркиндик" берүү, б. а. педагогдун бир сабакта *окуу ык-усулдарын кайталап окута берүү эмес*, ар бир *кесиптин өзгөчөлүгүнө ылайык окуу материалын* жана *окутуу методикасын жаңылап турууга*, түрдүү *окутуу формалары* менен *ык-усулдарын чыгармачылык менен пайдаланууга* шарт түзүү болуп эсептелет. Стратегиялык технология бир *кабыл алынып ошол боюнча аткарыла бере турган догмалык иш* эмес, ал *коомдук-социалдык талаптарга* **(а)**, кесипке карата коюлган *рынок шартынын татаал нюанстарына* **(б)**, *иш берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарына* **(в)**, *жарандык коом* **(г)**, *региондук өзгөчөлүк* **(д)** жана социумдун *социо-психологиялык шарттарына ылайык дайыма өзгөрүп* **(е)**, өзгөчө *толукталып тура турган кубулуш* **(ё)** болуп эсептелет. Аны *дайыма байкап* (1), ага ылайык *өзү окуткан предметтин мазмунун жаңылап* (2), студент *адис катары өз ордун таап кетүүсү үчүн зарыл болгон иш-билгини* (компетенцияларды) *аныктап* (3), окуу жайдын имиджи, факультеттин кадыр-баркын сактоо максатында *инновациялык иштерди эксперименттен өткөрүп* (4), өтө *маанилүү деп тапкандарын кийинки окуу жылында окуу процессине киргизип туруу* (5) мугалимдин жеке чыгармачыл аракети менен гана чечилүүчү иштер экендиги талашсыз. Ошондуктан, стратегиялык технологиянын аткарылышы толугу менен *мугалимдин сергек* жана *чыгармачыл ойлонуусуна көз каранды* экендигин көрсөтөт.

д) Модулдук иштерди чаржайыт эмес, максаттуу түрдө студентке кесиптик жана башка иш-билгини (компетенцияларды) калыптандыруу үчүн ар бир *предметтин илимий-теориялык* жана *практикалык мазмунда аткаруучу иш чараларын системалаштыруу* зарылдыгы турат. Ушул мазмундан алганда азыр Кыргызстандагы бардык окуу жайларында эмгектенген мугалимдердин көпчүлүгү окутуунун модулдук системасын толук өздөштүрө элек десек болот. Сурамжылоо иштери көрсөткөндөй, “модуль” деген түшүнүктү бир сессиянын ичинде студенттердин *билимин текшерүү үчүн берилген убакыт* же ошол мезгилде *текшерүү иштерине карата коюлган баа* катары түшүнгөндөр коллективде арбын. Мунун өзү окуу жайда *модулдук иштер бир системага салына электигин,* мугалимдерге *модулдук окутуу жол-жобосун толук түшүндүрүү иштери жүрө электигин* ачыкка чыгарат. Компетенттүүлүк парадигмасында модулдук иштер студентте *иш-билги* (компетенциялар) *кантип калыптанып жатканын мугалим билүү үчүн берилген аралыктагы* (белгилүү бир убакыттын ичинде) байкоо жана текшерүү жумуштары болуп эсептелет. Эгерде ошол аралыкта мугалим берген окуу материалы студент үйрөнүүгө тийиш болгон *иш-билгинин* (компетенциялардын) *бирин камсыз кыла албаса*, бул текке кеткен убакыт болуп эсептелет. Ошондуктан мугалим окутууда чыгармачылык менен иштеп, өзүнүн иштеринин практикалык туундусу кандай экенине өз мезгилинде талдоо жүргүзүп туруусу маанилүү. Ал аркылуу катасын оңдоп кетүүгө болгондуктан, модулга бөлүнгөн убакыт иш-билгини толуктап үйрөнүүгө шарт түзүүчү стратегиялык технологиянын бир элементи да болууга тийиш. Ал эми алдын ала пландаштырылган иш пландары ийгиликтүү ишке ашып, андан *күтүлгөн натыйжа алына турган болсо*, аны факультет ичинде, ал тургай *окуу жайдын алкагында ишке ашыруу жол-жобосун иштеп чыгуу маселеси* стратегиялык технологиянын дагы бир бутагы болуп бере алат. Ошондуктан, “Манас таануу” баш болгон кыргыз адабияты боюнча предметтерин окутууну, ошондой эле мугалимдин чыгармачыл аракетин ар бир факультеттин студентти кесипке даярдоодогу стратегиялык иштеринен бөлүп кароого болбойт.

е) Кыргыз тилинин кесипке таандык дискурсун аныктоо жана аталган тилде *кесиптик лексиканы байытуу жолун издөө* үчүн “Манас таануу” баш болгон

кыргыз адабияты боюнча предметтеринин объектисин пайдалануу маанилүү орунда турат. Анткени, кесипке тиешелүү *кыргыз эли колдонуп келген түшүнүктөр* адабий чыгармаларда өтө жыш орун алгандыктан, *алардын мындай касиетин, сөздөрдүн маанисин, термин катары пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө* ар бир адистештирүүчү бөлүмдөр муктаж. Бирок кимдир бирөөнүн колунан келе коюучу иш болбогондуктан, көркөм сөздүн терминдик касиетин аныктоо үчүн бир катар *талкуулоо* иштери ар бир сабакта жүрүшү керек болууда. Бул максатты жүзөгө ашыруу окуу процессинде таасирдүү болушу мүмкүн экендигин эске алсак, анда бул долбоорлоо жумуштары менен факультет ичинде, окуу жайдын алкагында жана республикалык масштабда өткөрүү пайдалуу болот. Дүйнөдө теңдеши жок “Манас” улуу жомогу, андан берки акындар, ХХ кылымдагы Ч.Айтматов башындан турган акын-жазуучулар жараткан чыгармалар кыргыз тили байыркы жана бай тилдердин бири экендигин далилдеп тураары талашсыз чындык. Бирок азыркы мезгилде кыргыз тили Мамлекеттик статус алгандан бери карай республикада *көптөгөн тармактардын иш жүргүзүү, иш кагаздарын уюштуруу,* ал тургай *ишкана-мекемеде адистердин өз ара коммуникативдүү байланышын* кыргыз тилине өткөрө албай келебиз. Ошондой эле республикада жогорку кесиптик билим берүүдө көптөгөн *адистикке тарбиялоо* жана *окутуу иштери толугу менен* расмий тил – *орус тилинде жүргүзүлүп келет*. Анын бирден бир себеби адис мугалимдердин *өзү кесибине таандык кыргыз тилиндеги лексикалык түшүнүктөрдү, сөздөрдү билбегендиги*, *кыргыз эли колдонуп* ошол *түшүнүктү атап келген сөздөрдөн* термин жасоо мүмкүнчүлүгүнүн жетишсиздиги экендигин сурамжылоо анкеталары аныктады. Эгер ошол кесипке таандык кыргыз тилиндеги *түшүнүк*, т*ерминдерди* мугалими билбесе анын *студенти кайдан билет*. Компетенттүүлүк парадигмасы Кыргыз Республикасында кесиптик билимге ээ болуучу студент *адис болгонго чейин кыргыз тилинде* (Мамлекеттик тил статусунда) *оозеки* жана *жазуу тексттерин өз алдынча түшүнүктүү деңгээлде түзүүсүнө*, өз ара *пикирлешүүдө оюн так* жана *жеткиликтүү бере билүүсүнө* таандык иш-билгиге (компетенциялардын бардыгына) ээ болушун талап кылгандыктан, “Манас таануу” баш болгон кыргыз адабияты боюнча *предметтери базалык бөлүмдөгү статусун* “акташ үчүн” жогорку билимдүү адиске кесибине

тиешелүү *көркөм-адабий тилдеги* дискурсун өз алдынча долбоор түзүү менен табууга үйрөтүшү стратегиялык технологиянын максаттуу бир бөлүгү болуп саналат. Албетте, бул жерде даяр иштелип чыккан жобо жок, анын баары келечекте иштеле турган жумуш болгондуктан, *ар бир мугалим буга чыгармачылык менен мамиле кылуусу*, өтө маанилүү деп тапкандарын факультеттин, андан *кызыктуу* жана *автордук жеке табылгаларды республикалык деңгээлде үлгүлүү сабак катары сунуштаганы* керек болуп турат.

ё) "Манас таануу" баш болгон кыргыз адабияты боюнча предметтери камтыган *кесиптик түшүнүктөрдүн маанисин так көрсөтүү үчүн* котормо иштерин уюштуруу, жаңы билимди өздөштүрүү, анын маани-маңызын реалдуу турмушта адистик кызматында пайдалануу жана *кыргыз элинин кийинки урпактарына өз эне тилинде жеткирүү үчүн котормонун түрлөрүн өздөштүрүү* компетенциясына ээ болуу шарттарын предметтерди интеграциялоо жолу аркылуу ишке ашырууну көздөөгө тийиш. Кыргызстан көп улуттуу өлкө болгондуктан, ар бир студент "Манас" улуу жомогу баш болгон кыргыз адабий чыгармаларын өз эне тилинде окуп түшүнүүнү каалай тургандыгы анык. Ошондой эле кээ бир *студенттер башка улуттун өкүлү экенине карабастан*, "Манас" улуу жомогу баш болгон кыргыз адабий *чыгармаларын идеялык мазмунун, философиясын, адамзат тарыхында аныкталган көркөм-эстетикалык баалуулуктарын* кыргыз тилинде таанып билгиси келет. Мындай көрүнүштөр эксперимент учурунда өтө көп кездешти. Ырас, алардын *айрымдарынын мындай кызыкчылыктарын канааттандырууга* мүмкүнчүлүк болсо (мисалы, орустардын), кээ бирлери үчүн *андай иштерди аткаруу тексттин ошол тилде* (мисалы, курд, дунган) *котормосу жоктугунан маселени чечүүгө мүмкүн эмес* болду. Бирок *студенттин мындай кызыкчылыгын өз пайдасына*, өзгөчө иш-билгини (компетентүүлүгүн) калыптандырууга колдонсо боло тургандыгын эскерте кетели. Тагыраак айтканда, башка *улуттагы жарандардын* Мамлекеттик тилде *оюн так* жана *жеткиликтүү айтып*, *оозеки* жана *жазуу тексттеринде иш алып баруусу үчүн* студенттин мындай социалдык кызыкчылыктары маанилүү роль ойнойт. Кесиптик билим берүүдө окутуунун стратегиясында Мамлекеттик тилде *иш алып баруу* боюнча иш-билгисин (компетенцияларды) калыптандыруу маселеси жогору коюлгандыктан,

аны ишке ашыруу үчүн “Манас таануу” жана башка кыргыз адабиятына таандык предметтердин *базасында котормо иштерин уюштуруу* **(а)**, анын *системдүү болушуна жетишүү* **(б)**, студент кийин *адистик ишмердүүлүгүндө котормону дайыма пайдалануусуна жетишүү* **(в)** максатында сабакта *котормо иштерин дайыма чыгармачылык менен түрдүү формаларында* (мисалы, сөзмө сөз, маанисине карай, калькалоо, ж. б.) *жүргүзүү* **(г)**, аны көндүм катары калыптандыруу зарылдыгы окутуунун стратегиялык технологиясынын бир бутагы болуп бермекчи.

ж) Кандай билим болбосун бир көргөндө эле пайда бол калбастыгын азыр баары билет, аны толук жана жеткиликтүү өздөштүрүү үчүн кайталап туруу зарылдыгы бардык ишмердүүлүктүн бир багыты болуп саналат. Мындай *кайталоо жумуштарына* педагогика илими да муктаж, анткени кандай иш-билги болбосун *кайталоо аркылуу көндүмдөргө ээ болот да, ал дайыма эки тараптуу иш жүргүзүү* менен жүзөгө ашып турат. Алардын биринчиси дайыма окуу процессинде болсо, экинчиси ар бир студенттин өз алдынча иштөөсү менен уюштурулуп, стратегиялык технологиянын катары орун алып келет. Азыркы *илимий-техникалык, маалыматтык жетишкендиктерди пайдалануу* студенттердин *өз алдынча иштөөсүн кеңири жолго коюп*, кесиптик *иш-билгисин (компетенциясын) калыптандырууда маанилүү кызмат көрсөтүүдө*. Кесиптик билим берүүнүн бардык метологиясында студенттин өз алдынча иштөөсү дайыма проблема болуп келген болсо, ал бүгүн да күчүндө турат. Анткени азыркы мезгилде *студенттин өз алдынча иштөөсүн жөнгө салуу* бир жагынан *интернет булактары аркылуу жеңилге турса*, андагы *так эместиктин өзү* иштин *туура чечилишине жолтоо болуп*, студентти татаал кырдаалга алып келип такап салууда. Адистештирүүдө студенттин өз алдынча иштөөсү өтө маанилүү роль ойнойт дегенибиз менен аны туура уюштуруу үчүн жарандык коомдо бир катар татаал маселелер пайда болууда. Алардын бири азыр студент үчүн иш-билгини калыптандырууга убакыт жетишсиздиги даана байкалат, б. а. өз учурунда коом талап кылган иш-билгилерди үйрөнүүгө эмне жолтоо болгонун билүү максатында начар окуган студенттерден суроо-жооп анкетасын алганда көпчүлүгү ушуга токтолушкан. Сурамжылоо анкетага берген жооптор аныктагандай, азыркы учурда студенттердин 60 пайызы

окууга жумшаган каражатын өздөрү табат. Мунун өзү студенттердин көпчүлүгүндө өз алдынча билимин өркүндөтүүгө убактысы жетишсиз экендигин айкындайт. Бирок, көп кылымдаган кесиптик билим берүү тажрыйбасы аныктагандай, адистикке ээ болуу дайыма *өз алдынча иштеп машыгуудан, сунушталган маалыматтарды кайталап окуп, практикада текшерип көрүп,* өзүндө адат катары калыптандыруучу татаал процесстен кийин гана ал билим боло алат. Кесиптик билим берүүдө стратегиялык технология муну унутта калтырбастан, ага өзгөчө мамиле кылып, ар бир студенттин өз алдынча иштөөсү менен сунушталган билимди көндүмгө айландырып, *бүгүнкү коом талап кылган компетенцияларга ээ болушу зарылдык катары көрүнүүдө*. Ырас, студенттин өз алдынча иштөөсүн жана алган билимин кайталап көндүм катары калыптандыруунун даяр иштелип чыккан жол-жобосу болбогондуктан, стратегиялык технология мугалимдин кесиптик чеберчилиги менен чыгармачыл аракеттенүүсүнө артыкчылык берет. Чыгармачыл мугалим ар бир студентинин *социалдык-психологиялык өзгөчөлүгүнө жараша түрдүү тапшырмаларды берип*, ар бирине *индивидуалдуу мамиле кылуу менен маселени чечээри белгилүү* болсо да, өз алдынча иштөө *жана* кайталоо жумуштарынын *сапаттуу жана чыгармачыл болушу үчүн* азыркы *илимий-техникалык* жана *маалыматтык технологиядагы жетишкендиктерди пайдалануу* ар кимисинде *өзүнө зарыл болгон компетенциялардын калыптануусуна* шарт түзүп бермекчи.

Биз кесиптик билим берүүдө иш-билгилерди (компетенцияларды) калыптандыруу боюнча бир катар маселелерге токтолсок, ал окутуунун стратегиясында жалпы түшүнүктөр менен аныктала турган болсо, ал эми анын реалдуу турмуштук шартта чечилиши үчүн ар бир окуу жай конкреттүү иш чараларды иштеп чыгууга тийиш экенин белгилей кетели. Мындай маселени, б. а. проблеманы чечүү үчүн ар бир окуу жайдын өз алдынча мамиле кылышын өнүккөн өлкөлөр толугу менен тактикалык технологияга байланыштырышат. Бул ар бир *предметтин кесипке даярдоодо аткарган кызматына* **(а)**, студентке *жарандык* жана *адистик иш-билгини* (компетенцияларды) *калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө* **(б)**, кредиттик технологияда *бөлүнгөн убакытка* **(в)**, окуу материалын *студенттин кабылдоо* жана *өздөштүрүү өзгөчөлүгүнө* **(г)**, аны ишке ашыра турган *окутуунун*

*формалык*, *усулдук аракетине* **(д)** карай аныкталууга тийиш. Мунун баары тактикалык технологияны ишке ашыруунун объективдүү факторлору гана болуп эсептелет. Ошондой эле тактикалык технология өзүнүн ишке ашуусунда дидактиканын мурда иштелип чыккан жол-жобосун толук кармоого аргасыз болуп саналат. Алардын компетенттүүлүккө негиздеп окутууда маанилүү роль ойногондор өзүнчө бөлүп, окуу процессинде аткарган кызматына токтолуу зарылдыгы турат.

а) **концептуалдуулук**, мугалим канчалык чыгармачыл болбосун анын *сунуштап жаткан окуу материалы*, *окутуу технологиясы* бардык шартта белгилүү бир концепцияга негизделип, ошол эле мезгилде философиялык, психологиялык, социалдык-педагогикалык жактан *билим берүүчүлүк деңгээли боюнча* да *концептуалдуу болушуна* көз каранды болуп саналат. Өзгөчө компетенттүүлүк негизде окутуу ар бир мугалимден *өз сабагын ушул багытта өнүктүрүүгө*, ал эми *натыйжага ээ болууда* баары бирдиктүү максатты ишке ашырууга багыт алуусун шарттайт. Эгерде бул концептуалдуулук окутулуп жаткан бир предметте мазмунун жоготуп, сабак өз алдынча кетип калган болсо, студентте ал предмет аркылуу талап кылынган иш-билги (компетенция) калыптанбай калат. Ошондуктан окутуу системасы белгилүү өлчөмдө окуу процессинин концептуалдуу багыттына көзөмөл жүргүзүп, мүмкүн болушунча “адашып” кеткен сабактардын мазмунун “түздөп”, зарыл болгон жерде кесипке үйрөтүүчү дисциплиналарды алмаштырууга чейин барып, кредиттик сааттардын аткарылышына тыкыр мамиле кылбаса студенттер, өзгөчө иш берүүчүлөр арасында ал окуу жай акырындап аброюн жогото тургандыгы анык. Конкуренция күч алып турган маалда өтө чоң жоготууга алып келүү менен бирге бүтүрүүчүнүн жумушсуз калуусуна шарт түзөт.

б) **системалуулук,** компетенттүүлүккө негизделген окутууда бул *тактикалык технологиянын бир принциби катары орун алып*, кесиптик билим берүүдө предметтин мазмуну бир бүтүндүктө турган адистештирүүнү жүзөгө ашыруучу бөлүмчө болууга тийиш, б. а. андагы ар бир тема, ар бир бөлүк окутууда өз-өзүнчө болгону менен акыркы натыйжа үчүн толук кароого милдеттүү шартта турушу керек. Сабактын айрым бирөө *окутуунун жаңычыл методикасында* (мисалы, оюн формасында) *болуп*, ал эми экинчиси *окутуунун салттуу методикасында*

*уюштурулса да*, алар студентти адистештирүү үчүн бир логикалык процесске баш ийүү менен бирин экинчиси жокко чыгарбай турган, ошол эле мезгилде иш-билгини (компетенцияларды) калыптандырууда бир система катары милдет аткарууга тийиш [205/78]. Байкоо эксперименти көрсөткөндөй, көпчүлүк мугалимдер сабакта *предметтеги илимий-теориялык ойлордун тарыхый хронологиясын сактап*, өзгөчө *пайда болуу, калыптануу* жана *өнүгүү процесси* боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн менен ошол илимий-теориялык маалымат-аныктамалар студенттин адистешүүсүнө, б. а. кесипке ээ кылуучу иш-билги көндүмдөрдүн иштелип чыгышына анча кызмат кылбай келет. Мисалы, базалык бөлүмдө билим берүүчү компоненттин бири “Манас таануу” баш болгон кыргыз адабиятына таандык предметтерди окутууда, б. а. мугалим өзүнүн окутуу иштерин уюштурууда негизги *тактикалык технология эмне экенин түшүнбөй туруп эле* окуу материалын студентке сунуштаган учурлар арбын кездешет. Мындай көрүнүш колдонулуп жаткан предметтин мазмуну *студентти адистештирүүдө* (компетенцияларды калыптандырууда) *кандай кызмат кылганына*, анын *көндүмдөргө ээ кылуу мүмкүнчүлүгүнө* мугалимдин маани бербей жатканын даана көрсөтөт. Анын натыйжасында *студентте эч кандай иш-билги калыптанбайт*. Ошондуктан мында мугалим *ык-усулдарды, окутуу формаларын кандай натыйжа бере тургандыгына* карай тандоосу маанилүү экендиги ачык көрүнсө, кайсы методика адистештирүүдө ийгилик жаратышы мүмкүн болоорун окуу жай аныктап чыгаруусу зарыл. Бул бир эле “Манас таануу” баш кыргыз адабиятына таандык предметтерге гана тиешелүү болбостон, *учурда кесиптик билим берүүгө катышы бар бардык дисциплиналарга мүнөздүү болуп* саналат.

в) **башкаруучулук,** азыркы педагогикалык системада бул өтө маанилүү орунда турат, б. а. демократиялык ой жүгүртүүнүн коомчулукка толук аралашуусу кесиптик билим берүү иштеринде студенттердин өзүм билемдигине ашыкча шарт түзүп берип жаткандыктан, анын таасиринде сабакты ойдогудай уюштуруу кескин начарлап бара жатат. Кээ бир учурда *баш бербеген студенттердин айынан сабактын жүрүшү өз максатына жетпей, натыйжага жетүүгө көмөктөшүүчү жагдай түзүлбөй* калууда [194/136]. Ошондуктан, башка сабактардай эле “Манас таануу” жана башка *кыргыз адабиятына тиешелүү ар бир сабактын*

*уюштурулушунан тартып, бүткөнүнө чейин* мугалимдин, ошондой эле окуу жайдын көзөмөлүндө болууга тийиш. Тактикалык технологияда мугалимдин көзөмөлү студенттерди *жаман сөз айтып тыюу*, же аларды *какмалап урушуу эмес*, ал алдын ала *ээ боло турган натыйжаны элестетүү менен сабакты боло электе* диагностикалоо, *аныкталган диагнозго жараша* сабактын ар бирин пландаштыруу, анда кандай *окутуу формаларын, ык-усулдарын пайдалануу* ийгилик бере тургандыгын тактоо, анан *сабакта окуялардын өнүгүшүнө ылайык* натыйжага ээ болуу булактарын пайдалануу, же сабактын жүрүшүн коррекциялоо болуп эсептелет. Бул башкаруу ар бир студенттин *жеке психологиялык бөтөнчөлүгүн, кабылдоо мүмкүнчүлүгүн эске алуу* аркылуу жүргүзүлсө натыйжа бере тургандыгы анык.

г) **эффективдүүлүк,** кесиптик билим берүүдө мугалимдин чыгармачыл аракетинен тышкары *педагогдук чеберчилигин талап кылган* окутуу принциптеринин бири болуп эсептелет. Анткени, практика көрсөткөндөй *мугалимдин тандап алган методикасы* бардык мезгилде эле *эффективдүү боло бербейт*. Компетенттүүлүк негизде окутууда *ар бир сабактын эффективдүүлүгү* ошол сабак аяктаган мезгилде эле көрүнө койбойт. Тескерисинче *ал көптөгөн убакыттан кийин натыйжа бергендиктен*, кээ бир педагогдор сабактын натыйжалуулугун *анын кызыктуу*, студенттердин *активдүү катышуусуна карай* баалашат. Бирок *сабакта окуу материалын өздөштүрүүнүн эффектиси* иш-билгинин (компетенциялардын) калыптануусуна карата баалана тургандыктан, *анын ордун* көбүнесе студенттин *көндүмдөргө ээ болгон жөндөмдүүлүгүнүн ачылышына карай аныктоо* зарыл [160/48]. "Манас таануу" баш болгон кыргыз адабиятына тиешелүү предметтерди окутууда тактикалык технологиянын эффективдүүлүгү мамлекеттик стандарт аныктаган компетенцияларга студенттин ээ болуусунан көрүнө тургандыгын мугалим *дисциплинаны окутууга киришүүдөн мурда билиши керек* да, ар бир сабакты ошол *натыйжаны берүүчү ык-усулдарда уюштуруусуна* карай белгилүү болмокчу.

Маселен, Г.К.Селевко педагогикалык технологияны окуу процессинде толук ишке ашуусун жалпылаштырып келип, төмөнкүдөй структура бардык предметтер боюнча жетекчиликке алынышы сөзсүз зарыл экендигин белгилейт. Ал структурага

токтоло турган болсок төмөнкүдөй иретте жайгашуусу керек, б. а. сабактын мазмунунун концептуалдуу негизде болушу (1), сабакты уюштурууда окутуунун мазмундук бөлүгүнүн так сакталышы (2) мында технологиянын (методологиялык жана стратегиялык) *жалпы* жана *конкреттүү* максаттарынын *ачык көрсөтүлүшү* (а), окутуунун максатына ылайык *окуу материалынын мазмуну жайгашуусу* (б), *тактикалык технологиянын* окуу процессинин жүрүшүн көзөмөлгө алуусу (3) дайыма аткарылуучу иш чара болуп эсептелет. Ал эми окуу процессинин жүрүшү өз ичине *окуу процессин уюштуруу* **(а)**, окуу материалын өздөштүрүүнү башкаруу боюнча *мугалимдин ишмердүүлүгү* **(б)**, мугалимдин *сабакта иштөө формасы* жана *методдору* **(в)**, *окуу процессин диагностикалоо* **(г)**, студенттердин *окуу ишмердүүлүгүнүн формасы* жана *методдору* **(д)** [236] бири-биринен ажырагыс биримдикте турган өз ичине алат. Ал мамлекеттик стандартка кирген бардык предметтерден ушул структураны ишке ашырууну талап кылуу менен бирге, анын салттары дайыма *мугалимдин чыгармачылыгында болуусун күтөт*. Бирок, анын педагогикалык (методологиялык, стратегиялык жана тактикалык) технологиясы толугу менен *компетенттүүлүккө негиздеп окутуу концепциясын жетекчиликке алгандыктан*, мугалим аткарган ар бир иш чара мамлекеттик билим берүү саясатына таянуу менен республиканын масштабында сөзсүз билүүгө зарыл болгон иш-билгилерге (компетенцияларга) артыкчылык бергени талапка туура келет. Жыйынтыктап айтканда, базалык компоненттe орун алган “Манас таануу” баш болгон кыргыз адабиятына таандык дисциплиналар мамлекет аныктаган компетенциялардын *студентте болушуна кам көрүү менен* бирге *рынок шартында өлкө* жана *дүйнө жүзү керектеген иш-билгилерди жолго коюуга* багыт алганы аркылуу айырмаланат. Мында филологияга карата жарандык кызыкчылык иш берүүчүнүн *керектөөсүнөн турган турмуштук зарылдыкты жөнгө салуучу иш-билгилик мазмунду* жогоруда аталган сабактардын контекстинде *чечүүнө талап кылган болсо*, кыргыз адабияты боюнча сабактар илимий-практикалык жактан иштелип чыккан педагогикалык технологиянын аракетинде *компетенттүүлүк парадигмасын жүзөгө ашырууга милдеттенип*, ошол эле мезгилде ар бир окуу жайдын базасында *өз алдынча иштелип чыккан окуу-методикалык комплекстте жүрүшү зарыл экендиги* байкалды. Анткени мамлекет методологиялык технология

аркылуу бардык окуу жайларына бирдей шарт түзүп берүү менен *алардын рыноктук конкуренцияга туруштук берүүсүнө кам көргөн болсо*, ал эми ар бир жогорку окуу жайы өзү иштеп чыккан стратегиялык жана тактикалык технология аркылуу жарандык *керектөөнү камсыздоо багытында иш жүргүзүп,* адистештирүүдө *өз жолун таап,* аны *ааламдашуу процессинде алга карай өнүктүрүп*, иш берүүчү тарабынан берилген *сунушту жогорку деңгээлде аткаруу менен* дүйнөлүк масштабда студенттин иш-билгисин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзө алмакчы. Ырас, мунун баары азыр кесиптик билим берүүнүн өткөөл мезгилинде толук ишке кире элек болгону менен Кыргызстандын билим берүүсүндө коомчулугунда жаңыдан жолго коюлуп, акырындап толукталып, жарандык коомдон өз ордун табууда.

## 3. 2. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарынын профессионалдык бөлүмдөрүндөгү кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу

Бүгүн бизди, жогорку кесиптик билим берүү тармакта эмгектенген баарыбызды ойлондура турган маселе келечек муун, биздин урпактарыбыз глобалдашуу процессинде кандай оокат кылып, кантип жашайт деген суроого жооп издөө менен коштолуп келет. Бул талкууга алына турган жөн эле маселе эмес, ал эртеңки Кыргызстандын, *кылымдап элдүүлүгүн сактап келген кыргыз элинин тагдырына түздөн-түз тиешелүү зор проблема экендигин* эске алалы. Анткени, жыл өткөн сайын “кыргыз тили жана адабияты” адистигин энсеп, ушул кесипти аркалап өмүр бою жашайт элем деген жаштар суюлуп жатканы белгилүү. Ал эми өзүнүн жакшы жашоосун кургусу келгендер “кыргыз тили жана адабияты” адистигин мындай кой Кыргызстандын *өзүнөн билим алгысы келбей, өнүккөн өлкөлөрдөн кесиптик билим алууга* ашыгууда. Мунун өзү Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүү азыркы мезгилдин талабын толук канааттандары албай жатканын билдирет. Жаңы кабыл алынган эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты ушул *проблемаларды чечүүгө багыт алгандыкты* көрсөтөт. Кыргызстандагы билим берүү (мейли орто, мейли жогорку кесиптик) эл аралык деңгээлге жооп берүү үчүн *окуу* жана *окутуу процесстерин толугу менен*

*жаңылоо* **(а)**, окуу жайларында *окутуунун мазмунун өзгөртүү* **(б)**, өзгөчө жогорку *кесиптик билим берүү тармактарына инновациялык технологияларды киргизүү зарылдыгы* **(в)** менен коштолуп турат. Бул маселе бүгүнкү күндө бир гана филологиялык багытта "Кыргыз тили жана адабияты" боюнча бакалаврларды даярдоо эле эмес, жалпы Кыргызстандагы агартуу системасы үчүн өтө татаал жана тез арада чечүүнү талап кылып турган проблемалардан экендигин анык. Аны чечүү зарылдыктары көптөгөн *коомдук* жана *социалдык-экономикалык маселелерге тиешелүү экендиги* талашсыз. Бирок, анын баарын бул жерде талдоого алууга мүмкүн эмес жана иштин изилдөө проблемасында тикелей байланышы болбогондуктан, аны кийинчерээк кепке алалы.

Кыргызстан демократиялык өнүгүү жолун тандап, ага ылайык дүйнөлүк өнүккөн өлкөлөрдүн иш тажрыйбаларын кабылдап, кандай маселе болсо да, ушул өңүттөн мамиле кылып, мамлекеттин *коомдук-социалдык түзүлүшүн*, өзгөчө *социалдык инфраструктураларды* рынок шартына карай жаңылап жаткандыктан, жаңы коомдо аны кыймылга келтирүүчү адистер өксүктүгүнөн жаңы билимге болгон муктаждыгын көрсөтүп, кесиптик билим берүүнүн мазмунун жаңылоо маселесин күн тартибине койсо, Кыргыз Республикасынын *келечегин*, мамлекет ысымын алып жүргөн *элдин элдүүлүгүн сактап калуучу* жана *кийинки урпактарга өткөрүп берүүчү адистерди* окутуу жана тарбиялоо андан да татаал ишке айланды. Анткени, демократиялык түзүлүш ар бир *мамлекеттин ички өнүгүүсүн* республикалык чек аранын ичинде *кармап турууга мүмкүн эместигин аныктаса*, бардык кесиптин адистик чеберчилиги эл аралык *жетикендиктер менен өлчөнүп*, анын натыйжасында *кесиптик ой жүгүртүү глобалдуу маселелер менен айкашты*. Ал төрт жылды аяктагандан кийинки студенттин иш-билги көндүмдөрү кандай натыйжа бергендигине карата аныкталгандыктан, филологиялык багытта "кыргыз тили жана адабияты" боюнча жогорку кесиптик билим берүүдө бакалаврды даярдоочу окуу жайлар, факультеттер предметтерди окутууга сунуш кылуудан мурда ошол *предмет аркылуу студент окууну аяктаган соң кандай* иш-билгиге (компетенцияларга) ээ болуусу *мүмкүн экендигин* билүүсү керек. Антпесе, азыркы реалдуу турмуштун өзү көрсөтүп тургандай, кыргыз филологиясы факультетин аяктап, ишке келгенде тармакташ *филологдорго* (англис, орус, түрк, ж. б.) жана

*канатташ* (мисалы журналистика) *кесиптештеринен* рынок шартында төмөн бааланып, эгер кызматка алуу конкурстук деңгээлде болсо, кыргыз филологу өтпөй калып, басынып турган учурду бүгүнкү күндө далай эле кездештирип жатабыз. Факты көрсөтүп тургандай, мунун өзү "кыргыз тили жана адабияты" адистигинин *рынок шартына туура келүүчү билимди бербей жаткандыгын* далилдейт. Бир караганда, мамлекеттик стандарт кабыл алынгандан кийин бул маселени ар бир жогорку окуу жай өзү эле чечип коё тургандай таасир калтырып, күнүмдүк иш процессинде жолго коюулуучу маселелердин бири катары көрүнөт. Бирок, анын мазмунунда ошол *окуу жайлар өздөрү чече албаган*, мамлекеттин *билим берүү саясаты аркылуу ишке ашырылуучу*, жалпы *адамзатты оп тартып келе жаткан рыноктук мамилелерден* улуттук баалуулуктары сактоо процессин ойлонуштуруу менен "кыргыз тили жана адабияты" боюнча жогорку кесиптик билим берүүнү жөнгө сала турган педагогикалык технологияны *иштеп чыгуу* зарылдыгы турат. Анткени, жаңы муундагы мамлекеттик стандарт эки баскычтуу *жогорку кесиптик билим берүүнүн багытын сунуштаганы менен* ар бир жогорку окуу жайына мамлекеттик, региондук *кызыкчылыктарды эске алуу менен* кесипке даярдоодо *конкуренциялык атаандаштык болушуна көңүл буруп*, өлкө ичиндеги миссиясын өзү аныктоосуна мүмкүнчүлүк түздү. Ушул күндөрү жогорку окуу жайларында иштеп жаткан жаңы (үчүнчү муундагы) окуу стандарттары *окуу пландарын*, ага ылайык *окуу жүгү* менен *силлабустарды түзүүдө* белгилүү бир өлчөмдө эркиндик бергени менен ар бир окуу жайга ошончолук жоопкерчилик жүктөлүп жатканын эскербей коюуга болбойт. Себеби, ал "эркиндиктин" артында *предметтерди кредиттик сааттарга жайгаштыруу* эле эмес, бүгүн өзгөчө маанилүү болуп турган *рыноктук мамиледе конкуренцияга туштук берип*, керек болсо *кандай шартта болбосун иш берүүчүнүн талаптарына жооп берүүгө жөндөмдүү* кесипкөй адис даярдоодо турат. Мунун өзү кандай *илимий-теориялык мазмун берилбесин*, кандай *окуу-методикалык иштер жүрбөсүн*, көндүмдөр кандай *жол-жоболор менен аткарылбасын* баары *биригип келип* акыркы натыйжага – *жөндөмдүү* кесипкөй адисти *окутуп* жана *тарбиялап чыгууга* милдеттениши керек болууда. Бул акыркы натыйжага *канткенде жетүүгө болот, эмнени окутуп, кантип окутуу керек* деген суроолорго жооп издөө менен коштолуп, учурдагы

жогорку кесиптик билим берүү боюнча дүйнөлүк масштабда *иштелип чыккан иш тажрыйбаларды чыгармачылыктын жогорку деңгээлинде туруп өздөштүрүү*, б. а. улуттук үлгүсүн *(матрицасын) түзүү* кызыкчылыгынан реалдуу аракетке келген педагогикалык технологияны иштеп чыгуу зарылдыгын милдеттендирүүдө.

Педагогикалык технология жогоруда айтылгандай, *методологиялык*, *стратегиялык* жана *тактикалык технологияларды жетекчиликке алуу* менен *компетенттүүлүк парадигмасы аркылуу иш жүргүзүүнү* сунуштайт. Анткени, мында алды менен компетенттүү адистин үлгүсүн түзүү, ал үлгүдө кесипкөй адисти негиздөөчү компетенциялар так жана даана белгиленип, студент окуу жайды аяктаганда эмнеге ээ боло тургандыгын, ошол эле мезгилде кайсы *компетенциялар аркылуу* кайсы *багыттарда иштеп кетүүсү мүмкүн экендигин* алдын ала билиши керектигин ачыкка чыгарууда. Ошондуктан студентке окутула турган диспиплинаны сунуш кылаардан мурда анын *эмне пайдасы бар экенин*, аны билсе кандай иш-билги (компетенциялар) пайда болушу мүмкүндүгүн, аны окубаса же билбесе *кесибине тиешелүү кандай мүмкүнчүлүктөрдү жогото тургандыгын түшүндүрүү* милдети биринчи болууда. Мунун өзү “кыргыз тили жана адабияты” боюнча жогорку кесиптик билим берүүдө бакалаврларды даярдоо бардык предметтердей эле кыргыз адабияты боюнча дисциплиналарды мамлекеттик стандартта орун алган *компетенциялардын ар бир студентте болушуна*, алар *окууну аяктаган соң* ошол эле *стандарт аныктаган ишмердүүлүктөрдүн түрлөрүнө ээ болуп*, *кайсы жерде иштей алат* деген болсо, ошол ишкана-мекемелерде кыйналбай иштеп кетүүсүнө карай жол ачып берүүгө максаттанышы керектигин көрсөтөт. Дүңүнөн алганда бир дагы кесипте иш-билги (компетенция) *кыргыз адабиятына тиешелүү предметтерисиз калыптанбай тургандыгы* ачык эле сезилет. Бирок алардын *ар биринин ордун* көрсөтүп, ал *кайсы сабакта окутулуп*, анын негизинде кандай иш-билги (компетенция) пайда болоору, ал *кайда*, *эмне үчүн кызмат кыла тургандыгына келгенде* гана ар бир окуу жайда так жана жеткиликтүү жооп берүүдө кыйынчылык жаратууда. Мындай көрүнүш бир эле кыргыз адабиятына гана тиешелүү болбостон, “кыргыз тили жана адабияты” боюнча жогорку кесиптик билим берүүгө багытталган бардык предметтерге мүнөздүү экендигин эскерте кетели. Анткени, *бүгүнкү күндө маалымат ушунча көп*, анын

баарын *окуп-үйрөнүүнүн деле зарылдыгы болбой калганын* адамзат толук аныктап койду, ошол эле мезгилде кандайдыр бир кесипке ээ болуп, эч нерседен кемчил болбой жашап кетүүгө өтө зарыл нерселерди **БИЛҮҮ** маселеси күн тартибинде турат. Ага жооп даяр, б. а. *коомдук-социалдык турмуштагы көркөм чыгармачылыктын ролун*, адамзат калыптандырган искусстводо *адабий баалуулуктарды таанып-билүү*, ал үчүн *адабият теориясын* жана *тарыхын таанып* **БИЛҮҮ** зарыл. Тагыраак айтканда, учурда "Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгын тарыхы", "Манас таануу", "Акындар чыгармачылыгын тарыхы", "Байыркы мезгилден XIX кылымга чейинки кыргыз адабияты" "Байыркы орток түрк адабияты", XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы", Кыргыз адабий сынын тарыхы", "Соңку кыргыз адабияты", ал эми илимий-теориялык мазмунуна келгенде "Адабият таанууга киришүү", "Адабий чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн негиздери", "Адабият теориясы", "Салыштырма адабият таануу", ал тургай "Мектепте адабий чыгармаларга талдоо жүргүзүү", булардан тышкары дүйнөлүк адабият менен орус адабиятына тиешелүү предметтер жана ар бир семестрде бирден атайын курстар же семинарлар окутулуп келет. Демек, филологиялык багытта кыргыз тили жана адабияты боюнча жогорку кесиптик билим берүү багытындагы методологиялык технология азыркы шартка туура келет деп эсептөөгө болот, б. а. илимий-теориялык мазмундан алып караганда кыргыз филологу азыркы шартта эмнени **БИЛҮҮсү** керек болсо, ошонун баары эле сунушталып жатканын көрүүгө болот. Анан кайрадан суроо чыгат, анда эмнеге кыргыз филология факультетинин бүтүрүүчүсүнүн *кыргыз адабияты боюнча билими азыркы мезгилде кесипке карата коюлган талаптарга жооп бере албай жатат*.

Бүтүрүүчүлөр менен болгон маектешүүлөр жана аларга берилген анкеталык суроолордогу жооптор аныктагандай, илимий-теориялык маалыматты сунуштоодо эч кандай кемчилдик болбогону менен ошол *илимий-теориялык маалыматты* **КОЛДОНО АЛУУга** *багыт берген*, же *колдонуу көндүмдөрүн жолго койгон* сабактар, иш чаралар жетишсиз экендигин көрүүгө болот. Жогорку окуу жайлардагы *сабактардын жүрүшү*, *практикалык сабактардын уюштурулушу* көрсөткөндөй, *студенттерди алган маалыматын турмушта* **КОЛДОНО**

**АЛУУга** *көнүктүргөн сабактардын* аздыгы же болбогондугу студентти *адистештирүүдө турмуштук керектөөнү эске албагандык* менен бирге *рынок мамилесинде конкуренцияга туруштук берүүчү иш-билгини үйрөтүүгө жөндөмсүз экендигин* көрсөтүп турат. Бардык жогорку окуу жайларында жүргүзүлүп окуу процессине көз чаптырганда аткарылган иштер толугу менен *салттуу формадагы окутуу иш чаралары коштолуп*, жаңы муундагы мамлекеттик стандарт талап кылган компетенцияларга **ЭЭЛИК КЫЛУУга** бүгүнкү окуу жана окутуу иштер дээрлик жооп бере албай келет.

Анын себебин издегенде биринчи көзгө урунган жагдай бардык окуу жайларда *рыноктук мамилелер менен эсептешүү, ички* жана *тышкы конкуренцияга туруштук берүүчү* иш-билгини студентке үйрөтүү кызыкчылыгы, аны бере билүүнүн жол-жобосунун иштелип чыга электиги болуп эсептелет. Экинчиси, көпчүлүк окуу жайларда окуу иштерин уюштуруу дагы эле мурдагыдай окутулган сабак менен чектелип, окутуудагы негизги маселе сабактардын күн сайын үзгүлтүксүз болуп тургандыгы аркылуу өлчөнөт. Эгер акыркы натыйжага карай турган болсок, өз убагы менен өтүлгөн көптөгөн сабактар болжогон результатты бербей эле өткөн күн аркылуу (кредиттик сааттарды “жеп алып”) жок болуп кетип жатканы белгилүү. Окутуу *күткөн натыйжага жетиш үчүн* мындай мамиле туура болбой тургандыгын азыр мугалимдер эле эмес, студенттердин өздөрү да билишет. Бирок аны кантип жолго коюуга боло турганын дээрлик бардык окуу жайлар толук өздөштүрө элек десек болот. Себеби, компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методологиялык багыттары жана *аны ишке ашыруучу* талаптары менен тааныш адам *окутуунун мазмунун, ага ылайык формаларын*, ал тургай *сабакка карата мамилени да өзгөртүү* керектигин байкайт. Бул маселени туура чечүү үчүн *ар бир окуу жай өзүнүн өзгөчөлүгүнө жараша* стратегиялык технологияны *иштеп чыгуу* зарылдыгын көрсөтөт. Адабий билим кадимки реалдуу турмушта болуп жаткан болмуштарга *эстетикалык, этикалык*, ал тургай *адабий-көркөм аңдаштырууга тийиш болгон* иш-билги *көндүмдөрдү пайда кылууга* кандай милдеттүү болсо, адабияттын көркөм элестүү баяндаган тексттери боюна каткан образдуу тилдик каражаттарды *жарандык мамиледе, өз ара пикирлешүүдө* байыртан кыргыз эли калыптандырган чеберчилиги боюнча **КОЛДОНО АЛУУга,** натыйжада

*компетенттүү адиске карата коюлган* жөндөмдүүлүккө иш-билги катары **ЭЭЛИК КЫЛУУнун** жол-жобосун үйрөтүүчү стратегиялык технологиясын иштеп чыгуу ар бир окуу жайдан талап кылат. Ал *адабий билимди таанып-билүүгө эмес,* аны филолог өз турмушунда колдоно алууга жана андай иш-билгилерге (компетенцияларга) дайыма ээлик кылууга окуу процессинде шарттын түзүлүшүн да милдеттендирип отурат. Мындан башка предметтердей эле *кыргыз адабиятына таандык сабактар боюнча түзүү зарыл экендигин* ачыкка чыгарат. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун жалпы стратегиялык технологиясынан алганда баарлашуу иш-билгисин (тилдик конпетенцияларды) студентте калыптандырууда кыргыз тилине тиешелүү сабактар кандай милдеттүү болсо, кыргыз адабиятына таандык предметтер да ошондой эле милдеттүү экендигин көрүүгө болот. Ошондуктан стратегиялык технологияны колдонуу бир гана *кыргыз адабиятына тиешелүү предметтерге гана мүнөздүү болбостон*, ал окуу планына кирип, кесипке *ээлик кылууга милдет аткарып жаткан бардык предметтер үчүн бирдей тиешелүү экенин* сабак берип жаткан ар бир мугалим билүүгө тийиш.

Ушул таптагы реалдуу турмуш чындыгы көрсөткөндөй, студент алган билим реалдуу *турмуштук талаптарга*, ошол кесипке карата *рыноктук шартта кимдер кардар экендигине карай аныкталууга* тийиш болуп жаткан маалда жогорку окуу жайы тигил же бул кафедранын кызыкчылыгынан эмес, кыргыз филологу окуу жайды *бүткөндө кайда иштеп кетүүсүнө артыкчылык берген* окутуунун стратегиялык технологиясын *иштеп чыгууга* жана *аны жетекчиликке алууга* милдеттүү болуп саналат.

Акыркы натыйжага карай иш жүргүзүүнү талап кылган компетенттүүлүккө багытталган окутуунун стратегиялык технологиясы студентте *иш-билгини* (компетенцияларды) *калыптандырууну жетекчиликке алуу менен* ишти уюштурууну, өзгөчө компетенцияларды кантип *калыптандыруу жолдорун системага салып чыгуу* принциптерин кыргыз адабияты боюнча да жүзөгө ашырууга милдеттенет. Мында буга чейин окутулуп келген сабактардын мазмуну эмес, ошол сабактар студентте иш-билгинин (компетенциялардын) калыптануусу үчүн кандай *милдет аткара алуусуна ылайык тандалып* алынмакчы. Аны ишке ашырууда өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, сөзсүз студенттин

*кесипке ээ болуу кызыкчылыгы биринчи орунда туруп*, кыргыз адабиятын окутууну *инновациялоочу иштер* ар бир предметтин студенттин *кесипке ээ болуу компетенцияларынын калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө* карай орун алып, иш-билгини үйрөтүүгө карата чечилгени туура болуп эсептелет. Ал эми окутуунун стратегиялык технологиялары сунуштаган предметтин мазмуну мейли теориялык, мейли практикалык жактан силлабуска жайгашканына карабастан, *билим берүүчүлүк сапатына, натыйжага жетүүгө реалдуу салым кошо алганына,* азыркы мезгилдеги *жаңычыл окуу методикасы менен куралданганына* байланыштуу окуу процесинен ордун табаары бышык. Мында маселесине реалдуу турмушта жүзөгө ашыруу үчүн ар бир педагогдун жылдык түйшүгү, чыгармачыл аракети, проблеманы түшүнө билген адистик сапаты, өзгөрүп жаткан кырдаалды туура аныктоо менен бирин-бири колдогон педагогикалык коллективдин тактикалык технологиясы талап кылынат. Ал ар бир студенттин иш-билгисин калыптандырууда маанилүү роль ойной турган педколлективдин биргелешкен аракети болуп эсептелингени менен *анын кудурети* канчалык экенин *алынган натыйжадан*, б. а. студентте пайда болууга тийиш деп табылган *иш-билгилердин өздөштүрүлүшүнөн* көрүнөт. Кыргызстанда окуу процессинде аракетке келип жаткан окутуу иштерин дүйнөлүк билим берүү тармактарында колдонулуп жаткан окутуу технологиялары менен салыштырып караганда окутуу боюнча өзүнүн стратегиялык же тактикалык технологиясын иштеп чыккан бир да жогорку окуу жайын кездештире албадык. Мындай көрүнүш эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик стандарт ишке киришкени менен өлкө ичинде *аны ишке ашыруунун жол-жобосу толук иштелип чыга электигин* ачыкка чыгарат.

Ырас, компетенттүүлүк парадигмасы мурда колдонулуп келген сабактарды түп-тамырынан өзгөртүүнү же жокко чыгарууну сунуштабайт. Болгону алардын арасынан кесиптик билим берүүгө “кызмат кыла турганын” тандап алуу зарылдыгын көрсөтөт. Азыркы мезгилдеги рыноктун талабы боюнча окутула турган *адистештирүүчү предметти тандоо жагы* окуу жайдын *өзүндө калтырылгандыктан*, анын ролу студентке белгилүү бир иш-билгини көндүм катары пайда кылуусуна карай аныкталууга тийиш. Эгер *окуу жай мурда окутулуп жүргөн сабактардын бирин окутууну зарыл деп тапкан болсо*, анда анын билим

жана тарбия берүүчүлүк касиетин аныктоо үчүн окуу жай аныктаган стратегиялык жана тактикалык технология *иштеп чыккан натыйжага жетүүгө кандай кызмат кылып бере ала турганын эске алуу* милдети турат. Бирок учурдагы абал көрсөткөндөй, көпчүлүк мезгилде *адистештирүүгө кирген* (профессионалдык бөлүккө сунушталган) *сабактардын канчалык мааниси бар экендиги* аны окуткан мугалимдин окуу жайдагы кадырына жараша иргелип келет. Маселен, *филология багытында бакалаврдык даражада билим берүүнүн азыркы абалы* мамлекеттик стандарт талап кылган деңгээлге чыга элек. Анткени, өлкөдөгү ар бир жогорку окуу жайы өзүнүн стратегиялык жана тактикалык окутуу технологияларын аныктап бүтө элек болгондуктан, кредиттик сааттарды дисциплиналар боюнча бөлүштүрүү менен чектелишкен. Мындай көрүнүш окуу жайлар предметтерге сааттарды бөлүштүрүү үчүн мамлекет тарабынан берилген "эркиндикти" туура эмес пайдаланып жатканын көрсөтөт, б. а. ар бир окуу жайдын стратегиялык технологиясы кредиттик сааттарды бөлүштүрүүдө негизги орунга *кесипке карата коюлган рыноктук мамилелердин талаптарын чыгарып* **(а)**, аны *өз кызыкчылыгына колдонуп* **(б)**, адистикке ээ болгон студент кайда барып иштөөсү, өз ишмердүүлүгүн кандай жерлерде аткаруусу зарыл экендигин *аныктап* **(в)**, кандай предмет окулбасын стандартта аталган *ишмердүүлүктү жүргүзө турган компетенцияларга ээ болуусун талап кылып* **(г)**, акыркы натыйжага жетүүнү көздөсө, ал эми тактикалык технология аны ишке ашыруунун жол-жобосун издеп, окуу процессинде мугалимдердин белгилүү бир методикада жумуш аткаруусун милдеттендирет. Бирок, мындай технологиялар зарыл болуп жатканы менен анын максаттуу аракеттери эми-эми пайда боло баштагандыгын эскерте кетели. Мунун өзү алдыда аткарыла турган зор иштер бар экендигин ачыкка чыгарып, филология багытында "кыргыз тили жана адабияты" бакалаврдык даражада адистикке ээ кылуу үчүн буга чейин окутулуп келген кыргыз адабияты боюнча предметтерди студентте калыптануучу иш-билгиге карата ордун аныктоо зарылдыгы турат. Демек, стратегиялык технология мамлекеттик стандартта белгиленген *ишмердүүлүктөрдү жөндөп кетүүгө кайсы сабактардын ролу канчалык экендигине карай ордун аныктоо менен* бирге анын окуу планында, ал тургай кайсы семестрде болушу керектигин көрсөтүп, өтүлө турган убактысын кредиттик технологияда чечүүгө

милдеттүү болуп саналат. Анткени стандарт талап кылып жаткан компетенциялар кандай сабактардын мазмунунда калыптана тургандыгына карай "баш оруутуу" жогорку окуу жайдын билим берүүчүлүк максатына кирет да ал азыр талашта турган *жогорку окуу жайларында окутулуп келген предметтерди ошол турушунда сактап калуу керекпи* же студент практикалык ишмердүүлүгүндө жеткиликтүү пайдалана алуусуна карата *адабият таануу илими (кыргыз жана дүйнөлүк адабият) иштеп чыккан илимий-теориялык маалыматтарды туура колдонуу зарылбы* деген суроолорго стратегиялык технологиянын жооп берүүсүн талап кылууда. Ырас, рыноктук мамилелер өзгөчө *социалдык керектөөлөрдү жетекчиликке алып тургандыктан*, студентке калыптанган иш-билгилерге баа берүү сырттан *кардарлар* (иш берүүчүлөр) *тарабынан жүргүзүлөт*. Мурда муну мамлекет аныктап, окуу жайларга квота берүү жагын өз мойнуна алып келген болсо, азыр чечүүчү ролду *рыноктук керектөө ээлеп*, ал өз кезегинде *билим берүүчүлүк максатка жетүүнүн жол-жобосун ички* жана *тышкы конкуренцияга калтырууда*. Мунун өзү окуу жай *иштеп чыккан* стратегиялык технологиянын негизги *өзөгүн түзүү менен* бирге ар бир *сабактын берген натыйжасы конкуренцияга туруштук берүүчү адистин иш-билгисин* кайсы сабактар мүмкүн экендигине жооп берүү милдетин да аркалайт. Тагыраак айтканда, кыргыз адабияты боюнча тигил же бул дисциплинаны окутуу маселесин стратегиялык технология **а**ныктоого тийиш, б. а. алардын орду компетенцияларды калыптандырууга байланыштуу болуп, ал эми билим берүүчүлүк мазмунуна карай зарылдыгы ачык көрүнөт. Кыргызстанда кесиптик билим берүүдө окутууну дал ушул өңүттө уюштуруу жаңыдан колго алынып жаткандыктан, *эки баскычтуу жаңы муундагы стандарттын талаптарын ишке ашыруу*, б. а. *кыргыз адабияты боюнча сабактарды окуу пландарына жайгаштыруу* азырынча эски бойдон эле турат. Ошондуктан, анын орду кандай болушу керектигине байланыштуу проблемага келгенде педагог-окумуштуулардын арасында *бирдиктүү бир пикир болбой*, ар кимиси "өз сабагынын" өтө *маанилүү экендигин* "далилдеп", анын натыйжасында *предметке көбүрөөк кредит саат алууга аракеттенишип*, негизги маселе болгон иш-билгилерди (компетенцияларды) үйрөтүү кызыкчылыгы сыртта калып жатканы байкалат. Иш-билгини предметтер аркылуу үйрөтүүнү жүргүзүүгө тийиш болгон

окутуу маселесине байланыштуу суроолорду түзүп, мугалимдер арасында сурамжылоо анкетасын уюштурганыбызда көпчүлүк мугалимдер (67,3 пайыз) ага даяр эместигин моюнга алышкан. Жогоруда аталып кеткен маселе боюнча педагог-окумуштуулар арасында бирдиктүү пикирдин болбогону анын бизде толук колго алына электигин көрсөтүү менен бирге кесиптик билим берүү мындай жалпы көйгөйдү инновациялоо зарылдыгын ачыкка чыгарат. Эгерде жалпылап чече турган мындай маселелерди дүйнөлүк билим берүүнүн компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун парадигмасынан караганда аны республикалык деңгээлден чыгып, филология боюнча “даяр” стратегиялык жана тактикалык технологияларды колдонуу кызыкчылыгы башкы планга көтөрүлөт. Мындай шартта *ааламдашуу процессине тез “сиңип кеткен”*, б. а. *эл аралык мамилелерде өз ордун тапкан* кесиптер жер которгону боюнча (кыргыз жергесине келип калганына) гана ыңгайсыз болбосо, *адистештирүүдө баштапкы мазмунун сактап*, сөзсүз түрдө *өнүккөн өлкөлөрдө иштелип чыккан*, “даяр” стратегиялык жана тактикалык технологияларды колдонууга киришет. Ал эми андай “даяр” шарт кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө жок экендигин эсепке алсак, анда багытта алдыга койгон максаттар менен андан натыйжа берүүчү милдеттерди толук камтыган стратегиялык жана тактикалык технологияларды иштеп чыгуу зарылдыгы көрүнөт. Ырас ал жок жерден пайда болбой тургандыгы белгилүү болсо, анда бул кесипти адистештирүүчү тараптын бири – *кыргыз адабиятын окутууну бүгүнкү күнгө ылайыктоо*, б. а. *аны түрдүү аспектиде инновациялоо зарылдыгы* көрүнөт. Эгер аны кесипке карата коюлган рыноктук мамилелердин керектөөсүнө ылайыктай турган болсок, анда кыргыз адабиятын боюнча стратегиялык технологияны түзүү зарылдыгы ачыкка чыгат. Ал өз кезегинде *окуу процессин бир катар илимий-теориялык база менен жаңылоону* жана *практикалык иште* (турмушта) натыйжага үчүн маанилүү болуп саналган бир катар иштерди талап кылууда. Ал азыркы окуу процессинде толук чечиле элек төмөнкүдөй маселелер менен байланыштуу каралышын күн тартибине коёт: 1) Кыргызстандын келечеги үчүн *кыргыз тилинде* (Мамлекеттик тилде) *эркин сүйлөй* жана *сабаттуу жаза ала турган кадрларды даярдоо үчүн* кыргыз адабиятын окутууда адистин кандай иш-билгиге (компетецияларга) ээлик кылуусуна таянуу зарыл экендигин

аныктоо; 2) Өлкөдө жашаган ар бир жаран *кыргыз тилинде оозеки* жана *жазуу түрүндө сүйлөө* жана *сүйлөшүү керектөөсүн камсыздоо үчүн* жаңыдан түзүлүп жаткан окуу стандарты менен окуу пландарында ошол иш-билгинин (компетенциялардын) ордун аныктап, ал *окуу процессинде кайсы проблемаларды чечип*, кандай натыйжага ээ боло турган ийкемдүү концепциясын түзүү, андан кыргыз адабиятынан берилген сабактар кандай мазмунда жана формада уюштурулушу керектигин айкындоо; 3) Жогорку окуу жайын аяктаган соң Кыргызстанда *жашап* жана *иштеп жаткан* ар бир жаран *көркөм образдуу сүйлөп, адабий-эстетикалык жактан сабаттуу болуп*, өз оюн *кыргыз тилинде элестүү, так* жана *түшүнүктүү бере алуусуна карай* жогорку окуу жайларында кыргыз адабиятын кайсы багытта жана кандай формаларда окутуунун илимий-методикалык негиздери үчүн стратегиялык технологиясын иштеп чыгуу; 4) Окуу пландарын түзүүдө жана анда окутула турган предметтерди тандоодо студенттин жарандык, кесиптик (кайда иштөөсүн) кызыкчылыгы менен мамлекеттик кызыкчылыкты айкалыштыруу, б. а. жогорку окуу жайында *билим алып жаткан жарандын атуулдук* жана *мекенчилдик сезимдерин калыптандыруу багытында* кыргыз адабиятынын мазмунунда окутууга зарыл болгон иш-билгилерди (компетенцияларды) аныктап, аны сабактардын силлабустарына жайгаштыруу; ж. б.

Алар силлабустарга орун алгандан кийин *аны ишке ашыруу ар бир мугалимге жүктөлүп*, стратегиялык технология *андан аркы ишин* тактикалык технологияга *өткөрүп бере тургандыгы* бышык, б. а. кесиптик билим *берүү бир нече жылды кучагына алган педагогикалык татаал иш* болгондуктан, ал *үзгүлтүксүз кыймылдоочу процесс* экени байкалып, ал окутулган *предметтердин өтмө катар байланышында чечилүүчү маселелерди* дайыма өз боюнда кармап турат. Кыргыз адабияты боюнча сабактар анын бир эле тарабы экендигин эске алсак, анда иш-билгини (компетенцияларды) *студентке калыптандыруучу иш чаралар* бир бүтүн тактикалык технологияга баш ийе тургандыгы өзүнөн-өзү көрүнөт. Тактикалык технология мугалимдин чыгармачыл аракетине чек койбосо да, анын аткарган ишинде кандай мазмун болушу керектигине көз салып турат. Ошондуктан биз

кыргыз адабиятын окуткан мугалимдин сабактарында төмөнкүдөй мазмунда иштин аткарылышы зарыл деп эсептейбиз.

Кыргызстандык жарандын кесипкөйлүк касиетин арттырууда *жалпы илимий, социалдык-турмуштук* жана *кесиптик иш-билгинин* (компетенттүүлүктүн) арасынан кыргыз тилинде жазуу жана оозеки кебин өнүктүрүүгө карата кыргыз адабиятынын да маанилүү орду бар. Ал өзгөчө руханий, эстетикалык, адеп-ахлактык, мекенчилдик, социо-маданий, тилдик жана коммуникативдик иш-билгини (компетенцияларды) калыптандырууда кыргыз адабияты (эгер туура окутулса) артыкчылыкка ээ экендигин жокко чыгара албайбыз. Ал Кыргызстанда эле эмес, *азыркы мезгилде үзгүлтүксүз билим алуусуз болбой тургандыгын аныктаган* өнүккөн өлкөлөрдөгү *адистик билим берүүнү салыштыруудан* да көрүнөт. Жарандын толук жетилген адис болушу үчүн өнүккөн кайсы мамлекетте болбосун иш-билгилер (компетенциялар) толук аныкталган. Мисалы, АКШ, Германия, Япония, Россия, Кытай, ж. б. мамлекеттерде Мамлекеттик тилде *пикирлешүүнүн* жазуу жана оозеки *талаптарын билбеген адистин кызматка орношуп, иштеп жатканын элестетүү кыйын* десек, бул көпчүлүк өнүккөн мамлекеттерде адабий чыгармачыл ишмердүүлүккө ээ эссе жазуу чеберчилигине карай аныкталат. Экинчиден, алар орто жана жогорку окуу жайларында бул багыттагы маселени толук чечип, б. а. коммуникативдүү компетенцияны калыптандыруу зарылдыгын аныктап, аны *билим берүү тармактарында кантип ишке ашырса боло тургандыгын жолго коюп алышкан* болсо, *тилдик сабаттуулугу* менен *кесиптик ишмердүүлүгүндө* адабий-эстетикалык табити, көркөм-элестүү дүйнө кабылдоосу, чыгармачылык процесстин түрдүү жанрларында (мисалы, сценарий жазуу, макала даярдоо, маек уюштуруу, ж. б.) иштиктүү, ошол эле мезгилде социалдык коомчулукка адабий-теориялык билимге канык, креативдүү кесипкөй адис керектигин эбак айкындап коюшкан. Бул компетенциялардын дээрлик көпчүлүгү филологиялык билим берүүдө *кыргыз адабиятына тиешелүү предметтер аркылуу калыптана тургандыгын* белгилей кетели.

Кыргыз адабияты калыптандыра турган текст түзүүнүн адабий ишмердүүлүгүнүн жетишсиздигинен улам жогорку билимге ээ болгон адис

Мамлекеттик тилде *оозеки* жана *жазуу кебинин текстин*, расмий *иштти уюштуруунун сценарий билбей*, өлкө ичинде, эл аралык байланыштарда көркөм-адабий тилдин жетишсиздигинен расмий пикирлешүүнүн ролун башка тилге өткөрүп берүүдө. Буга жогорку окуу жайында билим алган адис күнөөлүү эмес, кыргыз адабий тилинин лексикалык байлыгын *көркөм чыгармаларга б*атырып, не бир *образдуу дүйнөнү жаратып*, сөз аркылуу не деген *укмуш көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдү жаратып*, сөздүн тике, кыйыр, өтмө, какшык, шылдың, каймана, ж. б. маанилерин көркөм сөз өнөрүндө аздактеп багып кыргыз *адабий мурастарын* кесиптик билим берүүдө пайдалана албай жаткан окуу жайлар күнөөлүү экенинде талаш жок. Кыргыз адабияты Кыргызстанда гана окула тургандыгын эсепке алсак, анда *бул проблеманы* бир гана кыргыздар *аң сезимдүү түрдө чечип*, жогоруда аталган көйгөйлөрдү чечүү багытын издеп, иш жүргүзүүдөн башка жол жок экендиги ачык эле көрүнүп турат.

Башка мамлекеттердин адабий билим берүү системасына көз чаптырганда *адабият өзү* улуттук көркөм-эстетикалык дөөлөт катары каралып, көбүнесе ага кадим *улуттук кызыкчылыктар аркылуу мамиле болуп келгендиктен*, ар бир мамлекетте анын орду ар түрдүү экени байкалат. Дүйнөлүк билим берүү тармактарында адабий билим берүүгө карата мындай көп түрдүү көз караштын болушу анын улутка мүнөздүү болгон табиятында экендигин элестетип түшүнүүгө болот. Эгер кыргыз адабиятына ушул өңүттөн мамиле кылсак, анда *кыргыз эли мурастап келе жаткан руханий байлык* **(а)**, *улут катары сыймыктанган көркөм-эстетикалык дөөлөттөр* **(б)**, ойду *образдуу чагылдыруу чеберчилиги* **(в)**, кептин *сүйлөшүүдөгү маданияты* **(г)**, *оюн жеткирүү чеберчилиги* **(д)**, көркөм сөз каражаттары - троптун *адамга эмоционалдуу-экспрессивдүү таасир этүү кудурети* **(е)**, не бир укмуш *сезим-туюмдардын чагылдырылышы* **(ё)**, б. а. жогорку кесиптик билими бар адиске турмушунда керек болуучу коммуникативдүү компетенциянын ролун өз деңгээлине жеткирүүчү сапаттык белгиде окутулушун ар бир окуу жайда иштелип чыккан тактикалык технология моюнга алууга тийиш. Ансыз жогоруда аталган иштерди жүзөгө ашыруу мүмкүн эместиги айкындалып турат.

Эгер азыркы мезгилдеги өлкө ичиндеги кырдаалды эсепке алуу менен мамиле кыла турган болсок, анда Кыргызстандагы бардык жогорку окуу жайларында

кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүнүн тактикалык технологиясын төмөнкү багыттар боюнча иштеп чыгуу талапка ылайык келет деп эсептейбиз: 1) *кыргыз адабиятына таандык предметтердин базасында адабий ишмердүүлүктүн дискурсун таанып-билүү* (Бул кыргыз адабиятын окутууну концепциялык жактан инновациялоону шарттайт.); 2) *кыргыз адабиятынын илимий-теориялык базасын тарыхый поэтиканын мазмунун аныктоо* (Бул кыргыз адабият теориясын таанып-билүүнү мазмундук жактан инновациялоо гана болбостон, компетенттүүлүктүн негизинде билим жана тарбия берүүнүн стратегиялык технологиясын илимий коомчулукка алып чыгуу да болуп саналат.); 3) *кыргыз адабиятына таандык предметтер аркылуу мастер класстарды уюштуруу* (Бул кыргыз адабиятынын базасында илимий-теориялык изилдөө багытындагы талдоо жумуштарын өткөрүү менен изилдөөчүлүк көндүмдөрдү калыптандыруу, мезгилдүү басма сөз каражаттарына иштөөгө үйрөтүү, педагогикалык чеберчиликти окутуу, б. а. компетенттүүлүккө негидеп окутуунун тактикалык технологиясын түзөт.); 4) *кыргыз адабиятындагы бардык предметтерди окутуунун ык-усулдук жана формалык методикасын толугу менен компетенттүүлүккө негиздөө* (Бул кыргыз адабиятын окутууну формалык жактан гана инновациялоо эмес, кредиттик технологияны толугу менен акыркы натыйжа үчүн иштөөгө буруу болуп саналат.);

Ырас тактикалык технологиянын мазмуну *конкреттүү практикалык иштердин жыйындысынан тургандыктан*, аны *ишке ашыруу* ар бир мугалимдин *стратегиялык технология* койгон *маселени канчалык түшүнө алгандыгына байланыштуу чечилээри* белгилүү. Ошол себептен кыргыз адабиятын окутуунун теориялык (стратегиялык) негиздери *рынок мамилелери аныктаган шарттарга* жана *иш берүүчүлөрдүн керектөөсүндө* башкы орунда турган түрдүү *жагдайды жөндөп кетүүчү* иш-билгини үйрөтүүнүн *талаптарына таянып түзүлүүгө тийиш* экени көрүнөт. Мында мугалим *аткара турган методикалык иштин мазмуну* дүйнөлүк билим берүү системасы аныктаган компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасын жетекчиликке алууга милдеттүү болуп эсептелет. Ал адистин *рынок шартында иштеп жана жашап кетүүсүн мойнуна алууга аракеттенген* жаңы (үчүнчү) муундун стандарттарында белгиленген иш-билгини (компетенцияларды) ар бир студентте калыптандырууну көздөйт. Билим деңгээлинен *ар бир окуу*

*жайдын орду* (имиджи) *аныкталышы мүмкүн экендиги* филологиялык багытта кыргыз тилин жана адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө *алардын ар бирин өз алдынча аракеттенүүсүн шарттап*, ал өз кезегинде окутуунун тактикалык технологиясына индивидуалдуу мамиле кылууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан тактикалык технология окутууну жүзөгө ашырууда ар бир *сабактын окутулушуна көзөмөл жүргүзүү менен* бирге *аны кантип уюштуруунун зарылдыгын да* ачыкка чыгарат. Мында тактикалык технология катары кесиптик *билим берүүчү бардык предметтер пайдаланууга зарыл болгон окутуунун ык-усулдары* жетекчиликке алынат да, *аны окуу жайда колдонууга тийиш болгон мазмуну* менен *убактысы көрсөтүлүп*, бирок усулду сабакта пайдаланууда мугалимдин чыгармачылыгына жол берилет.

Ал эми окуу процессин ишке ашырып жаткан окуу пландарын алып караганда аларда *окуу системасын компетенттүүлүккө негиздөө* (1), сабактардын *мазмунун компетенцияларга ылайыктоо* (2), кайсы сабак *кандай иш-билгини* (компетенцияларды) *өз мазмунунда калыптандырышы мүмкүн экендигин так көрсөтө албаганы* (3), *аларды ишке ашырууга тиешелүү окуу материалынын мазмунунун жетишсиздиги* (4), *компетенцияларды калыптандыруучу критерийлердин чагылдырылбаганы* (5) окутууда тактикалык технологиянын жолго коюла электигин ачыкка чыгарып берет. Анткени, мурда *окутулуп келген предметтер эч мазмуну өзгөрбөй эле кайрадан жаңы окуу пландарынан орун алышы*, мурда (совет доорунда) иштеп чыккан *иш чаралардын* (лекция, практикалык сабактар, ж. б.) *негизинде предметтердин бөлүнүшү* түздөн-түз ушул ойго алып келет. Мунун өзү компетенттүүлүккө негиздеп окутуу мамлекеттик стандарт тарабынан такталганы менен окуу процессинде ага таандык маселелердин толук чечиле электигин туюндурат. Азыркы мезгилдеги коомдук талаптарды эске алуу менен окуу процессин уюштуруу милдети - кесипкөй адис кандай болушу керектигине карата мамиле кылуу, жогорку чеберчиликке ээ болуучу иш-билгини (компетенциялардын адисте болушун) издөө формасы – билим берүүнүн мазмунун жаңыланышын көздөгөндүктөн, жаңы окуу планы окуу жайдын стратегиялык жана тактикалык технологияларына таянуу менен түзүлүшүн талап кылат. Ал жогорку окуу жайларынын *бардык кафедраларында студентте калыптана турган иш-*

*билги жөнүндө элестөө* (представление) “жашап”, ал *кандай ишмердүүлүктө “өз ордун табышы” мүмкүн экендигин так көрсөтө алган* кырдаалда гана өз вазыйпасын аткарат. Мунун өзү да түрдүү *татаал кубулуштарды ичине алууга мүмкүнчүлүгү ба*р уюштуруу багыттарын жетектеп турат. Учурда аны ишке ашыруу үчүн жол ачылып калганы менен сервердик аракеттердин толук жолго коюла электиги ар бир сабактын мазмуну кандай иш-билгини (компетенцияларды) үйрөтүшү мүмкүн экендигин ачыкка чыгара албай жатат. Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, *тигил же бул предметти* окуу планына сунуш кылаардан мурда ал *кандай иш-билгини* (компетенцияларды) *студентке калыптандыруусу мүмкүн экендигин аныктап, эксперименттне өткөрүп* (диагноздоп), кайсы бир кафедра (киргизүүнү ким сунуш кылса) адистештирүүчү педколлективдин алдына чыгарып, орду кайсы жерде болушу керектигин тактап, рынок мамилелери керектеген ишмердүүлүккө ээ кылуучу компетенцияларды (стандартта орун алган) багыттар боюнча жайгашса гана азыркы мезгил талап кылган натыйжаны берет деп эсептейбиз. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасында билим – кандай кесиптин ээси болбосун ошол кесип менен иштеп (квалификациясы иш берүүчү кардар талап кылган деңгээлде болуп) жана жашап кетүүсүнө жол ачып берген иш-билги (компетенциялардын калыптануусу) болуп саналат. Ал эми адабий билим берүүдө иш-билги студенттер окууну аяктагандан кийин *ишке ала турган уюм-мекеме, ишканалардын керектөөсүнөн* (жумуш аткаруу жөндөмдүүлүгү) *куралган* социалдык кызыкчылыктардын өзү болгондуктан, адабий билимдин нугун алды менен филолог бүтүрүүчү *иштей турган тармактардын билимге карата койгон талаптарын эске алуу менен* уюштурулган окуу процессин туюндурат. Тактикалык технология биз жогоруда атап өткөн *маселелердин баарын системага салып*, кайсы жылы, кайсы семестрде окутулса *натыйжа бериши мүмкүн экендигин карап*, окуу планына киргизилсе, төрт жылдык убакытты ичине алган кредиттик сааттар туура чечиле турганын көрсөтөт. Ошондой эле тактикалык технология аныктала элек маселеге да көңүл буруп, б. а. *мурда практикаланып, калыбына келген предметтер боюнча гана иш жүргүзүп калбастан*, учур талап кылган *түрдүү кызыкчылыктарды* (иш берүүчүлөрдүн керектөөсүн) *алдын ала сезип*, өзү үчүн (окутуу зарыл деп тапкандарын) *маанилүү болгондорун тактап алуусу* зарыл.

Аны *кантип тактоого болоорун* жана жогоруда аталган *адабий билим берүүгө сунушталып жаткан төрт багыт кайдан чыккандыгын* түшүндүрүүгө аракет кылалы. Маселен, азыркы мезгилдеги *мугалим* (кыргыз тили жана адабиятын бүткөндөрдүн дээрлик көпчүлүгү мугалим болушат) *кандай компетенцияларга ээ болушу* керектигин Г.М.Коджаспирова "Педагогика" окуу китебинде 10 топко бөлүштүрүү аркылуу так жана таасын көрсөтүп кетет [145/427]. Азыр, ушул тапта, өлкөдө *сабак берип жаткан мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүгү* менен окуу китепте *айтылган компетенцияларды салыштырып көргөндө* биздин педагогдордо алардын айрым бир гана компетенциялары болбосо, көпчүлүгү жетишсиз экендиги ачык көрүнөт. Маселен, Г.М.Коджаспирова мыкты педагог компетенциясында ээ боло турган китеп окуунун 60тан ашык түрү бар экендигин белгилесе, *кыргыз адабиятын окуучуларга жеткиликтүү окутуу үчүн адабият мугалиминде анын баары болушу зарыл экендигин* түшүнүп турабыз. Экинчиден, Кыргызстандын кайсы мектебин албаңыз, адабият сабагындагы жүргүзүлүп жаткан адабий чыгармага талдоо чыгарманын идеялык мазмунун кайталап айтып берүү деңгээлинен жогору көтөрүлө элек. Анын себебин издеп көргөндө эки маанилүү кырдаал ачыкка чыгат: **биринчиси** – окуучуларга көркөм чыгарманы үйрөтүп жаткан мугалимдин *өзү жогорку окуу жайынан адабий чыгармага кантип талдоо жүргүзсө боло тургандыгын* (мазмундук жана формалык жактан) *үйрөнүп чыккан эмес*, б. а. көркөм чыгармага талдоо жүргүзүүнү окутуп билдирүүчү мастер-класстан өтпөгөндүгү ачык билинет. Бул жерде орто мектепте ошондой сабак берип жаткан мугалимди күнөөлөөгө болбойт, анткени аны окута турган *практикалык иштер бир дагы жогорку окуу жайында жолго коюлбаган*; **экинчиси** – азыр мектепте окуу процессинде практикалык иштерди жүргүзүп жаткан адабият мугалимдеринин көпчүлүгү адабий ишмердүүлүктү уюштуруучу түшүнүктөр менен терминдердин маанисин, аныктамасын жана аны колдонуу мүмкүнчүлүгүн жакшы билбейт. Мисал келтирсек, эксперимент учурунда кыргыз адабияты мугалимдерине "роман жанрга киреби же түргө киреби?" жана "тарыхый роман жанрбы же түрбү?" деген сыяктуу суроолорду бергенде алардын көпчүлүгү жанр менен түрдүн айырмасын бөлүп көрсөтө албайт. Ал эми "көркөм чыгарманы мазмундук жактан талдоо менен формалык жактан талдоону кантип айырмалоого

болот?” деген суроого 23 мугалимден экөө гана туура жооп бере алганы орто мектепте адабий билим берүү мазмундук жактан кандай сапатка ээ экендигин ачык туюндура алат.

Адабий ишмердүүлүктүн турмуштагы ордун жана ролун билүү максатында мугалимдерге, ата-энелерге, ал тургай окуучулардын өздөрүнө сурамжылоо анкеталарын таркатып, “адабий чыгармачылык сиздин турмушуңузга керек болобу?”, “Эгер керек болсо, сиз аны кайдан билесиз жана кайда пайдалана аласыз?”, “Сиз адабий чыгармачылык ишмердүүлүктү эч кимдин жардамысыз эле өз турмушуңузда колдонууга мүмкүнчүлүгүңүз жетеби?” деген суроолорго жалпысы 104 киши катышкан болсо, ошонун 11 гана өз алдынча турмушунда адабий чыгармачыл ишмердүүлүктү пайдалана ала тургандыгын белгилешкен. Ал эми калгандарынын баары *адабий ишмердүүлүк акын-жазуучуларга гана тиешелүү өнөр менен аныкталуучу ойлоо жөндөмдүүлүк* катары эсептешкен. Мунун өзү *адабий чыгармачылык ишмердүүлүк адамга зарыл болгон компетенциялардын бири экендигин*, анын негизги *мазмуну ар бир адам өзүнүн көркөм ойлоосун ошол ишмердүүлүк аркылуу ачыкка чыгарышы мүмкүн боло тургандыгын*, уккан жана көргөн нерселер эс тутумда толук сакталышы үчүн *көркөм элестөөнүн мааниси зор болоорун* эмнегедир сурамжылоо анкетасына жооп бергендер эстеринен чыгарып койгон сыяктанат. Кыргыз адабиятына таандык сабактар бир мезгилде кыргыз үчүн өтө маанилүү абалда турган ушул **иш-билгини** (компетенцияны) – *жумуш аткарууда жөндөмдүүлүк катары кайрадан калыбына келтирүүсү керек* болуп турат. Тагыраак айтканда, азыр эл арасында суюлуп бараткан *сөз кадырын билген* **(а)**, *сөз барктаган* **(б)**, *кепке сый берип* **(в)**, *сөзүн кармаган* **(г)**, “сөзү өлгөнчө, өзү өлүү” даяр болгон жарандык коомду тарбиялоо милдети кыргыз адабиятынын, б. а. орто жана жогорку окуу жайларында адабий билим берүүнүн алдында турганын белгилей кетсек, биздин баамыбызда, дүйнөлүк билим берүү системасы көрсөткөндөй, адабий чыгармачылыктын дискурсун окутуу зарылдыгы ачыкка чыгат. Бул проблеманын бир жагы болсо, экинчи жагы *адабий чыгармачылыктын дискурсу* бири-бири менен байланышта турган тил менен адабиятты лингвопоэтикалык мазмунда үйрөнүүнү шарттайт. Тактап айтканда, адабий чыгармачыл ишмердүүлүктүн дискурсун *практикалык сабактар* **(а)**,

*лабораториялык чыгармачыл иштер* **(б)**, *долбоорлоо жумуштары аркылуу окутуу* **(в)**, өзгөчө студенттин *кызыкчылыгын эске алуу менен инновациялык ык-усулдарды пайдалануу* менен *уюштурулган иш чараларды өткөрүү* **(г)** натыйжалуу багыт катары кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутууну өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзөт.

*Кыргыз адабиятына таандык предметтердин базасында адабий ишмердүүлүктүн дискурсун таанып-билүүнү окутуу*, бул кыргыз адабиятын окутууну концепциялык жактан инновациялоону шарттайт, б. а. аны кыргыз адабиятына таандык түшүнүктөрдү студенттин кесиптик жактан адистешүү кызыкчылыгына ылайыктап окутуунун концептуалдык багыты катары эсептөөгө болот. Адабий чыгармачыл ишмердүүлүктүн дискурсу мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөн компетенцияларга ээ болушун камсыздоо үчүн анда биринчи кезекте багыттар боюнча иштеп кетүүсүн жетекчиликке алган квалификациясына толук жооп берүүгө мүмкүндүк түзгөн *түшүнүк, терминдерди, кесиптик лексиканы*, өз **иш-билгисинде** (жумуш аткаруу маалында) реализациялоого багыт берүүчүлүк касиет башкы орунга чыкса, компетенциялардын ишмердүүлүктө аткарылышы кесиптик (мисалы мугалимдик, адабиятчылык, редакторлук, ж. б.) концепттердин ролун ачып түшүндүрүүчү *лингво-поэтикалык минимум* жана *максимум деңгээлинде аныкталууга тийиш*. Филология багытында кыргыз тили жана адабияты боюнча окутуунун мындай концепциясы жаңыдан көңүлгө алынып жаткан болсо, дүйнөлүк билим берүүдө ал эбак эле адистештирүүнүн бир бутагы катары калыптанып калганын көрүүгө болот.

Азыр бир кыргыз адабиятын окутууга сунуштап жаткан дискурс филологияга гана тиешелүү болбостон, башка кесиптик тармактардын бардыгына мүнөздүү болгондуктан, биз бул жерде дал ошондой концептуалдуу багыт кыргыз адабиятын окутуу жана студенттерде адабий чыгармачыл ишмердүүлүккө таандык иш-билгини (компетенцияларды) калыптандыруу иштерине да керек деп эсептейбиз. Анткени, кыргыз адабияты Кыргызстанда адабий чыгармачыл ишмердүүлүккө тиешелүү компетенцияларды калыптандыруучу бирден бир сабак болгондуктан, жана жогорку окуу жайларында окутулуп жаткан башка предметтерден айырмаланып, өлкө боюнча *кыргыз эли калтырган гуманитардык илим-*

*билимдердин жыйындысы* - кыргыз фольклорунда (көчмөн цивилизацияны эске алып жатабыз) сакталып келгендиктен, адабий чыгармачыл ишмердүүлүктө таанып-билүүнүн иш-билгиси катары өткөн кылымдардан калган баалуулуктарды окуучуларга *түшүнүктөрдүн дискурсун* камтыган сабактын мазмуну аркылуу жеткирүүчү педагогикалык чеберчиликти тарбиялоого да жол ачылмакчы. Кыргыз адабиятына таандык сабактардын азыркы мезгилдеги окутулушу абалынан алып караганда жогорку окуу жайында билим алып жаткан студенттер *адабий чыгармаларга талдоо жүргүзүү үчүн* биринчи кезекте *адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүктөрүн кол китеп катары колдонушуп* (1), анан барып *адабият теориясына* (2), андан соң ошол *чыгарма жөнүндө жазылган адабий сын пикирлерге басым коюушу* (3) жогорку окуу жайында филология багытында жогорку кесиптик билим берүүдө бул сунуштун туура экендигин көрсөтө алат. Бирок биз сунуштаган адабий түшүнүктөрдүн дискурсу мурда колдонулуп жүргөн *окуу формалары аркылуу студентке берилсе*, анда сабак өз максатына жетпей тургандыгын алдын ала белгилей кетсек болот. Анткени, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу студенттерге аталган дискурс боюнча мааалымат гана бербестен, *кыргыз эли байыртан пайдаланып келген тилдеги адабий-көркөм чыгармачылыкка* **(а)**, *адабиятчылык кесиптик ишмердүүлүккө* **(б)** *таандык түшүнүктөрдү* колдонуу жөндөмдүүлүгүн иш-билги катары окутууну да милдеттендирет. Бул багытта мугалимдин *жеке чыгармачыл мамилеси*, окуу материалын берүү боюнча *өз позициясы болсо да*, кесиптик билим берүүнүн компетенттүүлүк парадигмасы ар бир окуу жайга тиешелүү стратегиялык технологиядай эле тактикалык технологиянын болуусун талап кылат. Аны колдонуу менен университеттин башка факультеттериндей эле кыргыз филологиясы өз ичинде кесиптик билим берүүчү кыргыз адабияты боюнча (бардык сабактарда деле пайдаланууга болот) предметтерди окутуунун борбордоштурулган технологиясын түзүүгө багыт алат.

Тактикалык технологияны ар тараптан изилдеп келген М.Г. Голубчикова мурда колдонулган окутуунун салттуу формалары деле азыркы мезгил үчүн маанисин жогото электигин белгилеп, бирок анын маңызы *окуучунун чыгармачыл ойлонуусун*, ар бир алган *билимин турмуш менен байланыштыра билүүсүн* карай баалана турганын аныктаган болсо [95], бүгүнкү күндө *студенттин кесиптик*

*даярдыгын пайда кылууга мааниси бар* бардык окутуу формаларын тактикалык технологияда пайдаланууга болот деп эсептейбиз. Маселен, биз студентке *иш-билгини* (компетенцияларды) *калыптандыруу үчүн лекциянын бир нече түрүн максаттуу түрдө колдонсок*, кыргыз адабиятын окутууга сөзсүз *керектелүүчү айрым формаларын белгилей кетүүнү* туура көрдүк. Алар *аудиовизуалдык техникалык каражаттардын жардамы менен уюштурулган* **(а)**, *«консультант» системасындагы* **(б)**, *адабий изилдөөлөргө экскурс жасоо* **(в)**, *адабий сындарга баа берүү* **(г)**, *окуу китебиндеги проблемаларды чечүү* **(д)** сыяктуу лекциялар менен *«аз топтор менен иштөө» системасындагы* **(е)**, *«репетитор» системасындагы* **(ё)** *компьютердик системаны пайдалануу менен пикир коргоо системасындагы* **(ж)**, *«автордук программаны коргоо» системасы* **(з)** сымал практикалык сабактардан [95/67] да турат. Изилдөөчү буларды мектеп практикасынан алып чыккандыгына байланыштуу жогорку окуу жайы студенттин чыгармачыл ишин калыптандырууда мунун баарын өз алдынча “таза түрүндө” колдонууга болбойт. Ошондуктан, биз аны практикада *мугалимдин чеберчилигине ылайык түрдүү комбинацияда пайдалана берүүгө мүмкүнчүлүк бар экендигин* белгилей кетели. Бирок мугалим аны *кандай шартта колдонбосун*, ал студенттин *чыгармачыл ишмердүүлүгүн* – иш-билгини (компетенцияларды) калыптандырууга маанилүү роль ойношу зарыл. Мамлекеттик стандарт илимий-техникалык жетишкендикти дайыма жарандык коомго алып келүүнү көздөгөндүктөн, педагогика өз *ишмердүүлүгүндө аны турмушка тез аралаштыруунун жолун издеп* келет. Окутуунун азыркы коомчулукта алган орду педагогикалык чеберчиликти *жарандык керектөөнү камсыздоо үчүн зарыл болгон максатка жетүүнүн ык-усулдарын иштеп чыгууга пайдаланып*, ири *жетишкендиктерди көрсөтүү* болсо, аны кадимки турмушка жакындаштыруу жогоруда аталган технологиялардын иши болуп саналат. Демек, адабий чыгармачылыкты *кесиптик ишмердүүлүк катары таануу*, аны окутуу аркылуу *студент өз алдынча пайдалана алуу жол-жобосун үйрөтүп чыгуу* жана аны *практикалык иштеринде* (жумуш ордунда) *дайыма колдонуп кетүү* үчүн ар бир окуу жайдагы стратегиялык иштер (методология) компетенттүүлүк парадигмасында кесиптик билим берүүнү ишке ашырууда методологиялык технология (мамлекеттик стандарт) аныктап чыккан иш-билгини

(компетенцияларды) кыргыз адабиятына таандык дискурсту түрдүү окутуу жолдору менен чечүү тактикалык ишмердүүлүктүн (методология катары) милдети болуп саналат. Биз тарабынан сунушталган кыргыз адабиятынын илимий-теориялык базасын тарыхый поэтиканын мазмунунда окутуу маселесине келсек, ал кыргыз адабият теориясын таанып-билүүнү мазмундук жактан инновациялоо гана болбостон, компетенттүүлүктүн негизинде кыргыз адабияты кесиптик билим жана тарбия берүүнүн стратегиялык технологиясы болуп берет.

Алдын ала мындай пикирге келип жатышыбыздын себеби бар, ал кыргыз адабиятын окутууну мазмундук жактан компетенттүүлүккө негиздөөнүн теориялык жана практикалык тарабын туура чечүү проблемасы менен тикелей байланышта болуп турат да, кыргыз адабияты боюнча өзгөчө мааниге ээ компетенциялардын ар бир студентте болушуна жол ачып бермекчи. Эгерде биз Кыргыз Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы № 496-токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын «бакалаврды» (ошондой эле «магистрди») даярдоо багыты боюнча МАКЕТин» негиз кылып ала турган болсок, анда азыр окутулуп жаткан *кыргыз адабияты сабактарынын мазмуну* талапка ылайык толук жаңылануусу керектиги ачыкка чыгат. *Биринчиден,* жаңы муундун стандарты кадрларды даярдоодо *рынок шартында ички* жана *сырткы конкуренцияга туруштук бере ала турган* кесипкөй адистерди даярдоого милдеттенүүдө. Ал окууну бүтүп чыкканда *турмушунда колдоно алуучу дүйнө таанымды*, жалпы *турмуштук маалыматтардын жакшы-жаманын ылгай билүүчү билимди* да университеттен берүүсү зарыл экени байкалат. Ошондуктан кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу адабий билим берүүнүн мазмунунда *ички сезимдерине*, *диний ишенимдерине*, *салт кармоо табиятына* доо келтирбей туруп, студенттерге *көркөм образды* (чыгармадагы адам турмушун) *талдоодо көркөм-адабий дөөлөт менен эстетикалык табылгага туура баа берип,* өзгөчө турмуштук керектөөнү (иш берүүчүнүн кызыкчылыгын) айырмалоого үйрөтүү керектиги көрүнөт. Адабий билим берүүнүн миссиясы коомдо *эстетикалык табитти тарбиялоо* болгондуктан, мындай мамиле кыргыз адабиятын *кылымдап калыптанган аброюнан ажырап коюусу* мүмкүн. Анткени, Мамлекеттик стандарттын 3түн 4- жана 3түн 8- пункттарында көрсөтүлгөн

кесиптик иштин тапшырмаларына ылайык 5тин 1-пунктунда белгиленген «жалпы илимий» (ЖИК) жана «инструменталдык» (ИК) аныкталган иш-билги (компетенциялар) кыргыз адабиятынан кыргыз адабий тилинде көркөм ой жүгүртүүгө жана оозеки жана жазуу түрүндөгү текст түзүүдө *"коммуникациялык жөндөмдүүлүккө ээ болушун" камсыз кылуу* үчүн көркөм адабияттын тилин, жанрдык курамын үйрөтүү милдетин жүзөгө ашыруу зарылдыгын алдыга чыгарат. Андан тышкары адабиятчылык, мугалимдик, ж. б. филологиялык багытка таандык кесиптин өзүнө тиешелүү иш-билги көркөм адабий тилдин троптук касиетин *коммуникативдүүлүк байланышка* керек болгон кептик каражаттарда (кесиптик текстти, терминдерди, сүйлөө жана сүйлөшүү каражаттарын, адистикке ылайык ой жүгүртүүнү жана оюн бере билүү чеберчилигин) үйрөтүү милдети менен коштолуп келет. Ал окуу процессинде кыргыз адабиятын *тарыхый поэтикалык мазмун* **(а)**, *көркөм ой жүгүртүүнүн адабий жанрларда өнүгүш эволюциясын* **(б)**, *адабий процесс* **(в)**, андагы *түркүн проблемаларды изилдеген адабиячылардын көз карашын* **(г)**, *илимий-теориялык концепцияларды* **(д)**, *улуттук адабияттагы эстетикалык дөөлөттөрдү* **(е)**, *улуттук* жана *дүйнөлүк адабиятка жаңылык алып келген акын-жазуучуларынын чыгармачыл өнөрканасын* (ё), *жеке новатордук чыгармасынын ролун* **(ж)**, ж. б. маселелерди ар бир студенттин угуп түшүнүүсү аркылуу өздөштүрүүсү эмес, *кызмат абалында жеке чыгармачыл аракетинде өз көз карашын коргой билүүгө* (1), керек жерде *зарылдыгына жараша дискуссияга катыша алууга* (2), *өз пикирин далилдөө үчүн* адабияттын, адабий сындын, эгер зарыл болсо публицистиканын жанрларын *колдонууга* (3) ээлик кылуу ишмердүүлүгүн (иш-билги катары) үйрөтүүчү тактикалык технологиянын алкагында чечилишин талап кылууда. Бирок, ал кыргыз адабиятын тарыхый поэтиканын мазмунунда окутуу концепциясын жетекчиликке алган мазмунду аткарууга тиешелүү болгон мындай иштер колго алына элек болгондуктан, кыргыз адабияты боюнча *лекцияларды уюштурууда*, *практикалык сабактарды өтүүдө*, б. а. *кыргыз адабиятынын айрым проблемаларын студенттерге түшүндүрүүдө* окутуунун салттуу формаларын, ык-усулдарын пайдалануу дагы эле күчүндө турат.

Кыргызстандын бардык жогорку окуу жайларында эң маанилүү нерсе азыркы кесиптик билим берүүгө ыңгайлуу болгон жаңылануута толугу менен өтүү – эки

баскычтуу *адистештирүү талап кылган окутуу системасын* – **тактикалык технологияны** жогорку окуу жайларында колдонуу айрым жаңычыл окутуу формаларын иш чара катары жайылтууну милдеттендирүүдө. Алар студенттин иш-билгисин (компетенцияларды) калыптандырууну "мойнуна алган" *дискуссиялык сабактарды уюштурууда* **(а)**, көркөм тексттин идеялык-эстетикалык сапаттык жаңылануулары *презентациялардын мазмунунда ачып берүүдө* **(б)**, окулуп жаткан *чыгарманын ички табиятын аныктоого аракеттенген студенттердин докладдарында* **(в)**, студент *чыгармачыл демилгесин көрсөтүү үчүн жазылган кээ бир очерктерде* **(г)**, студенттин *жеке адабий чыгармачылыгын иш-билги катары көрсөтүүгө жетишкен сабактагы түрдүү ык-усулдарга* **(д)**, басым коюу менен сабакты уюштурууну педагогикалык коллективге сунуштайт. Эгерде республика боюнча филологиялык багытта "кыргыз тили жана адабияты", "кыргыз тили жана адабияты кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде", "педагогика", ал тургай "журналистика" ж. б. жогорку кесиптик адистерди даярдоодо адабий билим берүүнү окутуунун мазмунун ушул багытка буруу кыргыз адабиятын компетенттүүлүк негиздеп окутууга тиешелүү көйгөйлөрдүн чечилишин жолго коюу аракети гана болбостон, окутууда инновациялык жаңылануу башталганын шарттап, Кыргызстандын *мектеп-мекемелеринин керектөөлөрүн*, же болбосо бакалаврдык стандарттардын 3түн 8-пунктунда белгиленген *, иш берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын эсепке алгандык* да болуп саналат. Иш берүүчүлөрдүн кызыкчылыгы бардык билимдердей эле кыргыз адабиятынын илимий-теориялык мазмунун жокко чыгарбайт. Тескерисинче *ар бир теориялык көз карашка,* анын *турмуштагы ордуна* көңүл буруп, аны керектөөдө турмуштук кызыкчылыктын болгон зарылдыгын биринчи орунга коюп, анан аны аткаруучу иш-билгини аныктап, ошол иш-билгини үйрөтүү үчүн эмнени окутуу керектигине, өзгөчө *адабий-теориялык билимден кайсыны бөлүп*, аны *кандай билдирүү максатка жеткире турганын* башкы планга алып чыгуучу тактикалык технологиянын зарылдыгын көрсөтөт. Ал эми тактикалык технология ар бир мугалимдин окуу процессиндеги аракети менен жүзөгө аша турганын эске алсак, анда компетенттүүлүк парадигмасында окутуунун мазмунун аныктоочу ушул проблеманы жогорку окуу жайдын мугалимдери анча түшүнө электигин байкоого

болот, б. а. мугалимдердин сурамжылоо анкетасына берген жоопторуна таянсак, алардын арасынан өзү окуткан сабагынын билимдик (турмушка керек) мазмуну кандай болушу керектигине көпчүлүк мугалимдер так жооп бере алышкан эмес. Маселен 64 мугалимдин алтоо гана кандай принциптер аркылуу *турмуш менен байланыштырууга боло турганын болжоп айтышса*, 11и бул педагогикалык *чеберчиликке тиешелүү адамдагы өзгөчө сапат менен ачыла турган иш чара катары* далилдөө аракеттенишкен. Ал эми калгандары өзү окуткан предметте мурдатан окутулуп келе жаткан формаларды колдонушаарын моюнга алышкан. Ал эми себептерин сураганда алар баары мурда тажрыйбадан өтүп, билим берүүчүлүк касиети такталып калганын билдиришкен. Фактынын өзү көрсөтүп тургандай, окутулуп жаткан предметтин орду студенттин турмушу менен тикелей байланыштуу болушу керектигине карай аныкталышы жөнүндө көпчүлүк мугалимдер ойлоно элек. Мындай көрүнүш бир гана кыргыз адабиятына тиешелүү предметтерге эле мүнөздүү эмес, ал азыр республикадагы *бардык жогорку кесиптик билим берүү иштеринде кездешип жаткан кубулуш экендигин эске алсак*, анда тактикалык технология боюнча “кыргыз тили жана адабияты” кесиптик билим берүүсүнө таандык бир катар маселени чечүү зарылдыгы көрүнөт. Алардын башкысы азыр бардык жерде – ишкана-уюмдарда, жогорку жана орто билим берүү мекемелеринде - бүтүрүүчүлөрдүн сабатсыз экендигин баса белгилеген кырдаалга байланыштуу болуп саналат. Бул кыргыз тилиндеги *орфографиялык эрежелерди колдоно билүүгө* гана карай айтылбастан, *кесибине таандык илимий-теориялык базаны турмуш менен байланыштыра албай жаткандыгына* тиешелүү экендигин сурамжылоо анкетасына берген жооптор далилдейт. Анын себебин изилдей келгенде окутуу иштери *ким качан туулган, кайсы чыгармаларын качан жазган, анда кимдер жөнүндө жазган, окуя кайда өтөт, оң каарманы ким, терси кайсы* сыяктуу фактологияны түшүндүрүү иштери, аларды студенттен суроо жумуштарын жүргүзүү менен аткарылып жаткан сабактар күнөөлүү экендиги ачыкка чыгат. Ошондуктан кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу иштери сабактардын окутулушун башка багытка бурууну талап кылат. Мында тактикалык технология алды менен студент *кесиптик ишмердүүлүгүндө керектей турган илимий-теориялык категорияларды аныктап*, анан анын “таяныч чекитин” (иш

берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын) *табуу аркылуу* тиешелүү маселеге *кандай мамиле керектигин ачыкка чыгарып*, андан соң ага ылайык окутуу формаларын “издегени” туура. Ал *тиешелүү маселеге жооп издөөдө* студентке кандай мазмундагы билим берсе, азыркы мезгилдин талабын аткаруусу мүмкүн экендигин ачыкка чыгарат. Бардык предметтердей эле кыргыз адабияты *адабий билимди түрдүү керектөөгө жараша колдоно алуучу* иш-билгиге байланыштырып аныктоого аракеттенгендиктен, окутуу формалары *предметке таандык маалыматтарды иргеп пайдаланууга* аргасыз кылат.

Эгер компетенцияларды калыптандыруу *адабий-көркөм, адабий-эстетикалык баалуулуктарды өздөштүрүү менен аныкталса*, студент ээ болуучу иш-билги реалдуу турмушта кездеше калып жаткан жалпы *чыгармачылыктын оң* жана *терсин*, *жакшы* менен *жаманын*, *чыныгы көркөм чыгарма* менен *халтураны айырмасын түшүнүү*, деги эле *адабий процессте болуп жаткан кубулуштардын өйдө-төмөнүн*, автордун *дүйнө кабылдоосун*, сүрөткердик *чеберчилигин айырмалоо* жана *аны башкаларга туура түшүндүрө билүү жөндөмдүүлүгүнүн пайда болушу* аркылуу туюндурулат. Тактикалык технология күн тартибинде турган кыргыз тили жана адабияты боюнча адисти даярдап, мамлекеттик заказды аткаруу үчүн азыркы учурда студентке сунушталып жаткан предметтердин баарын “ревизиялап”, кесиптик иш-билгини үйрөтүүгө канчалык мүмкүнчүлүгү бар экендигине баасын берип, ордун аныктай болсо, мындай талаптан кыргыз адабиятына таандык да сыртта калбашы керек. Ырас, бир караганда окутулуп жаткан *адистикке байланыштуу адабий-теориялык ойлор*, кыргыз адабияты *басып өткөн тарыхый өнүгүш*, ошол *тарыхый доордо кимдер кандай чыгарма жазганы*, ал чыгармалардын *идеялык мазмунуна комментарий берген автордун* (мугалимдин) *көз карашы*, эгер талаш-тартыш болуп калса, алардын арасынан *бир багытын жактаган лектордун позициясы* учурдагы окутуу маселелерин туура чечкендей сезилет. Бирок акыркы жыйынтык студент алуучу иш-билгиге (компетенцияларга) келгенде ушундай мазмунда окутулуп жүргөн сабактар алынуучу натыйжаны берип, канааттандыра албай тургандыгы ачык көрүнөт. Ал эми биз тарабынан сунушталып жаткан кыргыз адабиятын тарыхый поэтиканын мазмунунда окутуу жаңы муундун окуу пландарында (стратегиялык технология катары) орун алып,

тактикалык технологиясы, б. а. окуу процессин уюштуруу туура чечилген болсо, студенттин өзү бөлүнгөн кредиттик сааттарды өз убагында туура пайдаланууга аң сезими жетип, коомдук турмуш, социалдык керектөө *талап кылган жөндөмдүүлүктөрдү болушунча берилген убакытта өздөштүрүүгө умтулуп*, өтүлгөн сабакты бош кетирбегенге аракет кылаары бышык. Маселен азыркы учурда сабактардын дээрлик көпчүлүгү эмне маселеге көңүл буруу зарылдыгын түшүндүрбөй туруп, окуй берүүнү сунуш кылгандыктан, студент алардын арасынан *эң маанилүүсү кайсы экенин биле албай* жалпы алып карагандыктан, сабак эч нерсеге арзыбай тургандай көрүнүп, жөн гана *маалымат берчүдөй таасир калтыргандыгы* менен айырмаланат. Демек иш-билгини үйрөтүү башкы планга чыга турган болсо, анда тактикалык *технология жүзөгө ашыруучу иш чаралардын нугун өзгөртүү зарыл экендиги* ачыктан-ачык көрүнөт. Аны окуу процессинде аткарууда тактикалык технология бир катар маселени максатына жеткире чечүүгө да милдеттенет. Бул, биринчиден, ушул тапта иш-билги (компетенттүү) адистерге муктаж болуп турган негизги кардар – мамлекеттик *коомдук-саясий* **(а)**, *социалдык-этикалык* **(б)**, *маданий-эстетикалык багыттагы кызыкчылыктарды жүзөгө ашыруу менен* **(в)** түздөн-түз байланыштуу, анткени, азыр филолог адистердин кыргыз адабияты боюнча билиминин жетишсиздигинен улам, ушул мезгилде *адабий процессте* жана *маданий турмушта жүрүп жаткан ар түркүн көрүнүштөргө* илимий жана эстетикалык деңгээлде баа берилбей келген кырдаалды жоюуга мүмкүнчүлүк түзөт, б. а. реалдуу турмушта болуп жаткан түрдүү *маданий, адабий окуяларга* адабиятчы филологдор (1), адабиятчы мугалимдер тарабынан *коомдук пикирдин өз учурунда болушуна* жетише албай жаткан маселени чечип бере алат. Экинчиден, адабиятчы филологдор жана адабиятчы мугалимдер эл турмушундагы өздөрүнүн негизги миссиясын толук аткара албай жаткан болсо, анын башкы себеби алардын жогорку окуу жайында алган билими *коомдук-социалдык керектөөнү канааттандыра албаганы* менен түшүндүрүлөт. Тагыраак айтканда, кыргыз адабияты боюнча адабий билим берүүдө бардык сабактар “тарых” мүнөзүндө окутулуп, аларда *жалпы адабий өнүгүштүн адабий-эстетикалык баалуулуктары эмес*, башкысы ошол мезгилде кандай чыгармалар жазылып, аларда кандай идеялык мазмун чагылдырылгандыгы кеп

болгондуктан, сунушталган *маалыматтардын дээрлик көпчүлүгү экзамен* же *зачет берилээр менен унутулуп* калууда. Демек, кыргыз адабияты боюнча мындай көрүнүш мындан аркы окутуу иштерин уюштурууда сунушталган сабактардын мазмунун да, аларды студентке жеткирүү формасын да жаңылоо зарылдыгын айкындоодо. Антпесе филолог бүтүрүүчүлөрдүн иш-билгиси *рынок шартында турган кардардын керектөөсүн аткара албай тургандыгы* белгилүү. Ошондуктан, кыргыз адабияты боюнча орто жана кесиптик билим берүүдө болуп жаткан проблемаларга токтолуу жана аны чечүү боло турган жол-жоболорду (тактикалык технология катары) түшүндүрүү зарылдыгы турат:

1) *азыркы мезгилде өз ара сүйлөшүүдө көркөм сөз каражаттарын колдонуу* иш-билгисин (компетенцияларды) калыптандыруу – *көркөм текст курай билүү* (а), текстте *элестүү көркөм тилди пайдалануу* (б), *көркөм сүйлөө* (в), *терминдерди* жана *тропторду сүйлөшүү каражаттары катарында сүйлөө текстине киргизүү* (г), *маанайга карата ойго* (сүйлөмгө) *подтекст түзүү* (д), *образдуулукту контекстте колдонуу* (е), *сөзгө маани берүү* (ё), *сунушталган сүйлөмдөрдөгү какшык, шылдың, юмор, каймана, куйкум сөздүк маанилерди ажырата түшүнүү* (ж) жана аларды *кебинде жүзөгө ашыруу чеберчиликтерин* иш-билги (компетенция) катары колдоно алуусу;

2) *адабиятчылык адистикке ылайык ой жүгүртүү жана оюн оозеки жана жазуу түрүндөгү текстте бере билүү* иш-билгисин (компетенциясын) чеберчилик катары үйрөтүү - кыргыз адабиятына таандык *илимий-теориялык маалыматтарды жакшы билүү менен бирге* көркөм адабий тилде *коомдук-социалдык зарылдыкка жараша белгилүү бир жанрда оюн так* жана *көркөм чагылдыруу*, керек десе аңгеме, очерк, макала, сын пикир, аннотация, сценарий, доклад, инсценировка, драма, интермедия, ачык кат, кабар, жарыя, куттуктоо, репортаж, интервью, долбоор *жаза билүү чеберчилигине жетишүү*; педагог кадрлар үчүн өтө маанилүү болгон *дикторлук ишмердүүлүк*, *суроо* жана *жооп* бере билүү иш-билгисине (компетенцияларына) ээ болуусу;

3) *көркөм-адабий чыгармаларга талдоо жүргүзүү чеберчилигин* иш-билги катары калыптандыруу – илимий-теориялык түшүнүктөрдү практикада *колдоно алууга* (а), адабий чыгарманы *мазмундук* жана *формалык жактан талдоо*

*принциптерин так түшүнүүгө* (б), кырдаал талап кылса (коомдук-социалдык заказ болсо) кандай адабий чыгарма болбосун *илимий деңгээлде баа берүүгө жетишүү* (в); адабий сынга, ал тургай публицистикалык чыгармаларга адабий-эстетикалык жактан *позициясын коргоо максатында полемикага чыгууга* (г), аргументтерди келтирип, *ал-абалды түшүндүрүүгө ээ болуу* (д); адабий чыгармага же адабий чыгармачылыкка карата *коомдук пикирди түзүүгө* (е) жана *дискуссия аркылуу коомдук пикирди өзгөртүүгө жетишүү* (ё); маданий, ал тургай саясий көз караштан мамиле кылып, кандай чыгарма болбосун колдоого жана сындоого тийиш болгон иш-билгиге (компетенцияларга) ээ болуусу;

4) *өз позициясын коргоо, башка бирөөнүн көз карашын сыйлоо маданиятын* иш-билги (компетенция) катары калыптандыруу – көркөм-адабий ой жүгүртүү коомдук аң сезимдин бир түрү болгондуктан, аны азыркы демократиялык ойлоо жөндөмдүүлүккө ылайык плюрализмдин чегинде кароого үйрөтүү, берилген адабий-көркөм чыгармага карата түрдүү көз караш боло тургандыгын, б. а. кандай пикир айтылса да анын *жеке өзүмдүк боло тургандыгын таануу* (а), бардык *учурларда адабий чыгармачылыкка берилген баа өзгөрүлмө болоорун* (б), ал коомчулуктун талабына жараша *көп түрдүүлүктө каралышы мүмкүн экендигин сезе билүүгө* (в), бардык мезгилде толеранттуулукту сактаган иш-билгиге (компетенцияларга) ээ болуусу;

5) *адабиятчы-филолог адистин илимий ишмердүүлүгүн* иш-билги катары калыптандыруу – актуалдуу теманы, *изилдөөгө маанилүү болгон проблеманы тандоого* (а), ага ылайык алынган *маалыматтардын үстүндө иштөөгө* (б), илимий-теориялык *булактарды пайдаланууга* (в), белгилүү *бир теманын тегерегинде ойлонууга үйрөтүү* (г), б. а. изилдөө объектисинин айланасында илимий-теориялык маалыматтарды *өзүнүн жеке көз карашында жалпылаштырууга жетишүү* (д), илимий-изилдөө иштеринин алгачкы түрлөрү болгон реферат, доклад, курстук иш, дипломдук иштерди *жазууга көнүктүрүү* (е), *өзү жазган илимий-изилдөө иштерин* (кандай түрү экенине карабастан өз көз карашын коргоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүү) *коргоо* (ё) иш-билгисине (компетенцияларына) ээ болуусу;

6) *педагог-окумуштуу адистин илимий ишмердүүлүгүн* иш-билги катары калыптандыруу – педагогикалык процессти *изилдөө кызыкчылыгын арттырууга* (а), изилдөө объектисин *тандоого* (б), *изилдөө предметин айырмалоого* (в), *илимий гипотеза түзүүгө* (г), андан соң *изилдөө максатын, милдеттерин аныктоого* (д), өз алдынча ойлонуп *изилдөө планын иштеп чыгууга* (е), анда *методологиялык негизин* (ё), өндүрүшкө тийгизген *баалуулугун түшүндүрүүгө үйрөтүү* (ж), эксперименттик тажрыйбаларды өткөрүү үчүн *эксперименттик* жана *текшерүү топторун түзүүгө* (з), *байкоо* жана *диагностикалоо методикасын үйрөнүүгө* (и), сабактардын жана тарбиялык *иш чаралардын план-конспектисин жазууга* (й), изилдөө натыйжасын *анализдөө методикасын иштеп чыгууга*, *сурамжылоо анкетасын жүргүзүүгө*, маектешүү *суроолорун түзүүгө* (к), *аныктоочу экспериментин кантип уюштурууга* боло тургандыгына карай *иш чаралардын жол-жобосун түзүүгө көнүктүрүү* (л), *калыптандыруучу экспериментти уюштуруу* (м) жана *өткөрүү* (н) *үчүн* бул кесиптин бул багытына кызыккан ар бир студенттин адистик иш-билгисине (компетенцияларына) ээ болуусу;

Республикадагы жогорку окуу жайларында филологиялык багытта “кыргыз тили жана адабияты” боюнча азыр адистикке даярдоодо студенттер үчүн сөзсүз билүүгө тийиш болгон маалыматтар өтө көп экендиги талашсыз. Бирок жаңыдан аракетке келип жаткан мамлекеттик стандарттан алып караганда *компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселесине байланыштуу* алардын көбү кесипке карата турмуштук керектөөнү камсыз кылуудан алыс экендигин да жашырууга болбойт. Дүйнөлүк кесиптик билим берүү тармактарынын иш тажрыйбаларына таянсак, анда кредит сааттар илимий-теориялык маалыматтарга эмес, андагы мазмун студентке канчалык иш-билги үйрөтө алганына байланыштуу бөлүнүп, биринчи кезекте *адистештирүүчү* (иш берүүчүнүн койгон талаптарына карай) *касиетине* (1), компетенцияларды калыптандыруу аракетине (2) жараша сааттарга ээ боло тургандыгын өнүккөн өлкөлөрдүн окуу пландары көрсөттү. Ошондой эле аларда *кесиптик билим берүүнүн мазмунун илимдеги ири жетишкендиктер түзбөстөн* (3), студент *реалдуу турмушунда иштеп кетүүгө зарыл болгон* (4) белгилүү бир илимдин прикладдык мүнөзгө ээ бөлүгү окуу материалы катары сунуштала тургандыгы ачык байкалат. Студенттин кесиптик

ишмердүүлүгү кыргыз тили жана адабияты болгондуктан, адистештирүүдө мына ушул эки багыттын *жарандык коомдогу аракети*, аларды кесип катары *колдонууда керектелүүчү социалдык талаптар* толугу менен ушул эки тармактын ич ара катышында турган ишмердүүлүктү (иш-билги катары) үйрөтүүчү предметтердин жалпы мазмуну системдүү иштөөсүн, б. а. аталган эки багыттагы компетенцияларды калыптандыруучу мазмунду ошол тармактарга тиешелүү жалпы маалыматтардан бөлүп алуу зарылдыгын ачыкка чыгарууда. Ал эми компетентүүлүккө негиздеп окутуу кыргыз адабиятына тиешелүү предметтерге ушул өңүттөн мамиле кылуу зарылдыгын көрсөтүү менен **ЭМНЕни КАНТИП** окутуунун **педагогикалык технологияларын** тактап бермекчи. Кыргыз адабиятын мурдатан колдонулуп келе жаткан формасында, б. а. адабияттын тарыхтарын окутуу объектиси кылып ала турган болсок, анда студентти адистик иш-билгиге ээ кылуу – компетенцияларды калыптандыруу өзүнөн-өзү жокко чыгат. Себеби, азыр окутулуп жаткан адабияттын тарыхында *көркөм-адабий табылгалар, акын-жазуучулардын ири ачылыштары, новатордук көрүнүштөр менен* жөн эле чыгарманын санын көбөйтүү үчүн жазылган чыгармалардын башы ачылбай, акын же жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгы фактологиялык мүнөздө “ирети менен” баяндалып берет. Студент акын-жазуучулардын биринчи чыгармасы качан, экинчиси кайсы убакта жазылганын же ошол тарыхка кирген сүрөткердин качан туулуп, кайсы мезгилде кантип дүйнөдөн кайтканын дата жана фактылар аркылуу жаттап үйрөнгөнү менен ошол *сүрөткер кыргыз адабиятына эмне жаңылык алып келгендигин*, башка чыгармалардан айырмалап айтып, жеткире түшүндүрүп бере албайт.

“Ж.Турусбеков кыргыз адабиятына эмне жаңылык киргизген, Т.Үмөталиев кайсы чыгармаларында ачылыш жарата алган, К.Маликовдун кайсы лирикалык чыгармалары өзүнүн оргиналдуулугу менен сизге катуу таасир калтырды, А.Токтомушевдин кандай чыгармалары сизге эстетикалык жактан таасир бере алдыбы, А.Токомбаевдин сиздин көңүлүңүзгө толгон чыгармасы кайсы”, ж. б. ушул сыяктуу он суроодон турган сурамжылоо анкеталарына берген студенттердин жоопторуна караганда алардын 84, 7 пайызы өзү окуп жаткан акын-жазуучулардын *кайсы чыгармалары жакшы*, ал эми *кайсы чыгармалары жаман экендигине*, өзгөчө

алардын мазмундук жана формалык жактан кыргыз адабиятына алып келген жаңылыктарына таптакыр маани бербегенин көрүүгө болот. Ошондой эле анкеталык суроолорго жооп бергендердин 73, 4 пайызы окуу материалдарына мындай сын көз менен кароого аракет кылбагандыгын, алар *окумуштуулар тарабынан тандалып, анан студенттерге сунуш кылынган деп эсептей тургандыгын* билдиришкен. Бирок ошол эле мезгилде студенттердин 66,3 пайызы азыр окутулуп жаткан кыргыз адабияты боюнча окуу материалдары *көңүлдөрүнө толбой тургандыгын*, бир окугандан соң *унутта кала берээрин*, зарыл мезгилде бирине-бири, ал тургай *мугалимге айтып берүүчү кызыктуу адабий-эстетикалык баалуулуктун жоктугун* баса белгилешкен. Ал эми 17,3 пайызы бул тууралуу "жакшылап ойлонбоптурмун" деген менен алар да кыргыз адабиятынын азыр окутулуп жаткан мазмундун жаңылануусуна, башкача – адистигин арттырууга көмөкчү жана кызыктуу болушуна карай өзгөрүүсүн колдой тургандыгын жашырышкан эмес.

Мындай көрүнүш биз эксперимент жүргүзгөн КМПУ, ЖМУ, ЫМУда же БГУда эле эмес жалпы өлкө боюнча деп айтууга негиз бар, анткени эки баскычтуу мамлекеттик стандарттын негизинде жаңы окуу планын түзүп жатышканы менен кыргыз адабияты боюнча (башка багыттарда деле ушундай көрүнүш бар экендиги жашыруун эмес) мурдагы академиялык мазмунун ошол турушунда көчүрүп келгендиги талашсыз чындык. Ырас, буга ошол доордо бардыгын көөгөндөп турган мамлекеттик идеология күнөөлүү болсо, ал эми азыр аны жоюу зарылдыгы *демократиянын шартына*, кесипке койгон *рыноктун талаптарына карай* адистештирүүдө адабий билим берүүнүн мазмунун жаңылоо милдети менен айкалышкан шартты туура чечүүдө турат. Биз тарабынан сунушталып жаткан кыргыз адабиятынын мазмунун тарыхый поэтиканын негизинде окутуу кесипкөй *адисти тарбиялоого*, б. а. азыр кыргыз тили жана адабияты боюнча бакалаврларды компетенттүүлүк парадигмасында окутууга мүмкүнчүлүк берет. Тагыраак айтканда, жогорку кесиптик билим берүүдө кыргыз адабиятын окутуунун мазмуну тарыхый поэтиканын музмунунда аныкталган болсо, анда студент эл ичинде кадимки *фольклордук мүнөзүн сактап жашап жаткан көптөгөн адабий жанрларга өз алдынча баа берүүгө* (1), ошондой эле *алардын ар биринин адабий-*

*эстетикалык көркөм дөөлөтүн өз алдынча түшүнүүгө* (2) жана кийин кесипке ээ болгондо *окуучуларына түшүндүрүп берүүгө* (3) да мүмкүнчүлүк алмакчы. Бул маселе биз тарабынан жөн гана сунушталып жаткан ойлор эмес, ал адабиятчы-филолог адистин, кыргыз адабияты боюнча адис мугалимдин иш-билгисине (компетенциясына) кире турган турмуштук реалдуу кубулуштар экендигин буга катышы бар ким болбосун түшүнөт. Эгерде филолог адис *адабий чыгармаларга талдоо жүргүзүүнү* (4), акын-жазуучулардын *чыгармачыл өнөрканасын, тигил же бул адабий процессти адабий сын аркылуу таанып билип* (5), *адабий чыгармачыл ишмердүүлүгүн* (6) реалдуу турмушта адабиятчылык же сынчылык иш-билгисин (компетенцияларын) калыптандыруу жарандык коомдун керектөөсүндө турган зарыл маселе болсо, кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө муну үйрөтүүчү сабак - "Кыргыз адабий сынынын тарыхы" болгону бир семестр окутулат. Ал эми XX кылымда жазылган чыгармалардын бардыгы шедевр эмес экендигин эске алсак, коммунисттик идеологиянын таасиринен улам сабактарга сааттар туура бөлүнбөгөнүн көрөбүз. Маселен, кыргыз адабиятын компетентүүлүккө негиздеп окутууда окуу планынын профессионалдык блокто орун алган адабий билим берүүчү дисциплиналардын мазмуну тарыхый поэтиканын өзөгүндө чечилсе, бул проблемалар өзүнөн-өзү жолго коюлат деп эсептейбиз.

Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасында студенттин адистик иш-билгисин (компетенцияларын) калыптандырууда кыргыз адабиятына тиешелүү *илимий-теориялык маалыматты билүү жетишсиз*, аны реалдуу турмушунда колдоно алышы керек. Ал эми кыргыз адабиятын окутуунун стратегиялык технологиясынын милдети окуу планы аркылуу *сунушталган кыргыз адабиятына таандык бардык предметтердин билим* жана *тарбия берүүчүлүк мазмунун* студент реалдуу турмушунда колдоно алган кырдаалга ылайыкташы керек болсо, кыргыз адабиятына тиешелүү сабактарды окуткан ар бир мугалимдин сабакка койгон максаты студенттин адабий-теориялык маалыматтарды билдирүүдөн тышкары *маектеши кайсы жанрда* (кептин бардык түрүнүн жанрлары бар экенине көпчүлүк адамдар маани бербей жүрөт) *сүйлөп жатканын* (а), *сөзгө жараша сөз менен жооп берүү керектигин* (б), жакшы, кынабы келишкен сөз аркылуу "жыланды ийнинен

чыгаргыдай” *сөз билги болуп тарбияланышын* (в), *сөз кадырлаган* (г), “сөз сыйлаган” адис болушуна карай иш-билгини (компетенцияларды) калыптандырууга багыт алганын да стратегиялык технология аркылуу чечилмекчи. Тагыраак айтканда, стратегиялык технологиянын артыкчылыгы кесиптик билим берүүдө *мугалимге демилгелүү болууну гана шарттабастан* (1), алды менен өзү окутуп жаткан *окуу материалынан студенттин кесиптик билим алуусуна эмнеси менен туура келээрин* (2), анда кандай гана *окутуу формасы* илимий-теориялык маалыматтардан тышкары ошол кесипке тиешелүү көркөм адабий тилдин тилдик жана кептик минимумду үйрөтүүгө *мүмкүнчүлүгү бар экенин* (3), өзгөчө көркөм адабияттын, илимдин, жана публицистиканын жанрларын коомдук-саясий керектөөгө жараша расмий иш жүргүзүүдө жазуу жана оозеки кептин каражаттары катары *колдонуусу* (а), сөз болгон жерде кыргыз эли адабий чыгармаларга жыйган *тилдин түрдүү маанисин түшүнө алуусу* (б), кептин кудуретин *көркөм-эстетикалык дөөлөттөр менен бирге пайдалануусу* (в) сыяктуу бир катар иш-билгиге (компетенцияларды) айкалыштырып үйрөтүү жолдорун издейт. Алардын арасынан көркөм адабиятка болгон муктаждыктарды таап, аны менен кайсы сабактар “алектенсе боло тургандыгын” аныктап, канча убакытта колдоно билүү үйрөтүүгө мүмкүн экендигин тактап, анан ага тиешелүү кредиттик саатты бөлүп, керектөө багытына карай окуу планына киргизип, аткарылууга тийиш ордун көрсөтүү да стратегиялык технологиянын кызыкчылыгындагы иш болуп саналат.

Окуу жай иштеп чыккан стратегиялык технология окутулуп жаткан ар бир сабактын ордун кандай иш-билгини үйрөтүп чыга турганына карап тааныса, акыркы натыйжа бере албаган предметтер окуу процессинен тез арада эле четтеп кала берээри анык. Антпесе, гуманитардык илимдерди толугу менен окуу пландарына “шыкай берип”, алардын кайсынысы маанилүү экендигин аныктап, жөнгө салууга окуу бөлүмдөрүнүн кудурети жетпей барат. Мисалы, Кыргызстандын ар бир жаранына адабий жана көркөм ой жүгүртүүнү калыптандырууда *дүйнөлүк* жана *орус адабиятынын да орду бар экендиги* талашсыз. Демек, кесиптик иш-билгини үйрөтүүдө *алардын ролу канчалык болоорун аныктоодо* да стратегиялык технологияга таандык проблема болгондуктан, аларды окутуу *кыргыз адабияты чече албаган маселеге*

*байланыштуу каралып*, ал эл аралык деңгээлдеги иш-билги (компетенттүү) адисти даярдоого зарыл окуу материалын берүүчү объекти катары сунуштоо менен калган проблеманы улуттук адабияттын мазмунунда жүзөгө ашыруу стратегиянын мазмунун түзүүгө тийиш. Бирок, *көркөм чыгарманын тили менен иштөө*, аларды *өз ишмердүүлүгүндө ыктуу пайдалануу, көркөм чыгарманын стилин башка стилдерден айырмалай билүү, көркөм-адабий тилдин прикладдык мүнөзүн аныктоо* сыяктуу иш-билги (компетенциялар) кесиптик билим берүүнүн стратегиясына айлана элек. Ошондуктан, кыргыз адабий тили көркөм чыгарма менен колдонуунун "сүйлөшүү деңгээлинде" кала берүүдө. Тактап айтканда студент (филолог катары) кесиптик лексиканын дискурсу эмне экенин билбеген соң, мамлекеттин түрдүү тармактарында керектелүүчү адабий тилдин элестүү (образдуу) табиятын *когнитивдүү* (таанып-билүү) *лингвистиканын алкагында айырмалап билүүгө* кудурети жетпей жатат. Азыр бул багытта иштерди аткаруу үчүн бир дагы окуу жайда стратегиялык иш план (технология катары) иштелип чыкпагандан кийин көпчүлүк жерде *кесиптик лексиканын дискурсу орус тилинде үйрөтүлүүдө*. Мындай көрүнүш окуу жайын аяктаган кесиптин ээсинин кадимки социалдык талабын жүзөгө ашыра албай, б. а. ал кесиптин ээси катары кыргыз тилинде иш жүргүзгөндү мындай кой, иш арасында болгон *сүйлөшүүлөрдүн мазмунунда чагылган* образдуулукту, көркөм элестүүлүктү туура түшүнүүгө шайы жетпей шылдың болуп жатканы реалдуу чындык.

Стратегиялык технологияны бир гана *сабактардын мазмуну менен кароо,* ушул багытта иш чаралар аркылуу аныктоого аракет кылуу туура эмес, анткени, ал акыркы натыйжага жооп бере турган бардык маселени камтыгандыктан, жогорку кесиптик билим берүү боюнча *окутуу* жана *тарбиялоо иштерин* жөнгө салуучу формалар менен ык-усулдардын жыйындысын да камтууга тийиш. Акыркы натыйжа студент үйрөнүп чыккан иш-билги (компетенциялар) болсо, окуу жайдагы бардык кафедралар сунуштаган *сабакты* окутуунун формалары *компетентүүлүккө негизделип аткарылуучу* жалпы *стратегиянын* (технологиялык мазмунда) *бир бөлүгү болмоюн* жаңыдан кабыл алынып жаткан парадигманы жүзөгө ашыруучу окуу процессинен результат чыкпай тургандыгы анык. Ошондуктан компетенттүүлүккө негиздеп окутуудан натыйжа чыгарган окутуу формалары

менен ык-усулдарын республикалык масштабда колдонуп, алардан результат алуу үчүн ар бир окуу жайдын окуу бөлүмдөрү, окуу-методикалык Кеңештери менен факультеттин эмгек жамааты биргелешип иштеп, окутуунун стратегиялык технологиясын түзүүдө өздөрүнө алгылыктууларын бөлүп алганы туура болуп саналат. Антпесе кесипке ылайык билим берүүчү кыргыз адабияты (бардык сабактар эле) *коомдук-социалдык талаптарды эске алуу менен* ар бир тармакка (иш берүүчүлөрдүн кызыкчылыгын эске алып) керектүү иш-билгини үйрөтүүчү окутуу формаларын берилип жаткан дисциплиналардын маңызына жайгаштырууга – натыйжага ээ болуу сапатын *таанып билүүгө*, эгер окутулуп жаткан мазмун кайталана турган болсо, *аларды синтездөөгө* - атүгүл зарыл болуп калса *интеграциялоого багыт алышын* милдеттендирет.

Мында кафедранын иши адабияттын жанрдык-поэтикалык, стилдик жана тилдик каражаттарын үйрөтүүнүн окутуу формаларын таап, стратегиялык технологиясын түзүү жана колдонуу болсо, акыркы натыйжа *кыргызча суроо бере билүүнү да жакшы ишке ашыра албаган филологдордун катарын кескин кыскарышына* алып келмек. Биз кесипкөй кызматкер болуучу студент кыргыз тилинде эркин сүйлөй билүүсү менен өз көз карашын жазуу кебинде туура чагылдыруу үчүн атайын же калыптандыруучу (мастер-класс катары) курстардын киргизиши маанилүү деп эсептейбиз. Ал сапатка ээ болуш үчүн *кыргыз адабиятын окутуунун стратегиялык технологияларынын теориялык жана практикалык мазмуну* азыркы мезгилде өнүккөн маалымат каражаттары аркылуу кесипке даярдоонун компьютердик технологиясын иштеп чыгуусу керек. Ошондо кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүгө азыркы мезгилде кеңири жайылып бара жаткан билим берүүнүн булагы - интернетти пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал жаңыны түзүп чыгуу маанисинде алга умтулбастан, дүйнөдө бир кыйла калыптанып калган *окуу материалын интернет аркылуу алуу, уюлдук байланыш менен керектүү суроолорду берүүгө жетишүү,* окуу процессине *тиешелүү жоопторду интернет аркылуу жөнөтүү*, мобилдик *маалымат булактарын кыргыз тили менен адабият боюнча* кесиптик иш-билгини үйрөнүүгө *жумшоо* милдетин жүзөгө ашырууну көздөйт. Бул Кыргызстанда жаңыдан жолго коюлуп жатса да, бардык предметтер боюнча кесиптик билим берүүдө *окутуунун*

*стратегиялык технологиясына кызмат кыла баштаганын* жокко чыгарууга болбойт. Анткени аны туура пайдалануу менен студенттердин кесипкөй иш-билгисин (компетенцияларын) жогорулатуу мүмкүн экендиги аныкталган.

Кыргыз тилинин Мамлекеттик тилдик статусун эсепке алсак, ар бир адистик боюнча ошол тилде талапка ылайык ой жүгүртүүнү жана оюн бере билүүнүн зарылдыгы кыргыздын көркөм-адабий тилинде ойлоо жана элестетип түшүнүү чеберчилигин калыптандыруучу *суроо-тапшырмаларды түзүү* (а), *кесиптик тексттерди жайгаштыруу* (б), *терминдерге түшүндүрмө берүү* (в) жана анын башка тилдердеги *эквиленттерин аныктоо* (г), *маанисин ачып берүү* (д), адистикке ылайык *сүйлөө* (е) жана *сүйлөшүү каражаттарын айкындоо* (ё) жана *иштеп чыгуу* (ж) менен *алардын аткарылышына* (з) колдонуучу ык-усулдарды таркатуучу окуу-методикалык иштелмелерин мобилдик маалымат булактарынан талап кылууда. Коомдук-социалдык керектөөдө турган мындай милдетти аткаруу үчүн кыргыз тилинин ролу кандай болсо, кыргыз адабиятынын орду ошончолук экендигин эске алсак, тармактар колдонууга муктаж болуп жаткан *тексттердин жанрдык табиятын аныктоого* (1), жалпысынан *поэтикалык каражаттарына көзөмөл кылууга* (2), кыргыз тилинин *прикладдык табиятын өнүктүрүүгө* (3), тилдин *көркөм-эстетикалык касиетин таанып-билип үйрөнүүгө* (4) адабий чыгармаларды талдоонун маани-маңызы зор болуп саналат. Ошондуктан адабий билим берүүдө көркөм *чыгарманын идеялык мазмунун өздөштүрүү* менен бирге *текстти түзүүдө жанрдын*, ага ылайык *тилдин ролун*, *көркөм сөз каражаттарынын ордун*, кадимки *күнүмдүк турмушка керек тексттерди түзүүдө* тилдин *стилдик бөтөнчөлүктөрүн айырмалоо*, түрдүү текст менен иштөөдө *адабий чыгармачылыктын кудуретин*, жарандык коом керектеген тексттин (чыгарманын) *табиятында сөздүн куту* жана *кунун таанып билүү* филологиялык жактан адистештирүүдө күн тартибинде турган маселе болсо, кесиптик билим берүүнүн стратегиясы аны өз мойнуна албаса болбой турат. Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу филологиялык багытта кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө профессионалдык блоктогу кыргыз адабиятына тиешелүү (бардык эле предметтерди десе да болот) предметтерди *мазмундук* жана *формалык жактан инновациялоого*, б. а.

*методологиялык*, *стратегиялык* жана *тактикалык технологиясын* түп-тамырынан жаңыртуу маселелери бар экендигин ачыкка чыгарды.

Азыр башка предметтердей эле кыргыз адабиятын окутууда окутуунун инновациялык формаларын колдонуу *студенттин жарандыгын таануу*, ага *инсан катары мамиле кылуу*, б. а. инсанга багыттап окутууга негизделген формаларга артыкчылык берилип, анын натыйжасында ар бир *студент менен жекече иштешүүгө,* алардын *топтук* жана *коллективдүү кызыкчылыктарын эске алуу* менен аракеттенген окутуунун ык-усулдарына артыкчылык берүү зарылдыгын көрсөттү. Аларды формалык жактан *ички* жана *тышкы* инновациялануу катары кабылдоого болот: а) ички жаңылануу (мында мурда пайдаланылып жүргөн окутуу формаларына кээ бир чыгармачыл окутуучулар тарабынан жаңы ык-усулдарынын кошулушу); б) тышкы жаңылануу (дүйнөгө белгилүү болгон интерактивдүү окутуу методдорун *кейс методун, портфолио түзүүнү,* ж. б. ушул сыяктуу ык-усулдарды өз сабактарына колдоно баштагандыктар); ж. б.

### 3. 3. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарынын ЖОЖдук компоненттеринде кыргыз адабияты боюнча предметтерди компетенттүүлүккө негиздеп окутуу

Азыркы мезгилде эки баскычтуу кесиптик билим берүү стандарты өндүрүшкө киргенине бир кыйла мезгил болсо да, Кыргызстандын көпчүлүк жогорку окуу жайлары өздөрүнүн кесиптик билим берүүдөгү негизги миссиясын толук аныктай электигин байкоого болот. Мындай пикирге келишибизге башкы себеп, өнүккөн өлкөлөрдө, ал тургай Россия менен Казакстанда жогорку окуу жайлары өздөрүн башкалардан айырмалап турган, *кандайдыр бир өзгөчө белгисин окуу жайдын сайттарына, жарнамалык иш чараларында байма-бай айтып* келишет. Бул, биринчиден, *ички* жана *сырткы конкуренцияга эмнеси менен катышып, башкаларды кантип жеңе тургандыгын көрсөтүүчү* адистик чеберчиликтер болсо, анын *касиетин аныктоочу сапаттык белгилер* натыйжага ээ болуучу иш-билгилер (компетенциялар) *аркылуу* түшүндүрүлөт. Дүйнөлүк кесиптик билим берүү системасында *жогорку окуу жайлары боюнча кесиптик билим берүүнү жакындаштырууга* көп күч жумшап, *эл аралык деңгээлде түрдүү аракеттерди*

*жасашканы менен* рыноктук мамилелер менен анда ишке ашуучу конкуренциялык атаандаштык алардын ортосуна “чек коюп”, алдыга суурулуп чыгуу үчүн *жогорку окуу жайдын ар бирине өз алдынча “жол издөөгө” аргасыз кылууда*. Албетте ал *коомдун рынок шартындагы социалдык-турмуштук кызыкчылыктарына жараша тез-тез өзгөрүүчү, жергиликтүү иш берүүчүлөрдүн талаптарын канаатандыруу максатында* пайда болгон кызыкчылыктардан туруп, студенттин кесиптик билим алуусуна тикелей катышы керектөөнү дисциплиналардын бири катары окутуу же *рыноктук конкуренцияга туруштук берүүчү* адистик иш-билгини издөө зарылдыгы ар бир окуу жайда ЖОЖдук компоненттер болушу керектигин ачыкка чыгарды.

Экинчиден, студент *жарандык керектөөсүн өзү аныктап, ага ылайык кесип издөө кызыкчылыгын башкы орунга койгон маалда*, анын ар бир жогорку окуу жайынын билим берүү саясатынан тышкары болушу мүмкүн эместигин эске алсак, уюштурулган *окуу процессинде өтө ийкемдүү келип*, өзгөчө тез арада чечүүнү же кырдаалдын *өзгөрүүсүнө жараша “кыймылга келип”*, түрдүү конкуренцияда *адиске ийгилик алып келүүчү жол-жобону таап,* ага ылайык иш-билгини калыптандыруучу сабактар сөзсүз керек экендиги байкалат. Мындай көрүнүш өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй окуу жай студенттин кесиптик билим алуусунда *студенттин ички кызыкчылыктарын иш берүүчүнүн керектөөсүнө ыңгайлаштыра алган* ийкемдүү мазмунга ээ сабактардын болуп турушун талап кылат. Алардын мазмуну кандай ийкемдүү болсо, формасы да ошондой өзгөрүлмөлүү келип, алар окуу пландарында ЖОЖдук компоненттер катары орун алып, *иш берүүчү* менен *студенттин кызыкчылыктарынын ортосунан жаралган* предметтер экендиги таасын көрүнөт. Ырас, алар окуу стандарттарынын базалык жана профессионалдык бөлүмдөрү кирген предметтерден айырмаланып, окутула турган сабактын мазмуну кесипке карата *белгилүү бир тармактын* же *жергиликтүү шарттагы күнүмдүк керектөөнүн кызыкчылыгында турган иш-билгини өзгөчө чеберчиликте үйрөтүүгө мүмкүн экендигин ачыкка алып* чыккан кырдаалда пайда болоорун эстен чыгарууга болбойт. Ошондуктан бул компонентке кирген сабактарды студент өзү акылына салып тандайт десек, анын мазмуну белгилүү бир багытта иштеп кетүүгө жөндөмдүү иш-билгини үйрөтө алат деген керектөөдөн турат. ЖОЖдук компоненттер башка сабактардан айырмаланып,

иштеп чыккан предметтик мазмунун студенттин *тандоосуна калтыргандыктан*, анын сапаты көпчүлүк мезгилде жарандык коомдун рейтинг аркылуу аныкталып, тиешелүү орду жок болгондор өзүнөн-өзү окуу процессине чыгып [92/102], башкаларга ордун бошотуп кала берет. Буга ыңгайлуу шарт түзүлгөнү менен өлкөдөгү окуу жайлардын көпчүлүгүндө бул багытта стратегиялык технология иштелип чыга элек. Бул багытта кандай иш чаралар болуп жатканын билүү максатында уюштурулган сурамжылоо анкеталарына алынган жооптордон белгилүү болгондой, жогорку окуу жайында *окуу планын иштеп чыккандар* ЖОЖдук компоненттердин ролу менен милдетин так көрсөтүп бере албаса, студенттер *айрым сабактарды өздөрү тандоого укугу боло тургандыгын* билишкен эмес.

Үчүнчүдөн, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы акыркы натыйжага жетүү үчүн эң башкысы *адам баласынын турмушуна керек болуучу* иш билгилерди үйрөтүүнү *максат кыла турган болсо*, алар *окуу процессинде компетенциялар катары аныкталса*, окуу планына кире турган предметтер *аны калыптандыруу милдетин аркалайт* десек, анда ЖОЖдук компоненттердин окутуу мазмуну да мына *ушул кызыкчылыктарды көздөөгө* тийиш. Дүйнөлүк билим берүүдө практикаланып жаткан иш тажрыйбаларга таянсак, базалык жана профессионалдык блокко кирген сабактардан айырмаланып, ЖОЖдук компоненттер белгилүү бир чөлкөмдүн жергиликтүү кызыкчылыктарын эске алуу түзүлгөн предметтер болуп, *кыска мөөнөттө үйрөтүүнү талап кылган* иш-билгилерден (компетенциялардан) туруп, *кырдаалга таандык проблеманы тез арада чечүү* кызыкчылыгын көздөйт. Бирок бизде мындай көрүнүштөр байкалбайт. Анын мазмунун ачып түшүнүү максатында уюштурулган анкеталык суроолорго алынган жооптордон белгилүү болгондой, студенттер ЖОЖдук компоненттерди *өздөрү кызыкчылыгына жараша тандоосу керектигин билишпесе*, мугалимдер ага *студенттин кесиптик кызыкчылыгын эске алуу менен керектүү предметтерди сунуш кылууга боло турганынан кабары жоктугун* моюнга алышкан. Ошондуктан болсо керек, азыр аракетте турган окуу пландарын алып караганда аталган компонентке кирген предметтерде студент кандай иш-билгиге ээ боло тургандыгынын башы ачылган эмес. Тагыраак айтканда, жогорку окуу жайынын

компоненттери ар бир студенттин окууну аяктагандан кийин *иш менен камсыз болушуна кам көрүп, анын турмушуна сөзсүз зарыл болгон* иш-билгини үйрөтүү кызыкчылыгына жооп берүүчү ошол *чөлкөмгө гана тиешелүү жергиликтүү муктаждыктан* чыгышы керек болсо, анын мындай мүмкүнчүлүгү бар экендигин мугалимдер эле эмес, окуу жайлар да толук сезе элек. Чынында алар мамлекеттик стандартта белгиленип, жаңыдан колго алынып жаткандыктан, анын мазмуну кандай болушу керектигинин башы ачылбай, натыйжада *алар кандай сабактар болушу мүмкүн экендигине* адистер да так жооп бере албай келет. Ал эми дүйнөлүк кесиптик *билим берүүдө бул багытта аткарылган иштердин берген натыйжасына таянсак*, анда *реалдуу турмуштук кырдаалда аткарып кете турган ишмердүүлүктөр керектөөчү компетенцияларга ээ кылуучу* же *жергиликтүү шартта зарыл болуп турган* иш-билгини окутуучу предметтер орун алышы керектигин көрөбүз. Алар кандай сабактар болушу мүмкүн экендигине келгенде студент *окууну аяктаган соң тез арада иштеп кетүүгө толук шарт түзүп берүүчү* предметтер орун алышы маанилүү болоорун М.Я.Виленский [92/92] белгилесе, мындай кызыкчылык менен сунушталган сабактардын биздин окуу пландарда орун ала электиги эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү системасы толук ишке кире албай жатканын туюндуруп турат. Ырас, мындай мүчүлүштүктөрдү жоюу келечектин иши болсо да, студенттерди демилгелүү болуп, өз кызыкчылыгы үчүн күрөшүүгө үйрөтүү ушул учурдан тартып колго алынуучу эң маанилүү иштерден экендиги талашсыз. Эгер натыйжага тез арада жетүүнү көздөй турган болсок, анда эмитен студенттер арасында түшүндүрүү ишин баштап, ЖОЖдук компоненттерде орун алган кредиттик сааттар максаттуу пайдалануу зарылдыгы күн тартибине коюлууда.

Биз бул багытта айрым эксперименттик иштерди жүргүзүп, бир катар натыйжалуу тажрыйбаларга ээ болсок, алар учурдагы окуу процессинде татаал маселелер бар экендигин ачыкка чыгарды. Алардын башкысы ЖОЖдук компоненттерди максаттуу пайдалануу үчүн окуу жай тандап алган багыт боюнча кесиптик билим берүүнү өркүндөтүүчү мастер-класстар керек экендиги белгилүү болду. Иште аткарылып, натыйжа берген кырдаалга таянуу менен жеке сунушубузду айтсак, жогорку окуу жайына тиешелүү компоненттер толугу менен

студенттин кесиптик билим алуусуна багытталышы керек, б. а. ал сааттар аркылуу студент *ошол жердин жергиликтүү өзгөчөлүгүнө ылайык адистешип*, ошол жердин *кесипке карата керектөөсүн канааттандыра алгыдай билимдерге*, өзгөчө *кесиптик көндүмдөргө ээ болушу зарыл*. Ырас, Кыргызстан кичинекей мамлекет, бирок анын ар бир аймагынын кесипке карата белгилүү бир талаптары бар экендигин эстен чыгарбасак, анда студенттердин *социалдык кызыкчылыктарын, жергиликтүү иш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алуу менен* окуу планындарын түзсө, жогорку окуу жайына тиешелүү компоненттер кандай милдет аткаруусу мүмкүн экендигин аныктоого болот.

Бул сунушка каршы чыга тургандар да жок эмес, ошондуктан бул сунуш кайдан келип чыккандыгын түшүндүрүүгө аракет кылалы. Сурамжылоо анкеталарга берген жоопторунда кыргыз филологиясы факультетин аяктагандардын көпчүлүгү (64,6 пайыз) мектепке барып кыргыз тили жана адабиятынан сабак берүүнү каалабай тургандыгын билдиришкен. Ал эми алардын башка тармактарда иштеп кетүүсүнө иш жөндөмдүүлүгүнүн жетишсиз экендигин да ачык эле айтышкан. Эми алар кайда барып иштейт деген суроого жооп бериш чынында эле кыйын. Ырас Мамлекеттик стандарт “кыргыз тили жана адабияты” боюнча жогорку кесиптик билим алган студент адистик ишмердүүлүгүн кайсы багыттарда ишке ашыруусу мүмкүн экендигин так-таасын көрсөтүп берсе, ал эми ошол эле мезгилде ошол адистикке ээ болгон жаран алардын биринде да ишке болгон жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп жумушка орношуп кете албагандыгы ЖОЖдук компоненттер өз милдетин толук аткарбай жатканын көрсөтүп турат. Демек акыркы натыйжа жетүү (бүтүрүүчү эмгек жолун таап кетүү) үчүн окуу планындагы өтө ийкемдүү ЖОЖдук компоненттерди мазмундук жактан жаңылоо, анда иш-билгини үйрөтүүчү мастер-класстарды уюштуруу учурда зарыл экендигин туюндурат.

Гуманитардык билим берүү базасында бир топ сабактар мына ушул компоненттер аркылуу сунушталганы алардын бири да студенттин кесипке тиешелүү иш-билгини (компетенцияларды) калыптандыра албагандыгы бул блоктогу сабактар дээрлик мазмундук жактан жаңыланышы, б. а. *кесиптик билим берүүгө багытталышы керектигин* көрсөтөт. Улуттук маанисинен алып караганда кыргыз филологиясын бүтүргөн студент ишсиз калуусу мүмкүн эмес болсо да,

аларга *кесиптик билим берүү өз деңгээлинде уюштурулбагандыктан*, кыргыз тилинде *иш кагаздарын уюштуруу иштеринде* (1) (референт катары), демократиянын шартында жаңыдан жолго коюлуп бара жаткан *илим-изилдөө иштеринде* (2), кыргызча билимдүү кызматкерге "суусап турган" *мезгилдүү басма сөз каражаттарында* (3), *медиа тармактарында* (4), *сөз менен иштөөчү дикторлук* же *ди-жей кызматтарына* (5) иштеп кетүүгө филологдордун жараксыз болуп жатканы дал ушул жогорку окуу жайына таандык компоненттерге бөлүнгөн сабактарды кайра түзүп чыгуу зарыл экендигин аныктайт. Алардын мазмуну дал ушундай болушу керек дегенге эртерээк болсо да, дүйнөлүк билим берүү системасынын практикалык иштери көрсөткөндөй, азыркы кесиптик билим берүүнүн түпкү маңызы студенттин кандайдыр *кесип боюнча адистешүүсүнө,* болгондо да *рынок шартындагы конкуренцияга туруштук бере ала турган* иш-билгиге (компетенцияларга) ээ болушу зарыл экендиги ачык коюлган маселе бойдон турат. Конкуренция десе эле анын маанисин ача түшүнө албай, *кыргыз тили жана адабияты адистигин окугандарга кайдагы атаандаштык болушу мүмкүн деген суроо менен башын ооруткандар да жок эместигин эсепке алсак*, кезеги келип тургандыктан бул жерде аларга да жооп бере кетели. Капитализмдин социализмден айырмасы иш сурап келгенден биринчи дипломун сурабастан, анын *эмнеге жөндөмдүү экенин*, мурда *эмне иш кылганын*, эгер жаңы бүткөн болсо, *белгилүү мөөнөткө сындан өтүү мүмкүнчүлүгүн бере тургандыгын эскертүү менен* убактылуу жумушка алат. Жумушчу күчү жетишсиз жерде дагы *иш берүүчүнүн талабы ушундай экендиги адиске карата коомдук-социалдык мамиленин өзгөргөндүгүн айкындоо менен* ар бир окуу жай кесиптик квалификация берүүдөн мурда мына ушул кырдаал менен эсептешүүсү зарыл болуп жатканын белгилесек жетиштүү болчудай [222/57]. Эгер биз күн тартибинде турган ушул маселени азыр туура чечүү керектигин сунуштоо менен анда төмөнкүдөй маселелерди жолго коюу керектигине токтололу:

1) Жогорку окуу жайына таандык блоктор *дайыма өзгөрүлө тургандыгын*, ал студентти кесипке багыт берүүчү билимдерди сунуштоо алкагында кафедралар ортосунда "талашта" турган кредиттик сааттар экенин кафедра мүчөлөрү – мугалимдер билиши керек. Мындай көрүнүш *ар бир мугалимдин кредиттик*

*сaaтты өзүнө ыйгарып алуу кызыкчылыгын пайда кылуу менен* студенттердин адистешүүсүнө карай дайыма ачык конкурсту түзүп тургандыгы менен баалуу болуп саналат [212]. Антпесе, жогортон сунушталып, кимдер бирөө сөзсүз аткарууга милдеттүү болгон шартта ошол кредиттик сааттар чечүүгө мүмкүн болгон көйгөйлөр чечилбей, тескерисинче *проблемалардын орун алышы күчөп, адистиктин мазмунун ачып берүүчү* иш-билги (компетенциялар) үчүн кам көрүү саясаты өз ордун жоготуп жиберет;

2) Мында бир эле кыргыз адабияты тууралуу кеп болгон жок, ал жалпы республикалык деңгээлде жаңыдан ишке киришип жаткан компетенттүүлүк парадигмасынын методологиялык технологиясы *өзүнүн иштөө багытында эмнелерге көңүл бурушуна байланыштуу маселе* каралып жатат. Ал эми кыргыз тили жана адабияты боюнча жогорку кесиптик билим берүү маселесине келе турган болсок, анда жогорку окуу жайына таандык компоненттер аталган адистикте окуган студенттин кесиптик ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу компетенциялардын мазмуну аркылуу аныкталуучу дисциплиналардан түзүлүшү керек. Кыргыз кесиптик билим берүү системасында бул инновациялык көрүнүш катары туюлганы менен дүйнөлүк кесиптик билим берүү системасында ал эле окутуунун элге тааныш маселеси болуп саналат. Ошондуктан, мындай сунушту жаңылык катарында эмес, компетенттүүлүккө негиздеп окутууда зарыл болгон стратегиялык технология катарында кабылдоо керек. Ошондой эле алды менен айтып коюучу нерсе, бул компонентке кирген сабактар “таза тилдик” же “таза адабияттык”, ошону менен катар “таза педагогикалык” болбостон, *алардын интеграцияланган мазмунунан келип чыккан, кесиптик компетенцияларды калыптандыруу табияты боюнча ийкемдүү*, алган багыты компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча аныкталган *окутуунун стратегиясына шайкеш келип туруучу* адистештирүүнүн учур талабындагы керектөөсүн аткарууга жөндөмдүү предметтер болууга тийиш.

3) Жогорку окуу жайына тиешелүү болгон компоненттер катары сунушталган сабактар Б.Л. Вульфсон белгилегендей, окуу жайды башка өзөктөш окуу жайларынан айырмалап турган сапатка ээ касиетин көрсөтүү менен өлкө ичинде *биринчилик үчүн күрөшүүчү багыт* болушу да маанилүү [89/24]. Тагыраак айткан, кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик билим берүү үчүн окуу жайларга

мамлекеттик талап бирдей болгону менен алардын ар бири *рынок шартында иш берүүчүлөрдүн кызыкчылыгын өзүнө буруу*га, өзү даярдаган *кадрлардын сапаты жогору экендигин далилдөөгө* өтө маани бериши керек. Антпесе, иш берүүчүлөр менен келишим түзүү – алардын өздүк кызыкчылыгына ээ болуу талабы аткарылбайт да, *кези келгенде окуй тургандардын саны азайып*, ал тургай окутуу, б. а. *кесиптик билим берүү имиджи жоюлушу* мүмкүн. Мындай көрүнүш азырынча бизде практикалана элек болсо да, А.В. Морозов белгилегендей, бул багытта далай түйшүктүү жолду басып өткөн өнүккөн өлкөлөрдүн иш тажрыйбалары буга күбө болуп бере алат [187]. Ошондуктан башка кесиптик билим берүүлөрдөй эле кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик билим берүү тармактары бул багыттагы иш аракетин тактоо менен окутуунун стратегиялык технологиясын ушул ЖОЖдук компоненттер аркылуу аныктап алууга тийиш. Маселен, мында башкы максат кабыл алынган *мамлекеттик стандарттын талабын гана аткаруу эмес*, маселенин мазмуну андан бетер тереңде экенин түшүнүү менен бирге *эл аралык кесиптик билим берүүдө өз ордун тапкыдай*, алдына келген *ырыскысын башкаларга алдырып жиберип жалдырап отуруп калбагыдай*, окутуу предметтерин түзүү бөлөк адистиктердей эле кыргыз тили жана адабиятынын алдында турса, муну туура жолго салуу кыргыз адабиятчыларынын милдети да болуп саналат. Ал кыргыз тилинде *адабий-теориялык түшүнүктөрдү пайдаланып* (а), адабий тилдин *көркөм сөз каражаттарын колдонуп* (б), ошол эле мезгилде *кыргыз илимине кызмат көрсөтө ала турган* (1), учурда *өтө жакырланып, сабатсыздыгы ар сандан, ар бир берүүдөн*, экранга чыккан *ар бир СМСтен көрүнүп, сабаттуу адиске муктаждыгы ачык байкалган* (в) кыргыз журналистикасынын *кенемтесин толтуруучу* (2), *тили келегей*, котормосу *калькадан чыга албаган* котормо ишмердүүлүгүн *жөнгө салуучу* (3), кесипке тиешелүү *когнитивдүү лингвистиканын объектисин*, *дискурсун аныктай албай жаткан* **(г)** мамлекеттик тилде *иш жүргүзүүчү референттик жумуштарды колго алуучу* (4), анан мамлекет үчүн абдан маанилүү болуп турган филолог адисти тарбиялоо милдети менен айкалышып турат. Бул милдеттерди ЖОЖдук компонентте ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн адабий билим берүүнү “таза түрүндө”, жалаң адабий-теориялык маалыматтарды үйрөтүү аркылуу мүмкүн эмес, ал сөзсүз

түрдө азыркы илим менен билимдин жетишкендигинде турган филология тармактарынын баарын прикладдык мүнөзүнө ылайык синтездөө, аларды студенттерге кыргыз элинин Мамлекеттик тилин практикада колдонууга керек болгон бардык проблемасын чечүү муктаждыгын канааттандыруу жолдорун үйрөтүүнү жалпылоо, керек жерде *кыйналбай жол таап кетүүчү оозеки* жана *жазуу кептин*, ага мүнөздүү *тексттердин мазмундук* жана *формалык табиятын системдүү окутуу* жол-жобосун түзүү, анда адабий тилдин *көркөм-эстетикалык баалуулугун, сөздүн баркын*, турмушта көп кездештирип жүргөн жанрларда (тезис түзүү, макала жазуу, доклад даярдоо, отчет берүү, ж. б.) өз алдынча *текст түзүү чеберчилигин калыптандыруу* – негизгиси студенттин коомго *жарамдуу адистин өзүнө айланышына ээ болуучу* иш-билгини (компетенцияларды) аныктоо менен бирге *компетентүүлүк парадигмасын жолго коюу* зарылдыгы болуп турат.

Бирок, азыр бул маселени ойдогудай чечүү кыйын, анткени *жаштардын адабий чыгарманы окушу төмөндөдү*. Анын натыйжасында *эстетикалык табит жакырланып*, турмуштук көрүнүштөрдө болуп жаткан окуялардагы *эстетикалык баалуулукту ажырата албай* (көзүнө эмне жакшы көрүнсө ошол “жакшы” болуп), ал эми адамзат калыптандырган *дөөлөттөрдүн нарк-насилин идеялык* жана *адеп-ахлактык жактан түшүнүү, кадырына жетүү* сыяктуу инсандык иш-билгиси (компетенциясы) жоголуп барат. Мындай көрүнүштүн өзү көркөм чыгарманын табиятын түшүнмөк турсун жаштарга, анын ичинде студенттерге *китеп окуунун маданиятын үйрөтүү*, адабий чыгармачылыктагы *“турмуш аркылуу” реалдуу турмуштук көрүнүштөргө баа бере билүү* иш-билгисин (компетенцияларын) калыптандыруу үчүн практик адистерди ишке тартуу, алардын *билимдерин кесиптик билим берүү максатында пайдалануу маселеси* ачык бойдон тургандыгын көрсөтөт. Ырас, маселе студентке көркөм чыгарманы окуганды үйрөтүүдө эмес, адабий чыгармачылыктын мазмунунда “жашаган” *көркөм-эстетикалык баалуулукту өз алдынча түшүнүү* (а), көркөм чыгармачылыкка мүнөздүү *көркөм элестөө жөндөмдүүлүгүн өстүрүү* (б), *эстетиканы таануу сезимин ойготуу* (в), көркөм чыгарманы окуп түшүнүүдө *интеллектуалдык* (г) жана *эмоционалдык туюмун тарбиялоо* (д), анан эң башкысы көркөм адабий тилди кебинде *эркин* (е) жана *сабаттуу* (ё) колдоно алуу көндүмүн иш-билги катары калыптандыруу болуп

саналат. Чындыгында булар кыргыз тили жана адабияты боюнча *адис адабиятчыга гана керек компетенция болбостон*, бүткүл кыргыз жаштары үйрөнүүгө зарыл болгон турмуштук керектөө бойдон турат. Тилекке каршы, кыргыз жаштарынын духун ойгото турган, эртең эле мектепке баруучу студент жеткиликтүү түшүнө албай жатса, келечекте адабий билим берүүнүн тагдыры кандай боло тургандыгын элестетүү абдан оор. Маселен, биз кыргыз филологиясы факультетине келип кирген биринчи курстардын адабий билими канчалык экендигин билүү максатында төмөнкү багыттарды ичине алган суроолор менен камсыз болгон тапшырма-өтүнүч аркылуу кайрылдык: 1) көркөм чыгарманын тилин, көркөм тексти, көркөм сөз каражаттарын маанисин *айырмалап түшүнүүсү*; 2) тексти көркөм окуп, анын мазмунундагы *подтексттүү маанини ажырата билүүсү*; 3) текст боюнча *өз оюн жыйынтыктап, талаш-тартышка катышуусу*; 4) суроо бере билүүсү, *суроо менен тактоо чеберчилиги*; 5) автордун позициясын *аныктоо кудурети*; 6) чыгармага карата *белгилүү бир позицияда туруп*, өзүнүн *көз карашын билдирүүсү*; 7) чыгармадан үзүндү пайдалануу, б. а. *кептин монологдук* жана *диалогдук формасын түзө билүү* чеберчилиги; 8) илимий-теориялык түшүнүктөрдү, зарыл болгон *терминдерди пайдалана билүү маданияты*; 9) чыгармадагы ар бир сөзгө маани берип, *көркөм сөз каражаттарынын кызматын аныктоо* көндүмү; ж. б.

Биздин жеке баамыбызда өлкө ичинде адабий билим берүү өтө эле төмөндөп кеткен сыяктанат, анткени көпчүлүк студенттер *тексти көркөм окуй албай*, окуп бүткөндөн кийин анда эмне маани айтылганын сураганда *автор тарабынан сунушталган подтекст маанини туура чечмелеп берүүгө* кудурети жетпеди. Ошондой эле, көбү тартынчаак келип, өз ойлорун жеткиликтүү айтып бере албай, суроо-жоопко толук катыша албай, *автордук позицияны жеткиликтүү түшүндүрүүгө* кудурети болбой, *психологиялык жактан* адабиятчыга мүнөздүү болгон иш-билги сапаттарын ачык көрсөтө алышпады. Мунун өзү студенттердин мектептен келген даярдыгы канчалык экендигин көрсөтүп турат. Биздин максат мектептин кемчилдигин көрсөтүү эмес, ушул эле *студенттер жогорку кесиптик билим алып кайра мектепке барганда азыркы учур талап кылып турган түрдүү кырдаалга* компетенттүү, *адабий-эстетикалык билими жогору болуп*, окуучуларды окутуп тарбиялоого иш-билги болуусуна жол ачып берүү болуп саналат.

Анкеталарга таянсак, адабий тектердин арасынан прозалык чыгармаларды кабылдоо студенттер үчүн жеңил экендигин байкадык. Ал эми *лирика* менен *драмалык чыгармалар боюнча орто мектепте жетиштүү маалымат берилбегендиктен*, жогорку окуу жайынын эшигин биринчи аттаган студент *бул багытта билим деңгээли төмөн экендигин билдирбөө максатында* эч бир талаш-тартышка (дискуссияга) катышпай, башкалардан *окчун болууга аракеттенип, пассивдүү позицияны ээлесе*, сөз менен иштөө дээрлик бардык мектептерде өнүкпөгөндүктөн, тааныш эмес *терминдик неологизмдерди, архаизм* жана *тарыхый сөздөрдү* "аттап кетүүгө" далалаттанганы студенттер арасында ачык байкалат. Ошондой эле китеп окуу маданияты анча өнүкпөгөндүктөн, *чыгармадагы окуяларды, каармандардын аттарын эстеп калышканы* менен, студент билүүгө тийиш болгон интерьер, пейзаждык жана портреттик сүрөттөөлөрдү, персонаждардын репликаларын көз жаздымда калтырууга аракеттеништи. Маселен, окуган чыгармасы боюнча викториналык суроолорду түзүп чыгышын суранганыбызда, алар *суроолорунда көркөм тексттен маанилүү маалыматты бөлүп алууга*, автордук *ойду бөлүп көрсөтүүгө*, чыгармадагы *проблеманы табууга*, сүрөткер колдонгон *көркөм сөз каражаттарынын маңызын, элестүүлүгүн айырмалап берүүгө* аз аракет кылышты. Айрым студенттер бул боюнча түшүнүгү жок экендигин көрсөтүп, "ал эмне" деген учурлары да болду. Жергиликтүү шартта аныкталуучу мындай кемчилдиктерди тез арада чечүү үчүн ЖОЖдук компоненттерди пайдалануу керек. Алар студентти компетенттүүлүккө негиздеп окутууда биринчи кезекте *студенттин жеке көндүмдөрү калыптанышына басым коюп*, окуу материалынын *мазмунун ушул багытка карай буруу*, аны жүзөгө ашыруу үчүн *окутуу формаларын сабактарга жайгаштыруу* зарыл экендигин көрсөтүүдө. Ырас, кыргыз филологиясын бүтүргөн студенттердин баары адабиятчы болуп чыгышы мүмкүн эмес, бирок *көркөм текстти окуу маданиятын билүү*, окурман катары *аналитикалык ойлоого ээ болуусу*, көркөм текстте *автор эмне ойду берүүгө аракет кылганын айырмап түшүнүү*, окуган чыгармасы тууралуу *башкалар менен ой бөлүшүп, өз пикирин билдирүү*, эң башкысы өзүнөн кийинки муунга *көркөм чыгарманын адам турмушундагы ролун, каарман* жана *анын турмушуна салыштырып* реалдуу өз турмушуна *баа берүү билүү мүмкүнчүлүгүн*

*үйрөтө алуусун камсыздоо зарылдыгы турса*, ЖОЖдук компоненттер мына ушул маселелерди чечүү милдетин алууга тийиш.

Байкоо жана эксперименттик жумуштар көрсөткөндөй, *адам турмушунда өтө көп колдонулган* адабий тек – лирикалык чыгармалар болсо да, *аны терең түшүнүп*, маанисин башкаларга *өзүндөй айтып бере ала турган окурман чөйрө өтө эле аз экенин* көрүүгө болот. Анткени, *көркөм сөз каражаттарында катылган ойду, сезимди*, ар түркүн маанайды окурман чөйрөгө *ырдын өзүндөй жеткирүү үчүн* көркөм тексти окуу маданияты аздык кылат, б. а. формадан мазмунга өтүү - көп мааниге ээ *субъективдүү автордук ой толгоолорду, сезимдин түрдүү кырдаалдарын*, поэтикалык образдагы табылгаларды түшүнүү үчүн адабий-теориялык *билимге ээ болуп*, аз болсо да аны пайдалана билүү иш-билгисине (компетенциясына) жетишүү керек. Лирикалык *чыгармаларга талдоо жүргүзүү* чынында эле *татаал иш*, ага көпчүлүк адамдар адабиятчынын иши катары мамиле кылышат. Бирок, *реалдуу турмушта өтө көп кездеше турган болгон соң*, анын үстүнө *ансыз адам баласынын рухий дүйнөсү жарды боло тургандыгы* алмуздактан бери белгилүү болсо, азбы-көппү ага талдоо жүргүзүүнү үйрөнүү ар бир жарандын атуулдук милдети болуп саналат. Лирикалык *чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн татаалдыгы ушунда турат*, ага *анализ берүүнүн бирдиктүү, иштелип чыккан схемасы жок*, ошондой эле болушу да мүмкүн эмес. Анткени, алардын *ар бири экинчисин кайталабаганга аракет кылып*, өз мазмунунда *эч ким айта элек идея* менен *подтекстти*, андан ары *автор гана тапкан көркөм-эстетикалык философиялык ойду чагылдырып* тургандыктан, *аны башкаларга айтып жеткирүү үчүн* адабият мугалимине адабиятчыныкындай эле билим, көндүм жана эрудициялык жөндөмдүүлүк иш-билги катары керек экендигин жокко чыгара албайбыз.

Биз студенттер менен маектешүүдө азыр кыргыз коомчулугу үчүн өтө маанилүү болуп турган ушул сапаттарды үйрөнүүгө болобу деген маселени көтөргөнүбүздө алардын дээрлик көпчүлүгү (71, 8 пайыз) буга талант керек экендигин баса белгилешти. Бирок дүйнөлүк адабий билим берүү аны искусствонун алкагында кароо менен *ырга* (адабияттын бардык чыгармаларына) *аяр мамиле жасоону*, өзгөчө сөз *менен берилген түстү, үндү, табияттын коздугун*,

*жаратылыштын кереметин, адамдын жан дүйнөсүндө болуп жаткан түрдүү кубулуштарды* ар бир жаран коомдук-социалдык турмуш талап кылган деңгээлде билүүсү зарыл (таланты жок эле) экендигин түшүндүрүү менен аны баарыга милдеттүү түрдө окутуу жолдору аркылуу чечсе боло тургандыгын айкындап келет. Алар мында бир гана нерсени жакшылап өздөштүрүү – *мезгилдик-мейкиндик алкакта жайгашкан оригиналдуу композициясы* менен *метафоралык*, же башка *троптук табиятын айырмалап билүүчү сөз маанилерин үйрөнүү керектигин* белгилешет [7/49]. Ал эми адабият мугалимдери ырды (бардык эле жанрларды) туура талдап түшүнүү үчүн ырдын (бардык адабий чыгармалардын) *адабий-эстетикалык маани-маңызын ачып турган мазмун менен форманын биримдигин*, анын *адамга таасирин* жакшылап түшүнүүгө же түшүндүрүүгө *көркөм окуу*, өзгөчө *маанисине жеткире көркөм окуу өтө маанилүү экендигин* М.А.Адамко сыяктуу көпчүлүк окумуштуулар белгилеп өтүшкөн. Анткени, *кыраатын келтирүү*, ырда *катылып жаткан эмоционалдуу сезимдик кудуретти* окурманга же угарманга ошол *деңгээлинде жеткирүү үчүн* адабий чыгарманы бир сыйра окуп коюш маселени чечпейт. Аны биринчи кезекте өзү ырдын курамында катылып жаткан *маани-мазмунга толук аралашуусу*, кайгырган жерде *кайгырып*, кубанган жерде *кубанып*, эң *таасирдүү көркөм сөз каражаттарында поэтикалык мазмунга терең аралашып*, анан аны текст талап кылган *үн бирдиктери*, *темп* жана *тембр*, *ыргак* жана *эмоционалдуу маанай аркылуу* көркөм окууга айландыруу *механикалык түрдө гана аткарылбай тургандыгын эсепке алсак*, кыргыз адабиятын ЖОЖдук компоненттер аркылуу жарандык коом талап кылган иш-билгини (компетенцияларды) үйрөтүүчү практик адисти (зарыл болсо иш берүүчүнүн өзүн) окутуу иштерине тартуу зарылдыгы турат. Е.А.Попов аныктагандай [213/181], ал *лирикалык чыгармаларды жаттап алуу* же сабакта *ырды көркөм окуу менен маселени чече албайт*, көркөм окуунун түрдүү ык-усулдарын окуу процессинде колдонуу аркылуу *көркөм окуу маданиятын калыптандырууга*, сабаттуу *окуу көндүмдөрүн иштеп чыгууга*, кандай шарт болбосун турмуштук практикада дайыма колдонууда чыгарманын *маанисин түшүнүүгө*, түрдүү *психологиялык шартта демилгени өзүндө "кармап калууга"*, чебер адиске көндүм болгон тактикалык ык-усулдарды ЖОЖдук компоненттерге бөлүнгөн кредиттик сааттардын базасында

жолго коюу маанилүү экендигин эскерте кетели. Бул багыттагы иштер өнөр үйрөтүүчү кесиптик билим берүүдө (журналистикада да) пайдаланылып, керектүү натыйжаны берип жатканын эске алсак, анда мындай ык-усулдарды кыргыз адабияты боюнча технология катары иштеп чыгуу жана жүзөгө ашырууну ЖОЖдук компоненттерге милдеттендирет. Ырас мындай иш чаралар мугалимдер тарабынан мурда колдонулбагандыктан, студенттерде өзгөчө *адабий чыгармаларды түшүнүп окуунун маданияты жетишсиз болуу менен* ага тиешелүү көндүмдөрдүн иш-билги катары калыптанышына көңүл бурулбай калган. Экинчи жагы жарандык коомдо, өзгөчө зарыл болгон жерде атуулдардын *ыр окуп берүү*, адабий чыгармаларга карата *өз ойлорун эркин* жана *талап кылынган деңгээлде түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүн чектелиши*, социалдык чөйрөдө *ыңгайсыз абал түзүп турушу*, коммуникативдик байланышта бирин-бири түшүнүүдө маанилүү роль ойной турган иш-билгини бардык атуулдарга керектүү мазмунда окутуунун зарылдыгын принципиалдуу түрдө көрсөтүүдө. Албетте, коомчулукта түзүлүп калган мындай кемчилдиктерди жоюу кыргыз адабиятына таандык десек, аны жүзөгө ашыруу ЖОЖдук компоненттердин милдети болуп саналат. Эмне үчүн ЖОЖдук компоненттин милдети болуш керек деген суроо коюлушу мыйзамченемдүү көрүнүш. Ал маселенин *абалына жараша чечүүнү* талап кылгандыктан, бул суроого жооп берүү деңгээли жергиликтүү элдин *адабий чыгармаларды баалоо, сөз кадырлоо табиятына* (мисалы, “чоңколор” сыяктуу) *ылайык чөлкөмдүк өзгөчөлүктү сактоо*, сөз маанисин *ажыратып түшүнүү*, адабий чыгармаларга *талдоо жүргүзүү жөндөмдүүлүгүнө* карай индивидуалдуу мамиле этүү кызыкчылыктары атайын курстарда сабак катары окутууну милдеттендирет. Проблема утурумдук болгонуна байланыштуу аны баарыга милдеттүү окутуу талапка ылайык келбейт. Үчүнчү жагы - элдин *тили келегейленип*, сөз *кунарсыз*, сүйлөм *мултук*, текст *чачкын*, ой *чанжыр болуп бара* жатканы - ушул тапта булар жогорку кесиптик билим берүү системасындагы кыргыз адабияты боюнча адистерди даярдоодо сөзсүз окутулушу керек болуп турат. Антпесе, орус адабий билим берүү системасында практикаланып, кыргыз кесиптик билим берүүсүнө түздөн-түз көчүрүлүп келген адабият теориясы, анын мазмунунда калыптанган илимий-теориялык талдоолор *кыргыз жаштарынын адабий-көркөм дүйнө*

*кабылдоосун калыптандырууга алсыз болуп жаткандыктан*, жергиликтүү керектөөнү камсыз кылуучу окутуу иштерин ЖОЖдук компоненттер аркылуу жолго коюу маанилүү болуп турат. Ырас чөлкөмдүк жана тармактык кызыкчылыктар ар түрдүү болгондуктан, биз алардын арасынан *окуу иштерине таандык проблемаларды эске алуу менен* студент *өз ишмердүүлүгүндө пайдаланууга мүмкүн болгон*, кыргыз адабиятына тиешелүү предметтер аркылуу *ишке ашырууга жол берүүчү* бир катар иш-билгиге (компетенцияларга) токтолууну зарыл деп таптык, алар:

1) кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик билим алып жаткан ар бир студенттин өз алдынча *чыгармага адабий талдоо жүргүзүү* боюнча иш-билгисин (компетенциясы) калыптанышына ЖОЖдук компоненттер чөлкөмдүк жана тармактык кызыкчылыктар аркылуу мамиле кылуусу зарыл;

2) ар бир студент *тексттен кайсы жерин алып окуса таасирдүү боло тургандыгын айырмалап билүүсү* бардык шартта керек, б. а. *негизги ой жайгашкан бөлүктү таап*, адабий чыгарманын *жакшы* менен *жаманын айырмалай билүү көндүмү* ЖОЖдук компоненттер аркылуу иш-билги катары калыптанышы керек;

3) ар бир студент текстти *көркөм окуганда башкаларга таасир берүү интонацияны*, тексттин *эмоционалдык табиятына жараша ыргакты*, *ритмди туура тандоо*, ага ылайык *дикцияны колдоно билүү* аркылуу көркөм чыгарманын (мисалы, ырдын) *идеялык мазмунун, эмоционалдуу табиятын туюндура алуу*, окурмандын *эстетикалык табитин ойготууга карай оң* же терс маанай түзүү чеберчилиги иш-билги (компетенция) болуп ЖОЖдук компоненттер аркылуу калыптанышы керек;

4) кадимки сүйлөмдөн *поэтикалык синтаксисти айырмалоо*, ырдын синтаксистик курамында турган *поэтикалык образдуулукту* жана *ал талап эткен интонацияны*, логикалык конструкциядагы *автордун сүйлөм түзүү чеберчилигин*, сөз катышынан турган *ырдын уйкаштыгы менен размерин*, адабий чыгармадагы *логикалык тынымды айырмалап* талдоо жөндөмдүүлүгүн иш-билги (компетенция) катары калыптандыруу да ЖОЖдук компоненттердин окутуу объектиси болууга тийиш;

5) көркөм чыгармадагы *автор берген элестүүлүктү, сезимди* жана *ойду сүрөттөө чеберчилигин, стилдик бөтөнчөлүгүн*, окуу процессинде *талдап үйрөтүү аркылуу студентке жеткирүү* – сабакта *көркөм окуу ыктарын пайдалануу – окуу темпин, логикалык басым, паузаны колдонуу* ишмердүүлүгүн [128] иш-билги катары калыптанышын да ЖОЖдук компоненттер аркылуу чечсе туура болот; ж. б.

Биз бул жерде бир гана мугалимдик кесипке таандык иш-билгилерди (компетенцияларды) алдык, эгер кесипке карата түзүлгөн чөлкөмдүк жана тармактык кызыкчылыктарды “майдалап” ала турган болсок, анда филолог адиске катара социалдык керектөө бир нече багытты кучагына алышы мүмкүн. Ошондуктан иш-билгини үйрөтүү түрдүү деңгээлде болушу мүмкүн, анткени иш билги колдонуу шартына, керектөөнүн кызыкчылыгына жараша мазмуну кандай өзгөрсө, формасы да ошондой жаңына берүүсү талапка ылайык келет. Маселен кыргыз адабиятынан үйрөнгөн иш-билгини мугалим сабакта кесиптик ишмердүүлүгү талап кылган шартта *көркөм чыгарманы талдоодо колдонсо*, адабиятчы бул жөндөмдүүлүктү терендетип, илимий-теориялык ойлор менен жабдып, изилдөөчүлүк мазмунун өркүндөтүп, *изилдөөчүлүк турмушунда илимий иш жазуу үчүн пайдалана* алат. Ал эми турмуштук керектөө ушуну менен токтоп калбай турганын эсепке алсак, анда мындай иш-билгини өркүндөтүү мезгилдүү басма сөз каражаттарында, медиа тармактарында эмгектенген филолог адис *эл менен пикирлешүүдө*, ал аркылуу коомдук аң сезимдин бир түрү катары таанылган *публицистикалык чыгармаларды анализдеп талдоодо* жана *элге жеткирүүдө* түрдүү ишмердүүлүктүн негизги таянычы болуп бере алат. Мындай иш-билги филолог адиске эле эмес коомдун ар бир мүчөсүнө керек, б. а. эч бир адабий билими жок кадимки жаран бул иш-билги (компетенциялар) менен реалдуу турмушта кездешүүчү маданий-массалык иштерде, оюн-зоок кечелерде, түрдүү фестивалдарда, майрамдарда, концерттерде, экскурсияларда жана туристтик жүрүштөрдө адабий-маданий чыгармачылыктын түрүн, көркөмдүк табиятын, эстетикалык баалуулугун, улуттук көркөм-адабий дөөлөт катары наркын таанып-билүүгө, ошол эле мезгилде коомдун активдүү жараны катары өз пикирин, ал тургай түрдүү мазмундагы сунушун да бере алат.

ЖОЖдук компоненттер мына ушундай мазмундагы иш чараларды аткарууну көздөп, филологдук кесипке ээ болуучу адистин жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүүчү шарттарга көңүл буруу аркылуу жумуш аткарса, окуу жайдын дагы имиджи көтөрүлө тургандыгы бышык. Ошондой эле ЖОЖдук компоненттер кесиптик билим берүүдө кыргыз адабияты коомдо аткара турган синкреттик мазмун менен дагы эсептешүүгө тийиш, б. а. жарандык коом оюн-зооксуз жашабай тургандыгын эске алып, мындай иш-билгиге (компетенцияларга) муктаж болгон жарандарды *сценарий жазууга аргасыз кылган кырдаалдан чыгып кетүүгө* да жол ачып берүү милдети турат. Эгер маселе туура чечилген болсо кайсы мекеме болбосун азыркыдай адис издебестен эле, өздөрү кечелердин, түрдүү фестивалдардын, расмий шартта өткөн майрамдардын, ишканада же мекемеде уюштурулган концерттердин, чыгармачыл экскурсиялардын сценарийин түзүп алаарында шек жок. Биз мында адабиятчыны адис катары даярдоодо керек иш-билгини (компетенцияларды) *белгилүү бир коомдук-социалдык багыттар кантип жүзөгө ашырууга мүмкүн экендигине карай маанилүү жагдайларга токтолуп,* маселе көтөрүп жаткан болсок, Т. А. Печенева өз макаласында [207/29] *мындай иш-билги сапаттардын орто мектепте калыптануусу шарт түзүп*, ал эми жогорку кесиптик билим берүүдө компетенттүүлүк парадигмасы аркылуу аны кантип үйрөтүүгө боло турган методикалык системасын иштеп чыгып, жайылтуу керектигин ачыкка чыгарат. Албетте, окумуштуунун ою туура дегенибиз менен учурдагы окуу процесси бир *аз жеңилдетилген касиеттерин үйрөтүүдөн баштап,* анан *татаалыраак ык-усулдарга өтүүгө* милдеттендирүүдө. Анткени биздин окуучулар менен студенттер өз пикирин айтканда, “жакшы” же “жаман”, болбосо “мага жакты” же “мага жаккан жок” деген жооптор менен чектелип, *адабий чыгарманы талдоонун* коммуникативдүү байланышка керек болгон жактарын колдонуу иш-билгисине (компетенцияларын) ээ боло албай жатат. Айрымдары өз ара пикирлешүүдө мындай иш-билгинин турмушта канчалык зарылдыгы бар экендигин билбесе, кээ бирлери *ойду так* жана *жеткиликтүү айта билген* (а), керек болсо чыгармага карата *көз карашын конкреттүү далилдей алган* (б), чыгармадагы *идеяны бөлүп көрсөтүүгө* (в), ойду *үзүндү алып аргументтүү баяндоо мүмкүнчүлүгү жетиштүү* (г), тартынбай сын (зарыл болсо) айтууга (д) же

*жеке байкоолору менен башкаларга таасир калтырууга* (е) кудурети жеткен сапаттарды адабиятчыга тиешелүү иш-билги (компетенциялар) экенин сабактарда баамга албай жатышат. Ошондуктан, окуу жайдагы ЖОЖдук компоненттерге предметтерди сунуш кылууда адабият кафедралары биринчи кезекте ар бир студент өз билимин реализациялоосуна багыт бере турган коомдук-социалдык керектөөлөрдү аныктап, кандай болсо да студент *адабий чыгармаларды талдоо мүмкүнчүлүгүн, адабий-теориялык маалыматтарды канчалык биле тургандыгын* ачык алып чыгуучу *иш чараларды түзүүгө*, *уюштурууга* жана аны керек болгон шартта *аткара алууга*, окурман менен угарманга *жеткирүү ык-усулдарын* кошо үйрөтүүчү жаңы сабактарды издөө зарылдыгы турат. Ырас, предметтердин мазмунун аныктоочу мындай социалдык керектөөлөрдү өлкө боюнча *бирдей критерий менен кароо туура эмес*. Кээ бир аймакта *актуалдуу болгон зарылдыктар* республиканын экинчи чөлкөмүндө *анчалык керектөөнү туудурбай калуусу мүмкүн*. Ошол себептен ЖОЖдук компоненттерге кыска мөөнөттө үйрөтүүчү иш-билгини (компетенцияларды) аныктап, адабиятчынын *кесиптик билимине муктаж болуп турган жерди* (студент бул иш-билги менен кайсы жерде иштесе боло турганын) *көрсөтүп*, анан адабиятчы-филолог *өзүн*, *интеллектуалдык дараметин*, *билимин* кандай шартта ишке ашырса болоорун конкреттүү кырдаалдардын алкагында ачып берүү милдети коюлууда. Практика көрсөткөндөй, кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик билим берип жаткан *окуу жайлардын эч биринде мындай иштерди жүзөгө ашыруу жолго коюла электигин* эскерте кетели. Коомдук-социалдык керектөөдө кызыкчылык түрдүү болгондой эле аны канааттандыруу да ар кыл усулдук аракеттерди талап кыла тургандыгы анык. Демек туура натыйжага жетип, көксөгөн результатты алуу үчүн окуу жайлар кесиптик билим берүүдө ошол проблеманы чечүүгө мүмкүнчүлүгү жетиштүү болгон тактикалык технологияларды пайдаланууга аргасыз болушат.

Окутуунун тактикалык технологиялары жөнүндө окумуштуулар арасында түрдүү көз караштар жашайт. Айрым учурда алардын көз караштары жакындашкан болсо, алар окутуунун мазмунун аныктоого тиешелүү болуп саналат. Ал эми окутуу формаларына келгенде азыркы мезгилдеги *билим берүү өзүнө ылайык жаңы ык-усулдарынын базасында берилиши керектигин* талкуугa алып чыккандар менен

*жаңыча окутууну сунуш кылгандар* жетиштүү эле орунда турат. Маселен О.М.Железнякова *жогорку окуу жайларында жүздөн ашык студентти топтоп алып, бир мугалим бир жарым саат лекция окуган мезгилдин күнү бүткөнүн* ачыкка чыгарып [116/30], анын *жаңы формаларын издөөгө чакырык салса*, аны коштогондор кыргыз жергесинде да жок эмес. Эгер ар бир сабактан алына турган натыйжаны башкы орунга койсок, анда бул чынында эле бекер кеткен убакыт экени белгилүү. Бирок филология көп тармактуу экенин эске алып, *билимге болгон муктаждыкты ишке ашыруу түрдүү формада болушунун зарылдыгына* таянсак, анда мурда калыптанган *окутуу усулдарын таптакыр жокко чыгаруу туура эместиги* ачыкка чыгат. Экинчиден, билимди маалыматтан айырмалоого (кантип колдонсо боло тургандыгын көрсөтүп бере албагандык) тикелей кызмат көрсөтө албаганы лекциянын негизги кемчилдиги болгондуктан, анын окутуу мазмунун жаңылоо керектигин көрсөтүп турат. азыркы лекциялар ошол кесиптерге керек маалыматтарды сунуштоо менен көндүмдөрдү иш-билги катары үйрөтүүсү маанилүү орунда тургандыктан, анын базасында сунуш кылынган билим студентти “күтүп” турган кесип боюнча ишмердүүлүккө даярдоого тийиш. Бардык жерде бул багытта изденүү иштери жүрүп жатканын эсепке алсак, анын жаңы формалары окуу процессине кирип калганын көрүүгө болот. Маселен Россияда лекцияны бинардык формада өтүү аракети салтка айланып бара жатканы И.А.Артюшина тарабынан белгиленип [11/43], анын артыкчылыгы сунушталган маалыматты (билим катары) турмушка жакындаштыра алганы экендиги баса көрсөтүлгөн. Окуп жаткан *студенттин кызыкчылыгынан карап,* кесиптик билим берүүгө (бакалавр катары) бөлүнгөн убакыт өтө эле тар болуп, *анда көптөгөн маалыматтар берилиши керектигин эске алган болсок*, мында лекциянын ролу зор экендиги белгилүү. Ошондой эле студент жогорку окуу жайдын аудиторияларын жаңыдан аттагандан тарта *адистик ишмердүүлүгүн өркүндөтүү кызыкчылыгы* менен “жашап”, *кесиптик багыттагы жөндөмдүүлүгүн ачуу максатында* “даяр”, мурда иштелип чыккан көндүмдөрдөн кабар болуусу үчүн да лекция маанилүү кызмат кылып бере тургандыгы талашсыз. Ошондуктан азыр *зарыл болгон шартта салттуу лекцияларды пайдалануу керек* болуп турса, коом талап кылган көп жактуу ишмердүүлүктөн студент *өз мүмкүнчүлүгүнө жараша,* өзгөчө *турмуштук түркүн*

*кырдаалда* өзүн-өзү реализациялоого шарт түзүүчү айырмаланган түрүн, б. а. лекцияны бинардык формада өтүү зарылдыгы турат. Бул форманын өзгөчөлүгү кийин керек болуучу иш-билгини аныктап, *кайда колдонууларын тактап*, негизги *белгиси эмне экендигин так көрсөтүп*, аны пайдалануучу чөлкөмдүк аймагын, социалдык тармактык багытын да айкындап бере алат. Маселен, муну теория менен практиканы айкалыштыруу (теоретик менен практиктин бергелешип өтүүсү) катары гана кабыл алууга болбойт, анын кесиптик билим берүүдө кылган кызматы ошончолук тереңге барат. Анткени мында керектүү маалымат эле берилбестен, *аткарылуучу жумушка тиешелүү ык-усулдар, аны кантип колдонууга боло турган жол-жобосу* да (практиктин көрсөтүп берүүсү менен) сунушталып турат. Демек биз мындан *сабактын формасы эле эмес, мазмуну да шартка ылайык өзгөрүп* жатканын көрөбүз. Реалдуу турмуштун өзү студенттин билимин аныктоочу болгон соң, окуу процессинде эмне иш аткарылса да келип жеткен натыйжа анын *социалдык чөйрөдө кесипке болгон керектөөсүн аткарып*, иш-билгисин (компетенттүүлүгүн) өркүндүтүүгө шарт түзүп берүүсү зарыл.

Бизде мындай көрүнүштөр жаңыдан колго алынып жатса, ар бир сабакты турмуштук керектөө менен байланыштыруу аракети Россияда кесиптик билим берүүнүн бардык түрүндө жүрүп жатканын көрүүгө болот. Жалпысынан имитациялык иштер (иш-билгини керектелүүчү жерде колдонуп жаткан сыяктуу) лекцияларда гана орун албастан, *өз кесибинин ролун таап, жарандык коомдун кызыкчылыгынан мамиле кылуу* – үйрөнүп жаткан *иш-билгини пайдалануучу чөйрөнүн керектөөсүндөй элес түзүүчү оюндар аркылуу көрсөтүү* - окутууда пайдалануу чөйрөсү кайда болушу мүмкүн экендигин көрсөтүүчү имитациялык иштер (оюндар) кесипке даярдоочу практикалык сабактарда да күч алып барат. Мисалы, Ю. Дмитриев магистранттарды окутууда колдонгон иш тажрыйбасын педагогикалык чөйрө менен бөлүшүп [109/76], мындай сабактардын артыкчылыгы студенттердин турмуштук конфликттерге туруштук берүүдө маанилүү роль ойной турганына көңүл бурган. Мында окумуштуу имитация студенттин *келечекте кызмат орду кандай болушу мүмкүн экендигин көрсөтүү* менен бирге коомдун *аң сезимдүү жана маданияттуу жараны катары* алып жүрүүнүн ык-усулдарын үйрөтүп, өз ара *ыгы жок талаш-тартыштарды* (турмуштук конфликттик

кырдаалдарда) *уюштурбастан*, *бирин-бири угуп*, бири экинчисинин *көз карашын сыйлап мамиле кылуу шарттарын ачып түшүндүрүүгө* жол ачып берет деген көз карашка келет. Албетте ал кесипке багыт берүүдө психологиялык кырдаалдарга артыкчылык берсе, андай сапаттар өнүгүп отуруп, бир мезгилде жаран кабылган турмуштук түрдүү абалды туура чече алуучу иш-билги (компетенцияларды) жөндөмдү да тарбиялай алат. Ю.Дмитриевдин жазгандары менен тааныштыгы болбосо да Т. Б. Беляева түрдүү сабактарда колдонулган имитациялык иштер анын жүрүшүн кызыктуу кылган оюн катары гана кабыл алынбастан, өз кесибине таандык түрдүү кырдаалдарда жол таап кетүүгө маанилүү роль ойной тургандыгын [74/34] ачыкка чыгарат. Сабакта лектордун баяндамасы аркылуу деле мындай проблемаларды чечүүгө мүмкүн экендигин белгилеген окумуштуулар болуп жатканын эске алсак, мындай дискуссиялардын болушу окуу процессинде кечээ же бүгүн эле пайда боло калбаганын көрөбүз. Педагогика илими аныктагандай анын көп кылымдык тарыхы бар. Бирок компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадгимасы мына ошол аракеттерден студенттин кесиптик иш-билгиси (компетенциялары) калыптанышы керектигин талап кылат. Ошол себептен ар бир жогорку окуу жайындагы ЖОЖдук компоненттерде орун алган кыргыз адабияты сабактарындагы башкы максат *студентке жетишсиз болуп калган иш-билгилерди* (компетенцияларды) *үйрөтүү* болуп саналат. Кесиптик ишмердүүлүгү боюнча калыптаныш деңгээлин аныктоо деканат менен кафедраларга таандык проблема экендиги белгилүү болсо да, мугалим окутуучу ЖОЖдук компоненттерге тиешелүү сабактарда *кандай иш-билгилердин* (компетенциялардын) *калыптанышы зарыл экендигин так билиши керек*, б. а. *жумуш берүүчүлөрдүн кызыкчылыгы менен жергиликтүү шартта иштелип чыккан компетенттүлүктүн өнүгүш траекториясы* дайыма көрсөтүлүп турушу зарыл. Мындай иш чараларды аткаруу үчүн ар бир окуу жай өзүнүн тактикалык технологиясын иштеп чыгуу маалында *студенттин адистешүүсүнө так жооп берүүчү таблицаны түзүп*, анда сунушталып жаткан иш-билгилерди кайсы предметтер аткарышы керектигин ачыкка чыгарып, анан *анын аткарылып жатканын таблица түрүндө* (диаграмма формасында) *көрсөтүп турушу* маанилүү болуп саналат. Бул таблица кыргыз адабияты боюнча ЖОЖдук компоненттерде өтүлүп жаткан сабактын акыркы

натыйжасы эмне экенин көрсөтүүгө тийиш, б. а. ал сабакта студентте (окуучуларда деле) кандай аракеттер болуп, ал аракеттер анын жашоо-тиричилигинде *зарыл керектелүүчү кайсы ишмердүүлүктүн шартында* эмне иш-билгини ишке ашыра тургандыгын айкындоого, ошол эле мезгилде алар кандай сапатка ээ болуу менен бирге реалдуу жашоо шартка керек иш-билги көндүмдү (компетенцияларды) калыптандырып жатканын ачыкка чыгарууга мүмкүнчүлүк түзө тургандыгын так белгилөөгө милдеттүү болуп саналат. Анын мазмуну төмөнкүдөй түзүлгөнү талапка ылайык келет.

Таблица 3.3.1. **Компетенттүүлүктүн өнүгүш траекториясы**

| Ишмердүүлүктүн түрлөрү | Компетенцияларды калыптандыруучу иштер |
|---|---|
| Практикалык ишмердүүлүк | • Чыгарманы өз алдынча талдоо аракети;<br>• Чыгарманы формалык жактан талдоо мүмкүнчүлүгүн колдонушу;<br>• Чыгарманы мазмундук жактан талдоо мүмкүнчүлүгүн колдонушу;<br>• Адабий-теориялык маалыматтарды чыгарманы талдоо учурунда колдоно алышы;<br>• Өз пикирин аналитикалык түрдө конкреттүү мисалдар менен далилдей алышы; ж. б. |
| Профессионалдык компетенциялардын калыптануу процесси | • Чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгүнө жараша проблеманы конструкциялоо чеберчилиги;<br>• Жанрдын спецификалык бөтөнчөлүгүн эске алуу менен чыгармага мазмундук жана формалык жактан анализ берүү;<br>• Чыгарманы талдоо боюнча группада жана курста жеке көз карашын айтуу;<br>• Ар түрдүү талкууларда активдүү позицияны ээлөө;<br>• Студенттер жана мугалимдер менен чыгармачылык боюнча практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу багытында пикир алмашуу;<br>• Өз көз карашын текшерүү үчүн мугалимдерден консультация алуу;<br>• Мастер-класска катышуу жана анда өз пикирин коргоо;<br>• Студенттер үчүн чыгармачыл кечелерди уюштуруу;<br>• Акын-жазуучулар менен жолугушуу өткөрүү жана алардын чыгармачылыгын презентациялоо; ж. б. |
| Өзүн-өзү реализациялоо | • Мезгилдүү басма сөздө болгон түрдүү талкууларга катышуу (макала жазуу);<br>• Студенттердин илимий-практиклык конференцияларына билдирүү, доклад жасоо;<br>• Конкурстарга катышуу, долбоор түзүү;<br>• Гезит-журналдар, радио-теле берүүлөр менен кызматташуу;<br>• Мектептер менен байланышуу, класстык сааттарды, класстан тышкаркы иштерди уюштурууга жардамдашуу; ж. б. |

Практикалык иштер көрсөткөндөй, бул таблица окуу процессинде бир катар милдетти аткарат. Биринчиден, азыркы абалга көз салсак, көпчүлүк адабият мугалими өзү окуткан лекциялык жана практикалык сабактардын *максаты эмнени көздөп жатканын*, аны *кийинки сабакта кантип өнүктүрүүгө боло тургандыгына* анча маани беришпейт. Ал эми мындай таблица менен иштеген мугалим ар бир сабакта *студенттин кайсы багыттагы жөндөмдүүлүгүн арттыруу*, кайсы *багыт боюнча иш чаралар аткарылбай калып жатканын* элестетип турушат. Анткени таблица *сабактын жүрүшү менен аракетке келип жаткан студенттин жөндөмдүүлүгүн, жетишпей жаткан кээ бир көндүмдөрдү* толугу менен ачыкка чыгара алат. Экинчиден, А.А.Жиляев белгилегендей, мугалимди психологиялык жактан студенттин кесиптик иш-билгиси (компетенциялары) туура жетилүүсүнө багытталган *иш чараларды, ык-усулдарды тандап колдонууга* [117/139] жол ачып берет. Ошондой эле таблица сабактын негизги максатын аныктоого да ыңгайлуу шарт түзөт, б. а. семинардык жана практикалык сабактарда ар бир студенттин *эмнеге жөндөмдүү экенин билип алууга* (а), ошол жөндөмдүүлүктү *практикалык иш-аракеттерге пайдалана билүү кызыкчылыктарын ойготууга* (б), кесиптик иш-билги көндүмдөрү жаңыдан калыптана баштаган студентти *жарандык коом менен байланыштырууга* (в) жана ар кыл формада боло калып жаткан *кесиптик ишмердүүлүктөрүн тандоо* (г) менен *аткарууга* (д) карай *психологиялык даярдыктарды көрүүгө* (е) өбөлгө жаратат. Үчүнчүдөн, бул таблицаны жетекчиликке алуу менен иш жүргүзүү адабият мугалимин дайыма чыгармачылык менен сабак өтүүгө аргасыз кылат. Практика аныктагандай, азыр көпчүлүк мугалимдер бир жылда бир, же бир жылда эки ачык сабак өтүп койбосо, калган сабактарынын баары шаблондуу келип, негизгиси *студентке маалымат берүү формасында* уюштурулат. Ал эми студентте *жарандык коом, социалдык чөйрө керектөөчү* иш-билгинин (компетенциялардын) *толук* жана *жеткиликтүү калыптануусуна жетишүү үчүн* мугалим таблицада белгиленген пункттар боюнча иш алып барууга кандай аргасыз болсо, *студент* ал ишмердүүлүктүн кайсы *тарабы өзүнүн ички кызыкчылыктары менен дал келе тургандыгын аныктай* алат. Студенттин кесиптик иш-билгини үйрөнүү кызыкчылыгы башкы орунга чыкса, ал мугалимден *сабакты кызыктуу уюштурууга* талап коёт, ал мугалимге *студенттин*

*инсандык кызыкчылыгын урматтоо менен окутуунун негизги мазмунун багыттоого*, керектүү иш-билги көндүмдөрү калыптаныш үчүн *изденүүгө шарт түзөт*. Төртүнчүдөн, бул таблицаны колдонуу студенттин *билимин текшерүү багытында белгилүү милдетти аткарып*, айрым учурда баалоо критерийлеринин да мазмунун өзгөртөт. Маселен студенттин билимин текшерүү ушул тапта *анын адабий-теориялык маалыматты канчалык билгенине карата аныкталып жатса*, таблицаны пайдалануу менен *кесиптик билимди баалоо критерийлерин толук өзгөртүүгө* болот. Тагыраак айтканда, кыргыз адабиятын (чынында бардык предметтерди эле) окутууда *мындай ыкманы колдонуу студентке кесиптик билим эмне экенин түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт* да, азыр маанилүү болуп турган иш-билгиге (компетенцияларга) ээ болуунун коомдук-социалдык зарылдыгы эмне экендиги ачыкка чыгат. Ошондой эле *берилген таблица менен иштөөдө мугалимдин кырдаалга туура мамиле кылуусу* билим алууда студенттин турмуштук өңүттө *реалдуу ойлонуусуна мүмкүндүк жаратуу менен* бирге кесиптик иш-билгиге болгон керектөө кайдан чыгаарын туюндура алат.

Биз эксперименттин жүрүшүндө (№ 3-тиркемени караңыз) кыргыз адабияты боюнча компетенциялардын калыптанышын кырдаалдык абалга жана окутуудан соң иш-билгинин натыйжага ээ болуусуна карай мамиле кылдык. Мында ар бир студенттин кесиптик ишмердүүлүгүнө тиешелүү компетенциялары конкреттүү социалдык шартта иш-билгисин көрсөтүп, түрдүү көндүмдөрдү аткара алуусуна жараша бааланды. Студенттер арасында кесиптик ишмердүүлүк боюнча иш-билгилер (көндүмдөр) алардын *өздөрү берген баасына*, б. а. *конкреттүү ишмердүүлүгүн берилген так бел*гилердин ( “+”, “-“) коюлушуна карай аныкталды. Ал эми алардын кесиптик даярдыгына карата көндүмдөрдү текшерүүчү таблица төмөнкүдөй формада болду.

Таблица 3.3.2. **Кесиптик-маалыматтык компетенциялар**

| | Предмет боюнча маалыматка ээ болушу | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Студенттин Ф. А.А. | Маалыматты билет | Маалыматты колдонуу | Маалыматты колдонуу | Кесиптик ишмердүүл | Пайыздык | Компетенциянын деңгээли |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | ыктарын билет | стилин билет | үк боюнча айырмалай алат | көрсөткүч ү | |
| 1. | | | | | | |

Кесиптик ишмердүүлүккө карай кыргыз адабиятына тиешелүү маалыматтарды канчалык пайдалана ала турганын мына бул таблица толук көрсөтүп турат. Эң ыңгайлуу жагы студенттер өздөрү кыргыз адабияты боюнча *илимий-теориялык маалыматтарды канчалык биле тургандыгын өздөрү* эле аныктай алышат. Эгер мугалим студенттердин портфолиосун түзүүнү каалай турган болсо, мындай *таблицаны ар бир тема боюнча түзсө* да болот. Эгерде пайыздык көрсөткүч 55тен төмөн болсо, “начар” экенин, ал эми 56дан 75ке чейин болсо, “орто” экенин, 76дан 85ке чейин болсо, “жакшы” экенин, 86дан 100кө чейин болсо, “эң жакшы” экенин студенттер өздөрү эле аныктап алышат.

Ал эми *кесиптик ишмердүүлүгүнүн кайсы тарабы начар болуп жатканын жана компетенция канча пайызды түзүү абалында экендигин так көрүп туруш үчүн* биз да бир таблицаны (№ 3-таблицаны караңыз) сунуштайт элек.

Таблица 3.3.3. **Кесиптик-коммуникативдик компетенциялар**

| Студенттин Ф. А.А. | Көндүмдөр | Кептик ишмердүүлүктүн түрү | Коммуникативдик ишмердүү-лүктүн чагылышы | Кесиптик ишмердүүлүктүн өнүгүшү | Пайыз-дык көр-сөткүч | Реализациялоо деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |

Мында деле ошондой, пайыздык көрсөткүч 55тен төмөн болсо, “начар” экенин, ал эми 56дан 75ке чейин болсо, “орто” экенин, 76дан 85ке чейин болсо, “жакшы” экенин, 86дан 100кө чейин болсо, “эң жакшы” экенин студенттер өздөрү эле аныктай алышат. Бул таблицанын өзгөчөлүгү *кыргыз адабияты сабагы калыптандырган компетенцияларды кептик ишмердүүлүк катары өзү тандап алган* (адабиятчыбы же мугалимби) кесиптик ишмердүүлүгүндө канчалык

деңгээлде колдоно алышы “реализациялоо деңгээли” деп аталган бөлүмдө баа түрүндө чагылып турат.

Андан кийинки таблица (№ 4-таблицаны караңыз) кыргыз адабияты аркылуу калыптана турган билимди – *көркөм-эстетикалык баалуулукка карата студенттин ички мамилесин* (а), адабий чыгарманы, искусстволук табылгаларды, көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдү, кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүшүн, андагы ири жетишкендиктер менен ар түрдүү тенденцияларды, адабий процессин ал-абалын, мезгилдүү басма сөздөгү *адабий турмушту кабылдоо* (б) жана *баалоо* (в) иш-билгисин (жөндөмдүүлүгүн) ачык көрсөтө алат. Тагыраак айтканда студенттин адистик компетенциялары толук ачылып берилет.

Таблица 3.3.4. **Профессионалдык компетенциялардын калыптаныш деңгээли**

| Адистик компетенциялардын деңгээли | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Студенттин Ф.А.А. | Кесиптик ишмердүүлүккөө болуу деңгээли | Пикирлешүү мада нияты | Жеке атуулдук позициясы | Жалпы адамзаттык баалуулуктар-ды баалоо кө-дүмү | Сынчыл ойлоо көндүмү | Баалоо деңгээли |

Биз бул жерде профессионалдык компетенцияларды студенттин кыргыз адабияты боюнча алган маалыматтык билимдерине эмес, ошол билимди өзү тандаган кесиптик ишмердүүлүгүнө (адабиячы, мугалим, мезгилдүү басма сөз кызматкери жана референт катары) аныктоого аракеттендик. Мында деле ошондой, пайыздык көрсөткүч 55тен төмөн болсо, “начар” экенин, ал эми 56дан 75ке чейин болсо, “орто” экенин, 76дан 85ке чейин болсо, “жакшы” экенин, 86дан 100кө чейин болсо, “эң жакшы” экенин студенттер өздөрү биле алышат.

Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы жогорку кесиптик билим берүүдө бардык компетенциялардын жеткиликтүү болушун талап кылгандыктан, биз кийинки таблицада (№ 5-таблицаны караңыз) баарын бириктирип, студент кайсы кесиптик багытка жөндөмдүү экендигин өзү баалап түшүнүү максатын көздөдүк.

Таблица 3.3.5. **Кайсы кесипке жөндөмдүү экенин өзү баалап түшүнүү**

| Студенттин Ф.А.А. | Кесиптик-маалыматтык компетенциялар | Кесиптик-коммуникативдик компетенциялар | Профессионалдык компетенциялардын калыптаныш деңгээли |
|---|---|---|---|
| 1. | | | |

Ошондой эле студенттер өздөрү мындай көрсөткүчтөрдү кандай кабыл алышканын, ички наразылыктары жокпу, эгер болсо кандай шартта болуп жатканын билүү максатында диагностиканын башка түрлөрүн жана формаларын – *сурамжылоо, анкета, тест* жана *өзүн-өзү диагностикалоо ыкмаларын* да пайдаландык. Ал жердеги көрсөткүчтөр биз тарабынан аткарылган иш чаралар туура экендигин дагы бир жолу ырастап берди. Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө ЖОЖдук компоненттер студенттердин кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандыруу максатына көңүл бурганы *окутуунун методологиялык*, *стратегиялык* жана *тактикалык технологиялары* туура багыт алганын көрсөтөт. Анткени, мамлекеттик стандартта мамлекеттик жана кесиптик билим берүүчү компоненттер туруктуу келип аларда *илимий-теориялык маалыматтар билим катары сунушталса*, ЖОЖдук компоненттер окуу планда ийкемдүү келип алар *студенттин кесиптик билим алуусунда* жетишпей жаткан жактарды тез арада толуктаганга мүмкүндүк бере алат. Ошондуктан, кыргыз адабияты боюнча ЖОЖдук компоненттер дайыма кесиптик билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында мугалимдердин *жеке чыгармачылык изденүүсүн талап кылган, ички кызыкчылыгын ойготуу шартын эске алуу* менен атаандаштыкта түзүлгөн силлабустарды тандоо аркылуу ишке ашырылышы маанилүү болуп саналат. Мындай атаандаштык кафедра мүчөлөрүн дайыма *изденүүгө түртсө*, экинчиден студенттер менен *тыгыз байланышта кызматташууга*, аларга кесиптик билим берүүдө *эмне жетишпей жатканын аныктап түшүнүүгө*, үчүнчүдөн, кесипке карата *социалдык чөйрөдө кандай талаптар болуп жатканын өз алдынча аныктап билүүгө* жана *өзүнүн аны жоюуга мүмкүнчүлүгү болгон соң, аны жоюу жолдорун кафедрага, окуу методикалык*

*кеңешке, факультеттин окумуштуулар кеңешине* жана башка *жогорку инстанцияларга сунуштоого* мүмкүнчүлүк ачылат. Ал эми акыркы натыйжа кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик билим алып жаткан студент *жеке чыгармачыл аракетин, адистик ишмердүүлүгүн көрсөтүү*, өзүндө калыптанган компетенцияларын *ачыкка чыгаруу үчүн* адабий түшүнүктөр менен адабият теориясын да толук өздөштүрүп, аны турмушта колдонууга жол көрсөтүүгө тийиш. Кыргыз адабиятын компетенттүүлүк деңгээлинде өздөштүрүү - *адабий-теориялык изилдөөлөрдү* (а), *адабий сынды* (б), *көркөм чыгарманын идеялык-эстетикалык табиятын түшүнүп* (в), аларга *аналитикалык багытта талдоо жүргүзө билүү* (г); адабий чыгарманы *тарыхый маданий контекстте кароо* (д); *көркөм-адабий тилди түшүнүү* (е) жана *түшүндүрө алуу* (ё); поэтикалык, илимий-теориялык *адабияттардан үзүндү колдонуу* (ж); ар бир *чыгарманы улуттук* жана *жалпы адамзаттык көркөм-эстетикалык баалуулуктардын арасынан карап*, анын *өзгөчөлүгүн көрсөтүү* (з), ж. б. Маселен М.Н.Недвецкая жаш филолог мугалимдерге жогоркудай сапттардын жетишсиздигинен улам, окуу процессин уюштурууда окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыра албай, өзүнүн адабий чыгармачылык боюнча билимин, сабакты алып барууда чеберчилигин, чыгарманын идеялык мазмунун, эстетикалык касиетин, ачып бере албай сабактын да, өзүнүн да кадырын кетирип жатканын [193/56] баса белгилейт. Методисттин пикири боюнча *адабий билим берүүдө* билим, көндүм жана адатты калыптандыруу баштагыдай эле күчүндө турган болсо да, мугалимдин (студенттин) адистик компетенттүүлүгү ар түрдүү шартта чыгарманы талдай билүү иш-билгисинин (көндүмүнүн) жарандык коом койгон талаптарга жооп бергенине ылайык баалана тургандыгын эстен чыгарууга болбойт. Жыйынтыктап айтканда компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы кандай шарт болсо да предметке тиешелүү компетенцияларда ойдун мазмундуулугу сакталып, студенттин иш-билгиге (көндүмдөргө) ээ болуусу акыркы натыйжа болуп беришин талап кылганы менен маанилүү болуп саналат.

**3-глава боюнча корутунду**

Бул глава боюнча төмөнкүдөй корутунду чыгарууга болот:

“Окутуунун технологиясына” аныктама берүүгө аракеттенгендердин изилдөөлөрүн карап, өз ара салыштыра турган болсок, кими болбосун окуу процессине таандык, бири-бири менен өтө тыгыз байланышта турган үч түшүнүктүн – *методология, стратегия* жана *тактиканы* бир бүтүн система экенин баамдашып, “педагогикалык технология” деген жалпы аталыш менен берүү аракети кийинки мезгилде педагогика илиминде күч алып бара жатат. Анткени, ал өз ичине окутуу технологиясын толугу менен камтып, окуу процессинде алдыга койгон педагогикалык максатка жетүү үчүн окутуунун инструменталдык каражаттарын жана инсандагы бардык мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдалануучу методологиянын системдүү жыйындысын ишке ашыруу эрежелерин туюндуруп келет. Окутуунун (педагогиканын) технологиясы өз ичине максаттуу аткарылуучу төмөнкүдөй иш чараларды камтыйт: а) студентте белгилүү компетенцияларды калыптандырууга катышы бар окутуунун техникалык каражаттарын, ыкмаларды объектилерди максаттуу пайдалануу; б) окутуу процессинде компетенттүүлүктүн калыптанышын пландаштыруу; в) компетенциялардын калыптанышы үчүн сабактын максатын окутуу процессинде студенттердин жөндөмдүүлүктөрүн ойготуу, аналикалык ой жүгүртүүгө багыттоо, сунушталган илимий-теориялык маалыматтарды студенттин жеке турмушу менен айкалышырып түшүндүрүү; г) окуу процессин интеграциялоо, окуу материалын реалдуу турмуштун контекстинде комплекстүү кароо; д) окуу процессине долбоорлоо технологиясын, ар бир студенттин өз алдынча жыйынтык чыгаруу системасын колдонуу; з) окутууну коомдук-социалдык керектөө менен айкалыштыруу, билим берүү методологиясында алган компетенцияларынын негизинде өзүн-өзү реализациялоого калыптандыруу; ж. б.

Жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын кыргыз адабияты боюнча илимий-теориялык базаны тарыхый поэтиканы окутуу маселесине каршы чыга тургандар да жок эмес. Анткени бул терең ынандыруу жолу менен ишке кирише турган татаал маселелерден экендиги белгилүү. Ошондуктан, кыргыз адабияты боюнча орто жана кесиптик билим берүүдө болуп жаткан проблемаларга токтолуу жана аны чечүү боло турган жол-жоболорду түшүндүрүү зарылдыгы турат: 1) *азыркы мезгилде өз ара сүйлөшүүдө көркөм сөз каражаттарын колдонуу* иш-билгисин калыптандыруу – көркөм текст курай

билүү, текстте элестүү көркөм тилди пайдалануу, терминдерди, көркөм сүйлөө жана тропторду сүйлөшүү каражаттары катарында сүйлөө кебинде жүзөгө ашыруу чеберчиликтерин жөндөмдүүлүк – компетенция катары калыпташтыруу; 2) *адабиятчылык адистикке ылайык ой жүгүртүү жана оюн оозеки жана жазуу түрүндөгү текстте бере билүү чеберчилигин* иш-билги катары үйрөтүү - кыргыз адабиятына таандык илимий-теориялык маалыматтарды жакшы билүү менен бирге көркөм адабий тилде коомдук-социалдык зарылдыкка жараша белгилүү бир жанрда оюн так жана көркөм чагылдыруу, жаза билүү чеберчилигине жетишүү; 3) *көркөм-адабий чыгармаларга талдоо жүргүзүү чеберчилигин* иш-билги катары калыптандыруу – илимий-теориялык түшүнүктөрдү практикада колдоно алууга, адабий чыгарманы мазмундук жана формалык жактан талдоо принциптерин так түшүнүүгө, кырдаал талап кылса (коомдук-социалдык заказ болсо) кандай адабий чыгарма болбосун илимий деңгээлде баа берүүгө жетишүү; маданий, ал тургай саясий көз караштан мамиле кылып, кандай чыгарма болбосун колдоого жана сындоого тийиш болгон жөндөмдүүлүктү окутуп тарбиялоо; 4) *өз позициясын коргоо, башка бирөөнүн көз карашын сыйлоо маданиятын* иш-билги катары калыптандыруу – көркөм-адабий ой жүгүртүү коомдук аң сезимдин бир түрү болгондуктан, аны азыркы демократиялык ойлоо жөндөмдүүлүккө ылайык плюрализмдин чегинде кароого үйрөтүү, бардык мезгилде толеранттуулукту сактай билүүгө көнүктүрүү; 5) *адабиятчы-филолог адистин илимий ишмердүүлүгүн* иш-билги катары калыптандыруу – актуалдуу теманы, изилдөөгө маанилүү болгон проблеманы тандоого, ага ылайык алынган маалыматтардын үстүндө иштөөгө, илимий-теориялык булактарды пайдаланууга, белгилүү бир теманын тегерегинде ойлонууга үйрөтүү; 6) *педагог-окумуштуу адистин илимий ишмердүүлүгүн* иш-билги катары калыптандыруу – педагогикалык процессти изилдөө кызыкчылыгын арттырууга, изилдөө объектисин тандоого, изилдөө предметин айырмалоого, илимий гипотеза түзүүгө, андан соң изилдөө максатын, милдеттерин аныктоого, өз алдынча ойлонуп изилдөө планын иштеп чыгууга, анда методологиялык негизин, өндүрүшкө тийгизген баалуулугун түшүндүрүүгө үйрөтүү; экспериментти кантип уюштурууга боло тургандыгына карай иш чаралардын жол-жобосун түзүүгө көнүктүрүү зарылдыгы ачыкка чыкты.

Глава 4. **Кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуудагы баалоо системасы жана педагогикалык эксперименттик иштер**

## 4. 1. Кредиттик технологиядагы баалоо системасы жана алар аркылуу кыргыз адабияты боюнча компетенттүүлүктү аныктоо жолдору

Билим берүүнүн бардык тармактарында эле өтө маанилүү орунда туруп, бирок толук чечилбей келген маселелердин бири – баалоо системасы. Өзгөчө Кыргызстанда буга наразы болбогон киши жок. Себебин издеп көргөндө маселенин мазмунуна, ага карата коюлуп жаткан дооматтарга так жооп берип, болуп жаткан жагдайды жеткиликтүү ачып түшүндүрө алган кишини да, мекемени да, тармакты да кездештире албадык. Мунун өзү бул *проблема өлкө ичинде стихиялуу өнүгүп*, бирдиктүү бир системага салына электигин билдирет. Баалоо системасы өзү толук түзүлбөгөндөн кийин анын критерийлери да, бааны ченеп-өлчөй турган норма-эрежелери да жеткиликтүү иштелип чыга элек десек болот. Эгер дүйнөлүк билим берүү системасынын тажрыйбаларына таянып, билим алуучунун алган билимин текшерүү боюнча калыптандырган баалоо системасынан караганда негизинен билимди ченеп-өлчөй турган эреже-нормалардын үч түрү гана жашай тургандыгы анык болсо, биз анын эки түрүн колдонобуз. Маселен, азыр дүйнөдө “беш”, “он”, “он эки” жана “жүз” баллдык баалоо системасы колдонулуп жаткан болсо, Кыргызстанда анын эки түрү (“беш” жана “жүз” баллдык системасы) толук аракетке келип, *окуу процессинде пайдаланылып келет*. Ошондой эле эки баскычтуу кесиптик билим берүү системасы ишке киришкенден бери литердик шкала (бааны A, B, C, D, E, F түрүндө белгилөө) да колдонула баштады. Кээ бир билим берүү тармактарында окуудагы жетишкендикти сөз менен GPA (grade point average - орточо балл) белгилөө орун алганын көрүүгө болот. Бирок баалоонун мындай түрлөрүнүн киргизилиши Кыргызстандагы кесиптик билим берүү тармагында абалды өзгөртүп жибере алган жок. Сурамжылоо анкетасына берген жооптор *билимди баалоо системасында төмөнкүдөй кырдаалдар бар экенин* ырастады: 1) Жогорку кесиптик билим берүүдө (орто билим берүүдө деле абал ошондой) студенттин билим кандай критерийлер менен баалана тургандыгы толук

аныкталган эмес. Анын натыйжасында студенттин баа алуусу коррупция менен коштолуп турат. Себеби, *студент кандай эмнеги үчүн эмне баа алаары эч жерде так көрсөтүлгөн эмес*, ошондуктан студент өзүнүн окуганы, жылдык эмгеги, аракети, чыгармачылык мамилеси, изденүүсү канчага тураарын билбейт. Мындай так эместиктер *мугалим менен студенттин ортосунда дайыма келишпестиктин болушун көрсөтүп турганы менен* эки тарап (экзамен комиссия менен алынса да) эч качан бир пикирге келбейт. Ар кими өз пикирин туура деп эсептегени менен көпчүлүк учурларда студент жакшы баа алуунун түрдүү “жолун” издейт. 2) Студенттин билимин баалоо системасынын критерийлери толук аныкталып чыкпаган соң эч бир жерде студенттин билим деңгээли, бүтүрүүнүн билиминин сапаты эч качан так көрсөткүчтү бербейт. Тагыраак айтканда, студенттин билиминин сапатына талапты катуу койгон мугалимдин сабагында студенттердин жетишүүсү начар болот да, ал эми студенттин билиминин сапатына карабай, бааны “көтөрмөлөп” койгон мугалимдин сабагынан көрсөткүч жакшы бериле тургандыгы анык. Студенттин билимин баалоо боюнча бирдиктүү системасы иштелип чыкпаган соң эмне үчүн мындай абал болуп жатканын баары сезип турса да, проблеманы чечүүгө, б. а. билим сапатын аныктоо багытында аныкталган жооптун жоктугунан бул маселеге эч ким тийишпейт. Ал эми студенттерге окуткан сабагынан кыйнабай баа коюп берген мугалим “жакшы”, ар биринин өз деңгээлинде билишин талап кылып “кыйнап”, анан баасын коюп берген мугалим “жаман” көрүнөт да, кимиси болбосун баа алуунун “жеңил” жагын көздөйт. 3) Студенттин билимин баалоонун бирдиктүү системасы иштелип чыкпагандыктан, бир жылдык *окуу семестринде бир сабак калтырбаган студент менен бир жыл бою сабакка келбеген студент деле бирдей баа алышы мүмкүн*. Мындай көрүнүш бардык окуу жайда кездешет. Ошондуктан болсо керек, студенттер азыркы кесиптик билим берүүдө билимди баалоо системасынын толук жаңылануусу керектигин жана ар бири өз баасын, ошондой эле башкалардын жыл ичинде топтогон модулдук бааларын толук көрүп тургандай ачык болуусун каалашканын студенттер өздөрү сурамжылоо анкеталарына берген жооптордо белгилешкен. 4) Кесиптик билим берүүдө студенттин алган билимин баалоо системасы толук иштелип чыкпагандыгы мугалимдердин кесиптик билим берүүдөгү даярдыгын да

аныктоого тоскоол болуп жатат. Билими начар мугалимдер студенттердин "каарына" калып калбаш үчүн ар бир студентке (билген жана билбегенине карабай) кыйнабай жакшы коюп берүү менен кутулушат. Анын кесиптик билим берүүгө берген терс таасири өз учурунда ачык байкалбаганы менен кийин студент анын предметине *тиешелүү билимди турмушунда, кесиптик ишмердүүлүгүндө колдонууга* келгенде өтө сезишет. Ошол себептен бүтүрүүчүлөр өзүнөн кийинки муунга "окуй бергиле, билимди турмуштан аласыңар" дешет. Ал эми иш берүүчүлөр болсо, *кесиптик билим берген окуу жайларында жакшы окутпай жатышканын айтса*, көпчүлүк бүтүрүүчүлөр билими талап кылган деңгээлде болбогон үчүн окуган кесиби боюнча иштебей, башка жумушка өткөнүн турмуш чындыгы көрсөтүүдө. 5) Билим берүү системасында *баалоо критерийлеринин толук иштелип чыкпагандыгы* жана *бардыгына жеткиликтүү формада уюшулбагандыгы* студенттин мугалимге болгон көз карандылыгын дайыма түзүп турат. Мындай көрүнүш *окуу иштериндеги демократиялык мамилелерге, билим берүүдөгү ачыктыкка* жана гумандуу билим берүү саясатына каршы келет. Эгерде азыркы билим берүү саясаты мугалим менен студенттин ортосунда *өз ара кызматташуу, мугалимдин студентке карата объектилик эмес, субъектилик мамилеси толук сакталышын* талап кылган болсо, *баалоо критерийлеринин толук ачылып, так иштелип чыкпагандыгы* окуу процессинде мугалимдин "либералдык башкаруусуна" ("сабакка жакшы катышпайсыз", "мен сизди мындан ары көтөрмөлөй албайм", "жакшы баа болот деп, мага ишенбеңиз", ж. б.) студенттин кынтыксыз баш ийүүсүнө аргасыз кылып турат. Тагыраак айтканда, студенттин окуу жылы баштала электе эле эмнени билсе кандай баа ала тургандыгы белгилүү болбогон соң, окуу процессинде *студенттен талап кылынган негизги натыйжа эмне экендиги бүдөмүк бойдон өнүгүп келип*, сабакта эмнеге басым коюп окуу логикасы иштелип чыкпагандыгын жана кесиптик билим берүүдө баштагыдай эле мугалимдин авторитардык көзөмөлү күчтүү экенин көрсөтөт. 6) Баалоо системасы толук иштелип чыкпагандыктан, баалоо же баа коюу *сессиянын аягында боло турган маанилүү компания катары эсептеген* психологиялык түрдүү аспектидеги толгонуулар - *жакшы баа туш келишин ойлогон кыжаалаттыктар* (а), *жакшы баа алуунун "жолун" издеген көрүнүштөр* (б), мугалим менен студентин *өз ара*

*мамилелерин “көзөмөлдөө”* (в), *коррупцияга каршы жогортон төмөн карай текшерүүлөр* (г), жыл бою окуткан *мугалимге карата шекшинүүлөр* (д), сессияны өз учурунда *толук тапшыра албай калуулардын “себебин издеген жыйналыштар”* (е), “карызы бар” студенттер менен *кайрадан иштешүү* (ё), экзамендерди “калыс алуу үчүн” *ар кыл деңгээлдеги комиссияларды түзүү* (ж), ж. б. башы жана аягы көрүнбөгөн түркүн-түс иш чараларды айтпай коюуга болбойт. Эгерде студенттин кесиптик билимин баалоо системасы толук иштелип чыкканда жана ал төмөнтөн жогору карай бардыгына текши жеткиликтүү формада чечилгенде (жогоруда аталган маселелер толук чечилбесе да) гана мугалим менен студенттин *кызматташуусу ачык байланышта болуп*, студенттин *билими кандай критерийлер менен баалана тургандыгы баарыга жеткиликтүү* формага өтмөк. Мындай шартта студент өзүн-өзү ошол критерийлер менен эле баалоого мүмкүнчүлүк алуу менен бирге мугалим менен *демократиялык-укуктук байланышта көз карандысыз бир деңгээлде* турмак. Ал эми окуу жайлары *баалоо системасын өздөрүнүн сайттарына жайгаштырып*, анын *мазмуну эмнеге негизделип түзүлгөндүгүнө комментарий берген болсо*, аныкталуучу маселе (баа эмнеге коюла тургандыгы) коомдун *бардык социалдык катмарына түшүнүктүү келип*, азыркыдай ата-энелердин да наразылыгын жаратмак эмес. 7) Байкоо эксперименттери көрсөткөндөй, республика боюнча жогорку окуу жайлары колдоно турган бирдиктүү баалоо системасы иштеле электигин көрүүгө болот. Айрым *окуу жайлар 100 баллды жалпы предмет боюнча алына турган модулдук* жана *жыйынтыктоочу экзамендерге бөлүп койсо*, кээ бир окуу *жайлар ар бир текшерүү жумуштарын 100 баллдан эсептеп, анан аны кошуп*, кайра бөлүп дегендей, америкалык жана европалык баалоо системасын ошол турушунда көчүрүп келип алышкан. Кандай формасын колдонушпасын эмнени жана кантип баалоо критерийлери толук аныкталбагандыктан, баары бир *баалардын өз ара катышы салыштырмалуу келип*, студенттин *чыныгы билим кандай экендигине*, кайсы сабактан *ийгиликтер болуп*, ал эми *кайсы предметтерди өз алдынча дагы өздөштүрүүсү керектигинин башы ачылбай*, сессияда алынган баалардын жыйынтыгы менен баары бүтүп калгандай таасир калтырууда. 8) Студенттин билимин баалоо системасы турмуштук реалдуулуктар менен айкалышып

түзүлбөгөндүктөн, студент окуу планы аркылуу *сунушталып жаткан предмет кийин канчалык керек, окуш зарылбы же жокпу деген суроолорду өз алдына коюп, ага өзү жооп берүүгө* аракеттенбейт. Андан тышкары С.Д.Смирнов белгилегендей, студенттин окутулуп жаткан сабакты баалоого укугу бар экендиги да эсепке алынган эмес [235/123]. Анын натыйжасында окуу планына *керек эмес предметтер* (ал Кыргызстандын жергиликтүү шартын эсепке албай дагы бир жерден көчүрүлүп келгени талашсыз) *кирип кеткен болсо*, студент сөзсүз билиши зарыл болгон предметтерден да *керек эмес маалыматтардын кеңири орун алгандыгы*, алар ашыкча кредиттик сааттарга ээ экендигин көрсөтүп турат. 9) Эксперименттик иштер аныктагандай, предметтик билимди баалоо системасы, өзгөчө критерийлер так иштелип чыкпагандыктан, *бир эле предметтин билим берүүчүлүк мазмуну эки мугалимдин субъективдүү мамилесинен улам эки башка баалоо критерийи менен өлчөнөт* (тесттик тапшырмаларды түзүүдө, реферат алууда, модулдук суроолорду жаздырууда, ж. б.) да, биринде суроолор жеңил болсо, экинчисинде оор келип, *студенттердин предметке* жана *мугалимге карата ички наразылыктарын пайда кылууда*. Бирок андай наразылыктар предметтик мазмундан жогору көтөрүлө албайт, анткени эки мугалим сунуш кылып жаткан суроолор тең окуу материалынан алынып жатканы анык. Мунун өзү да ар бир окуу жайда студенттин кесиптик билимин аныктоодо маанилүү роль ойной турган критерийлерде эле эмес, *билимдин калыптануусуна карай суроо-тапшырмалардын жөнөкөйдөн татаалды карай эволюциялык жана диалектикалык өсүп өнүгүшүн жетекчиликке алган мазмунун да аныктоо* зарылдыгын көрсөтөт. Мындай көрүнүш бир жерден “эң жакшы” алган студенттин билим деңгээли башка бир жерден “орто” алган студенттен да төмөн экенин ачыкка чыгарып турат. 10) Өлкө боюнча баалоо системасынын бирдей болбогондугу “кызыл” дипломдун кадырын кетирүүдө. XX кылымда “кызыл” диплом менен окуу жайын аяктагандар, кайсы жердин болбосун “эшигин тээп кирүүгө” акысы бар болсо, азыр андай укуктан ажыраган. Ага да биринчи себеп, мына ушул студенттин билимин баалоо системасынын туура жолго коюлбагандыгы болуп эсептелет. Анткени, “кызыл” диплом алгандардын *билим сапаты иш берүүчүлөрдүн талаптарын канааттандыра албай*, кесиптик билимге карата коюлган *коомдук-социалдык керектөөнү жөндөп кете албай жатышат.*

Баалоо критерийлеринин туура иштелбегендигинен улам ошол бааларды коюп жаткан мугалимдер да, анан ошол дипломду берип жаткан окуу жайы да өздөрүнө эч кандай жоопкерчилик алган жок, болгону дипломго карата коомчулуктун ишенимин жоготууда.

Жогоруда аталган проблемаларды чечүүнүн башка жактары болсо да, анын негизги *жоюу жолдорунун бири түздөн-түз студенттин кесиптик билимин баалоо системасы* болуп саналат. Кесиптик билим берүүдө Д.М. Чернилевский белгилегендей, баалоо принциптерин аныктоо мурдагыдай *сабактын өзүндө гана чечилбестен*, ошол кесипке карата коомдук-социалдык талаптарды, иш берүүчүлөрдүн билимге койгон керектөөлөрүн, экономикалык-турмуштук шарттарды, социо-маданий *кызыкчылыктарды эске алуу менен мамиле кылуу зарылдыктары турса*, экинчи жагынан, кесипкөй адистин образын ачыкка чыгарууда ар бир предметтин *орду канчалык экенине карай критерийлерди иштеп чыгуу аркылуу* бирдиктүү пикирге келүү (мугалим -студент; мугалим – студент – ата-эне; мугалим – студент – коом; ж. б. ) мыйзамдуулугу менен билим сапатынын адистин иштеп кетүүсүнө керек жагын [265/67] *аныктоо менен түзүү* азыркы коомдун иш-билгиге (компетенцияларга) болгон зарылдыгы экендиги көрүнөт. Ырас, мында европалык билим берүү министрлеринин биргелешкен билдирүүлөрүндө (Болонья шаары, 19-июнь 1999-жыл) белгиленген ECTS – (европалык трансфералык кредиттик системасы) зачеттук бирдик тибинде белгиленген системасы – иш-билгиге карата орточо “канааттанууну” туюндуруп турат. Бул форманы жайылтуу, б. а. *кесиптик билим берүүнүн мазмунунда аныкталган жалпылыкты сактоо* - ар бир кесиптин билим сапатын айырмалап көрсөтүүчү категорияларды тактоо аркылуу баалоо системасынын принциптерин иштеп чыгуу [62] жана *аны студентке түшүндүрүү, коомчулукка жеткирүү* милдети менен коштолуп келет. Албетте, ал кесиптик билим берүүнү реформалоого багытталган мамлекеттик билим берүү саясатынын өзөгүн түзүү менен бирге инсандык, коомдук жана мамлекеттин социалдык керектөөсүн жөнгө салуучу актуалдуу маселелерди кучагына алган билим сапатына көңүл бурууда. Ошол эле мезгилде кесиптик билим *илимдин фундаменталдуулугуна негизделген баштапкы касиетин сактаган милдеттерден алыс кете албай* жатат. Анткени, азыр

Кыргызстанда эки баскычтуу кесиптик билим берүүнүн методологиялык принциптери Болонья декларациясынын талабын эске алуу менен түзүлсө да, аны “кыймылга келтирип жаткан” окуу иштери мурда болуп келген мазмундан алыстабай турат. Ошол себептен *берилген билим сапаттуу болушу керек* дешкени менен *билимдин сапатын аныктоо жарандык кызыкчылыктан тышкары калып*, кесиптик *билимдин натыйжасы болгон бакубат жашоо, мамлекеттин ийгиликтүү алга жылышы*, *жаш муундардын келечеги* сыяктуу маселелерге баалоонун эч кандай тиешеси болбой калууда. Азыр *мамлекеттик*, *жеке менчик* жана *мамлекеттер аралык жогорку окуу жайлары* уюшулгандан тарта кесиптик билим берүүдө баалоо системасы ар түрдүү көрүнүшкө ээ боло баштады. Аны аныктай турган негизги жыйынтык – билимдин сапаты да түркүн-түс мүнөзгө айланды. Мындай көрүнүш мамлекет тарабынан иштелип чыккан бирдиктүү баалоо жана баа коюу системасы керек экендигин аныктап, *аны кесиптик билим берүү тармактарына таркатуусу зарыл маселе болуп* көрүнүүдө. Бул ар бир бүтүрүүчүгө М.Г.Голубчикова атап өткөндөй, өзүнүн *кесиптик приоритетин аныктоо менен* ага карата *турмуштук позициясын түзүүгө*, анда *кайсы багыт боюнча өзүн-өзү реализациялоого мүмкүнчүлүгү бар экенин* ачык түшүнүүгө [95/112] да жардам бермекчи. Бирок кесиптик билим берүүдө эмнени баалоо керектиги ачык чечилбей жаткан маселени татаалдаштыруу менен бирге баа коюунун стратегиясы менен тактикасы да иштелип чыга электигин ачыкка чыгарып, алдыда аткара турган иш чаралар арбын экендигин көрсөтөт. Ошондой эле эмнени баалоо керектигинин такталбай жатышынан улам сапаттуу билим кандай болушу мүмкүн экендигинин “башы ачылбай турат. Ага ылайык азыр көпчүлүк үчүн билимдин сапаты кантип аныкталышы керектиги түшүнүксүз бойдон калууда. Ушул сыяктуу абал өлкө ичиндеги башка тармактардай эле кыргыз адабиятын окутууда да орун алууда. Биз эмнени бааласак, *кыргыз адабияты боюнча орто жана жогорку окуу жайларында өтүлүп жаткан билимдин сапатын көтөрө алаарыбыз белгисиз болгону* жашыруун эмес.

Мына ушул жерден баалоо менен тыгыз байланышта турган дагы бир маселени тактап алуу зарылдыгы турат. Ал – билим сапаты, кези келип турганда *анын эмне деген түшүнүк экендигине аныктама берип*, мазмунун ачып алуу

керектиги байкалууда. Анткени, *мамлекет да*, *иш берүүчүлөр да* ушул тапта *бүтүрүүчү колуна алган дипломго эмес*, анын *билиминин сапатына көңүл буруп* жатат. Ошондуктан баалоо системасын аныктаардан мурда *акыркы натыйжа катары көрүнгөн билим сапатына аныктама берүү* маанилүү болуп отурат. Ырас, ага так аныктама берүүгө мүмкүн эмес, себеби ал жогорку окуу жайында жүргөн мезгилде эмнени үйрөнгөнүнө, б. а. билимине берилген акыркы баа болгондуктан, аны аныктоо үчүн ар түрдүү багыттан кароого туура келет. Жалпылаштырып алганда, билимдин сапаты - стандарттын талаптарына тиешелүү *белгилүү нормалардын аткарылышына*, коомдун керектөөнүн *билимге койгон талаптарына ээ болгондугуна*, иш берүүчүнүн *адистин ишти аткаруусуна койгон критерийлерине*, бүтүрүүчүнүн *кесипкөйлүк жөндөмүнө*, ал тургай *коомдук кызыкчылыкка жараша коюлган максатка*, ж. б. маселелерге байланыштуу анын аныктамасы чыга бере турганын көрдүк. Эң кызык жери, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” (2010-жылдын 15-январындагы № 2-редакциясы) Мыйзамында кабыл алынган түшүнүктөрдө билим сапатына аныктама берилбей калган. Ошол себептен болуш керек, Мамлекеттик стандартта билимге сапатына карап мамилеси көтөрүлгөнү менен ал камтып түшүнүктүн мазмунунда эмне ой бар экендиги ачыкка чыккан эмес. Бирок проблема жалпы сыяктанып көрүнгөнү менен ал камтыган натыйжа *кесиптик билим берүүнүн бир нече жыл бою аткарган ишинин жыйынтыгы болгондуктан*, аныктала турган түшүнүктүн мааниси тереңге барып такалат. Ошондуктан, анын маанисин ачып, маңызы эмне экенин билүү зарыл десек, анда аны башка жактан издөө керек болуп турат. Маселен, Россиянын кесиптик билим берүү стандарты ага жооп берүүгө аракеттенип, төмөнкүдөй аныктама чыгарат: “Качество образования - это степень соответствия уровня подготовки специалиста уровню согласованных требований по освоению той или иной программы, степень соответствия тому или иному стандарту”. Ал эми ЮНЕСКО анын мааниси эмне экенин ачып көрсөтүүгө аракеттенип: “качество образования рассматривается как многосторонняя концепция, охватывающая все основные функции и виды деятельности вуза и включающая в виде важной составляющей возможность выпускников быстро и эффективно включиться в трудовую деятельность в интересах общества,

работодателя и для своей пользы [223/4] деген аныктамасын берет. Азыркы билим берүү системасын караганда *бул жерде берилген аныктамалар толук ишке кире электигин көрүүгө болот*, б. а. билим сапатын аныктап берүүчү кырдаалдар түзүлүп, жарандык коом *өзүнө керек болгон* иш-билги (компетенциялар) эмне экендигин ачыкка чыгарган болсо да окуу жайлар анын мазмунун жеткиликтүү колдонуп жибере алган жок. Бирок, азыр баарыга белгилүү болгондой, шартка ылайык *кимдин болбосун билим сапатын рейтинг менен баалоо аракети* күч алып барат. Өзгөчө *мамлекеттик деңгээлде баалоо системасы толук иштелип чыкпагандыктан*, кыргыз тили жана адабиятын окутууда эмнени баалоо боюнча маселе чечилбеген бойдон турат. Анын натыйжасында студенттер арасында, ал тургай алардын ата-энесинин да баага болгон наразылыктары жогорку деңгээлде орун алып келет. Мунун өзү кыргыз адабияты боюнча предметтерди окутууда *баалоо системасын бүгүнкү күндүн талаптарына жараша кайрадан иштелип чыгышы керектигин* көрсөтөт. Мындан тышкары сурамжылоо анкеталары аныктагандай, учурда бир дагы студент өзүнүн билими толук жана калыс бааланат деп эсептебейт. Ошондой эле бул учурда дүйнө жүзүндө аракетке келип жаткан баалоо системасы кандай экендигин эске алуу менен айрым бир толуктоолорду киргизүү аркылуу колдонуу зарыл экендигин түшүндүрөт. Кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу кесиптик билим берүү боюнча бир кыйла жаңыланган мазмунду окуу процессине киргизүүнү талап кыла баштаган болсо, адабият сабагы аркылуу компетенцияларды калыптандыруу ар бир сабакка, ар бир дисциплинага кесиптик билим берүүдө *анын реалдуу турмуштук шартта аткара турган кызматына карай* баалоо системасына жайгаштырууну милдеттендирүүдө.

Текшерүү жана эксперименттик иштер көрсөткөндөй, бул багытта аткара турган иштер толугу менен колго алына элек. Анын себеби ар түркүн болсо да башкысы мугалимдер *кыргыз адабиятын компетентүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын* негизги мазмунун *жеткиликтүү түшүнө албай жаткандыгына байланыштуу экендигин* байкоого болот. В.А.Богословскийдин пикирине таянсак, компетентүүлүккө негиздеп окутуу кесиптик билим берүүгө сунушталып жаткан ар бир предметтен *студенттин билимин канаатандырууга* жана иш-билгисин калыптандырууга карата ордун аныктоо менен анын турмуштук кызыкчылыкты

аткаруу деңгээлине ылайык окутуунун стратегиясы жана тактикасына жайгашуусун, андан баалоо системасы иштеп чыгып, ал аркылуу керектүү иш чаралардын жүзөгө ашырылганы туура боло тургандыгын [72/47] эскерте кетели. Эмне үчүн ушундай болушу керек деген суроо коюлушу мүмкүн. Анын башкы себеби *эмнени баалоо керек деген түшүнүктөр менен коштолуп*, студенттин *ала турган билими* иш-билги (компетенциялар) экендиги баарыга түшүнүктүү десек, башка предметтердей эле кыргыз адабияты боюнча окуу планына кирген сабактар студентке кандай иш-билгини (компетенцияларды) калыптандыруусу зарыл экендигине жараша баалоо системасынын орун алганы туура. Мында баалоо системасы, анда түзүлгөн критерийлер да компетенциялардын мазмунуна карай аныкталышы керектиги ачыкка чыгат. Эксперименттик иштерден белгилүү болгондой, баалоо системасы так жана түшүнүктүү болуп, анда ар бир предметтин кесиптик билим берүүдө орду кандай экендиги жеткиликтүү көрсөтүлүүгө тийиш. Кайсы иш-билги (компетенциялар) үчүн эмнени баалоо керектиги мугалим менен студенттин ортосунда ачыкталмайын окуу процессинде алардын кызматташуусу толук жөнгө салынбайт. Ошондой эле кыргыз адабиятын окутууда өз билими эмнелер менен кантип баалана тургандыгын студентке жеткирүү үчүн баалоо системасын окуу планына кирген предметтердин силлабустарында чагылдыруу зарылдыгы турат. Мындай көрүнүш, биринчиден, кыргыз адабияты боюнча сабактарда баалоо системасы *кантип колдонулуп* жана *кайсы жактары өзгөртүлүп жатканын билүүгө* шарт түзсө, экинчи тарабынан баалоо критерийлери аркылуу окуу процессинде студенттин мугалим менен бирдей укуктук деңгээлде кызматташуусуна жол ачып берет. Кесиптик билим берүүнүн мазмуну ар бир студентке толук түшүндүрүлүп, сунушталган предметтин кайсы жактарын пайдаланып, эмнени өздөштүрсө кийин турмушуна керек иш-билгиге ээ болоору ачык көрсөтүлсө билим деңгээлин өзү деле аныктоого жол ачылмакчы. Баалоо системасы ачык жана жеткиликтүү экенине карай студенттерге суроо бергенибизде *бул багытта эч бир түшүндүрүү иштери болбогонун* алар бир ооздон белгилешти. Мугалимдер менен маектешүүдө аларга *ушундай эле мазмундагы суроолор менен кайрылганыбызда* студенттердин билими катары ошол сабакта алган ар түрдүү мазмунга ээ маалыматтарды эсептей тургандыгын билдиришкен. Маселен,

*мугалимдер баалана турган нерсени* (компетенцияларды) *ушундай түшүнсө*, ал эми *студенттер кандай критерийлер менен билими текшериле тургандыгын билишпесе* акыркы натыйжа эмнеге алып келээри белгилүү болуп турат. Мунун өзү баалоо системасынын гана жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгын гана айкындабастан, ар бир сабак боюнча баалоо мугалимдин колундагы "иш экендигин" да көрсөтөт. Мурдагыларды жокко чыгарып, *өнүккөн өлкөлөр тарабынан иштелип чыккан баалоо системасын ошол турушунда көчүрүп келүү туура эмес*. Бирок реалдуу турмуштук шартта натыйжага ээ болуп жаткан соң, анын туура жагын алып, алган билимди аныктоого мамиле кылуу адамзат коомунда дайыма болуп келген кубулуш эске алсак, анда кыргыз адабияты боюнча баалоо системасын түзүүдө өнүккөн өлкөлөр тарабынан *иштелип чыккан баалоо принциптерин алып, баа коюу критерийлерин колдонгонбуз туура* болуп эсептелет. Мындай иш чараларда эки тарап тең бири-бирине наразы болбош үчүн кыргыз адабияты сабагындагы эмнени баалоо керектиги аныкталып, ал кесипте эмне маанилүү экендиги жеткиликтүү түшүндүрүлүп, мазмуну толук ачылганы кырдаалдын туура чечилишине жол ачып берет. Маселен, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын талаптарынан алганда кыргыз адабияты боюнча студенттин кесиптик билими – *кыргыз адабиятын таандык илимий-теориялык түшүнүктөр, алардын ар биринин мазмунун аныктай билүү жана ал түшүнүктөрдү* коомдук-социалдык талаптарга ылайык колдоно алуу ишмердүүлүгү болуп саналат. Демек, студент кыргыз адабиятында билүүгө тийиш нерселер ушулар болсо, мугалим окуткан сабактын мазмуну, аны баалай турган түшүнүктөр да студент керектүү иш-билгини (компетенцияларды) канчалык деңгээлде турмушта колдоно алуусуна жараша аныкталышы керек. Бирок, азыркы окуу процесси көрсөтүп тургандай, мындай жалпы сөз менен маселе толук чечилбей тургандыгы анык. Ошондуктан эксперименттик иштерге киришүүдөн мурда *кыргыз адабияты боюнча сабактарда эмне баалана тургандыгы жөнүндө* баалоо критерийлерин – дескрипторлорду түзүп алуу зарылдыгы турат. Ал мугалим каалагандай эле түзүлө калбастыгын алдын ала эскерте кетели, тескерисинче анын объективдүү шарттарга таянып, милдеттүү аткара турган иш чаралары бар. Анда аткарылуучу нерселер окуу жайдын кайда жайгашканына (борбордобу же

региондобу), тармактык табиятына (педагогикалык же гуманитардык, ж. б.) кесиптик билим берүүдөгү миссиясына ылайык түзүлүүгө тийиш. Бирок негизги максат бирөө болгондуктан, анда аткарылуучу иштерде белгилүү бир жалпылыктар сакталышы керек. Аны жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү кырдаалдар - *сабактын модулдарга бөлүнүш себептери* (а), ар бир *модулдук бөлүмдүн кесиптик билим берүүдөгү орду* (б), *билим, көндүм* жана *иш-билгиге* (компетенцияларга) *карата коюлган талаптар* (в), *билим кайда керектелээри* (г), *көндүм* жана *иш-билгини* (компетенцияларды) кайсы *кесиптик ишмердүүлүктөр талап кыла тургандыгы жөнүндө* кыскача маалыматтар (д), *күтүлгөн натыйжалар* (е) жана аларды аныктоо жолдору (ё) кыскача аннотациялар аркылуу сөзсүз ачылып берилиши керек. Ал окуу процессинде мугалим менен студенттин чыгармачылык менен кызматташуусуна кеңири жол ачып берет. Ал эми мындай ык-усулдарды практикалык иште колдонууда биз аны үч бөлүмгө жайгаштырып, биринчисинде проблемаларды аныктап, ага коюлган талаптарды көрсөтүп, экинчи бөлүмүндө студенттин *кесиптик ишмердүүлүгү кайсы компетенциялар аркылуу жөнгө салынышы мүмкүн экендигин тактап* (ж), өзгөчө ал *кандай иш чараларды аткарса көндүмдөр иш-билги катары калыптана тургандыгы белгиленип* (з), андан соң *проблеманы чечүү жолдору* (сабактын формалары), *иш чаралардын мазмуну белгиленип* (и), *өзүн-өзү көнүктүрүү багыттары* менен *калыптанган өз ишмердүүлүгүн өзү баалоосуна* (й) тийиш болгон дескрипторлор жайгаштырылды. Үчүнчү бөлүм студенттин иш-билгисин (калыптанган компетенцияларды) аныктоочу лабораториялык иштерден куралышы маанилүү болуп саналат. Мында кыргыз адабияты боюнча *адистешүүгө тийиш болгон билим деңгээлин студенттин өзү текшерүүгө ыңгайлуу шарт түзгөн багыттар камтылып*, маанилүү роль ойной турган *кырдаалдар ачык көргөзүлүп*, *аныкталып чыккан дескрипторлор эмнеге таянганы* так бериши керек. Анда төмөнкүдөй багыттар сөзсүз камтылышы маанилүү: 1) текшерүүчү материалдар *эмне максат менен иштелип чыкты* (эмне үчүн); 2) алардын мазмунун *эмнеге негизделип* түзүлгөн (студент эмнеге көңүл буруп, эмнеге артыкчылык бериши керек); 3) студенттин билимин текшерүү үчүн текшерүүнүн кандай түрлөрү колдонулушу мүмкүн, *эмнеге андай түрлөргө артыкчылык берилип жатат* (текшерүүнүн түрлөрүнүн

мазмундук айырмачылыктары менен); 4) текшерүүнүн тигил же бул түрүндө кайсы категорияларга артыкчылык берилет, *анын себеби эмнеде* (кайсы категориялар текшерүү учурунда кандай билим сапатын аныктай алат); 5) текшерүү кандай технологиялар менен *ишке ашырылат* (ал эмне деген технология жана анын кандай өзгөчөлүгү бар);

Ошондой эле баштапкы текшерүү *окуу процессин уюштуруу* (1), анда *эмнелерге көңүл буруу* (2), окуу материалдарынан *негизгилери кайсылар экендигин* (3) жана акыры келип, *семестр ичиндеги текшерүү иштери кандай формаларда жүрүшү маанилүү болоорун ачыктап* (4), *баалоо системасы* менен жалпы эле *баалоо технологиясын иштеп чыгууга мугалимге шарт түзүп* (5) берет.

Ал ми азыркы кесиптик билим берүүдө кыргыз адабияты боюнча семестр ичиндеги текшерүү иштерин, В.П.Симонов белгилегендей, бир мугалимдин жеке каалоосу же жеке чыгармачыл аракети менен ишке аша турган иш чара катары кабыл алган учурлар бар [234/36], азыркы мезгилдин катачылыгы ушунда турат. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу мындай түшүнүктү түп-тамырынан өзгөртүүнү көздөп, азыркы мезгилдеги баалоо системасын жаңылоо керек экендигин көрсөтүүдө. Анткени бул парадигма өзүнө ылайык баалоо технологиясын талап кылат, б. а. кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун башкы мааниси - *студенттин эмгегине реалдуу баа берүү миссиясы* – сунушталган предметтер аркылуу калыптанган анын иш-билгисин (компетенцияларын) тыкыр аныктоо аракети менен коштолот. Ал азыр аракетке келип жаткан баалоо системасынан айырмаланып, үзгүлтүксүз текшерүүнү уюштуруу, б. а. *практикалык* (1) жана *лабораториялык* (мастер-класс) сабактарда (2), өз алдынча (сабакта деле) *долбоорлоо иштерин уюштурууда* (3), *жеке чыгармачыл иштерин педагогикалык процессте көрсөтүүдө* (4), кесиптик ишмердүүлүгү боюнча *өз алдынча* (самостоятельная работа) *иш чараларды аткарууда* (5), иш-билгинин (компетенциялардын) калыптануусу боюнча түрдүү *даярдыктарын коомчулукка алып чыгууда* (6), ж. б. студенттин адистик даярдыгын аныктоочу иш чаралардын жалпылыгынан түзүлүшү керек. Экинчиси, үзгүлтүксүз текшерүүнүн жыйынтыгы - кыргыз адабияты боюнча өтүлгөн дисциплиналардын ичинде кандай өсүшкө, ошол эле мезгилде кандай төмөндөөгө ээ болуп жатканын

педагогикалык коомчулуктун алдына алып чыгуу максаты – ар бир модулдук (эл аралык деңгээлдеги it формасында) текшерүү менен өлчөнүп, анда иш-билгинин (компетенциялардын) калыптаныш деңгээли аныкталып, анын мазмуну А.С.Масленников [183/68] белгилегендей, *коомдук-социалдык керектөө аныктаган кесиптик ишмердүүлүктүн талаптарына ылайык уюштурулушу зарыл*. Бирок азыр окуу процессинде аракетке келип жаткан модулдук текшерүү мындай мазмундагы иш чараларды аткара албайт, б. а. ал компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун талаптарына ылайык *мазмундук жактан жаңылануусу зарыл экендигин* белгилей кетели. Тагыраак айтканда, анын мазмунун тесттер эмес, студентке иш-билгини (компетенцияларды) калыптандыра турган иш чаралар түзүшү керек болуп турат. Эксперименттик иштер көрсөткөндөй, тесттер студенттин кесиптик билимине, өзгөчө адистешүүчү жөндөмдүүлүгүнө эч кандай кызмат кылбастан, лотериялык билет сыяктуу "бактысына туш келген" баасын алууга шарт түзүп берүүдө. Эгерде баалоо технологиясы ушундай түзүлө турган болсо, анда студенттерди окутуунун, аларга иш-билгини (компетенцияларды) калыптандыруу аракетинин мааниси ачылбай, студент *кесипке ээ болууда эмне жөндөмдүүлүк керектиги аныкталбай* жана ал *жөндөмдүүлүктөр* менен *көндүмдөрдүн калыптануусунун мааниси барбы* же *жокпу такталбай*, максаттуу түрдө ишке ашышы зарыл болгон коомдук-социалдык керектөөнүн кызыкчылыктары таптакыр башка жакта кала тургандыгы анык. Ал эми акыркы натыйжа студенттин өз кесиби боюнча иштеп кетүүсү болгон соң, В.А.Богословский белгилегендей, модулдук баалоо технологиясы да мына ушул стратегиялык багытты жетекчиликке алуу менен аракетке келбесе, анда баалоо системасынан күткөн натыйжа алынбай тургандыгы [72/42] анык. Ырас, азыр *көпчүлүк окуу жайларда модулдук* жана *жыйынтыктоочу текшерүүлөр* (экзамендер) тесттик тапшырмалар боюнча ишке ашырылат. Ал эми дүйнөлүк кесиптик билим берүүдө иштелип чыккан баалоо системасына таянсак, тесттик тапшырмалар болгону билимди (компетенцияларды) аныктоодо жалпы сумманын 4 пайызын гана түзө тургандыгы В.П.Симонов тарабынан аныкталган [234/36]. Анын пикири боюнча *сунушталган жооптордун бирөө туура формасында түзүлүп*, жооп берип жаткан адамга *алардын арасынан туурасын белгилөө сунуш кылынган* болсо, мындай тесттик тапшырмалардын

дээрлик бардыгы *студенттин маалыматы бар экендигин билүү максатын* гана көздөйт. Ал окуу процессинде студенттин айырмалоо касиетиндеги аракетин өзүнө көрсөтүү үчүн ыңгайлуу шарт түзгөн психологиялык кырдаалды башкалардан бөлүү вариантында иш аткарып, *көрсөткүчтү көпчүлүккө жеткирүү максатында колдонула тургандыгын* окумуштуулардын айрымдары белгилешүүдө. Маселен, К. Л. Шхацева өзүнүн изилдөөсү боюнча [272] мындай тесттер мугалимге сабакта берилген маалыматтардын студенттин эс-тутумунда канчалык сакталып калганын билүү максатын гана ишке ашыра алат. Ошондуктан студенттердин билимин баалоо технологиясында мындай тесттик тапшырмалар айырмалоо кызматын (а) аткарып (берилген тапшырмаларда (тесттерде) туура жоопту айырмалап табуу), студенттин билимин аныктоодо (4 %ды түзүшү) реалдуу баалоого бир критерий катары киргизилген. Мындай көз карашты билдирген окумуштуулардын пикири боюнча билимди (маалыматты) өздөштүрүүнүн биринчи этабында модулдук текшерүүлөрдө мындай тесттик тапшырмаларды колдонсо маанилүү болушу мүмкүн экендиги айтылганы менен аны бардык жерде пайдалануу натыйжалуу болбой тургандыгы дааналап түшүндүрүп берет. Мисалы В.П.Симоновдун көз карашында бул кесиптик билимди баалоонун биринчи баскычы экендигин көрсөтүү менен анын иреархиясын сактоону талап кылат. Анын пикиринде ар бир предметте болобу, ошондой эле жалпы дисциплиналарда болобу *мазмундук* жана *логикалык жактан* бул *иреархиясын сакташы* баалоо системасынын толук аткарылышына негиз боло алат. Себеби азыркы учурда дүйнөлүк билим берүү системасында пайдаланыла баштаган мындай *баалоо критерийлери бардык жерде эле өз ордун таба электигин* көрүүгө болот. Андыктан колдонуу менен бирге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү күн тартибинде турган зарыл маселе экени байкалат. Мында баалоо логикалык жактан эки тарапка тең түшүнүктүү болуш үчүн окумуштуулар айткан *иреархиянын ар бир пункту боюнча түшүнүк берилип*, эмне себептен *баалоо ушул иреархиялык шартта жайгашып калганын да чечмелеп берүү керектиги* байкалат. Антпесе эмне үчүн улам *кийинки пункттардын пайыздык көрсөткүчү жогорулай бере тургандыгы студентке түшүнүксүз болуу менен бирге* эмне себептен *мындай критерийлер иштелип чыкканы белгисиз бойдон калып*, баалоо иш чараларынын аткарылыш мазмуну бир тараптуу наразылыкты

баары бир пайда кыла берүүсү талашсыз. Мурда калыптанган баалоо системасынан айырмаланып, мында *баа берүү студенттин даяр маалыматты айтып берүүсүнө эмес*, ал ошол предметти аяктагандан кийин кандай иш-билгиге (компетенцияларга) ээ болгону – өзгөчө студенттин *билим катары алган жөндөмү башкы орунда экенин*; ага жетүү үчүн *ортодо бир нече баскыч турганын*; алардын *баары пайыздык катыш менен өлчөнүп*, акыркы *баа кийин керек болуучу натыйжага байланыштуу чыгаарын*; студенттин *өзү да билип турушуна жетишүүнү өлчөө*; ж. б. баалоо критерийлери болоорун ар бир студентке жеткирүү зарылдыгы турат. Ошондо студент эске тутуу (б) – *берилген аныктама, түшүнүктөрдү эске тутуу* ( 12 %); түшүнүү (в) – *маанисин башкалардан айырмалай билүү* ( 20 %); репродуктивдүү колдонуу (г) - *теориялык жактан таанууну практикалык деңгээлде репродуктивдүү колдонуу көндүмдөрүнө ээ болуу* (28 %); билимди трансформациялоо (д) - *теориялык билимди чыгармачылык менен реализациялоо, билимди жеке көз карашында таануу* (36 %); ушул сыяктуу болуп, бирин-бири толуктаган түшүнүктөр менен алга жыла тургандыгын биле алышат.

Азыркы окуу процессинен ала турган болсок, көпчүлүк жерде эмнени баалаш керектигинин башы толук ачылбагандыктан, *баалана турган мазмун өзгөрүлмөлүү келип*, мугалим менен студенттин кызматташуусунда түшүнбөстүктү пайда кылууда. Кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүнүн баалоо системасы деле ушундай абалда турат. Анын натыйжасында *окуу процессинде баага карата наарazылыктар* дайыма жашайт. Тагыраак айтканда, негизги маселе *өз эмгегин сунуштап жаткан тарапка толук түшүнүктүү болбогондуктан*, ортодо түрдүү талаш-тартыштар болуп келет. Аны жоюу аракети бардык шартта жүрүп жатканы менен *негизги логика эмнеге жасалганы студентке түшүнүктүү болбой*, бааны мугалим өзү каалгандай коюп жаткандай таасир калтырат. Бул эмне кантип бааланып жатканына карай кызматташуунун ачык көрсөтүлбөгөнүнөн келип чыкканы белгилүү болсо да, аны жөнгө салуу багытында илимий-теориялык изилдөөлөрдүн иштелип чыкпаганы, эмне кандай баа менен өлчөнө турганын дале бүдөмүк бойдон калтырып келет. Бирок муну азыр ошол бойдон калтырууга мүмкүн эмес кырдаалдар пайда болду. Анын башкысы *инсандын социалдык мазмунда калыптануусун аныктай турган* түшүнүктөр менен байланышса, экинчи

тарабы жарандын *кесиптик даярдыгын көрсөтүүчү психологиялык ал-абалдын мазмунун* камтып турат. Ошондуктан баалоо аркылуу (же алган баасына карай) билимге ээ болушу, б. а. ошол кесипте эмгектене турган адамга эмне зарыл болсо, ошонун бардык көндүмдөрүн өзүндө калыптандыра алган касиеттер ачыкка чыгуусу зарыл экендиги байкалат. Ал өз ичине мына ушундай талаптарды камтый тургандыгын эсепке алсак, анда аны кечиктирбей чечүү керек экендигин көрөбүз. Ырас дүйнөлүк кесиптик билим берүү *бул багытта бир катар маанилүү иштерди аткарып, колдонууга болгон жол-жоболорду иштеп чыкканы белгилүү болсо да*, андай жол-жоболорду пайдаланууга киришүүдөн ушул тапта ага айрым толуктоолорду, же көптөгөн тактоолорду киргизүү зарылдыгы сезилет. Аны төмөнкү кырдаалдарга байланыштуу кароого болот: 1) Мугалим сабактын алгачкы күнүнөн тарта өзү окуткан предметтин *кесиптик билим берүүдөгү орду эмне, аны билбей калса, кесиптик ишмердүүлүгү кандай кемчиликтерге туш болушу мүмкүн экендигин, эгер билсе кесиптик ишмердүүлүгүн кайсы сфераларда пайдаланса боло тургандыгын студенттерге түшүндүрүүсү* студенттин ошол сабакты окууга болгон кызыкчылыктарын ойгото алуусу; 2) Эксперименттик иштер көрсөткөндөй, студент эмнени окуу керектиги түшүнүктүү болмоюн, өзгөчө аны билүү *турмуштун кайсы тарабында маанилүү роль ойной тургандыгын аныктамайын, акыркы натыйжага эмнеге алып келиши мүмкүн экендиги толук көз алдыга элестемейин* аларды кесиптик иш-билгиге (компетенцияларга) кызыктыруу кыйын экендиги; 3) Азыр студенттердин көпчүлүгү маалымат менен билимдин айырмасын билбейт. Ошондуктан, мугалим кыргыз адабияты боюнча сабактарды өтүүгө киришүүдөн мурда *кыргыз адабиятына, адабий процесске, адабияттын илимий-теориялык түшүнүктөрүнө тиешелүү нерселердин баары маалымат экенин*, ал эми билимдин (иш-билгинин) алардан мазмундук жактан айырмасы бар экенин түшүндүрүп алуусу жөн. Ал азыр *окуу процессинде өтө көп кездешип жаткан түрдүү психологиялык кырдаалды, мугалим менен студенттин ортосундагы түшүнбөстүктү* (“сайрап турсам деле начар баа коюп койду”, “сиз эмнени айтып жатасыз, булар жооп эмес”, ж. б. ушул сыяктуу түшүнбөстүктөр) *пайда кылып*, кимиси туура экендиги аныкталбаган чыр-чатактарга алып келип жаткан кырдаалды жоюуга мүмкүндүк берет; 4) Ар бир нерсенин өз баасы боло

тургандыгын, бардык нерсе бааланышы мүмкүн экендигин ар бир студент билиши керек. Ошондой эле баалай турган түшүнүктөр да так болушу маанилүү. Азыркы *баалоо системасынын да мурда калыптанган баалоо критерийлеринен айырмасы бар экендиги*, ал айырмачылык эмнелерге негизделгени, бул жерде берилген критерийлер канчалык ийкемдүү түзүлгөнү менен студенттин билимин баалоого келгенде кыйла так нормада иштелип чыкканын, дүйнөлүк кесиптик билим берүүдө анын жетишкен ийгиликтеринин мазмунунда баалоо системасы тургандыгы да студентке түшүнүктүү болушу зарыл. Ырас, ошону менен катар алардын ортосунда пайыздык катыш ич ара "термелип" бирде өйдө, бирде ылдый болушу мыйзамченемдүү көрүнүш экендигин билиши да студентке психологиялык жактан жеңилдик берет. Ошондо болжолдуу болсо да, ошол баага татыктуу экенин студент мугалимсиз эле өзүн-өзү аныктап шарт түзүлүп, студент менен мугалимдин ортосунда баа үчүн наразылыктар болбой, сабактын уюштурулушуна жагымдуу таасир калтырат.

Билим белгилүү убакыттан кийин студенттин кесиптик ишмердүүлүгүн аныктоочу башкы категория болгондуктан, кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө ар бир предметтин адистикке калыптандыруудагы орду да мына ушул баалоо системасына көз каранды экендигин эч бир мугалим эске албай келет. Тагыраак айтканда баалоо системасынын стратегиялык жана тактикалык технологиясы кесиптик билим берүү боюнча толук иштелип чыкпагандыктан, кыргыз адабияты боюнча сабактардан студент эмнени билиши керек, ошондой эле эмнени билбей калса кесиптик компетенциялары калыптанбай калуусу мүмкүн экендигинин башы ачылбай калууда. Биз баалоо системасын силлабуска толук жайгаштыруу (ал тургай жогорку окуу жайлардын сайттарына да) менен эмнени билиши керектигин ачыкка чыгарууну жана эмнени билбей калса кесиптик ишмердүүлүгүнүн кайсы тарабы жетишсиз болуп кала тургандыгын ачык жазууну сунуш кылаар элек. Мындай талаптын аткарылышы коомчулукту жараксыз кадрлардан куткарса, студенттерди баага эмес билимге көз каранды кыла турган системаны иштеп чыгууга шарт түзмөк. Антпесе, азыркы шартта билгени да, билбегени да "орто" бааны алып, диплому колго тийгенден кийин кайда бараарын, эмне иш кылаарын билбей кыйналууда. Ошондой эле кыргыз адабияты боюнча

билимди баалоо системасынын ачыкка чыгышы, ата-энелер тарабынан *өз баласы эмнени өздөштүрүп жатканын да үйдө туруп эле текшерүүгө мүмкүнчүлүк түзүлмөк да*, кесиптик билим берүүдөгү теңдемечиликти жоюуга аз болсо да өбөлгө түзмөк. Маселен, ар бир ата-эне баласынын кызыкчылыгын коргоого, анын таламын талашууга кызыкдар болсо да, баласы белгилүү убакыттын эмнени үйрөнүп чыкканын өз алдынча билүүгө ошончо куштар экенин эч ким жокко чыгара албайт. Ошондуктан, аларды студенттин айырмалоосу (*берилген тапшырмаларда (тесттерде) туура жоопту айырмалап табуу* - 4 %), эске тутуусу (*берилген аныктама, түшүнүктөрдү эске тутуу* – 12 %), түшүнүүсү (*маанисин башкалардан айырмалай билүү* – 20 %) анча кызыктырбаса да, репродуктивдүү колдонуусу (*теориялык жактан таанууну практикалык деңгээлде репродуктивдүү колдонуу көндүмдөрүнө ээ болуу* - 28 %) жана алган билимин түрдүү турмуштук кырдаалда трансформациялоосу (*теориялык билимди чыгармачылык менен реализациялоо, билимди жеке көз карашында таануу* - 36 %) кызыктыра тургандыгы анык. Башкасын мындай койгондо да, эки баскычтан жыйнаган пайыздык көрсөткүчү, б. а. студенттин кыргыз адабияты боюнча билими ага коюлган социалдык керектөөнү камсыз кылуу деңгээлине туура келе тургандыгы белгилүү болсо, ал көрсөткүчтү баага которо турган болсок, “64” деген баллга туура келип, орточо баага татыктуу болот. Бул баалоо системасы студенттин кыргыз адабияты боюнча билимин турмуш менен байланышта кароого негиз берсе, студенттен ким экзамен албасын, ал кесиби боюнча талап кылына турган нерселерге жеткиликтүү жооп бере алаарын даана көрсөтөт. Демек, студент кандай шартта болбосун кыргыз адабияты боюнча билимин пайдаланууга жөндөмдүү деп эсептөөгө болот жана аны компетенттүү кадр катары эсептөөгө негиз берет.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабиятын компетентүүлүккө негиздеп окутуу студенттин билимин баалоодо башкы критерий катары репродуктивдүү колдонуу (*теориялык жактан таанууну практикалык деңгээлде репродуктивдүү колдонуу көндүмдөрүнө ээ болуу*) менен алган билимин түрдүү турмуштук кырдаалда трансформациялоону (*теориялык билимди чыгармачылык менен реализациялоо, билимди жеке көз карашында таануу*) гана жетекчиликке алууну туура деп эсептей тургандыгы ачыкка чыгат. Мындай көрүнүш биз тарабынан

ойлонуп табылган система эмес, анын түпкү мазмуну өнүккөн өлкөлөрдө чейрек кылымдан бери колдонулуп келе жатса, КМШ өлкөлөрүндө жакынкы жылдардан бери ишке киргизилгенин айтпай коюуга болбойт. Мисалы, Россияда кесиптик билим боюнча көрсөткүчү биринчи жана экинчи пунктка туура келгендер “канааттандыраарлык эмес” деген баага татыктуу болушса [234/37], реалдуу турмуштук чындык көрсөткөндөй, бизде деле ал пайызга татыктуу билим эч бир кесиптик ишмердүүлүккө жарабайт. Мунун өзү баалоо системасынын турмуштук керектөөдөн улам калыптана тургандыгын аныктоо менен кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө негизги басым адистик ишмердүүлүктө аткарылуучу жөндөмдүүлүккө коюлуп, ал эми анын натыйжасы компетенциялар аркылуу ачыкка чыкканы кесиптик билим берүүдө билим толук жана акыйкат баалана турганын туюндура алат.

## 4. 2. Баалоо системасы жана адистик компетенцияларды калыптанды-руунун илимий-методикалык негиздери

Студент үйрөнүүгө зарыл болгон *адистик компетенцияларды калыптандыруу багыттарын силлабуска жазып коюу* оңой болгону менен ошол иш-билгинин (компетенциялардын) кесиптик багытта канчалык калыптанганын баалоо системасы аркылуу аныктоо өтө татаал маселелерден болуп саналат. Анткени, ишке киришүүнүн алдында пландаштырылган иш чаралардын бардыгы аткарылганы менен студентте калыптаныш керек болгон *адистик* иш-билги (компетенциялар) бардык учурда эле мугалим күткөн деңгээлде боло бербей жатат. Азыр аракетке келип жаткан окуу процессин талдай келгенде, кыргыз адабияты боюнча окутулуп жаткан дисциплиналардын көпчүлүгү бул багыттагы миссиясы эмне экенин толук түшүнө албай жатканын көрүүгө болот. Тагыраак айтканда, ушул тапта окутулуп жаткан кыргыз адабияты боюнча сабактардан студентке адабий билим берүүдө *эмне керек экендигин, эмнеге маани берип, билим берүү багытын кайда буруу зарылдыгын түшүнүү деңгээли* төмөндүгүн өзү эле көрсөтүп турат. Эми мындай кескин айтылган көз караш кандай келип чыккандыгын түшүндүрүүгө аракеттенели. Сурамжылоо анкеталары көрсөткөндөй, студенттердин көпчүлүгү (78, 6 %) билими мугалимдер тарабынан дайыма туура бааланат деп эсептешпейт.

Кыргыз адабияты боюнча бааланып жаткан эмгеги наразылык билдиргендердин пайыздык көрсөткүчү деле жогору (67, 4 %) турат. Бирок "менин эмгегимдин бул тарабы бааланбай калды" деп студенттердин бири дагы конкреттүү эч нерсе айта албайт. Окутулган материалдардын ичинен суроолорду же тапшырмаларды түзүп студенттерге сунуш кылышканы менен ошол суроолор кандай дидактикалык нормативдерге таянып түзүлгөнүн мугалимдердин көпчүлүгүнүн (71, 7 %) түшүндүрүп берүүгө мүмкүнчүлүгү жетпейт. Мындай көрүнүштүн себебин иликтей келгенде, азыр кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын баарында *баалоо критерийлери сунушталып, белгилүү деңгээлде нормага салынып, сандык* жана *пайыздык катышта кандай баа боло тургандыгы аныкталганы менен* алар кандай критерийлерге карай бааланышы керектигине эч ким жооп бере албады. Мунун өзү *мазмундук катышы боюнча окутулуп жаткан сабактар өзүнчө*, ал эми *анын жыйынтыгын чыгаруучу баалоо системасы өзүнчө* экенин түшүндүрүп турат. Бул кесиптик билим берүүдө студентти *адистикке ээ кылуучу билим кайсы экени толук аныктала электигин көрсөтүү менен бирге* баалоо системасы ар бир окуу жайда өзүнчө аткарыла тургандыгын айкындоодо. Эки баскычтуу кесиптик билим берүүнүн методологиялык талабы боюнча компетенттүүлүккө негиздеп окутуу алгач *сунушталган предметтер калыптандыруучу компетенцияларды аныктап*, алар аркылуу берилүүчү билимди - окутуунун акыркы натыйжасын - кесипке үйрөтүүдө студент ээ болуучу иш билгини (компетенцияны) бөлүп көрсөтүүгө тийиш. Ал эми баалоо критерийлери ар бир окутулган предмет, анын ичинде *кыргыз адабиятын окуп-билүүдө студент кесиптик ишмердүүлүгүн канчалык деңгээлде калыптандыра ала тургандыгына жараша* жана *анын өзүн турмушта кайсы багыттар боюнча пайдаланууcу мүмкүн экендигин* белгилүү бир иш-билги (компотенциялар) аркылуу трансформациялай алган (*теориялык билимди чыгармачылык менен реализациялоо, билимди жеке көз карашында таануу*) шартта *көрсөтүп берүүчү түшүнүктөрдү жетекчиликке алуу менен*, аны *колдонуу көндүмдөрү канчалык болгондугун текшерүүчү суроо-тапшырмалар* орун алышы керек. Мамлекет талап кылган кесиптик билим берүүдөгү акыркы натыйжа иш-билги (компетециялардын калыптанышы) болгон соң, ар бир окутулган *сабактан алына турган натыйжаны баалоочу процесс да ошого негизделип* ("билгениң

мынча, аны баага которсок мынча болот” дегидей эмес, “окуганың, үйрөнгөнүң ушул, бул боюнча сенин кесиптик ишмердүүлүгүн мына ушул деңгээлде калыптанды” дегендей), баалоо системасынын мазмуну ушул багытты көздөгөнү талапка ылайык келмекчи. Мындан окутууга эле эмес, студенттердин окууга болгон мамилеси да бир кыйла жаңыланып, б. а. азыркыдай мугалимдин артынан ээрчип баа үчүн чуркабай, алган *адистиги боюнча өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн кайсы предметтер үйрөтө турганына көңүл буруп*, ээ болуучу *иш-билгинин мазмунун студент кезинде эле аныктап*, анын негизинде *турмушта кыйналбай жумуш табууга аракеттенип*, тапкан кесиби талап кылган *иш чараларды так аткарууга үйрөтүүчү сабактарды терең окууга* жетишмек. Бул азыр бардык жерде көңүл бурулуп жаткан билим сапатын аныктай турган көрүнүш да болуп саналат. Учурда кесиптик билим берүүдө сапатка басым коюлуп, мамлекет ар бир окуу жайдан ушуну талап кылып жатканы менен *бул багытта аткаруучу иштер кандай мазмунда болушу керектигинин башы ачылбай келет*, т. а. бул тармакта иштегендердин *билим сапатына карата мамилеси менен иш берүүчүлөрдүн ага берген аныктамасынын ортосунда айырма бар экенин* көрүүгө болот. Ага себеп билим сапаты кандай болушу керектигине карата өлкө боюнча бир дагы нормативдик документте кеп кылынбайт. Ошондуктан аны ар бир окуу жай өзү каалагандай түшүнүп, ошол эле мезгилде ыңгайына жараша түшүндүрүп жатышат. Ал эми билим сапаты Россиянын кесиптик билим берүү стандартында: “Качество образования - *это мера соответствия образования заранее установленным требованиям, т. е. стандарту*” [Концепция Федеральной целевой программы развития образования на 2006 - 2010 годы] деп түшүндүрүлсө, “Билим берүү жөнүндө Мыйзамында: “качество образования - *определенный уровень* знаний и умений, умственного, физического и нравственною развития, *которого достигли выпускники образовательного учреждения в соответствии с планируемыми целями обучения к воспитания*” [123] деген аныктаманы берет. Албетте мындагы мааниси боюнча окуу жайлар жетише турган сапаттын (билим сапатынын) мазмуну ачылса, жалпы өлкө тарабынан ал эмне экендиги жөнүндө Россиянын Мамлекеттик стандарты төмөнкүдөй түшүндүрөт: “Качество - это степень, с которой совокупность собственных характеристик (физическое, органолептическое,

этическое, временное, эргономическое и функциональное свойство) *выполняет требование* (потребность или ожидание), *которое установлено, обычно предполагается или является обязательным*".Демек мындан билимдин сапатын коомчулук аныктай тургандыгын ачыкка чыгып, ал эми окуу жай ал талапты аткаруу үчүн күрөшөөрү байкалат.

Чынында баалоонун максаты студентке баа коюп берүү гана болбогондуктан, биринчи кезекте анын кесиптик билим берүүдөгү ролун туура түшүнүү зарылдыгы турат. Анткени, ар бир баалоо критерийинин артында студенттин келечеги тургандыгын эстен чыгарууга болбойт. Ырас ал чоң маселе экендиги талашсыз, бирок аны жетектеп турган дидактикалык принциптердин мазмуну эмнени көздөгөнү аткарылуучу иштин методологиялык негизин түзүп, акыркы жыйынтыкка ээ болуу белгилүү талаптарга жооп берүүсү десек, анда баалоо системасы тыкыр иштелип чыккан технологияга айланаары ачык көрүнөт. Кесиптик билим берүүнүн акыркы натыйжасы иш-билгини (компетенцияларды калыптандыруу) үйрөтүү болсо, кыргыз адабияты боюнча деле мугалимдин аракети компетенттүүлүккө негиздеп окутууну жетекчиликке алуу болуп эсептелет. Бул парадигманын мазмуну боюнча ар бир баанын артында кесибине карай даярдыгы, иштөө жөндөмдүүлүгү кандай калыптанып жатканын көрсөтүүчү иш-билгинин (компетенциялардын калыптанышы) тураары талашсыз. Бирок студент ар бир сабакта кесиптик билимге үйрөтүүчү мазмунун бар эске албай келет. Ошондой эле баа менен баалоого карата *мугалимдердин жүр-нары мамилеси сакталып тургандыктан*, коюлган *баа анын келечекте кесиби боюнча көрсөткүч экендигин* студент сезбей жатат. Мындай көрүнүш жеңил жол менен (эч бир эмгексиз) алынган баа кесиптик ишмердүүлүктүн калыптануусуна карай эч кандай иш-билгиге (жөндөмдүүлүккө) ээ кылбай тургандыгын кесиптик билим алып жаткан жарандын терең түшүнүүсүнө жолтоо болууда. Буга дагы бир себеп азыр бизде колдонулуп жаткан баалоо системасы боюнча айырмалоо (*берилген тапшырмаларда (тесттерде) туура жоопту айырмалап табуу*) да, эске тутуу (*берилген аныктама, түшүнүктөрдү эске тутуу*) да, түшүнүү (*маанисин башкалардан айырмалай билүү*) да репродуктивдүү колдонуудай (*теориялык жактан таанууну практикалык деңгээлде репродуктивдүү колдонуу көндүмдөрүнө*

*ээ болуу*) эле бааланып, студент үчүн булардын ортосунда айырма бар экендиги билинбейт. Маселен, алган билимин түрдүү турмуштук кырдаалда трансформациялоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон студент менен башкалардын (маалыматты гана айырмалай алган) ортосунда эч кандай айырманын жоктугу эмнеге көңүл буруу керектигин аныктап түшүнүүгө оорчулук түзөт. Ал эми В.П.Симоновдун пикири боюнча [234/69] компетенттүүлүккө негиздеп окутууда акыркы эки критерий гана адистештирүүгө мүмкүнчүлүк берип, “канааттандырлардык” баа катары кабылданса, муну менен студент (окуучу) өзүнүн иш-билгиси (компетенциялык жөндөмдүүлүгү) канчалык экендигин өзү аныктап түшүнө алмактыгы туура бааланат. Эгер кесиптик билим берүүдө негизги басым студенттин *кесиптик даярдыгына коюла тургандыгын эсепке алсак*, анда кыргыз адабияты эле эмес, бардык билим студенттин адистик иш-билгини (компетенциялардын калыптангандыгына) үйрөнгөнүнө жараша аныкталуусу керектиги ачыкка чыгат.

Мына ушул жерден азыр баалоо системасында эске алынбай келе жаткан дагы бир кырдаалдын башын ачып алуу милдети турат. Ал окутуу менен баалоонун ортосунда байланыштын жоктугуна тиешелүү болуп, студенттин адистик даярдыгын калыптандыруучу сабактарга артыкчылык берүү шарттары иштелип чыга электигин туюндурат. Тактап айтканда, учурда кесиптик билим берүү тармактарында негизинен лекция, практикалык жана семинардык сабактар өтүлүп, студенттин *адистик компетенциялары ушулар аркылуу ишке ашырылып жатканы* байкалат. Ошондой эле студентке кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүү да сабактын аталган түрлөрүнө жүктөлүп келет. Байкоо жана эксперименттик иштер көрсөткөндөй, кыргыз адабияты боюнча өтүлгөн лекциялык, семинардык жана практикалык сабактар студенттин кесиптик иш-билгисин (калыптанган компетенцияларды) текшерүүгө жөмдөмсүз болуп саналат. Сабактын бул формалары студенттин *адистик жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга* (мугалимдин айтып бергени) *маанилүү роль ойногону менен* студенттин иш-билгисин (компетенциясын) аныктап баа берүүдө чечүүчү кызмат аткара албайт. Себеби, студентке аталган окутуу формалары аркылуу сунушталгандар жөн гана маалыматтар болуп эсептелет, б. а. азыр аткарылып жаткан иштерге талдоо жүргүзө

келгенде, көпчүлүк мугалимдер тесттерди, оозеки суроо-жоопту, эки же үч суроодон турган баракчаларга жазуу түрүндө жооп берүүнүн негизинде студенттин иш-билгисин баалоого аракеттенишүүдө. Ал эми фактынын өзү көргөзүп тургандай, *мурда аныкталган маалыматтарды кайталап бергени боюнча* студенттин билимин (кесиптик жөндөмдүүлүгүн) баалоо мүмкүн эмес, анткени *анда пайда болгон* иш-билги (компетенциянын калыптанышы) качан реалдуу шартта - иш үстүндө – колдонулуп жаткан маалда ачык көрүнө тургандыгын эске алсак, ал дүйнөлүк кесиптик билим берүү системасында колдонулуп келе жаткан жогоруда айтылган баалоо критерийлеринин үчөөнү (айырмалоо, эске тутуу, түшүнүү) гана толук сактаганын туюндурат. Тереңирээк талдап көргөн адамга *окутуунун мындай формалары* жана *аны негиз кылып алган баалоо процесси* иш-билгиге (компетенцияларга) ээ болуунун сапатын көрсөтүүчү студенттин репродуктивдүү колдонуу мүмкүнчүлүгүн ачыкка чыгара албайт. Жөндөмдүүлүктүн жогорку деңгээлин көрсөтүүчү, б. а. алган маалыматын (билимин) түрдүү турмуштук кырдаалда трансформациялоо формасы баалоонун мындай түрүндө эске алынбай калып жатканы ачык эле байкалат. Ал эми мындай көрүнүш студенттин билимин баалоого толук негиз болуп берүүчү окутуунун жаңы формаларын окуу процессине киргизүү зарыл экендигин белгилейт. Алар алган билимин түрдүү турмуштук кырдаалда трансформациялоо үчүн студентке чыгармачылык менен иштөөгө мүмкүнчүлүк бере турган *коллоквиум, практикум, лабораториялык иштер* жана *кесиптик ишмердүүлүгүн практикада арттыруучу* (студенттин өндүрүш менен болгон байланышын камсыздоочу) *мастер-класстарды* окуу иштерине киргизүүнү талап кылат. Ал студентке өз күчүн сынап көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүү керектигин ачыкка чыгарып, анан ал аркылуу баалоо технологиясын *иштеп чыгуу* жана *уюштуруу иштерин* жолго коюу зарылдыгын көрсөтөт. Тагыраак айтканда, ал мамлекеттик стандартта көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүк боюнча студентте иш-билги (компетенциялар) калыптаныш үчүн филологиялык багыттагы “кыргыз тили жана адабияты” боюнча адистешүүсүндө компетенциялардын окуу планында орду жана ролун аныктап, кыргыз адабиятына таандык *сабактардын кайсынысы кандай мүмкүнчүлүккө ээ экендигине карай* баалоо системасын киргизүүгө шарт түзөт.

Эксперименттик иштер аныктагандай, кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө негизги (ключевой) жана кесиптик (предметтик) компетенциялар эч качан бир предметтин базасында калыптанбайт, алар калыптануу үчүн студенттин *кесиптик билимин баалоо комплекстүү мүнөздө болуп*, стандарт аныктаган ишмердүүлүккө ээ болуу мүмкүнчүлүгүнө карай теориялык, практикалык, коллоквиумдук, практикумдук, лабораториялык иштерге жана кесиптик ишмердүүлүгүн арттыруучу студенттин өндүрүш менен болгон байланышына карап баа коюуну уюштуруу керек. Ансыз студенттин кесиптик ишмердүүлүгү, ага ылайык келе турган иш-билгинин (компетенциялардын) калыптанышы жөнүндө кеп кылуу туура эмес. Кыргыз адабияты сыртынан караганда ар ким кааласа билип ала турган өтө оңой өздөштүрүлүүчү предмет катары эсептелингени менен бул багытта кесиптик билим берүү абдан татаал иш болуп эсептелет. Тагыраак айтканда, тарыхый доорлорду камтуу - *андагы түрдүү адабий өнүгүштөр менен көркөм-адабий жаңылануулар*, ар бир доордун *өзүнө ылайык калыптанган адабий-эстетикалык табылгалар, улутка гана мүнөздүү болгон көркөм дөөлөттөр* менен катар *ар бир доордун ири адабий-эстетикалык бийиктиги* катары орун алган *сүрөткерлердин чыгармачылыгы, адабий ишмердүүлүгү*, андагы *жеке ачылгасы* менен *өздүк чыгармачылыгына тиешелүү новатордук табылгалары* мезгилдик да, мейкиндик да жактан кеңири масштабды ичине алат. Кызык жери, бир караганда студент баарын билүү керек болсо, экинчи жагынан - адабий чыгармачылыкты практикалык кесиптик ишмердүүлүктө колдонууга келгенде анын баарынын зарылдыгы жок экендиги байкалат да, адабий билим берүүдө негизги талап кайсы, б. а. эмнени окутууга карай коюлган талаптын башы толук ачылбай келет. Ошондуктан, биз адабий билим берүүдө кыргыз адабиятына эле таандык предметтерди баалоо системасында бир бүтүндүктө карабастан, ал адабият дүйнөлүк адабияттын бир бутагы экендигин моюндаган кесиптик билим берүү принцибине таянып, бирок студенттин кыргыз адабияты боюнча адистешүүсү башкы орунда тураарын эске алып, негизги басымды студент кийин окутууну аяктаган соң кандай ишмердүүлүктө иштеп кетүүсүнө (адабиятчы жана адабият мугалими боло турганына байланыштуу) зарыл болгон маалыматтар менен иш-билгини (көндүмдөрдү) калыптандырууну сунуштоо менен аткарууга коюу

зарылдыгы турат. Баалоо системасы ушул багытты жетекчиликке алуу менен жүзөгө ашырылышы туура деп эсептейбиз. Ошондой эле кыргыз адабияты боюнча студенттин билимин, б. а. кесиптик жөндөмдүүлүгү – иш-билгисин (компетенцияларын) реалдуу баалоо үчүн таблица иштеп чыктык (4-тиркемени караңыз).

Жыйынтыктап айтканда, баалоо системасы *мугалим* менен *студенттин биргелешкен кызматтуусун түзмөйүн* кыргыз адабияты боюча кесиптик билим берүүдө билим сапаты толук жана жеткиликтүү ачылбай тургандыгы аныкталды. Анткени, билимди аныктоочу бирден-бир критерий баалоо системасы болгондуктан, *баалоонун дидактикалык негизи студентке эмнени билүү керектигин гана туюндурбастан*, ал турмушта *кандай керектеле тургандыгын да ачыкка чыгарууга тийиш* болсо, анын баары сабак аркылуу студенттердин ар бирине түшүндүрүлүп, компетенция калыптаныш үчүн бирдиктүү эмгек зарыл экендигин, анда ийгиликке жетүү үчүн алдын-ала макулдашуу керектигин да ачыкка чыгарды. Жогоруда биз тарабынан сунушталган таблицада (4-тиркемеде) кыргыз адабияты боюнча студенттердин билимин гана баалабастан, ал эмнени билсе, турмуштук керектөөсүн канааттандыруусу мүмкүн экендигин ачыкка чыгарып, анан студенттин алган баасына карай компетенция канчалык калыптанганын таанып-билүүгө шарт түзөт.

## 4. 3. Эксперименттик иштердин жүрүшү жана жыйынтыктары

2011-2012-окуу жылында жогорку окуу жайлары толугу менен эки баскычтуу (бакалавриат жана магистратура) кесиптик билим берүүгө өткөн соң, аны менен кошо республикалык билим берүү системасына компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы орун алды. *Изилдөөнүн алгачкы этабы* эки баскычтуу кесиптик билим берүүнүн *илимий-теориялык негизи эмнеге таянгандыгын, ал өзүнө илимий-методологиялык негиз кылып алган компетенттүүлүк парадигмасынын табияты* эмне экендигин аныктоо, бул парадигманын артыкчылыгы кайсы, эмне себептен Болонья процессине кирген жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайлар ушул парадигмага басым коюп жатышат деген сыяктуу суроолорго илимий-педагогикалык жана практикалык мазмунда проблеманы

аныктоо маселеси менен коштолду. Изилдөөгө зарыл болгон маселенин жана жогорку окуу жайларында филолог-бакалавр (кыргыз тили жана адабияты) адистигине ээ болуучу студенттердин жалпы илимий, кесиптик компетенциясын калыптандыруу боюнча иштердин абалын аныктоо үчүн К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун, ЖАМУнун, И.Арабаев атындагы МПУнун, К.Карасаев атындагы БГУнун кыргыз адабияты кафедрасынын мугалимдери, андан тышкары орус жана дүйнөлүк адабияттан сабак берген окутуучу-профессорлор (бардыгы 104), аталган окуу жайларда кыргыз адабиятынан кесиптик билим алып жаткан студенттер тартылды. Кыргыз адабияты боюнча сабак берип жаткан мугалимдер өз сабактарында компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасын, ага тиешелүү илимий- теориялык адабияттарды кантип үйрөнүп жатканына карата бир нече багытта суроолор жана анкеталар таркатылып, түрдүү формада маектер жүргүзүлдү. Алар менен пикирлешүү иштин максат-милдеттери жана негизги изилдөө багыттары аныктоого шарт түздү. Изилдөөнүн баштапкы параметрлери, ага ылайык объектиси, предмети, түшүнүк-категориялдык аппараты, окутуу технологиясы качан кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим алып жаткан студенттер менен пикирлешип, аларда орун алган көйгөйлөр аныкталгандан кийин негизделди. Башкача айтканда эксперименттaлдык изилдөө үчүн студенттердин адистешүүсүнө маанилүү роль ойногон төмөнкү кырдаалдар сөзсүз каралышы керектиги ачыкка чыкты: а) кыргыз адабиятын үйрөнүүдө студенттин кесиптик ишмердүүлүгүн ишмердүүлүгүнө таандык компетенцияды түзүүгө, компетенттүүлүккө ээ болуусуна кедерги болгон жагдайларды аныктоо; б) адабий ишмердүүлүгүн калыптандырууда шык-жөндөмдөрүн, көндүмдөрүн өркүндөтүү үчүн натыйжалуу ымаларды, каражаттарды сунуштоо жана аларды колдонуудан алынган жыйынтыктарды текшерүү, талдоо; в) изилдөөгө кошумча алымчаларды киргизүү;

Кыргыз адабиятынан сабагынан окуткан окутуучулар менен аңгемелешүү жүргүзүлдү. Анын максаты силлабустарда (жумушчу программаларында) студенттердин негизги (ключовой) компетенцияларын калыптандыруунун пландаштырылышы жана иштин жүрүшүндө мугалимдер кандай технологияларды колдоноорун билүү болсо, таанышып чыккан соң, кесиптештер менен талкуу

уюштуруп, талдоо иштерин өткөрдүк. Мугалимдер тарабынан айтылган сунуштар, көз караштар канчалык реалдуу экендигин билүү максатында студенттер менен аңгемелешүү өткөрдүк. Ал эми проблеманы студенттер канчалык билише тургандыгын аныктоо үчүн ишке киришүүдөн мурун аларга анкеталык сурамжылоо иштери жүргүзүлдү. Анкеталык сурамжылоого бир нече багытта болду, ага жалпысы 154 студент катышты. Ал багыттарга токтоло кетсек, мазмуну төмөндөгүдөй: 1) "Кыргыз тили жана адабияты" багытында даярдалып жаткан адистердин кесиптик даярдыгы бүгүнкү рынок шартына туура келеби? 2) Кыргыз тилинин Мамлекеттик статусу жогорулагандан тартып кыргыз филология багытындагы адистерге коомдук-социалдык керектөө күч алып бара жатканы менен эмне үчүн бүтүрүүчүлөрдүн өз кесиби менен иштөөсүнө рынок шартына ылайык кардарлар жок. Анын себеби эмнеде? 3) Эмне себептен көп маяна төлөп берүүгө мүмкүнчүлүгү бар азыркы фирмалар жогорку окуу жайын жаңы бүтүргөндөрдү кызматка албайт, муну кандай түшүнсө болот? 4) Орто билим берүү тармактарын дурус аяктаган абитуренттер филологиялык кесипте окугусу, эмгек жолун мына ушул багытта өнүктүрүп кеткиси келбейт, аны эмне менен түшүндүрсө болот? 5) Жаштар арасында мекенчилдер өтө эле арбын, бирок алар эмне себептен кыргыз тили жана адабиятына кызмат кылгысы келбейт, буга ынанымдуу жооп берүүгө болобу? ж. б.

Изилдөө ишибизде педагогикалык эксперимент төмөндөгүдөй этапттар менен өткөрүлдү. Экспериментти уюштуруу, жүргүзүү, констатациялоо жана жайылтуу. Констатациялоочу эксперментте жогоруда санап өтүлгөн жогорку окуу жайлардын студенттери байкоо жана эксперменттик топ катары тандалып, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасын ишке ашыруу талаптарына ылайык методологиялык, стратегиялык жана тактикалык жактан жаңы технологиялар колдонулду. Бул эксперимент студенттер кыргыз адабияты боюнча адистик (адабиятчы жана адабият мугалими) ишмердүүлүккө ээ болууда кандай компетенциялар калыптаныш талаптарын эске алуу менен төмөнкүдөй иш аткаруу жөндөмдүүлүктөрүн текшерүү деңгээлинде жүрдү:

- адабий, адабий сын жана илимий-теориялык тексттерге адистик баа берүү; келечек кесиптерине ылайыктуу маалыматтарга сын пикир айтуу, көз карашын

макала, доклад, отчет, реферат түрүндө даярдоого жетишүү, өз пикирин оозеки жана жазуу кебинен илимий-теориялык иштерине чейин жеткирүү, коллоквиумга катышуу;

- белгилүү темада класстык жана класстан тышкаркы иш чаралардын сценарийин жазуу, зарылдыгына жараша кроссворд, викторина, тесттик тапшырмаларды даярдоо, сабактын үлгүлөрүн салттуу жана инновациялык формада түзүү, кыргыз адабияты боюнча белгилүү бир сабактын иштелмесин түзүү жана анын оптималдуу вариант экендигин коргоо, сабакты презентациялоо;
- оозеки кептин стилдерин аныктоо, коммуникативдүү байланыштын түрүнө карата кеп стилин тандоо, кесипке багытталган түрдүү сүйлөшүү формаларында сүйлөө компетенциясын көрсөтүү, көркөм сөз каражаттарын ыктуу колдоно билүү, өз оюн эркин жеткирүү деңгээли аныктоочу иш чараларга семинар, конференцияларга катышуу, чечендик мүмкүнчүлүгүн көрсөтүү;
- талап кылынган жанрда текст түзүү, жанрдын табиятына карата өзү түзгөн текст кандай критерийлерден улам жооп бере тургандыгын айкындоо, адабият теориясынын алкагында адабий жанрдын стилдик-грамматикалык материалдарды репродуктивдүү деңгээлде өздөштүрүү, жанрдык формаларды жазуу речи аркылуу далилдөө;
- адабият, адабий сын жана публицистикалык жанрлардын семиотикалык жана дискурстук табиятын айырмалоо, окуу жылынын ичинде өтүлгөн чыгармалар боюнча аталган көркөм ой жүгүртүүлөрдү бири-биринен ажырата билип, алардын ар бирине мүнөздүү болгон терминдери менен түйүндүү сөздөрүнүн лексикалык корун түзүү жана алардын студенттин оозеки жана жазуу кебинде орун алышы аркылуу кесиптик ишмердүүлүк боюнча компетенцияларын текшерүү;
- студенттин кесиптик ишмердүүлүккө карата кызыкчылыгын эске алуу менен кыргыз адабияты боюнча окуу материалдарынын негизинде оозеки жана жазуу кебин текшерүү үчүн суроо-тапшырмаларады уюштуруу жана алардын аткарылыш мазмуну аркылуу баалоо иштерин жүргүзүү иш чаралары аткарылды.

Жүргүзүлгөн эксперименттик иштер төмөндөгүдөй жыйынтыктарды берди:

1. мамлекеттик стандарттын негизинде эки баскычтуу кесиптик билим берүүдө компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методологиялык технологиясы

сунушталганы менен студенттердин кесиптик билим алуусунда кыргыз адабияты боюнча адистештирүү компетенцияларына анча терең маани бериле электиги ачыкка чыкты;

2. негизги жана профессионалдык компетенциялар жөнүндө мугалимдердин дээрлик баарында маалымат болгону менен кыргыз адабиятына байланышкан предметтерде кайсы сабак кандай компетенцияларды калыптандыруусу зарыл экендиги жөнүндө компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун парадигмасы боюнча стратегиялык да, тактикалык да технологиясы иштелип чыга электиги даана көрүндү;

3. кыргыз адабияты боюнча дисциплиналардын бардыгы салттуу окутуу формаларында уюштурулуп, сабактар жалпысынан ушул формада өтүлгөндүктөн, компетенциялардын ар бир сабак ичинде калыптануусу канчалык экендиги так аныкталбайт, б. а. студенттин кесиптик ишмердүүлүгүнө керек болгон компетенцияларды калыптандыруучу дүйнөлүк кесиптик билим берүүдө практикаланып келе жаткан сабактын формаларын (коллоквиум, мастер-класс, лабораториялык иштер, медиа-студия, чечендик өнөр, педчеберчилик, ж. б.) кыргыз адабиятын окутууда пайдалануу зарыл экендиги ачыкталды;

4. кыргыз адабияты сабактарында компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасын ишке ашырууда өтө зарыл болгон студент менен мугалимдин ортосунда демократиялык мазмунда кызматташуу толук жолго коюла электиги ачык байкалды, б. а. кыргыз адабияты боюнча студенттин билимин, өзгөчө кесиптик даярдыгын текшерүүчү баалоо системасынын иштелип аягына чыга электиги көзгө даана көрүндү;

5. кыргыз адабияты боюнча предметтерди толук ичине алган баалоо системасы же технологиясы керектиги аныкталды, б. а. кыргыз адабияты боюнча өтүлүп жаткан ар бир предмет өз алдынча бааланса да, семестрдик же курстук билимди жыйынтыктоочу баалоо иш чараларынын бүтүндүгүн түзүп, студентте кесиптик ишмердүүлүк компетенциялары кандай калыптанып жаткандыгын ачыкка чыгаруучу баалоо технологиясы болушу, анын мазмуну эмнеге негизделээрин ар бир студент билиши зарыл экендигин даана көрсөттү;

6. баалоо критерийлеринин толук жана жеткиликтүү иштелип чыкпагандыктан, бул багытта студенттердин ойлору ар түркүн болуп, көпчүлүк студенттердин өз бааларына наразылыгы жогору болгону менен кесиптик ишмердүүлүккө карай жөндөмдүүлүктөрү – компетенциялар төмөн болуп, бул багытта студент менен мугалимдин ортосунда психологиялык кырдаал курч экендигин туюндурду;

7. кыргыз адабияты боюнча предметтер канчалык жетиштүү болгондой эле алар аркылуу окууга сунушталган маалымат ого эле көп экендиги, бирок алардын бардыгын билүү кесиптик ишмердүүлүккө тиешелүү жөндөмдүүлүк – компетенциялар зарыл эместиги адабий билим берүүдө компетенттүүлүккө негизделген парадигма боюнча эмнени окутуу керектигин тактоо керектигин да ачыкка чыгарды, б. а. филологиялык багытта "кыргыз тили жана адабияты" боюнча адистештирүүнүн компетенциялары аныкталган же так көрсөтүлгөн *кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүнүн матрицасын түзүп*, аны ар бир студентке тааныштырып, анын негизинде ар бир предмет кандай компетенцияларды калыптандыруусуна карай окуу материалына толуктоолор керек экендигин айкындады;

Мындай кемчиликтерди жоюу үчүн педагогикалык эксперименттин андан кийинки этабы ишке ашырылды. Ал этапта эксперименттик иштерге таянуунун негизинде бир нече багыт боюнча окуу процессин иликтөө жумуштары жүргүзүлдү. Алар төмөнкү багыттарды ичине алды:

- Мамлекеттик стандарттын базалык компонентине кирген кыргыз адабиятына таандык сабактарды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу студентке компетенцияларды калыптандырууда кеңири түшүнүктөргө ээ болуп, анын натыйжасында кесиптик билим берүүнүн мазмунун инсандык, инструменталдык, жалпы илимий жана профессионалдык-кесиптик компетенцияларга бирдей мамиле кылуу керектиги, бирок зарылдыгына жараша мында өзгөчө мамлекеттик заказ катары талап кылынган инсандык, жалпы илимий, тил жана коммуникативдүү компетенцияларга артыкчылык берүү;
- Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын талаптарына ылайык *окутуунун методологиялык технологиясын түзүү*, аны кыргыз адабияты боюнча

кесиптик билим берүүгө ылайыкташылып түзүлгөн бардык предметтерге жайгаштыруу; окутуунун мазмунун тематикалык-компетенциялык кырдаалга, б. а. *студенттин кесиптик ишмердүүлүгү боюнча жөндөмдүүлүгүн, ык-көндүмдөрүн калыптандыруу принцибине* карап окуу процессин уюштуруу;

- Мамлекеттик стандарттын базалык компонентине кирген кыргыз адабиятына таандык сабактардын негизги миссиясы студенттин адабий-эстетикалык табитин тарбиялоо, оозеки жана жазуу кебин калыптандыруу, расмий шартта Мамлекеттик тилде баарлашууну жеткиликтүү уюштуруу болгондуктан, "Манас таануу" баш болгон кыргыз адабиятына бардык предметтер тил жана маданият таануучулук, адабий-эстетикалык жана этно-маданий, этикалык жана руханий жана адеп-ахлактык категорияларды толук камтыган менен *инструменталдык, жалпы илимий* жана *профессионалдык-кесиптик компетенцияларга* басым коюу менен *компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун стратегиялык технологиясын* иштеп чыгуу;
- Студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө көнүктүрүү, тандаган кесиптик багытына ылайык (адабиятчы жана адабият мугалими) компетенцияларды калыптандыруу үчүн коммуникативдик сүйлөө речин өстүрүүнүн ийкемдүү ыкмаларын табуу, кесибине ылайыктуу сабактардын формаларын, ык-усулдар топтомун түзүү, б. а. Мамлекеттик стандарттын кесиптик билим берүү компонентине кирген кыргыз адабияты боюнча предметтерди *компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун тактикалык технологиясын* иштеп чыгуу;
- Мугалимдер менен студенттердин демократиялык шартта кызматташуусун, өзгөчө мугалимдин студентке карата мамилеси жаңылануусу керектигин түшүндүрүү – лекциянын, практикалык сабактардын мазмунун өзгөртүп, студенттин кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандыруу үчүн *студент өзү сабакта активдүү катышуусун камсыздаган окутуу формаларын* (коллоквиум, практикум, лабораториялык иштер, бинардык лекциялар, ж. б.) башкы орунга чыгаруу;
- Студенттердин кесиптик ишмердүүлүгүнө керек болгон расмий, адабий сын, адабий изилдөө, публицистикалык жана адабият мугалими үчүн маанилүү компетенциялар - оозеки жана жазуу кебин, ал кеп талап кылган жанрларда текст түзө билүүнү, ал тексттерде адабий-лингвистикалык эреже-нормаларды сактоону,

ошол эле мезгилде ар бир жанрдын спецификалык табиятына жараша мамиле кылууну, чыгармачылык көрсөтө билүүнү калыптандыруу жолдорун иштеп чыгуу;

- Кыргыз адабияты боюнча сабактарда студенттин билимин, кесиптик жөндөмдүүлүгүн мугалим гана текшербестен, студент өзү да өз эмгегин баалай билиш үчүн *компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун парадигмасына ылайык баалоо системасын өзгөртүү*, б. а. демократиялык ойлоо талаптарына ылайык баалоо критерийлерин иштеп чыгуу жана ал критерийлердин мугалимдер жана студенттер тарабынан так сакталышын жөнгө салуу;

Кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүчү жогорку окуу жайлары чектелүү болгондуктан, жогоруда тандалып алынган университеттердин базасында эксперименттик иштерди жүргүзүүгө кириштик. Алгач ишти алып баруу боюнча план түзүлүп, адабияттан сабак берген окутуучулар менен таанышуу, аңгемелешүү жүргүзүлдү. Андан соң студенттердин мектептен алган кыргыз адабияты боюнча билими, жөндөмдүүлүгү текшерилип (эксперимент жүргүзүүдө студенттерди тайпаларга бөлүп алуу үчүн), анда мектептен эч бир окуучуга адабий ишмердүүлүк боюнча жөндөмдөрдү калыптандыруу үчүн эч кандай иш чаралар аткарылбай тургандыгы аныкталды. Бир дагы студент расмий иш кагаздарда филолог аткара турган кандай жанрлар бар экендигин билбейт, публицистиканын кайсы багыттарында филологдор эмгектенүүсү мүмкүн экендигин, алар кандай жанрларда иш жүргүзүүгө тийиш экендигин билишпейт. Ал эми адабий сын жазуу сынчылардын милдети деп билишсе, адабиятчы изилдеп жана теориялык мазмунда өз ойлорун жарыялай турган жанрлар тууралуу таптакыр түшүнүктүн жоктугу кыргыз адабияты боюнча орто жана кесиптик билим берүү маалыматты окутуу деңгээлинен жогору көтөрүлө электигин айкындайт да, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасын ишке ашырууда *кыргыз адабияты боюнча адабий билим берүүнүн жаңы технологиясын түзүү керектигин* ачыкка чыгарды.

Эксперимент жүргүзүүдө алгач мурунку системадагы окутуу технологиясы пайдаланган жумушчу программалар боюнча, андан соң жаңы Болонья процесси иштеп чыккан компетенттүүлүккө негиздеп окутуу системасы – кредиттик технология боюнча түзүлгөн силлабустардын талаптарына ылайык иш чаралар аткарылды. Бул, биринчиден, эки окутуу технологиясын салыштыруу багытында

болсо, экинчиден 2012-2013-окуу жылынан баштап, жаңы эки баскычтуу кесиптик билим берүүгө багыт алган окуу планы, анда сунушталган кыргыз адабияты боюнча предметтер компетенттенттүүлүк парадигмасына канчалык деңгээлде жооп берет ошону билүү максатында жүргүзүлдү. Иштин жүрүшү, байкоо жана эксперименттик иштер көрсөткөндөй, жогорку окуу жайларында кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүү максатында иштелип чыккан типтүү программалардын бири дагы азыркы мезгилдеге талаптарга жооп бербей тургандыгы ачыкка чыкты. Анын негизинде кыргыз адабияты боюнча кредиттик сааттар туура эмес бөлүштүрүлүп, аткарылган сааттар студентке негизги жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу үчүн анча маанилүү кызмат аткарбай жатканы байкалды. Анткени, кыргыз адабияты боюнча бардык предметтерде студенттин компетенциясы анын кесиптик ишмердүүлүктү аткаруу жөндөмдүүлүгүнүн калыптануусуна жараша чечиле тургандыгын, бардык сабактардан алына турган натыйжалар толугу менен студенттин адистикке ээ болушун аныктоочу компетенциялар аркылуу өлчөнө тургандыгын эске алсак, анда кыргыз адабияты боюнча адистештирүүчү билим студенттин инсандык сапатын жана кесиптик ишмердүүлүгүн аныктоочу компетенцияларга ээ кылуучу мазмундан чыгышы керектигин аныктады. Бирок мындай мазмунду ичине алган кыргыз адабияты боюнча силлабусту (жаңы жумушчу программаны) биз эксперимент жүргүзгөн бир дагы жогорку окуу жайынан кездештире албадык. Мындай көрүнүштүн өзү жогору аталган компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча методологиялык технологияны мугалимдердин бардыгына түшүндүрүү, ошондой эле стратегиялык жана тактикалык технологияны кыргыз адабияты боюнча өтүлгөн ар бир сабакка чагылдырууну талап кылуу аркылуу ишке киргизүү мүмкүн экендигин ачыкка чыгарды.

Кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүгө багытталган бардык предметтер боюнча силлабустарда биз тарабынан сунушталган матрицанын орун алышы ар бир мугалимдин өзү окуткан предмети боюнча өз алдынча компетенцияларды түзө берүүсүн токтотуп, адистикке байланыштуу компетенцияларды аныктоодо бардык мугалимдердин биргелешип иштөөсүн, ошондой эле кайсы предмет эмне миссияны аткара тургандыгын так аныктап

алууга негиз болуп бере тургандыгын аныктады. *Экинчиден,* матрицанын өзү студент окуу жайын аяктагандана кийин кайсы багытта кеиптик ишмердүүлүгүн аткара тургандыгын так көрсөткөндүктөн, ага ориентир жасаган кыргыз адабияты мугалими кыргыз адабияты боюнча буга чейин сунушталып келген бардык адабий-теориялык маалыматтарды окуу-үйрөнүү материалы катары эсептебестен, алардын арасынан билим берүүчүлүк (кесипке ээ кылууга) кудурети барларын гана тандап сунуштоого мүмкүнчүлүгү бар экендиги да байкалды. *Үчүнчүдөн,* байкоо, текшерүү эксперименттери аныктагандай, матрицанын силлабуста орун алышы жана аны менен студенттердин тааныштырылышы мугалим менен студенттин кесиптик билим алууда чыгармачылык менен кызматташуусуна кеңири жол ачып бере тургандыгы даана көрүндү. Кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө мугалим эмнеге басым коюп, эмнени баалай тургандыгы студентке белгилүү болгон соң, билимге умтулган студент окуу жылынан башынан тарта эле өз алдынча даярданууга киришип, жакшы баа алуу үчүн эмнелерди билүү керектигине карай окуу программасына кирген окуу материалдарын ошол матрицанын негизинде өз жөндөмдүүлүгүн өзү калыптандырууга багыт алгандыгы биз тарабынан сунушталган иш туура экендигин ырастады. *Төртүнчүдөн,* кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүнү компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун парадигмасына өткөрүү окуу процессинде жүргүзүлүп иштердин мазмунун толук жаңылоого шарт түздү. Тагыраак айтканда, мурда мугалимдер окутуунун стратегиялык жана тактикалык технологиясы эмне экендигин жеткиликтүү аныктабай туруп эле жылына бир же эки жолу “көрсөтмөлүү жаңы сабактарды” өтүп келишкен болсо, силлабуста кайсы компетенциялар кандай окутуу жолдору менен калыптана тургандыгын камтыган *стратегиялык* жана *тактикалык технологиялардын орун алышы* окутуучулардын ар бирин студент менен чыгармачыл иштешүүгө, берген маалымат-билимин практика менен байланыштырууга, акыркы натыйжага карай эмгектенүүгө багыт берди. Бирок бул жерде да айрым иштер аткарылган жок. Алардын биринчиси, мугалим менен студент дайыма чыгармачыл байланышта болуш үчүн жана кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүчү бардык жогорку окуу жайларынын мугалим, студенттери өз ара кызматташуу үчүн *ар бир окуу жайда сайт түзүлүшү керек*

*экендиги аныкталса да*, биздин мындай проблеманы чечүүгө мүмкүнчүлүгүбүз жетпеди. Экинчиден, ар бир студенттин адистик ишмердүүлүгүн тез жана мобилдүү аракетке келтирүү максатында *мультимедиалык он-лайн байланыш зарыл экендиги* ачыкка чыкты. Бирок мындай байланышты, б. а. студент менен мугалимдин мобилдүү кызматташуусун камсыз кылууга мүмкүнчүлүктөрүбүз жетишсиз болгондуктан, эксперимент учурунда бул багыттагы маанилүү иштер аткарылбаган бойдон калды.

Студенттердин интернет булактарын пайдалануу кызыкчылыктары жогору болгондуктан жана кыргыз адабияты боюнча кесиптик билимди колдонуу чөйрөсү да интернет булактары экендигин эске алсак, кыргыз адабияты боюнча адистештирүүнү ушул тарапка буруу зарылдыгы байкалды. Көпчүлүк студенттер интернетке ар түрдүү жанрда пикирлерин жазууга, көз карашын билдирүүгө аракет кылуу менен өздөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнө таандык оозеки (сүйлөшүү) жана жазуу кебин калыптандыруусу мүмкүн экендигин көрдүк. Экинчиден, студенттердин интернет булактарын пайдалануусу окуу китептерин окуганга караганда инсандык жана профессионалдык-кесиптик компетенцияларынын калыптануусу үчүн маанилүү роль ойной тургандыгы ачыкка чыкты. Мунун өзү кесиптик билим берүү оң жана ийгиликтүү жолго коюлушу үчүн, кайсы багыттар маанилүү болсо, анын баарын интернет сайттарына жайгаштыруу зарылдыгын айкындады. Экинчиден, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы боюнча кыргыз адабиятына тиешелүү окуу китептери таптакыр жок болгондуктан, студент менен мугалимдин кызматташуусуна оңой жана таасирдүү жол катары интернет булактарында орун алган башка республикаларга таандык маалымат каражаттарын пайдалануу, кесиптик билим берүүдө орус, казак, ж. б. элдерге мүнөздүү филологиялык багытта компетенцияларды калыптандыруучу окутуунун ык-усулдарын, формаларын жана жаңычыл технологияларын иш тажрыйба катары колдонуу керектиги аныкталды. Тагыраак айтканда, интернет булактары менен мындай “иштешүү” мугалимге өз предмети боюнча эмнелерге артыкчылык берүү менен окуу материалын студентке сунуштоо багытында иш чараларды түзүүгө жана аткарууга мүмкүндүк түзсө, ал эми студентке өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандырууга негиз болуп бере тургандыгы анык болду.

Маселен, К.Карасаев атындагы БГУдагы, ЖАМУдагы, К.Тыныстанов атындагы ЫМУдагы жана И.Арабаев атындагы КМУдагы кыргыз адабияты боюнча окутулган кесиптик билим берүүдө бул багытта иштер толук жолго коюла электиги аталган адистик боюнча студенттер аралык байланышка өтө электигин, анын натыйжасында университеттеги студенттин билими кесиптик ишмердүүлүк менен байланышы жоктугун таасын көрсөтүп турат.

Аталган жогорку окуу жайларында мамлекеттик стандарттын талаптарын ишке ашыруу багытында эч бир окуу жайда методологиялык технология байкалбайт. Ал адабият сабагы бүгүнкү күндүн талабына жооп бере албай жатышынын бирден-бир себеби катары көрүнөт да, студенттердин кыргыз адабияты боюнча кесиптик жөндөмдүүлүктөрү эмнеге негизделиши керектигин, инсандык, жалпы илимий жана кесиптик компетенцияларын калыптандыруу деңгээли кандай шартта ишке аша тургандыгын аныктаган иш чаралардын мазмуну да түзүлө электигин да көрсөтөт. Текшерүү максатында констатациялык экспериментте студенттерди алгач тайпаларга бөлүп алуу процессинде жүргүзүлгөн иш чаралар кетирилген кемчиликтердин кайра кайталанбашы үчүн аткарылып жаткандыктан, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасында ишти аткаруу үчүн методологиялык, стратегиялык жана тактикалык, ошондой эле баалоо технологиясы сунушталгандан кийин жүргүзүлгөн эксперимент маанилүү натыйжаларды берди. Алар төмөнкүлөр:

1 Окутуу формаларынын жана баалоо системасынын өзгөргөнүнө байланыштуу сунушталган материалдардын студенттер тарабынан өздөштүрүү да кыйла жогорулады. Студенттер кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандырууга атайын тапшырмалардын негизинде өздөрү даярдангандыктан, адистик ишмердигинин калыптанышын аныктоочу жанрдык (адабий, адабий сын, адабий изилдөө, публицистикалык жана мугалимдик ишмердүүлүгүндө аткаруучу) бөтөнчөлүккө ылайык профессионалдык-кесиптик, тилдик жана коммуникативдик компетенциялары текшерүүчү топторго салыштырмалуу эксперименттик топтордо пайыздык өсүш байкалды. Мында студент кайсы жанрдагы тексттер кайда колдонулаарына карап мамиле кыла тургандыгы, өзгөчө автордук речти, диалог, монолог мүнөзүндөгү сүйлөм курулмаларын пайдалануу жолдорун, тексттин

жанрына, керектелүүчү багытына, текстке болгон коомдук-социалдык талаптарга карай сөз тандоо, термин менен иштөө, түйүндүү сөздөрдү колдонуу чеберчиликтери көндүм катары калыптана тургандыгы ачыкка чыкты.

2) Адистик ишмердүүлүккө карай сөз курамын айырмалоо, сүйлөмдүн структурасын тандоо, сүйлөшүү, аңгемелешүүнүн максатына жараша кептин түрлөрүн уюштурууга, коммуникативдик компетенциялардын талаптарына, кептин кимге багытталганына, сүйлөшүү тибине карай монолог жана диалог мүнөзүндөгү тексттер менен иштөө системасы түзүлдү. Жазуу кебиндеги ойду бере билүү чеберчилиги, анда лексикалык-грамматикалык эрежелерди туура колдоно алуу, өзгөчө тексттин систаксистик курамын туура пайдалануу, угуп түшүнүүдө, зарылдыгына жараша котормо иштерин колдонуу сыяктуу жазуу кебин түзүүдөгү көндүмдөр калыптана баштады.


3) Эксперименттин максаты - докторант тарабынан сунуш кылынган компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары кыргыз адабиятын кесипке багыттап окутууга арналган ык-усулдар, формалар, адабий билим берүүдө тилдик жана кептик нормаларды пайдалануу, кептин түрлөрүн жанрга үйрөтүү, текстти кесиптик ишмердүүлүктүн багытына карай түзүү чеберчилиги, элдик фольклордо, улуттук адабияттагы адабий-эстетикалык көркөм дөөлөттөрдү, элдик гумандуу этно-педагогиканын негиздерин инсандык, жалпы илимий жана профессионалдык-кесиптик компетенцияларды калыптандыруу проблемасы боюнча сыноо болсо, анын баары ийгиликтүү аткарылды. Бүгүнкү күндө аракетке келип жаткан эки баскычтуу билим берүү шартында Болонья процесси аныктаган кесиптик билим берүү системасы койгон талаптары ишке ашырылды.

Эксперименттик жана текшерилүүчү тайпаларда студенттер тарабынан тапшырмалардын аткарылышы негизинен кыргыз адабияты боюнча кесиптик ишмердүүлүгүнө карай керектелүүчү жанрлардын алкагында жүргүзүлдү. *Биринчи багыт* – келечекте адабиятчы илимпоз болууну каалаган студенттердин арасында болуп, алар бул тармакка тиешелүү жанрларда (аннотация түзүү, монографиялык изилдөө жүргүзүү, очерк жазуу, ж. б.) өзүнүн кесиптик жана инсандык компетенцияларын көрсөтүү талабы коюлса, *экинчи багыт* – адабий сынчы (публицист) болгусу келгендерге арналып, мында кыргыз адабияты боюнча адабий

билим берүү бул тармакка тиешелүү жанрларда (макала, адабий сын жазуу, репортаж уюштуруу, маалыматтык билдирүү даярдоо, ж. б.) жеке чыгармачыл ишмердүүлүгүн коомчулукка сунуштоо аракети менен ишке ашырылды. Ал эми *үчүнчү багыт* – кыргыз адабияты боюнча мугалим болгусу келгендердин арасында болуп, алар үчүн негизги тапшырма орто билим берүү тармактарында кесиптик ишмердүүлүгүн кандай шартта жогорку деңгээлде ишке ашыруусу (сабактын план-конспектисин түзүү, сабактын жаңы формаларын практикалоо, жаңычыл ык-усулдарды колдонуу чеберчилигин көрсөтүү, ж. б.) мүмкүн экендигин көрсөтүү багытында болуп, алар өз ишмердүүлүгүн өздөрү талдап баалоо шартында ишке ашырылып турду.

Бул критерийлерге жараша студентердин кесиптик ишмердүүлүгүн талдаганда, кыргыз адабияты боюнча термин, түшүнүктөрдү колдонуу, кыргыз адабиятына таандык илимий-теориялык адабий билимди пайдалануу, текст түзүүдө көркөм сөз каражаттарын колдонуу, жанрлардын спецификалык өзгөчөлүгүнө ылайык сөз тандоо, жанрдык-композициялык критерийлерди текст түзүүдө эске алуу, кептин түрлөрүнө жараша текст түзүү чеберчилигин көрсөтүү сыяктуу коомдук-социалдык турмуш, адабий билимге карата керектөөчүнүн талабы, практикада кыргыз тили жана адабиятын бүткөн адис аткаруучу иштер эске алынды. Мында биз тарабынан сунушталган баалоо системасы колдонулду. Баалоо технологиясы боюнча башкы критерийлер студенттин компетенциясына коюлуп, жогорку деңгээл качан студент өз жөндөмдүүлүгүн практикада көрсөтө алганга жараша айкындалып, ал эми адабий маалыматтарды билген студенттер “1”, “2”, “3”, “4” жана “5” деген бааларды аныктоочу критерийлерге дал келгени боюнча өз бааларын, өздөрү аныктап жатышты. Эгер, бул көрсөткүчтөрдү пайыздык катыш (% ) менен берсек, анда төмөндөгүдөй жыйынтык чыкты: эксперименттик тайпалардын жогорку деңгээли 20, 6 пайыз (%), орто деңгээли 48, 3 пайыз (%), төмөнкү деңгээли 31, 8 пайызды (%ти) түзсө, текшерилүүчү тайпанын жогорку денгээли 19, 1 пайызды (%), орто деңгээли 42, 5 пайызды (%), төмөнкү деңгээли 38, 2 пайызды (%ти) көргөздү.

Сүрөт 4.3.1. **Алынган көрсөткүчтөрдү диаграммасы**




Бул экспериментте студенттердин компетенцияларына жана кесиптик ишмердүүлүккө карай жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптанышына карата сунушталган окутуу технологиясы колдонулуп, кыргыз адабияты боюнча билимине (компетенцияларына) жалпы байкоо жүргүзүү менен кыргыз адабияты аркылуу калыптана турган инсандык, жалпы илимий, тилдик жана коммуникативдүү компетенцияларын өзгөчө кеп ишмердүүлүктөрүндө колдонулушуна карай канчалык даражада өсүш болгондугун алардын билим деңгээли катары карап, алардын машыгуулары, б. а. кесиптик ишмердүүлүгүнүн жатыгуулары компетенттүүлүккө негиздеп окутуу технологиясынын жаңы усулдары, окутуу формалары - коллоквиум, практикум, лабораториялык иштер, бинардык лекциялар, ж. б. негизинде текшерилди.

**4-глава боюнча корутунду**

Бул глава боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

1) Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын талаптарына ылайык *окутуунун методологиялык технологиясын түзүү*, аны кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүгө ылайыкташылып түзүлгөн бардык предметтерге жайгаштыруу; окутуунун мазмунун тематикалык-компетенциялык кырдаалга, б. а.

*студенттин кесиптик ишмердүүлүгү боюнча жөндөмдүүлүгүн, ык-көндүмдөрүн калыптандыруу принцибине* карап окуу процессин уюштуруу иш чаралардын планы түзүлүп, анын негизинде иштер аткарылды.

2) "Манас таануу" баш болгон кыргыз адабиятына бардык предметтер тил жана маданият таанууучулук, адабий-эстетикалык жана этно-маданий, этикалык жана руханий жана адеп-ахлактык категорияларды толук камтыган менен *инструменталдык*, *жалпы илимий* жана *профессионалдык-кесиптик компетенцияларга* басым коюу менен *компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун стратегиялык технологиясын* иштелип чыкты.

3) Студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө көнүктүрүү, тандаган кесиптик багытына ылайык (адабиятчы жана адабият мугалими) компетенцияларды калыптандыруу үчүн коммуникативдик сүйлөө речин өстүрүүнүн ийкемдүү ыкмаларын табуу, кесибине ылайыктуу сабактардын формаларын, ык-усулдар топтомун түзүү, б. а. ал мугалимдин студентке карата мамилеси жаңылануусу керектигин ачыкка чыгарды.

# ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

1) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2012-жылы кабыл алынган даярдоо багыты 531000 филология болгон “Жогорку кесиптик билим берүү стандартындагы” квалификациясы (даражасы) бакалавр адистигинде компетенциялар жалпысынан төрт топко бөлүнүп берилет. Бул жогорку кесиптик билим берүүдөгү дүйнөлүк, өзгөчө өнүккөн мамлекеттердеги ири жетишкендиктерге ориентир кылуу башка КМШ өлкөлөрүндөй эле Кыргызстанда да орун алгандыгын айкындайт. Ал кесиптик билим берүүнүн практикалык аракетин гана айкындабастан, кесиптик баалуулукту мотивдештирүүчү парадигмага айландырууга жетишип, Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү системасында да орун ала баштаган компетенциялар негизделген жогорку билимге ээ болгон бакалавр **БИЛҮҮгө** (знать), **КОЛДОНО АЛУУга** (уметь) жана **ЭЭЛИК КЫЛУУга** (владеть) тийиш болгон натыйжага жетүүнү окуу пландарында сунушталган кыргыз адабияты боюнча сабактар, адабият таанууга киришүү, адабият териясына жана адабий сынга таандык дициплиналардан талап кыла тургандыгы да ачыкка чыкты. Бардык тармактар боюнча филологиялык билим берүүнүн жаңы компетенциялары бар экендигин так жана таасын көрсөттү. Бирок, эки баскычтуу жогорку билим берүү системасына бут коюп, анын ички табиятына мүнөздүү белгилүү бир спецификалык бөтөнчөлүктөрүн ар бир мамлекет ар түрдүү кабыл ала тургандыгы аныкталды. Филолог адистин кесиптик сапаттарын аныктоочу категориялар - профессионалдык компетенциялар деп аталганы менен ал окуу процессинде студентте калыптануучу **адабияттын көркөм-адабий семиотикалык табиятын ачып берүүчү дискурстун** *минимум* жана *максимум чегин өздөштүрүүсүн* милдеттендирүүдө. Ал өз кезегинде адабий тилдин нормаларын, тилдин грамматикалык тексттик түзүлүштөрүн реалдуу турмуштук шарттарда ылайыктап колдонуусуна, лексикалык каражаттарды троптук маанисине чыгара пайдалануусуна жетишип, тилдик компетенциялар боюнча да жөндөмдүүлүктү калыптандыра ала тургандыгы ачыкталды. Жогорку окуу жайларында адабиятты компетентүүлүк парадигмасына негиздөө канчалык жаңы мазмунга ээ болбосун көркөм-адабий дөөлөттөрдү окутуп-үйрөтүүдө адамзат

калыптандырган адабий-теориялык билимдин фундаменталдуу табиятынан алыстап кете албайт. Компетенттүүлүк парадигмасынын кесиптик багытта адабий билим берүүгө койгон талаптарынын бири - студентке реалдуу турмушта колдоно алууга мүмкүндүк түзгөн же билим катары өз натыйжасын берүүчү адам баласы топтогон тажрыйбаларды үйрөтүүгө багытталган белгилүү тармактын топтомдору, же болбосо анын бөлүмдөрү болсо, анда принциптер мугалимдин окутуу жана тарбиялоо процессин долбоорлоо маселесиндеги мыйзамдуу аракеттери экендиги талашсыз. Тагыраак айтканда, окутуу принциптери мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү окуу процессин уюштурууда прктикалык иш чараларда жөнгө салуунун илимий-теориялык элестөөсү катары түшүндүрүлүп келет. Бул көз караштардын бардыгын кабыл алуу менен аны илимий-практикалык иштерде, педагогикалык иш тажрыйбаларда сынап көрүү, алардын көз карашынын канчалык концептуалдуу мазмуну бар экенин практикалык иштерден аныктоо милдети алдыда тургандыгын белгилей кетели.

2) Кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн доктринасын иштеп чыгууда адабий чыгармачылыкты толугу менен жолго койгон көркөм сөз каражаттарын толук пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзгөн тилдик (лингвопоэтикалык) жана кептик (риторико-коммуникативдик) даярдыктардан өткөрүү, окутууда практикалык иштердин мазмунун ушул багытка буруу менен жаңычыл окуу-методикалык окутуу формаларын, ык-усулдарды комплексттүү пайдалануу технологиясын иштеп чыгуу зарылдыгы турат. Бул технологиянын максаты студенттин кыргыз адабияты боюнча билимин жогорку баскычка чыгаруу, б. а. кыргыз адабиятын башка адабияттар менен салыштырып үйрөнүүгө, салыштырууда типологиянын ички, эл аралык деңгээлде колдонулган методикасында иштөөгө, адабий билим берүүнүн максатын жана мазмунун түзүүдө дүйнөлүк филологиялык илим жетишкен изилдөө технологиясын кыргыз адабиятынын базасында ишке ашырууга, кыргыз адабиятынын проблемаларын таанууда билингвизм системасына өтүүгө, ал аркылуу адабий ишмердүүлүгүн чет өлкөлөрдө жүргүзүүгө шарт түзүүчү окутуу технологиясын окуу процессине киргизүүгө багыт алуу маселеси менен коштолот. Башка предметтердей эле кыргыз адабияты инсанга багыттап окутуу концепциясын башкы орунга коё тургандыгын таанысак, анда компетенттүүлүүккө негиздеп

окутуу маселеси кыргыз филологунун чет элде иштеп келүү кызыкчылыгын, чет элдик окуу жайлар менен тыгыз байланышта чыгармачылык иштерди жүргүзүшүн, өзгөчө илим изилдөө, медиа системасында, мезгилдүү маалымат каражаттарында иштөө талаптарын да эске алуу маселеси коюлууда. Бул филология багытында "кыргыз тили жана адабияты" адистигинде билим алган жарандын дипломун алган соң түрдүү кызматтарда ишмердүүлүгүн жүргүзүү менен бирге андан ары билим алуусун улантып, эл аралык долбоорлордун масштабында үзгүлтүксүз билим берүү системасынан пайдаланууга жол ачып бермекчи. Ырас анын бир бутагы сабактардын мазмунун компетентүүлүк парадигмасында жаңылоо болсо, экинчи бутагы интеллектуалдык маалымат технологиясын пайдалануу аркылуу чечилмекчи.

3) Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык жана стратегиялык технологияларынын теориялык жана практикалык мазмуну азыркы мезгилде өнүккөн маалымат каражаттары аркылуу кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүнүн жана студенттерди кесипке даярдоонун компьютердик технологиясын иштеп чыгуу милдетин жүзөгө ашыруу милдети менен коштолот. Кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу филологиялык багытта кыргыз тили жана адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө профессионалдык блоктогу кыргыз адабиятына тиешелүү (бардык эле предметтерди десе да болот) предметтерди мазмундук жана формалык жактан инновациялоого, б. а. *методологиялык*, *стратегиялык* жана *тактикалык технологиясын* түп-тамырынан жаңыртуу маселелери бар экендигин ачыкка чыгарды. Ырас, азыр башка предметтердей эле кыргыз адабиятын окутууда окутуунун инновациялык формаларын колдонуу студенттин жарандыгын таануу, ага инсан катары мамиле кылуу, б. а. **инсанга багыттап окутууга негизделген** формаларга артыкчылык берилип, анын натыйжасында ар бир *студент менен жекече иштешүүгө,* алардын *топтук* жана *коллективдүү кызыкчылыктарын эске алуу* менен аракеттенүү зарыл экендигин көрсөттү. Кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө формалык жактан *ички* жана *тышкы* инновациялануу бар: а) *ички жаңылануу* (мында мурда пайдаланылып жүргөн окутуу формаларына кээ бир чыгармачыл окутуучулар тарабынан жаңы ык-усулдарынын кошулушу); б) *тышкы жаңылануу* (дүйнөгө

белгилүү болгон интерактивдүү окутуу методдорун *кейс методун, портфолио түзүүнү,* ж. б. ушул сыяктуу ык-усулдарды өз сабактарына колдоно баштагандыктар) да азыр университеттерде жетиштүү эле. Бирок, азыр мамлекеттик стандарт талап кылган компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун милдеттерин чече албайт. Тагыраак айтканда, ушул тапта студенттерге кесиптик билим берүү боюнча сабак берип жаткан мугалимдердин айрымдары компетенттүүлүккө негиздеп окутууну окутуунун башка багыттарындай улам бирин алмаштырып колдонууга мүмкүн болуучу, ал тургай анда-санда бир пайдаланганга боло бере тургандай мамиле кылып жатышкандыгын да кездештирүүгө болот. Ырас, мындай мамиленин көпчүлүгү компетенттүүлүк парадигмасына сүңгүп кирбегендиктен болсо, айрымдарында алдыда турган убактылуу бир маанилүү өтүп кетүүчү көрүнүш катары кабылдоодон экендигин эскерте кетели.

4) Азыр республикада жана дүйнөлүк билим берүүдө практикаланып жаткан компетенттүүлүккө негиздеп окутуу усулдары менен формаларын колдонуп, анын ийгиликтүү жактары качан студент окууну бүткөндө башкаларга таасир калтыра турган кесипкөй адис болушуна шарт түзө алган билимди кыргыз адабияты боюнча буга чейин иштелип чыккан илимий-теориялык маалыматтардын арасынан бөлүп бергендигинде турат. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадгимасы мына ошол аракеттерден студенттин кесиптик компетенциялары калыптанышы керектигин талап кылып жаткандыктан, ЖОЖдук компоненттерде орун алган кыргыз адабияты сабактарында компетенциялар кесиптик ишмердүүлүгү боюнча калыптанышы кандай деңгээлде болуп жатканын окуткан мугалим так билиши үчүн компетенттүлүктүн өнүгүш траекториясын көрсөтүү таблицасын сунуштадык, ал кыргыз адабияты боюнча сабак өтүп, ал сабакта студентте (окуучуларда деле) кандай аракеттер болуп, ал аракеттер анын жашоо-тиричилигинде зарыл керектелүүчү кайсы ишмердүүлүтүн шартында эмне жөндөмдүүлүктү ишке ашыра тургандыгын айкындоого, ошол эле мезгилде алар кандай сапатка ээ болуу менен бирге көндүм – компетенцияларды калыптандырып жатканын ачыкка чыгарууга мүмкүнчүлүк түзөт. ЖОЖдук компоненттер кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутууда жергиликтүү кырдаалдык кызыкчылыктарды, иш

берүүчүлөрдүн керектөөлөрүн, социумдук маданий баалуулуктарды, ошол жерге мүнөздүү адабий-маданий дөөлөттөрдөгү өзгөчөлүктөрдү, каада-салттык айырмачылыкты эсепке алып компетенцияларды калыптандырууга аракеттенгени менен кыргыз адабиятын окутууда жалпы республикалык масштабда жетекчиликке ала турган жалпылыктарды, кыргыз адабиятынын бүтүндүгүн, анын илимий-теориялык жактан аныкталган тармактарын баары бир кармануугa, жетекчиликке алууга тийиш. Алар төмөнкүлөр болуп саналат: а) кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы, анын көчмөн цивилизацияга тиешелүү уникалдуу өзгөчөлүгү, кыргыз элине гана таандык фольклордук жанрлар, алардын пайда болуу, жаралуу, калыптануу жана өнүгүү табияты, тарыхы; б) элдик оозеки чыгармачылыкты жоготпой сактап, ал тургай мезгил талаптарына ылайык өстүрүп, өнүктүрүп келген акындар чыгармачылыгынын өзгөчөлүгүн пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү теориясы жана тарыхы; в) Кыргыз эли колдонгон кол жазма адабияты, анын элдин тарыхында, маданий турмушунда ээлеген орду, кол жазма адабияттын түрк адабиятынын контекстинде алган орду жана өсүш деңгээли, көркөм-эстетикалык баалуулугу, орток адабий мурастар катары таанып-билүүнүн мыйзамченемдери; г) XX кылымдагы кыргыз профессионал адабияты, кыргыз адабиятынын дүйнөлүк адабиятта ээлеген орду, адабий чыгармачылыкты өздөштүрүү этаптары, автордук индивидуализмдин жаралуу, калыптануу жана өнүгүү деңгээли, адабий өнүгүштөгү тенденциялар; д) Кыргыз адабий сыны коомдук аң сезимдин бир түрү экендиги, анын пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү жолдору, генезиси, тарыхый этаптары, сынчылык чыгармачылыктын жаралуусунун тарыхый эволюциясы, адабий сындын жанрдык түзүлүшү; ж. б.

5) Жогорку окуу жайларында студенттердин текст менен иштөө жумуштарынын туура уюшулбаганы ачыкка чыкты, анын натыйжасында айрым студенттер өздөрү курстук иштерди жаза албай (мисалы интернет булактарына), башкаларга заказ берип жатканы абалга алып келүүдө. Мунун өзү ЖОЖдук компоненттер аркылуу кыргыз адабияты (анын ичинде тил да бар) боюнча төмөнкү көндүмдөрдү пайда кыла турган практикалык жана лабораториялык сабактарды уюштуруу зарыл экенин көрсөтүүдө. Алар төмөнкү көндүмдөрдү калыптандырууну жетекчиликке алууга тийиш. *1) Жазуу кебин уюштурууга зарыл болгон текстти*

*түзүү үчүн көндүмдөр; 2) Оозеки кебин уюштурууга зарыл болгон текстти түзүү үчүн көндүмдөр;* Мамлекеттик стандартта булар лингвистикалык компетенциялар катары аныкталганы менен мындай көндүмдөрдүн жетишсиздиги кыргыз адабияты сабагында ачык байкалат. Ошондуктан, студенттин кесиптик ишмердүүлүгүн эске алуу менен кыргыз адабияты боюнча ЖОЖдук компоненттерди мына ушул багытта көндүмдөрдү пайда кылуучу (анын негизинде компетенциялар калыптана тургандыгын эске алуу менен) мастер-класстарды уюштуруу зарыл экендиги ачык сезилет. Албетте, мастер-класстар студентке компетенцияларды калыптандыруу деңгээлине жараша, студенттердин билимине, кесиптик көндүмдөрүнө ылайык өзгөрүлүп турууга тийиш. Студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө көнүктүрүү, тандаган кесиптик багытына ылайык (адабиятчы жана адабият мугалими) компетенцияларды калыптандыруу үчүн коммуникативдик сүйлөө речин өстүрүүнүн ийкемдүү ыкмаларын табуу, кесибине ылайыктуу сабактардын формаларын, ык-усулдар топтомун түзүү, б. а. Мамлекеттик стандарттын кесиптик билим берүү компонентине кирген кыргыз адабияты боюнча предметтерди *компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун тактикалык технологиясын* иштелип чыкты. Ал мугалимдер менен студенттердин демократиялык шартта кызматташуусун, өзгөчө мугалимдин студентке карата мамилеси жаңылануусу керектигин түшүндүрүү – лекциянын, практикалык сабактардын мазмунун өзгөртүп, студенттин кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандыруу үчүн *студент өзү сабакта активдүү катышуусун камсыздаган окутуу формаларын* (коллоквиум, практикум, лабораториялык иштер, бинардык лекциялар, ж. б.) башкы орунга чыгарды. Студенттердин кесиптик ишмердүүлүгүнө керек болгон расмий, адабий сын, адабий изилдөө, публицистикалык жана адабият мугалими үчүн маанилүү компетенциялар - оозеки жана жазуу кебин, ал кеп талап кылган жанрларда текст түзө билүүнү, ал тексттерде адабий-лингвистикалык эреже-нормаларды сактоону, ошол эле мезгилде ар бир жанрдын спецификалык табиятына жараша мамиле кылууну, чыгармачылык көрсөтө билүүнү калыптандыруу жолдорун иштелип чыкты. Кыргыз адабияты боюнча сабактарда студенттин билимин, кесиптик жөндөмдүүлүгүн мугалим гана текшербестен, студент өзү да өз эмгегин баалай билиш үчүн *компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун парадигмасына ылайык*

*баалоо системасын өзгөртүү*, б. а. демократиялык ойлоо талаптарына ылайык баалоо критерийлерин иштеп чыгуу жана ал критерийлердин мугалимдер жана студенттер тарабынан так сакталышын жөнгө салынды. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасында ишти аткаруу үчүн методологиялык, стратегиялык жана тактикалык, ошондой эле баалоо технологиясы сунушталгандан кийин жүргүзүлгөн эксперимент маанилүү натыйжаларды берди. Алар төмөнкүлөр: а) окутуу формаларынын жана баалоо системасынын өзгөргөнүнө байланыштуу сунушталган материалдардын студенттер тарабынан өздөштүрүү да кыйла жогорулады. Студенттер кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандырууга атайын тапшырмалардын негизинде өздөрү даярдангандыктан, адистик ишмердигинин калыптанышын аныктоочу жанрдык (адабий, адабий сын, адабий изилдөө, публицистикалык жана мугалимдик ишмердүүлүгүндө аткаруучу) бөтөнчөлүккө ылайык профессионалдык-кесиптик, тилдик жана коммуникативдик компетенциялары текшерүүчү топторго салыштырмалуу эксперименттик топтордо пайыздык өсүш байкалды. Мында студент кайсы жанрдагы тексттер кайда колдонулаарына карап мамиле кыла тургандыгы, өзгөчө автордук речти, диалог, монолог мүнөзүндөгү сүйлөм курулмаларын пайдалануу жолдорун, тексттин жанрына, керектелүүчү багытына, текстке болгон коомдук-социалдык талаптарга карай сөз тандоо, термин менен иштөө, түйүндүү сөздөрдү колдонуу чеберчиликтери көндүм катары калыптана тургандыгы ачыкка чыкты; б) адистик ишмердүүлүккө карай сөз курамын айырмалоо, сүйлөмдүн структурасын тандоо, сүйлөшүү, аңгемелешүүнүн максатына жараша кептин түрлөрүн уюштурууга, коммуникативдик компетенциялардын талаптарына, кептин кимге багытталганына, сүйлөшүү тибине карай монолог жана диалог мүнөзүндөгү тексттер менен иштөө системасы түзүлдү. Жазуу кебиндеги ойду бере билүү чеберчилиги, анда лексикалык-грамматикалык эрежелерди туура колдоно алуу, өзгөчө тексттин систаксистик курамын туура пайдалануу, угуп түшүнүүдө, зарылдыгына жараша котормо иштерин колдонуу сыяктуу жазуу кебин түзүүдөгү көндүмдөр калыптана баштады. Бул изилдөө компетенттүүлүккө негиздеп окутуу маселесин туура чечүү үчүн алгач кыргыз адабияты боюнча кесипке даярдоонун Мамлекеттик стандартын жетекчиликке алган адабий билим берүүнүн концепциялары иштелип чыгышы

керектигин ачыктады. Ошону менен бирге эксперименттик иштер жаңы муундагы окуу китептери, окутуунун методологиялык, стратегиялык жана тактикалык, баалоо жана методикалык негиздери иштелип чыгып, компетентенттүүлүккө негиздеп окутуу технологиясы түзүлүшү зарыл экендиги ачыкка чыгарды. Кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу адабий билим берүүнүн сапаты үчүн күрөшү керектигин, ал төмөнкүдөй багыттар боюнча ишке ашырылса максатка жете тургандыгын аныктады: 1) кыргыз адабияты боюнча окутула турган сабактын миссиясын айкындоо; 2) кесиптик билим берүүдө анын максаты эмне экендигин тактоо; 3) кыргыз адабияты боюнча билим кайсы ишмердүүлүккө керектеле тургандыгын билүү; 4) окуу процессинде кыргыз адабияты боюнча адабий билим берүү кандай компетенцияларды калыптандырууга милдеттене тургандыгын ачыкка чыгаруу жана аны силлабуста чагылдыруу; 5) кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн методологиялык технологиясын түзүү жана анын максатын студенттерге түшүндүрүү; 6) кыргыз адабияты боюнча билим берүүнүн мазмунун кесиптик ишмердүүлүккө жана студентте калыптануучу инсандык, жалпы илимий, тилдик жана коммуникативдик компетенцияларга карай буруу; 7) студенттин кесиптик ишмердүүлүккө карай көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн окуу процессинде активдүү аракетке келген компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун психологиялык-педагогикалык шарттарын толук сактаган стратегиялык жана тактикалык технологиясын иштеп чыгуу; 8) учурда рынок шартынын талаптарын эске алуу менен кыргыз адабияты боюнча студенттин керектөөсүн, билимди турмушта пайдалануу кызыкчылыгын жөнгө салуучу практикалык ишмердүүлүктүн негизинде ишке ашырылуучу кыргыз адабиятына тиешелүү сабактардын спецификалык бөтөнчөлүктөрүнө таянган баалоо технологиясын иштеп чыгуу жана окуу процессине киргизүү; 9) студенттерге өз кесиптик компетенттүүлүгүн түптөө жолдорун үйрөтүү.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1) Концептуалдуу көз караштарды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасына негиздөө үчүн окуу процессинде төмөнкү багыттар сөзсүз жетекчиликке алынышы керектиги ачыкка чыкты: а) билим алып жаткан жаранга

субъекти катары мамиле кылуу; б) анын инсандыгын сыйлоо аркылуу билим берүүгө аракеттенүү; в) билим жана тарбиялоону ошол жеке адамдын инсандыгына багыттоо; г) ал ким болбосун өзүнүн индивидуалдуу касиеттери жашаган коомдун бир мүчөсү экендигин таануу жана таанытуу; д) кайсы тармак боюнча билим алууга умтулбасын жөндөмдүү (компетенттүү) адис болуп чыгуусуна карай билим берүүнүн нугун буруу; ж. б. критерийлер Мамлекеттик стандарттарда чагылдырылса;

2) Адабиятты компетенттүүлүк парадигмасында окутуу адабият боюнча сабактардын мазмунунда *студентти субъекти катары таанып билген*, алардын *ар биринин инсандыгын тааныган, ар кимисинин жеке инсандык табиятына багытталган* төмөнкү **принциптердин** болушун талап кылат: 1) адабий-семиотикалык дискурстун студенттин профессионалдык компетенцияларын калыптандыруу процесси когнитивдик-интеллектуалдык багытта болушу; 2) студенттердин адабиятка карата шык-талантын эске алуу менен индивидуалдуу мамиле кылуу; 3) студенттердин адабий-семиотикалык дискурсту, адабиятты илимий-теориялык жана практикалык жактан өздөштүрүүдө окуу тажрыйбасын эске алуу; 4) көркөм чыгармаларды, адабий-теориялык изилдөөлөрдү өз алдынча окууну калыптандыруу; 5) адабий түшүнүктөрдү, терминдерди адабий процессти таанып билүүдө интенсивдүү үйрөнүүнү; 7) студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн контекстинде адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү турмуштук керектөөдө маданият таануучулук компетенция катары пайдалана алуусуна жетишүү, ж. б. аталган принциптер ар бир предмет боюнча иштелип чыкса;

3) Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын келиши мыйзамченемдүүлүк экендиги, анын билим берүүгө карата өзүнчө талаптары боло тургандыгы, мурда билим берүүдө калыптанган "билим-көндүм-адат" формасында иш алып барууга караганда мазмуну кыйла кеңири экендиги, "компетенттүүлүк" өз ичине *билимди таанып билүү* (когнитивдүү) жана *практикалоодон* тышкары *этикалык, социалдык жана жүрүм-турум касиеттерин мотивдештирип үйрөнүүнү* жетекчиликке ала тургандыгы ачык туюндурулса;

4) Кесипке ээ болгон жаран өзү каалаган өлкөдө иштеп кетүүсүнө кепилдик берген билим сапатын милдеттендирген болсо, кыргыз адабияты сабактарында

зачеттук бирдик мамлекеттин ички кызыкчылыктарын эске алганы менен жалпы филологиялык, анын ичинде адабият боюнча билим берүүнү эл аралык деңгээлде коюлган компетенцияларга негиздөөнү, өзгөчө филолог адистин турмушуна тикелей керек болгон жагын үйрөтүүнү зарыл маселе катары аныктаганы республикалык деңгээлде түшүндүрүлсө;

5) "Окутуунун технологиясы"– *методология, стратегия* жана *тактиканын* өз ара жуурулушкан байланышындагы окутуу процессинин максаттуу аракети кесипкөй адистер тарабынан дайыма талдоого алынса жана коомдук-социалдык талаптарга ылайык толукталып турса; Окутуунун (педагогиканын) технологиясы өз ичине максаттуу аткарылуучу төмөнкүдөй иш чараларды камтууга тийиш: а) студентте белгилүү компетенцияларды калыптандырууга катышы бар окутуунун техникалык каражаттарын, ыкмаларды объектилерди максаттуу пайдалануу; б) педагогикалык процессте коммуникативдүүлүктү уюштуруу системасын (бул кыргыз адабиятын окутууда өтө маанилүү орунда турат) жана маалыматтарды жеткирүүнү (презентация, ж. б.) формаларынын педагогикалык иш чараларда максаттуу колдонуу; в) окуучулардын (студенттердин) таанып-билүү ишмердүүлүгүн башкаруу системасын уюштуруу; г) белгилүү маселелерди чечүү үчүн педагогикалык процессте окутуу усулдарын жана каражаттарын максаттуу конструкциялоо; д) окутуу процессинде компетенттүүлүктүн калыптанышын пландаштыруу; е) компетенциялардын калыптанышы үчүн сабактын максатын окутуу процессинде студенттердин жөндөмдүүлүктөрүн ойготуу, аналикалык ой жүгүртүүгө багыттоо, сунушталган илимий-теориялык маалыматтарды студенттин жеке турмушу менен айкалышырып түшүндүрүү; ж) окуу процессин интеграциялоо, окуу материалын реалдуу турмуштун контекстинде комплекстүү кароо; з) окуу процессине долбоорлоо технологиясын, ар бир студенттин өз алдынча жыйынтык чыгаруу системасын колдонуу; и) окутууну коомдук-социалдык керектөө менен айкалыштыруу, билим берүү методологиясында алган компетенцияларынын негизинде өзүн-өзү реализациялоого калыптандыруу; к) азыркы дүйнөлүк билим берүү процессиндеги баалоо системасын пайдалануу, студенттерди өзүн-өзү баалоого, кырдаалды, мүмкүнчүлүгүн сын көз менен карап баа берүүгө калыптандыруу шарттарына артыкчылык берилсе;

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


**1. Абдыразаков, А**. Манас таануу. [Текст]: Программа / А.Абдыразаков, А.Жумалиев К. – Б.: 2003. -20 бет.,

**2. Абакиров, К**. Манас таануу [Текст]: Типтүү окуу программасы. / Абакиров К., Байсабаев Б., Медетов А. – Б.: Кырг. Улуттук ун-ти, 2013. – 23 бет.

**3. Алексеева, Л. П**. Преподавательские кадры: состояние и проблемы профессиональной компетентности. [Текст]: / Л.П.Алексеева, Н.С Шаблыгина.- НИИВО, 1994.

**4. Алексеева, Е. П**. Теоретические основы формирования компетенций в системе образования. [Текст]: Л.П.Алексеева / Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары, Бишкек.;2012, № 3(23)118-123-бб.

**5. Адамко, М. А**. К актуальности интегративного подхода в контексте решения задач компетентностного обучения [Текст] / М.А. Адамко // Наука - основа инновационного развития современного общества: сборник научных статей I Всерос. науч.-практич. конф. с межд. уч. - Тольятти: НОУ ВПО ТФИКиП, 2010, 13-18-беттер.

**6. Адамко, М. А**. Технология интегративного обучения в формировании общепрофессиональной компетенции «Филологический анализ и интерпретация художественного текста» у студентов-филологов [Текст]: / М.А. Адамко // Вектор науки Тольяттинского государственного университета. - № 3 (21). - Тольятти, 2012, 215-219-беттер.

**7. Адамко, М. А.** Технология формирования общепрофессиональной компетенции «Филологический анализ и интерпретация художественного текста» у студентов направления подготовки бакалавра «Филология» [Текст]: М. А. Адамко, Г.Н. Тараносова // Вестник Волжского университета им. В.Н. Татищева. - № 1 (9). - Тольятти, 2012. - С. 49-59.

**8. Андреев, А**. Знания или компетенции? [Текст]: А.Андреев // Высшее образование в России. - 2005. - № 2, 3-11-беттер.

**9. Антипова, В. М**. Компетентностный подход к организации дополнительного образования в университете [Текст]: В.М.Антипова, К.Ю. Колесина, Г.А.Пахомова // Педагогика – 2006. – №8.

10. **Аниськина, Н. В.** Профессиональная компетентность учителя в информационном обществе: Структура, содержание, принципы формирование. [Текст]: Н.В.Аниськина / Автореф. дисс. на соиск. уч. степени канд пед. наук. – Самара., 2000. - 20 б.

11. **Артюшина, И. А**. Бинарное ведение лекции как форма интерактивного взаимодействия в проблемном информационном поле: [Текст]: / Артюшина И. А. // Специальное образование. - 2008. - № 10. - С. 43-45.

12. **Асипова, Н**. Дидактика [Текст]: Н.Асипова, Р.И.Курманходжаева, С.Сатыбекова и др. - Б.: Турар, 2009. – 192 б.

13. **Асмолов, А. Г**. Психология личности: [Текст]: А.Г.Асмолов // Учебник-М.: Изд-во МГУ, 1990, - 367 с.

14. **Асакеева, Д. Ж.** Адабият теориясы [Текст]: Д.Ж.Асакеева: Окуу куралы. – Б.: 2013. – 304 бет.

15. **Алимбеков, А**. Кыргыз этнопедагогикасы. [Текст]: А.Алимбеков / I бөлүк. – Б.: 1997, 5-12-беттер.

16. **Артыкбаев, К**., Абдыразаков А. Кыргыз адабиятынын тарыхы курсу боюнча программа. / Байыркы мезгилден XX кылымга чейин. [Текст]: К.Артыкбаев, А.Абдыразаков / Жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери үчүн. – Ф.: Кырг. мамл. ун-ти. – 38 бет.

17. **Артыкбаев, К**. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. [Текст]: К.Артыкбаев / Окуу китеби. – Б.: 2003. – 110 бет.

18. **Артыкбаев, К.** Байыркы мезгилден XX кылымга чейинки кыргыз адабиятынын тарыхы. [Текст]: К.Артыкбаев, А.Абдыразаков / Кыргыз акындар чыгармачылыгын тарыхы. – Б.: 2003. – 60 бет.

19. **Артыкбаев, К.** Адабият таанууга киришүү. [Текст]: К.Артыкбаев, Ж.Шериев, С.Карымшаков – Б.: 2003. – 26 бет.

20. **Акматов, Б. М**. Мекен коргоо – ыйык милдет. [Текст]: Б.М.Акматов / Окуу куралы. - Б.: “Кыргызстан”, 1995. – 96 бет.

21. **Акматов, Б. М.** Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы [Текст]: Б.М.Акматов / Монография. - Б.: 2016, Фаст-Принт.

**22. Акматов, Б. М.** Болонья процесси жана жогорку окуу жайларында кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуутуунун теориясы жана практикасы. [Текст]: Б.М.Акматов / Окуу куралы. - Б.: 2016, Фаст-Принт. – 584 б.

**23. Акматов, Б. М.** Кыргыз адабий сыны. (Тарыхы жана теориясы). [Текст]: Б.М.Акматов / Методикалык колдонмо. - Б.: -2014. Адэм басмасы. - 140 б.

**24. Акматов, Б. М**. Адабият таануга киришүү. [Текст]: Б.М.Акматов / (Студенттердин өз алдынча иштөө жумуштары). Методикалык колдонмо. - Б.: - 2014, -111 б.

**25. Акматов, Б. М**. Адабият таануга киришүү. [Текст]: Б.М.Акматов / Типтүү окуу программасы. - Б.: “Бийиктик”. 2011. -32 б.

**26. Акматов, Б. М.** Кыргыз адабий сыны. (тарыхы жана теориясы). [Текст]: Б.М.Акматов / Типтүү окуу программасы Б.: “Бийиктик”. 2011. -32 б.

**27. Акматов, Б. М.** Компетенции стандарта высшего профессионального образования и миссия профессионального образования в кыргызской литературе. [Текст]: Б.М.Акматов / Материалы XXVII международной научно-практической конференции. - Москва, 2016. - С.

**28. Акматов, Б. М.** Дидактические основы формирования компетентности специалиста через предметы по кыргызской литературе. [Текст]: Б.М.Акматов / ACADEMY. – 2016. - №6(9). – С. 89-92.

**29. Акматов, Б. М.** Научно-педагоги ческая парадигма обучения компетен циям на уроках киргизской литерату ры по двухступ енчатой системе образования в выс ших учебных заве дениях и Болонский процесс. [Текст]: Б.М.Акматов / - Вестник современный науки.- 2016. - №3-3(15) . – С. 47-52.

**30. Акматов, Б. М**. Теоретическая и практическая необходимость обоснования на компетентностьпредметов по кыргызской литературе в системе двухуровневого образования. [Текст]: Б.М.Акматов / Сборник статей «Международной научно-практической конференции. Актуальные процессы формирования науки в новых условиях» -2016. – С. 88-92

**31. Акматов, Б. М.** Отражение парадигмы обучения, основанной на компетенциях в учебниках по литературе. [Текст]: Б.М.Акматов / Гуманитарный вектор. – 2016. – Том 11. - №3. – С. 194-198.

**32. Акматов, Б. М**. Отражение и пути развития компетентности в учебных стандартах профессионально-ориентированной подготовки специальности по кыргызской литературе. [Текст]: Б.М.Акматов / ISSN 2308-8079 / Studia Humanatatis. 2016. 2.www.st.hum.ru

**33. Акматов, Б. М**. Дидактические принципы обучения кыргызской литературе на основе компетентности. [Текст]: Б.М.Акматов / Символ науки. – 2016. – №7-1. – С. 95-99.

**34. Акматов, Б. М.** Болонский процесс и парадигма обучения кыргызской литературы обоснованная на компетентность в двух уровнвых учебных заведениях. [Текст]: Б.М.Акматов / Международный академический вестник. №3 (15) 2016. С. 4-8.

**35. Акматов, Б. М**. Преподавание литературы в условиях двухуровневой системы высшего учебного аведения на основании принципа компетентности. [Текст]: Б.М.Акматов / Проблемы современной науки и образования 2016. - №16 (58). – С. 92-96.

**36. Акматов, Б. М.** Компетентность в профессиональном образовании по литературе в Киргизии и России**.** [Текст]: Б.М.Акматов / Учёные записки Забайкальского государственного университета. – 2016. Том 11, №2. С. 56-61.

**37. Акматов, Б. М**. Эки баскычтуу билим берүү системасы жана кыргыз адабияты боюнча предметтерди компетенттүүлүккө негиздөөнүн теориялык жана практикалык зарылдыктары. [Текст]: Б.М.Акматов / Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. №4 (32). Б.: 2014, 102-106-беттер.

**38. Акматов, Б. М.** Жогорку окуу жайларында адабиятка тиешелүү сабактарды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориялык жана практикалык жалпы маселелери. [Текст]: Б.М.Акматов / БГУнун Жарчысы №4 (30), 2014, 200-203-беттер.

**39. Акматов, Б. М**. Жогорку кесиптик билим берүү стандартында компетенциялар жана кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүнүн миссиясы. [Текст]: Б.М.Акматов / БГУнун Жарчысы. №4 (30), 2014, 203-205-беттер.

**40. Акматов, Б. М**. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттары нда компетенттүүлүктүн чагылдырылышы жана «Манас таануу» сабагында өркүндөтүү жолдору. [Текст]: Б.М.Акматов / И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Атайын чыгарылышы. Б.; 2014. 33-38-беттер.

**41. Акматов, Б. М**. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарында компетенттүүлүктүн чагылдырылышы жана аны өркүндөтүү жолдору. [Текст]: Б.М.Акматов / И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Б.; 2014. 38-43-беттер.

**42. Акматов, Б. М.** Адабият боюнча окуу китептеринде компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын чагылышы. [Текст]: Б.М.Акматов / И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Б.: 2014. №4, 72-74-беттер.

**43. Акматов, Б. М**. Болонья процесси жана эки баскычтуу жогорку окуу жайларында адабият сабактарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун илимий-педагогикалык парадигмасы. [Текст]: Б.М.Акматов / И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Б.: 2014. №4, 74-77-беттер.

**44. Акматов, Б. М**. Болонья процесси жана эки баскычтуу жогорку окуу жайларында адабият сабактарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун илимий-педагогикалык парадигмасы. [Текст]: Б.М.Акматов / И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Б.: 2014. №4, 74-77-беттер.

**45. Акматов, Б. М.** Адабият боюнча кесиптик билим берүүдө компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун Кыргызстан жана Россиядагы абалы. [Текст]: Б.М.Акматов / Наука и новые технологии. №4, 2014, 257-260-беттер.

**46. Акматов, Б. М**. Болонья процесси жана эки баскычтуу жогорку окуу жайларында адабият сабактарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы. [Текст]: Б.М.Акматов / Наука и новые технологии. №4, 2014, 265-268-беттер.

**47. Акматов, Б. М**. Кыргыз адабияты боюнча предметтер аркылуу адистик компетенттүүлүктү калыптандыруунун дидактикалык негиздери. [Текст]: Б.М.Акматов / И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Б.: 2014. 143-146-беттер.

**48. Акматов, Б. М**. Кыргыз адабияты багытында кесипке даярдоочу окуу стандарттарында компетенттүүлүктүн чагылдырылышы жана өркүндөтүү жолдору. [Текст]: Б.М.Акматов / И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Б.: 2015. 143-146-беттер.

**49. Акматов, Б. М**. Кыргыз адабиятын кесиптик компетенттүүлүккө негиздеп окутууда стратегиялык жана тактикалык технологиянын зарылдыгы. [Текст]: Б.М.Акматов / Кыргыз тили жана адабияты. №27, 2015, 183-186-беттер.

**50. Акматов, Б. М**. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарынын базалык бөлүмдөрүндө орун алган Манастаануу» предмети аркылуу кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу. [Текст]: Б.М.Акматов / Кыргыз тили жана адабияты. №27, 2015, 187-190-беттер.

**51. Акматов, Б. М**. Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарынын базалык бөлүмдөрүндө кыргыз адабиятына тиешелүү предметтерди адистик компетенттүүлүккө негиздеп окутуу. [Текст]: Б.М.Акматов / БГУнун Жарчысы. №1 (31), 2015. 182-184-беттер.

**52. Акматов, Б. М.** Кыргыз адабиятын ке сиптик компетенттүүлүктүн негизинде окутуу жана анын дидактикалык негиздедери. [Текст]: Б.М.Акматов / БГУнун Жарчысы. №1 (31), 2015. 192-195-беттер.

**53. Акматов, Б. М.** Кыргыз адабияты боюнча предметтерди ЖОЖдо компетенттүүлүккө негиздөөнүн теориялык жана практикалык зарылдыктары. [Текст]: Б.М.Акматов / БГУнун Жарчысы, №2 (36) 2016, 105-108-беттер.

**54. Акматов, Б. М.** Адабият сабактарын эки баскычтуу жогорку окуу жайларында окутуу жана компетенттүүлүккө негиздөө принциптери. [Текст]: Б.М.Акматов / БГУнун Жарчысы №2 (36) 2016, 99-103-беттер.

**55. Акматов, Б. М.** Адабият таанууга киришүү [Текст]: Б.М.Акматов Б., К.Даутов. / Типтүү программа. Б.: Бийиктик, 2011.– 32 бет.

**56. Акматов, Б. М**. Биримдик идеясы жаштарды патриоттуулукка тарбиялоонун башкы максаттарынын бири. [Текст]: Б.М.Акматов // Труды института целевой подготовки специалистов. Бишкек, 2003, вып. 6, 160-172-беттер.

**57. Акматов, Б. М.** Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарында компетенттүүлүктүн чагылдырылышы жана аны өркүндөтүү жолдору. [Текст]: Б.М.Акматов // И.Арабаев атындагы мамлекеттик педагогикалык университеттин Жарчысы. 2014.

**58. Акматов, Б. М.** Кыргыз тили жана адабияты багытындагы окуу стандарттарында компетенттүүлүктүн чагылдырылышы жана аны “Манас таануу” сабагында өркүндөтүү жолдору. [Текст]: Б.М.Акматов / И.Арабаев атындагы мамлекеттик педагогикалык университеттин Жарчысы. 2014.

**59. Айдаров, М. Д.** Педагогикалык маданият. [Текст]: М.Д.Айдаров / Педагогикалык жогорку окуу жайларынын студенттери, окутуучулары, аспиранттары жана мектептин мугалимдери үчүн окуу куралы.-Б.: 2011, -64 б.

**60. Баранников, А. В**. Содержание общего образования: компетентностный подход. [Текст]: / А.В.Баранников / - М.: ГУ ВШЭ, 2002.

**61. Бараник, Е. В**. Формирование основ профессиональной компетентности как одна из основных задач языковой подготовки в вузе. [Текст]: / /Е.В.Бараник//Высшее образование сегодня. – 2008. - № 3. – С. 45-47.

**62. Багумов, В.** Из опыта оценки качества учебных занятий. [Текст] / В. Багумов, В. Митин // Высшее образование в России. - 1995. - №3.

**63. Балуян, С. Р**. Тестирование коммуникативной компетенции в устной речи абитуриентов специальности лингвистика и межкультурная коммуникация (на материале английского языка) [Текст]: С.Р.Балуян / Автореф. дис. канд. пед. наук: 13.00.02. – Таганрог, 1999. – 22 с.

**64. Байденко, В. И.** Модернизация профессионального образования: современный этап. [Текст]: В.И.Байденко, Джерри ван Зантворт. / (Европейский фонд образования) – М., 2003.

**65. Байжигитов, К.** Кыргыз адабий сынынын тарыхы. [Текст]: К.Байжигитов, С.Карымшаков / Программа. – Б.: 2003. 40 бет.

**66. Бабанский, Ю. К.** Оптимизация процесса обучения [Текст]: общедидактический аспект / Ю.К.Бабанский. – М.: Педагогика, 1977. – 254 с.

**67. Батаканова, С. Т.** Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери**.** [Текст] / С.Т.Батаканова / Монография, - Б.: 2010 -288 б.

**68. Бермус, А. Г**. Проблемы и перспективы реализации компетентностного подхода в образовании. [Текст] / А.Г.Бермус - http://www.eidos.ru/journal /2005/0910-12.htm,

**69. Болотов, В. А.** Компетентностная модель: от идеи к образовательной программе [Текст] / В. А. Болотов, В. В. Сериков // Педагогика. - 2003. - № 10. С. 8-14.

**70. Борисова, Н. В**. Образовательные технологии как объект педагогического выбора: Учеб. пособие [Текст] / Н. В. Борисова. – М.: Исслед. центр пробл. кач-ва подгот. спец., 2000. – 146 с.

**71. Болотнова, И. С.** Филологический анализ текста. Часть I [Текст]: пособие для филологов / И.С. Болотнова. – Томск, 2001. – С. 31-51

**72. Богословский, В. А.** Методические рекомендации по проектированию оценочных средство для реализации многоуровневых образовательных программ ВПО при компетентностном подходе [Текст] / В.А.Богословский, Е.В. Караваева и др - М.: Изд-во МГУ, 2007, 47-бет.

**73. Бездухов, В. П**. Теоретические проблемы становления педагогической компетентности учителя. [Текст]: В.П.Бездухов, С.Е.Мишин, О.В.Правдина. – Самара, 2001.

**74. Беляева, Т. Б.** Активные методы формирования конфликтологической компетентности у студентов [Текст] / Т. Б. Беляева // Психология обучения. - 2008. - № 7. - С. 34-49

**75. Белицкая, Г.Э**. Социальная компетенция личности [Текст]: Г.Э.Белицкая/ Сознание личности в кризисном обществе. М., 1995.

**76. Берестова, Л. И.** Социально-психологическая компетентность как профессиональная характеристика руководителя. [Текст]: Л.И.Берестова / Автореф. дисс. на соиск. уч. степени канд. психол. наук. – М., 1994.

**77. Бройтман, С. Н.** Историческая поэтика [Текст]: / С.Н.Бройтман: Учеб. пособие для студ. учреждений высш. проф. образования / под ред. Н.Д.Тамарченко. – 5-е изд., испр. – М.: Издательский центр “Академия”, 2014. - 368 с

**78. Бекбоев, И.** Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-басылышы [Текст] / И.Бекбоев. – Б.: Бийиктик. 2011. – 383 б.

**79. Биялиев, К. А.** Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары коммуникативдик багытта окутуу методикасынын негиздери [Текст]: пед. илим. докт. дис. ... автореф. / К.А.Биялиев. – Б., 2008. – 45 б.

**80. Беспалько, В. П.** «Слагаемые педагогической технологии». [Текст]: / В.П.Беспалько -М. «Педагогика». 1989.

**81. Бим, И. Л.** Концепция обучения второму иностранному языку (немецкому на базе английского) [Текст] / / И. Л. Бим. – Обнинск: Титул, 2001.

**82. Белокопытов, Ю.** Активные методы обучения [Текст] / Ю. Белокопытов, Т.Панасенко // Высшее образование в России. – 2004. - № 4. – С. 167 – 169.

**83. Вершинина, Н. Л.** Введение литературоведение [Текст]: Н.Л.Вершинина - М.: 2005. -416 с.

**84. Волохова, Е. А**. Дидактика. [Текст] / Конспект лекций / Е.А.Волхова, И.В.Юкина - Ростов н /Д: Феникс. – 2004, 147-бет.

**85. Baiby, K. D.** Methods of Social Research N-Y., London. 1982, 25-бет

**86. Выготский, Л. С.** Педагогическая психология [Текст] / Л.С.Выготский. – М., 2005. – 192 с.

**87. Введение в** литературоведение:учебник для бакалавров [Текст]: Н.Л.Вершинина и др.; под общ. ред. Л.М. Крупчанова. – М.: Юрайт, 2013.- 479 с.

**88. Взаимосвязь** общей и профессиональной культуры педагога как фактор повышения педагогической квалификации [Текст]: Сб. науч. трудов. – Санкт-Петербург, 1992.

**89. Вульфсон, Б. Л.** Стратегия развития образования на Западе на пороге XXI века. [Текст] / Б.Л. Вульфсон. - М., 1999, 21-34-беттер.

**90. Введение в** литературовведение. Основы теории литературы: учебник для бакалавров. [Текст]: В.П.Мещеряков, А.С.Козлов, [и др.] / под общ. ред. В.П.Мещерякова. – М.: Издательство Юрайт, 2013. - 422 с.

**91. Введение** в литературоведение: учебник для бакалавров / Н.Л.Вершинина [и др.] / под общ. ред. Л.М. Крупчанова. – М.: Юрайт, 2013. - 479 с.]

**92. Виленский, М. Я.** Технологии профессионально-ориентированного обучения в высшей школе [Текст] / М.Я. Виленский. – М.: Пед. общество России, 2004. – 192 с.

**93. Вырщиков, А. Н**. Власть и общества: проблемы взаимодейсвия [Текст]: А.Н.Вырщиков / Волгоград. Изд-во: ВолГУ, -2001.

**94. While, R. W.** Motivation reconsidered: The concept of competence. Psychological review, 1959, № 66.

**95. Голубчикова, М. Г**. От творчества учителя к творчеству ученика: путеводитель по продуктивному обучению: Учеб. Пособие [Текст]: М.Г.Голубчикова. - Иркутск: Изд-во Иркут. гос. ун-та, 2006, -112 бет

**96. Гончарова, Н. Л.** Функционирование триады “знания-умения-навыки” всовременной дидактике. [Текст]: Н.Л.Гончарова / Сборник научных трудов Северо-Кавказского государственного технического университета. Серия «Гуманитарные науки» №2 (14), 2005. ISBN 5-9296-0242-5,

**97. Гойхман, О. Я.** Профессиональная коммуникативная компетентность: слагаемые эффективного общения [Текст]: О.Я. Гойхман / М., -2006.

**98. Гейхман, Л. К.** Интерактивное обучение общению. [Текст]: Л.К.Гейхман / Автореф. дисс на соиск. уч. степени д-ра пед. наук. – Екатеринбург, 2003.

**99. Глоссарий** терминов рынка труда, разработки стандартов образовательных программ и учебных планов. [Текст]: Европейский фонд образования. ЕФО, 1997.

**100. Гришанова, Н. А**. Развитие компетентности специалий как важнейшее направление реформирования профессионального образования. Десятый симпозиум. Квалиметрия в образовании: методология и практика [Текст]: Под науч. ред. Н.А.Селезневой и А.И.Субетто. Кн. 6. М., 2002.

**101. Голубков, М. М**. История русской литературной критики XX века (1920 – 1990-е годы) [Текст]: М.М.Голубков. – М.: Издательский центр “Академия”, 2008. - 368 с.

**102. Голубков, М. М**. История русской литературной критики XX века (1920 – 1990-е годы) [Текст]: М.М.Голубков. – М.: Издательский центр “Академия”, 2008. – 368с.

**103. Голуб, Г. Б.** Попытка определения компетенции как образовательного результата [Текст]: Г.Б.Голуб, О.В.Чураков / Современные подходы к компетентностно-ориентированному образованию: Материалы семинара. – Самара: Изд-во: Профи, 2001.

**104. Государственный** общеобязательный стандарт образования Республики Казахстан. – Алматы, 2009 .

**105. Гальперин, П. Я.** Экспериментальное формирование внимание [Текст]: П.Я.Гальперин, С.Л.Кабыльницкая. – М.: Изд. МГУ, 1974. – 101 с.

**106. Гальперин, И. Р**. Текст как объект лингвистического исследования [Текст]: И. Р. Гальперин - М., 1981. – 169 с.

**107. Добаев, К. Д.** Теоретическое основы обучения лексике кыргызского языка в русскоязычной начальной школе [Текст]: дисс. ...док-ра пед. наук / К.Д.Добаев. - Каракол, 1999. – 336 с.

**108. Дахин, А. Н.** Компетенция и компетентность: сколько их у российского школьника? [Текст]: А.Н.Дахин // Сибирский учитель. – 2004. – Вып. №1 (31). (www. sibuch. ru/article-php? no=221

**109. Дмитриев, Ю**. Учебно-деловая игра в подготовке магистрантов: [Текст]: Ю.Дмитриев, З.Кокарева. // Дошкольное воспитание. - 2007. - № 12. - С. 76-81

**110. Делор, Ж**. Образование: сокрытое сокровище. [Текст]: Ж.Делор / UNESCO, 1996.

**111. Джакыпова, Ч. Ш**. Университетское образование: вчера, сегодня, завтра. [Текст]: Ч.Ш.Джакыпова / – Б.: 1991. – 150 бет.

**112. Джусенбаев, Ш. Дж**. Мировые тенденции развития высшего образования в мире во второй половине XX века. [Текст]: Ш.Дж.Джусенбаев / – Б.: 1997. – 212 бет.

**113. Джусенбаев, Ш. Д.** Проблемы интеграции высшей школы в мировое образовательное пространство. [Текст]: Ш.Д.Джусенбаев // Эл агартуу, Тиркеме, 1998, 10 – 12 беттер.

**114. Деятельность** преподавателя в условиях перехода на 2-х уровневую систему высшего образования КР**.** [Текст]: Составители: Куфлей О.В., И.А.Дмитриенко, Л.А.Хищенко ./ Пособие для преподавателя. - Б.: 2012. – 83 с.

**115. Жогорку** кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты. [Текст]: – Б.: 2012.

**116. Железнякова, О. М**. Изжила ли себя лекция в вузе? [Текст] / О.М.Железнякова // Высшее образование сегодня. – 2007. - № 3. – С. 30 – 33.

**117. Жиляев, А. А**. Психологические особенности подготовки и проведения семинарских и практических занятий [Текст]: А.А. Жиляев // Инновации в образовании. – 2004. - № 3. – С. 139 – 152.

**118. Закиров, С.** Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы курсу боюнча программа. [Текст]: С.Закиров / – Ф.: - 1989. - 27 бет.

**119. Закиров, С**. Фольклордук практиканын программасы. [Текст]: С.Закиров, К.Байжигитов / Филология факультетинин күндүзгү бөлүмүнүн 1-курсунун студенттери үчүн. – Ф.: КМУ, 1989, - 16 бет.

**120. Закиров, С.** Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы. [Текст]: С.Закиров, Н.Турдубаева /– Б.: 2003. – 55 бет.

**121. Загвязинский, В. И**. Идеал, гармония и реальность в системе гуманистического воспитания [Текст]: В.И.Загвязинский, Ш.А.Амонашвили, А.Ф.Закирова. // Педагогика. - 2002. - № 9.

**122. Завада, Г. В.** Педагогика высшей школы: Учеб. пособие [Текст]: Г.В. Завада, О.В. Бушмина - Казань: КГЭУ, 2008, 160-бет.

**123. Закон** Российской Федерации "Об образовании" [Текст]: (от 10 июля 1992 года № 3266-1 с последующими изменениями и дополнениями).

**124. Зимняя, И. А.** Ключевые компетенции – новая парадигма результата образования [Текст]: И.А.Зимняя // Высшее образование сегодня. - 2003.- № 5. 34-44- б.

**125. Зимняя, И. А.** Иерархическо-компонентная структура воспитательной деятельности [Текст]: Сб. Воспитательная деятельность как объект анализа и оценивания / Под общ. ред. И.А. Зимней. – М., 2003,

**126. Зимняя, И. А.** Ключевые компетентности как результативно-целевая основа компетентностного подхода в образовании: [Текст]: Авторская версия. – М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2004

**127. Зимняя, И. А**. Ключевые компетенции – новая парадигма результата образования. [Текст]: \ И.А.Зимняя, – РГГУ, 2006. (http://www. rsuh. ru/article. html? id=50758).

**128. Золототрубова, Н. Н.** Методика преподавания литературы: [Текст]: Н.Н.Золоторубова / Учебное пособие для вузов.- Воронеж,. 2007

**129. Ибраимов, О**. История кыргызской литературы XX века: (том первый). [Текст]: О.Ибраимов / Учебник. – Б.: “Бийиктик”, 2012. – 480 б.

**130. Ибраимов, О**. История кыргызской литературы XX века: (том второй). [Текст]: О.Ибраимов / Учебник. – Б.: “Бийиктик”, 2013. – 512 б.

**131. Ишекеев, Н.** Педагог адистерди даярдоонун проблемалары. [Текст]: Н.И.Ишекеев / Билим жана тарбия. №1 - Б.: 2003, -51 б.

**132. Ишекеев, Н**. Кыргыз адабиятынын окуу программаларынын мазмуну жана проблемалары. [Текст]: Н.И.Ишекеев / – Б.: 2010, -154 б.

**133. Ильин, Е. Н**. Искусство общения. [Текст] / Е.Н.Ильин – М., 1982, -138 б.

**134. Исаков, Б**. Манас сабагы. [Текст]: Б.Исаков / III – XI класстар үчүн окуу китеби. – Б.: “Калем”, 1994. – 649 б.

**135. Исаков, Б.** Манастын жети осуяты. [Текст]: Б.Исаков / – Б.: “Учкун”, 1996. 264 б.

**136. Исаков, Б**. “Буудайык” дастанын окутуу. [Текст]: Б.Исаков / Методикалык колдонмо. – Талас, 2002, - 31 б.

**137. Исаков, Б.** “Манас” эпосун окутуу. [Текст]: Б.Исаков / Иш-тажр.: Мугалим. үчүн метод. колдонмо. – Ф.: Мектеп, 1989. – 76 б.

**138. Isaeva, T. E.** To the nature of Pedagogical Culture: Competence – Based approach to its Structure[Текст]: Т.Е.Исаева // Преподаватель высшей школы в XXI

веке. Тр. Международной научно-практической интерконференции. – Ростов-на-Дону, 2003.

**139. Калдыбаева, А. Т.** Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы [Текст] / А.Т.Калдыбаева. - Б.: Айат, 2002. – 384 б.

**140. Каташев, В. Г**. Педагогика высшей школы: Учеб. пособие [Текст]: В.Г.Каташев, Л.И. Соломко, Г.У. Матушанский, О.В. Захарова, Л.И. Тарарина - Казань: КГТУ. – 2002, 121-124-б.

**141. Качурин, М. Г.** Организация исследовательской деятельности учащихся на уроках литературы [Текст] / М. Г.Качурин - М.: Просвещение.1988. 41-43-б.

**142. Кленова, Т. И.** Результаты PISA - 2006. Обладают ли 15-летние учащиеся необходимой естественнонаучной грамотностью для полноценного функционирования в обществе? [Текст]: / Т.И.Кленова, Л.И.Ястребова / Вопросы интернет-образования. № 55 (http://vio/fio/ru /vio_55/ cd_site/ Articles/art_3_8/htm).

**143. Коджаспирова, Г. М.** Педагогика. [Текст]: Г.М.Коджаспирова. / Учебник – М.: Гардарики, 2009, -431 б.

**144. Концепция** Федеральной целевой программы развития образования на 2006 - 2010 годы [Текст] :

**145. Концепция** модернизации российского образования на период до 2010 года. [Текст]: М., 2002. - 59 б.

**146. Концепция** Федеральной целевой программы развития образования на 2006 - 2010 годы.

**147. Корнеева, Л**. Интерактивные методы обучения [Текст] / Л. Корнеева // Высшее образование в России. – 2004. - № 12. – С. 105.

**148. Косогова, А. С**. Обучение и воспитание в высшей школе [Текст]: А.С.Косогова. / Учеб. пособие. - Иркутск: Изд-во Иркут. гос.пед. ун-та, 2003, -126 б.

**149. Косогова, А. С.** Обучение и воспитание в высшей школе: Учеб. Пособие. [Текст]: А.С. Косогова. - Иркутск: Изд-во Иркут. гос.пед. ун-та, 2003, -126 б.

**150. Краевский, В. В.,** Хуторской А. В. Предметное и общепредметное в образовательных стандартах [Текст]: В.В.Краевский / Педагогика. – 2003. – №2.- С. 3-10.

**151. Крючкова О. В.** Комплексная информатизация образования [Текст]: / О.В.Крючкова. - Минск: Красико-Принт, 2006, – 176 с.

**152. Ксензова, Г. Ю**. Перспективные школьные технологии. [Текст] / Г.Ю.Ксензова – М., 2000, - 234 б.

**153. Кузьмина, Н. В**. Профессионализм личности преподавателя и мастера производственного обучения. [Текст]: Н.В.Кузьмина – М., 1990.

**154. Кузьмина, Н. В. (**Головко-Гаршина). Акмеологическая теория повышения качества подготовки специалистов образования. [Текст]: Н.В.Кузьмина – М., 2001.

**155. Кун, Т.** Структура научных революций. [Текст]: Т.Кун. – М., 1975.-220 б.

**156. Курбанова, Н. У**. Интеграция Кыргызстана в мировое образовательное пространство. [Текст]: Н.У.Курбанова – Б.: 2001, -146 б.

**157. Кучугурова, Н. Д**. Формирование профессиональной компетентности будущего специалиста [Текст]: Н.Д.Кучугурова // Проблемы и перспективы педагогического образования в XXI веке. – М., 2000. – 360-бет.

**158. Кыргыз** Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2012-жылы кабыл алынган даярдоо багыты 531000 филология болгон “Жогорку кесиптик билим берүү стандарты. [Текст]:– Бишкек, 2012.

**159. Кыргыз** адабий сыны: тарыхы жана теориясы: [Текст]: Типтүү программа. – Б.: Бийиктик, 2011. – 32 б.

**160. Кыргызстандагы** билим берүү системасы: кечээ, бүгүн жана эртең. [Текст]: А.Алыбаев /Жогорку окуу жайларында студенттердин өз алдынча иштөөсүн глобалдаштыруу шарттарындагы билим берүү системасына карата өнүктүрүү маселелери; К.Жумакадырова XXI кылымдагы Кыргызстандын билим берүү системасындагы айрым проблемалар. - Б.: 2008. – 274 б.

**161. Лазарева, И. А**. Возможности повышения качества учебного процесса при использовании методов активного обучения [Текст] / И.А. Лазарева // Инновации в образовании. – 2004. - № 3. – С. 52 – 60.

**162. Лаудан, Л**. Наука и ценности [Текст ]: Л.Лаудан / Современная философия науки. Хрестоматия. – М., 1994.

**163. Лебедев, О. Е**. Компетентностный подход в образовании. – http://www.nekrasovspb.ru/publication/cgi-bin/publ. cgi? event=3&id=22.

**164. Лебедев, О. Е**., Компетентностный подход в образовании. - http://www. nekrasovspb.ru/publication/cgi-bin/publ.cgi?event=3&id=22]

**165. Леднев В. С**. Содержание образования: сущность, структура, перспективы [Текст]: В.С. Леднев. - М.: Высшая школа. – 1991

**166. Леднев В. С**. Научное образование: развитие способностей к научному творчеству [Текст]: В.С. Леднев . - М.: МГАУ. - 2002

**167. Леонтьев, А. Н.** Учение о среде в педагогических работах А.С.Выготского [Текст]: А.Н.Леонтьев // Психологическая наука и образование. – 1998. - №1.

**168. Леонтьев, А. Н.** Деятельность. Сознание. Личность [Текст] / А.Н.Леонтьев М.: Политиздат, 1977. – 304 с.

**169. Лейдермен, Н. Л**. Русская литература ХХ века (1950 – 1990-е годы): в 2 т. [Текст] / Н.Л.Лейдермен, М.Н.Липовецкий. – М.: Издательский центр "Академия", 2010. Т. 1: (1953 – 1968-е гг.) - 416 с.; 2013, Т. 2: (1968 – 1990-е гг.) - 688 с.

**170. Лейдермен, Н. Л.** Русская литература ХХ века: 1917 – 1920-е гг. [Текст] / Н.Л.Лейдермен, И.Е.Василев, О.Ю.Багдасарян [и др.] – М.: Издательский центр "Академия", 2012. Т. 1: - 464 с.;

**171. Лейдермен, Н. Л.** Русская литература ХХ века: 1917 – 1920-е гг. [Текст] / Н.Л.Лейдермен, Н.В.Барковская, И.Е.Василев, [и др.] – М.: Издательский центр "Академия", 2012. Т. 2: - 544 с.

**172. Лернер, И. Я.** Дидактические основы методов обучения [Текст] / И.Я.Лернер. – М.: Педагогика, 1981. – 185 с.

**173. Мазо, М. В.** Педагогическая технология формирования коммуникативной компетенции у студентов (на материале изучения иностранных языков): [Текст] / М.В.Мазо. Дисс. …канд. пед. наук.: 13.00.08 – Саратов, 2000. – 198 с.

**174. Макаров, Ю. А.** Особенности проявления коммуникативной направленности у педагогов и обучаемых во взаимодействии: [Текст] / Ю.А.Макаров / Дисс. канд. психол. наук / Самара, 1998. – 228 с.

**175. Мамбетакунов, Э.** Гуманистическая парадигма личностно-ориентированной технологии образования и обучении [Текст] / Э.М.Мамбетакунов // Проблемы и перспективы развития педагогического образования в современных условиях: Материалы международной научной конференции КГПУ им И.Арабаева. – 1997. – С. 45 - 47.

**176. Мамбетакунов, Э.** Педагогиканын негиздери [Текст]: Э.Мамбетакунов, Т.М.Сияев / Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери менен мугалимдери үчүн окуу куралы. / Кырг. Респ. Билим берүү жана илим Министрлиги, Нарын Мамлекеттик университети. Толукталып экинчи басылышы – Б.: Айат, 2008, - 304 б.

**177. Мамбетакунов, Э.** Методологические вопросы подготовки учителя [Текст]: Э.М.Мамбетакунов // Эл агартуу. – 1993. - № 5 - 6.

**178. Мамбетакунов, Э.** Методология и качество педагогических исследований [Текст]: Э.М.Мамбетакунов. – Б.: КНУ им Ж.Баласагына, 2006. – 108 с.

**179. Мамбетакунов, Э.** Организация самостоятельной работы студентов [Текст]: Э.Мамбетакунов, Ж.Мамбетакунова. - Б.: КНУим. Ж.Баласагына, 2012, - 26 с.

**180. Майбуров. И. А.** Высшее образование в развитых странах [Текст]: И.А.Майбуров // Высшее образование в России. - 2003. - № 2

**181. Маркова, А. К**. Психология профессионализма. [Текст] / А.К. Марков - М., 1996.

**182. Масленников. А. С.** Организация учебного процесса на основе модульно-рейтинговой технологии. [Текст]: А.С.Масленников, В.Е.Шебашев / Фундаментальные исследования. - 2007. - № 2. - С. 68-70

**183. Матухно, Е. В**. Активные методы в формировании познавательного интереса к теоретическим знаниям по физической культуре. [Текст] / Е.В.Матухно // Высшее образование сегодня. - 2008. - № 6. - С. 85-86.

**184. Медетов, А**. Адабият теориясы: тандоо курсунун окуу программасы. [Текст]: А.Медетов / – Б.: 2005. - 17 б.

**185. Методические** рекомендации по разработке учебно-методического комплекса на основе компетентного подхода**.** [Текст]: О.В.Куфлей, И.А.Дмитриенко, Л.А.Хищенко / Методические пособие для преподавателя. -Б.: 2012. – 48 с.

**186. Митина, Л. М**. Психология профессионального развития. [Текст] // Л.М.Митина \ М., 1998.

**187. Мишина, Г. А.** Коррекционная и специальная педагогика. [Текст]: Г.А.Мишина, Е.Н.Моргачева. - М.: ФОРУМ: ИНФРА-М, 2007, - 144 с. (Профессиональное образование).

**188. Морозов, А. В.** Креативная педагогика и психология. [Текст]: учеб. пособие // А.В.Морозов, Д.В.Чернилевский. – М.: Академический Проект, 2004. – 560 с.

**189. Мукамбетова А. С.** Жалпы билим берүүчү мекемелерде кыргыз тилин окутууну инновациялоонун илимий-теориялык негиздери. [Текст]: А.С.Мукамбетова / Монография - Б.: Бийиктик. -2013. – 296 б.

**190. Муратов, А. Ж.** Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий-методикалык негиздери. [Текст]: А.Ж.Муратов / Пед. илим. докт. дисс. авторефераты. – Б.: 2010. – 45 б.

**191. Муратов, А**. **Ж.** Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. [Текст]: А.Муратов / Педагогикалык билим берүүчү жогорку окуу жайларынын студенттери жана мектеп мугалимдери үчүн. – Б.: “Турар”, 2011. - 604 б.

**192. Наумова, Т. А.** Современные измерения литературных компетенций школьников: базовый и национально-региональный компонент [Текст]: Т.А.Наумова, Е.А.Сердобинцева // Успехи современного естествознания. – 2010. – № 12 – 40-бет.

**193. Недвецкая, М. Н**. Как помочь молодому педагогу? [Текст]: М.Н.Недвецкая / Методическое пособие. М.: АПКиППРО, 2005, - 56 с.

**194. Новые** педагогические и информационные технологии в системе образования: [Текст] // Учеб. пособие / Под ред. Е.С.Полат. – М.: Академия, 2002, 136-бет.

**195. Нусубалиева, Е. Ш.** Формирование межкультурной коммуникативной компетентности у студентов в условиях педагогического вуза. [Текст]: Е.Ш.Нусубалиева / Автореф.дисс.на соискание ученой степени канд. пед. наук. - Б.: 2006. -28 с.

**196. Оскарссон, Б.** Базовые навыки как обязательный компонент высококачественного профессионального образования. [Текст]: Б.Оскарсон/ Оценка качества профессионального образования. Доклад 5 / Под общ. ред. В.И.Байденко, Дж. ван Зантворта, Европейский фонд подготовки кадров. Проект ДЕЛФИ. – М., 2001.

**197. Оторбаев, Б. К.** “Манас” эпосун VIII класста окутуу. [Текст]: Б.К.Оторбаев / Окуу куралы. Мектеп мугалимдери жана ЖОЖдордун филология факультеттеринин студенттери үчүн. – Б.: 2007. – 96 б.

**198. Оторбаев, Б. К.** Адабиятты окутуунун интерактивдүү жана салттуу метод-ыкмалары, кызматташуу педагогикасы. [Текст]: Б.Оторбаев / ЖОЖдордун филология факультеттеринин студенттери,кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн – Б.: 2008. – 95 бет.

**199. Оторбаев, Б. К**. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. [Текст]: Б.Оторбаев / ЖОЖдордун филология факультеттеринин студенттери, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн. - Б.: -2010. – 96 б.

**200. Оторбаев, Б. К**. Адабиятты окутуунун жаңы технологиясы. [Текст]: Б.Оторбаев / ЖОЖдордун филология факультеттеринин студенттери, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн – Б.: 2010. – 96 б.

**201. Оторбаев, Б. К.** “Манас” эпосун мектепте окутуу. [Текст]: Б.Оторбаев / Типтүү программа. Жусуп Баласагын атындагы КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин III курсунун студенттери үчүн. – Б.: 2006. – 40 бет.

**202. Панина, Т. С**. Современные способы активизации обучения [Текст]: учеб. пособие для студ. высш. учеб. завед. / Т.С.Панина, Л.Н. Вавилова – М. Академия, 2007. – 176 с

**203. Пассов, Е. И.** Коммуникативный метод обучения иноязычному говорению. [Текст]: Е.И. Пассов / 2-е изд. - М.: Просвещение. - 1991. – 223 с**.**

**204. Петровская, Л. А.** Компетентность в общении. [Текст]**:** Л.А.Петровская – М., 1989.
**205. Педагогические** технологии: [Текст]**:** Учеб. пособие / Под ред. Кукушина В. С. – М., 2002, -78 б.
**206. Педагогические** инновации и эксперименты. [Текст]: Г.В.Овсиенко, Г.Т.Кадырова, К.Секимова. / Учебно-методический сборник. - Б.: 2001. – 60 с.
**207. Печенева, Т. А.** Коммуникативная стратегия обучения русскому языку [Текст] / Т. А. Печенева // Педагогика. – 2003. - № 4
**208. Пидкасистый, П. И**. Процесс обучения в условиях демократизации и гуманизации школы. [Текст]: П.И.Пидкасистый, Б.В. Горячев. – М., 1991. – 238 с.
**209. Пидкасистый, П. И.** Педагогика [Текст]: П.И.Пидкасистый. – М., 2008. – 178 с.
**210. Пионова, Р. С**. Педагогика высшей школы: Учебное пособие [Текст]: Р.С. Пионова. - Мн.: Университетское. – 2002, 26-84-беттер
**211. Попков, В. А.** Теория и практика высшего профессионального образования [Текст]: учеб. пособие для системы дополнит. пед. образ. / В.А.Попков, А.В.Коржуев. – М.: Академический проект, 2004. – 432 с.
**212. Попова, Е. А**. Художественный текст в процессе литературной коммуникации. [Текст] / Е. А. Попова // Русский язык в школе. -2001. - №1.
**213. Полонский, В. М.** Инновации в образовании [Текст]: В.М.Полонский / Методологический анализ . – 2007. - № 2. – С. 4 – 14.
**214. Полякова, Е. И.** Ролевые игры как средство стимулирования у студентов интереса к освоению опыта межкультурного взаимодействия [Текст]: Полякова Е. И. // Высшее образование сегодня. - 2008. - № 2. - С. 39-41.
**215. Презентация** стандарта общего образования второго поколения. – http://standart. edu. ru/catalog. aspx? CatalogId=262.
**216. Равен Джон.** Компетентность в современном обществе. Выявление, развитие и реализация. [Текст]: Джон Равен / – М., 2002. – 253 б.
**217. Рахимова, М. Р.** Кыргызская народная педагогика. [Текст]: М.Р.Рахимова, Т.В.Панкова – Б.: 1993. – 282 б.

**218. Реформы** образования: Аналитический обзор [Текст]: Под ред. В.М.Филиппова. - М.: Центр сравнительной образовательной политики, 2003, 57-67-беттер.

**219. Реформа** и развитие высшего образования. - М.: ЮНЕСКО, 1995, 4-бет.

**220. Риторика:** учебник для бакалавров. Текст]: В.А.Ефремов, И.А.Мартьянова, [и др.]; под общ. ред. В.Д.Черняк. – М.: Издательство Юрайт, 2013. - 430 с.

**221. Роджерс, К.** Взгляд на психотерапию. Становление человека. [Текст]: К.Роджерс. – М., 2001. – 269 с.

**222. Ромек, В. Г.** Уверенность в себе: этический аспект. [Текст]: В.Г.Ромек // Журнал практического психолога. 1999. № 9.

**223. Рубинштейн, С. Л.** Основы общей психологии. [Текст] / С.Л.Рубинштейн. – СПб.: Питер, 2008. – 705 с.

**224. Рыжаков, М. В.** О возможности использования компетентностного подхода в реализации задач повышения качества содержания образования. [Текст]: М.В.Рыжакова / Материалы к заседанию Ученого совета ИОСО РАО. М., 2003.

**225. Рысбаев, С. К.** Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү. [Текст]: С.К.Рысбаев. / Пед. илим. докт. дисс. авторефераты. – Б.: 2006. – 50 б.

**226. Рябов, Л. П.** Анализ позитивных изменений и инновационных процессов в системах высшего профессионального образования развитых стран: США, Япония, Германия, Франция, Великобритания. [Текст]: Л.П.Рябов. - М., 2001, 124-127-б.

**227. Сакиева, С. С**. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери. [Текст]: С.С.Сакиева. / Пед. илим. докт. дисс. авторефераты. – Б.: 2010. – 45 бет.

**228. Сборник** государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования. [Текст]: под ред. Ш. Дж. Джусенбаева. – Б.: 2004, Ч. 2, С. 4. - 388 с.

**229. Селевко, Г. К.** Современные образовательные технологии. – М., 1998.

**230. Селевко, Г. К.** Современные образовательные технологии. [Текст] / Г.К.Селевко. – М.: Народное образование, 1998. – 225 с.

**231. Селевко, Г. К.** Традиционная педагогическая технология и её гуманистическая модернизация. [Текст] / Г.К.Селевко. – М.: НИИ школьных технологий, 2005. – 218 с.

**232. Селевко, Г. К.** Современное. традиционное обучение. [Текст] / Г.К.Селевко. – М.: Народное образование, 1998. – 214 с.

**233. Семушина, Л. Г.** Разработка методики контроля готовности к профессиональной деятельности студентов средних специальных учебных заведений. [Текст]: Семушина Л.Г. Кагерманьян В.С., Жукова Е.С., Иванова Л.Н., Карпнюк Г.А., Леонтьева М.Ф. и др – М., 2001.

**234. Сериков, В. В.** Личностный подход в образовании: концепции и технологии [Текст] / В.В.Сериков. – Волгоград, 1994. – 218 с.

**235. Сериков, В. В.** Образование и личность. Теория и практика проектирования педагогических систем. [Текст] / В.В.Сериков. – М.: Логос, 1999. – 272 с.

**236. Симонов В. П**. Оценка качества обучения и воспитания в образовательных системах. [Текст]: В.П.Симонов / Издательство МБОУ, М.: 2006. - 36-бет.

**237. Скала, К.** Социальная компетенция. Ключевые компетенции. WWW.uni-protokolle.de/Forum/25, 2003 (на немецком языке).

**238. Сластенин, В. А.** Педагогика: инновационная деятельность [Текст]: В.А.Сластенин, Л.С. Подымова. – М.: ИЧП “Изд-во магистр”, 1997,

**239. Смирнов, С. Д.** Педагогика и психология высшего образования: От деятельности к личности. [Текст]: С.Д.Смирнов / Учеб. пособие для студ. высш. учеб. заведений / С.Д. Смирнов - 3-е изд., стер. - М.: Академия, 2009, 125-148-беттер.

**240. Смородинова М. В**. К вопросу о формировании предметной компетенции преподавателя литературы. [Текст]: М. В. Смородинова // Педагогика: традиции и инновации: материалы междунар. науч. конф. (г. Челябинск, октябрь 2011 г.). Т. I. — Челябинск: Два комсомольца, 2011, 22-24-беттер.

**241. Стратегия** модернизации содержания общего образования: Материалы для разработки документов по обновлению общего образования. [Текст]: – М.: ООО «Мир книги», 2001, 17-бет.

**242. Стратегия** модернизации содержания общего образования. [Текст]: Материалы для разработки документов по обновлению общего образования. – М., 2001.

**243. Талызина, Н. Ф.** Теоретические проблемы программированного обучения [Текст]: Н.Ф.Талызина. – М., 1969. – 269 с.

**244. Талызина, Н. Ф.** Педогогическая психология [Текст]: Н.Ф.Талызина. – М., Народное образование, 1998. – 245 с.

**245. Тамарченко, Н. Д.** Теория литературы: в 2 т. Т. 1. [Текст]: Тамарченко Н.Д., Тюпа В.И., Бройтман С.Н. Теория художественного дискурса. Теоретическая поэтика: учеб. пособие для студ. учреждений высш. проф. Образования / под ред. Н.Д.Тамарченко. – 5-е изд., испр.– М.: Издательский центр “Академия”, 2014. - 512 с.

**246. Танаев, Т.** Манастаануу боюнча программа. [Текст]: Т.Танаев, К.Калчакеев. – Жалал-Абад. 1997. – 24 бет.

**247. Татур, Ю. Г**. Образовательная система России. [Текст]: Ю.Г.Татур / Высшая школа. – М., 1999.

**248. Теория** литературы: в 2 т. Т. 2. [Текст]: Бройтман С.Н. Историческая поэтика: учеб. пособие для студ. учреждений высш. проф. образования / под ред. Н.Д.Тамарченко. – 5-е изд., испр.– М.: Издательский центр “Академия”, 2014. - 368 с.

**249. Тимина, С. И.** Современная русская литература (1990-е гг. – начало XXI в.) [Текст]: С.И.Тимина, В.Е.Василев, О.Ю.Воронина [и др.] – М.: Издательский центр “Академия”, 2013. - 352 с.

**250. Тряпицына, А. Г.** Компетентностный подход в высшем профессиональном образовании. [Текст]: А.Г. Тряпицына. - СПб.: Изд-во РГПУ им. Герцена, 2005

**251. Түлөкабылов, М.** Кыргыз балдар адабиятынын программасы. [Текст]: М.Түлөкабылов – Ф.: Мектеп, 1992. – 35 б.

**252. Тюп, В. И**. Анализ художественного текста. [Текст]: В.И.Тюп. – М.: Издательский центр “Академия”, 2009. - 368 с.

**253. Үкүева, Б. К**. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери. [Текст]: Б.К.Үкүева / – Ош, 2012. – 215 бет.

**254. Филатова Л. О**. Компетентностный подход к построению содержания обучения как фактор развития преемственности школьного и вузовского образования [Текст]: Л.О.Филатова //Дополнительное образование.-2005. - №7.

**255. Фоменко, И. В**. Практическая поэтика. [Текст]: И.В.Фоменко. – М.: Издательский центр "Академия", 2006. - 192 с.

**256. Хабибуллина, Э**. Подготовка студентов к творческой деятельности. [Текст] / Э.Хабибуллина // Высшее образование в России. – 2006. - № 9. – С. 95 – 99.

**257. Хализев, В. Е**. Теория литературы: учебник для студ. учреждений высш. проф. образования. / [Текст] / В.Е.Хализев. – 6-е изд., испр. – М.: Издательский центр "Академия", 2013. - 432 с.

**258. Хуторской, А. В**. (редактор составитель). Общепредметное содержание образовательных стандартов. [Текст] / А.В.Хуторской. / Проект «Стандарт общего образования». – М., 2002.

**259. Хуторской, А. В.** Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированного образования. [Текст] А.В.Хуторской. // Народное образование. – 2003. – №2.

**260. Хуторской, А. В**. Технология проектирования ключевых и предметных компетенций. [Текст] / А.В.Хуторской. // Интернет-журнал "Эйдос". – 2005. – 12 декабря. (http://www. eidos. ru/journal/2005/1212.htm).

**261. Хуторской, А. В.** Современные педагогические инновации на уроке. [Текст] / А.В.Хуторской. // Интернет-журнал" Эйдос".-2007.-5 июля. http://www. eidos. ru/journal/2007/0705-4.htm

**262. Хуторской, А. В.** Ключевые компетенции и образовательные стандарты. Доклад на отделении философии образования и теории педагогики [Текст] / А.В.Хуторской. РАО 23 апреля 2002. Центр «Эйдос» http://www.eidos.ru/journal/2002/0423.htm

**263. Хуторской, А. В**. Ключевые компетенции и образовательные стандарты. [Текст] / А.В.Хуторской. //Интернет-журнал-"Эйдос".-2002. 3 апреля. http://eidos.ru/journal/2002/0423.htm. - В надзаг: Центр дистанционного образования "Эйдос", e-mail: list@eidos.ru.,

**264. Чернилевский, Д. В.** Дидактические технологии в высшей школе: Учебное пособие для вузов / Д.М. Чернилевский. - М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2002, - 67 б.

**265. Четина, Т. Ю**. Активные формы и методы обучения в процессе развития ключевых компетенций [Текст]: Т. Ю. Четина // Среднее специальное образование. - 2008. - № 8. - С. 7

**266. Чечель, И. Д.** Профессиональное самоопределение учащихся инновационных учебных заведений. [Текст] / И.Д.Чечель. – М.: РИПКРО МО РФ, 1998. – 165 с.

**267. Чошанов, М. А.** Дидактическое конструирование гибкой технологии обучения. [Текст]: М.А.Чошанов // Педагогика. – 1997, №2.

**268. Чыманов, Ж. А.** Кыргыз тили мугалимдерин (педагогдорду) даярдоого коюлган соңку талаптар. [Текст]: Ж.А.Чыманов // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – 2006. – Сер.1. Гум.илимдер. – Б.167-172.

**269. Чыманов, Ж. А.** Кыргыз тили: Сабактын теориясы жана практикасы. [Текст]: Ж.А.Чыманов. – Б., 2007. - 104 б.

**270. Чыманов, Ж. А.** Кыргыз тили. [Текст]: Ж.А.Чыманов / Окутуу методдору. Окуу куралы - Б., 2007. – 100 б.

**271. Шхацева, К. Л.** Модульно-рейтинговая система оценки качества обучения студентов вуза в условиях продуктивного образовательного процесса [Текст]: К.Л.Шхацева / Дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 - Москва, 2005.

**272. Якименская, И. С.** Личностно-ориентированное обучение в современной школе. [Текст]: И.С.Якименская. – М.: Наука, 1996. – 421 с.

**273. Якименская, И. С.** Развивающее обучение [Текст]: И.С.Якименская. – М., 1979. – 267 с.

**274. Якупова, Я. Р.** Активные формы обучения - фактор интенсификации учебного процесса [Текст]: Я.Р.Якупова // Высшее образование сегодня. - 2007. - № 10. - С. 45-48.

*№ 1-тиркеме*

**“Филология” багытында “Кыргыз тили жана адабияты” боюнча бакалаврдык деңгээлде кесиптик билим алган бүтүрүүчү ээ боло турган компетенциялардын**

**П А С П О Р Т У**

| Компетенциянын аталышы | Компетенциянын кыскача мазмуну | Компетенциянын коддору |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| **Социалдык-личностук жана жалпы маданий (СЛМК) компетенциялар** | | |
| Өзүнүн интеллектуалдык жана жалпы маданий деңгээлин өнүктүрүп жана өздөштүрө алуу иш-билгиси | **СЛМК-1** - алдындагы компетенция гуманитардык ой жүгүртүү тармагында, ошондой эле бүтүндөй маданият жана илим сферасында өзүнүн билгенин тереңдетүүгө, интеллектуалдык жана жалпы маданий деңгээлин өстүрүүгө мүмкүн болгон маанилүү чеберчилиги менен кесипкөйлүк деңгээлин жогорулатууга аракет кылууну түшүндүрөт. | СЛМК-1 |
| Өзүнүн кесипкөй ишмердүүлүгүндөгү илимий жана илимий-өндүрүштүк профилдеги өзгөрүүлөргө изилдөөнүн жаңы методдору менен өз алдынча аткаруу иш-билгиси. | **СЛМК-2** - алдындагы компетенция өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүүгө жөндөмдүү, өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндөгү максаты менен методун так аныктоо жана коюлган маселени аналитикалык чечүү; илимий изилдөөдөгү жаңы методдорду пайдаланып, практикалык ишмердүүлү-гүндө адабий чыгармага талдоо жүргүзүүнүн түрдүү формаларын өз-дөштүрүү жөндөмдүүлүгүн түшүн-дүрөт. | СЛМК-2 |
| Иштиктүү баарлашуунун каражаты катары кыргыз | **СЛМК-3** - алдындагы компетенция өзүнүн кесиптик | СЛМК-3 |

| | | |
|---|---|---|
| адабий жана расмий, чет тилдеринде эркин сүйлөө иш-билгиси | сабагынын жыйынтыгын кыргызча, орусча жана негизги окуп жүргөн чет тилинде түрдүү кырдаалда жана илимий чөйрөдөгү сыяктуу эле агартуучулук максатта так баяндоо стилистикалык жана терминологиялык сабаттуу болгон жөндөмдүүлүктү түшүндүрөт | |
| Демилге көрсөтүүгө, анын ичинде тобокелчилик кырдаалдарда өз чечимин чыгарууга жана аны социалдык чөйрө алдында көтөрүүгө билүүгө карай жоопкерчилик кылууга болгон иш-билгиси | **СЛМК-4** - компетенциясынын алдында коюлган милдеттерди анализдөөнү жана баалоону билүү, кесипкөйлүк ишмер-дүүлүгүнүн сферасындагы жаңы жана жооптуу милдетти чече билүүнүн туура жолдорун табуу, адабий чыгармаларды талдоо аракетинде өзүнүн демилгесин көрсөтүү, өзүн-өзү сындоо жана жөндөмдүүлүгүнө баа берүү менен аныкталат. | СЛМК-4 |
| Маалымат технологиясынын жардамы менен жана практикалык ишмердүүлүгүндөгү жаңы билимин жана билгичтиктерин пайдалануу, анын ичинде билимдин жаңы тар-магындагы, ишмердүүлүк сферасына тикеден-тике байланышпаган өз алдынча жөндөмдүүлүктү көрсөтө алган иш-билгиси | **СЛМК-5**-алдындагы компетенция заманбап технологияны колдоно билүүнүн жогорку деңгээли, ошону менен бирге өзүнүн кесипкөй ишмердүүлүгүндөгү ар түрдүү анын ичинде маалымат булактарынын электрондук, таркатуучулук (носители)жана компью-тердик сабаттуулуктун негиздерин билүү, билим тармагындагы жана практикалык ишмердүүлүктөрүн кошумча өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүнө жардам берүүнү түшүндүрөт. | СЛМК-5 |
| Жаңы идеаларды (креативдүүлүк) жаратуу жөндөмү, жаңы кырдаалдарга адаптация болуу, чогулган таж-рыйбаларды карап чыгуу, өз мүмкүнчүлүгүн анализдөө иш-билгиси | **СЛМК-6**-алдындагы компетенция жөндөмдүүлүктүн ар түрдүү формаларын табуу жана алган билимин колдонуу чөйрөсүндөгү жана көндүм, билүүнү түшүндүрөт. | СЛМК-6 |
| **Бүтүрүүчүнүн кесипкөйлүгүн аныктоочу компетенциялар** | | |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| **Жалпы кесиптик ишмердүүлүгү** | | |
| Филология тармагында изилдөөлөрдүн методикалык ыкмалары жана методологиялык принциптер систе-масын жана анын өнүгүш динамикасындагы заманбап илимий парадигмаларын демонстрациялоо иш-билгиси | **КК-1** - алдындагы компетенция фило-логиялык билим тармагындагы кеңири, жалпы гуманитардык контексттеги азыркы кырдаалдык түшүнүк, фило-логиялык изилдөөлөрдүн методологиясы боюнча жаңы анын ичинде чет тилдердеги публикациялар, менен таа-нышууга даяр болгон жөндөмдүүлүктү түшүндүрөт . | КК-1 |
| Филология тармагындагы конкреттүү тандалып алынган терендетилген билимди демонстрациялоо иш-билгиси | **КК-2** - алдындагы компетенция тема боюнча маалыматтарды дайыма чогултуп, анан аны жаңы технологиянын катышуусунда илимий жактан далилдеп чыгуу, о. э. бул тармактагы адистердин жаңы жарыяланган эмгектери менен таанышуу, анын ичинде ошол профиль боюнча мезгилдүү басылмалардагы иштер, чет тилдердеги эмгектерден маалымат алуу аркылуу бул сферадагы кесиптик деңгээлин көтөрүүгө болгон даярдыкты түшүндүрөт. | КК-2 |
| Коммуникациянын ар түрдүү сферасында кабыл алынган коммуникативдүү стратегияларды жана такти-каларды, риторикалык, стилистикалык жана тилдик нормаларды жана ыкмаларга ээ болуу, аны кесипке таандык маселелерди чечүүдө адекваттуу пайдалана билүү иш-билгиси | **КК-3** - алдындагы компетенция түрдүү типтеги коммуникативдик кырдааалдарды бардык аспектиде анализдөө жана туура баа берүү, кырдаалдарды адекваттуу жана максаттуу пайдалануу, аудиториядагы кептин типтери жана стилистикалык каражаттарын, тандоодо иштиктүү этикеттердин негизине ээ болуу, конкреттүү коммуникативдик кырдаалга пландуу даярдоонуу үчүн коюлган кесипкөй милдеттерди ийгиликтүү ишке ашырууга тыкат маалыматтык жана пландаштырылган даярдыкты | КК-3 |

| | | |
|---|---|---|
| | өткөрө билүү жөндөмдүү-лүгүнүн калыптануусун түшүндүрүлөт. | |
| **Илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүгү** | | |
| Филология тармагындагы жана башка гуманитардык илимдердеги жеке илимий изилдөөлөрү үчүн өз алдынча толуктоолорду, сынчыл анализ жасоону жана теориялык жана практикалык билимин пайдалануу иш-билгиси | **КК-4** - алдындагы компетенция фило-логия жана жалпы гуманитардык билим берүү тармагындагы жаңы жарыяланган эмгектер менен такай таанышып, анын статусу (макамы) жана сапатын баалоо, алардын арасынан өзүнүн изилдөөсүнө керектүү маалыматтарды таап чыгуу, өзүнүн изилдөөсүндө жаңы мазмундагы билимди колдонуунун жыйынтыгын анализдөө жөндөмдүүлүгүнүн калыптануусу түшүндүрүлөт. | КК-4 |
| Тилдер системасы жана адабиятты функционалдаштыруунун негизги мыйзамченемдүүлүктөрүн синхрондук жана диахрондук аспектиде өз алдынча изилдөө көндүмдөрүнө ээ болуу, оозеки жана жазуу коммуникациясын аргументтештирип жазууну чеберчиликте үйрөнүү иш-билгиси | **КК-5** - алдындагы компетенция дүйнөлүк, тектеш, азыркы салыптырып изилдөө, адабият таануу, кыргыз адабиятынын тарыхый-адабий жана социо-маданий контекстин эске алуу менен өз алдынча илимий изилдөөнү пландаштыруу, уюштуруу, ишке ашыруу жөндөмдүүлүгүнүн калыпта-нуусун түшүндүрөт. | КК-5 |
| Квалификациялуу анализдөөнү, ком-ментария берүүнү, рефераттоо жана башка адистиктеги заманбап методиканы жана методологияны пайдалануу менен ата мекендик жана чет элдик алдыңкы тажрыйбалар-дагы илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгын жалпылоо көндүмдөрүнө ээ болуу иш-билгиси | **КК-6** - алдындагы компетенция профилди даярдоо боюнча, анын ичинде жаңы жана чет тилдердеги жарыяланган эмгектерди сынчыл кабыл алуу жана талап кылынган талапка карай туура анализдөө жөндөмдүүлүгү, ата мекендик жана чет элдик алдыңкы тажрый-баларды пайдаланууда өз пикирин аргументтей билүүнүн калыптануусун түшүндүрөт. | КК-6 |
| Коллективдүү аткарылган илимий-изилдөө иштерине катышуу менен коомчулукка | **КК-7** - алдындагы компетенция коллективде иштөөдө өзүнүн ролун жана жумушчу топтогу | КК-7 |

| | | |
|---|---|---|
| зарыл болгон фило-логиялык көйгөйлөрдү кеңири изилдөө, ал (талап кылынган багыттар) боюнча илимий публикацияларды редактирлөө жана жарыялоого даярдоо көндүмдөрүнө ээ болуу иш-билгиси | маанисин сезүү, долбоорду аткарууда өзүнүн милдети менен ишке ашыруу мөөнөтүн жалпы маданий жана илимий контексттеги коллективдин илимий изилдөө ишмер-дүүлүгүн ориентирлөө, дайыма жумушчу топтун башка катышуучулары менен болгон кесипкөй коммуникациясынын эсебинен дайыма өзүнүн адистик деңгээлин көтөрүү жөндөмдүүлүгүнүн калыптануу сун түшүндүрөт. | |
| **Педагогикалык ишмердүүлүгү** | | |
| Түрдүү типтеги тексттерди (баланын жаш курагына карай) квалификациялуу интерпретациялоо, анын ичинде маңызын ачуу жана жаралуу дооруна байланышкан филологиялык билимди даңазалоо жана окутуу үчүн адабий материалдарды анализ-дөө көндүмдөрүнө ээ болгон иш-билгиси | **КК-8** - алдындагы компетенция түрдүү типтеги тексттерди окуу процесси талап кылган деңгээлде кайрадан иштеп чыгуусу, балдарга жеткирүүнүн спецификалык өзгөчөлүгүн түшүнүү, түрдүү топтогу булактар, кеңири тарыхый жана социо-маданий контекстеги тексттердин турмуш менен байланыштырып сабакта колдонуунун түрдүү методикасын билүү көндүмүнүн калыптануусун түшүндүрөт. | КК-8 |
| Жалпы жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринде адабият боюнча окуу сабактарын өткөрүү жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруу, жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде филологиялык дисциплина боюнча теориялык жана практикалык сабактарды өткөрүү көндүмдөрүнө ээ болуу иш-билгиси | **КК-9** - алдындагы компетенция атайын аудитория менен ийгиликтүү иштөө, анда талап кылынган коммуникацияны турмушка ашыруу, коммуникациянын жыйынтыгын жана окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн анализдөө, алынган натыйжага жараша өткөрүлгөн сабактын стратегиясына толуктоо киргизүү, жаңы методикаларды иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгүнүн калыптануусун түшүндүрөт. | КК-9 |
| Филологияга таандык бардык дисциплина боюнча өзүнчө | **КК-10** - алдындагы компетенция сабак-ты пландаштырууну, окуу | КК-10 |

| | | |
|---|---|---|
| окуу-методикалык иштелмелерин даярдоо, ага зарыл болгон материалдарды топтоо көндүмдөрүнө ээ болуу иш-билгиси | материалда-рын убакыт боюнча бөлүштүрүүнү, керектүү материалды топтоону, аны түрдүү булактардан иргөөнү жана аларды окуучулар өздөштүрүү үчүн окуу-методикалык жактан адаптация-лоо, ойлонууга чакырык салган материалдарды даярдай билүү көндүмүнүн калыптануусун түшүн-дүрөт. | |
| Окуу процессинде чыгармачыл иштөө үчүн өз алдынча методикалык колдонмолорду даярдоо жана аны окуучулардын билимин өркүндөтүүгө, студенттерге кесиптик багыт берүү иштерин уюштурууга колдоно билүү иш-билгиси | **КК-11** - алдындагы компетенция педагогикалык ишмердүүлүгүн жазуу формасында уюштурууга, анда адабий тилди илимий стилде колдоно билүүгө ээ болуу, инновациялык иштерди, отчеттук документтерди,жана методикалык комплекстерди түзүү чеберчилигинин калыптанышы, б.а.филологиялык дисциплинанын түрдүү милдеттери менен максаттарын жеткиликтүү жана көрсөтмөлүү демонстрациялоону окуучулардын деңгээлине ылайык даярдоо жана аларды кесипкөй сферадагы тигил же башка жекече сапаттагы методикасын адекваттуу иштеп чыгууну билүүнү туюндурат. | КК-11 |
| **Филологиялык билимди колдонуу ишмердүүлүгү** | | |
| Бардык типтеги тексттердин расмий-иштиктүү жана публицистикалык стилдерин түзүү, редактирлөө, рефе-раттоо жана системага салуу иш-билгиси | **КК-12** - алдындагы компетенция белгилүү бир жанрдын тексттик сценарийин түзө билүүнүн, адистешүүчү чөйрөгө маалыматтарды бир кыйла адекваттуу берүү үчүн стилистикалык каражаттарды тандоонун, иштиктүү этикетти жана бизнестин тилин, коммуникативдүү кырдаалга туура баа берүү көндүмдөрүн колдоно алуу ишмердүүлүгүнүн калыптануусун түшүндүрөт. | КК-12 |
| Түрдүү типтеги тексттерди | **КК-13** - алдындагы компетенция | КК-13 |

| | | |
|---|---|---|
| (тексттин максатына тийиштүү стилин, жанрын өзгөртө алуучу) жасоо жана жайгаштыруу иш-билгиси | түрдүү типтеги тексттердин, мыйзамдардын спецификасын, алардын түзүлүшүн баамдоо, тексттин стилистикасы менен түзүлүшүнө, текст түзүүдө анын прагматикасы жана адистештирилген чөйрөсүнө көз карандылыгын анализдей билүү, текст жаратууда жаңы кесипкөй милдеттерди ишке ашыруу үчүн зарыл стилистикалык жана структуралык элементтерин ылгоого жөндөмдүү сапаттарынын калыптануусун түшүндүрөт. | |
| Сүйлөөдө, пикирдешүүдө чечендик өнөрдүн (ораторлук искусство) көндүмдөрүн пайдалануу менен эл алдында сүйлөөнү пландаштыруу жана презентациялоо иш билгиси | **КК-14** - алдындагы компетенция коммуникативдүү кырдаалды адекваттуу анализдөөнү билүү, адистештирилген чөйрөнүн спецификасын аныктоону, сүйлөөнүн максаты менен милдетин формулировкалоону, коммуникациянын жана риториканын теориясынын негизи менен камсыз болгон атайын программаны пайдалануу аркылуу презентация даярдай билүү ишмердүүлүгүнүн калыптануусун түшүндүрөт. | КК-14 |
| Иш учурундагы расмий пикирлешүүлөрдү же эл аралык форумдук сүйлөшүүлөрдү синхрондук жактан квалификациялуу жүзөгө ашыруу, кыргыз адабий тилин чет тилдер менен айкалыштыра билүү иш-билгиси | **КК-15** - алдындагы компетенция кесипкөй коммуникацияны жогорку жоопкерчилик шартындагы эл аралык публикада колдонуу, адабий тилди түрдүү кырдаалда чет тили менен айкалыштыра билүү көндүмдөрүнүн калыптануусун түшүндүрөт. | КК-15 |
| **Долбоорлоо ишмердүүлүгү** | | |
| Коммуникативдик байланыштын өнүгүү шартына ылайык социо-маданий кырдаалдын моделин эске алуу менен кептик ишмердиктин сценарийин түзө билүү иш- | **КК-16** - алдындагы компетенция кесип-тик милдеттерди турмушка ашырууда пайда болгон кептик кырдаалды туура анализдөө, кеп ишмердүүлүгүнүн шартын жакшыртууну билүү, ага ылайык | КК-16 |

| | | |
|---|---|---|
| билгиси | кеп ишмердүүлүгүн долбоорлоо, алардын арасынан ийгиликтүү боло турган вариантты жана багытты табуу, долбоордун башка катышуучуларынын жана сырткы өнөктөштөрдүн кептик ишмердүүлүгүн баалоо жөндөмүнүн калыптануусун түшүндүрөт. | |
| Билим берүү процессинде филологияны колдонуунун зарылдыгын, мазмунун жана теориясын билүү, ага ылайык долбоорлоо иштерин уюштуруу, текстти конструкциялоо, тексттин түзүлүшүн моделдештирүүнүн практикалык көндүмдөрүнө ээ болуу иш-билгиси | **КК-17** - алдындагы компетенция билим берүү процессинин бардык аспектилеринде адабий тилге жоопту мамиле кылуу, текстти (кептин бардык түрлөрүндө) туура анализдөө жана билим берүүнү тейлөөдө кеп ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоо, жаңычыл ыкмаларды жана методдорду окуп-үйрөнүүдө тилдин ички каражаттарын колдонууну сунуш кылуу, билимди көзөмөлдөө жана баалоонун формалары, филология тармагындагы билим берүүнүн тарыхы топтогон тажрыйбаларды пайдаланууда улуттук лексикалык корду туура колдонуу, өз пикирин коргоодо аппеляция кылуу жөндөмдүүлүгүнүн чебер калыптануусун түшүндүрөт. | КК-17 |
| Илимий, социалдык, педагогикалык, чыгармачылык жарнамалык, басып чыгаруучулук жана башка долбоорлорду иштеп чыгууга жана ага катышууга даяр болгон иш-билгиси | **КК-18** - алдындагы компетенция бардык сферада долбоорлоо ишмердүүлүгүнүн багытын аныктоо, жаңы пайда болгон долбоордун контекстин баалоо, долбоордун оригиналдуу концепциясын түзүү, долбоорлоо ишмердүүлүгүн бардык деңгээлдерин жана аспектилерин иштеп чыгуу, аны турмушка ашыруу үчүн жумушчу топту чогултуу, долбоордун катышуучуларынын ортосундагы милдеттерди жана зонаны бөлүштүрүү, каржылоонун | КК-18 |

| | | |
|---|---|---|
| | булактарын табуу, каржылоого көрсөтүлгөн билдирмени сабаттуу толтуруу, демөөрчүлөрдүн алдында милдеттенмени мөө-нөтүндө аткаруу, долбоорду турмушка ашыруу боюнча отчеттук документтерди түзүү жөндөмдүүлүгүнүн калыптануусун түшүндүрөт | |
| **Уюштуруп-башкаруучулук ишмердүүлүгү** | | |
| Комплекстүү маалыматтык таасир кылууну пландаштырууну жана ага болгон жетекчиликти турмушка ашырууну билүү, уюштуруу иш-билгиси | **КК-19** - алдындагы компетенция азыркы коомдогу маалыматты функционалдаштыруунун негизги мыйзам-ченемдүүлүктөрүн түшүнүү, маалыматтын жетегинде иштөөнү билүү, жарнамалык кампаниянын концепцияларын иштеп чыгуу жана аны турмушка ашырууга жетекчилик кылуунун көндүмдөрүнүн калыптануусун түшүндүрөт. | КК-19 |
| Окуу сабактарын жана практика, семинар, илимий дискуссия жана конференцияларды өткөрүү, уюштуруу жана аны башкаруу көндүмдөрүнө ээ болуу иш-билгиси | **КК-20** - алдындагы компетенция окуу сферасында жана илимий коомчу-луктун алкагында түрдүү коммуника-цияны ийгиликтүү уюштуруу, массалык иш-чаралардын планын иштеп чыгууну билүү, аны турмушка ашыруунун оптималдуу каражат, ык-формаларын табуу, түрдүү деңгээлдеги коллективде ишти уюштуруу, ага катышуучулардын милдеттерин бөлүштүрүү, иш-чараны уюштурууга катышы бар башкалардын көңүлүн буруууга жетишүү, өткөрүлгөн иш-чара жөнүндөгү отчеттук документ-терди түзө билүүнүн калыптануусун түшүндүрөт. | КК-20 |
| Жогорку окуу жайында «кыргыз тили жана адабияты» адистигине туура келген адабияттык профилдеги түрдүү программага дал келген | **КК-21** - алдындагы компетенция жогорку окуу жайындагы илимий-изилдөө иштерине активдүү катышуу, өз даярдыгынын кесиптик өнүгүшүн жана жалпы | КК-21 |

| | | |
|---|---|---|
| конкреттүү милдеттерди чечүүдө илимий изилдөө жүргүзүүгө жана өндүрүштүк иштерди уюштуруу менен аны башкаруу көндүмдөрүнө ээ болуу иш-билгиси | маданий компетенцияларын баалай билүү, конкреттүү милдеттерди мөөнөтүндө аткаруу, иштин аткарылыш сапатына жоопкерчилик алуу жөндөмдүүлүгүнүн калыптануусун түшүндүрөт. | |

*2-тиркеме*

“**Манас феномени жана гуманитардык илимдерди интеграциялоо**”

(2014, февраль)

ЖОЖдук ОМКда “**Манас феномени жана гуманитардык илимдерди интеграциялоо**” (2014, февраль) аттуу доклад жасап, анын презентациясында жогорку кесиптик билим берүү системасындагы базалык бөлүмгө кирген “Манас таануу” предметин компетенттүүлүктүн негизде окуу маселелерине токтолгон элек. Анда “Манас таануу предметинин жалпы эле кесиптик билим берүүдөгү орду жөнүндө кеп болот да, анда алгач ирет педагогикалык деңгээл, аны ишке ашыруучу окутуу технологиясы тууралуу төмөнкүдөй мазмунда сунуштар айтылат:

**1. Методологиялык технология.** «Манас» - бир караганда кадим кыргыз адабиятына таандык эпос. Азыр жалпы коомчулук «Манаска» ушул өңүттүн мамиле кылып жатканы менен анын мазмунунда көптөгөн маселелер катылып турат. Бүгүн биз кеп кыла турган проблема да ушуга байланыштуу. Анткени, «Манас» эпос гана болбостон, кыргыз эли басып өткөн тарыхый жолду толугу менен боюна сиңирип турат. Ал эми мындай көрүнүш ага бир гана филологиялык багытта эмес, учурда республикада жашап жаткан бардык илимдердин алкагында мамиле кылуу зарыл экендигин көрсөтөт. Себеби, анын сюжетинен кыргыз эли турмушун эле элестеп түшүнүүгө мүмкүн болбостон, учурда аракетке келип турган жашоо тиричилигин, өзгөчө **анын мазмунунда сакталган түрдүү философиялык ой жорумун, дүйнө тааным түшүнүгүн, дүйнө кабылдоо** жагын ар тараптуу көрүүгө болот. Алар таза илимий мүнөздө эмес, ошол мезгилдер жашап өткөн тарыңый окуялардын мазмунунда, анда аракетке келип

турган калктын этникалык курамында, жашоо образы менен анда тиричилик өткөргөн чарбачылыгы менен анны ыйык туткан күндөлүк тиричилигин көркөм сүрөттөгөн көркөм сюжетте сакталып турат. Демек, *бүгүнкү күндө кыргыз элинин салт-санаасын, адеп-ахлагын, эстетикалык табиятын, жүрүм-турумунун жол-жобосун, адамдык оң-терс сапаттарын изилдеген философиялык жана психологиялык илимдер* **кыргыз элинин байыртан келе жаткан элдүүлүгүн сактоо үчүн** өз изилдөө багытын ушул жакка бурушу зарыл болуп турат. Дагы бир жолу айтууга туура келип жатат, ал **"XXI кылымдан тарта кыргыз балдары ким болот, биз аларды кандай багытка карай, кантип тарбиялайбыз?" деген суроо** менен күн тартибине коюлат. Демек, бул суроого туура жана так жооп берүү үчүн кыргыз эли басып үткүн тарыхый жолду кыргыз эли эми баса турган келечек менен байланыштыруу милдети кыргыз философторун "Манаска" кайрадан *бир үңүлүп*, бирок **жаңыча мамиле кылуусу зарыл экендигин** көрсөтөт. Ал "Манаска" эпос катарында, бир *чыгарманын философиясы сымал мамиле кылбастан*, "Манас" азыр **дүйнөлүк ой жүгүртүүдө** өз ордун таба элек **көчмөн цивилизацияны сактаган уникалдуу феномен катары мамиле кылуу зарыл экенин** көрсөтүүдө. Мына бул идеяларды жогорку кесиптик билим берүүдө *студенттин адистигине* **(а)**, анын *кесипкөй болуп чыгышына багытталган компетенцияларга* **(б)**, ошол *кесиптин масштабында туруп дүйнө кабылдоо* **(в)**, дүйнө таануу багытындагы *көз карашынын калыптанышына* **(г)**, дүйнөлүк цивилизацияда *кыргыз эли өз ордун (көчмөн цивилизациянын ээси катары) таап* **(д)**, ошол мезгилде *кыргыз жараны кыргыз болуп жетилүүсүнө* **(е)**, б. а. ар бир Кыргызстандык өз кесибиндеги киийинки муунга **"Манас" феноменин орду кайда экенин таанып**, дайыма *үйрөтүп жүрүүсүнө ээ болуу зарылдыгы* **(ё)** турат. Ал кайсы кесиптин ээси болбосун төмөнкүдөй эки кырдаал аркылуу ой жүгүртүүсү маанилүү экенин билүүгө тийиш:

1) "Манас" бир эпосту түзгөн кадимки эле баш каарман эмес, ал байыркы санскрит тилинде "ман" киши, ал эми "ас" эс, аң сезим, өтмө маанисинде "эстүү киши", тереңдетип, ошол тилдеги маанисинен алып айтканда "эстин ээси" катары мамиле кылуу зарылдыгы менен түшүндүрүлөт; Бул багыттан алганда анын

философиялык мааниси өтө терең, аны мугалим студенттин алып жаткан кесибине ылайыктап, "Манас таануу" предметине **бөлүнгөн кредиттик убакыттын ичинде түрдүү окутуу формаларына таянып**, өзгөчө студенттердин *өз алдынча ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзө турган* **(1)**, бардык түшүнүктөрдү *дискуссиялык жол менен аныктоого жол ачып берүүчү* **(2)**, сунушталган ойду талаш-тартыш менен *тереңирээк чечмелөө мүмкүн болгон* **(3)**, ар бир студенттин *субъективдүү көз карашын айтууга эркиндик берген* **(4) жаңычыл ык-усулдарды пайдалануу аркылуу** ишке ашыруу маанилүү. Мындай **методологиялык технология** студенттин *дүйнө кабылдоо багытында көз карашын калыптандырууга* **(а)** гана басым койбостон, Кыргызстандагы ар бир жаранга *өзү ээлик кыла турган* кесип боюнча *кыргыз эли колдонуп келген терминдерди табууга* **(б)**, лексикалык кордон *өз кесибине таандык сөздөрдү аныктоого* **(в)**, андай сөздөрдүн берген *маанисин толук өздөштүрүүгө* **(г)**, эзелтен эл колдонуп келген сөздөрдү *маанисине карай термин катары пайдалана билүүгө* **(д)**, **адистигине таандык кыргыз тилиндеги байыртан колдонулуп келген дискурсту** *баалап түшүнүүгө* **(е)** жана *алардын ар бирин маани-маңызына ылайык* **(ё) тилдик** жана **коммуникативдик иш-билги** (компетенциялар) **катары колдонууга** шарт түзүп берүүсү керек болууда. Тактап айтканда реалдуу турмушта ошол сөздөр аркылуу **кесибине тиешелүү сүйлөшүүнү уюштурууга**, ага байланыштуу сөздөрдү эле билүү эмес, кыргыз эли дайыма колдонуп келген "сөз берметтеринин" маанисин, өтмө, кыйыр, каймана, какшык, тамаша, шылдың, ж. б. мазмунда **айткан ойлорун жеткиликтүү түшүнүүгө**, кеп нугу кайда баратканын **толук айырмалоого** бул технология милдеттенүүгө тийиш.

2) "Манас" көчмөн цивилизацияга негизделген ой жүгүртүүгө ээ элдин дүйнө кабылдоосунун айлана-чөйрөгө, *жаратылышка карата мамилесин*, *чындыкка карата көз-карашын*, не бир кылымдарды боюна сиңирген рухий жана *диндик түшүнүктөрүн*, жаратылышка карай, ааламга – астрономиялык жана географиялык ж. б. *билимдерди өздөштүрүүгө карай* сактап келген **уникалдуу феномен катары аңдаштыруу зарылдыгы** жогорку кесиптик билим берүүнүн ар бир багыты боюнча иш алып барууну кыргыз адабиятчыларына милдеттендирүүдө. Ырас, ал алгач бул маселенин өзүн илимий коомчулуктун

алдына көтөрүп чыгып, “Манас” феноменинин мазмунунда сакталган бир түшүнүк менен иштөө аркылуу студентке түшүндүрүүчү **жалпы педагогикалык деңгээлдин** ар бир окуу жайда болушун, ошондой эле алардын жалпы **методологиялык технологияга** баш ийген, бирок окуу жайдын кесип берүүчүлүк миссиясына карай **стратегиясын тактоо**, **тактикасын иштеп чыгуу** зарылдыгы турат. Анткени “Манас” кыргыз эли калыптандырган жана керектеген бардык илим-билимдерди дүңүнөн камтыган, **энциклопедиялык түшүнүктөрдү** элдик чыгарма катары **көркөм-поэтикалык туундуга сиңирип кеткени** менен баалуу болуп саналат. Мында *методологиялык технологиянын кызматы* ар бир илимди *аталган феноменго байланыштыруу*, чексиз багыттарды көздөй кетип бара жаткан *илимий түшүнүк менен кыргыз элинин байыркы жашоосун* **интеграциялоо милдети** ачык көрүнөт. Азыр илимий чөйрө аркылуу таанылып-үйрөнүлүп жаткан ар бир илим бири-бири менен эч качан бирикпей тургандай таасир калтырганы менен ал реалдуу жашоодо кадим философиялык мыйзамда аныкталгандай бирисиз бир жашай албай турган өтмө катар *байланышта турган ажырагыс биримдикте экенин*, *диалектикалык карым-катышын* “Манас” феномени аркылуу Кыргызстандык жаштарга жеткирүү маселеси өтө ыңгайлуу жол болуп берет. Сыртынан алганда, “Манас” феномени кыргыз басып өткөн тарыхый-социалдык окуяларды көркөм жана кыргыз тилинин ой берүү мүмкүнчүлүгү аркылуу кеңири арымда, терең мазмунда, өзгөчө бир караганда ачыла бербеген подтекстте чагылдырган алган нукура элдик эпикалык чыгарма болсо, аны терең изилдеген окумуштуулар көрүп-билгендей анын ар бир сабында ар бир илим өз алдынча аныктап үйрөнө турган маани-мазмун сакталып турганын байкайт. Ал - көлөмү жагынан да, идеялык-көркөмдүк жагынан да, эл турмушун, тарыхый-баатырдык окуяларды жеткиликтүү көркөм чагылтуу жагынан да, жүздөгөн каармандардын образдарын көркөм, элестүү сүрөттөп берүү жагынан да дүйнөдө жалгыз эпос, б. а. көркөм туундулар менен философиялык изилдөөлөр теңтайлаша албаган жападан жалгыз руханий кенч. Мына ушул руханий керемет дөөлөттүн автору - кыргыз эли десек, ошол жолду андан ары улап кетүү милдети кайсы кесиптин ээси болбосун кыргыз жаштары, келечек муун болуп эсептелет. Ал эми аларга “Манас” эпосун **өздөрү алуучу кесибине байланыштырып**

**өздөштүрүүсү** азыркы жогорку кесиптик билим берүү стандарттары аныктаган **максатты жүзөгө ашырууга жол ачып** берет. Анткени, алардын максат-милдети *эпостун сюжетин студенттерге таанытуу эмес*, билимди *бере билүү формасын колдонуу* **(а)** аркылуу анда сакталып келе жаткан *жогорку идеяларды муунга үйрөтүү* **(б)** ошондой эле *көчмөн турмуш аныктап койгон түшүнүктөрдү өз алдынча таанып билгендей деңгээлде билдирүү* **(в)** менен бирге реалдуу турмушта **адистигине ылайык колдоно алуусун калыптандыруу** милдети турат. Бул окуу стандарттары кабыл алган "Манас таануу" предметин өз деңгээлинде окутуу гана болбостон, *кыргыз аздектеп келген дүйнө кабылдоо системасын азыркы турмушка ылайыктап пайдалануунун жол-жобосун* ар бир адиске көрсөтүп берүүчү педагогикалык технологияны **ишке киргизүүгө багыт** берет. "Манас таануу" предметин окутууга сунушталып жаткан мындай **методологиялык технология** бул багытта жаңыдан жолго коюлган *иш чараларды толук камтыган иштерди аткарууну* (1), аны *ар бир кесиптин спецификалык өзгөчөлүгүнө* (2), эң башкысы ошол адистикте *студенттин кесипке болгон кызыкчылыгына* (3) байланыштырып, адистик иш-билгисин (компетенттүүлүгүн) калыптандырууда маанилүү роль ойной турган окутуу принциптерине, кесипке даярдоодогу **стратегиялык технологиясына негизделип**, кесипке карата коомдук-социалдык кызыкчылыктарды эске алуу менен түзүлгөн окуу процессин жолго коюуга милдеттүү болуп саналат. Мында, **башкы максат** натыйжага жетүү болгондуктан предметтин мазмуну студент реалдуу турмушунда пайдалана алуусуна өбөлгө түзгөн жагдайлардын фонунда иш-билгилерди (компетенцияларды) калыптандырууга карай аныкталып, окуу процессиндеги модулдук системада окутуу формаларын тандоо, социалдык керектөөсүн эсепке алуу менен практикалык сабактарда студенттин өз алдынча иштөөсүн уюштуруу зарыл экени байкалат, б. а. ар бир сабактын мазмуну студенттин иш-билги көндүмдөрүн калыптандыруу маселесин чечүүгө багыт алышы зарыл экени ачык көрүнөт. Ал эми дисциплинанын мазмунунда көчмөн цивилизация түзгөн **улуу феномен** элибиздин кан-жаны менен бирге жаралып, эл башынан кечирген тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде көркөм сөз өнөрүнүн эң бийик туу чокусу болгон манасчылардын (жомокчулардын) табият тартуулаган сырдуу талантынын, көп

жылдык тажрыйбасынын аркасында калыптанып, биздин күндөргө жетти десек, **аны бүгүнкү күндө айкалыштыруу** гана кесиптик берүүнүн мазмунунда өз ордун табат. Андыктан аны ошол бийиктигинде сактап, **кийинки муунга өткөрүп берүү пазыйпасы** "Манас таануу" предметинин милдети болуу бирге ата-бабаларыбыздын кылымдар бою сактаган, **анда топтоштурулган** *коомдук-социалдык, адабий-эстетикалык, философиялык* жана *адеп-ахлактык,* **руханий асыл-нарктары**, бийик **гуманисттик идеялары**, **тарыхы**, **үрп-адаты**, **каада-салты**, **географиясы**, ал тургай **диний** жана **медициналык түшүнүгү**, **эл аралык мамилелери**, ошондой эле **келечекке карата умтулуулары** сыяктуу феномендик касиети бизге өткөн кылымдардагы өңчөй прикладдык (дайыма колдонуучу) мүнөздө окутууга көңүл бурууну шарттайт. Тагыраак айтканда, Кыргызстандык жаштар аны **таанып-билүү менен** чектелбеш керек, андагы түшүнүктөрдү толук **колдонууга** милдеттүү. Студентке **"Манасты" таанытууда сюжетти окуп коюуга болбойт, аны** азыркы мезгилдеги илимий булактар менен да "азыктандыруу" аркылуу кийинки муунга жеткирүү зарылдыгы мугалимдин турат. Антпесе анын мазмунунда жалаң утопиялар акыл-эстен тыш фантазиялар чагылдырылгандай менен ойлоп, кол шилтөө мамиле кылып жүрүшкөнү байкалат. Чынында **аны түшүнүү үчүн да өзгөчө илимий-теориялык ой жүгүртүү керек** болсо, кайсы кесиптин ээси боло турганына карабай ушул "Манас таануу" предмети аркылуу социалдык иш-билги катары үйрөнүү - ар бир кыргыз жаранына коммуникативдүү байланыштарды уюштурууда керек **лидерликти**, б. а. анда *апыртылып жаткан окуялардын контексти* менен *подтекстинде,* эпостун *кескин өнүккөн сюжеттик курамында, адабий-эстетикалык пафос менен айкалышкан сырткары көрүнүштөрдө* жашаган чексиз кайраттуулукка үндөө, ар намысты бийик тутуу, Ата Журтту терең сүйгөн жоокерликти урматтоо сыяктуу **инсандык сапаттарды калыптандырууга** мүмкүнчүлүк түзөт. Ырас, мунун баарын иш-билги катары кароо туура эмес болгону менен жарандык коомдо көйгөйгө компеттенттүү мамиле кылууда анын ролу жогору экендиги талашсыз. Ушул мазмунга ээ адеп-ахлактык идеялардын "Манас" феноменинин фонунда бүгүнкү жаш муундарды тарбиялоого, алардын атуулдук, мекенчилдик сезимдерин калыптандырып, өздүк мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө кошкон

салымы өтө чоң экендигин өткөн доор эбак эле аныктап түрдүү кырдаалда келгенин эске алсак, аны бүгүнкү коом үчүн пайдалануу маанилүү экени көрүнөт. Эки баскычтуу кесиптик билим берүүнүн парадигмасы жарандык коом үчүн эң керек компетенцияларды тандап, аны калыптандыруу дидактикасын түзүүдө мына ушундай идеяларга канык болгон окуу пландары менен силлабустарга муктаж болуп турат. Антпесе келечек муундар өзүнүн ата-бабалары кантип жашаганын билбей, билсе да алар студент тандап алган кесип боюнча түшүнүгү болгонбу же болбогонбу, болсо кандай кырдаалда кантип колдонуп келгенинен кабар ала албай келет. Бир караганда жаштар мунун зарылдыгы жоктой сезилет. Бирок кандай шартта болбосун кыргыздар менен аралашып иштей тургандыгын эске алсак, анда "Манас" феномени боюна сиңирип турган этнопсихологиялык мамилелер, этносоциалдык турмуш азыр эл арасында таасирдүү болгон кырдаалда кандай көйгөй болбосун маселени туура чечүүгө көмөктөшөт. Анткени кыргыз коомчулугу өзүнүн "жай турмушун" андан бөлбөй, руханий дүйнөсүн ага "батырып" келе жаткандыктан, кайсы кесиптин ээси болбосун кыргыз жараны "Манаста" катылып жаткан түшүнүктөрдү билүүгө аргасыз. Башкалардай эле кыргыз турмушу кайсы кесип болбосун өзүндө "жашоосун" талап кылгандыктан, кандай илим, анын кандай илимий-теориялык аныктамасы болбосун күнүмдүк турмуштан алыс турган "көчмө идеялардын" алкагында эмес, жарандык коомго жандуу аралашкан мүнөздү болушу үчүн "Манасты" таанып-билүү зарылдыгы коюлат. Бул пазыйпа **«Манас таануу» сабагы менен** ар бир студент алып жаткан **азыркы илим-билимдерди интеграциялоо милдетин** коомчулуктун алдына алып чыгат. Мында бир нерсени эске алуу зарылдыгы турат, ал "Манас таанууда" орто жана жогорку окуу жайларынын окуу программаларына киргизилип, окутулуп жаткандай "Манас" эпосунун сюжетин, изилденишин, ж. б. маселелерин студенттерге билдирүү эмес, учурда **кыргыз элинин алдында турган татаал маселе** – ааламдашуу процессинде улуттук баалуулуктарынын буга чейин сакталып келген нарк-насил, дөөлөттөрүнүн жок болуп кетпестигин «Манас» феномени аркылуу таанытуу. б. а. "**биз адис катары тарбиялаган жаштар эртең ким болот?...**" деген суроого кесиптик билим берүү тарабынан жооп берүү болуп саналат. Аны чечүү үчүн учурда өлкөдөгү бардык жогорку окуу жайлары

биргелешип аткара турган бир катар проблемалар бар экендиги аныкталды. Ал азыркы мезгилде кыргыз жаштарын адистештирүү үчүн маанилүү болуп турган "Манас" феномениндеги бардык түшүнүктөрдү **кыргыздын дүйнө таанымы катары өздөштүрүү менен** бирге кесиптик билим берүүнүн бардык багыты боюнча **интеграциялоо зарылдыгы** көрүнөт. Бул **адабий чыгарманы бардык кесиптегилерге таңылоо эмес**, тескерисинче азыркы реалдуу жашоону кыргыз элинин өткөндөгүсү менен байланыштырып, **айлана-чөйрөнү таанып билүүнүн этностук табиятын** Кыргызстанда жашагандарга текши жеткирүү милдети орундалмак. Анткени, **кыргыздын дүйнө аңдаштыруусу**, оозеки калыптанган (фольклордук) адабий чыгармалардын ичинде "жашап", эмне ойду, кайсы түшүнүктү кийинки муунга калтыргысы келсе, анын баарын образдуу (жандуу) элести пайда кылган адабий **ой жорумга такап**, ар бир *жаш муун өзүнүн акыл сезимине жараша баалап билгидей кырдаал түзүп,* **көркөм ойдон** кадимки **жашоо табиятына өткөрө алгандыгы менен** айырмаланат.

Гуманитардык илим-билимдер (табият илимдери деле) азыр "Манас дүнүнөн берген түшүнүктөрдү вариациялап, "таза илимий" мүнөздө кесиптик билим берүүдө колдонуп жаткан болсо, **кыргыз эли көчмөн цивилизацияда** аны кантип аткарып, кандай шартта **оң жагына чечкенине айкалыштыруу** XXI кылым үчүн өтө маанилүү **педагогикалык иштердин мазмунун** ачып бермек. Демек, алдыда аткара турган иштер кыргыз жергесинде толук орун алып, **кыргыз тилинде** (жарандык байланыштын) **өзүнүн ишин уюштуруу** зарыл десек, анда жарандык коомдун кызыкчылыгында турган татаал ишке багыт алмакчы. Эгер аны ар бир жарандык коомдук-социалдык керектөөсүндө турган иш-билги (компетенция) катары аныктасак ал өзүнүн алдына **төмөнкүдөй максат** жана **милдеттерди** коёт:

1) «Манас» феномени мезгил закымдаган сайын улам такталып, толукталып, артык баш жүктөрдөн бошонуп, кошумчаларды, алымчаларды кабыл алуу менен аларды тулку-боюна сиңирип, өмүр көчүн алга сүрөгөн ыйык рух жана купуя сырдуу дүйнө тааным экенин ар бир илимий багыт боюнча жаш муундарга жеткирүү;

2) Улуу феномен элибиздин кан-жаны менен бирге жаралып, эл башынан кечирген тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде көркөм сөз өнөрүнүн эң бийик туу чокусу болгонун ар бир кесиптик билим берүүдө (өзгөчө гуманитардык илим-билимдердин алкагында) таанып-билүү; Аларда манасчылардын (жомокчулардын), табият тартуулаган сырдуу талантынын, көп жылдык тажрыйбасынын аркасында калыптанып, биздин күндөргө жеткен “Манас” феноменин **ар бир илим менен интеграциялап изилдөө аркылуу** ал бир гана *көркөм дөөлөттүк мурас эмес экенин*, б. а. *анын энциклопедиялык мүнөзгө ээ табиятын* эч бөксөртпөстөн туруп, *бардык илим тармактары аркылуу* кийинки муундарга өткөрүү;

3) Көөнөрбөс “Манас” феноменине көркөм поэзия, **байыртан калыптанган оозеки жомок катары мамиле кылуу көз карашы аяктаганын**, учурда андагы дүйнө таанымга жаңыча мамиле зарыл болуп турганын, б. а. *кыргыз эли сактап келген уникалдуу көчмөн цивилизациянын баалуу булагын* эпос катары аңдаштыруу доору аяктап, ал эми мындан ары ага **бардык илимдердин алкагында илимий жактан интеграциялоо аркылуу терең изилдеп**, түпкүрүндө ачылбай жаткан доорлордун катмарларын ачуу мезгили келгендиктен, ар бир жогорку окуу жайдын бардык факультеттеринде «Манас таануу» сабагы аркылуу студенттерди феномени менен ар тараптан тааныштыруу, *аны ар тараптан изилдеп үйрөтүүгө багыттоо* менен *улуттук баалуулуктарга терең каныккан* иш-билги (компетенттүү) **адистерди даярдоо** максаты турат.

Бул максаттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер Кыргызстандын бардык окуу жайларында орун факультеттердин алдына коюп, ал аркылуу **методологиялык технологияны** иштеп чыгуу, коомдун өнүгүүсүн карай эксперименттик иштерди жүргүзүү зарылдыгы коюлууда. Жаңы мазмунда, компетенттүүлүк парадигмасына негизделип түзүлгөн силлабустар менен уюштурулган сабактар **методологиялык технология боюнча ишке ашырылып**, буга бардык окуу жайдын студенттери тартылышы керек деп эсептейбиз. Тагыраак айтканда, ал сабактар өз милдеттерине учурдагы окутуунун өзгөчөлүктөрүнө (компетенттүү кадрларды даярдоо) ылайыкташып, төмөнкүдөй багыттарды окуу процессинин жүрүшүндө ишке ашырууга аракеттенишмекчи.

Эксперименттин жүрүшүндө өтүлгөн сабактардын ар биринде белгилүү компетенцияларды калыптандыруу багытында жаңычыл сабактар иштелип чыгып, анда студенттердин жалпы жана кесиптик иш-билгилери (компетенциялары) аныкталууга тийиш. Биз анын кандай мазмунда болушуна карата өз ойлорубузду тизмектеп, аны азыркы абал менен байланыштырып топтоого аракеттендик, ал төмөнкүдөй болсо азыркы учурдун талабына жооп берет деп ойлойбуз.

**Жалпы, илимий компетенцияларга багытталышы боюнча:**

- «Манасты» көчмөн цивилизациядан калган уникалдуу феномен катары таануу, б. а. адистик боюнча жалпы билимдерге ээ болуу үчүн кыргыз эли өзүндө байыртан калыптандырган бардык билимдер анда сакталып турганын таанып-билүү жана аны күндөлүк практикалык турмуш менен айкалыштыра колдоно билүүгө үйрөтүү;
- “Манас” феноменинде берилген илимий-теориялык ойлорду азыркы илимий-теориялык жетишкендиктер менен салыштыруу аркылуу студентке кыргыз эли өзү билим алып жаткан тармак боюнча мурда кандай түшүнүктөргө ээ болгонун үйрөтүү, б. а. өткөн менен азыркыны салыштыруу студенттердин анализ жана синтез жасоо мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
- “Манас” феноменинде берилген түшүнүктөр аркылуу студенттерди Ата-журтун, эл-жерин жан дили менен сүйүүгө, башка улуттар менен ынтымактуу жашоого тарбиялоо;
- “Манас таанууда ” үйрөнгөн тилдик жана кептик компетенцияларды пайдалануу менен башка предмет боюнча ар кандай семинарларды, презентацияларды даярдоого, уюштурууга жана пландоо аркылуу студенттерди билимин интеграциялоого мүмкүн түзүү, кесипкөйлүк иш-билгисин (компетенттүүлүгүн) калыптоо;
- “Манас” феноменинде берилген сюжетти, андагы негизги өзөк окуяларды окутуу менен студент билим алып жаткан адистик боюнча базалык билимдерди калыптандыруу;
- “Манас” феноменинде берилген ар бир кесипке таандык лексикалык каражаттарды үйрөнүү аркылуу азыр колдонулуп жаткан илимий түшүнүктөрдүн

башаты кыргыз элинде байыртан болуп келгендигин аныктоо жана аны менен бирге Мамлекеттик тилде сүйлөө жана өз оюн билдире алуу мүмкүнчүлүктөрүн түзгөн компетенцияларды ишке ашыруу, б. а. таанып билген, өздөштүргөн кыргыз тилине таандык дискурсун кесибинде пайдаланууга, расмий иш чараларда максаттуу колдонуу, анын негизинде оозеки жана жазуу кебин жүргүзүү иш-билгисин өстүрүү;

- Программада берилген контролдук иштерди, студенттин өз алдынча иштерин аткарууда аларды "Манас" феномени менен айкалыштыруу менен алардын изденүүчүлүк, илимий көндүмдөрүн иш-билги катары калыптандыруу;
- "Манас" феноменинин жаралышы, андагы тарыхый жана социалдык окуялардын варианттуулугу тууралуу түрдүү көз караштарды талдоо менен түрдүү булактардагы маалыматтарды анализдөө аркылуу ар бир студентке кыргыз эли байыркы элдерден экенин жана алар көчмөн цивилизациянын ээ болгонун далилдөө көндүмдөрүн практикада колдоно билүүнү иш-билги катары жөнгө салуу;

**Социалдык компетенцияларга багытталышы боюнча:**

- "Манас" феноменинде берилген каармандардын мүнөздөрүн талдоо аркылуу студенттердин лидерлик (Манас сыяктуу) сапаттарын өнүктүрүү;
- "Манас" феноменинде берилген башкы идеяларды, жана андагы каармандарды талдоо аркылуу азыркы мезгилдеги жаштардын инсандык баалуулуктарын калыптоо, б. а. кыргыз элинин салтын, үрп-адатын сыйлоого жана аны түшүнүп колдонуу иш-билгисине ээ кылуу;
- "Манас" феноменинде берилген ар бир илим тармагы боюнча түшүнүктөрдү (кесибине тиешелүү) талдоо аркылуу көчмөн цивилизацияга байланыштуу улуттук баалуулуктарды үйрөнүү жана өзүнөн кийинки муунга үйрөтүү жолдорун калыптандыруу;
- "Манас" феноменинде берилген адамзаттык идеяларды талдоого алуу менен кыргыз маданиятына таандык эл аралык баалуулуктарды билүү жана сыйлоого көнүктүрүү жана аны реалдуу турмушта пайдаланууга багыттоо;

**Предметтик конпетенцияларга багыттоо боюнча:**

- «Манас» - кыргыз эли кылымдап калыптандырган, көчмөн цивилизацияга таандык феномен экенин дайыма сыймыктануу менен белгилөө, башка улуттагыларга анын феноменалдуу табиятын түшүндүрө билүүгө көнүктүрүү;
- "Манас таануу" аркылуу "Манас" феноменинде берилген илимий түшүнүктөрдү табууга үйрөтүү, анын натыйжасында азыркы гуманитардык жана табигый (кесипке ээ кыла турган) илимдер боюнча кыргыз элинде байыртан эле маалыматтар болгондугун аныктоо менен улуттук баалуулуктарды түрдүү диверсиялык көз караштардан коргоо жөндөмүн өнкүтүрүү;
- "Мана стаануу" аркылуу улуттук жана жалпы адамзаттык адеп-ахлактык, этикалык жана эстетикалык компетенцияларга ээлик кылуусун шарттоо, демократияга шылтап улуттук нарк-насилди таануу аракетинде жүргөндөргө сабактагы дискуссиялар аркылуу сергек ойлонуу иш-билгисин калыптандыруу;
- "Манас" феноменинде берилген адам акылынын бийиктигин, эс тутумунун жогорулугун жана башка алгылыктуу сапаттарды түшүндүрүү аркылуу аны азыркы адам психологиясына таандык жагымдуу мүнөз, адамкерчилик, мекенчилдик, сый-урматтоо, ж. б. сезимдер менен интеграциялоо жана анын негизинде азыркы учурдагы адамда болуп жаткан түрдүү абалга, адамдагы деградациялык жана депрессиялык кырдаалдарга туура баа берүү иш-билгисин (компетенциясын) жөнгө салуу; ж. б.

Компетенттүүлүк негизде окутууда бир гана **методологиялык жактан жаңылануу жетишсиз экендигин** байкадык. Ал сабакта өз натыйжасын берүү үчүн Н.В.Борисова белгилегендей, ар бир окуу жайда мугалимдер биргелешип иштей турган **стратегиялык** жана **тактикалык технология** да болушу керектиги ачыкка чыкты. [70] Н.В.Борисова стратегиялык технологияга төмөнкүдөй түшүндүрмө берет: "*Стратегические образовательные технологии* (на уровне организационной формы взаимодействия), ориентированные, как правило, на один параметр образовательного процесса и выступающие как способ достижения стратегических целей" [70/46], ал эми тактикалык технологияга карата оюн: *Тактические образовательные технологии* (на уровне методики, формы и/или метода обучения, приема), являющиеся конкретным способом достижения

тактических целей образования в рамках определенной стратегической технологии” [70/48] деп билдирет. Сунушталган иш-билгилер (компетенциялар) студентте толук калыптаныш үчүн аны окутуп жаткан мугалим жогоруда аталган аныктамалардын мазмунун туура түшүнүп, аны өз сабактарында дайыма пайдалануусу зарыл экендиги ачык байкалат. Н.В.Борисованын көз карашы ынандырып тургандай, эгерде “Манас таануу” предметинде (жалпы эле кыргыз адабияты боюнча предметтерде) ушулар (стратегия да, тактика да) *технологиялык* жактан *жеткиликтүү аткарыла турган болсо*, кыргыз эли 2200 жылдан ашуун мезгилдерди (тагыраак айтканда, анын мезгили андан да ары болушу мүмкүн) кучагына алган тарыхый баскан жолу бар экенин ар бир студент биле тургандыгы ачыкталды. Экинчиден, кыргыздар Борбордук Азияда жашаган, өзү менен тектеш, түрк тилинде сүйлөгөн башка элдерге караганда эң байыркы экенин далилдөөгө, ошондой эле мындай *гуманитардык билимдердин алкагында “Манас” феноменин интеграциялоого*, мурда тарыхта белгилүү болгон кыргыз элинин өзүнө гана таандык мамлекеттүүлүгү болгондугун, ал да байыркы тарыхы бар улуу элдердин бири болгонун аныктоого жана башкаларга түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Аны менен бирге “Манас” феноменин интеграциялоо гуманитардык илимдерди мындан ары изилдөө үчүн жаңы баскычка жол ачып, кыргыз эли сактап келген улуу руханий байлыкты азыркы мезгилдеги жарандын жан дүйнөсүнө, анын натыйжасында реалдуу турмушунда пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет. “Манас таануу” предметинде эпос камтыган энциклопедиялык билимди компетенттүүлүк парадигмасында туура түшүндүрүү менен *сынчыл ойломду калыптандырууга* болот, б. а. азыркы заман, андагы билим берүү менен көчмөн цивилизациянын бардык баскычтарын басып өткөн кыргыз элинин этнопедагогикасын салыштыруу мекенчил жарандын кантип пайда болгонун билүүгө, нечен каардуу душмандар менен салгылашып, өз эркиндигин сактап келишинин себептери ачык түшүнүүгө жол ачып берет.

*3-тиркеме*

**Кыргыз адабияты боюнча ЖОЖдук компоненттерди уюштурууга илимий-методикалык сунуштар**

Кыргыз тили жана адабияты кесибине негизги кардар орто билим берүү мекемелери болгондуктан, **кыргыз адабиятын** ЖОЖдук компоненттерде **окутуу** ар бир жогорку окуу жайдын **региондук жайгашуусун**, ошол *жергиликтүү мектеп-мекемелердин кесипке карата койгон керектөөлөрүн эске алуу* менен **уюштурулганы** жөндүү. Дүйнөлүк кесиптик билим берүүдө практикаланып келе жаткандай андай жумуштарды биринчи кезекте **окуу жай мониторингдик иштер аркылуу** аныкташы керек. Албетте мындай маанилүү иштерден факультеттин деканаты, андагы кафедралар сыртта калбай, б. а. *ар бир адабиятчы өзү окуткан предметке карата коомдук-социалдык талап кандай болуп жаткандыгын билүүсү* зарыл. Анткени кыргыз адабиятын кесипке багыттап окутуу иштери бир гана *адистик ишмердүүлүктөрдү жетекчиликке алып, аны түшүндүрүүгө карата* лекция (ошондой эле практикалык сабактарды) өтүп коюудан турбайт. Рынок шартында дайыма ийгиликтин үстүндө жүрүүнү окуу жайдын өзү, факультеттери студенттерге *кайсы иш-билги көндүмдөрдү пайда кылуу керектигин алдын-ала билип*, аткарылуучу *иш чаралардын мазмунун аныктап*, өзүнүн рейтингдик *келечегин ойлоо менен иш алып баруусу* керек. ЖОЖдук компоненттерде окутулуучу **кыргыз адабиятынын мазмунунда** төмөнкү кырдаалдар дайыма эске алынууга тийиш: 1) *жарандык коомдун атуулдук-патриоттук сезимдерин калыптандыруу*; 2) *жарандык коомдун эстетикалык табитин өстүрүү*; 3) *социалдык чөйрөнүн этикалык-моралдык, адеп-ахлактык маданиятын жөнгө салуу*; 4) *коомчулукта өз ара пикирлешүүнүн бардык түрүндө коммуникативдүү байланыштарды уюштура билүү компетенцияларын ишке ашыруу*; 5) *көркөм адабий тилдин прикладдык таасирин күчөтүү*; 6) *адабий тилди поэтико-лингвистикалык эреже-нормалар менен ишке ашыруу чеберчилигин иш-билги (көндүм) катары пайдаланууга жол ачып берүү*; ж. б. ушул сыяктуу кошумча компетенцияларды **иш-билги катары жүзөгө ашыруу милдети** турат. Мунун баары сабакта көркөм текст менен иштөөдө аткарылгандыктан, адабиятчы мугалим **сабактын формасын да жаңылоого**

тийиш. Ар бир сабакта компетенцияларды (иш-билги катары) толук калыптандыруу үчүн *оозеки* жана *жазуу тексттер менен иштөөчү ык-усулдарды тандоо* **(а)**, сабактын ички мазмундук табиятын *текст жаратууга үйрөтүүгө* алып келүү **(б)**, ар жанрдын өзгөчөлүктөрүнө ылайык *текст түзүүнүн спецификалык касиетин айырмалап колдоно билүүнүн эрежелерине* “колду көнүктүрүү” **(в)**, ишмердүүлүктүн түрүнө карай *сөз “тандоо”* **(г)**, стилди *пайдалана билүү чеберчилигин* калыпташтыруу **(д)**, ж. б. маселелер боюнча студенттин адистешүү көндүмдөрүн **иш-билги катары иштеп чыгуу максатында** дүйнөлүк кесиптик билим берүүдө ийгилик жараткан окутуунун активдүү формаларын [82/167] пайдалануу же **жергиликтүү шартка ылайык анын жаңы вариацияларын таап колдонуу** милдети коюлууда. Тагыраак айтканда, кыргыз адабияты сабактарында ал **эки багытта жүрүүгө тийиш**. Биринчиси – кептик ишмердүүлүктүн **жазуу түрүндөгү байланышы кандай болушу мүмкүн экендигин үйрөтүү** болсо, экинчиси - **оозеки кептик ишмердүүлүктү өнүктүрүү** үчүн “бирдиктүү кептик чөйрөнү түзүү” **(а)**, “каармандын жан дүйнөсүн өздөштүрүү аркылуу психологиялык-маанайлык кыйынчылыктарды жоюу жолдорун издөө” **(б)**, “публикада сүйлөөнүн сырларын үйрөнүү” **(в)**, ж. б. багыттар боюнча иш алып барууну милдеттендирет. Ал эми аны кандай окутуу формалары менен жүзөгө ашыруу окуу жайдын **тактикалык технологиясына таандык маселе** дегенибиз менен аны *лабораториялык иштер* (1) жана белгилүү *адистер* (чебер практиктер) *уюштурган мастер-класстар* (2) *аркылуу* жөнгө салуу зарылдыгы турат.

ЖОЖдук компоненттер **региондук өзгөчөлүктөрдү аныктоо менен** тез арада *ишке киргизүүгө зарыл болгон проблемалардын үстүндө иштөөгө* окуу жайга мүмкүнчүлүк берет. Рынок шартында аны туура пайдалануу менен бир катар маселени чечүүгө болот, б. а. ал кесиптик билим берүүдө мугалимге жана кафедраларга *жарандык коом, социалдык чөйрө менен тыгыз байланышта иш алып барууга* мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой эле окуу жай кыргыз адабиятын окутуунун **стратегиялык** жана **тактикалык технологиясын** аныктоодо ошол аймактын элине, жаштарына мүнөздүү болгон *социумдун касиетин түшүнүү* **(а)**, зарыл болсо аны *адабий чыгармаларын мазмунуна байланыштырып чече билүү*

**(б)**, б. а. адабияттык билим берүүдө *теориялык* жана *эмпирикалык билимди айкалыштыруу* **(в)**, ага ылайык **окутуу формаларын тандоо** *чеберчилиги* **(г)** да маанилүү орунду ээлейт. Буга мисал катары Эл мугалимдери Б.Батыркулов менен Б.Исаковдун иш тажрыйбаларын, педагогикалык чеберчиликтерин атап кетүүгө болот. Мындай шартта кыргыз адабиятына таандык сабактар **студенттин социалдашуусуна маанилүү роль ойногондуктан**, адабий чыгармаларды окутуу менен гана чектелүүгө болбойт. Студент эртең эле адабият мугалими болушу толук мүмкүн экендигин эске алып, *анын кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандырууда* турмушта керек болуучу *социо-психологиялык кырдаалдарга кыргыз адабиятын окутуу менен чечүүгө боло турган проблемаларды да сабакта өздөштүрүү* зарылдыгы турат. Демек, мугалим уюштурган **мастер-класстардын** мазмуну студентке *жарандык коомдун* (окуучулардын) *эмоционалдуу табиятын түшүнүүчү* **(а)**, ар бир *чыгармачыл аракеттерин колдоочу* **(б)**, керек жерде *консультация берүүчү* **(в)**, *шыгын* жана *жөндөмдүүлүгүн баалоочу* **(г)**, кесиптик ишмердүүлүк үчүн болгон иштерде *кетирген катачылыктарын оңдоочу* **(д)**, *көйгөй* же *коркунуч түзүлсө аны жеңүүгө жол көрсөтүүчү* **(е)**, публикага чыгууга *багыт берүүчү* **(ё)**, устат катары студентти (окуучуну) *толкундаткан проблемаларды туура кабыл ала билүү менен акылын айтып* **(ж)**, *кеңешин берип туруучу* **(з)** педагогикалык иш-билгини (жөндөмдүүлүккө ээ болууну) үйрөтүүгө тийиш. Ошондой эле **мастер-класстар** студенттин түрдүү багыттар боюнча *адистик чеберчилиги үчүн маанилүү компетенциялардын туундусу эмне экенин билдирүүгө милдеттүү*, б. а. аяктагандан кийин *кайсы багытта жумуш аткарса*, ага ийгилик алып келүүсү мүмкүндүгүн ар бир студентке *сабак учурунда ачыкка чыгаруу зарылдыгы* турат. Тактап айтканда **мастер-класстар иш берүүчүнүн кызыкчылыгынан келип чыккан сабактар** болуу менен бирге педагогикалык процессте А.В. Морозов белгилегендей *студенттин креативдүү чеберчилигин* [187] *ойготуучу* **чыгармачыл аракеттердин ээси** – *окуучунун партнёру* (1), *сабактын эксперти* (2), *мугалимдин консультанты* (3), *окуу ишмердүүлүгүнүн методисти* (4), *ийгиликти жайылтуучу сайттын түзүүчүсү* (5) , ал тургай *ОМК жетекчиси* (6) катары **түркүн формадагы окутуу иштеринин** комплекси катары кызмат кылышы керек. **Мастер-класстар** кандай мазмунда болушу керектиги

жөнүндө маселеге келгенде ал *жарандык коомдун, социалдык чөйрөнүн керектөөсүн канааттандырууга багытталган проблеманы ордунда чечүү, аны жөндөп кетүүчү* **иш-билгини** (компетенцияларды) **чебер үйрөтүүчү** кесипке даярдоонун жоопкерчилигинен түзүлөт. Ал эми ЖОЖдук компонеттер ийкемдүү (жыл сайын жаңырып турууга мүмкүн) болгондуктан, анда кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө студенттин *жеткиликтүү адистешүүсүнө жолтоо болуп жаткан жергиликтүү проблемаларды камтууга негиз бар* десек, аны **мастер-класстар** аркылуу жүзөгө ашырууга болот. Эгер **мастер-класстар туура уюштурулган болсо**, ал азыр окуу процессинде "үстөмдүк кылып турган" салттуу сабактардын да **кесиптик билим берүүдөгү мазмунунун жаңылануусуна алып келүүсү толук мүмкүн** экендигин эскерте кетели. Антпесе талап коомдук зарылдыктарга жараша жаңырганы менен аны кыймылга келтирүүчү көптөгөн сабактардын мазмуну баштапкы "өзөгүнөн" ажырай албай жаткандыгы баарыга белгилүү. Тактай келсек студенттин **туура адистешүүсү үчүн** маалымат берүү максатында *предметтин үстүнөн иштей бербестен*, кесибине *түздөн-түз тиешеси барларын гана өзүнчө бөлүп*, ал эми калган мүмкүнчүлүктү окуу процессинин сапатын жогорулатууга, *кыска убакытта студенттин турмушуна керек маанилүү* **иш-билгини** (көндүмдөрдү) **үйрөтүүгө** багыт алышы керек болуп турат. Антпесе көркөм чыгарманы талдап түшүнүү үчүн студенттерде илимий-теориялык маалыматтар жетиштүү болгону менен *көркөм тексттин мазмуну* менен *формасын ачып түшүнүүгө* жана *башкаларга түшүндүрүүгө* **иш-билгинин жетишсиздиги** байкалат. Ошондуктан студентти *кесиптик даярдыктан өткөрүү үчүн* өздөрүнүн *чыгармачыл аракетинин коштоосунда болгон ык-усулдарды пайдалануучу* **окутуунун активдүү формаларына артыкчылык берүү** зарылдыгы турат. Маселен, Е.В.Матухно теориялык билим берүүдө **окутуунун активдүү формалары** - студенттин *кесиби боюнча турмушту таанып билүү кызыкчылыгын арттырып, иштеп кетүүгө туура багыт берген ык-усулдар* экендигин белгилесе [182/85], И.А.Лазарева окутуунун мындай формаларына *жаш адисти кесиби менен "тааныштырып"*, **билим сапатын жогорулатууга кызмат кылган** бардык окутуу формаларын [161/52] киргизген. Студентти кесипке даярдоого карай окутуунун активдүү

формалары боюнча окумуштуулардын көз караштары түрдүү болгону менен негизги маңызын таанып-билүүдө белгилүү жалпылыктар сакталган. Мында окутуунун максаты - илимий-теориялык маалыматтын *турмуш менен байланыштуулугуна*, *кызмат ордун таап*, жаш адистин *кыйналбай иштеп кетүүсүнө кам көрө алган*, *активдүү чыгармачыл кесипкөйдүн иштөө принциптерин түзүүгө багыт берген*, **иш-билгини үйрөтө алганына** ылайык аныкталса, *форманын активдүүлүгү компетенттүүлүккө негизделишине таянып чыгарылганын* көрүүгө болот. ЖОЖдук компоненттер мамлекеттик стандарттын өтө ийкемдүү тармагы болуп, дайыма *турмушка жакын турган билимди берүү кызыкчылыгын көздөгөндүктөн*, ушул блокко киргизилген кыргыз адабияты боюнча сабактар биринчи кезекте **жергиликтүү социалдык керектөөнү эске алып**, *ийгиликке жетише турган кесиптик иш-билгилерди аныктап*, аны пайдаланууга жол ачып берүүгө кызмат кылышы керек болуп турат. Мында *студентте калыптанган иш-билги маанилүү орунда тургандыктан*, кыргыз адабияты боюнча сабактар студенттин кесиптик ишмердүүлүгүнө багыт алган, б. а. кызмат ордуна кайсы мезгилде барса, ошол жерден *иштеп кетүүгө мүмкүн болгон көндүмдөрдү үйрөтүүчү ык-усулдарды сабакта жыш колдонууну* ачыкка чыгарууда. Орус окумуштуулары мындай шартта *кесип боюнча ролдоштурууга*, *имитациялык оюндарга*, *окутуунун интерактивдүү методдоруна* артыкчылык беришип [148], [214/39], [215/4] адиске эмне керек болсо, ошонун баарын окуу процессинде керектигин туура көрсөтүшүүдө. Мындай учурда *окутуу формасын* жана *ык-усулдарын жаңылоого умтулгандар* арбын болгону менен алардын *жаңычылдыгы* менен *активдүүлүгүн* сабактын **билим берүүчүлүк сапатын арттырганына** карата баалана тургандыгы түзөт. Ал эми *сабактын активдешүүсү үчүн* формадай эле мазмун да маанилүү орунда экенин аны изилдеген педагогдор аныктап чыгышкан. Маселен *сабак активдүү формага ээ болуш үчүн* анын мазмунунда жайгашкан үч негизги касиетти – **маалымат берүүчүлүк**, **коммуникативдүүлүк** жана **изилдөөчүлүктү** мугалим жоготпошу керектигин Т.С.Панина эскертип [202], үч сапаттын биринен ажырап калган сабак эч качан студенттин билимин турмуш менен байланыштыра албай тургандыгын белгилеген. Кандай шартта болбосун **окутуу иштерин активдештирүүчү**

**ыкмалар** студентке *маалымат* менен *билимди айырмалап билүүгө*, өзгөчө сабактан *алган маалыматы кайда керек боло тургандыгын так түшүнүүгө*, аны *эмне себептен окуп жатканын өзү баамдап айырмалоого*, эң башкысы окутулуп жаткан окуу материалы аркылуу өзүнө зарыл болгон **прагматикалык ой жүгүртүүнү үйрөтүүгө багытталганы менен** айырмаланат. Ушундай **мазмунга ээ ыкмалар** *студенттин өзү үчүн өзү күрөшүп*, өзү *келечекте ким, кандай кесиптин ээси болоорун билип, ага керек көндүмдөрдү аң сезимдүү түрдө таанып*, ал **иш-билгини** (компетенцияларды) **өзүндө калыптандырууга** аракет кылганда гана "активдүү" деп аталып, андан натыйжа чыга тургандыгы боюнча Т.Ю.Четинанын [267/7] пикирине кошулбай коюуга болбойт. Бизде окутуу формаларын *тандоодо* жана *аны колдонууда* мына ушул сапат жетишпегендиктен, *студенттердин кесиптик билим алуусунда* **турмушка керек иш-билгилер** (компетенциялар) **пайда болбой**, сабакта **адистик жөндөмдүүлүктүн калыптанышы өз деңгээлине жетпей** жатат. Ал эми адабий билим берүүдө компетенттүү адисти даярдоо үчүн ар бир окуу жай проблемага өзүнчө мамиле кылып, *сабакты өз деңгээлине чыгарып, иш-билги көндүмдөрдүн пайда болушуна маанилүү роль ойногон* стратегиялык жана тактикалык технологияны иштеп чыгуу зарылдыгы турат. Бул багытта иштер жаңыдан жолго коюлуп жаткандыктан, салттуу сабактарда болуп келген, *көркөм-эстетикалык жактан калыптанган стереотиптүү ойлоону жеңүүгө* **(а)**, студенттин *социалдык керектөөнү таанып-билүү ишмердүүлүгүн жогорулатууга* **(б)** жана *жаңыдан калыптанып келе жаткан кесиптик билимге ээ болуунун рефлексиясын иштеп чыгууга* **(в)** жергиликтүү шарттан мамиле кылуу керек болууда. Эгер окуу жай рыноктук мамилелерде демилгени колдон чыгаргысы келбесе, анда сабактын жүрүшүндө студенттердин активдүүлүгүн "кармап турууучу" **психологиялык рефлексиянын үч этабын** негиз кылып алышы зарыл. Э.Хабибуллинанын көз карашы боюнча бул үч этап сабакта *натыйжага ээ болуунун психологиялык жана педагогикалык өбөлгөсүн түзүү менен* [257/95] түрдүү кырдаалда чыгармачылык менен изденүүгө шарт түзүп берет. Психологиялык рефлексиянын үч этабын – *ретроспективдүүлүк*, *кырдаалдык* жана *перспективдүүлүктү* бирдей пайдаланган мугалимдин сабагы өзүнөн-өзү активдүү болуп, *чыгармачылык аркылуу ийгиликке*

*жетишүүгө мүмкүнчүлүк бере турган* психо-дидактикалык түшүнүккө барып такалат. Бир сабактын мазмунунда синтетикалык байланышта турган бул үч этап студенттин кесиптик билимге ээ болуу логикасын колдоп бере алат, б. а. **ретроспективдүүлүк** – өткөн тарыхты, анда болгон иш тажрыйбаларды сын көз менен карап, сергек акылга салып, оң жана терс жактарын баалап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзсө, **кырдаалдык** – конкреттүү окуу материалына реалдуу баа берүүгө жол ачса, **перспективдүүлүк** – ишмердүүлүктүн натыйжасын алдын ала көрө билүүгө, алгылыктуу жактарын эртерээк түшүнүүгө, оптималдуу жана ийгиликтүү багытты мурдараак баамдап туура чечим кабыл алып, чыгармачыл ойлонууга багыттайт. Алардын эмне үчүн окутууда активдүү экенин аныктап келип Я.Р.Якупова *теориялык жана эмпирикалык билимдердин өз ара тыгыз байланышында турган аракеттерди келтирүүдө активдүүлүгүн көрсөтүүчү ык-усулдар* менен [275/45] окуу процессин интенсивдештирүүгө болоорун белгилейт. Адабий билим берүүдө студенттин *чыгарманы жан дүйнөсү менен кабыл алуусу, эмоционалдуу мамиле кылуусу, чыгармада сүрөттөлгөн кырдаалга кайдыгер эместиги*, сабак учурунда *ар түрдүү сезимдик көрүнүштөргө зарылдыгына жараша эмоционалдуу-экспрессивдүү мамиле кылышы* окуу процессинин **интенсивдүү өнүгүшүнө маанилүү роль ойной тургандыгы** баарыга белгилүү болсо да, аны студенттин *кесиптик ишмердүүлүгүндө ийгилик жаратуучу фактор катары алуу менен* ага эмоционалдуулукту айкалыштыра карап, окуу процессинде **иш-билгини аныктоочу шарттарды түзүүчү элементтерди киргизүү** бардык *окутуу формаларын активдештирүү үчүн* керек болуп турат. Чынында филолог адистерге керек болгон ушундай ык-усулдардын, окутуу формаларынын жетишсиздигинен улам *сабак монотондуу болуп*, тургай адабий чыгармалардагы *өтө кайгылуу*, же *абдан кубанычтуу көрүнүштөрдүн мазмуну ачылбай*, студенттер *автор тарабынан берилген адабий-философиялык идеяны*, *атуулдук позицияны* мугалимдин баяндоосунан (же окуу китебиндеги түшүндүрмөлөрдөн) билип, ага өз көз карашын айта албай калып жатканы окуу процессинде **пассивдүүлүктү пайда кылганы** жашыруун эмес. Психолог А.А. Жиляев болсо кандай сабак болбосун мугалим биринчи кезекте студенттердин психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу керектигин [117/139] белгилеп, алар негизинен сабакта -

андагы *окуу материалын өздөштүрүүдө, мугалим менен өз ара мамилелешүүдө* үч типте – **педанттык** (кандай шарт болсо да берилген тапшырманы өз учурунда аткаруучулук), **демонстративдүүлүк** (дайыма биринчиликке умтулуу), жана **эмотивдүүлүк** (ашыкча кайгыруу менен кабыл алуу) болоорун, эгер сабак ушул сыяктуу студенттердин бөтөнчөлүктөрүн эске алуу менен уюштурулса, ал *эң активдүү элементтерден туруп,* **сапаттуу болооруна** токтолот.

Буга өзгөчө маани берип жатканыбыздын себеби, кийинки мезгилдерде кыргыз адабияты боюнча *сабакты уюштурууда* жана *жүргүзүүдө* **студенттин психологиялык өзгөчөлүгү эске алынбай жатат**. Сабакта көркөм чыгармага талдоо жүргүзүү иштери *өтө эле кайдыгерлик менен уюштурулуп,* анын натыйжасында студенттердин *көркөм чыгарманын идеялык мазмунун, көркөм-эстетикалык табиятын, автордук философияны кабылдоосу* **таптакыр эле шаблондуу** (студенттин жеке эмоционалдуу мамилеси жок) **келип**, берилген жооп студенттин “ичинен кайнап” чыкпаганын көрсөтүп турат. Ал эми тигил же бул адабияттан “уурдалып алынып” айтылган ойлор *студенттин адистешүүчү пикирлерин гана жокко чыгарбастан*, өзүн-өзү баалаганга *реалдуу мүмкүнчүлүк түзүүчү факторлордон да сабакты ажыратып*, кесиптик **иш-билгинин** (компетенциялардын) **калыптануусуна жолтоо болоору** бышык. Мындай көрүнүш адабият боюнча билим берүүдө өткөн кылымда эле пайда болгонун М. Г.Качурин абдан өкүнүү менен белгилеген болчу [141/41]. Кесиптик билим берүүдө кездешкен мына **ушундай кайдыгерликти жоюу менен** ар бир студент *өз адистигин урматтаган абалга жетип*, ошол *кесиптин ички сырларын үйрөнүп*, кези келсе *өзүнөн кийинки муунга аны чыгармачылык менен чын дилден үйрөтүүгө куштар болгон сабактарды уюштуруу* **компетентүүлүккө негиздеп окутуунун парадигмасына тиешелүү маселе болсо**, аны ыкчам чечүү жагын ЖОЖдук компоненттерге жүктөө талапка ылайык келет. Кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутууда *жергиликтүү кырдаалдык кызыкчылыктарды* (1), *иш берүүчүлөрдүн керектөөлөрүн* (2), *социумдук маданий баалуулуктарды* (3), *ошол жерге мүнөздүү адабий-маданий дөөлөттөрдөгү өзгөчөлүктөрдү* (4), *каада-салттык айырмачылыкты* (5) эсепке алып компетенцияларды калыптандырууга аракеттенгени менен алар **чөлкөмдүк**

**турмушка таандык иш-билгилерди** (компетенцияларды) **үйрөтүүгө** жөндөмдүү болуп саналат. ЖОЖдук компоненттер *кыргыз адабиятын окутууда жалпы республикалык масштабда жетекчиликке ала турган жалпылыктарды* **(а)**, *кыргыз адабиятынын бүтүндүгүн* **(б)**, анын илимий-теориялык жактан аныкталган тармактарын баары бир карманууга, *жетекчиликке алууга милдеттүү болсо да*, студенттин **жергиликтүү шартты жакшы билген адис болушуна карай** билим жана тарбия алуусуна жетишүү үчүн мындагы сабактар *ар бир жөндөмдүүлүктү өзүнчө бөлүп* **(в)**, “майдалап”, *иш берүүчүнүн керектөөсүнө ылайык иш-билгилерге ажыратып* **(г)**, анан окутуу системасына сунуш кылган, **окуу процессинин мазмунун ошол кесипке тиешелүү майда нюанстарына чейин кантип үйрөтүү маселесин** күн тартибине коюп чече алат. Жалпылаштырып алганда алар төмөнкүлөр болуп саналат:

1) Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгын, анын көчмөн цивилизацияга тиешелүү уникалдуу өзгөчөлүгүн, кыргыз элине гана таандык фольклордук жанрлар, алардын пайда болуу, жаралуу, калыптануу, өнүгүү табиятын жана тарыхын **социалдык чөйрөнүн кызыкчылыгына жараша түшүндүрө алуу иш-билгисин** калыптандыруу;

2) Элдик оозеки чыгармачылыкты жоготпой сактап, ал тургай мезгил талаптарына ылайык өстүрүп, өнүктүрүп келген акындар чыгармачылыгынын өзгөчөлүгүн пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү теориясы жана тарыхын **жарандык коомдун керектөөсүнө ылайык ачып берүү иш-билгисин** калыптандыруу;

3) Кыргыз эли колдонгон кол жазма адабияты, анын элдин тарыхында, маданий турмушунда ээлеген ордун, кол жазма адабияттын түрк адабиятынын контекстинде алган ордун жана өсүш деңгээлин, көркөм-эстетикалык баалуулугун, орток адабий мурастар катары таанып-билүүнүн мыйзамченемдерин **билүүгө кызыктар болгон чөйрөнүн керектөөсүн канааттандыруучу иш-билгиге** ээлик кылуусу;

4) XX кылымдагы кыргыз профессионал адабияты, кыргыз адабиятынын дүйнөлүк адабиятта ээлеген орду, адабий чыгармачылыкты өздөштүрүү этаптары, автордук индивидуализмдин жаралуу, калыптануу жана өнүгүү деңгээли, адабий

өнүгүштөгү тенденцияларына **талдоо жүргүзө билүү иш билгисине** ээлик кылуусу;

5) Кыргыз адабий сыны коомдук аң сезимдин бир түрү экендиги, анын пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү жолдору, генезиси, тарыхый этаптары, сынчылык чыгармачылыктын жаралуусунун тарыхый эволюциясы, адабий сындын жанрдык түзүлүшүнө **түрдүү жанрда анализ берүү иш-билгисине** жетишүүсү; ж. б.

Эксперименттик иш тажрыйбалар көрсөткөндөй, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасынын талаптарын орто жана жогорку окуу жайынын адабият мугалимдери теориялык жактан жеткиликтүү түшүнгөн менен **аны практикада колдонууда кыйналып келет**. ЖОЖдук компоненттер мына ушул проблемага көңүл бурушу керек деп ойлойбуз, анткени, *ар бир окуу жайдын адабий билим берүү деңгээли ар түрдүү болгондуктан*, студенттердин кайсы багытта жетишпегендиги ЖОЖдук компонентке кирген сабактар аркылуу жөнгө салуу талапка ылайык келет. Маселен биз эксперименттик иштерде *студенттердин адабий билимин, чыгармаларды талдай алуу кудуретин алгач текшерип*, анан кайсы багыттар боюнча компетенттүүлүк жетишсиз болсо, ЖОЖдук компоненттер мына ошол тарабын өркүндөтүүгө аракеттенсек, студенттердин *адабият боюнча билим деңгээлин текшерүү үчүн төмөнкү багыттар боюнча анкеталык жана тесттик суроолорго жеткиликтүү жооп бере алаары* аныкталды. Мисалы алардын багыттары кандай түзүлгөнүн белгилей кетсек: 1) *текст жана анын структурасы жөнүндө түшүнүктөр*; 2) *стиль жана анын түрлөрү, адабий-көркөм стилдин өзгөчөлүгү*; 3) *текстте сүйлөмдөрдүн байланышы жана алардын байланыштыруу каражаттары*; 4) *абзацтын тексттеги орду жана ага карата муктаждыктар*; 5) *стилдик боёк берүүчү сөздөр жана алардын текст түзүүдөгү функциялары*; 6) *диалог жана монолог, алардын текстте аткарган кызматы, диалог жана монолог түзүүдө автордун чеберчилиги*; 7) *чоочун кепти берүү ыкмалары*; 8) *тике, кыйыр, өтмө, какшык, шылдың жана подтексттүү сөздөр*; 9) *көркөм, иштиктүү жана илимий тексттерди түзүүнүн өзгөчөлүктөрү*; ж. б.

Азыркы окуу процессиндеги абалга таянсак, адабий түшүнүктөр жана маалыматтарга келгенде студенттердин дээрлик көпчүлүгү жооп бере алганы

менен *өз алдынча парктикалык иштерди аткарып*, *белгилүү бир теманын тегерегинде өз ойлорун мына ушул талаптардын негизинде жаза билүүсүн өтүнгөндө* студенттер арасында кыйынчылык түзгөн кырдаалдар ачык байкала баштады. Маселен, *айрымдары мурдатан мындай жазуу иштерин аткарбаганын айтса, кээ бирлери бул тапшырманы үйгө берүүнү* сураныштты. Мындай **психологиялык кырдаалдын түзүлүшү** жогорку окуу жайларында студенттердин **текст менен иштөө жумуштарынын туура уюшулбаганын көрсөтүп турат** да, анын натыйжасында айрым студенттер *өздөрү курстук иштерди жаза албай* (мисалы интернет булактарына), *башкаларга заказ берип жаткан* абалга алып келүүдө. Мунун өзү ЖОЖдук компоненттер аркылуу кыргыз адабияты (анын ичинде тил да бар) боюнча **төмөнкү иш-билгилерди** (компетенцияларды) **пайда кыла турган** практикалык жана лабораториялык сабактарды уюштуруу зарыл экенин көрсөтүүдө. Андай сабактар кандай формада уюштурулбасын төмөнкү иш-билгилерди (көндүм катары) калыптандырууну жетекчиликке алууга тийиш. **1)** Жазуу кебин уюштурууга зарыл болгон **иш-билгилер (жазуу текстин түзүү үчүн керектелүүчү көндүмдөр)**: *адабий-көркөм, иштиктүү жана илимий тексттерге керек сүйлөмдөрдү айырмалоо менен колдонуу* **(а)**; *сүйлөм аркылуу адабий-көркөм, иштиктүү жана илимий стилди аныктоо* **(б)**; *тема берилсе, ага ылайык келе турган түйүндүү сөздөрдү аныктап алып, аларды пайдалануу менен текст түзүү* **(в)**; *текстке проблема коё билүү жана аны түшүндүрүү жолдорун табуу* **(г)**; *проблеманы туура чечүү үчүн текстке план түзө билүү* **(д)**; *адресатты эсепке алуу менен текстте кырдаалды түшүндүрүү* **(е)**; *талап кылынган жанрда* (эссе, сүрөттөмө, доклад, отчет, очерк, аңгеме, макала, ж. б.) *жазуу тексттин түзүү, текстте тилдик* жана *стилдик өзгөчөлүгүн сактоо* **(ё)**; *жазылган текстти редакциялоо, ийгилигин жана кемчилдигин бөлүп көрсөтүү* **(ж)**; *текстке отзыв* жана *аннотация жазуу* **(з)**; ж. б. **2)** Оозеки кебин уюштурууга зарыл болгон **иш-билгилер (оозеки текстти түзүү үчүн керектелүүчү көндүмдөр)**: *текстти оозеки кенен жана түшүнүктүү айтып берүү* **(а)**; *оозеки кепти уюштуруу үчүн берилген суроолорго жооп берүү* **(б)**; *сунушталган темага ылайык кырдаалды баяндап берүү* **(в)**; *өз жообун* (кебин) *аргументтештирүү* **(г)**; *маектешүү учурундагы өзүнүн ийгилигин* жана

*кемчилдигин баалоо* **(д)**; *сүйлөө тексттин көркөм сөз каражаттары менен шөкөттөө* **(е)**; *кайсы стилде сүйлөө керектигин аныктоо* жана *ага ылайык текст тандоо* **(ё)**; *оозеки кепте темага тиешелүү түйүндүү сөздөрдү* жана *терминдерди пайдалана алуу* **(ж)**; *сунушталган теманын кенен же тар экендигин аныктоо* жана *ага карай кепти уюштуруу* **(з)**; *сүйлөө кебинде "жолбун сөздөрдү" колдонбоо* **(и)**; *сүйлөө кебинде кеп элементтерин* (мисалы, интонация, дикция, ж. б.) *туура колдонуу* **(й)**; *керектүү сөз* менен *керексиз сөздү айырмалоо* **(к)**; *сөзгө маани берүү, сүйлөмдү туура колдоно билүү* **(л)**; ж. б.

Мамлекеттик стандартта булар лингвистикалык компетенциялар катары аныкталганы менен **мындай иш-билгилердин** (компетенциялардын) жетишсиздиги кыргыз адабияты сабагында ачык байкалат. Ошондуктан, студенттин **кесиптик ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнү** эске алуу менен ЖОЖдук компоненттердеги кыргыз адабияты боюнча сабактарда мына ушул багытта иш-билгин (көндүмдөрдү) пайда кылуучу (анын негизинде компетенциялар калыптана тургандыгын эске алуу менен) **мастер-класстарды түзүү** жана зарылдыгына жараша **уюштуруу** зарыл экендиги ачык сезилет. Албетте, **мастер-класстар** студентке *компетенцияларды калыптандыруу деңгээлине* жараша, *студенттердин билимине*, *кесиптик көндүмдөрүнө* **социалдык керектөөгө ылайык өзгөрүлүп турууга** тийиш.

*4-тиркеме*

**Студенттердин иш-билгисине (компетенциясына) баа коюу системасынын модели**

| баасы | Студенттин билимин аныктоочу негизги көрсөткүчтөр | Окуган деңгээли (баллы жана өздөштүрүү деңгээли) | |
|---|---|---|---|
| | | **баллы** | **деңгээли** |
| «1» | сабакка катышып, лекцияны укса, жазып алса жана доскадан көчүрүү менен чектелсе; | 1 балл | маалыматты айырмалап түшүнөт (тааны-шуу деңгээлинде) |
| | семинардык же практикалык сабакка даярдыксыз келсе; | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| «1» | кандайдыр бир объектини, процессти ж. б. окшоштуруп таба алса (качан даяр түрүндө берилгенде); | 2 баллдан 4 баллга чейин | |
| | семинардык сабакка даяр жооптор менен келсе (интернеттен алса, китептен көчүрсө;) | | |
| «2» | эреже, аныктамаларды жаттаса, бирок маанисин түшүндүрүп бере албаса (механикалык түрдө эстесе); | 5 баллдан 9 баллга чейин | аңдаштырбай эске тутуу |
| | семинардык же практикумдук тапшырмаларды топтоп, бирок талап кылынган деңгээлде аткара албаса; | | |
| «2» | адабий түшүнүктөрдү, адабий процесстеги негизги тенденциялар менен агымдарды билсе, бирок аларды көркөм чыгармадан табууда кыйналса, («предмет-объект, объект – турмуш» катышын аныктай албаса);<br>практикумда жеке көз карашын далилдей албаса (гуманитардык сферада негизги стратегияны айырмалай албаса);<br>эксперимент жүргүзүүгө даярдыгы жетишсиз болсо; | 10 баллдан 16 баллга чейин | |
| «2» | Адабий чыгарманы өз алдынча талдай алса, бирок тарыхый же адабий процессkeкарай анализ жана синтез жетишпесе;<br>турмуш менен байланышкан практикада жеке чыгармачыл ишмердүүлүгүн көрсөтө албаса;<br>лабораториялык иштеги эксперименттерде адабий талдоолорду оозеки жана жазуу түрүндө жүргүзпөсө; | 17 баллдан 32 баллга чейин | түшүнүү |
| «2» | адабий агымдардын айырмачылык-тарын билсе, бирок аны турмуш менен байланыштыра албаса;<br>илимий-теориялык билим жетиштүү болуп, аларды практикумда колдоно албаса; коллоквиумдарга катышпаса;<br>кесиптик ишмердүүлүгүн эч жерде көрсөтө албаса; | 33 баллдан 55 баллга чейин | |
| | семинардык же практикумдарда өзүнүн жеке көз карашын айтса, бирок | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ал эч кандай илимий-практикалык жактан негиздүү болбосо; | | |
| | практикалык иштерде өз пикирин айта алса, бирок жеке көз карашы илимий-теориялык ойлор менен бекемделбесе, аларга логикалык байланыш жетишпесе; | | |
| | лабораториялык иштерде жеке чыгармачылык ишмердүүлүгүн ачып бере албаса; | | |
| «3» | теориялык материалды так жана жеткиликтүү айтып бере алса, терминологияны билсе, бирок теория менен практиканы байланыштырууда кыйналса; | 56 баллдан 65 баллга чейин | элементардык көндүмдөргө ээ болсо (репродуктивдүү деңгээлде) |
| | семинардык сабактарда кээ бир мисалдарды келтире алса, бирок өз алдынча чыгармачылык менен адабий чыгармага талдоо жүргүзө албаса; | | |
| | практикалык иштерде өз алдынча тапшырма аткара албаса да, мугалимдин берген тапшырмаларын өз убагында бүтүрсө; | | |
| | лабораториялык иштерде аткарылып жаткан иштин маанисин түшүнсө, бирок өз алдынча эксперимент жасоого, өндүрүш менен байланышууга кызыкпаса; | | |
| «3» | адабият теориясын жеткиликтүү түшүнсө, адабий терминдердин маанисин айырмалап билсе, бирок билгенин практика менен байланыштырбаса; коммуникативдүү байланыштардан алыс болсо, оозеки жана жазуу кебин өз алдынча уюштура албаса, курстук ишти жазууда кыйналса, коллоквиумга катышпаса; изилдөө жана жазуу методикасын толук өздөштүрө элек болсо; | 66 баллдан 70 баллга чейин | |
| | практикалык иштерде теорияны колдонууга мүмкүнчүлүгү жетсе, бирок аны колдонууга кызыкпаса; | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | лабораториялык иштерде чыгармачыл демилге көрсөтпөсө, теория менен практиканын байланышын эксперименттик иштер аркылуу далилдөөгө аракеттенбесе; | | |
| «4» | теориялык билимин практикалык иште көрсөтө алса, адабий чыгармаларды талдоодо адабий-эстетикалык түшүнүктөрдү трансформациялоого жетишсе; турмуштук шартта проблемалык кырдаалды аныктап, адабий чыгармага талдоо жүргүзө алса; адабий чыгармадан турмушка керек болгон маанилүү кырдаалды таап, аны коллоквиумда ачыкка чыгарса; изилдене элек актуалдуу теманы изилдөөгө алса; | 71 баллдан 85 баллга | Теориялык билимди трансформациялоо (чыгармачыл деңгээл) |
| «5» | адабий-эстетикалык, илимий-теориялык билимди практикада толук практикалоого жетишсе; оозеки жана жазуу кебин коммуникативдүү байланыштын бардык түрүндө колдоно алса; адабий процесстеги абалды толук түшүнсө жана ага өзү «үн кошо» алса; түрдүү иштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзө алса, тегерек стол, жолугушуу уюштурууга жетишсе; адабият боюнча конференцияларга, ар кыл долбоорлорго катышса; макала, пикирлерин коомчулукка жарыялоого жетишсе, мезгилдүү басма сөз, илим-изилдөө мекемелери менен кызматташса; адабий уюмдар менен чыгармачыл байланышта болсо, кесиптик ишмердүүлүгүнө жараша коомчулукта коомдук пикир түзө алса; | 85 баллдан 100 баллга чейин | Инсандык жана ке-сиптик компетенция-лардын толук калыпта-нышы |

**Эскертүү:** Байкоо жана эксперименттик иштер көрсөткөндөй, кыргыз адабияты боюнча студенттин билимин **иш-билгиге** (компетенцияларга) **карап баалоо системасы буга чейин иштелип чыкпагандыгы** студент менен мугалимдин ортосунда дайыма наарazылыкты пайда кылып келет, б. а. ар бир кесиптин өзүнө таандык өзгөчөлүгү болгондой эле кыргыз адабиятынын да өзүнө тиешелүү сапаттык белгилери бар. Адабиятчы же адабият мугалим болгусу

келген студентте мына ошол сапаттык белги адабиятка кызыккан адамдын жөндөмдүүлүгү катары орун алса, кесиптик билим берүүдө ал **адабиятчынын компетенциясын аныктоочу критерий да болуп бере алат**. Эксперименттик иштер аныктагандай, филологиялык багытта адабиятчынын, ошондой эле *адабият мугалиминин ордун* жана *ролун түшүнүү*, ага керек болгон *компетенциялар ушул мезгилге чейин толук ачылып көрсөтүлбөгөндүктөн*, студенттерге кесиптик билим берүүдө **алардын билимин баалоо** баштапкы үч критерий (**айырмалоо**, **эске тутуу**, **түшүнүү**) менен гана чектелип келген. Бул болсо студенттердин адабий билими ага карата коюлган реалдуу **кесиптик талаптарды канааттандыра албай**, ал эми баалоодо ушул эле критерий аркылуу студенттин эмгеги үчтөн жогорку бааларга татыктуу катары өлчөнүп, бирок **реалдуу турмуштук шартта студенттин билими өтө эле төмөн экендиги өзүнөн-өзү ачыкка чыгып турган**. Мындай көрүнүш мурунку доорлордо деле болгон, бирок ал мезгилде диплому бар *жаш адиске үч жылдан кем эмес камкордук көрүлүп, адистик ишмердүүлүк практикалык иштер аркылуу калыптанып, кесипке карата жөндөмдүүлүк ошол үч жылдык мөөнөттүн ичинде калыптануусу мыйзамченемдүүлүк катары эсептелинип келгендиги* белгилүү. Албетте, **азыркы рынок шарты ага таптакыр макул эместигин эске алсак**, студентке кесиптик билим берүүдө **инсандык** жана **адистик иш-билгини** (компетенцияларды) **жогорку окуу жайдын базасында калыптандыруу** башкы орунга чыгат. Ал эми негизги компетенциялар билим берүүчү тармактын өзүндө калыптанбаган болсо, анда *азыр аракетке келип жаткан билимдин натыйжасын гана талап кылган компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы ишке ашпай тургандыгы* анык [124]. Ошондуктан, кыргыз адабияты боюнча кесиптик билим берүүдө мунун баары эске алышы керек болсо, гумандуулуктун негизинде билим берүүнү талап кылган *компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы* **студент** менен **мугалимдин кызматташуусун** – ар бири өз *милдетин абийирдүүлүк менен аткаруу үчүн алдын-ала ким эмнеге милдеттүү экендигин тактоону*, мугалим *кесиптик билим берүүнүн окутуу жагынын сапаттуу болушуна жооп берсе*, студент *сапаттуу билимге ээ болуусуна*, ага карай сабакта *берилген тапшырмаларды жоопкерчилик*

*менен аткаруусуна милдеттениши керек*. Ал экөөнүн ортосундагы мындай **кызматташуунун натыйжасы баа менен өлчөнө турган болгон соң**, мугалим тарабынан коюлуучу баа студенттин наараздылыгын пайда гана кылбастан, ал өзү ошол баага татыктуу экендигин да түшүнүшү үчүн биз жогоруда келтирилген таблицаны сунуш кылуу аркылуу мугалим студенттери менен эмгегинин бааланыш критерийлерин түшүндүрүп, алдын-ала макулдашып алуусу талапка ылайык келет деп эсептейбиз, бул - *биринчиден*. *Экинчиден*, студент өзүнүн билими кандай критерийлер менен өлчөнө тургандыгын билгенден кийин анын талаптарына карай алдын ала даярданып (кесиптик ишмердүүлүк калыптануусу зарыл деп эсептесе), кызыкчылыгында турган баага аракеттенип, ийгиликке жетүүнүн жолун издей тургандыгы анык. *Үчүнчүдөн*, эксперименттик иштер ынандыргандай, сабакка катышып койгонунун өзү эч нерсеге арзыбай тургандыгын түшүнүшү окуу процессинде болуп келген айрым пикир келишпестиктерди ордуна коёт. Ошондой эле бул таблица студенттин предмет боюнча компетенттүүлүгү канчалык экендигин ачыкка чыгаруу менен бирге студенттин өзүнө тандап алган адистиги боюнча кайсы кесиптик ишмердүүлүккө басым коюп, кайсы нерселер менен жөндөмдүүлүгүн арттырууга болоорун да так туюндуруп бермекчи. *Төртүнчүдөн*, баалоо критерийлеринин так белгилениши мамлекеттик стандартта ачык көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктү калыптандыруу үчүн ар бир студентти өз алдынча практикалык жөндөмдүүлүгүн арттырууга шарт түзсө, ал эми окуу жайды бүтүрүүчүлөрү кайда иштеп кетүүсүнө кам көрүүгө, б. а. ар бир “студентти өндүрүш менен байланыш жасай турган практикалык иш аракетин жөнгө салууга мүмкүнчүлүк берет” [163]. Мындай мүмкүнчүлүккө ээ болгон студенттер кесипке карата ишмердүүлүгүн, адистик даярдыгын гана сынап көрбөстөн, ар бир студенттин окуу жайды аяктагандан кийин иштеп кетүүсүнө маанилүү роль ойной тургандыгы бышык.